

АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

Кыргызстандын эл сүрөтчүсү Г. Айтиевдин тарткан портрети.

www.bizdin.kg

АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

ЧЫГАРМАЛАР ЖЫЙНАГЫ

2

ТОМ

**ПОЭМАЛАР, ПЬЕСАЛАР, МАКАЛАЛАР,
КАТТАР, ЛЕГЕНДАЛАР**

„КЫРГЫЗСТАН” БАСМАСЫ

ФРУНЗЕ 1965

www.bizdin.kg

Редакциялык коллегия:

Кыргызстан Илимдер Академиясынын академиги Т. СЫДЫКБЕКОВ (башкы редактор), Кыргызстан Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти –

Б. КЕРИМЖАНОВ, филология илимдеринин кандидаттары Р. КЫДЫРБАЕВА,

А. САДЫКОВ, адабиятчы – К. АРТЫКБАЕВ.

Үч томдук жыйнак Кыргызстан Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти ***В. Керимжанованын*** *жетекчилиги*

менен

Жаңыл Мусаева *тарабынан түзүлүп,*

комментарийлери жазылып басмага даярдалды.

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯДАН

Алыкул Осмоновдун чыгарамаларынын 2 томуна анын окуучуларга кеңири белгилүү болгон поэмаларынан башка, мурда жарык көрбөгөн пьесалары, акындын чыгармачылыгына байланыштуу жазылган бирин-экин каттар жана ал өзү эл арасынан жыйнап алган утамыштар киргизилди.

Буга чейин Алыкул Осмонов окуучулардын кеңири чөйрөсүнө таланттуу акын катары гана белгилүү эле.

2-томго топтоштурулган ар түрдүү адабий жанрдагы мурастары жазуучунун чыгармачылык арымынын масштабдуу экендигин көз алдыга даана элестетип, анын белсемдүү драматург катары көп эмгектенгендигин айкындайт.

Алыкулдун пьесаларынын көпчүлүгү өз учурунун милдетип аткарып гана тим болбостон, азыркы мезгилде да өзүнүн актуалдуулугун, маанилүүлүгүн жогото элек. А түгүл айрым пьесалары бүгүнкү күндө да туруктуу театралдык репертуар болууга ат салыша алат.

Жалпыга белгилүү, Алыкул талыбаган эмгекчил жазуучу болгон. Көлөмдүү чыгармаларын гана эмес, ырларынын да бир кыйла сын кайрадан иштен, улам бышырып, улам бийиктикке жеткирип отурган. Анын мына ушул эмгекчилдигин «Толубай сынчы» поэмасы менен «Чолпонбай», «Экинчи бригада» аттуу пьесаларынын сакталып калган варианттарынан да көрүүгө болот.

Ырас, А. Осмоновдун пьесаларынын адабий салмагы бирдей деңгээлде эмес. Драмалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу автор тарабынан өз учурунда оңдолууга үлгүрүлбөй калган үзгүлтүктөр сезилбей койбойт. Бирок ошол үзгүлтүктөрү кылсактай карап, акындын бай мурастарып окуучуларга тартуулабай коюуга болбос эле...

Иргелип алынып 2-томго жарыяланып отурган уламыштардын бир катарын автор өз мезгилннде чыгармачылык менен пайдаланып, далай легендалар жазылган. Алар элдик түшүнүктөрдөн маалымат берүү менен бирге акындын элдик казынаны чексиз сүйгөндүгү көрүнгөндүгү ырастайт. Буга анын ушул томго кирген манасчы Сагынбай Орозбак уулу, Ыбырай Абдракманов жөнүндө жазган макалалары да далил болот алат.

Алыкул Осмоновдун бул 2өтому эл ичинде камтыган ар түрдүү адабий мурастары менен акындын чыгармачылык жүзүн окуучуларга дагы кеңирээк түрдө тааныштырат.

ЖАЗУУЧУЛУК БАЯНЫМ

Мен жазуучулукка бала күнүмөн ынтызар элем. 1927-жылы, он үч жашымда кайсыдыр бир окуу китебине басылып чыккан «Жайлоо» деген (авторун билбейм) аңгемеге ашык болгонумду унутпайм. «Эне тил» сабагынан бере турган Артыкбай Жолдошев деген мугалим ошол аңгемени бизге окуп берди да: (жаз чыгып келе жаткан мезгил эле) «Жакында жайлоого чыгасыңар, кайра күз келгенге чейин ушул өңдөнгөн аңгемени жаза келгиле» — деди. «Чын эле кантип жазам» деген ой мени аябай эңсетти.

Аңгыча жай бүтүп күз келди. Баягы аңгеме дагы эле эсимде. Бирок жазууга күчүм жетпестигин билип турам. «Мага бир күч пайда болсо да, бир дегенче жаза койсом» — деген санаа түшөт. Күзгү окуу башталды. «Эми мугалимге эмне дейм» — деп кайгырам, бирок мугалимибиз ал аңгеме тууралуу ооз ачкан да жок.

1929-жылы мен 1925-жылдан бери окуп жүргөн Токмок шаарындагы интернаттын дубал газетасына биринчи ырым чыкты. Ошол кезден баштап жазуу ишине көңүл коё баштадым.

1929-жылы Фрунзедеги педагогия техникумуна келип кирдим. Ал кезде мындагы окугандардын көпчүлүгү адабиятка шыктуу эле, мени ого бетер кызыктырып, бир жагынан сүрдөнтүп жүрдү.

Ошол убактан баштап: Пушкин, Лермонтов, Лев Толстой, Тургенев, Некрасов, Гоголдун аттарын уга баштадым жана казак классиги Абай Кунанбаевдин ырларын окуп жүрдүм. Көп убактарда китептерден, дубалдын боорунан ал жазуучуладын портреттерин көрө баштадым. Өз ичимден: «Эң эле сулуусу Лев Толстой, анан Тургенев, Некрасов, Гоголь, эң кичүүлөрү (баласы) Пушкин менен Лермонтов го» деп коём. Себеби, кимиси сакалдуу болсо, ошонусу мурун жашаган экен деп ойлоп жүрөм! Кийин талдап окуй келгенде «бала жазуучу» деп ойлогондорум (Пушкин) баарынан илгери жашап жана орус адабиятын ошолор негиздеген экен. Мени бул окуя көпкө чейин айран калтырып жүрдү.

1929-жылдын кышында биринчи жолу А. С. Пушкиндин «Зимний вечер» деген ырын котордум. Албетте ал эң начар которулган болуу керек, бирок жолдошторумдун «сонун экен» деген мактоосу мени аябай уялтты. Аларга көрүнбөй качып кеттим.

Ошол жылы, кышында дубал газетага Уултай деген кыз тууралуу жазган какшык ырым чыкты.

1930-жылдын сентябрь айында «Сабаттуу бол» деген республикалык газетага «Кызыл жүк» деген ырым чыкты. Ал ырды окуп алып ошол түнү кубанганымдан уктабай чыктым. Газетаны катып коюп, күнүгө он жолу окуйм. Эртеси дагы бирди жазып алпардым, анан дагы... дагы... Сабак маалында да, бош убагымда да жазам.

Кийинчерээк башка газеталарга, анан айрым альманахтарга, «Чабуул» аттуу журналдарга ырларым чыгып жүрдү. Кезек-кезек драм кружогу‘үчүн пьеса жана декломация жазам.

Аңгыча кыргыздын ошол кездеги көрүнүктүү акындары менен тааныша баштадым. Эң биринчи эле Жусуп Турусбеков менен жакын болдум. Бир күнү ошол акынга ыр алпарып берсем, окуду да: «сенин ырларың дурус экен, мен Аалы Токомбаевга айтайын жана эмки жекшембиде окуучуларды чогултуп тур, мен барып жыйналыш өткөрөм дей салды. Көп узабай А. Токомбаев менен жолугуштум, ал кишиден да мактоо угуп аябай кубандым. Айткан күнү техникумда мен тууралуу «Мактоо жыйналышы» болду. Жусуп Турусбеков ошол кездеги эреже боюнча мени жалаң гана мактоого тундурду. Ошол жылы (1931-жылы) кышында «Ленинчил жаш» газетасына менин чыгармам тууралуу айрым полоса уюштурушту.

1932-жылы ооруп айылга кеттим, кайра кайтканда ошол кездеги жазуучулар союзунун төрагасы А. Токомбаев мага жакшы жардам кылып, «Чабуул» журналына орноштурду. Бул мезгил менин болочогумдун чечкиндүү жылы эле. Себеби, эгер журналга орношпой калсам, айылга кетмекчимин...

1935-жылы «Таңдагы ырлар» деген биринчи ырлар жыйнагым чыкты. Анын ичинде «Ок жаңылды» делген биринчи поэма да бар. 1932—35-жылдын аралыгында көп окуп, көп жаздым. Кээде таң агарып атканга чейин ыр жазган күндөрүм болгон.

1935—36-жылдар чыгармачылыгымдын артка кеткен жылдары болду. Анткени турмуштан аябай четтеп, шаардын тар рамкасында болуп, жалаң окуган китептер боюнча жазып калдым. Ошол жылдары чыккан «Жылдыздуу жаштык» деген экинчи китебим эң начар, колго алгыс китеп болду.

Бул жылдарда мен көбүнчө которуу ишине киришип, А. Пушкиндин лирикаларын, 1937-жылы «Балдасын» жана Лермонтовдун лирикаларын — кийинчерээк «Качкын» деген поэмасын, 1936-жылы Иван Крыловдун «Басняларын» («Тамсилдерин») котордум.

1937-жылы Москвага бара жатып да, кайра келе жатып да Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатырын» подстрочный котормосун, ал жөнүндөгү кээ бир макалаларды окуп жана ошону которууну ойлодум. Бул санаа мени көп уйкулардан калтырды. «Чоңойдум, эр жеттим, эми бир зор иш кылбасам, менин Алыкул атым кайсы?» дейм. «Эгер бул иш менин колуман келбесе, анда мен чабал акынмын, колуман эчтеке келбегени» деп ойлойм. Буга кошумча бул укмуштуу поэма мени аябай кызыктырды.

1938-жылдын май айынан баштап ушул улуу поэманы которууга кириштим. Ушул айда мен өмүрүмдө биринчи сүйгөн Айдай Жигиталиева деген кыз менен ажырашкан болучумун. Анын себеби эмне экенин ушул күнгө чейин билбейм. Өз ичимден: «Бул күйүттү ыр менен басуу керек жана өзүмдү таанытуум керек» деп коём да барлык намысым менен иштейм. Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин олтурам. Окуйм, котором, таң калам, кубанам!.. Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм!

Көбүнчө подстрочный переводдон котором да, ошол кездеги басылып чыккан: Бальмонт, Цагерели, Петренко ж. б. котормолордон пайдаланам. Грузин илимдер Академиясынан чыккан «Шота Руставели» деген илимизилдө статьяларынын

жыйнагынан пайдаланам. Жай, кыш, күз дем албай иштедим. Себеби анын кызыгы ошондой болду.

Акыры Фрунзеде, Токмокто, Ошто, Москвада жүрүп которуп, 1939-жылдын апрель айында Москва алдындагы Малеевка деген жазуучулардын дачасында бүттүм. Китеп 1940-жылы Кззандан басылып чыкты.

Бир жылдан соң айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын атын уга баштадым. Демек китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет... «Жолборс терисин кийген баатырга» чейин «Чолпонстан» деген III ырлар жыйнагым чыккан.

1939-жылдан 1940-жылга чейин аз жаздым, бирок көп окудум. Негедир ошол мезгилде «Лирика» аттуу китеп камдап, бир том пессимисттик ырлар жаздым. Кийин 1941-жылы анын баарын өрттөп салдым.

1941-жылы (согуш башталган айдан баштап) согуштук ырлар жаздым. Алар атайы жыйнак болбогону менен, айрым газеттерге, журналдарга орус, кыргыз тилинде (1945-жылга чейин) басылып турду.

1942- жылы «Он экинчи түндү» (Вильям Шекспир) котордум. .

Баса, 1941-жылы «Хосров-Ширинди» (Низами Гянжави) которгом.

Мындан мурунку жыл араларында:

1. Перронун «Жомоктору»,

2. С. Маршактын «Пожары»,

3. Чуковскийдин «Федорина гореси»,

4. «Төрт түс» деген китеп,

5. В. В. Вересаевдин «Пушкиндин турмушу» дегени ж. б. мен тарабымдан которулган болучу.

1945-жыл менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармачылыгымдын бышкан мезгили деп ойлойм.

Ушул жылы (1945) «Махабат» аттуу ырлар жана поэмалар жыйнагым, 1946-жылы «Жаңы ырлар» деген ырлар жана поэмалар жыйнагым, 1947-жылы «Менин жерим — ырдын жери» деген ырлар жыйнагым чыкта.

1945—46-жыл ортосунда В. Шекспирдин «Отеллосун» котордум.

Мындан башка 1947-жылы “Экинчи бригада” деген ыр менен жазылган пьесамы бүттүм. Андан мурда (1942-жылы) “Ким болду экен” деген бир актылуу пьеса жазгам.

1947-жылы Чолпон-Ата боюнда жатып «Ракыя» деген пьесаны жана “Корукчу Кооман” деген ыр менен жазылган комедияны бүттүм.

Ошентип, 1930-жылдан баштап ушул күнгө чейин басылган китептерим жана пьесаларым булар:

1. «Таңдагы ырлар» - (ырлар жана поэмалар).
2. «Жылдыздуу жаштык» - ырлар
3. «Чолпонстан» ырлар
4. «Махабат» - ырлар жана поэмалар
5. «Жаңы ырлар» ыр жана поэмалар
6. «Менин жерим – ырдын жер» ырлар
7. «Согуштук ырлар»
8. «Балдар үчүн» - ырлар.

П ь е с а л а р;

9. «Жок, андан эмес» (1 актылуу пьеса).
10. «Экинчи бригада» (1 актылуу ыр менен жазылган пьеса).
11. «Ракыя» - 4 актылуу пьеса.
12. «Корукчу Кооман» - 3 актылуу ыр менен жазылган комедия

К о т о р м о л о р:

13. А. С. Пушкин. Лирикалары жана жана «Поп жана анын малайы Балда».
14. М. Ю. Лермонтов. Лирикалары жана «Качкын» деген поэмасы
15. В. В. Вересаев «Пушкиндин турмушу».
16. Маршак. «Пожар».
17. К. Чуковский «Федорина горе».
18. «Төрт түс».
19. Крылов «Тамсилдер».

К ү н ч ы г ы ш к л а с с и к т е р и н е н:

20. Шота Руставели. «Жолборс терисин кийген баатыр».
21. Низами Гянжави «Хосров-Ширин»

К ү н б а т ы ш к л а с с и к т е р и н е н:

22. Перро. «Жомоктор».
23. Вильям Шекспир. «Он экинчи түн»
24. В. Шекспир. «Отелло».

Булар 1947-жылдын июль айына чейин жазылган жана которулган эмгектер.

Алыкул Осмонов
28/VII-1947 Чолпон-Ата

ПОЭМАЛАР

ОК ЖАҢЫЛДЫ

I

Айлана тынч уктагансыйт үргүлөп,
Түш көргөнсүйт, сүйлөгөнсүйт күнгүрөп.
Көп жылдыздын кучагында жаркырап,
Түн билгизбей, түн сулуусу ай күлөт.

Асман менен ай да сүзүп баратат,
Жер дагы аппак, чарчагандай тим жатат.
Түн эң сонун, күндүзгүдөй жанжарык.
Бул кандайча ашып кеткен ыракат.

Ыракатта бүгүн кандай сонун түн,
Берилдим мен, ыракатка чөмүлдүм.
Карадым мен, сулуу айды карадым,
Чексиз кыял толкунуна көмүлдүм.

Мындай түндө убадалаш болушсаң,
Болжошкондой ыраактан жол тосушсаң.
Өзүң үчүн айдан сулуу көрүнгөн
Сагынычтуу жарың менен кошулсан.

Шашып келсе калдыңбы деп күдүнүп.
Гүлүң менен көп-көп сырлар бүтүрүп,
Эй, ыракат, бизди да ал койнуңа,
Деп гана ал, жарың турса сүзүлүп.

Курган эки жүрөк калса ашыгып,
Муну билип, жылдыз калса жашынып.
Жашчылыктын не бир назик сырлары,
Мына ушунда кетпес беле жазылып.

Жок, жаңылам, кечириңиз, жаңылам.
Кечириңиз, кечир деп мен жалынам.
Мындан түндө алыс жактан жоо жеңип,
Дегдеп учуп келе жатсаң жаңыдан.

Заман кандай, жыргаган эл батырап,
Бүгүнкү түн бир окуя калтырат.
Ай да сулуу, жер да сулуу эң сонун,
Жайдын абдан толгон кези чатырап.

Аржагы тоо, бер жагы тоо ойдуңдуу,
Оргуп ойноп, шаркырап бат аккан суу,
Каарманымдын туулуп өскөн жери ушул
Тынч жагпагап, шацданган жер оюндуу.

Тетиги айыл бир кызыкка баткандай,
Баатыр бардай күрөштө өскө жалтанбай
Жымжырт жатат эчтекеден кабарсыз
Алга карап буда уктап жаткандай.

Мен чарчадым, кече келдим жериме,
Ой эс алдым, дем кошулду демиме
Өскөн жерим, таарыңды да жылмайды,
Дегенсиди: “Келбей кеттиң эмине?”.

Кимдир бирөө жаткан үйдө кобурап.
Кезек-кезек кандайдыр бир үн чыгат.
Эмнегедир бүгүн тынчып уктабай
Эмнегедир күтүп жүрөк алп урат.

Койчу балам, эмне болуп жагасың?
Жаш кезиңде көп ойлонбо, азасың.
Деп кары атам, каргылдаш ан үн менен
Сүйлөп жатты билбей иштин тазасын.

Тээ жылгадан, эки-үч караан көрүнүп,
Эки-үч караан, эки-үч жакка бөлүнүп,
Көптөн бери кеги бардай бирөөдө
Ичтеринен күңгүрөштү сөгүнүп.

Дагы эле ай, түк ирмелбейт жер тиктейт,
Көп карааанды ызалантат эликтейт.
Алар дагы убадасын бекитип,
Бир-бирине көз кысышып баш ийкент.

Кээ бирлери бирден мылтык алышкан.
Кээ бирлери чочмор байлап салышкан,
Жымжырт, тыптынч уктап жаткан айылды
Талкан кылып чыгышмакчы намыстан.

Баары купкуу макталган ант ирең бар.
Ою бузук, бизге душман адамдар,
Беленденген, бекемдеген чапчакан,
Жарамдуу ат баарында тең бирден бар.

Куржунду абдан чыңдап артып алышкан.
Ат шайманын түгөлдөп чак тартышкан,
Контрабандар эчен ирет жол кезип
Бул жоруктан эчен ирет жалкышкан.

Алар бүлүк салуучудай көрүнөт,
Айылды өрттөп ок атчудай көрүнөт,
Контрабандар ушул жолу эң алыс,
Эң эле алыс баруучудай көрүнөт.

Бул Ажыбай, бузуку адам башынан.

Коптробандык ишин ушул башгаган,
Кытай жакка эчен жыңдап апийим
Сатуу пшин кесип кылган жаштатан.

Кээ күндөрү ызырынып алчу эле,
Өз-өзүнөн долуланып жанчу эле.
Колхоз үчүн бир зыяндуу иш кылсам,
Дегенинде оозунан суу тамчу эле.

Мына дагы жол тартууга камынды.
Бирдемени күткөнсүшөт бардыгы,
Эки-үч киши он-он бешке көбөйүп,
Токтоно албай шашып жүрөк сабыры.

Топтолушуп жогорулап барышты,
Жарк эттирип шеренкелер жатышты,
Өздөрүнчө ичтеринен күңкүлдөп,
Ооба, ооба дешип гана калышты.

Жаратышмак кирсиз күнгө туманды,
Солт эттирмек момиреп тынч турганды,
Бирөө топтон оолак чыгып тигиндей
Жүргүлө бат дегенсип кол булгады.

Жөнөштү аңгыча алар дүбүрттөшүп,
Тынч түн тынчсызданды жаткан көшүп,
Эгерде андай кылсак мындай болот,
Деп алар баратышты күбүрөшүп.

Булардын кеткендигин дароо билип,
Мылтыкчан жайдак атка ыргып минип,
Артынан Апас кошо жөнөп калды
Оту бар жүрөгүндө баатыр жигит.

Жалаң гана ички дамбал, көйнөкчөн,
Шашкан окшойт өтүгү жок көлөшчөн
Кезек-кезек чү-чү деген үн чыгып,
Бара жатты муну намыс көрбөстөн.

Билбейм эмне, же талабы оттонбу,
Баатыр Апас эчтекеден коркподу,
Беш-алты ирет мылтык удаа атылып,
Бир шумдукту айыл туйган окшоду.

Апас жакка колхозчулар катышты,
Ай сениби, дешип гана жатышты.
Алар дагы оңой менен бой бербей
Бет алышып бир далайга атышты.

Качса да алар кутула албай кармалган
Тигине алар келе жатат айдалган.
Колхозчулар тарабынан жеңилип,

Барынын тең колдору артка байланган.

Мына ошондо Ажыбай да кек сактап,
Элең-булаң шашып каран кылчактап,
«Ушу сени эптеп колго түшүрүп,
Мыжыбасам, жүрөгүңдү бычактап...»

Ажыбайлар максатынан сынышы,
Апастыктар муну талкан кылышы.
Ал асине так калтырган далайга
Мына ушундан чоң окуя чыгышы.

Күндөгү аткан бактылуу таң дагы,
Нуру менен жылдыздарды таратат.
Жумунпм бар бир аз тынчып алайын
Айлуу түндүн айы батып баратат.

II

Мен бир гана окуяны аламын,
Бирок мындан бир чоң маани табамын.
Социалисттик курулушка өзүнүн
Жанын берген адамды эске саламын

Өсөрмүн мен бир үмүт күт чыдагын.
Колдон келбес иштин баарын кылармын
Эх, карачы, күткөнүңдүн баары бар,
Кантип гана...келбейт экен ырдагың.

Эмне бүгүп үңкүнөсүң ойлоп ой,
Кызык күндөр, тамаша оюн, күндө той.
Айтчы эмнеге капаланчуу жөнүң бар,
Кана сенин эмнең кемчил айта гой

Же эриксең күүлү комуз чертейин,
Шашпай турчу, жакшы күүлөр эстейин
Комузду эгер чертүүнү мен унутсам,
Ырды билем, ырлар ырдап берейин

Жарты алачык обочорок тигилген,
Бир шордуунун үйү экени билинген
Алачыктың ичинде адам олтурат
Өңү азгын, таманы чор тилинген.

Тиги бурчта санаа менен карыган
Жокчулукка күйүп, бышып наалыган
Кээде жөөлүп жашып коюп олтурак
Бечаранын сөөгү чыгып жаагынан.

Мунун бирөө ырыссыздын апасы,
Мунун бирин ырыссыздып атасы,
Жарты алачык жаман турмуш эзүүсү

Келечекке бышык кылган Апасты.

Турмушка көп кор болот ал, муунат,
Жокчулукка жаш кезинен суунат.
Кайыр тилеп күн өткөргөн бүлөдөн
Капа менен кайрап Апас туулат.

Кубангандан чыдабан жаш таматко,
Алсыз жаның бир чоң кубат алатко,
Эчен жылы саргапганың күткөнүң
Күлүп чыкса, жүрөгүң дуу жанатко.

Ошол элим дүйнө курган жаңылап,
Кандан алтың жерим эмнең албырат.
Эй, тыңшагын мен эмес эл ырдады,
Тетиги Ала-Тоолор заңгырап.

Болбосо экен деп ой жоруткан чын болду,
Кенен иштеп ырдаганы ыр болду.
Адети го октоп күлүк өмүрдүн
Чымын куюн күндөр өтүп жыл болду.

Түндөр дагы күңдүзкүдөй нур төккөн.
Кандай болгон, заманды ким гүлдөткөн.
Тумчуктурган өткөн күндү эстесем,
Андан бери туура он үч жыл өткөн.

Күңдөр жыргап, жибек жоолук оронуп,
Кулдар күлүп, үй турмушу оңолуп,
Кендир кескен жамандыкка жеңдирбей
Апас дагы адам болду торолуп.

Жашчылыктын гүлдөө кези тумандап,
Кай жаккадыр сиңет, кирдейт, булганат.
Ошондо Апас туугандарын чогултуп
Алыс жактан окусам деп суранат.

Караңгы элдер иренжишип сезишет,
Ал сөздү угуп чыдай албай кетишет.
Мейли Апас, өлсүн, мейли тирилсин,
Кетпесин деп бир ооздон чечишет.

Көпөлөк жок эркелеп гүл өбүүчү,
Күндө бүркөө жаркыран нур төгүүчү
Бу күз маалы, телегейиң сары алтын
Саргаюу бар, жок кайрадан өнүүчү.

Түн кирген кез чырак жанат бүлбүлдөп,
Көп жылдыздар бар уялып, бир күлөт.
Чарчаган бейм айыл уктайт, мемирейт.
Ыры жоктой жумшак жел да тим жүрөт.

Апас мына шашып чыкты талаага,
Ай мейличи кайрат кирди балага
Көк-Ойроктун кең тоолору жөнөтүп,
Дешкенсип: «жеңмейин түк жадаба..

Жөө баратат, карап коёт эленде,
Кээде гана көрүнгөнсүйт сереңдеп,
Ал баратат караңгы тоо жериме
Электордой жарык алып келем деп,

Сансыз булак сан күүлөрдү чалышты
Зоолор көпкө ырлар ырдап калышты,
Көк-Ойроктун карагайы, чоң суусу,
Апас менен кош айтышып калышты,

Эл далайга чаң тополоң түшүштү,
Келер дешип бир,кыйлага күтүштү.
Кайда кетти дареги жок Апастын
Бара, бара анан үмүт үзүштү.

III

Маңдайында карагайлуу түнт жатат,
Жаратылыш сулуулугу бүт басат,
Кебелбеген Кемин жерин тең бөлүп
Өркөчтөнгөн аппак тунук суу агат.

Соолуса да тоо гүлүпүн жыттары ай, и
Көңүлдү ачат, кубандырат бир далай.
Суунун аркы өйүзүнө карашып,
Жыбыр-жыбыр айыл конгон кыркалай.

Боз үйлөр бар ак кийизден жабылган,
Кээ жерлерге там үйлөр да салынган,
Бирин-экин көчө жасап бак тигип,
Кыштак дагы негизинен жаңырган.

Оолак-оолак конгон үйлөр көрүнбөйт.
Эмне булар уруулашып бөлүнбөйт,
Деп таң калам, бирок жүрөк сезгендей
Ишенбестик кыялына чөмүлбөйт.

Кайран жерим, өрттөндүбү түшүп от,
Деп ойлосом, айлым аман, эли ток.
Журту калган, кыштоолору ураган
Миң кою бар Төлө байдын дайны жок.

Төрт түлүктүү малы чубап шатырап,
Дөөлөтү мол, байлык батпай батырап,
Чөкөтайлар көрүнбөйт го, каякта,
Короолору куру турат какырап.

Алты айнектүү, үч бөлмөлүү курган там,
Аны сонун боёк менен сырдаган,
Жаңы короо, эки уй, бир ат, он койлуу
Чатыраган малай Мамбет жыргаган.

Үстүндө жок башта кийген тытык тон,
Айыл сыйлайт, кадырлашат баркы чоң.
Теги ойлочу, ким гана эми жыргабайт.
Малай Мамбет мына ушундай болгон сон.

Бири чыкса он-он беши чыгышат,
Эрте кетет, кечте келет тынышат,
Түндө оюн кыз-келиндер ыр ырдап,
Айтор, булар башка аракет кылышат.

Карагайдан тургузулган чоң сарай,
Саным жетпейт аттар турат бир далай,
Бу кимдики мынчалык ким байыган,
Дагы айтамын, таң каламын бул кандай.

Чогулушка келиндер да барышкан,
Гүлдүү жоолук салынышып калышкан,
Комсомолдор чий баркуттан кийинип,
Кыздар кызыл көйнөк кийип алышкан.

Келген элдер бу жолу эң көп болду,
Беш жүз киши батчуу үйгө жык толду,
Бардыгы тең бирдемени кеңешип,
План деген сөз өзгөчө козголду.

Мамбет туруп көпчүлүккө бир карап,
Сүйлөрүндө шатыр-шутур кол чабат,
Кээ сөзүндө: — жат таптардан дале бар,
Жоюу үчүн күрөшөлү — деп калат.

Заман менен өзгөрүлдү кошо заң,
Чөкөтайлар өңдөнгөн көп байлардан
Эмгекчилер арасынан терилип,
Бир далайы Орол жакка айдалган.

Кыргызчылык дагы эле бүт калбаган,
Тап максаты кеңири орун албаган,
Жат таптардан колхоздо бар бир тобу,
Мамбет айтса көбү кулак салбаган.

Тим жатышпай издеп айла табышкан,
Миңдеп акча, ортого адам салышкан.
Бузукулар, акылсыздар алданып,
Манаптардын көбүн сактап калышкан.

Жунуш болсо чыкпай жатат салкындан,
«Активдердин» баары ээрчийт артынан.

Назаркул чоң, дагы эле «чоң» колхоздо,
Отуз эки тиши тунук алтындан.
Ойлойт кээде, чыдай албай демигет,
Мейли азыр да колхоз иши жеңди деп,
Кубат алат Мамбет кайра күч алат
Келечекке бир чоң күрөш белгилеп.

Өзгөчө, түн мезгилинде бир бөлөк,
Чогулушуп көп кеңештер өткөрөт.
Анда сырлар жашырыкча каралып,
Болгон сөздөр өч алууга деп бүтөт.

Жүздөп койлор, жылкыларды айдатып,
Акчасына мүлүк жыйнайт жайнатып,
Чып чыргасы корогон жок доору бар
Шернеси үчүн семиз ирик байлатып.

Малдын саны үч төрт эсе кемиген,
Чарбаларын четтен оюп жемирген.
Колхоз деген аты гана болбосо,
План такыр орундалбайт берилген.

Айла таап бошоп алып камактан,
Айылда эми эрки менен салат даң,
Ажыбай да өз максатын колго альга,
Көпчүлүккө тетири үгүт тараткан.

Башта манап болгон колхоз башчысы,
Ашкан жегич, парт ячейке катчысы[1].
Ошондуктан Мамбет күйүп өрттөнүп,
Күрөш ачат калганча кан тамчысы.

Айыл мына көп жаштарды чыгарат,
Жаштар ишти комсомолчо кыла алат,
«Большевиктик» колхоз деген ат үчүн,
Жалын чачкан күрөштө күч сыналат.

Көп жыл болду такыр чыкпай дареги,
Үмүтсүздүк ойго салган бар элди.
Ким айтты экен кобур-кубур таралып,
Апас келди деген кабар шак деди.

Ар бир үйдөн балдар чыга жарышты,
Туш-туш жактан элдер калбай барышты,
Ишенишпей түштөрүндө көргөндөй
Кемпир-чалдар тааный албай калышты.

Жакшы мүнөз, жалпак сөздүү, жаш кыял,
Толкун басса оодарылбас ою бар,

[1] Партиялык уюмдун секретары.

Айыл үчүн эң ардактуу көрүнгөн
Кийим кийип Апас болгон комиссар.
Ажыбайлар шашкан болуп келишти,
Садагалап алдыртан, кол беришти,
Кайраттуу Апас ирецинен сүрдөнүп,
Жүрөгүнө чок түшкөндөй сезишти.

Сулуу жердин жумшак соккон шамалы,
Жашчылыкты эске салды абалы.
Апас өскөн тоосун, суусун маңкайып
Сагынычтык мүнөз менен карады.

Бул болгон иш эмгекчилер үчүнбү,
Деген ойду кыялданып түшүрдү.
Апас дагы кетпей турган кек алып,
Болгон, өткөн окуяга түшүндү.

Жору калды жем алдырып кыргыйга,
Түлкү шашты айла таппай бир кыйла,
Бүркүт учуп асманды бүт айланып,
Чаң тополоң салып чыкты бир кыйла.

IV

Мунарыктап күндүн барып батканы,
Түндө оюн, ыр ырдалып жатканы,
Тоодон соккон салкын гана жел жүрүп,
Бүлбүл-бүлбүл кызарып таң атканы.

Бирде элестеп жери сайма жашыл көк,
Лйтор деги айтып бүткүс жаткан көрк.
Апас тойбой жерин толо бир карап
Таасирленип терең ойго чөмүлөт.

Бүгүн келип нечен жылдын жыргалы,
Апас туруп тоо ырларын тыңдады.
Тоо ырчысы жөн ырларын токтотуп
Тандамалуу күүсүн тандап ырдады.

Тай үйрөтүп ойногону жаш кезги
Дагы далай ойлор ойлоп ой кести.
Сагынган бейм, эмне дээрин биле албайт
Канткен менен туулган жер эмеспи.

Өзү теңдүү бирге өскөн балдары,
Баарынын тең бирден кетмен алганы,
Алар азыр белгилүү адам болушкан
Социалисттик талаасының балбаны.

Сулуу кыздар уялгандай карашкан,
Өз бактысын кимдергедир самашкан,
Берекелүү жумуш бизди күтпөсүн

Деп күлүшсө, турмушка ушул жарашкан.

Далай былык жаткан сырды табышып,
Мал эсебин, иш эсебин алышып,
Апас, Мамбет, комсомолдор кошутуп,
Душмандарга кирди өрттү жагышып.

Таң кандайча, мындай менен ой барбы,
Кайран Апас далай ишке жарады.
Назаркул «чоң», Жунуш молдо бир түнү
Айдалыптыр деген кабар тарады.

Билинбейт го баштагы Апас кыялы,
Миллиондорго даңкы чыккан сыягы.
Ишти дайым күлүп гана бүткөрөт
Картайтпаган бу өмүрдүн кыягы.

О... ойлобо, таймандырар сүрү бар,
Башка кыймыл толкун урар түрү бар.
Күчүңдү бил, агып кетип каласың
Жылжып аккан суудан чыкты катуу шар.

Жакында эле колхозго Апас келгени,
Жаны менен чындап иштеп бергени,
Күтпөй турган бир бактыга ээ кылып,
Иш өзгөрдү, түр өзгөрдү элдеги.

Өстүрүүгө социалисттик чарбаны.
Большевикче күрөшүүнү колго алды,
Кимдер үчүн канды төгүп берүүгө
Жаштар үчүн келечекке жол салды.

Колхозду эми сыналгандар башкарды,
Кең ырыска тарбиялап жаштарды,
Турмуш такыр калыбынан кубулуп,
Жаңы адамдар өсүп чыга баштады.

Колхозчулар планды ашык орундап,
Жашашты бейм турмуш куруп сонундап,
Эски кыштак жаман тамын уратып,
Шаарга окшош көрк тургузду форумдап.

Жаркыраган сонун кыштак курушат,
Электирге жакында кол сунушат,
Бийик салган көркөмдөлгөн там үйдөн
Колтукташып жаштар чыгып турушат.

Жыбырап койлор миңдеп санга жеткен,
Кеч курун чубап түшөт тиги беттен,
Немис уй, асыл тукум жылкылары,
Жаңыча колхоз сонун оңуп кеткен.

Назаркул «чоңдор» деле тынышкан жок,
Баштагы ой, максатынан сынышкан жок,
Колхозду курутууга айла издешип,
Душмандык бузуку иштен чыгышкан жок.

Ажыбай элден качып жүргөн имиш,
Дүркүрөп өскөн ишке «күлгөн» имиш.
Апастын жүрөгүнөн кан ичүүгө
Туш-туштан аңдып кулак түргөн имиш.

Ар дайым анын өтчү жолун тапкан,
Болоттон канжары бар кончко каткан.
Ажыбай каш карайып калган кезде
Жашынып ошол жолдо аңдып жаткан.

Кандайдыр бир негиздүү ишти карап,
Жыйналыш көпкө созуп түнгө калат.
Салт атчан караңгыда Апас жалгыз
Айлына колхозчулар крдөн тарап.

Апасты жинди Ажыбай аттан тартып,
Аңдоостон кимдир бирөө мылтык атып
Шилтеген канжар түнгө жарк-журк этип
Токтогон парт билеттен өтүп барып.

Тайманбас Апас дагы эрдик кылат,
Алды бейм ушул жерде күчүн сынап,
Торогон душмандарга жеңдирбестен
Акыры бой бербестен бошоп чыгат.

Бир-бирден комсомолдор атка минип,
Кубалап дабырт-дубурт келди кирип,
Жаңы эле көпүрөдөн өткөн кезде
Билинбей кай жаккадыр кетти сиңип...

V

Ошентип күткөн далай жылдар жетти,
Ченемсиз колхоз абдан өсүп кетти.
Айылдан чыккан мыкты коммунисттер,
Баратат большевикче алып темпти.

Өгүз менен жер айдаган жанагы
Батырактар жаңы өнөрдүн адамы,
Трактордон чоочуркоону унутуп,
Көк чолоктор тикийише карады.

Улам Апас иштер кандай деп сурап,
Айдап кетет тракторду бир бурап.
Шашпагыла, эки-үч айдын ичинде
Комбайн да келип калат деп турат.

Ал жак жайыт, бул жак түптүз айдоо жер,
Кетмен чабат биздин сулуу келиндер,
Жалгыз сүйгөн эмгек менен эл өсүп,
Турмуш гүлдөп, эскилигиң жеңилер.

Эртең менен терезелер ачылып,
Жеңелерим уйларын саайт шашылып,
Желин толуп бээлер келип желеге,
Кыруу, кыруу кыздар кулун чакырып.

Быкы-быкы малдар каптап өрдөштү,
Көзүмө элес, бир бактыны көргөздү,
Сугатчылар суусап калат деп шашып,
Абышкалар кымыз артып жөнөштү.

Колхозду Апас мына ушинтип салыптыр,
Ардакталып элдерге абдан жагыптыр.
Ажыбай да кечир Апас, кечир деп,
Чындык экен, деп жалынып барыптыр.

Апас анда: оюңа жок келишүү,
Биз күрөштө, мына кандай жеңишүү
Сөздө болбос көрсөт мыктап ишиңди
Жок Ажыбай, болбос кур ант беришүү.

Айтат Апас барлык ишти түшүнтүп,
Бирге жүрөт күндөр өттү ушинтип,
Колхоз эли кубанычта бардыгы
Ажыбайдын оюнда бар күңүрттүк.

Апас жигит асманга учуп талпынган,
Апас мыкты жигит кымбат алтындан.
Кыргызстан өкмөтү аны кадырлап,
Кабар келди Фрунзага чакырган.

Колхозчулар аны көккө көтөрөт,
Кубаньшшт садагалап өпкүлөп.
Көпчүлүккө көрүндүм деп мактанып,
Кетти Апас андан бетер көкөлөп.

Ар айылдан элдер келип толушту,
Кээ бирлери кайгыргандай болушту,
Комсомолдор тарбия алган Апастан
Атасынан айрылгандай болушту.

Ошол күнү кечинде оюн ачышты,
Коштошчу күн, бардык жаштар катышты.
Эң акыркы көңүл ачуу болсун деп,
Ырдап, бийлеп жана гармон тартышты.

Жатып Апас ар демени ойлонот,
Көзү үргүлөп, кайта чочуп ойгрнот,

Жүрөгүнүн түрсүлдөшү катуулап
Таң атканча уктаган жок ойдолоп.

Таң да атты, Апас сыртта олтурду,
Тоо суусуна келбечүдөй кол сунду.
Узатчулар жүр Апас деп шаштырып,
Тор кашка атка ээр токум токуду.

Апас мына атка минип бастырды,
Назик кыял жүрөгүнө жашырды,
Кыздар көпкө карап калып артынан
Кары адамдар кантет анан жашыды.

Билбейм Апас ойлоду экен эмнеге,
Калдың жерим түбөлүккө дегенде,
Кайдан экен сабап жетип келиптир
Жаңы эле алар суудан өтө бергенде.

Боорум Апас, туугандыкка күйөрсүң,
Мен берилдим пикиримди сүйөрсүң.
Бир сөзүм бар айтайынчы Апас жан,
Болбойт десең мага капа үйөрсүң.

Бүгүн кетпе, эртең тоого чыгалы,
Кийик атып мергенчилик кылалы,
Мынчалык сен шашып кайда барасың,
Эки-үч күнгө бирге эс алып тыналы.

Эгер кетсең сүйрөй кеткин башымдан,
Тилимди ал, мен кетпеймин кашыңдан,
Деп Ажыбзй жиндилигин карматып,
Ыйлап алган, чылбырына асылган.

Узатууга бара жаткан жаш балдар
Таза көңүл, эмне менен ою бар.
Ажыбайды көпчүлүк эл жиберди
Эс ал Апас, эки-үч күнчө кайра кал.

Көңүлүнө башкача ой жайылды,
Чын эле Апас чыны менен айныды.
Туулган жер касиети ушул да,
Кыйбай Апас, кайта айылга кайрылды

VI

Шамдагай жан Апас жерге жукпаган,
Сайран кылуу, тоо ойнуна суктанган,
Тынч кыштактын бир четинен суурулуп,
Бөлүнүшүп чыкты жаңы үч караан.

Минген аттар, күчөп басат ашыгып,
Айыл да ана алыс калды жашынып,

Бирөө Апас, бири Ажыбай, да бирөө,
Бардыгы тең бирден мылтык асынып.

Дагы эле Апас жыргал заман ойлоду,
Ташып кетип көңүлү менен ойноду,
Эмне үчүндүр, чочугандай эмнеден
Жүрөк дегдеп сыздап болбой койгону.

Жээгинде гүл, булак кулап шылдырап,
Майда таштар кошо агат шылдырап,
Агын булак, кулаган таш үнүнө
Жаткан жылга, жаштар билбес ыр ырдап.

Булбул сайрап салып түркүн абанга,
Эй качанкы жыргал түшөт адамга,
Шаңшып учкан тоонун эркин куштары
Оюн салды көктө сүзгөн шамалга.

Эч айта албайм, көркү жеткен шаймашай
Тоонун бетин каптайт калың карагай,
Апас атчан дале кетип баратат,
Ушул жердин ырахатын аралай.

Ушул көрккө көңүл черин жаздырып,
Учкан жүрөк, убайымын азгырып,
Апас айтты малды көрүп өтөлүк,
Деди үчөө ферма жакка бастырып.

Ушул жерде бир үй турат тигилүү,
Шурда турган жондорунда илинүү
Мылтыктарын алып үйгө түшүштү,
Мына өлүм, чыны менен тартты күү.

Туман-туман каптап келип чүмкөдү ой,
Эмне себеп кубатынан бошоп бой,
Ажыбайдын өңү дароо кумсарды
Бирөө менен өлүм болжоп койгондой.

Өчөр өмүр, өлүм күүсүн тыңдады,
Токтор жүрөк көкүрөктү тырмады
Апас шордуу эмне менен иши бар,
Чыкпай турган келди өлүмдүн зынданы.

Кичи пейил эшик ачар киши жок,
Апас менен эч бир жандын иши жок,
Анда Ажыбай: Апас үйгө кир деди,
Бир тарс этип арткы жактан чыкты ок.

Жаңырыкты алып кетти туш-туш жак,
Тоого, ташка күбүр-шыбыр кетти ушак.
Тийген октун ойгон жерин бир чапчып,
Апас жатат алдастап жер кучактап.

Мына Ажыбай эми оюна жетиптир,
Ал амалын мына ушундай чечиптир,
Ажыбайдын аткан огу Апастын
Акырегин көзөп өтүп кетиптир.

Барчу жолуң алда качан ченелген,
Тындыңбы дейт токтоп жүрөк ээленген.
Кайра Ажыбай өз ичинен кайгырат,
«Ай, аттиң ай, как мээсине мээлегем!»

Жалдырады тунук тунук акты жаш,
Жүрөгүнүн дүрсүлдөшү болду ырас.
Аккан канды көрүп кайта эси ооду
Ай Ажыбай, билдим эле —деди Апас.

Кантип Апас сага кастык этенин,
Кечир Апас кошо өлүп кетейин.
Мен ийнимден мылтык ала бererде,
Ок жанылды жаным Апас кантейин?

Тоо калдайып, суулар күчөп, кеч кирди,
Жаратылыш жактырбастай эч кимди.
Апасты эптеп өз атына мингизип,
Түн ичинде өз үйүнө жеткирди.

Колхозчулар келип кеңеш курушту,
Ачууланып муштумдарын сунушту.
Эмне кылып, кайсы маалда, кай жерде
Шордуу Апаска ок тийгенин угушту.

Жок, жолдоштор, бизде да бар жамандык
Комсомолдор, бул айып иш, алдандык.
Большевиктик кыраакылык керек го,
Арабызда толуп жатат арамдык.

Анча да эмес жүрөк аз-аз эс алды,
Үйдү курчап элдер кайра жыйналды.
Комсомолдор көңүл ачып беруугө
Комуз менен муңдуу назик күү чалды.

Бирок Апас бирдемеге өкүнөт,
Улам ойлоп көзүнөн жаш төккүлөп,
Садагасы бери келчи деп тартып,
Жаш балдарын бирден бирден өпкүлөп.

Түн оогондо көзү соолуп айланат,
Бир аздан сон соккон жүрөк жайланат.
Эртесинде боз үйлөргө бир бирден
Канды жуткан кара желек байланат.

Түш оогондо кыбыр-кыбыр бастырып,

Көздөрүнөн жашка аралаш кан чыгып,
Колхозчулар жаны болгон Апасты
Жер астына бүгүн кайтат жашырып.

Үстү-үстүнө кетмен чабат шака-шак,
Кээде күнгө чагылышып этет жарк.
Тээ алыста, төрт, беш киши кумсарып,
Апас үчүн мүрзө казып жатышат.

Көөдөнү ачык, тиги четки чоң бойлуу,
Көптү көргөн бети тырыш кең ойлуу,
Эй, бакытсыз дүнүйөгө жаралып,
Жаштайынан кеткен экен ээ деп койду.

Мезгил жетпей булбул учту багынан,
Бороон болбой гүл айрылды канынан.
Бир заматта жаз кыш менен алмашып,
Күз болбостон бак айрылды шагынан.

Качты боз ат, качты тор ат суурулуп,
Ажыбай да тарс эткизди бурулуп,
Тос-тос алдын тигинекей, бол ылдам,
Тарс-тарс этти көпкө мылтык угулуп...

Талкалоочу талабына таш болуп,
Кайдан кетсин эрдин каны аш болуп,
Бирден кара ушул мобу тургандар
Колго түштү Ажыбайы баш болуп.

6. V -35-ж.

ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

(биринчи варианты)

Бир койчу ээн талаада коюн жаят,
Колунда жан жолдошу ыргай таяк.
Олтурган баш кучактап, чалды көрөт,
Жаш төгөт бул эмне үчүн, эмнени аяп?

Качанкы күнгө какшып куурап калган,
Белгисиз өлгөн башты таап алган.
Жашынып койчу келип карап турса,
Чал ыйлайт кудайга айтып мындай арман.

Толубай сынчы экенин сен билсеңчи,
Жаныбар тулпардыгың мен билсемчи,
Аттиң ай, колдо болуп өзүм таптап,
Эликкен казат издеп эр минсечи.

Кеч кире койчу айлына кайтып барды,
Ханына көргөнүн бүт айтып барды.

Тарттырып сурнай, керней журтун жыйнап
Табууга Толубайды хан жар салды.
Бир тарап багыт алды түштүк жакка,
Бир тарап түз бет алды күн батышка.
Күң дебей, малай дебей баары аттанды
Саналуу хан көңүлүн тындырмакка.

Эртеси Толубай сынчы өзү келди,
Таксыр хан, Толубай деген менмин деди
Эмесе Толубай сынчы, сынчы болсоң,
Жылкымдан тулпар тандап бергин деди.

Хан айтты тулпар тапсаң такка коём,
Көңүлүңдү тындырамын эмне ойлосоң.
Сыныңдын бир жеринде айып болсо,
Билип кой муну дагы, көзүңдү оём.

Тактыда хан жанында Толубай турду,
Жүз-жүздөп нечен миңдеп мал чубурду.
О, кокуй бул миң санда бир тулпар жок,
Жактырбай Толубай сынчы башын бурду.

Бир өттү өңкөй чүрөк жээрде кашка,
Көк, кызыл аргымактар башка-башка,
Өңкөй боз, өңкөй жээрде бөлөк өттү
О, кандай, өңкөй күлүк шатырашса.

Толубай мал санына таң калган жок,
Өткөндүн бирине да караган жок.
Хан айткан тапкын деген тулпардыкка
Жылкыдан бири дагы жараган жок.

Күлүктөр сынчы астынан өтүп жатты,
Башталган таң азандан, күн да батты,
Мына эми хандын өзү тулпар деген
О, чиркин дүйнөдө жок түр келатты.

Ар бирин кырк жигитке жетелеткен,
Кырк жигит баласындай эркелеткен.
Жылкы эмес бул жаныбар тарткан сүрөт,
Дешти эл заяпкери ким болду экен.

Өтөрдө: «О, жигиттер, токтот бери!»
Деди да хан тактыдан түшүп келди.
Миң-миңден жактырбадың баракелде,
Кана эми сынчым сынап кара деди.

О, таксыр көп ичинде өтө берсин,
Макоолор сулуу, сымбат көркүнө эрсин.
Мен билген бир кедейдин чаар аты бар,
Бир гана ошол калды кошо' келсин.

Бир убакта чаар ат өттү, кейпи эшек,
Баса албай мүдүрүлөт кезек-кезек,
О, бали ай, мына таксыр тулпар деди
Биз мындан жаңылбаспыз тулпар десек.

Жаңылды акмак сынчы,— деди калкы,
Заардуу хан сынчыга ачууланды.
Булгадың кудай берген дөөлөтүмдү,
Деди да эки көзүн оюп алды.

Толубай ойгон көзүн басып туруп,
Ичинен кан аралаш жашып туруп,
Таксырлап ханга мындай бир сөз айтты,
Салайык калың журт да турду угуп.

Таксыр хан өрүшүңө тулпар толсун,
А, кудай дөөлөтүңө бакты консун.
Сурарым чаар эшекти мага бердир
Мейли эми эки көздүн куну болсун.

Сынчыга хан өкүрүп алгын деди,
Толубай өз жолуңа баргын деди.
Мактанып: акмактар да билип жүрсүн
Ушундай бир сөздүүлүгүн хандын деди.

Ушинтип шордуу Толубай азап тартты,
Сокурлук соо жүрөктү жаралантты.
Бирок да сынчылыкты көрсөтүүгө
Чаар атты жер алдында багып жатты.

Ай тур деп кемпирине жем бердирет,
Көңүлүн убак-убак желдендирет,
Чаар аттын түлөй баштап эшек жүнү
Кулпурган ар күн сайын түргө кирет.

Толубай чаар ат күчкө толду деди,
Чаар ат чаар тулпар болду деди.
Кемпирим эртең узак жол тартчу күн,
Жаңылбай жакшы кара жолду деди.

Эртеси кемпири экөө таңда ойгоно,
Азапсыз муңдуу аткан таңды ойлоно,
Учкашып чаар тулпарга сыртка чыкты,
Табыты туура кырк бир күн болгондо.

Келаткан сан кол менен чалып чалгын
Толубай тосуп чыгып хандын алдун,
Рахмат таксыр ханым эшегиңе,
Эшекти тулпар менен жетип алгын.

Чу деди чаар тулпар зымырады,
Туяктан үйдөй таштар быркырады.

Жигиттер бул эмне дейт кармагыла,
Сан күлүк кой изиндей тапырады.
Учкашкан Толубай сынчы өзү алдына,
Деп коёт: Толубай сынчы ур такымга.
Камчы урса чаар тулпар арка керип,
Бир гана аяк таштайт бута атымга.

Толубай күндүк жерге жеткен кезде,
Тулпардан тер аз-аздап кеткен кезде
Толубай чал уга калды ат дүбүртүн
Бул укмак күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири кудай кандай балаа деди,
Сынчы анда бул эмне экен кара деди.
Капырай жетип келип калган тура
Кадимки Жээрде кашка деп жооп берди.

Кемпирим жолдон чыгып таштака сал,
Деп койду шашпай гана Толубай чал,
Атагы Жээрде кашка болгон менен
Билчү элем ташка түшсө аксагы бар.

Айткандай жолдон чыгып ташка салды,
Үйдөй таш адетинче талкаланды.
Чын эле башын силкип Жээрде кашка
Жүрө албай ошол жерде аксап калды.

Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде,
Тулпардан тер тамчылап кеткен кезде,
Толубай чал ат дүбүртүн уга койду
Бул укмуш, күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири кудай кандай балаа деди,
Сынчы анда: бул эмне экен кара деди.
Капырай жетип келип калган тура,
Кемпири: Кызыл тору деп жооп берди.

Кемпирим жолдон чыгып өргө салгын,
Тулпарды мээге тийген күнгө салгын.
Атагы кызыл тору болгон менен
Жука мээ билем анын ата салтын.

Айткандай жолдон чыгып күнгө салды,
Өчөшүп чаар тулпар өрүшкө алды.
Чын эле сынчы айткандай мээси кайнап,
Бышкырып чуркай албай жолдо калды.

Үч күндүк жолго булар жеткен кезде,
Тулпардан тер жамгырдай кеткен кезде,
Толубай чал ат дүбүртүн уга койду
Бул укмуш күтүлбөгөн жок эле эсте.

Кемпири кудай кандай балаа деди,
Сынчы анда бул эмне экен кара деди.
Капырай жетип келип калган тура,
Кадимки Көк желмогуз деп жооп берди.

О, кемпир, Көк желмогуз өзү тура,
Жүрө бер ушул жолдон четке бурба.
Жука мээ, жука туяк оорусу жок,
Айып жок көрүндү эле деди мында.

Тулпарды бекер кыйнап салба терге,
Токтоткун күтөлүчү түшүп жерге.
Кадимки жайдак тору өз атасы
Мактоого жүрбөй калат дешчү эле.

Ошондо Толубай жерге жата калып,
Дүбүрттү угуп турду кулак салып,
Тулпарга тулпардыгын көрсөтүүгө
Чаар ат жерди чапчыйт ызаланып.

Желмогуз аркан бою келип калды,
Зыпылдап төрт аякты керип калды.
Ошондо тура калып Толубай сынчы
Мындай деп Желмогузду мактап салды.

Ассалоома алейкум, Көк желмогуз,
Мынчалык күйүп бышып не болгонсуз.
Жарыктык чабышыңыз чабыш экен,
Зыпылдап жаа огундай жел болгонсуз.

Ой, бали ай, Көк керемет мүчөңүз ай,
Ой, бали ай, учканын көр канат жайбай.
Эки көз, эки кулак кайдан бүткөн,
Төрт аяк, куйрук, жалың пай, пай.

Жаныбар Көк керемет өзү жакшы ат,
Жарыктык сөзгө келгин токто так, так!
Дегенде Көк желмогуз дердеңдеди,
Жүрө албай ошол бойдон калды аксап.

Толубай Чаар тулпарга ыргып минди,
Кемпирим жүр жөнөдүк ал тизгинди.
Мына эми арга келди Чаар тулпар,
Жер дүйнө көзгө илешпей чимирилди.

Тулпардын кызыганда бир адаты,
Жайылып учкан кезде кош канаты,
Кемпирим анда эч жерге токтолуу жок,
Деди да Толубай сынчы бир сөз айтты.

Эрким жок жүрөктө ар өзүмдү алар,
Эч ким жок Толубай сынчы сөзүн алар,

Жерим жок Чаар тулпар сени сактар,
Элим жок Толубай сынчы өзүңдү алар.
Зыпылда, учсун тулпар кош канатың,
Алмашып нечен түндөр, таң дагы атсын,
Өлсө өлсүн, Толубай сынчы атым өлсүн,
Бир сенин Чаар тулпар атың калсын.

Баркыңды Толубай сынчы билишкен жок,
Калың журт бир сөзүңдү илишкен жок.
Кайран көз далай күлүк таптар эле,
Таптаган тулпарымды минишкен жок.

Мейли эми көрбөгөн жан аман болсун.
Жаштарда Толубай деген арман болсун,
Санчы эле, о чиркин деп айтып калар,
Толубай арт жагында заман болсун.

Замандан четтеп калдык бир жазасыз,
Жолуңар болсун деген, же батасыз,
Кемпирим, Чаар тулпар, Толубай сынчы
Максатсыз учуп кетип баратабыз.

Сапарды жин, перилер тегеректеп
Тулпарды мокотууга жарга кептеп,
Аскадан же деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек.

15/VI—1937-ж.
Жети-Өгүз

ЧОҢ ЧҮЙ КАНАЛ

Обнявшись, будто две сестры,
Струи Арагви и Куры

Л е р м о н т о в

Казылсын, жакшы өмүрдүн улуу арыгы,
Чалкысын адилдиктин дарыялары,
Жарылсын аалам жүзү — сел баткыдай
Татысын ак эмгектин толкундары;
Чалкысын, күрпүлдөсүн, күчтүү аксын
Батырсын коммунизм Чоң каналы.
Көгөрсүн бул каналдан, аалам эли
Гүлдөсүн бийликтин чың ынтымагы.
Жуулсун кандуу согуш, катуу кыргын!
Тыйылсын жанган өрттүн жалындары
Суу берсин, өзү ээлесин бийлик кылсын —
Дүйнөгө жумушчу тап баатыр калкы!
Мына ошол баатыр калктын бир бөлүгү
Кыргыздар үйрөнүштү жаңы өнөрдү,
Бурушту коммунизм каналына
Күзгүдөй тунук суулуу эки өзөндү.

Ал мындай: жашыл мейкин кең,Чүй талаа
Басылган жаратылыш кооздугуна,
Суналып берекелүү байбичедей
Жантайган кары Ала-Тоо жаздыгына.
Башталып, көл башынан кумга кирип,
Чүй суусу агып жаткан ээн сайында,
Мындагы төрт мезгилдин таттуулугу ай,
Туш келсең — жаз жана жай айларына
Жалаң гүл; жалаң булбул обондору,
Мас кылган тирүүлүктүн кызыгына,
Жаш күндүн, жаш сүйүүнүн ытымагын —
Кайра бир алып келген көз алдыңа,
Көңүлдүн таарынычын унуттуруп,
Таарыныч: жеңил курбу, эссиз жарга.
Балкытып кыялыңды тартып кеткен,
Өзүнүн табийгаттык майрамына.
Ошондо — баткан күндү карап турсаң,
Асмандын кызгылт жука боёгуна
Кайдагы тентек кездер эске түшөт,
Кандырат тумандуу ой санаасына.
Күчүм аз, ой бир айтып берер элем!
Бул ойлор жашоочуга таң-тамаша.
Аңгыча күз убак келет, бышыкчылык
Нелер жок, Чүй боюнун кучагында?
Дарбыз, коон, алма, жүзүм санаса көп,
Жайпалган сонун бышкан ак буудайга.
Сүйүүнүн этегине батыра албай,
Чүй бою алпараткан алтын, ана!
Шондогу менин жазган кыска ырым бар,
Мындайча эгер сурап, десең кана:
Чүй ээси колхоз,
Бир боордош,
Эмгеги текке коробос,
Талаш жок ынак
Дос — жолдош.
Таңкы уйку таттуу,
Бал даамдуу.
Уктап жатуу —
Уяттуу.
Колхозчулар кызматтуу,
Бош жерди бузуп,
Куушуруп,
Трактор ат —
Жутунуп,
Себилип кымбат
Жаңы урук.
Чүй ээси колхоз,
Ошондуктан Чүй да кооз.
Жаз баркын сыйлап,
Жайды ырдап,
Алтын күздү
Кадырлап,

Кышта жатпай —
Кам жыйнап,
Эң чебер колдон,
Иш болгон
Чүй ошентип
Оңолгон,
Толгон кыздай
Кооздонгон.
Чүй ээси колхоз,
Ошондуктан Чүй да кооз.
О кандай көрктүү,
Чүй көркү!
Эмгек экен
Сүрөтчү.
Жана баарын —
Үйрөтчү.
Мен көрөм эмне?
Кең Чүйдө:
Баткан ырыс,
Деңизге.
Түгөнбөс кенч
Ээсине.
Күндүзү жумуш,
Жок туруш.
Төрөлүп өнөр —
Тири укмуш.
Түнү айлуу жумшак
Магдырап,
Аппак кыштак,
Калың бак—
Уйкусун бузбай —
Жакшы уктап.
Чүй ээси колхоз,
Ошондуктан — Чүй да кооз.
Эмесе, ушул Чүйдө да бир жаңы —
Туш келди, кадырлуу иштин көп салмагы,
Чечиптир Москвада макул болуп
Болсун деп, кыргыздын да Чоң каналы.
Колхозго пайдасыз жер, калбай эч бир,
Мөмө бак, жана эгиндер бышсын дептир,
Кошумча, ырыстуу жер сулуулугу,
Кош саамай күмүш түстү таксын дептир.
Кыргыздар бул ааламга көрк сүрөтүн
Өздөрү кетмен менен жазсын дептир,
Бир гана кыргыз эмес, бир боор калктар,
Көп колдон түрдүү боёк тапсын дептир,
Болочок доорлорду таң калдырчу
Бирдиктин портретин тартсын дептир.
Ак пейил социализм кен дайрасы
Замандын жыргалына аксын дептир.

Картасы ал каналдын мына мындай:

Тоскоолдуу, далай кыйын жолду аралай,
Узатып өз боорунан куйрук улаш
Жаңырып дабышына кең капчыгай.
Көгөрүп өз порумуна раазы болуп,
Ушуга жүзүн жуунат он бештеги ай.
Токтотуп, эс алдырып Орто-Токой,
Азайтпай өлчөмүнөн көп ашырбай,
Жөнөтөт жакшылыктын белектерин —
Шат көңүл, ачык жүрөк жаш жарлардай,
Бабасы Ысык-Көлгө эрмек болуп,
Баладай тентек ойноп, ырлар ырдай.
Күркүрөп эки салаа дарыя агат,
Башталып Чүйдөй казак жерин карай.

Бир канал тоо алдынан, бири бери —
Көгөртөт пайдасыз сулк жаткан жерди,
Калкына кадырлуу энчи төрөп берет,
Көбөйтөт миңдеген жаш гектерлерди[1].
Санаа эмес, мунун баары эртеңки иш,
Ошондо кандай болот Чүйдүн бети:
Кеч кире поезд минип Фрунзеден
Кур эмес, бир иш менен бара жатсаң,
Ойлоого — өткөн жылдар чала издерин
Ошондо терезеден баш чыгарсаң,
Көрөсүң алдың дарыя, үстүн дарыя
О чиркин, не бир укмуш түр жасалган!
Колхозчу эл, дөөлөткө аңкып, белден батып,
Эмгектин карк алтынын эрмек кылган.
Кызылча, буудай, арпа бышык дандар,
Ашчуудай батпай Чүйдүн кучагынан,
Күүгүмдө көз ымдашкан электрлер
Жарыгы жылт-жулт этип айылдардан,
Паровоз бирде кирип чыга калып,
Ала-Тоо, зоо, капчыгай арасынан.
«Эң күчтүү биздин турмуш тез экен го —
Ушундай катуу кетип бара жаткан» —
Дейсиң да күлүк ойго көз жумасың,
Өзүңчө улам кайра болуп аң-таң.

Уландар өткөн күндү күлүп эстей
Чүмкөнүп рахатка күнгөй-тескей,
Жыбырап өзөн бою жаңы кыштак,
Калкына жашоо балын эмизгендей...
Өмүрдүн келечеги көз алдында,
Жанга жай, уч-кыйры алыс кең деңиздей.
Турмуштун чоң кемеси закым уруп,
Жеткирип самаганга, соккон желдей...
Фрунзе эки канал ортосунда
Ааламдын гүлдөн бүткөн букетиндей.

[1] Гектерлерди — гектарларды.

Бул болот, жомок эмес, биз аттандык,
Бир-бирден колго күрөк, кетмен алдык.
Кылымдар терең жаткан таштарды ачып,
Көтөрүп асманга атып, майдаладык,
Картайып жер планети суумайынча
Так болуп өчпөй турган жазуу жаздык.

Булар ким? Жүрөгү ак колхозчулар,
Тилектеш, ынтымактүү көп улуттар.
Табигат эгер чебер болгон болсо,
Ага да оңдоо салган мына ушулар.
Санааны кармап көргөн колу менен
Турмушка анык баатыр, кожоюндар...
Аларды биринчи из салгандарды
Көңүлүнөн чыгара албас Чоң Чүй канал!
Түн басат, жай баракат эс алчу убак,
Ар бир топ, өздөрүнчө эрмек курат...
Илгерки казатчылар кошунундай
Жалыны түндү жалап оттор жанат.
Ырчы эмес, жөнөкөй журт ооздорунан,
Тыңшасам төмөнкүдөй ырлар чыгат:

I. Ыр

(коңур үн)

Шамалды шамал айдасын калкып,
Коңур бир добуш ырларын тартып,
Коңур бир добуш ырларын тыңшап,
Асмандан ак ай жарыгын чачып,
Ушундай жайлуу, тынч болсун кыштак,
Согушсуз ойноп, жашасын ж.ыргап,
Өз жанындай кетменин сүйүп,
Ак нанын тиштеп, чайынан ууртап.
Жылдызды, жылды ыргытсын ойноп,
Асман бир асман жайыгын бойлоп.
Асман бир асман жайыгы менен
Узак жол баскан поезддей сойлоп.
Жылдыздай тыйын, күмүшкө тунган,
Аткарган ак ниет кызматынан
Кийинип кооз, жылдыздай ачык,
Кыштактан чыгып баратсын улан.
Аксын бир Чүйдүн дайрасы күчтүү,
Кайгысыз үндүү, ак күмүш түстүү,
Мол болсун Чүйдөй колхоздун даны —
Чоң жесин дыйкан, болбосун түбү.

II. Ыр

(кыздын ыры)

Көп теңтуш жигит, кыз болуп,
Күз түнүндө ойнодук.
Жылкычы жарым сүйлөштү
Атыман айтып токтотуп.
Ал,
Ат үстүндө өбөктөп,
Мен —
Ат жалын өрүп өнөрлөп...
Шерт кылыштык бузулгус,
Мен күтөмүн «күткүн» деп.
Жаныма таттуу жагымдуу,
Жарымдын ысык деми урду.
Чын ашыктык толкуну
Ортобузда толкуду.

Ангыча чыкты ышкырык,
Жылкычы курдаш чакырып,
Кош, жаркыным дегенче,
Жылкылар кетти удургуп.
Ал шашты атка камчы уруп,
Азоо күлүк атты кууп,
Эртеси кетти аскерге,
Артынан мындай ырды уктук:

«Айланага карасам,
Айылдан сени жаратам,
Асылым жарым, аман бол —
Аскерге кетип баратам».

Жакында аман кайтканда,
Чүй атаны караса:
Кылаасында жаңы шаар,
Күрпүлдөгөн кош дайра.

Таба алар бекен айылын?
Караңгы кыштак, жаткан жым,
Жылдыздардай жыбырап,
Электр баскан жарыгын.

Жок адашпас, таба алар,
Жаңылтса да жаңы шаар;
Тааныш буудан добушу
Үргөн үндөр -таанытар.

Эртесинде жолугуп,
Келин-кыздар, биз болуп
Берермин дайра жээгинде
Арнап сайган кол жоолук.

III. Ыр

Кылымдан, кылымдарга кыдырган,
кыйын жолдуу табийгат.
Тоо-таштан, көлдөн, океандан бүткөн кат.
Кары бар, нөшөрү бар, бороону бар,
суугу бар табийгат.
Жаман тажаал, кыйын татаал, катар катар
укмушу бар табийгат.
Эрдик доордун, улуу жолдун, баатыр колдуу
адамдары карасак!
Бар экен: кемтик кеткен сүрөтүвдүн —
жамандары табийгат!
Ошондуктан, көтөрүп шаң толкундуу
абдан, куруп сап —
Эркин бийлеп, тандап иргеп, оңдоп кирдик,
бербесең да уруксат;
Чүй түзүнөн, күркүрөгөн, акты канал
Келечекке, андагы элге, көрсөтүүгө алып жат,
Андагылар кары-жаштар, бизден алсын
Аманатты, күтүп жакшы, кучагына кучактат.
Ушундай Чүй каналы — поэзия!
Бул аз ыр, менден чыккан бир ооз гана;
Күчү арбын менден кыйын усталар бар,
Тартылар анын чебер боёгуна;
Эмесе, улуу канал мөлтүлдөсүн,
Ала-Тоо тунук кашка сууларына!
Даңк кошсун, сонун жердин кубанчыңа!
Алпарсын бизди алыска жаздай жапжаш,
Өмүрдүн болочок май айларына...
Бүткөн соң атактуу Чон-Чүй .. каналы
Кошулсун коммунизм каналына.

1941-ж.

ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

(экинчи варианты)

«Толубайдай сынчы, Токтогулдай ырчы бол»
(элден).

Замана кандай кары кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү терең...
Ошондой унутулган бир күндөрдө,—
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен.

Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Ые билсин ал жөнүндө жаш уландар,
Суусаган таттуу жомок ширесине —
Сөз кылат тамшанышып, карыялар.

Жай бүтүп, күз аяктап, кыш жакындап,
Келгин куш, отор кетип, ордун таптап...
Кете албай мында калган карт куштардзк,
Карылар көктү карайт, талган канат...

Заманды жакшы көрөт баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет.
Төмөнкү Толубай аттуу кыска дастан
Эски аван, эски ырлардай эске келет.

Бул чындык, бир болгон иш алда качан,
Эл түгөл, азая элек Чынгыш Хандан,
Алтайдан Алай четин тегиз кымтып,
Ал кезде Азиз падыша хандык кылган.

Азиз хан жер көтөргүс күчкө толгон,
Кол жыйнап нечен миң сан, оңдон-солдон,
Кытайдан доо алам деп кыргыз үчүн,
Чабуулга аттанууга ой ойлонгон.

Ой ойлоп чексиз ойго көңлу тынбай,
Ааламдын кучагына батпай сыйбай.
Сайратып салтанаттуу ырчыларды,
Калкына жар чакырткан мына мындай:

«Көл кечип, ашуу ашып, жол жүрүүгө,
Кабландай кайра тартпай, жоо сүрүүгө.
Сынчылар сындан тайбай тулпар тапсын,
Намыска кан сапарга мен минүүгө.

Урмат чоң тунук туяк тулпар тапса,
Сынчылык сынга толгом ушундайда.
Шерт ушул: эки көзүн оюп алам.
Эгерде бир жеринен жазып калса»...

Уккан соң бул жардыкты албан дубан,
Калдайган көз алдына кара туман.
Аптыгып Азизхандын амиринен
Сынчылар башын чайкап, кезүн жумган.

Ушундан бир аз кийин көп күн ообой,
Жашыл кыр, төрдөн түшүп, талаа бойлой,
Чарчаган бектер менен келе жатса
Азизхан уучулуктан жолу болбой.

Чөк түшүп, тизе бүгүп кыбла карап,
Качанкы куурап калган башты кармап,
Күбүрөп, күңгүрөнүп бирдеме айтып,
Алыста бир укмуштуу чал олтурат.

«Баргын — дейт — жанындагы жан жөкөрүн,

Ким экен, жакын барып байкап көргүн».
Ал келип салам айтса алик албай
Чал сүйлөйт эки жакка бурбай көңлүн:

«Аттиңай Толубайлыгым сен билсеңчи,
Ушуңда тулпардыгың мен билсемчи,
Туйгундай колду жарып кайкып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи»...

Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт:
«Сен кимсиң? Билбей кайтсам көңлүм кирдейт.
Бул эмнең?» деп сураса, чал энтигип,
Бул куу баш, Алпамыштын чаар аты» дейт...

Ушинтип Толубай сынчы сүйлөр менен...
Жаш мырза шаңдуу тонко белги берген.
Күтүрөп көпкөн жаштар ортого алып,
Азиздин ордосуна алып келген.

Эртеси Азиз падыша, Толубай чалды —
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар тап деп кыйноо салды.

Куп дебей, жарант дебей, же жок дебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй.
Көрөөгөч алп каракуш сыяктанып
Толубай бир туякты кур жибербей,

Алдыртан ичтен сынап карап турат,
Нечен бир жибек жал ат, камыш кулак,
Көрктөнүп көккө атылып көйрөңдөнөт,
Сынчынын көңүлү тойбойт, кандай кылдат.

Жортуулга тандап минчү шок боз балдар,
Буулуккан азоо күлүк, буудандар бар.
Сынчы аке кумурскадай кунсуз беле,
Ушунча жер жайнаган жаныбарлар?..

Ошентип күн чак түштөн бешимге ооду,.
Макталуу сан учкулдар өтүп болду,
Азизхан бул көрккө мас, бул көрккө таң,
Бирок чал жерден башын албай койду.

Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы,
Асемдүү алтын тубар жабуулары.
Бир-бирден шаани менен өткөрүлдү,
Азиздин тулпар деген тулпарлары...

Эрке өскөн байдын жалгыз баласы окшойт,
Тулпарлар жибек килем үстүндө ойнойт.
Хан тиктейт эми сынчым эмне дейт деп,

Бирок ал, каадасынча карап койбойт.

Азиз хан, ызаланат, жини кайнап,
Баркылдап, кулдарына минтип айтат:
«Шаардан ат бүткөндүн бирин койбой,
Кесирлүү сынчы алдынан өткөр айдап!»

Буйрук бир... кулдар маакул, ошентишет,
Мейли антсин, баары бекер, пайдасыз тек.
Сынчы ата, бейит окшоп, үнсүз, сөзсүз,
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт.

Улуу хан бул жорукка айран калды,
«Канакей, өткөргүлө дагы барбы!»
Дегенде жооп беришти чур этишип,
«Бир гана Кармыш кулдун бозу калды!»

Кырчаңгы, арык, ачка эшек кейпи,
Кыбырап сылтый басып боз да келди.
Кубанып, Толубай ыргып тура калып,
«Падышам, анык тулпар ушул» деди. адыша».

Азиз хан муну укканда калтырады,
Кабагын карыш түрүп, каарланды.
Арсыз чал шылдыңыңа жазаң бул де деп,
Сынчынын эки көзүн оюп алды шарт!

Бирок ал, бул бүтүмгө таарынган айткандай,
Оюлган эки көзүн эки колдоп — аңдай,
Аярлап аккан канын басып туруп тосуп,
Муну айтты, хан алдына келип мына мындай:

«Датымды ук, акыркы жол «улукмуш ат,
Жаман боз, көз куну үчүн мага туяк,
Тагдыр бир, жараткан бир калыс —
Ким-кимден жаңылганын талдап чапчылап.

Азиз хан ары кетти топтон чыгып, да,
Сынчыга «ал» дегендей белги кылып кара!
Жетелеп жаман Бозду жолго түшөлбадың,
«Болду» деп Толубай ата ичтен.

Ошентип көп күн батты, көп таң тостум,
Шылдырлап бир калыпта суулар акмуш...
Көрсөтпөй эч адамга, жер түбүндө —
Толубай жаман бозду багып жатты.

Чаалыкпас, арбас кылып ашуу, зоодо,
Кайыкпас, талбас кылып борошого,
Кулпунтуп тулпар кылып минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.

Кемпирин (жолду көрбөйт) алдына алып,
Артына кең олтуруп, өзү учкашып.
Сейилден көңүл сергип келе жаткан
Хан жолун туура тосуп тура калып:

Сынчы айтты: Амансыңбы, Азиз «ханым»,
Биз минген өзүң көргөн боз жаманың.
Кош эми жигитчилик арың болсо,—
Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын!

Кемпири аттын оозун коё берди.
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Азиз хан өзү баштап: «Жет, кармалап»
Ана көр көтөрүлүп кууган элди.

Аз-аздап баргйтксайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар,
Аркырап учкан боздун арышына
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар...

Шумдук ай, көзгө илешпейт эч бир нерсе,
Учат бейм, бул боз айбан чуркайт десе.
Арт жактан жалгыз дүбүрт дабыш чыкты
Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде.

Деп сурайт, Толубай анда: «Бул кандай ат?»
Кемпири: «Чоң күрөң боз» деп унчугат.
Сынчы анда: «билем аны, жука туяк,
Күрөңдү кудай алсын таштакка тарт».

Боз тулпар шарт бурулду, аркырады,
Тоодой таш кумдай болуп быркыранды.
Чоң күрөң жолдон тажап, бутун силкип,
Жете албай ошол бойдон калып калды.

Эртеси, экинчи күн түш мезгилде,
Угулат жер силкинткен да бир нерсе.
Кемпири «Жээрде кашка» деп жооп берет,
Сынчы ата: «Бул кандай ат» дегенинче:

О билем, жээрде кашка жеңил кашка,
Карт эмес, эки жарым асый жашта,
Кемпирим күнгө салгын, эсимде бар,
Бир гана мээси жука, малдан башка.

Кемпири күнгө тартты боз тулпарды,
Ан сайын кызыгандай кош канаты,
Күн өтүп, Жээрде кашка чуркай албай,
Ыраактап, карга болуп, караандады.

Ал эми: үчүнчү күн таң алдында,

Эң сүрдүү дабыш чыгат бир башкача,
Кемпири жооп берет: «Жибек көкүл —
Жээрде ат деп, өзү окшойт деп,—Азиз падыша»

Сынчы анда: «Жибек көкүл чын тулпар ат,
Бирок да бир айбы бар мактоо жакпайт,
Азиздин өзү экени жакшы болду,
Кемпирим ханды беттеп алдына тарт!

Кемпири ханга тартты сынчы айткандай,
Сынчы ата ачык ырай, жазы маңдай,
Кашкайып күнгө карап көкүрөк тосуп,
Жерде атка мактоо салды мына мындай:

Чиркин ай, Жибек көкүл не укмуш ат,
Чолпон көз, чүрөк моюн, алтын туяк,
Ракмат сымбатыңа деген кезде —
Жүрө албай туруп калды жер чапчылап.

Сынчы ата сөзүн буруп Азиз ханга,
«Жаман боз мен минген ат, таанып кара!
Падышам, сын баркына жете албадың,
Акыры ээн талаада сен маскара.

Менде жок арманды угар тууган досум,
Жана да өнөр билген жан жолдошум...
Кантейин, жаратканга айтарым бар,
Артымда, атымды айтар заман болсун».

Деди да камчы салды боз тулпарга,
Боз тулпар жакшы кызып эми гана,
Дайынсыз сапар алып зымырады,
Эли жок, жери жоктой бул ааламда.

Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек.

Аз кеп бар хан жөнүндө эки үч сабак,
Кытайга аттанган дейт колун санап,
Кан этсин тулпары жок, канга батып,
Жеңилип кайтыптыр деп кеп кылышат.

26/XI-1944
Койсары

МЕНИН ЭНЕМ

Термелген Кобзарлардын кайгысына,
Таарынган өткөн өмүр ай-жылына,
Ар-бири кара кулак шер сыяктуу,
Жаралган Шевченконун таалайына!
Ыр менен, күлкү менен доорон сүргөн,
Багынбад жокчулуктун кылычына:
Руксат бер, сен тууралуу күү чертейин,
Алтын жер ,Украина, Украина!

Күн күңүрт уйку, тынчсыз, түштөр жаман,
Ар дайым булут кызыл, күн батыш кан,
Даанышман, терең сезгич карыялар,
Жер чукуп жамандыкка ой жоруган.
Чынында ал калп эмес! Эл ажалы,
Маскөөнү, абайсыздан жүрөккө урган.
Кайгырбай, бирок абдан өчтүү болуп,
Биздин кол артка карай кетип жаткан.

Курдашжан, мына ошондой кыйын кезде,
Өткөндөй көз ирмебей, бая... кечээ...
Ал күндү бардыгы тең жакшы билет,
Жүргөн жан аман эсен ичибизде.
Алыскы Украинанын чет жагында
Үй турат жапырайган төрт терезе.
Дал ошол терезеге улам келип,
Өңү өчүп коркуп карайт, биздин эне.

Карайт да төмөнкүдөй бир иш көрөт,
Замана бир минутта миң өзгөрөт:
Эч качан такыр мындай болбоочудай,
Энеге уйгу-туйгу түш өңдөнөт...
Дап даана орок, балка жылдызы бар,
Алоолоп танка күйөт, танка өрттөнөт.
Кыштакка мас немелер пайда болот,
Башка түс, башка кийим, чоочун — бөлөк.

Бир бала орус окшойт, мингени ат,
Оң колдо кызыл тууну бекем кармап,
Шумкардай конорунa жай издеген
Аркырап учкан бойдон келе жатат.
Кызыл туу өчкөн оттой жалп дей түштү,
Атына ок тийди окшойт, ошол замат...
Жаш бала кызыл тууну орой салып,
Чуркады Эне турган үйдү карап.

Чаалыккан, алдан кеткен, бүткөн деми
Жаш бала эшик какпай кирип келди.
Бүлк этип алсыз жука эзрди менен:
— «Аманбы энекебай жаным» — деди...

Караса, энекеси — өз баласы!
Аскерге былтыр кеткен эң кенжеси!
Слава! Славажан! Жарык күнүм,
Өз уулу Славасы! Өз энеси...

Баласы беш минуттай эс алды да,
Ордунан шашып, ыргып тура кала:
Жанагы кызыл тууну кармап туруп,
Муну айтты, Энесинин маңдайында:
— «Ал эне! Ата журттун аманатын,
Мен десең, мен кайтканча аман сакта!»
«Кош» деди Эне эңгиреп туруп калды...
Кучактап кызыл тууну жыттады да...

Шол замат бир мезгилди болжогондой,
Баланын тагдыр жолун колдогондой,
Жарк этип эки «мырза» кирип келди.
Тартипсиз сөздөрү бар орой, орой.
Энежан, жаздык капты ала коюп,
Ичине тууну салды, чама болбой...
Алик ал! Никитовна Анна деди:
Ийилип узун немец басып торой.

«Бул шумдук ата жөнүм кайдан билет»,
Деди да Эне сыйлап «олтургун» деп,
Экөөнө эки орундук коюп берип,
Жаздыкты кантип катар жолун билбейт...
Жанагы (Миллер) немец шек алгандай,
Алдыртан Эне колун теше тиктейт.
«Фон-Викент! Баарын аңтар бол! деп буйруп,
Мына бул жаздыкты да унутпа» дейт.

Чоң төрө басып кетти экинчи үйгө,
Фон-Викент энеге айтат: «Ачык сүйлө»...
Балким сен тааныбассың, картайгансың,
Сени мен жакшы тааныйм, кудай күбө!
Кадырлуу төрө алдында уят кылба,
Өзүң да текке кетип, текке күйбө...
Мындагы коммунисттин баарын билем,
Оюмдан унутулбайт бир да — бирөө...

Кана, бер колуңдагы жаздык капты,
Дегенде эне ордунан тура калды.
— «Бул жаздык кичүү уулумдун жаздыгы эле
Мынакей бетинде бар саймалары!
Негедир коркуп кетип ала койдум,
Дегенче — Викент айтат «Славаңбы?»
Көрөйүн, сүрөттү бер дегенде эне —
Кайрадан жарк эткендей өчкөн шамы:

«Куп мырзам, Славамдын бар сүрөтү,
Бөлмөде, рамка ичинде, тигил четки.

Санаалаш досторунун каттары көп,
Өзүңө сый кылууга руксат этчи!»
Фон-Викент, башын ийкеп «тез» дегендей,
Кыңылдап кесирленип, стол чертти...
Энежан бир минуттан пайдаланып,
Жаздыкты бооруна алы4п чыгып кетти...

Фон-Викент ойго түшүп, ыраак-ыраак...
Ичинен күү ышкырып, назик ырдап,
Эп-эркин үйдү айланып басып жүрдү,
Жанагы төрө айткандай, тинтип карап.
Шол замат бир нерседен чоочугандай,
Селт этип, түшүнө албай тура калат,
Эшик жак, дал эле ошол үй бурчунда
Кан болгон кызыл туунун сабы турат.

Сыр бербей, өң өзгөртпөй, ичтен дымып,
Бул үчүн сый алам деп көңлү жылып,
Энени урмат менен тосуп алды
Ичинен кайра ырдап, кайра ышкырып:
Энежан: «сүрөттөрү мынакей деп»
Алдына таштай салды тытып-тытып...
Фон-Викент ай кемпир деп столду урат,
Аландап көздөрүнүн чаары чыгып.

Фон айтат: «Мына бул сап туунун сабы,
Үйүңө катылган туу бүгүн жаңы!
Таап бер сыйың менен энекежан,
Кана дейт,— жаздык кабы, колуңдагы?»
Эне айтат: «Мен немецтин энеси эмес!
Жаш төрөм шылдың эмес орус наамы,
Сурасаң колумдагы жаздык кабы —
Табылбас, кайра чыкпас жайда калды».

Фон-Викент азыркы иштин бирин койбой,
Чыңырып, кан сагынган ажыдаардай,
«Тап наадан! табасың» деп жер тепкилейт,
Аңгыча бул дабышты байкагандай:
Баягы Миллер төрө басып келди.
Калп күлүп, калп жылмайып, кытмыр карай:
«Мынакей Гестапонун шер жолборсу,
Сүрүн ай, айбатын ай,— дейт ал,— пай-пай!»

Фон-Викент азыркы иштин бирин койбой,
Дабышы бир ылдыйлай, жогорулай,
Жагынып төрөсүнө сайрап кирди,
Куу түлкү бөрү алдында ойногондой.
Бирок да кыраакы куу картаң Миллер —
Терс бурулат жактырбайт,— көңлү тойбой,
«Ай Фон-Викент не дейин жашсың да» —...дейт
«Кой иш бүттү, сураба, муну жөн кой»...

Үмүт күтпө табам деп, бул немеден,
Бети акылдуу, көзү курч антка бекем.
Болжол саат-минуту жакын калды,
Штаб келет унутпа, чыгарба эстен!
Бул үй ичи күзгүдөй таза болсун,
Орус аттуу, бул өңдүү балакеттен,
Гестапонун сынына сыналып көр,
Кана, Викент, орундат, ылдам, тезден!»

Анда Викент: «Улугум атам муну!».
Каршы алдына энени түз тургузду.
Сууруп чыгып кан жолдуу пистолетин,
Тез кыймылдап, шыпылдап алга умтулду,
«Улуу немец мынакей күбө бол!» деп,
Кыт-кыт күлүп, Фон-Миллер карап турду...
Бирок Викент калчылдап колу даабай,
Ок ата албай бурулуп көзүн жумду.

Жанагы улук: «Викентим кантесиң — деп,
Кызыл тууну табарсың өзүң издеп,
Ушунча жыл немецтин даамын татып,
Бир кемпирден сүрдөшүң эмне керек?..
Алтын тарых алып кал немец күчүн!
Бул бала ким, кемпир ким? Кимдер билет?
Бол аткын!» дейт, Фон-Викент калч-калч этип
Экинчн жол ата албайт көзүн ирмеп.

Миллер төрө кумсарып баягыдан:
«Эсте Викент, бул сага соңку ымтыкан!
Гестапо аттуу өзүңдүн «чоң бабаң» бар,
Жакшы урматтап, чекеңден сүйө турган...

Викент мырза бул какшык, бул жемеден —
Чындап коркуп, атууга кайрат жыйган:
«Мына эмесе! улугум!»... деп басарда —
Көп партизан баштаган Славажан,

Зор шаң менен, шарт этип кирип келди,
«Тарт колуңду айбан!» деп бек сүйлөдү.
Викент «мырза», жарагы колдон ыргып,
Айла таппайт, биле албайт эмне дээрди,
Слава анда Миллерге: «Канкор төрө —
Штабыңыз эшикте беленделди...
Кете албайсың эч кайда, курчоодосуң!”
Миллер айран-таң калып жер тиктеди.

“Жолуң ачык мынакей, баскын ылдам,
Мезгил эмес, бир минут кутө турган!”
Миллер басат кынк этпей, ындыны өчүп,
Ажал учуп арбайып, көз алдынан.
Викент “мырза” жалынат төмөнсүнөт,
Кечирегөр күнөөмдүү ай апажан!

Мени тааны, ушуштан он жыл мурда,
Сенден кеткен Викторгун, улуу балаң!

Учкан куштай... бир күндөй... өттү жылдар,
Эң бир капа, тар болду чоң Берлин шаар.
Жери, суусу, абасы тез өзгөрттү,
Жаш болсом да, башымда ак чачтар бар.
Ошондуктан, сага эне тааныткан жок,
Бул көз айнек, бул кийим, бул порумдар.
Кайра ушинтип акыры айдап келди
Колхоз үчүн таарынган таарынычтар...

“Кызмат кылдым, кыйын жер гестаподо
Азуу кайрап, курчутуп аска-зоого,
Сыналууга, жериме кайра келдим.
Мезгил жетип, жүрөккө кек толгондо,
Өз үйүмдө, өз энем, өз колумда
Далай укмуш өнөрдү орундоого,
Өзүңдү атып, мактанып төрө алдында
Жагынып, төрө алдында күч сыноого!

“Бирок эне эптүүгө кол барган жок,
Ата албадым шондуктан эки-үч токтоп,
Энеликтин сүрүндөй сүр жок экен,
Кара толкун чалкыган деңизге окшоп...
Мына энеке Викторуң өз алдында!
Айланам ор, кыпкызыл айланам от...
Күнүм сенде, энеке, куткарып кал,
Өзүң аяп, кечирип, жумшак соттоп”...

“Виктор белең, кудай ай?” деди энеке,
“Э жараткан уулумдун өзү экен э?...
Бул бактыма өлгөнчө ыразымын,—
Ушунчалык тууган жер адил беле?..
Виктор «балам», эненди зар какшатып
Мынча көп жыл табылбай кеттиң неге?!
Азыр минтип, намысым тазаланды,
Деди дагы тарс атты как чекеге.

Кучактады андан соң Славасын,
Чын намысы, чын көркү, чын баласын.
Слава уулу: «Энеке туура иштедиң!
Дал ушинтип ит-итче өлүм алсын!
Кайда энеке, кайда бер аманатты,
Билем, мекен мунуңду унутпасын!
Эл намысы — антынын — кызыл туусу,
Кайра алоолоп жалбырттап, кайра жансын».

Ушинткен соң энеге Слава уулу,
Эне апкелди кечикпей кызыл тууну,
Шаңдуу кармап жигиттер чыгар замат,
Жер дүйнөнү терметкен үн угулду.

Эмне үн десең бул үндү, биздин жердин —
Эң биринчи ачуулу, чоң чабуулу!..
Бул ааламда тең келер эч бир күч жок,
Мындай күчтүү, мындай зор, мындай улуу!..

Славалар эми эле кетер менен
Кош айтты да, эшикти жапты бекем,
Кубанычтуу, албууттап жүрөгү ойноп,
Көз жиберди алыска терезеден...
Көз жиберсе самолёт, танка келет,
Эсеп жеткис, көк менен, жер бербеген...
Көзүн жумуп, энтигип, жаш ирмеди
Жерге сыйбай ташкындап бир боор энем.

29/XI —1944

Койсары

КҮЛҮЙПА

Жарышкан туш-тушунан туура суулар,
Жарашкан көлбүп ойноп өрдөк куулар,
Сары өзөн, жумшак желдүү салкын сайда,
Гүл жыттуу «Күмүш булак» колхозу бар.

Дал ошол «Күмүш булак» колхозунда,
Көп эмес, эки ай жүрдүм быйыл жайда.
Чын сүйүп, Мажнун өңдүү ашык болдум —
Кара көз Күлүйпа аттуу сулуусуна.

Билгенге чын ашыклык сүрү кандай,
Мас болгон илебине даап бара албай.
Балача сөз айтууга күчүм жетпей,
Бир күнү кат тапшырдым мына мындай:

«Таң нурум — таалай-бактым, Күлүйпажан!
Сен үчүн, кайгы, капа тарткан санаам,
Учалы, жүр алыска колуңду бер,
Сызалы, жибек булут арасынан»...

Кыз маган кыйналбады жооп берүүдөн,
Чакырып алып чыкты үйдө жүрсөм,
«Мен бүгүн зор кубаныч, урмат менен
Алыстан жандан артык жанды күтөм.

Эгерде чын сүйгөнүң ырас болсо,
Үйгө жүр, тосушууга бирге-кошо.
Шерттешкен үч жыл мурда, теңим келет,

Эмне дейм, капа болбо, жообум ошо»...

Жер тиктеп көпкө турдум, айран калып,
Түбү жок ойго батып, кыялданып.
Так билдим, жаш жубайы келатканын
Согуштан бир жеринен жараланып.

От болуп, бирде ысып, бирде тоңуп,
Алсырап мас болгонсуп, кайра оңолуп,
Турдум да кыз үйүнө сапар алдым,
Калп эле этегимди каккан болуп.

Не бир көрк... кыздын үйү жасалгалуу,
Кызыл, көк жибек килем, кымбат баалуу...
Ким келет? Ата-энеге айтыла элек,
Аларда түшүнө албай таңыркануу:

Алыста... боз чаң чыгып зырылдаган,
Бир үндүү жылаажындар шыңгырлаган.
Айылга кош ат чеккен кире келет,
Ичинде мас жигиттер ыр ырдаган.

Сыр билги, Күлүйпанын жеңелери,
Тандалып, арасынан чеберлери,
Энени бери бөлүп ортого алып,
«Келаткан кызыңыздын жары» деди.

Бул курч сөз мындан мурда угулбаган,
Кыз сырын, эне момун сурабаган.
Андыктан чагылгандай жарк-журк этип,
Кубаныч өтүп кетти көз алдынан.

Сезгендей элдин тобун келаткандар,
Бир даары башка айылдык чоочун балдар.
Кайсы деп Күлүйпанын үйүн сурайт,
«Бери тарт, мында!» деген ызы-чуулар...

Кош атты үй жанына чукул бурду,
Күтүнгөн улуу-кичүү курдаш курбу,
Кадырлуу жаш күйөөнү көрүү үчүн,
Чуркашып, жол талашып, текши умтулду.

Аңгыча эки жигит эки жактан
Аярлап жумшак кармап колтугунан,
Жигитти кыз үйүнө алып кирди
Бир кезде келгендердин бардыгы таң.

Боз туман, уйгу-туйгу кар бороондон,
Далайлар кайра кайтпас кандуу жолдон.
Азыркы келип турган жаш жигиттин
Катыгын эки көзү бирдей солгон.

Кыз көрөт, бирок кызды жигит көрбөйт,
Өчкөн көз, гүл сыяктуу кайра өнбөйт.
Кандайдыр өз-өз ара күбүр — шыбыр
Барлыгы жер карашат, баш көтөрбөйт.

Ошондо жигит кургур кайрат жыйнап,
Кыз жакты көрбөсө да болжоп карап,
Сөз сүйлөйт, эл көңүлүн өзүнө алып,
Жай гана, шашпай гана мындайчалап:

Күн элем, күлүп чыккан заманыма,
Мөмө элем, бышкан рахат сабагында,
Кезинде башка түшкөн ажал үчүн,
Жан кыйып, мен айландым караңгыга...

Жаңылбай көзгө тийди душман огу,
Башкача кайгылуу экен көздүн жогу.
Күлүйпа! Мына ошондо кыйын кезде,
Баягы айтылган шерт ошондогу.

«Күтүүсүз, таттуу түштөй, түштү эсиме,
Өмүргө таамай карап берген шертке.
Соңку ирет сыналууга сага келдим,
Жүрөк даап бара албадым ата-энеме.

«Кимдер бар, мен көрө албайм, айланамды„
Таба албайм, сен кайдасың, жер караңгы.
Жооп бер уят, намыс мындай турсун
Ошентип, акыркы сөз сенде калды!»

Жаш жигит айтып болуп мына ушуну,
Жарынан эң кымбат сөз күтүп турду,
Эл жым-жырт бир далайга үнсүз, сөзсүз,
Бат күчөп, бат тараган толкун курдуу..

Күлүйпа жашын аарчып мөлт-мөлт аккан,.
Сезими кайра жанып таң калуудан,
Себеби: кызга келген кат ичинде —
Жигиттин көрбөстүгү айтылбаган.

Жарына күлө карап жакын туруп,
Муну айтты: мөл булактай үнү тунук.
«Экөөбүз жаңы гана кошуларда
Тилекти тагдыр бөлдү кылыч уруп.

Акыры жүз көрүүгө мезгил келди,
Ата журт сүйгөнүмдү кайра берди.
Андыктан: уят эмес, айып эмес,
Сен өңдүү азаматтын кемтик жери!

Жашынып далдоо жерден чагып алган,
Күлө албас батыштагы чаар жылан:

Жообум бул: баштагыдан ысык сүйүп,
Душманды ыза кылып, өчүмдү алам.

«Рахмат! Майтарылбас тилегиңе,
Ушинтип мени унутпай келгениңе,
Руксат бер, өмүрлүккө бир болууга,
Руксат бер, жаным ата, жаным эне!»

Атасы эмне айтууга сөз таба албай,
Укмуштуу бул жорукка таң калгандай.
Көңүлүндө канткен менен кызын аяп,
Жигитке макул дешке ою барбай.

Түшүнбөйм мен силерге, эмки балдар,
Кандайдыр бир башкача ачыксыңар,
Күлүйпа сен аркылуу теңиңе айтам,
Чырагым деги кандай өнөрүң бар?

Бала анда: «Ырас башка биздин күндөр,
Адилдик жана чындык доорон сүрөр,
Чындыкты тааный билем, сүйө билем,
Менде жок андан башка эч бир өнөр...»

Бул кепке эне такыр түшүнө албай,
Балага көзү тойбой, кызын кыйбай,
Чалына: «Күлүйпаңды кой десеңчи,
Уятко эл алдында катыгын ай»...

Атасы, кыз энесин сүрдүү карап,
«Сынай бил адам уулун, туура баалап,
Бул өңдүү чындык сүйгөн эр жигиттен,
Заманга кара кулак шер туулат!

Разымын азыркы айткан ак сөзүңө,
Адилдик — тең эмеспи миң өнөргө!
Көп жаша, уулум, кызым батам ушул,
Мен макул, жыргап, ойноп гүлдөгүлө!»

Келин кыз муну укканда жөн турабы?
Урматтап эки ашыкты ортого алды.
Ыр-ырдоо бийлөө менен сайран түшүп,
Созулду эки күнгө той аягы...

Өзүмчө ойлой калып кээ бир маалда,
Таң калам, мен кат берген Күлүйпага:
Багынып эрк күчүнө кул болгонсуйм,
Колхоздун жөп-жөнөкөй бир кызына.

Бир күнү издеп таап кызды атайы,
«Катымды кайра бер дейм — жаштык айбы»...
«Катыңыз көп эссиздин/ бир каты деп,
Бек жерге катып койдум» деп жылмайды.

Жарышкан туш-тушунан туура суулар,
Жарашкан көлбүп ойноп, өрдөк-куулар,
Сары өзөн, жумшак желдүү салкын сайда
Гүл жыттуу «Күмүш булак» колхозу бар.

Дал ошол «Күмүш булак» колхозунда,
Көп эмес, эки ай жүрдүм быйыл жайда,
Чын сүйүп Мажнун өңдүү ашык болдум,
Кара көз Күлүйпа аттуу сулуусуна...

16/XII—1944

Койсары

МАЙДЫН ТҮНҮ

Ар башка, ар адамда, ар кыл кыял,
Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр,
Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө—
Кызганчаак, аялына жүрөгү тар.
Мына ушул көп мүнөздүн эң соңкусун
Май түнү, К. айлынан көргөнүм бар.

Жакшы кез... эл-журт түгөл, согуш жок кез...
О, ал күн, кайра айланып кайтса экен тез!
Жактырып Баян жигит, Бүбүш кызды.
Бир болгон, гүл бакчада эртели-кеч.
Ошентип, татуу турмуш курган менен
Негедир Бүбүшкө эри ишенчү эмес.

Эмне үчүн? Түшүнө албайм, оюм туман,
Жайдарым, шаракташып көп боз улан.
Майрамдап, үйлөрүнө келип калса,
Күйөөсү, терс тиңтөөчү жер алдынан.
Тек ишке, неге мынча күнүлөйт деп,
Бүбүшжан бүлк-бүлк этип күлө турган.

Жыл учту, айлар акты, жазгы суудай,
Калкылдап канат каккан ак куулардай.
Кан күйгөн ата журтгун чоң күнүнө
Багжаңдап Баян кетти мылтык кармай...
Журт сактоо, эл коргоону сүйүү менеи
Ишенбей Бүбүшүнө зарлай... зарлай...

Бүркүттөй мыкчый кармай ажалдарды,
Өлтүрүп, өпкөгө тээп, тажаалдарды,
Ал жакта, кыргыз деген атын актап,
Эр Манас бабасынча кармаша алды.
Айсыз түн, көктө жылдыз толгон маалда,

Чабуулда оң бутунан жараланды...

Козголбой үч ай жатты госпиталда,
Укмуштуу эң бир сонун чоң шаарда.
Өзүнүн бир боорундай алпештеген
Ак кыздар оң жагында, сол жагында.
Бир күнү күтүлбөгөн кабар келди,
Айлыңа жөнөйсүң деп эртең таңда.

Баяндын санаасы ырбап, тынчы кетти,
Алыста тууган элин элестетти.
Андан соң... Бүбүш жары келе түшүп,
Зырп этип жүрөк учу тыз-тыз этти.
Жан эркем кантип жүрөт болду экен деп,
Оюнун токтоор жерин минтип чечти.

«Кат алдым, мен да жаздым улам-улам,
Ыр тиздим уйкаштырып курам-курам.
Барам деп, же барбайм деп белги айтпаймын
Себеби: майып буттан үмүт кылгам,
Күтүп ал, тосуп ал деп кабар бербей,
Түн менен аңдып барып, карап турам...

Бул кызык... кайталанбас бир гана учур,
Асылжар же кирдүүдүр, же тунуктур.
Эмесе ачыктыгын билүү үчүн
Чалмасын арам ойДун таамайлап ур!
Ичиң тар, арамзасың алтыным деп,
Жаш төгүп жалынчу эле Бүбүш кургур»..

Жел тынып, түнтермелип ак таң атты,
Таң менен күн ойгонуп, нур таратты...
Баяндар машинадан түшөр замат,
Вокзалдын коңгуроосун эки какты.
Алдейлеп, жараланган баатырларды,
Күркүрөп күлүк поезд бара жатты.

Жол узак... вагон ичи бака-шака,
Чолпондой жаш өспүрүм тең туш бала.
Көргөнүн бир бирине маек кылып,
Далайы оор жара, жеңил жара...
Туп-туура тогузунчу күн дегенде
Кеч кире келип түштү Фрунзеде.

Эртеси даңгыраган чоң кара жол,
Автобус зуу-зуу учат, тынбай оң-сол.
Бууданды тосуп туруп минген курдуу,
Бул жерде, тигил жерде, сунулган кол.
Жаңы эле Боом куйрук үзгөн кезде,
Көйкөлүп кең Ысык-Көл көрүндү ошол.

Эх, жер ай... жерин эри сагынганбы?...

Бошоңдоп анын муун тамырлары?
Кайран көл, эне жыттуу жер эмеспи,
Көзүнүн экиүй тамчы жашы тамды.
Бах, десең... антпегенде анан кантет?
Көл чиркин анын жаны, анын багы.

Көңүлү шат Баян бүгүн кеме ичинде,
Толкун жок... жумшак жылжып, илке, илке.
Ой-ойлойт, көзүн жумат, өмүр учат,
Кээде чоң, кээде болуп кип-кичине.
Мына эми туулуп өскөн айлын көрдү
Май түнү айдын туура он бешинде.

Параход кайра жылды кош деп эми,
Жаш келгин ылдам түшүп кала берди.
Жаңылбайм, үч чакырымдан алыс эмес,
Жер карап, дүкүйгөн бак тээ-тетиги.
Кантсе да киндик кесип кирин жууган
Баяндын маркабаттуу бир боор жери.

Урматтап жарга урунуп, көл шырпылдайт,
Ак чабак, айга атылып, түн жаркылдайт.
Кайдадыр, көз жетпеген терендикте,
Кана-тын көлгө ургулап, каз каркылдайт.
Табият көкч менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт... ырдайт.

Ах, кандай, рахатка бай, майдын түнү,
Ак, кызыл, жашыл сары түркүн гүлү.
Акынды өз көркүнө ашык кылып,
Сайраган сан кубулткан булбул үнү.
Баян дос үйү алдына келип турду
Ушундай эң бактылуу жакшы күнү.

Айыл тынч, эч былк этпейт, кыймылдабайт,
Эй ач! деп, дабыштоого, оозу барбайт.
Өз үйү, өз короосу, өз чарбагы,
Бирок ал, буларды анча көзүнө албайт.
Энтигип, терезеге кол калкалап,
Үй ичин, Бүбүш жарын шектүү карайт.

. . . Караса, созулуңку жары жатат,
Ай тийип, ак жүзүнө болуп аппак,
О, шумдук, Баян азыр муну көрөт:
Оң колун Бүбүшжанга арта таштап,
Мемирейт, ашыклыктын илебине
Кер мурут, кең далылуу бир азамат...

Өңү өчүп, көтөрө албай бул укмушту,
Калтырап, каны кайнап, жүрөгү учту.
Кийикке тырмак салган жолборс курдуу,
Тез жетип, жез тутканы катуу булкту!

Ачылып, тааныш начар каалгасы
Көзүнөн от чачырап тиктеп турду.

Не кылат мындай кезде кандай айла?
Кол барбайт Отеллочо, муунтууга,
Эрки бош Тегерандын бозою эмес,
Сүйүүнүн намысы үчүн уу жутууга.
Бул жигит күнөөнү түк кечпей турган
Сабырлуу, бирок кекчил кыргыз бала.

«Заман март, не десең бар, бер деп кол сун,
Азаттык мансабынан, күндөн чоңсуң...
Андыктан бир-биринин көңлүн сыйлап,
Жаш-кары жыргалчылык балын сорсун...
Ак күнүн эрте булгап, кара кылган
Эси жок, Бүбүштөрдүн жолу болсун».

Деп ойлоп, Баян жигит демин алды,
Калп сүйүү, калп күлкүгө кол булгады.
Бирок, ал, кан ичинде чарчоо билбей,
Үйүндө, чарчаганга ызаланды.
Май түнүн жары ордуна эркелетип,
Акырын, коңур жумшак ыр ырдады:

«Сен элең, жандан кымбат ай жамалым,
Жаңылбай, жакшы тандап сүйгөн жарым.
Ссн элең бай колхоздун бакчасынан
Өлбөстүн суусун берген махаббатым.
Алыстан азып келген жолоочуга
Бир ууртам суу берүүгө жарабадың»:...

Ырды угуп, ыргып турду сулуу Бүбүш,
Чүрөктөй сымбаты артык бою күмүш,
Бер жакта Баян турат күлүмсүрөп,
Ишенбейт... уйкулу көз, көргөндөй түш,
Тааныды, күйөөсү экен... өбөт, ыйлайт...
Бирок ал боюн тартат, анткор күлүш.

Түшүнбөйт, Бүбүш буга, таң калгандай,
Жалынат, жароокерсип, жаны калбай.
Кучактайт, сүйөт, кысат, жыттайт, ыйлайт,
Эң таттуу сөздөрдү айтып жаш баладай.
Унчукпайт Баян көзү канга толот,
Кер мурут азаматты карай, карай.

Кой Бүбүш, жалган ыйлап, жалган күлбө,
Бар болсо, кылдай чындык жүрөгүндө.
Дүйнөгө бир келүү бар, ак жашоо бар,
Экөө эмес, таза сүйүү жалгыз бирөө!
Уят жок, сенде бет жок, жарың экөө,
Бирөө мен, бирөө менин төшөгүмдө!

Жаш Бүбүш байкоо бербей, күлөт ха... ха...
«Таарынба, койчу алтыным, жок кепти айтпа!»
Ачуулу Баян анда ого бетер,
«Таарынба!» Бу кандайча таарынбаска?!
Бүбүшжан: «Баян келди амандаш» дейт,
Баягы уктап жаткан азаматка.

Ал жигит, калдаң-кулдаң тура калып,
«Я... я» ...лап, бүтүк көзүн жумуп, ачып
Аманбы кагылайын абаке деп,
Умтулат, алп көкүрөк койнун жазып,
«Тарт ары, менин сендей иним жок!» деп,
Чегинет Баян боюн ала качып.

Кер мурут, чоң каккы жеп, абдан сынып,
Ьанндын кыялынан эси чыгып,
«Абаке, иниңмин деп айткан ким бар?
Деги айтор жакыныңмын иши кылып,
Кандайча тааныбайсың» ...деген кезде,
Бүбүшжан кыт-кыт күлөт бетин чымчып:

«А... кокуй, катаны эми билбедимбн,
Карачы күзгүдөн өз ирениңди,
Сен Баян, жан урматым, менин бактым,
Байкабай эркекпи деп ишендиңби?
Көңүлүңдү ач... Бул бир жаш кыз, сага тааныш,

Сеники үстүндөгү кийген кийми»..

«Менде айып, байкабаган, абакежан,
Колхоздо чоң той болуп, эң кеч кайткам,
Чарчоодон жана катуу иш кылуудан
Жуунбай ошол бойдон жатып калгам...
Кел аба кайра баштап көрүшөм» дейт,
Караса тракторист чоң Батмажан.

Бул кезде жаш Баянды шаттык басат,
Ааламга сыйбоочудай, толкуйт, ташат.
Жоготкон жогун тапкан бактылуудай,
Жалжалын кубанычтуу өбөт, шашат.
Сүйүүдөй, таза... таттуу, май түнүндө
Бул үчөө алмак-салмак кучакташат.

Сагыныч бир азыраак тараган соң,
Батмадан Баян сурайт, мунусу оң,
«Эмне үчүн сен эркекче кийиндиң?» дейт,
Батма айтат: «сага арнашып оюн койгон,
Оюнда жигит ролу кемчил болуп,
Анан мен арга жоктон эркек болгом»...

Кандайча мага араналган? дейт жаш Баян,
Батма анда: «Кабар келди Москвадан,

«Ата журт орденинин биринчиси,
Бозоев Баянга, деп так жазылган»
Кубаныч, кайра басып бул үчөөнү
Өбүшөт, кучакташат, улам-улам.

Май түнү, көзүн жумат, уяң карап.
Атар таң коңгуроосун шыңгыр кагат.
«Коём деп ишенбестик адатымды»,...
Жаш Баян каталыгын мойнуна алат,
Ушинтип, нечен түрлүү сыноо алдында
Кымбаттуу кызык күндөр өтүп жатат.

Ошентсин, өтсүң күндөр, чебер, кылдат,
Заманга адамдык парс, эмгек кылмак.
Жөн гана биздин күндүн бир адамы
Каарман Баянга даңк, Баянга урмат!
Себеби: Ата журтун сүйө билди,
Ата журт, бардыгынан таттуу кымбат!

Урматтап, жарга урунуп көл шарпылдайт,
Ак чабак айга атылып түн жаркылдайт,
Кайдадыр көз жетпеген тереңдикте
Канатын көлгө ургулап, каз каркылдайт...
Табият көк менен көл ортосунда
Өзүнчө селкинчек тээп, күлөт, ырдайт...

2/I—1945
Койсары

КИМ БОЛДУ ЭКЕН?

Жери асыл, ар жыл сайын түшүмдүү жыл
Түз—ою текши буудай, баары бир кыл,
Тагдырдын кырсыгынан сактап калчуу
Суусу бар, тынбай аккан шылдыр-шылдыр...
Кечке жуук май жыттанган тамдар менен
Орногон тоо алдына биздин айыл.

Айылда бир жаш кыз бар гүлдөй болгон
Сыналып бойго жетип, сынга толгон.
Жакшы өңдүү күлүк аттуу далайларга
Кашкайып өйдө карап күлбөй койгон.
Аялдар, Сонун атын, кери тергеп —
Аталган Күлбөс делип ошол бойдон.

Жана да Бактыбек деп ардакталган,
Момун бар, кой оозунан чөп албаган.
Көп жерден көңлү калган жеңелери:
«И байкуш барк албас»... деп шылдыңдаган

Балдар да, карылар да ушуну айтат,
Бирок ал анын баарын барк албаган.

Жаман көп, асыл да көп эл билбеген...
Барк албас, Күлбөс кызды сүйгөн белем?
Сөз айтай, кызды алдыртант тиктей берип,
Үшкүрүп улам кайра кире берген.
«Сен эмес, сельсоветке[1] жок деп койдум»...
Деген соң катуу басып чыгып кеткен.

Ошондон бир жумача мезгил өтпөй,
Дүр эткен, зор ата журт, күйгөн өрттөй,
Толкуган жер төргүс ыза менен
Кеч күздө долуланган Ысык-Көлдөй.
Биринде — көп уулунун, кең замандын
Аттанган Барк албас да жоону көздөй

Ага-ини, дос-тууганы, жолдоштору —
Мындагы «Көк бел» аттуу, колхоздогу,
«Э оён, кайратарсын.»... деп күлүшүп,
«Аман бол кайран Бакем», дешкен болду.
Турмуштун, арзан баалуу бир затындай
Эч кимге билинген жок анын жогу...

Билбесин... бирок муңдуу, дарттуу асман,
Заман да сабыры суз, өңдөн азган.
Ажалдын айбаалы окшоп танкелери
Калдаңдап улам бери, жакын баскан,
Маскөөнү дүрбү менен даана көрүп,
Немецтер санын сабап ха... халашкан.

Тынч уйку, таттуу тамак келбей эске,
Тирешип, күч салышып, таңдан кечке.
Атанын намыска бек шер балдары
Эл үчүн курман болуп эрегиште:
Өлүмдүн кылдан личке таразасы
Кылтылдап орто ченде турган кезде:

Адашпай кара туман, жаман түндөн,
Жигиттер, улуу жолдо, шаңдуу жүргөн.
Фашисттин ажыдаарын белден кесип,
Жоо колун кыргынга алып кайра сүргөн.
Айнегин оңдоп кийип басып кеткен
Төрөлөр, «не болот»... деп кулак түргөн.

Таанылып мына ошондо ата журтка,
Жазылып эң ардактуу сыймыгына.
Такшалып, катуу багыт, кандуу жолдо,
Урматтуу жаңы аталган «Гвардия»...

[1] Айылдык советтин председателин айтып жатат.

Атагы дүйнө жарып, ааламды экчеп —
Дүңк эткен сегизинчи дивизия!

Өлкөнүн бир кенже уулу Кыргызстан
Мактанып, күлүмсүрөп күн чыгыштан,
Андагы баатырларга рахмат айтып,
Карыжаш кат жазышып, ар бир туштан.
Жүктөлүп катары узун вагондорго
Эң кымбат, тартуу, белек кетиш жаткан.

Ал элден, Күлбөс кыз да четте калбай,
Жаш кездин, көкүрөктөрү оту кандай,
Белгисиз көп эрлердин бирине арнап,
Жиберди: сүрсүгөн эт, бал, сары май.
Жана да, сонун жибек жоолук салды
Эр жигит мас болорлук, карай-карай...

Жоолуктун жазуусу бар, саймасы алтын,
Кармаса колго кубат, бетке салкын:
«Суранам, менин ушул сыйлыгымды
Баатырдын чын азамат баатыры алсын.
Эгерде жүрөгүнө лайык келсе
Болочок өмүр оту бирге жансын»...

...Штабда бир зарыл иш талкууланып,
Ал бүтүп, эр Генерал ээн калып,
Көзүнөн жаш чыкканча жыргап күлгөн,
Панфилов жоолукту улам эстеп алып...
Чакырткан Осмонбеков тез келсин деп,
Ошого кыз жоолугу лайыкталып.

Ал келип, ызат кылып тура калган,
Панфилов алкыш төгүп кабагынан.
«Кечээки эрдигиңе урмат ушул,
Болууга мындан өткүр, чындап кыраан»
Жаш каблан күмүш көлдөн суу ичкенде
Жанына жан кошкондой жагалданган.

Кубанып, сүрдөгөнсүп, ашыккансып,
Караса бери келип, жоолукту ачып,
«Баатырдын-баатырына» деп сайылган.
Жана да адреси бар айдан ачык...
Жаштыктын көйрөң каны сапырылат
Күчүнө жерди ийилтип, көктү чапчып.

Окуйт да: «Кайыңды айлы, ...«Көк-Бел» колхоз....
Шумдук ай, бул кандайча колхозу окшош?..
Айлы да... менкн айлым... району да...
Бакыттын болгонубу, мага жолдош?..
Бул кайсы Асанова?... аты Сонун?..
Атыр жыт жоолугундай, аты да кооз?»...

Кыруулап тегерегин ак жибектен,
Майдалап чын сүйүүнүн шертин чеккен.
Көрүнбөс эң бир чрбер касиети бар,
Алыста жигит көңүлүн элжиреткен.
Бул суроо, азаматка түшүнүксүз:
«Бул өзү ким болду экен?.. Ким болду экен?...

Ал эми сүйлөп турган ушул сөздү,
Эң жаккан командирге күч-мүнөзү.
Майдандын кыйын-татаал жүгүн тарткан,
Чымыр бой, жазы маңдай сүрдүү көзү,
Күлбөс кыз, бир убактарда сүйбөй койгон
Баягы Барк албастын таамай өзү.

Ары ойлоп... мындай ойлоп жанып тердеп...
Ыр менен жооп жазды эптеп-септеп,
«Эң назик, сиздин жылуу сыйыңызга,
Милдетим, чоң өч алып жооп бермек.
Барамын аман болсом, күткүн секет»...
Кол койду «Осмонбеков Бактыбек» деп.

Күлбөс кыз эч нерседен кабары жок,
Бир күнү, эң кеч кайткан, кызылча отоп,
Почтобай: «бул сизге» деп бир кат сунат,
Шашылып чаап баратып, чукул токтоп,
Тык этип эсине эми түшө калды
Ай-айлап күтүп жүргөн ардактуу жооп.

Олтуруп катты окуса, дал ошондой,
Чын эле өзү самап ойлогондой.
«Мен барам, күткүн секет, деген сөздү
Кайталап он сыйра окуйт, көзү тойбой,
«Бактыбек?... Кулагыма жакшы угулат,
Чиркин—ай, ким болду экен?»—деген бир ой...

Ошентип бир жарым жыл өттү арадан
Кылымдын кийген кийми дагы эле кан,
Согуштун өлүк жегич элестери
Түшө элек, таш дөңгөлөк арабадан...
Бир тарап, далай чоочун дарбаза ачып,
Варшава... Будапештке барып калган.

Согуштун согуш деген аты катуу,
Кайгылуу, коркунучтуу, жаман аттуу,
Белгилүү, эки түрлүү тагдыры бар:
Окко учуп, жер кучактап өлүп жатуу,
Же сөзсүз, алты сандын бирин берип,
Түк жанбас ачуу менен кайра кайтуу.

Бирок ал, эң адилет, ардактуу өлүм,
Эл сыйлайт, жер урматтайт, жаткан көрүн,

Биз — бүтүп, жаңы эл өскөн, жаш доорлор,
Таң калат таап алып алтын сөөгүн,
Кор болбой түбөлүккө аман турат,
Чүй, Алай, зор Тянь-Шань, Ысык-Көлүм.

Баркалбас жараланып төртүнчү ирет,
Төрт жолу жыгылганын жакшы билет.
Бул жолу он бир айча жатып калды,
Шонтсе да тажаал немец канын тилеп,
Бул жакка, өз айлына узатышты,
«Жок, укпайм, арзыңды кой, жөнөгүн»? деп.

Кышкы убак, аккуу түстүү жердин үстү,
Үйүнө эл жатарда келип түштү.
Жыйналып чала уйкулуу кемпир-чалдар
Чай коюп, нан бышырып, бүлүнүштү.
«Буту аксак, сол колу жок, арык дешип,
Кемпирлер жашын арчып, үшкүрүштү.

Бах, чиркин, кыштын күнү айыл кандай,
Бозосу дөөнү алкымдап жыга ургандай,
Сүр, чучук, муздай кашка жал жаясы,
Түпкүрдө дарт атасын сууругандай.
Баркалбас эки аптада тура келди
Энеден экинчи ирет туулгандай.

Тоё жеп түндөгү эттин калгандарын,
Токунуп жеңил аяк тор кунанын,
Күлбөстүн үйүн карай келе жатты,
Белендеп айтар сөздүн агымдарын.
Тоотпой, чып эттире бетке чаап,
Чыкыроон, темир аяз кар бувагын.

Баркалбас дабыш берип үстүн кагат,
Күлбөс кыз жылуу-жумшак кабыл алат.
Төр жакта чылым күлүн чертип коюп,
Атайы көрбөгөнсүп кытмыр карап.
Кызыл бет сельсоветтин секретары
Чыйтайып кош жаздыкты чыканактап:
«Ээ, баатыр, жол болсун»... дейт, өйдө турбай,
Беркинин сыпайы айткан жообун укпай:
Өзүнчө: «Ким болду экен?» деп күңк этет,
Тамшанып, кыздан сурап эки-үч курдай.
Кыз аган: «Мендеги сыр, мына ушундай,
Коюңуз, текке элирип, текке умтулбай...

Антым ак, убадам бир, күтөм... күтөм...
Айныбайм, үмүт үзбөйм, чыдайм, күтөм.
Жаштыктын салкын, чалкар мухитинде
Жеткирбей чабак урам, ойнойм, сүзөм.
Эгерде: кайтпай калса... тоо гүлүндөй
Өзүмдүн сабагымда соолуп бүтөм»...

Баркалбас күтүп туруп өз кезегин:
«Күкүшжан, сенин калбайт кесирлериң,
Эми да: тынч кезде да: «жок сүйбөйм» деп,
Томсорттуң жигиттердин нечендерин.
Какканың унутулбайт, баягыда
Ошонун кегин кууп, сага келдим.

Айтайын, андай болсо муну угуп ал,
Жазмыштын мага дагы жазганы бар.
Болжолдойм, көрө элесмин, бир бото көз,
Элестейт, карагансып мени жал-жал:
Эң назик... сага окшогон орой эмес,
Жүзү ачык, сөздөрү алтын, тили кант-бал.

Жана да сага окшогон Күлбөс да эмес,
Ал күлөт... күлбөс ишке, күлө бербес...
«Кайыңды»... «Арчалынын» жайлоосундай,
Өмүргө кызык сүрөт, кымбат элес.
Ал кызга өзүң менен баруу үчүн,
Ушинтип келип турмун, салып кеңеш»...

Кандайдыр, көңлү жылып, кыз жылмаят,
«Ах, кандай Баке, сенин жүрөгүң ак,
Атайы мага ишенип келгениңе —
Милдетим, жолдоштукка кызмат кылмак,
Баралы... үйү кайда? Кыз аты ким?
Жарыңды билүү кызык, сүйл^ бол бат».

Сага окшоп билсем деген, тилек менде
Деп Бакең чай чынысын коёт жерге:
«Я Күкүш ...мен укпаган, мен көрбөгөн,
Айылда Сонун аттуу кыз бар беле?
Дал ошол акылдуу кыз тарабынан —
Командир, жакшы белек берген эле».

Күлбөс кыз жүрөгүнө бал куйгандай,
Толкундап өзүн өзү токтото албай,
«Жок, жалган, жалган! жалган! андай эмес,
Сөзүңдүн ырасын айт, кур мактанбай!
Сен эмне... журтка атыккан баатыр белең?
Колунан командирдин байге алгандай?

Кой Баке, мени ишентпейт, андай дешиң,
Эрдиктин урматына тең эмессиң!
Кимдендир, сурап билген амалыңа —
Ишенчүү, жеңил кыял мен эмесмин.
Үмүт үз! Азыр да айтар жообум ушул,
Мен күнү, мен бактысы Бактыбектин!»...

Барк албас: «Бактыбектин?» деп таңыркап,
«Эмне үчүн, бул мынчалык туталанат?»

Ишенбейм... жалган... бекер мактанбагын...
Аябай намыстанат, ызаланат.
Андыктан жомоктой көп окуянын —
Бир-экөөн айтпай кантип чыдай алат?

«Күн суук. Н... суусунун боюндабыз,
Жарылып дүңк-дүңк эткен сүрлүү дабыш...
Мен солдат артиллерия бөлүгүндө
Карасам көз жиберип алыс, алыс.
Душмандын көп танкасы келе жатат,
Зымырап бизди көздөй күүлөп арыш.

Командир буйрук берет, бизге мындай:
«Аткылач, орто жерин болжоп таамай.
Чачкыла, танке тобун тараткыла!».
Биз куп деп атуудабыз ал айткандай:
Аңгыча, буйтап чыгып алтоо, жетөө,
Ажылдап сала берди бизди карай.

Чынында бул болот деп күтүлбөгөн,
Куу немец, биздин кылдат жайды көргөн!
Ушинтип, жандан артык зор замбирек,
Өлмөкпү? жерди ыргытып, дүңгүрөгөн.
Билебиз, аны тосчуу тоскоол да жок,
Кумсарып, ачуу кайнап, кеттик өңдөң.

Бул кезде жүз кадамдай чуркап келип,
Чуңкурга жата калдым беленденип,
Бир танке кулач жетер жакындыкка,
Эпкиндеп тырмак салат ойду эңшерип,
Үч-төрттөн боо-боо болгон гранатымды
Ыргыттым, какмаңдайга берип... берип...

Жумшалып, аз калганда бел кылганым,
Мен көрөм, үч танканын жалындарын,
Көркоонун төртүнчүсүн тооруй жылып,
Ошондо эң соңкусун колума алдым...
Жаш жаным сени менен кошо өчсүн деп,
Бек кысып танка жолуна жата калдым.

Бирок ал, төртүнчүсү басат десем,
Көргөн жок, шарт бурулду ошол жерден,
Корккондой тиги үчөөнүн тагдырынан
Чегинип караан үзүп эрбең-сербең,
Ага ээрчип бащкасы да качып берди
Бүт бойдон үйрү менен, тобу менен.

Генерал: «Сенин мунуң эрдик деди,
Колумду катуу кысып, муну берди»...
Деп Бакең боз шинелин ачкан кезде,
Төшүндө жарк-журк этти ордендери.
Күлбөс кыз, мас болгондой туруп калып,

«Сельсовет»... оозу ачылып элеңдеди.

Баркалбас анан минтти сөзүн улап,
«Түгөнбөйт айта берсем, эң көп узак...
Эрдиктин да бирине жоолукту алдым,
Мынакей бүгүнкүдөй жыт буркурап,
Күкүшжан ишендиңби? Жүр баралы,
Бол кийин... отурбайлы, күн бир убак»...

Күлбөс кыз: жарайт Баке... маакул... жакшы...
Окугам, Сонун кызга келген катты,
Ал катта, жигит аты сага окшобойт,
Андыктан бузулбасын, кыздын анты»...
«Бактыбек өз атым деп күлүмсүрөйт, _
Баркалбас келиндердин койгон аты».

Анда кыз: «Ак бозорот, кызыл оңот,
Бир гана жаштык үмүт бекем болот,
Мен Сонун! Күлбөс дешипэл аташат,
Ойнотсун! адил заман бактыга ороп»...
Ошентип Бактыбектин кучагында
Сонун кыз, миң буралып, миң толгонот.

Ичигин чала кийип карбаластап,
Делдейген боз калпагын унут таштап,
Уялып... уятына чыдай албай
Акырын артка жылып чыга баштап...
Сельсовет көчө учунда чаап баратат
Кашка атын олбуй, солбуй сабап шак-шак...

Жат термел, бир аз эс ал, укта жаштык,
Алдыңда жибек шейшеп, жумшак жаздык,
Деп күлүп, тоюн тойлоп тиги экөөнүн,
Сыйына чын көңүлдөн ракмат айттык.
Буркурап арак, бозо, эт кыттанып,
Шаттанып, колтукташып ырДап кайттык.

Күлбөс кыз, күлгөндө да шаңк-шаңк күлөт,
Чынардай, адам жеткис, бийик бүрдөп,
Бактылуу, Бактыбектин каршы алдынан
Өтө албайт, мен-менсинген жигит сүрдөп.
Замана, жаш өлбөсүн, жаш көгөрсүн,
Таалай бер, келечегин гүлдөнт, түрлөнт.

10/ I—1945
Койсары

КАРАГУЛ

Кулуну өлгөн бээдей, ботом,

Кууратып кеттиң, Карагул ботом,
Ботосу өлгөн ингендей, ботом,
Боздотуп кеттиң, Карагул ботом.
О, о Карагул ай, ботом...

Кылт эткен кыймыл көрсө кылайтпаган,
Илешип из аңдыса из кайтпаган,
Шарт этип шагыл таштан кулап кетсе,
Сырдашка сына карап сыр айтпаган,

Аңдыса аңдыганын кылайтпаган,
Из кууса куун жетпей кур кайтпаган,
Абайсыз аска таштан учуп кетсе,
Учтум деп жолдошуна сыр айтпаган.

Калпы чын, чыны да чын, баары чындай,
Сүйлөсө сөзмөр ата таң калгандай,
Куюндай өткүр өскөн тоо уулуна
Кумар жок, мергенчилик кумарындай.

Билгенден билбеген аз биздин элден,
Атагы катуу чыккан Тумаш мерген;
Мал этин ырымдыкка ооз тийип,
Канаттуу, кайып этин кактап жеген.

Тумаштын терс жайылып, малы батпай
Тие албай ууру-бөрү дити бакпай,
Карматпас кайберендин этин жеген
Көңүлгө короо малы анча жакпай.

Дос келсе, мейманчылап туш-туш жактан,
Желп этип мерген учкан желден чапчан,
Зайыбы: «Азыр кийик апкелет» деп,
Күтүнүп, отун жагып, казан аскан.

Чын эле башы энчилүү өз малындай,
Артынып тоо эчкини сулай, сулай,
Бир паста Тумаш кайра келе турган
Жүргүнчү түтөгө албай, туурай, туурай.

Жаш кетти, өмүр өттү, карттык жетти,
Сезген жок, сергек мерген сексен бешти;
Токсон жаш тулку боюн чалган кезде,
Карттыкты кайран Тумаш шондо сезди.

Эскиртти нечен ойду, нечен кырды,
Жайында сансыз кийик мойну сынды;
«Арман ай алты оңкого[1] жетпедим» деп,
Бейбаш чал беш жарымга арман кылды.

[1] Оңко — аткан кийик миңге толгондо миңинчи кийик оңко турат лакап бар

Бул кезде жалгыз уулу Карагулу
Жыттаса жыпар төгүп, чыккан муңу,
Эселек сегиз жашта, ойноок бала
Окшогон тоонун азоо тай, кулуну.

Атасы эркелетип, эрке баккан,
Жок дебей, тап дегендин баарын тапкан;
Бел байлап, персентине, медерине,
Түк жазбай, таамай-таамай октор аткан.

Карагул көп күндөрдүн бир күнүндө
(Мергендин айлы конгон Көк күдүргө),
Таарынып, ыйламсырап кирип келип,
Маминтип атасына салды күнөө:

«Атаке, эжем Жаркын келген экен.
Санагын, элик чүкөм канча десем,
Санады, араң эле эки миңдей,
«Аз го»... деп шылдыңдашты Карып, Эсен.

«Эмне үчүн, үч миң эмес атакебай,
Таап бер айтканымды тандан калбай».
Деди да жер тепкилеп жатып алды.
Аң уулап ата кетти жок дей албай.

Оң-ондоп, ой элигин ойноп атты.
Кырылып, кыр кийиги кыйрап жатты;
Тектирдин текелерин терип жыгып,
Маш мерген милте кармап, маша тартты.

Күнөөсүз канга боёп адырларды,
Карт Тумаш каадасынча кызып алды.
Түнөрүп зоо беттери караңгылап,
Күн батып, кеч киргенин билбей калды.

Шол кезде, шабыр этип как алдынан,
Артында улакчасы ээрчип алган,
Энтелеп эне кийик качып берди
Тумаштын эң акыркы огу калган.

Улагын эне-кийик далдалады, .
Карачы жанталашкан жаныбарды.
Бирок да эрегишип өжөр мерген
Так мээлей жаш улакты шыкалады.

Койсунбу, колтукка атып жыгып салды,
Энеси андан ары жүрүп калды.
Кайкактап кара үңкүргө кирген кезде
Мерген да арт жагынан кирип барды.

Күндүздөй үңкүр ичи сүттөй жарык.
Бир кемпир түпкүрүнөн чыга келип,

Деп карап: «Балаңды ат ай... балаңды ат ай»...
Сакайтып жаралууга дары жагып.

Мергенчи салам айтып шашып кетип,
Ал кемпир «олтур» деди, ракым этип.
«Ичиңнз мергенчим» деп айран сунду
Чөйчөккө (туяк заттан) мелтиретип.

Карт Тумаш бир ууртады, үч ууртады,
«Бир жутум айран го деп ушундагы»
Көп ичти, калыбынан бөксөрбөдү,
Көңүлдүн жарпы жанып, суусун канды.

Ошондо кемпир минтти Тумаш чалга:
Экинчи ак милтеңди колуңа алба,
Жалгызың Карагулдун күнүн көргүн,
Сен эми кайберендин жолун чалба...

«Балаңа мындан ары чүкө ойнотпо,
Балаңды кызыктырба кийик тонго»,
Деди да көздөн кайып каран үздү
Караса Тумаш жатат ара жолдо.

Бир күнү жаш Карагул жашын төгүп,
Жаш кезден атасындай көпк« көнүп,
«Ашыгым үч миң эмес, беш миң болсун»
Деп ыйлап жатып алды өжөрлөнүп.

Буулуккан кумардыкка себеп чыгып,
Атасы ак милтесин алды ыргып,
Белестен белес ашып алыс кетти,
Бир кезде сан кийикти аткан жыгып.

Кемпири бул жорукту көрүп туруп,
Шертине кайберендин көңүл буруп:
«Карагул бир балээни баштайсың» деп,
Чүкөсүн көмүп салды тигип тулуп.

Эр Тумаш туманданган тоодон ашты,
Бул жолу түК баспаган жолдор басты.
Ырымга бир кийиктн кезиктирбей
Кесирге ого бетер атаандашты.

Шартылдап анда барды, мында барды,
Жылмышпай басып өттү жаламаны
Бүткөндөй кайберендин тукумдары
Бирин да караманча таба албады.

Жинденип өзүнө өзү ачууланды,
Кабландай ого бетер карууланды,
Ак милте өз өзүнөн атылчуудай
Сурданат бу да канды сагынганбы?

Сагынсын, сагынды деп не кылалы.
Жок күчтүү, жогун too-таш бар кылабы?
Дүйнө ошол кээде толо, кээде кемчил,
Эң кыйын, анын кайра табылмагы.

Тумаш чал жашаганы ушул жашка
Кур кайтуу келген эмес курган башка,
Үшкүрүп, ак милтесин бир чапты да,
Олтурду көчүк коюп бийик ташка...

Карагул энесине чуркап келди,
Апалап адетинче эркеледи:
«Чүкө ойнойм, балдар менен, бол батырак,
Таап бер, таап бер» деп кежирленди.

Энеси: «Кой, каралдым, Карагулум,
Кудайдан зарлап алган жалгыз уулум,
Шыйкырлуу кайберендин каргышы бар,
Ойнобо, ойнуң курсун, чүкөң курсун».

Баласы баягыдай бултуңдады,
Эркелеп энесине тултуңдады,.
Энеси «Мындан ары минтпей жүр» деп,
Жалгызын биринчи ирет уруп салды.

Карагул элик тонун кийип алып,
Көзүнөн тарынычтын жаштары агып,
Жашынып балдырканга жатып алды,
Атанын өтөр жолун тосуп барып.

Оюнда: «Энем издеп келер» деди,
«Айласыз, айтканымды берер» деди,
Билебиз бала уйкусу кандай ылдам,
Бат эле көзү үргүлөп, мемиреди.

Атасы чыны менен жолу болбой,
Кайгырып, ылдый карап ойлой, ойлой,
Үңкүйүп үйүн көздөй келе жатты
Кең колот, узун сайды бойлой, бойлой.

Бүлк этти түп балдыркан бир окумда,
«Я кудай,— деди мерген,— олжо мына!»
Караса жылдыз чаар кийик жатат,
Курч мерген мылтык сунду туруп кырда.

«Олжосуз кур кол кайтуу эрге намыс,
Мен үаүн чексиз ыза көтөрө алгыс,
Ак милте мени менен дос болгону
Эч качан кайткан эмес кызыл кансыз»

Деди да мээлеп туруп басып калды,

Кубанып ок артынан жетип барды;
Элиги «атакебай!» деди дагы
Үзүлдү, башка сөзгө келбей алы.

Мергенге жер титиреп, ай тутулду
Арбайып азезилдер колун сунду,
Көтөрүп колуна алып, карап көрсө,
Өзүнүн жалгыз уулу, Карагулу.

«Мен айттым, айтканыма тил албадың,
Билдиңби, эми мерген бала 'ардагын,
Бизди да далай ирет сыздаткансың,
Ал эми баланды жеп тоюп алгын».

Кайберен ушуну айтып кайып бблду,
Мергенден тер тамчылап шорголоду;
«Э кудай, түшүм болуп калсачы» деп,
Жалынып, жанталашты... кантсин шордуу.

Түш эмес, акыйкат иш өңүндөгү,
Ингендей ботосу өлгөн мөңгүрөдү,
Калдайып аалам жүзү караңгылап,
Көзүнө жарыкчылык көрүнбөдү.

Жок болду жан кубаты, жан ардагы
Айлана аза тартып, ыйга канды,
Чиркин ай, жараткандын жазганын көр,
Дүйнөдө мындан күчтүү кайгы барбы!..

Ошентип, далай, далай күндөр өттү,
Кайрадан сынган чынар бүрдөмөкпү?
Баары бир ыйлоо менен эркке көнбөйт,
Ошондой бул турмуштун ажал өртү.

Мергенди мерес оору тооруй чалды,
Күн санап күңгүрөнүп кайгы ырбады.
Канетсин шордуу эне күйүтү күч,
Темселеп эки көзү көрбөй калды.

Атаны улуу аза алсыратты,
Шал кылып, муундарын шалдыратты;
Саргайып санаа тартып, чачы агарып,
Былк этпей бир төшөктө беш жыл жатты.

«Ал ырас, өлүм күчтүү адамзатка,
Тирүүлүк андан күчтүү алда канча,
Басынсаң турмуш сени басып алат,
Кайрат кыл, кур кайгыга алданганча!..»

Деди да Тумаш ата өйдө турду,
Чьщданып, кубаттанып, белин бууду,
Каргыштуу кайбереним кайдасың деп,

Карт каблан баласынын кунун кууду.

Бирок да издегенин таба албады,
Лзайды барган сайын кубат алы,
Айтылуу Карагулдун кошогу деп,
Калың журт бул жомокту сактап калды.

23/ I—1945
Койсары

АК МӨӨР[1]

Ай батат, жылдар өтөт, зуулап бат-бат,
Жебедей кароолуна тийип шак-шак,
Түгөнгүс эртеңкинин эшиктерин
Китептин барагындай ачып шарт-шарт,
Жортуулдан жолдуу кайткан жигиттердей
Өмүрлөр муңду таптап, күлөт шат-шат...
Дылымдар кыз эскирткен шайыга окшоп,
Кайдадыр желп-желп этип калып жатат.

Өткөн күн, опосуз күн бейбактылуу
Тынчы жок токсон миздүү, токсон кырлуу,
Жаанчыл булуту көп март айындай,
Ал күндүн сулуулары жаштуу, ыйлуу,
Шол күндүн бир сыныгын колума алып,
Милдетим окуучуга баян кылуу,
Доорумдун абасы кең үйүндөгү
Олтуруп үстөлүнө жайлуу, сыйлуу.

Элде бар элдин кыраан акылманы,
Элде бар сөзмөр, чечен, көсөм, кары,
Тарыхчы, түркүн-түркүн илимдүүлөр
Биринен бири акылдуу акындары,
Мен бирөө түк жете албай ошолорго
Бараткан бардыгынын артындагы,
Болбосо беш-он күнгө келип кеткен
Өмүрдүн силер өңдүү бир мейманы.

Мен жазбайм ал замандын баатыр алпын,
Тереңдеп талдай албайм жалган-калпын,
Мен билем сансыз кылым агып, агып,—
Азайган дарыядай кыргыз калкым,
Акыры ушул күнгө туура келип,
Болгонун тулку бою туташ алтын;
Эгерде сиздерге да ылайык келсе,
Жазууга Ак Мөөр кызды туура таптым-..

[1] Поэма бүтпей калган.— *Ред.*

Дүйнө арбып дөөлөт тиреп ичтен-сырттан,
Дүркүрөп төрт түлүк мал, ашып миң-сан,
Мптедей шордуулардын канын соруп,
Тирүүлөй отко кактап жайын сыккан,
Кийиктей коргологон кесептерден —
Момун эл удургушуп жар-ташка ыккан,
Айкырып төбөсүнө камчы ойнотуп,
Тынайдан[1] Жантай аттуу «баатыр» чыккан.
«Баатыр» дейт, «хан» деп да айтат, эски эл муну,
Хан Жантай — Карабектин «каблан» уулу,
Наурузбай, Кене[2] менен найзалашкан,
Чоюн жон, бекем белдүү балбан уулу.
Чалкалап Чүй атанын кең төрүндө,
Кыргызга кыйын бийлик салган уулу,
Атадан бала даңкы кыйын чыккан
Жантайдын кечеги өткөн Шабдан уулу.

Хан Жантай хан дегендей так күтпөгөн,
Ак сарай, ак ордолуу салт күтпөгөн,
Алайдын ханыша кызы Курманжандай
Дубанды калтыраткан даңк күтпөгөн.
Кадырлап даражасын көтөрө айтып,
Анчейин салабаттап «ханым» деген,
Жангай да бул атакка машыр болуп,
Ат жалын апчый тартып минген белем.

О, ал бир журттун чексиз даана байы,
Жулунган жылдызга эргип кулун, таиы,
Башынан малдар бөгөп суу жутканда
Кулдурап куурап турган Чүйдүн сайы.
Тепселип ошол малдын туягына,
Кедейдин кайгысы ашып, кеткен шайы,
Шайы эмес көр оозунда тирлик этип,
Жоголуп житип жаткан чыкпай дайны.

«Бак» кетпей анын ата-бабасынан,
Жантайдын кымыз ташып сабасынан,
Багландын бал куйругу кылк-кылк этип,
Тууралган эт үзүлбөй салаасынан,
Жашоодон эч камы жок борс-борс күлүп,
Май агып салаасынын арасынан,
Санаасыз дуулап өткөн өмүрлөрү
Күн, кулдун, карыптардын көз жашынан.

Жарк этип күлө бакпай алсыздарга,
Боор ооруп, райым кылбай байкуштарга,
Жер чалып желип-жортуп кете берет,
Түбөлүк чүмкөп салып боз туманга.

[1] Уруунун аты.
[2] Наурузбай, Хан Кене — Ормон менен Жантайдан курман болгон казак хандары.

Тизгинин жыя кармап бек олтуруп,
Дыр берип түз жерлерде анда-санда...
Бир күндүк өмүрүнүн түштүгүнө
Шаркылдап жорго минип келатканда,

Ой түштү жүрөктү уулап дартка чалып...

28/ I—1945
Койсары

МАХАБАТ

(колхоз легендасы)

Калаага бир иш менен шашып бардык,
Кайтарда көп таза пул сатып алдык.
Ат жүрбөй карааны алыс айлыбызга
Жете албай Күрмөнтүгө конуп калдык.

Конгон үй, эң бир таза, кенен экен,
Мей.манга аш-тамагы белен экен.
Үй ээси: сакалынан ырыс тамган
Ак көңүл Сагдат аке деген экен:

Каттама, мамиле чай, шекер, каймак,
Гамактын ар түркүмү бирден жайнап.
Насиптин буйругуна айла барбы,
Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап.

Чарчабай бир жаш улан кесе сунган,
Тартынбай кангаяча ичип бозосунан,
Оолжуп орто кызып алган кезде,
Муну уктук карыянын өз оозунан:

«Э балам, айланайын, .Алыкулум,
Сүйлөйүн жаңы кептен элден мурун..
Башкача ачык өсүп бара жатат,
Азыркы жаш өспүрүм, жаңы муун.

Эстүү кыз Күлшайы аттуу биздин жээн,
Касымга ашыклыгын билдирбеген,
Ашыгы кан майданга жөнөгөндө
Ичинен бакыт тилеп жаш ирмеген.

Анысын Касым бала сезген да эмес,
Беттешип эки ооз сөзгө келген да эмес.
Махаббат ошондой бир ылдам нерсе,
Күтүүсүз жарк этери эске келбес.

Жигиттен туура эки жыл дайын чыкпай,

Жаш үмүт күтө... күтө жайдыр кыштай,
Өңү өчүп күзгү гүлдөй болуп калды
Күлшайы буралган кыз тал чыбыктай.

Ашыклык махаббаттын зардабынан.
Саргарып санаа тартып, ажарлуу ыраң,
Сүйүүнүн чындап күйгөн күйүтүнөн,
Таптакыр эки көзү соолуп калган

Бир күнү, күз айында, кечке таман,
Ок тийип эки аяктан ажыраган,
Касымжан кайтты деген кабар келди
Айылга көңлү ачык, эсен аман.

Чакырат күндө бирөө, Касым барат,
Ошентип сагынышкан чери тарап,
Кез келип биздикине мейман болуп
Олтурду ойноп күлүп тамашалап.

Шол замат көрбөй басып, басар жерди,
Күлшайы үстүбүзгө кирип келди:
«Аманбы Касым курдаш, руксат болсо,
Бир суроо — суроо үчүн келдим — деди.

Жаш жигит даана тиктеп таң калгандай,
Сураңыз, эгер болсом,— чече алгандай,
Кыз анда: «Махаббат дейт, ашыклык дейт,
Маакиси ушул сөздүн курдаш кандай»?..

Касымжан берер жообун белендеди,
Канжарын белиндеги кемердеги,
Тез гана шып этхңре суурул_алып:
«Кылды учун бул канжардын кгрма».деди...

Кыз ойлоп «канжарынан кандай ийги?»...
Сунду эле ак колуна учу тнйди,
Мизинин ошончолук ысыгынан
Бир минут чыдай албай таштап ийди:

«Карындаш деди жигит— аңдап алгын,
Махаббат мына ушундай ысык жалын,
Мен сүйдүм мекенимди, ата журтту,
Ошого бердим сүйүү ынак канын»

Кыз анда: «Камчың болсо мага сунчу»
Касымжан камчы алууга өйдө турду,
Берди эле, кыз уч жагын кармап бир аз,
Жигитке «Карма деди — мына муну»...

Ал анда: «Камчысынан кандай ийги?
Кармады, камчы учуна колу тийди,
Кыз колу, тийген жердин ысыгынан

Бир минут чыдай албай таштап ийди.

Кыз айтты: «Касым курдаш аңдап алгын,
Махаббат мына ушундай ысык жалын...
Мен сүйдүм, сени сүйдүм, таза сүйдүм,
Сүйүүнүн сага бердим ынак канын»

Касымжан мени тиктейт, толкуп, кеңип,
Биз анда экөөң бирдей жүргүн дедик.
Той жасап, туш тараптан эл чакырып,
Экөөнүн өмүрүнө алкыш бердик.

Ой бали ай, ашкылыктын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине оогон түнү,
Уялтып биздин көздү жалжылдаган
Күлшайга эки кара кой көз бүттү.

Ой бали, махаббаттын ана күчү!
Кырк күндөн, кырк бирине оогон түнү,
Мекенди жана жарды сүйүү эркинен
Касымга кайра жаңы аяк бүттү».

Биз конгон ошол күндүн таң эртеси,
Үйлөрү тетиги ойдо, баргын дешти.
Сүйлөштүк Күлшайы тың саанчы экен,
Касымжан шол колхоздун уй фермасы.

11/ III-1945

Койсары

ӨЛҮП ТИРИЛГЕНДЕР

Чаңдатып сан-миң жылдын эки арасын,
Турмуштун даңканга уруп-майда ташын,
Өмүрдү салмоор кылып зырылдатып,
Тагдырдын сазга айлантып зоо аскасын.
Адамдын эс-акылын камчыланып,
Замана кайда зуулап баратасың?!

Түнөртүп, тумандатып кылым башын,
Кургатып алсыздардын аккан жашын,
Дааналап, күн нурундай жарык кылып,
Көрсөтүп келечекке жол тазасын:
Казатчыл кабылан жүрөк баатырга окшоп,
Замана кайда кетип баратасың?

Албырып жерден чаңдар аптабыңа
Илешпей океандар шардабыңа,
Шер эмес, баянжабыр теңдеше албай,

Шартылдап сенин чалган чалгыныңа.
Аркырап тизгин улаш баратабыз,
Советтин эр балдары, биздер гана:

Белгилүү, барар жериң маркабат жай
Кондурар чарба жериң ак күмүш сай,
Эртеңки биздин укум-тукумдардын
Жыргалдуу орундары кырк катар шай.
Тамшанып, эч бир адам жашай албайт,
Чиркинай, биздин совет адамындай.

Барабер, сен эркеси жердин, көктүн,
Өчүрөр мүрөк суусу өлүм өргүн.
Саймалуу алтын мунар чатыр тигип
Жашоонун түрлөнтө бер түрлүү көркүн.
Ушундай укмуштуу зор сапарында
Заманам, мобуларга күлүп өткүн:

Биринчи: Кара-Кыяс, Кайыңдыда
Бай колхоз, дөөлөттүү элдин айылында,
Калкымды уялтарлык бир иш болду
Кан этсин, эссиздиктин айыбы да.
Жамы журт жеңиш тоюн тойлоп жатты,
Кан кечип, кече күнү баткан ыйга.

Мерезбек өмүрүндө түк күлбөгөн,
Аялы эркек тууса сүйүнбөгөн.
— Туугандар согуш бүттү — деген сөзгө
Жадырап, я кудайлап күлүңдөгөн.
Эс алып, терин аарчып күлүп турат,
Үй-үйгө сүйүнчүлөп жүгүргөндөн.

Сараңкул мейманзатты жаратпаган,
Ырымга чычкан мурдун канатпаган,
Жеңишке боз токтуну чалып уруп,
«Берегөр»... «берегөрөлөп» алактаган.
«Эй Болжур, үч бригатың бир келсин» дейт,
Жогортон, төмөн сабап бараткандан.

Келиндер кайнагасын «аке» дешкен,
Акелер ыйба кылып жер тиктешкен,
Жеңелер кайнилерин уяң карап,
«Силер» деп сылык айткан «сен» дебестен:
Баарынын бети ачылып ушул күнү,
Той жасап дуулап жатат ондон-бештен...

Чын эле согуш бүттү, азап бүттү...
Жылдыздан бакыт кушу жерге түштү,
Үкүлүү жакшылыктын аттары узап
Кошулду байкерчилик үстүнө-үстү.
Жамандык жылаан минип тентип кетти,
Эл бүт мас, туш келгендей көргөн түшү.

Кабар бар, уулу эсендин кабагы ачык
Бир-бирин далыга уруп кажаңдашып,
— Ой, Тепе, болду эми деп каткырышат,
Куу чалдар «актан куй» деп көз ымдашып.
Ал эми «Өлуптүр» деп сөз уккандар,
Шаттыктын оюн бузат ичтен жашып.

Боору таш өжөр турмуш оңуна акты,
Терс кеткен анткор турмуш кайра чапты...
Кыйын жол, жан каттабас тар коолорго,
Өмүрдүн жарык шамын кайра жакты.
Батыштан жабыгла учкан боз куштардай
Жигиттер эл-жерине келип жатты.

Жигиттер келип жатты... келип жатты...
Жай башы, барлык жакты келгин басты.
Күжүлдөп кымыз, бозо, доору жүрүп,
Сүр эттер казандардан ашып-ташты.
Саргайып жер сагынган жаш уланга
Өскөн жер кандай жылуу, кандай жакшы.

Көп сыңар Султангазы, (ушул жерлик)
«Барам деп он күндөрдө» кат жиберип,
Төрт жылча алыс жүргөн сапар карып,
Айлына жума күнү түштү келип,
Түн бир убак,.. станцияда бир адам жок,
Ала-Тоо тосуп алды боюн керип.

«Карагоо» жолдун алды айлы жакын,
Алмалуу жемиши көп, багы салкын,
Данга карк... малга жайлуу... соолукка сеп,
Мейман дос, март өстүргөн колхоз калкын,
Бери аттап тар кечмеден Султангазы,
Тамына катуу басып, жетти бачым.

Жетти да үстүн кагып, демин жыйнап,
Жүрөгүн басып көрүп соккон туйлап,
«Көрөрбүз сүйгөн жарды, ата-энени»...
«Шашпа» деп өзүнө-өзү кайрат кылат.
«Эй ким бар, ач эшикти мен келдим» деп
Үйүнүн каалгасын тарс-тарс урат

Бир урат, үч-төрт урат... күтүп турат,
Ким мурда ойгонот деп түрүп кулак.
Жароокер жыпар жыттуу колуктусу
Элестеп колоң чачы булак... булак...
Шаңкылдап күлүп өткөн өмүрлөрү...
Эч качан жаман айтпай өскөн куунак.

Келер деп уйкуга сак картаң эне,
Чоочур деп, ата үн берип: «Эмне?.. Эмне?»...

Бир жылдай бир секунддун аралыгы
Шаштырат мына ушулар эске келе.
Кубанат садагасы Султангазы
Күлүңдөп «чын эле эми көрөмүн ээ»...

Дабыш жок, эч ким ага эшик ачпайт,
Жары да, энеси да бери баспайт.
«Мына азыр... ой шашпагып» бүлүк түшүп,
Ойгонуп эч ким туруп чырак жакпайт.
Зарыгып бир саатча күтө... күтө...
Жаш улан ак үмүткө суусайт, чаңкайт.

Бир эмес нечен уруп жооп албады,
Жадатты текке урушу каалганы.
Шумдук ай, неге мынча катуу уктайт деп,
Акырын терезеден шыкаалады.
Түнерөт, ада,м заты көзгө түшпөй,
Себеби: кара нөшөр, түн караңгы.

Улантай ат сарайга басып келип
Олтурду тыным алып, черге кеңип,
Түн менен сыр талашкан акындардай,
Өткөнгө, болочокко ой жиберип,
Тазартып асман бетин таңды ойготту,
Тоо жактан Чүйдү карай желдер желип.

Жылт эткен эң алгачкы жарык менен
Жаш улан үй ичине көз жиберген.
Үй ээси... сүрү суук күмбөз курдуу.
Бош бөлмө, адамзат жок мыдыр эткен.
Апкаарып, өңү өзгөрүп кирип барды
Досуна кашаттагы Жапар деген.

Жапарлар кучакташты ыргып туруп,
Аңгыча эл жыйналды ууруп-чууруп.
Бетинен өөп жыттап кетип жатты
Жаш кыздар абакелеп колун сунуп.
Бирок да, ата-энеси, аялы жок,
Сыр бербейт Султангазы көңлү сууп.

Жайнатты дасторконго дүр тамакты,
Ар-түрдүү ырым-жырым кылып жатты:
Түкүр деп чыныдагы таза сууга,
Башынан «алас», айтып үч айлантты.
Баргын деп, атасына кабар бер деп,
Бир жакка Жапар досу киши аттантты.

Муну угуп көңлү жылып, жаралуу жаш,
Эс алды — «соо экен» деп эми бир аз.
«Бар болсун... неге көчүп кетти экен» деп
Түрлүүчө ойго жоруп тунжурайт баш.
Уландын көкүрөгү күйөт, жанат...

Татылбай ичкен арак, жутулган аш.

Сабалап кеч бешимде келди атасы,
Аталап чуркап чыкты жан баласы.
Мынакей антпадыкпы балаң бар деп,
Бир азга дуу-дуу этти эл арасы...
Түн кечтеп, үлпөт бүтө баштаганда
Атасы: «Жүр үйгө — дейт,— Султангазы».

Баласы: «Үйүң кайда атакебай?
Томсорот бйздин короо талангандай,
Т ал тигип, бак гүлдөтүп, гүл жайнаткан
Неге үчүн тебеленген касиет жай?
Атаке, кайдан жаңы үй тапкансыз,
Мен турам эч нерсеге түшүнө албай?..»

Карыя жооп айта албай ылдый карайт,
Жүзүнө уялуунун нуру тарайт,
Бурулуп жолдошуна Султангазы:
«Не сыр бар, жашырбагын бардыгын айт...»
«Эй Суке айып .бизде» деп Жапары
Кыскача болгон ишти мындайчалайт:

«Өзүңдөн кат үзүлдү эки жылдай,
Эки жыл эңгиреттиң дайның чыкпай,
Бал ачып, төлгө тартып, түш жорутуп,
Ата-энең күтүп жүрдү ыйлай-сыктай.
Бир күнү «өлдү» деген кагаз алдык,
Кантели жаман кабар болду чындай...

Жашырып жарым жылча айтпай жүрдүк,
Кайгырып капаланып катуу күйдүк.
Көбөйтүп сурөтүңдү бирден алып,
Сукелеп өзүбүзчө ыйлап сүйдүк.
Бирөөлөр үй-бүлөөңө угузуптур,
Жаман сөз кандай учкул, кандай жүйрүк.

Жаш төгүп энең кургур бетин тырмап
Атандын сакалынан жаш тамчылап,
Жаркынгүл ынак жарың убай тартып,
"Жарыкта жарык көрбөй түндө чыгат.
Үшкүрүп колхоз журтуң деп кейишип:
«Аттиңай, өчкөн экен алтын чырак...»

Арадан да бир жылча өтүп кетти,
Кыш бүтүп колхоз баба үрөң септи.
Аялың Жаркынгүлдүн ою өзгөрүп,
Жүрөгүн бузуктуктун дарты тепти:
Бир кемге (орто арыктык) тийип алып,
Бозортуп ата-энеңди жер тиктетти.

Ата-энең көтөрө албай кайгы-зарды,

Аш берип, көп мал союп чыгымдалды.
Бул жерге туралбайм» деп журт которуп.
Жогорку Бек-Ашырга көчүп барды.
Анда да эл катары түтүн булап,
Ошондон ушул күнгө туруп калды.

Аның жөн билбегенди билгиң келет...
Бош тамга көңүлүң бошоп келсең керек...
Кейибе кеткен ишке Султангазы,
Жараткан жаш жаныңа кубат берет».
Жапары мына ушинтип сөзүн бүтөт,
Сукентай өлүп кайра тирилдиң деп.

Сукентай ыйлай албай, же күлө албай,
Зми араң бүлө сырын аңдагандай,
Себепсиз «өлүп кайра тирилгенин»
Өзүнчө ойлоп алып таң калгандай...
Күч берип адил заман касиети
Көзүнө элес келет алда кандай.

Замана жибек киет, шайы киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Обдулуп кызыл издүүкаламды алып,
Сабырлуу, уландардын атын чиет.
Ай ата... Ай Жапыке, кызык кеп» деп
Сукентай өйдө карап күлүп иет.

Экинчи: ушу айылдын дал өзүндө,
Укпадым, өзүм көрдүм, өзүм күбө.
Уяттан уят кеткен уятты ачам,
Азыраак окшобогон өйдөкүгө.
Нынында эр жигиттин канаты го;
Өзгөчө жамандыкка түткөн бүлө.

Колхоздун ортон колдой ири актиби,
Атагы район билген Жуматилти.
Достору, туугандары, курбулары,
Жоктошту: «Жигит эле бирдин-бири».
Себеби: кара кийген кара кабар,
Үйлөрдү тырс-тырс кагып ачып кирди.

Ал мындай: звеновой Зыйнат деген
Пункитке эгин ташып барган экен...
Жарадар бир азамат Өрүктүлүк
Жолугуп амандашып ошол жерден:
— Жумадил госпиталда бир жыл жатыи
Айрылып кала берди бул дүйнөдөн...
Зыйнатка деп бир жигит айткан имиш,
Кыргызда дуу дей түшөт угуш-билиш.
Канчалык тил тартынчаак болсо дагы,
Жол ачып алаксытат кууракан тиш.
Бат эле бирден өтүп, бирге жетип,

Өрт болуп өөрчүп кетти бул жаман иш.

Кээ бирлер өздөрүнчө кошуп алып,
Калп эле кабак бүркөп, кайгыланып:
«Башкарма Жумадилдин жайын сурап,
Кайрылып военкомго кирсе барып,
Өлгөнү анык дептир, андагылар»...
Дегенде, ондон жүзгө, миңге жайып.

Карды ток, кайгысы жок калыс кундөр,
Кээде ачык, кээде бүркөө алыс түндөр,
Өмүрдү түртүп, жыгып өтүп жатты,
Көбөйүп жайдары ачык күлгөн үндөр.
Шонтсе да Жумадилдин үйү жактан.
Эрте-кеч чыкчуу болду өкүрүктөр.

Өкүрүк бара-бара чанда угулуп.
Энеси, аялынын алы куруп,..
Заңкылдап, муң зары көп. жаштан бүткөн
Аңгыча кошок чыкты түрүн буруп.
«Ай, аттиң асыл элең Жумаке» деп,
Карылар басып кетет өйдө туруп.

Замана закымданат, закым желдей,
Заркырап зарылдыкка токтоп бербей
Көргөн түш өткөн жаштык, балалык кез,
Кайрылып калыбына кайра келбей.
Замана зуу-зуу этет өз жолунда,
Кырынан бир да кыйшык тегеренбей.

Узатып салкын жайды, коңур күздү,
Эскиртип жашыл жазды, кыш күмүштү...
Көп күтүп Жумадилдин үй-бүлөсү,
Акыры чыны менен үмүт үздү.
Атасы жана бир топ карыяяар,
Баш кошуп мына мындай ойго түштү:

«Келин жаш, сөөгү таза, теги жакшы,
Алдынан чык үзбөгөн эне-атасы.
Аж тамы, килем-төшөк дүнүйөсү,
Жукендин бузулбасын мал чарбасы.
Кетпесин, болгон бала, бала болсун,
Артында иниси бар, өлсө, агасы.

Таштабай бабалардын жол-жобосун,
Келиндин кери кетпей иши оңолсун,
Нниси Жумадилдин Асанкелди,
Эскиче жеңесине күйөө болсун»...
Дешти да бата кылды этке тоюп:
«Жоготкон жок жоголбой орду толсун»..

Аялы Жумадилдин муну укканда

Жалт этип бото көзү мөл-мөл кара,
Ортончу жеңесинин колун кысып
Үшкүрүп, улутунуп жумшак гана:
«Айтып бар, элдин сөзүн эки кылбайм —
Деп коёт,— тагдыр жазса барбы чара».

Так ыргып калтыс сөзгө Асанкелди
Жай таппай жашынарга эленДеди.
Кандайдыр муздак сезим дыр дей түшүп,
Ал сезим жүрөктү өйүп тереңдеди.
Жармашып жолдон өткөн автобуска.
Аксууда эжесине качып келди.

Ал күндүн эртеси эмес дагы эртеси
Артынан кууп жетип таякеси,
Жумшатты бал тилге алып, анткор күлүп,
«Ага ордун ини басат» бар эмеспи»...
«О чунак балалыгщ башыңа» деп
Жепилдеп жемеге алды өз эжеси.

Жаштыкка, балалыкка айла барбы,
Не кылсын жок дей албай кайра барды.
Жер сабап ачууланып чоң атасы,
Көзүнүн чаары чыгып алаңдады.
Жаш бала ого бетер ыза болуп,
«Май-Төргө» из жашырып жатып алды.

Жөн койбой ал жерге да куугунчулар,
Гандалган, көпкө чечен ашкан куулар,
Кечкире өз үйүнө алып келди,
«Ой бали, төргө өт» деген кадыр чуулар.
“бул жакка”, “ой жинди” леп жай бошотуп.
Лыпылдап эт бузчулар, суу куйчулар.

Бир ырчы жамап кирди жамак ырын,
Чепилдеп жеңил чертип чертмек кылын:
«Жигиттер мен айтылуу ырчы эмесмин,
Жөн гана шайырымын заманымдын.
Деңиздин тереңинде жаян эмес,
Тек гана четиндеги чабагымын.

Эмесе жаш күнүңдө ойно, дуула,
Өлүмдү өлүм чиркин көрбөс ыраа...
Асаке, ак тилекке ичип жибер,
Мага айткын, каяша айтпай бул чыныга»...
Дегенде жутуп ийди Асанкелди,
Карабай көздүн ымыр-чымырына.

Аңгыча сармердендин салты келди,
Жөн бербей «тентек сууну» ырдап берди.
Башкага бир сыйрадан жетпей жатса,
Балага төрт-беш сыйра тегеренди.

Бир билет «суу»... дегенин Асанкелди,
Билинбей андан ары эмне экени...

Ойгонуп эртең менен көзүн ачса,
Жаткан жай жанбаш алды такыр башка,
Оң колун арта салып катуу уктаптыр —
Өзүнүн жеңесиндей «калам кашка»...
Иш бүттү, баш айланды;бут тушалды,
Калсынбы эми бала кара ташка?!.

Жыл жылып, жыл артынан жылдар кууп,
Төгүлүп маржан таштай күндөр чууруп,
Арадан дагы бир жыл узап кетип,
Кырк төрттөн кырк бешинчи жыл туулуп.
Жаш келин уул тапкан, бирге чыккан,
Кубанат «ат... аттаган» үнүн угуп.

Күндөрдүн бир күнүндө... марттык..: кеңдик...
Кеткендин азы келбей, көбү келип,
Төмөндөп күндөн-күнгө базар наркы,
Токчулук тойтоң басып экиленип.
Бул экөө шаракташып олтурганда
Жумадил кирип келди салам берип.

Иниси бир тууганын таанып таамай,
Кумсарып канын тартып карай, карай...
Аялы каткан бойдон туруп калды,
Калтырап тулку бою жин ургандай.
Жумадил төргө олтуруп карап турду,
Экөөнөн алмак, салмак көзүн албай.

Ар туштан адетинче калк жыйналды
Бажактап бирөө күлүп, бирео ыйлады.
Ак пейил, ракым менен ыразы кылып,
«Жукелеп», «абакелеп» кол сунганды.
Адатка жөрөлгөлүү иш сыяктуу,
Жумадил көпкө сырын алдырбады.

Жол бүтөп, эркек-аял батпай ыгып,
Бир азга жым дей түшүп көлдөй дымып,
Билгизбей, кабыргага түрткүлөшүп
Бир андан, бирде мындан шыбыр чыгып...
Карылар оор басмырт каада кылып,
Келиндер жер карашат бетин чымчып.

Суроого жооп берип ирет менен,
Салмактуу, салабаттуу токтоо кенен,
Жайдарым жалбыраган мүнөзүнөн
Акылдуу сөздөр чыгып терең... терең...
Жеңишти кызып айтып жаткан кезде,
Уккандар жыла олтуруп «балилеген».

«Арман жок, айланайын асыл журтум,
Майышпас чоюн экен сенин тулкуң,
Мекендин медери сен, бели да сен,
Курч экен, курч болоттон сенин курчуң.
Эсен-соо колхозума келип түшүп,
Мындагы болгон иштин баарын уктум.

Чырагым, иничегим Асанкелди,
Заманам не тилесең баарын берди.
Көр казып көөмп салды улуу турмуш,
Эски адат, чирик каада эрежени...
Жүз жылдап артка кетип кылган ишиң,
Жашаган заманыңа пар келеби?

Ини алмак айбанчылык,ага аялын,
Эмки элди жийиркентет, ал го дайын.
Азыркы өзүң өңдүү жеткинчектер,
Андайды өрттөө керек өскөн сайын.
Туугандар силерде да чекилик бар,
Арданам, намызданам, кайгырбаймын.

Аялым, кор болдуңбу эмне болдуң?
Шылдыңдайт, маскаралайт өскөн дооруң.
Аталар эмки өмүргө түшүнгүлө,
Тоспогун жаңыча аккан жар.ык жолун.
Карабайм экөөңөрдү бирден кечтим,
Көрүнбө иним дебейм эсен болгун».

Деди да, туталанып өйдө туруп,
Жумадил сыртты карай терс бурулуп,
Шинелин төрдөн алып чыгып кетти,
Келген эл кала берди бугуп-бугуп.
Кээ бирлер шып этишип шыпшынышып,
Кээ бирлер «сөзү ак» дешет улутунуп.

Эпчилдер этек улаш ээрчий чыгып,
Жөтөлүп, жөткүрүнүп, үнүн кырып
«Жумаке, ката бизден, кечирип кой,
Жаңылдык, жаштык кылып... мастык кылып.
Себеби: сени өлдү деп сөз укканбыз,
Ушунда нааданчылык жана чындык».

«Жоо өлдү, мен өлбөдүм, көңүлүм таза,
От кечип, октор менен аралаша.
Жан кыйып. эл милдетин актап келсем,
Кызык го — дейт Жумадил —күткөн аза?!
Айтып кой, аидай аял аял эмес,
Эр баркын эки-үч жылга сактабаса»...

Замана шайы киет, атлас киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Колуна алтын издүү каламды алып,

Акылдуу эр жигиттин атын чиет.
Жумадил: «өлүп кайра тирилдим» деп,
Каткырып, жерди оё тээп күлүп иет.

Көрүнбөй көөдөнүңдү жара тепкен,
Баарынан уят деген кыйын экен.
Кыялбай эркек уулун, жеңе-аялын,
Жашынып эч адамга билдирбестен,
Көл жакта совхоздогу тууганына,
Асакең адатынча качып кеткен...

Үчүнчү: дагы эле ушул колхоздогу,
Сыйланган ударник деп нечен жолу.
Бир дыйкан аты Калдаң өзү балбан,
Картачыл, аракка ынак, ышкыбозу.
Айылдан кеткен күндөн бир кабар жок,
Көп болду дайны чыкпай жоголгону.

Аялы Мактым эже кер жаак аял,
оашы эмес, ортосу эмес аяккы аял,
Жебиреп бирдин сөзүн бирге ташып,
Эпилдеп эки ортого от жакчу аял.
Карды ачып бир күн ушак айгпай калса,
Бөйпүлдөп бүлөө бузса ток жатчу аял.

Шол аял уктап жатып калп түш көрөт,
Түшүндө: шаар экен чоочун, бөлөк.
Колувда кара желек, бир топ солдат,
Аскага күмбөз салып, ташты жөлөп,
Кош Калдаң, түбөлүккө жакшы жат деп,
Табытын алып кирет көтөрмөлөп...

Эртеси Мактым эже бууракандап,
Өңгүрөп долуланды көзүн кандап,
Маалында балдарына тамак бербей,
«Жуттуңар»... «жедиңер» деп тилдеп, каргап...
Жөн сурап теңтуштары «кой Макелеп»
Суу берип «башы ысык» деп башын кармап.
«Неге ыйлайт», эски оорулуу дарты барбы?
Же байкуш Калдаңбайын сагынганбы?
«Макентай, эмне болду, я берекем...»
Аялдар ушуну айтып ортого алды.
Ташкындап өжөрлүктүн өлчөөсүнөн:
«Өлүптүр, кат алдым» деп айтып салды.

Айтты да, оозун жыйып токтото албай.
Неге айттым, өлүптүр деп аттиң дүйнө ай...
Азыраак ошону ойлоп өкүндү да,
Бузулду, бузугунан кайра жанбай.
Калп ушак каадасынча тарап кетти,

Мен айткан мисалдардай, жогоркудай.

Айла жок кошок кошту Мактым эже,
Азанын күүсүн созду теребелге,
Үстүнөн күнөө жүгү басып турду,
Ташындай тегирмендин тегерене,
Чапкылап сельсоветтен бирөө келди,
«Кагаз бар сизге деген... мына менде»...

Окутса чаар ала калем тагын,
Бүктөлгөн эки барак эки жагын,
Калдаңдан кабар чыгат мындай деген:
«Айылга көп шашылбай жай барамын...
Кокустан бирөө менен кумар ойноп,
Утуктан миң жети жүз акча салдым»...

Ишенбей Мактым эже кежирленди,
«Ким билсин, пулу экенин, куну экенин»...
Деп сүйлөп күйөөсүнүн күйүтү эмес
Өзүнүн күнөөсүнө күйө берди.
Заңкылдап кошок кошуп олтурганда,
Калдакең эшик ачып кирип келди.

Келди да жерге коюп көтөргөнүн,
Биле албай кими өлгөнүн үй-бүлөөнүн,
Шектенип карап чыкса балдары аман,
Өпкүлөп чери таркап чөжөлөрүн:
«Я апа,— деп сурады бир кемпирден —
Кандай ый, тез айта көр тынсын көңүлүм»...

Ал кемпир белимчирээк кемпир эле,
Чочуган уят сүйлөп бир немеге:
«А... балам билбейсиңби Калдаң деген
Өлүптүр, алыс жерде, чоочун элде...
Ошонун жогун жоктоп, зарын тартып,
Озондоп кошуп жатат жаман неме»...

«О арам, бол өйдө тур, казан аскын,
Той жаса, кымыз, бозо көлдөп аксын,
Мен билем, мени өлдү деп сөз тараткан,
Баягы боло жүргөн сенин калпың...»
Кыңк этпей кыйгач карап кылыксынат,
Кылтылдап кызмат кылып шайтан Мактым.

Замана шуру киет, бермет киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Түк өчкүс күмүш издүү калемди алып,
Ак көңүл азаматтын атын чиет,
Калдакең «өлүп кайра тирилдим» деп
Бырс этип, ичкен чайын бүркүп иет.

Кайра оңдоп колхоз калкым кетиргенди,

Уяттуу ушул өңдүү чекилерди,
Турмуштун кайгысы жок жолун ачып,
Сыйлашып, жоону жеңип келген эрди:
Ал жерде чанда болгон бул бир мисал,
Үчөөнүн мына мындай чечилмеги:

Биринчи: Султангазы жакшы ой тапты,
Үч апта айылчылап көңүл ачты.
Токмокто комбайндын курсун угуп,
«Өтүнөм алыңыз» деп арыз жазды.
Калп эмес өз колуна келип тийди,
«Он күндө барамын» деп берген каты.

«Ай-айлап» почтоочуга башын чайкап;
«Байкасам бул жакта экен кээ бир чатак
Кеп эмес кемчиликтин баары оңолот»
Деп коёт катын айрып тытып таштап.
Буурулду камчыланды район беттеп,
Такасы ташка тийсе этип чак-чак.

Курс окуп кышты-кыштап, жазды-жаздап,
Үйрөнүп комбайнды эң эле бат,
Күзүндө буудайды оруп, басып кирди,
Кызылдан арабаларга төгүп таштап.
Кызыгат карап турган кыз-келиндер,
«Аттиңай, жар болсочу мага — деп — кап»...

Экинчи: Жумадилдин алын билсек,
Колхозго жаны менен жанып иштеп,
Иреттеп барын бардай, көбүн көптөй,
Чапкылап ар тарапка жогун издеп,
Кадырлап улуу, кичүү ийменишип,
Бир болуп эки болбой эл айткан кеп.

Каныккан кыйындыктын калетине,
Машыккан талыкпастык адетине,
Согушта эмгектеги эрдиги үчүн
Таанылды атак алып калың элге.
Шайлоодо депутаттык даңкын алды,
Кыргыздын Жогорку Улуу Советине.

Көңлү жай, иши жакшы, турмушу шат,.
Бактыга белден батып кыбыла жак.
Жете албай мен-менсиген асылкечтер,
Көйнөктөн көйнөк кийип жасанышат.
«Азамат сыймыгы бар эр экен» — деп,
Биз эмес бизден чоңдор жол ачышат.

Үчүнчү: Калдаң аба жайы мындай,
Нан тиштеп, жегени май, ичкени чай...
Колхозго ак ниедтүү койчу болуп,
Жайлоолоп жарпын жазды дал ушундай.

Бакыбат, күч-кубаттуу жашап жатат,
Мактымдын кошокторун эрээн кылбай.

Чаңдатып сан-миң жылдын эки арасын,
Турмуштун даңканга уруп майда ташын,
Өмүрдү салмоор кылып зырылдатып,
Тагдырдын сазга айлантып зоо, аскасын.
Адамдын эс-акылын камчыланып,
Замана кайда зуулап баратасың?!

31/XI-1945

Койсары

ҮЧ АЯК

Сай-сайдан суулар акса, салкын, тунук,
Пейилге бейпилдиктин жыттары уруп,
Беш күнүн беш кылымдын жыргалына —
Бер десе, бербөөчүдөй «Көк жар», «Турук».

Бел жайнап, белес жайнап, малы чууруп,
Мал десе, аркар экен, тайган кууп...
Кыйкуулап кушун салып турмуш өзү
Үй-үйгө алтын көкүл ырыс тууп.

«Туруктун» «Чаар кудук» бер жагында,
Жапжашыл жарашыктуу жай маалында,
Жаш бала ууга аттанып чыккан экен,
Мен айтчуу ушул кыска казалымда.

Караса капталды өтүп кийик качат,
Бышкырып бугу өңкөңдөйт чалкак, чалкак...
Маңдайдан марал чуркап, кулан үркүп,
Аюулар антаңдашат санап чаттап.

Колунда таамай мылтык, кундагы өрүк,
Жүгүрүп, боортоктоп, жылып өңүп...
Келтирип кароолуна басып калды
Тийген жок бирине да, жаңырык дүңк...

Кайра атат, кайра ок салат, ызаланат,
Эликтеп илбесиндер маскаралап.
Тоо-тоого тарап житип жок болушат,
Жаш бала күчү кетип салмактанат.

«А... баса, деп, ой жоруп — суур атам»,
Кандырып чаңкаганын ак булактан,
Коолорду, ой, өтөктүү өзөндөрдү
Кыдырат кайберенден ылдам, чапчаң.

«Бир паста тоодон туруп түзгө жетем,
Чиркинай, бут кадыры кыйын экен»...
Оюнда канкор Гитлер өңүн буруп
Ийинге суур болуп кирип кеткен.

Шаңк этип кулагына жаңырык үн:
«Аңтаргын чоло койбой дүйнө жүзүн.
Үйүңө Гитлерди издеп таппай кайтпа,
Кордогон жашчылыктын жазын, күзүн»...

Жөн койсо, чаар жылаан туур имиш,
Итке окшош дөңгө чыгып улуур имиш.
Ааламдын арам заты Гитлер куну —
Бир эмес, туура бир миң суур имиш.

Эл атып миңге туура бири кемин,
Эсепте өзүң сана, канча экенин,
Атууга эң соңкусун ушул бала,
Буулугуп жандыра албай ачуу кегин;

Айдөштөн, апай төрдөн карап жүрөт,
Арман ай тапсам ээ деп туйлап жүрөк,
«Бир миңдин соңку бирин атып алсам,
Гитлердин эң акыркы куну бүтөт»...

Дегенче ажал кууп, өлүм кууп,
Көркоодой тиши сасык, өңү суук,
Адамча эки колун бооруна алып,
Бир суур тура калды аңкыш уруп.

Балажан дем чыгарбай шыкаалады,
Кашкайтып так маңдайды кароолго алды.
Атты эле, колу менен бетин басып,
Адамча «ай» деп барып жатып калды.

Атарман «атуучуну аттым» деди...
Чуу басты «бали» деген теребелди.
Зып этип, бир жармындай убак өтпөй
Байкаса Фрунзе экен жүргөн жери

Буралган жаш бураң бел колтугунда,
Сүйүүнүн жанга кубат толкунунда ’
Бий бар дейт институттун клубуңда
Арналган дал өзүнүн сыймыгына.

Бий эмес, кирип барса банкет экен,
Төрү эмес, орун алат берки четтен.
Оркестр Штраустун вальсын ойноп,
Кыз-жигит чимирилет эки-экиден.

Мындайга жатык эрки болбос кыйык,

Чарпылбай жаштык деми турбас сыйып,
Бала да көрк чыгарып бийлеп кетти,
Чиркинай, буту соолук кандай ыйык.

Зал учун бир айланды, эки айланды,
Үчүнчү, төртүнчүгө жетпей алы.
Энтигип, чекесинен тер тамчылап,
Аягы кыймылдабайт андан ары.

Таң калып «не болдум деп, мунум кандай?”
Бөлүнүп бери чыгып, топко барбай
Сол бутун сынамакка силкип көрсө
Бир нерсе катуу тийип урунгандай.

Жаш бала урунганга колун сунду,
Сунду да, ошол кезде көрдү муну:
Оролуп аягына өлүп калган
Баягы миңинчи деп аткан сууру.

«О балээ... бу кайдан!» деп башка
Тепти эле тээп алды керебетти...
Сыздатып кесик буту ооруй түшүп,
Жаш бала «ай апалап» чочуп кетти

Түш экен, чочуе кетип көзүн ачса.
Ушинтип мергенчилеп жүргөн башта,
Ал эми кошумча аяк: жыгач таяк,
Тайтаңдап ээрчип алат кайда басса.

Курч эле, учкул эле соо кезинде,
Чарчабай жол баскандын эртесинде...
Майышпай азыркыдай, желдей учуп
Атканы: суур, түлкү баары эсинде...

Эсинде, эч бир жанбайт душман кеги,
Эл үчүн алты сандын бирин берди.
Баланын бир жак бутун алып кеткен
Чынында Гитлер өңдүү калктын жеги.

Чынында аяк, жыгач таяк кимдерде жок?
Талууга таамай тийип таарыган ок.
Өлгөнчө ойлорунда жакшы тилек:
«Заманга мындай кылсак... мындай болсок»...

Үч аяк: бирөө соо бут, бирөө таяк,
Жерди эмес, жеңген жоосун көзгө саят.
Сыр бербей, жылмайышып күлүп өтөт,
Шонтти да жан достору ичтен аяп.

Биз бассак, биз баскандай баса алышпайт,
Чуркасак, чуркай албайт, катуу шашпайт.
Үч аяк өмүрүкр көнмүш болуп,

Бир кылын көңүлүнүн бууп таштайт,

Бийлесек бийлей албайт, эби келбейт,
Энтигип соо кезинде көңлү желдейт...
Кейибей күлүмсүрөп катуу мүнөз:
«Өмүрдүн ырыскысы бут экен» дейт...

«Аттиңай, салтанат жок соо чагыңдай,
Адамга соолук деген кымбат кандай...
Өмүрдүн, чолоктуктун кектери үчүн,
Жер шарын бир айланып чуркап албай»...

«Чиркинай, ыракат жок, соо чагыддай,
Бир бутуң бир миң короо болгон малдай...
Соо кезде ай менен күн аралыгын,
Арыштап, буудан аттай аттап албай.

«Заманай, кубаныч жок, соо чагындай,
Адамга соолук деген жазгы таңдай...
Турмуштун бул мүнөзүн билген болсом,
Көктөгү пери кызын өөп албай.

Үч аяк: бирөө соо бут, бирөө таяк,
Жерди эмес, жеңген жоосун көзгө саят.
Сыр бербей, күлүмсүрөп күлгөн менен
Курдаштар кадырлап өт ичтен аяп.

Үч аяк, калкындай эр, калкындай бек,
Кааласа канат тагып учуп кетет.
Алардын басып өткөн кайратынан
Кара жер капшырылып калч-калч этет.

Сай-сайдан суулар акса, салкын, тунук
Пейилге бейпилдиктин жыттары уруп,
Беш күнүн, беш кылымдын жыргалына —
Бер десе, бербөөчүдөй «Көк жар», «Турук»...

«Туруктун» «Чаар кудук» бер жагында,
Жапжашыл жарашыктуу жай маалында,
Жаш бала ууга аттанып чыккан экен,
Мен айткан, ушул кыска казалымда.

5/XII—1945

Койсары

ЖЕҢИШБЕК

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.

Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырлуу мындай жолдош күткөн жокмун

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун

Ысык-Көл, ата журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

Эл тынчып, журт кеңиген күнгө эркелеп,
Күйөөлөп, тынч өмүргө кызын берет.
Толтуруп жер сагынган уулдарын,
Көл менен көздөн учкан кеме келет.

Анткени: ар бир жандын күткөнү бар,
Ашык жар, тааныш, тууган, ини-агалар.
Адамзат көзү барда көп байкалбай,
Жок болсо «кайран ай» деп сагындырар,

Бул жерде эне-аталар, жаш-карылар,
Түрлүү түс, түрлүү улуттун барлыгы бар.
Адамзат тирүү жүрсөң көңүлгө албай,
Жок болсоң аттиң ай деп, арман кылар.

Эл түшөт, кеме токтойт, аркан салып,
Азоодой тизгин бербей, албууттанып,
Бирөөлөр: «абакебай», «байке» десе,
Бирөөлөр: «кулунум» дейт жашы тамып.

Бах, кандай бейпил күндүн берекеси!
Тууган жер; түбү чалкар кең эмеспи.
Ушинтип кайра жанат жакшылыкка,
Кечеки кайгы-зардын кенемтеси.

Жөөлөр көп, арабачан-кээлери атчан,
Ар туштан кубанычтын суулары аккан.
Турмуштун жарык шамдуу шаарын карай,
Келгендер сүйүнүчтүү кетип жаткан.

Көчкө окшоп саптар чубап, тоону карап,
Жигиттер күлкүгө мас, кетип барат.
Ба, чиркин! турмуш канча мол болсо да,
Ар дайым бир жеринен толбой калат.

Күткөндөр тарай-тарай суюлганда,
Аксакал бир чал калды пристанда.
Сүрдүгүп, ташка тийген тулпарга окшоп,
Жарыктык аяк шилтейт араң гана.

Ким десең бул карыя, Миңбай ата,
Көз салып эртели-кеч батыш жакка.
Көп менен бул да кошо уулун күтөт,
Күткөнү дайым чеки, дайым ката...

Жеңишбек анын уулу жеңишке бек,
Жеңиш деп, жакшы үмүткө жеңиш тилеп,
Турмуштун жеңип чыккан күнүнө арнап,
Ат койгон баласына Жеңишбек — деп.

Бир эмес, ындыны өчүп нечен курдай,
Кур кайткан азыркыдай шордуу Миңбай.
Бирок да үмүт чиркин курч эмеспи,
Тереңден оргуп чыгат тим тура албай._

Чалга айтпай эне келет кээ кездерде,
Толтуруп ууз кымыз ак кесеге;
Ичкин деп жүргүнчүгө тартуу кылып,
Жаш төгөт: «кечигет деп уулум неге»?

Билгизбей ата-энеге кээ күндөрдө,
Токтоткон толкун уруп терең түндө,
Булардын кызы келет пароходго,
Ой жооруп, муңдуу кайтат, нечен түргө...

Баары бир, азыркы бир Миңбай чалга,
Кур үмүт курч тийди бейм кары жанга.
Уулу жок... бир адам жок пристанда,
Бир гана жалкоо толкун тийген жарга.

Дүйнө — өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө — өмүр, алоолонуп жана бердиң,
Неге сен алыс кеткен сапарыңан
Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң?

Дүйнө — өмүр, энчи бердиң, үй-жай бердиң,
Күн көр деп, бар керекти белендедиң.
Неге сен ыраак кеткен сапарыңан,
Эскиртип канатыңды кайра келдиң?

Миңбай көпкө олтурду ушуну ойлоп,
Элестеп Жеңишбеги алдында ойноп,
Ай жазган, бererиңби, аларыңбы,
Ким билсин — деп, өзүнчө күңк деп коёт.

Байлануу четте турган атын алып,
Бошобой, болочокко кайраттанып,
Жапжалгыз адетинче кайра кетти,
Көңүлсүз, күрөң атын камчыланып.

Барууга өз үйүнө дити барбай,

Үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай,
Ат оозун чукул тартып бери бурду,
Курдашы Курманбектин үйүн карай.

Курманбек эл кутманы жетимиш жашта,
Кемпири алтымыш жашта ушул жазда.
Небир алп уландарды кайкалатат
Экөө тең тамашалап учурашса.

Миңбай чал салам айтат эшик ачып,
Курманбек алик алат, бери басып,
Чай ичип, бир аз мезгил өткөн кезде,
Улууга улуу суйлөйт жубаткансып.

«Эй Миңбай, кайратың жок, кем экенсиң,
Күйүткө күйүп жүрөт эрте, кечиң:
Жалгызым, жалгызым деп арман кылып,
Жарабас башыңды ийип жер тиктешиң.

«Замана бойго жетет айлап, жылдап,
Өзүңө эрлер канбайт тандап, кылдап:
Эр жигит эрте аттанып, алыс кетет,
Ок учуп, ат кошкуруп, туу кылкылдап.

«Соо болсо кайра келет күчүн сынап,
Жок өлсө, ата журту кайгы кылат.
Көмүлгөн боз топурак мүрзөсүнө —
Жыл өтсө бир түп чынар өсүп чыгат.

«Ал эмес, алтоо кетти дал өзүмөн,
Канча экен уул, ини өзгөсүнөн...
Ошондон экөө кайтты жараланып,
Шондо да жаш тамган жок бул көзүмөн.

«Тагдырга арман кылбайм, чексиз бактым,
Мөмөсү солуган жок карт бутактын,
Жетимиштен сексен жашка ооган кезде,
Карагын мына мындай уул таптым,

«Замана керек десе, муну да алсын,
Журт коргоп, жарак-кармап, жоого барсын
Күттүрсүн, эр азамат сагындырсын,
Мындагы аз уйкулуу эне-атасын!»

Дегенде Миңбай ата бешикти ачат,
Караса, аппак болгон уул жатат.
Жеңишбек аты болсун Күрмаке деп
Кубанып, кубаттанып көңүлүн басат.

Өмүрдүн кар болгой жок конгон кушу,
Жетимиш жаш; жаштын алыс жолдогусу:
Жеңишбек, болсо-болсун, жеңиш күнү,

Дал бүгүн өткөн жылдын май тогузу.

Миңбай чал ат токунуп кайра аттанат,
Кайрылып, үйгө барбай көлгө барат.
Көл терең, шарпылдаган долу толкун,
Тереңден эмнени издеп, эмне табат!...

Жеңишбек жалгыз уулу, кайран бала,
Жаракөр, ыманы ысык эне-атага,
Ойгонбой, көпкө аралаш уктап жатат,
Күмбөздө, Варшаванын бер жагында...

Ал эми ата-энеге эркелебейт,
Биздерге абакелеп колун бербейт.
Канчалык үмүт үзбөй күткөн менен,
Калкылдап кеме минип кайра келбейт.

Жеңишбек, жеңиш тилеп курман болгон,
Ок тийип маңдайына ара жолдон.
Атама мени өлдү деп айта бар деп,
Сөз айткан көл толкуткан борошодон.

Көл толкуйт, атасына белги берет,
Антпесе, кур толкундун неси керек...
Бирок да үмүт кургур кыйын тура,
Атасы кайра кетет, кайра келет...

Кой, ата, жолдош болбо жок пайдага,
Жол карап, көл боюна ат байлаба.
Жеңишбек сенин уулуң, Жеңиш күнү —
Жадырап келип турар жыл айлана.

Ысык-Көл, ата журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да,
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

13/XII—1945
Койсары

МЫРЗА УУЛ

Алайдан чыккан Мырза уул жигит,
Кундуздан телпек кулпунта кийип.

Ноокаттан чыккан Ак Саткын сулуу,
Абайлап басса ак айдан сулуу.

Кербен жол баштап Мырза уул жигит,
Ноокаттан келген Саткынды билип.

Ак Саткын сулуу алдынан тосуп,
Ыргалып ырдап, аванга кошуп,

Жигиттин сугун суктанткан бала,
Ырдаган ырын уксаңыз ана.

«Алыс жол баскан атың бейм, жигит,
Алтындан жабдык салтың бейм, жигит.

«Узак жол баскан атың бейм, жигит,
Күмүштөн жабдык салтың бейм, жигит.

«Түспөлүң көрсөм туйгунсун жигит.
Көркүңдү көрсөм айкөлсүн-жигит.

«Көздөрүң панар чачырайт, жигит,
Тилиңен тилле тамчылайт, жигит.

«Сыныңан сурпат таппадым, жигит,
Шондуктан сизди мактадым, жигит.

«Бирок да бактың туюк бейм, жигит,
Не десең о да буйрук бейм, жигит.

Сундурган колуң сундурбайм, жигит,
Тилимди ал сага буйрубайм, жигит.

«Кайтар бир жолуң кандуу бейм, жигит,
Душманың сенден алдуу бейм, жигит.

«Не десең мейлиң, каргыш айт, жигит,
Атыңды буруп, кайра кайт, жигит.

Саткындын сыны сур таштан сүрдүү,
Сүйлөгөн сөзү кырдуудан кырдуу.

Мырза уул мырза кезмегин алды,
Кериле карап, кеп жолун салды.

«Күлүккө салган көрпөчөм, кыз эй,
Күлкүсү жакшы өзгөчөм, кыз эй,

«Жакшы атка салган көрпөчөм, кыз эй.
Жакшы бир бала өзгөчөм, кыз эй.

Жомок бир жомок түйүнү, кыз эй,
Жомогуң коюп сүйүндүр, кыз эй,

Табышмак учу курамдыр, кыз эй,
Ойнуңду коюп кубандыр, кыз эй.

Үйүм бир үйүм желдедим, кыз эй,

Үйүмдү таштап сен дедим, кыз эй

Малым бир малым тергемин, кыз эй,
Малымды таштап сен дедим, кыз эй.

«Көңүлдү билбей неткениң, кыз эй,
Көрүнбөй жатып кет дедиң, кыз эй.

«Тизгечим тилле сооруттум, кыз эй,
Недеп бир көөнүң ооруттум, кыз эй?

«Канжыгам кайыш сооруттум, кыз эй,
Кандай бир көөнүң ооруттум, кыз эй?

Адырда аркар аңкаят, кыз эй,
Алтүндө барам айлыңды айт, кыз эй.

Будурда бугу аңкаят, кыз эй,
Үйүңө барам, үйүңдү айт, кыз эй.

«Убал бир сообум өзүмө, кыз эй,
Уктачуу жериң кай жерде, кыз эй?

Жабыр бир опа өзүмө, кыз эй,
Жатар бир жайың кай жерде, кыз эй?

Көңүлүн кыйбай Ак Саткын пери,
Муңая карап мындайча деди:

«Айлыбыз жакын Акбашат, мырза,
Азамат жүзүн дат басат, мырза.

«Үйүбүз четки ак өргө, мырза,
Зарыкпагын көрөргө, мырза.

«Жатар бир жерим сурасаң, мырза,
Оң жак бир жүктүн бурчунда, мырза.

«Арс ичигин төшөнүп, мырза,
Түлкү ичигин жамынып, мырза,

«Ана шол жерде мен жатам, мырза,
Келбегин тил ал, бейжаздым кылба».

Алты аркар чыгып аңкаят асман,
Жети аркар чыгып чаңкаят асман.

Мырза уул келди ай чыккан тушка,
Атынан түштү аларман кушча.

Мырза уул келди үч үркөр тушка,
Атынан түштү кыраан көз кушча.

Өргөнүн өйдө капшытын ачты,
Ак Саткын кызга жүрөгү ташты.

Капшыттан кызга шыбырап жатты,
Качалы жүр деп чын сырын айтты.

Ак Саткын пери: «келбечи, койчу,
Сүйгүн да кет» деп ак бетин тосту.

Мырза уул кантсин сүйөйүн деди,
Артынан шап-шуп бир дабыш келди.

Жонуна келип күрс этти канжар,
Оргуштап агып, төгүлдү кандар.

Арбайган колдор көтөрүп алып,
Жашырып салды көк жонго барып.

Канжарды малган ким десең, курдаш,
Алтымыш ашкан Ажыбек куубаш...

Шамшарын малган ким десең, курдаш,
Жетимиш ашкан Ажыбек куубаш...

Ак Саткын кыздын калыңын берген
Алуучу күндүн учуру келген.

Мырза уул жаштын сүйгөнүн билип,
Жол аңдып жүргөн коңултка кирип

Артынан келип канжарын малган,
Ошентип жаштын эсебин алган...

Ай айга өтүп, ай башы тоңуп,
Мырза уул иши билинбес болуп,

Күн күнгө өтүп, күн башы тоңуп,
Күлүстөн иши билинбес болуп,

Куугунчу келип, куугундап келип,
Таба албай кеткен, кур бекер желип,

Чабарман келип, чалгындап келип,
Таба албай кеткен, чапкылап желип,

Атасы баштап, кырк жигит ээрчип,
Саткынга келди шектенип-шекип.

Ак Саткын бёйбак жаштатып көзүн,
Ыр менен айтты жашынмак сөзүн:

«Кой дедим коомай, күймөлдүң досум,
Каяша кайым сүйлөдүң досум;

«Жөн дедим, жөнсүз күймөлдүң, досум,
Жүйөөлү сөзгө сүйлөндүң, досум.

«Тургун деп тушум көтөрдүм, досум,
Тура албай тушуң, алдырдың, досум.

Качкын деп, капшыт көтөрдүм, досум,
Кача албай, капшыт алдырдың, досум.

«Жез камчы тийди сооруңа, досум,
Курч канжар тийди жонуңа, досум.

Курч канжар мизи май болду, досум,
Көк жонго барып жай болду, досум»...

Ак Саткын баштап, Көк жонду ачты,
Көк жонду ачып Мырзаны тапты.

Мырзанын сөөгү чирибейт бүтүн,
Кызыл нур баскан кыялкеч жүзүн.

Ашыктык жыты жыпардай аңкыйт,
Жыттаган адам жыргалга балкыйт.

Ак Саткын бейбак бетинен сүйдү,
Көрүнбөй түтөп, жалынсыз күйдү.

Мырза уул өлсө, куп болсун, калкым,
Ак Саткын менен жуп болсун, калкым.

Деди да Саткын саамайыы кармап,
Шарк этти кулап, жүрөгүн кандап.

Мөңгүрөп текши, турган эл жардан,
Ааа күн кылды, кыбыланы карап.

Арадан көп-көп замандар өттү,
Өчкөн жок бирок эки ашык көркү.

Көк жонго кош түп ак кайың өстү,
Саргайбай көктөп, жыл сайын өстү.

Түбүнөн тунук кош булак акты,
Чаңкасаң, суусун шип-ширин татты.

Кош кайың бактын ортосун жарып,
Көк тикен өстү, жашарбай карып.

Көк тикен ал ким? Ажыбек куубаш,

Анда жок көктөш, бир гана кууараш.

Кош булак суунун ортосун жарып,
Сасык суу акты, ылайга канып,

Сасык суу ал ким? Ажыбек какбаш,
Адамга жакпас, заманга батпас.

Кош кайың менен кош булак суусу,
Мырза уул менен Саткындын туусу

Кош кайың менен кош булак шары,
Мырза уул менен Ак Саткын жары.

Кайыңга келип карчыга түлөйт,
Булакка келип кабландар түнөйт.

Кайыңга келип кыргыек түлөйт,
Булакка келип арстандар түнөйт.

Майрамдан майрам, майрам күн дуулап,
Майрамдап келип боз балдар ырдап.

Сайрандан сайран, сайран кун дуулап,
Сайрандап келип жаш кыздар ырдап...

Ойгонуп кээде Ак Саткын, Мырза,
Кошулуп кетет ырдаган ырга,

Тирилип кээде Ак Саткын, Мырза,
Бириги-п кетет жыргалдуу жылга.

Кош кайың менен эки айрым булак,
Эки ашык жарды эстетип турат.

24/XII—1945

Койсары

ЖҮЗ ЖЫЙЫРМА ЖАШТАГЫ АЛМА БАК МЕНЕН ЖҮЗ ОН БЕШ ЖАШТАГЫ ШЕВКЕТ ГИРЕЙ

Онунчу ай, айдын тогу, айдын марты,
Ар жанга энчи берген айдын алпы;
Күүлдөп биринчи урган бороон менен
Сүйлөшөт жер үстүнүн эки карты:

Алма бак ушул күздө, жүз жыйырмада,

Шевкетке мөмө берет жыл арада;
Карт Шевкет жүз он беште, чебер багван
Чарчабай жолдош болгон көп заманга.

Жаш күндөн кесип кылган ак эмгеги,
Гүлдөтүп алма бакты багып келди;
Бергени табийгатка аз болсо да,
Акысын андан арбын алып келди.

Дал быйыл, жогорку айткан бир алма бак,
Картайып, алма бербей, калды куурап,
Жанына багван ата басып келип,
Сүйлөндү, ачууланып, алын сурап:

«Не болдуң? деди багван,— Алма бакка,
«Сен минтип кежирленбе адамзатка!
Күз келди, белди ийилтип бороон сокту,
Сени эми, сооп болор жарып жакса».

«Эй, деди, анда алма бак өйдө карап,
Кантейин, карттык экен атаганат?!
Өзүң бил, жарсаң мейли, жаксаң мейли,
Жооп бер, суроо берем эки сабак:

«Эсимде, мен беш жашта, сен бирде элең,
Ошондон ушул күнгө мөмө берем,
Адамзат, эч болбосо өлөрүмдө —
Бир жолу ракмат айтып коер дегем.

«Айтпагын, какбаш кары, бооруң катуу,
Сага эми кезек келди жерге жатуу,
Баркың жок, кадырың жок, бир пендесиң,
Адамга бакыт эмес жүздөн ашуу.

«Алың жок, дарманың жок, какчаңдайсың
Өзүңдөн жашы улууга чакчаңдайсың,
Адамдын жамандары жүздөн ашат,
Сен неге жүз онбешке чарчабайсың?

«Уулуң жок, жаныңда жок жан курдашың,
Сап болгон жер алдында замандашың,
Түгөнгөн, жолдош-жороң текши бүткөн
Сен эми мынча жашап не кыласың?

«Турүңө көргөн жанды күлдүрөсүң
Оңдобой оң нерсени бүлдүрөсүң,
Ай шордуу адамдыктын атын булгап,
Бул күнгө өлүп калбай не жүрөсүң?

«Киши окшоп атка минип жүрө албайсың,
Жадырап кабак ачып күлө албайсың,
Ушинтип жарты жандуу жан болгуча

Тагдырдан неге өлүмдү сурабайсың?

«Күрсүлдөп мени менен урушасың
Куу багван, карттыгымды унутасың,
Мен кечээ алмасы бар гул бак элем,
Ал бүгүн кубаты жок куу жыгачмын.

«Сен өлсөң, мен көгөрүп бүрдөр элем,
Коюлса как түбүмө кары денең,
Бүлкүлдөп сенин соңку майыңды ичип,
Кайрадан мөмө берип гүлдөр элем...»

— «Хэ... деди анда багван, ызаланбай,
«Сураган эки сабак сурооң кандай?
Суроо эмес, сен алма бак сөгүп салдың
Шонтсең да бекер кетпе жооп албай.

Адамзат жүздөн ашса кесир дейсиң,
Жүз жашоо бакты эмес деп келжирейсиң,
Э наадан, сага да жүз, мага да жүз,
Адамзат жүз жашаткан, не билбейсиң?

Эгерде кан соолбой кары денден
Жүз эмес, мен адамзат миңге жетсем,
Куштар да, айбандар да миң жыл жашап,
Сен дагы миң жыл жашап куурар элең.

Жүз ашкан мен адамдын жаманы эмес,
Жаш кезде кимдер экен мага теңдеш?
Мен адам, адамзатка талоон кылып,
Куу дене, башка толгон далай белес.

Жашоодон чарчабайсың, деп сүйлөндүң,
Алма бак, жакшы тыңшап кеп үйрөнгүн:
Адамзат карылыктан түк чарчабайт —
Өмүргө эң соргогу бул дүйнөнүн.

Жороң жок, жолдошуң жок,— дедиң жана
Жаным соо, аман болсом бул ааламда,
Сүйүнүп ысык жолдош болор элем,
Жаны жок төрт дөңгөлөк арабага.

«Уулуң жок, ырысың жок дедиң бая
Алма бак, айтканыма аңдап кара,
Артымда өлөрүм жок мен бактылуу
Түгөнөм, жер томпойтом өзүм гана.

«Бул күнгө өлүп калбай не жүрөсүң?»
«Ай баатыр, Алма багым,. кандай сөзүң?
Бир тирүү миң өлүктөн артык деген,
Айтып кой, өлүм өзү өлүп көрсүн.

«Тагдырдан неге өлүмдү сурабайсың?!»
Ай Алма, менден такыр уялбайсың;
Эгерде тагдыр аке калыс болсо,
Мени эмес, өлүм көзүн жыра сайсын.

«Тирүүлүк, жарыкчылык, беш күндүк жай,
Көр... өлүм... адамзатка түбөлүк жай.
Эгерде тагдыр аке адил болсо,
Не жүрөт алды-артына алмаштырбай?

«Сен өлсөң, мен кайрадан гүлдөйм дейсиң,
«Эң соңку майыңды ичип бүрдөйм дейсиң...»
Жок Алма, адам күчтүү табийгаттан,
Сен арсыз карыганда жөн жүрбөйсүң.

«Жер күчү, сеники эмес, адамдыкы,
Биздики, баатырдыкы, балбандыкы!..»
Деди да Шевкет Гирей каарданып,
Алмага балта согуп, кыйып жыкты.

Талаада күүлдөгөн күчтүү бороон,
Бул бороон — Хан-Теңирден, Ала-Тоодон,
Алманын ысыгына боорун тосуп,
Карт багван от алдында, алоолонгон.

Шевкеттин сай сөөгүнө ысык жетти,
Жашы улуу алма ысыгы мемиретти;
Узарып карылыктын кыска уйкусу
Ойгонгус катуу уйкуга батып кетти.

Уктады, кайра экинчи көзүн ачпай,
Алмага тирүүлүктүн суусун чачпай,
Өлсө да, табийгатка үстөм кылып,
Какчайып, кары колун жазып ачпай.

Журт келди, эртесинде бир күн бою —
Жыйналып жамы журттун кыры, ою;
Баягы өзү кыйган алма ордуна
Ырымдап көрүн казып көөпм койду.

Жаңылап алмаштырып, эки-үч кышты,
Бур этти көңүлдү ачып жаздын жыты,
Баягы Шевкет жаткан мүрзө үстүнө
Буралып бир түп алма өсүп чыкты.

«Бул кандай, багван өлүп, Алма өнмөгү?»
Тагдырга сырымды айттым көңүлүмдөгү.
«Өлсөм да аны өстүргөн менин күчүм» —
Деп Шевкет, жер астынан күңгүрөндү.

Карадым, бирок буга таң калбадым,
Жактырдым бул турмуштун алма багын.

Шевкеттен кылдан чебер өнөр калды
Билгенден анын жайын сурап алдым.

28/XII—1945

Койсары

ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ

(экинчи легенда)

Сүй курбум, заманымды жакшы сыйла,
Сыйлоонун салтанаттуу салты кыйла.
Адил бол, ак пейил бол, ак ниет бол,
Биздин иарс касиетине кылмак ыйба.

Акыйкат анын көркү, анын күчү,
Адилдик анын нуру, анын жүзү,
Калыстык, туура жүрөк, таза көңүл,
Замандын эң бир зарыл керектүүсү.

Ушулар: байлык, бакыт, ырыскысы,
Ушулар: урмат, атак, даңк ырысы,
Булардын миллиондон бир сынысына
Тең эмес жер алтыны, көк жылдызы.

Эшимкан биздин күндүн жай адамы,
Өзөндүн так боюнда үй-чарбагы.
Ал өзөн: шары катуу Жыламыш суу
Сан кылым танбай ичкен калк ардагы.

Дал ошол Жыламыштын берки өйзүндө,
Кулпуруп көркүн төккөн күндөн-күнгө,
Колхозчу Эшимкандын ак пейлине
Кокустан пайда болгон жер үстүнө:

Саргайтпас күзгү бороон, суук, ызгар,
Кууратпас, чилде аязы, жайкы ысыктар,
Дайым жаш, дайым жашыл жалбырактуу
Көз жеткис бийик өскөн бир терек бар.
Ал терек, бул теректен башка терек,
Жан курбум, сен да көрүп өтсөң керек.
Теректин «кыдыр ээси» кары Эшимкан,
Жомогу ал теректин мындай делет:

Эшикем бул турмушта көп жол баскан,
Күйүгүп нечен түтөк өрлөр ашкан,
Бирок да мындай заман көргөн эмес,
Бактылуу колхозчу бар, куп жарашкан.

Ал сүйдү, колхоз журтун чын пейилден,
Ак ниет, чын адилет пейли менен.

Ал деди заманына кенч үлүшүн
Ар жылы эмгек менен тапкан 'жерден.

Ак күчүн, ден кубатын, көкүрөк дилин,
Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин,
Колхоздун казынасына тартуу кылып
Байытып, эки кылып бирин-бирин;

Март кыял, дайым ачык куунак көңүлүн,
Тагдырдын сараң жазган бар өмүрүн
Колхоздун байлыгына мурас кылып,
Жүрөктүн ар-бир соккон дүрсүлдөгөн.

Эшимкан удаама-удаа, беш жыл удаа,
Сыйланып ударниктин сыймыгына,
Урматтап жаңы күндүн жаз элесин
Кубанды көтөрмөлөп айыл-калаа.

Беш эмес, бешке беш жыл, он жыл удаа,
Сыйланды ударниктин сыймыгына,
Замана Эшимканды дүңгүрөттү
Жашартып, карылыкка көрбөй ыраа.

Эшимдин ак көңүлү ак ниети,
Ан сайын арбындалды, тереңдеди.
Багынып табийгаттын жазмыш жолу
Берерин бербейм дебей бере берди:

Бир жылы: он эчкиси отуз тууду,
Отузу жыл айланбай жүздү тууду,
Ошентип майда жандык дүр дей түшүп,
Азайтпай жайдын жааны, күздүн суугу.

Бир жылы: көк кунаажын сыйлыкка алды,
Барк албай мал ичине кошуп салды,
Жаз алды кырк литрден ашып кетти
Үч жолу байбиченин сааган сааны.

Бир жылы: (эсимде жок кайсы экени)
Эшимкан калаа жактан түндө келди,
Аялы ушул жашка төрөбөгөн
Ап-аппак эркек уул төрөп берди.

Эртеси эми бошоп коноктордон,
(Адети кеч жатса да эрте ойгонгон;)
Эшимкан эшик ачып чыга калса,
Мамысы кучак жеткис терек болгон.

Ошондон терек делген ушул терек,
Эч бир жан биле албаган боюн ченеп...
Арбын эл ат мамыга айраң калып,
Аташкан: «Эшимкандын терери» деп.

Ошондон терек делген, ушул терек
Жан курбум, сен да көрүп өтсөң керек.
Айныбай эч кырсыкка моюн бербей
Көгөрүп, көктөп, бүрдөп, гүлдөп келет.

Ал өспөйт башка бактай: айлап, жылдап,
Ал өсөт биздин күндөй: күлүп ырдап,
«Жарыктык, жакшылыктын тереги» деп,
Суу үзбөй колхозчулар урмат кылат.

Картайып кары кышта кары болбойт,
Саргайып сары күздө сарыга оңбойт.
Жашарып, жай күнүндөй дайум жашыл,
Анткени ак ниеТтин күчү колдойт.

Эс алып колхозчу ава кайткан чардап,
Бир азга терин арчып, демин басат.
Күч берип терек түбү ошол замат
Боюна кубат толуп ишке шашат.

Теректи мына ушинтип пайдаланат,
Колхоздор байлыгына пайда табат.
Оорулар, бир түн конуп түнөп кетсе:
Үч күндө сак-саламат соого айланат.

Аз болсо мындагылар жүзгө жашап,
Жүз эмес кай бирлери андан ашат.
Оору аты ойго келбей унутулуп,
Заманды соо денелүү калктар басат.

Уландар ырдап, бийлеп, оюн курат,
Секирип жаш селкилер кошо чуулап,
Кыз-күйөө турмуш куруп кошулушат,
Теректен өмүрүнө бакыт сурап.

Андайлар өмүр бою көңүлү шат,
Олжолуу, кайда барса жолу жумшак.
«Ай сен» деп бир бирине терс айтпаган
Эң ысык, айрылгысыз жар болушат.

Жыргалда жылжып өтүп, жылдар өттү,
Жыл сайын көрккө толуп терек көркү,
Кучагы нечен кулач жеткис болуп,
Жарашып бойго толуп далайга өстү:

Кубаты медер кылган, жан эрмеги,
Баягы эркек уулу үчкө келди.
Эшимкан баласына сүннөт жасап,
Эл жайнап, эстен кеткис чоң той берди.

Той берди, тойго тойду далай адам,

Бир базар мезгил өттү эки арадан.
Таңга жуук дабыш угуп сыртка чыкса,
Тереги саргыч ирең тартып калган.

Эшимкан өз көзүнө өзү ынанбай,
Дааналап көпкө турду карай, карай...
«Э, кудай терегиме не болду» деп,
Таң калды бул жорукка шек табалбай,

Ал күнү адетинчё түнгө калды,
Кеч жатып, талаа жакка кулак салды,
Тыңшаса: терек ичи күңгүрөнөт —
Билинбей ырдаганы, ыйлаганы.

Көз жумбай кузгун заар ылдам туруп,
Терекке ак ниеттик жүзүн буруп,
Караса, саргыч өңү кеткендир деп,
Көркү жок, андан жаман, андан суук.

Бул мезгил жай айынын биринчи айы,
Теректин саргайганы бул кандайы?..
Эшимкан түлөө кылып, коюн союп,
Түрүлө түгөл келди барлык айлы.

Жабыла колхоз журту жарданышып,
Терекке не болду деп таң калышып,
«Колхоздон ак ниеттик оюн бузган:
Мен эмес, мен эмес» деп карганышып.

Дегенде терек барки жерге түштү,
Кандайдыр, суук шамал элди үшүттү.
«Эй терек, менин кандай күнөөм бар» — деп,
Эшимкан ылдый карап тизе бүктү.

Бүккөндө, келген элдин алды-кийни,
«Айткын» деп баары тегиз башын ийди.
Термелип терек бир аз күтүп туруп,
Баркинен кыпкызыл кан төгүп ийди.

Жалпы журт жабалактап жарданышты,
Терекке не болгон деп таң калышты.
«А... кокуй... кан төгүлөт турбайбы» деп...
Карылар жакаларын карманышты.

Калп эмес, ошол күндүн эртесинде,
Ошол күн бүгүнкүдөй али эсимде,
Күтүүсүз ажал душман согуш ачты,
Ата журт, бүткүл Совет жергесине.

Намыска жарак кармап азаматтар,
Жаркылдап оттой жанып ошол чактар,
Душмандан кек алууга кетип жагты,

Толкундай бирдей тийип барлык жактар.

Жар калды, сүйгөн калды, сулуу калды,
Сулуудан ысык болду жер ардагы.
Бул жакта ата калды, эне калды,
Турмушта тууган жерден кымбат барбы?...

Нечен бир мен-менсинген боз уландар,
Нечен бир кырчын талдай ууз балдар...
Кез келсе, мекең үчүн жан берүүгө
Жөнөштү күн батышка, күчөп -шаңдар.

Батыштын басаңдабай кандуу өртү,
Эң кыйын, эң бир татаал күндөр өттү.
Согуштун соргок мүнөз арааны өсүп,
Азайтты, айыл ичин көп бөксөрттү.

Эшимкан терек сырын эми билип,
Кыштактан бери чыкты, атын минип,
Эрте кеч жолугары: кемпир, чалдар,
Жаштардын жаш кубаты эриктирип:

Өзүнчө арман кылып жаш күнүнө,
Аттиң ай, жаш болсом деп ушул күндө,
Кемитип алтымыш жашын кырк беш жашка
Жөнөдү бул да кошо чоң дүбүргө.

Кетерде аялына насаат айтып:
«Туз буйруп мен келгенче кайра кайтып,
Өзүмдөй терегимди жакшы сакта
Чакырат менй алыста октор кайкып»...

Дүңгүрөп согуш күнү өтүп жатты,
Шаркырап сай-сай толуп кандар акты,
Немецтер улам бери жакын келип,
Каптатып танкелерин калдаңдатты.

Бул кезде терек муңдуу күңгүрөнүп,
Майышып жерге ийилип, аз көгөрүп,
Калкына коркунучтуу белги берет,
Баркинен шуудур-шуудур мөндүр төгүп.

О чиркин элдин күчү кандай артык,
Кеменгер сөзүн сүйлөйт кайраттанып,
Биздин эл атырылат алга карай
Душмандар чегинишет кайра тартып.

Бул кезде Терек шаттуу күңгүрөнүп,
Бат бүрдөп, баштагыдай бат көгөрүп,
Калкына кубанычтуу белги берет:
Баркинен өрүк менен мейиз төгүп.

Баатырлар ажал колун артка сүрүп,
Замана раазы болуп шак-шак күлүп,
Бир күндө нечен-нечен шаарды ээлеп,
Жакшылык биз жакка ооду мына ушинтип.

Аз-аздап, кеткен кайтып эл-жерине,
Ок тийип жаралантып кээлерине,
Ушундай укмуштуу ыкчам бир күндөрдө
Дарт түштү Эшимкандын терегине.

Түшкөн дарт кандай десең, мындай эле:
Дарт эмес, нээти жаман кастык эле:
Эзелден эмгек күндөн энчи албаган
Атыккан кош жалкоо бар ушул элде.

Ким десең: бири Калмат, бири Шоорук,
Кур эмес, ар күн сайын бир жери «ооруп»
Жумушка кыш күнүндөй сейрек чыгат,
Шылтоолоп: «карттык басты» деген болуп.

Карматпайт чебер кылган кылмыштарын,
Союп жейт, кээ-бир үйдүн майда малын,
Из кууп, түтүн улап, шек кылганча,
Сыр бербейт, карганышып сабап санын.

Зайбы жок, экөөнүн тең балдары жок,
Чынында кара нээт шундай болот.
Малы жок, ак үйлөрү кара болгон,
Чыгынбайт зч нерсеге, иштен коркот.

Калматтын бир кездеги жакшы тамы,
Эскирип, бир жак боору кулап калды.
«Кой Шоке бир туралы экөөбүз» деп,
Шоорукка Калмат досу көчүп барды.

Досуна досу шонтип көчүп барды,
Бул кыштын кары өзгөчө калың жаады,
Шооруктун кайран тамы көтөрө албай
Дүрс этип дал төбөсү түшүп калды.

Отурду эки жалкоо далайга ойлоп,
«Кап атааң... үй эле» деп кейип коёт,
«Суук ий»... деп бойлорун кымтынышат,
Баштадан бейкут өскөн эки «бойдок»

«А... Шоке, акыл таптым»... деди Калмат:
«Үйүнө Эшимкандын бизге бармак,
Өзү жок, эптеп-септеп зайбын алдап,
Терегин карылыкка сурап алмак»...

«Хаа... ха...» лап, бүтүк көздүү күлдү Шоорук,
«Буюрса эртең кайра тамдуу болдук»...

Чын эле эртесинде эки жалкоо
Барышты Эшимкандын үйүн тооруп.

Айтышты: «терегиңди кесебиз» деп,
«Көп акча акысына беребиз» деп,
Аялы Эшимкандын кууп чыкты
Экөөнү эки коюп, катуу тилдеп.

Камынып эки жалкоо ошол түнү,
Теректи ресмек болуп билек түрдү.
Араалап, эки-үч тартып алган кезде,
Араасы ары барбай тарс бөлүндү.

Корс мүнөз, кара нээт, өжөр Калмат,
Терекке сокмок болду балта кармап,
Ар качан ак ниеттин күчү күчтүү,
Жыгылды Калмат кулап калды алактап.

Шек бербей үйлөрүнө кетип калды.
Бүрүшүп жайларына жатып калды.
Күн өттү... айлар өттү... жылдар өттү...
Жарашып биздин терек жашылданды.

Жакындап жеңиш күнү мүнөт санап,
Биздин эл күндө бирден бакыт табат,
Сайратып жер куштарын кубулжутуп
Колхозго Терек шаттуу кабар салат.

Ал кабар: Май тогузу, Жеңиш Күнү,
Жоголгон келбес болуп согуш түнү.
Биз турган, биз жашаган планетке
Ай берген, Чолпон берген сүйүнчүнү.

Кайтчуулар тынбай агып, кайтып жатты,
Кайрадан калкка толду колхоз айлы.
Бирок да Эшимкандын кабары жок,
Билинбей кайда экени, чыкпай дайны.

Жок эмес, кары Эшимкан тирүү, аман,
Айбы бар, орусча сөз айта албаган,
Билгичтер карылыгын байкап коюп,
Кемеге жүкчү кылып кабыл алган.

Ал кайда? Ленинград тарабында,
Жүк салат, жүк көтөрөт анда, мында.
Эшикем ак ниеттик пейли менен
Дагы эле урмат, кадыр ардагында.

Кечигип бир топ элден кеч бошонгон,
Кош айтып, барыңыз деп кармап колдон,
Узаткан өз айлына андагылар,
Эшикем жерин көрүп кушбак болгон.

Тереги баягыдай өз көркүндө,
Саламат жүзү жарык, барлык бүлө.
Канетсин, карылыктын салдары окшойт,
Эс алды сыртка чыкпай эки-үч күнгө.

Бул кезде Калмат, Шоорук кулак кагып,
Той түшкөн, кой союлган үйлөрдү аңдып,
Сорпо ичип, этти жайкап, арак серпип,
Күүлдөп мас болушат чери канып.

Ошондой көп мастыктын бир масында,
(Жараткан, жанды мындай кылбасын да)
Эки шум үйлөрүнө араң жетип,
Ой тапты ошол мастык арасында.

Терегин неге бербейт биз сурасак,
Үйүбүз жаңы үй болмок биздин эчак.
Зайбына Эшимканды өлүптүр — деп,—
Өкүрүп, жалган ыйлап кабар салсак.

«Өлүптүр Эшимиң» деп кабар салсак,
«Кайраным... ардагым»... деп ыйлап калсак,
«Ээси өлдү... терегиңди телмиртпе» деп,
Өзүнөн ыраазылык жооп алсак.

«Өзүнан ыраазылык жооп алсак,
Теректи как түбүнөн кыйып салсак,
Түз жерин, жоон жерин кары кылып,
Үч кесип отун кылып жарып жаксак»...

Дешти да тамтаң-тумтаң басып барып, ,
Туралбай бир жайында буту ыргалып,
Эшимим.. Эшимим» деп өкүрүштү
Бул экөө эки колун бооруна алып.

Эшимкан коюу чыккан чайга тердеп,
Оронуп төрдө олтурган жел тиет деп.
«Өлүптүр эсил кайран Эшимканым»
Эки шум ушуну айтып ыйлап келет.
Аялы Эшимкандын байкай коюп,
Сүйлөдү болгон иштин баарын толук;
«Булардын жаман ою мага маалим,
Оолугат терегиңди кыймак болуп»...

Эшимкан ачууланып тура калды,
Экөөнү бирден, бирден жыгып алды.
Сүйрөлтүп короо ичине алып чыгып,
Терекке бекем чырмап байлап салды.

Терекке бекем чырмап байлап салды,
Бул экөө үч күн калды... төрт күн калды...

Үч-күндө эки шумдун биздин терек,—
Бар бүткөн арамдыгын соруп алды.

Эки ууру эки сонун адам болду,
Таптакыр жалкоолугу тамам болду.
Ичкилик, жолдошуна кастык кылуу
Буларга мындан ары арам болду.

Экөө тең ак ниеттүү адам болду,
Сыйлады бакыт берип заман жолу.
Ак үйдө, ак бешикте баласы ыйлап,
Энчи алып эмгек күндөн байлык толду.

Эки шум эки акылдуу адам болду,
Үйүнөн мейман кетпей ырыс толду.
Жалкоолук, арамзалык колхоздо жок
Алмашты ак ниетке анын орду.

Бай терек, баатыр Терек, көркун курап,
Бир укмуш шаани төгүп көктөп турат.
Эшимкан салты менен, даңкы менен
Жадырап өмүр сүрөт, дайым куунак.

Саргайбайт, мындан ары түк картайбайт,
Кайгылуу кабар берип кайгыланбайт.
Ак ниет, адилдиктей өлбөй жашайт,
Жан курбум сен да барып, бир көрүп кайт.

Ар түнү жаштар келип оюн курат,
Теректин өмүрүнө бакыт сурап,
Жок дебейт, күлкү берет, шаттык берет,
Ушинтип биздин жаштар өсөт дуулап.

Ар туштан жаралуулар келип жатат,
Пайдасын биздин терек берип жатат.
Кол бүтүп, аяк бүтүп, жүрөк бутүп,
Айыгып баары үйүнө кетип жатат.

Ошондон Терек деген ушул терек,
Эч бир жан көргөн эмес аны ченеп,
Арбын эл ат мамыга айран калып,
Аташкан: «Эшимкандын тереги> деп.

Дал ошол Жыламыштын берки өйүзүндө,
Кулпуруп көркүн төккөн күндөн-күнгө,
Колхозчу Эшимкандын ак пейлинен
Кокустан пайда болгон жер үстүнө.

Саргайтпас күзгү бороон, суук, ызгаар,
Кууратпас чилде аязы, жайкы ысыктар,
Дайым жаш, дайым жашыл жалбырактуу,
Көз жеткис бийик өскөн бир Терек бар.

7/I—1946

Койсары

ПЬЕСАЛАР

ЧОЛПОНБАЙ

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө үч актылуу операнын либреттосу.

КАТЫШУУЧУЛАР:

Ч о л п о н б а й — баритон.
В а л я — медсестра — мецо-сопрано
К о м б а т — ботальондун командири — бас.
К о м р о т а — ротанын командири — тенор.
Б о л о т о в — комиссар — драм. тенор.
I — аял.
II — аял.
А к ы н.
Э л а р т и с и.
П о в а р.
К а в к а з д ы к а с к е р.
Б а л е т с о с т а в ы.
Г о р о х о в
Г е р м а н
—чалгынчылар.
Ф о н-Ш у л ь ц — оберлейтенант.
Ф р и ц т е р.

Окуя Дон дарыясынын жээгинде өтөт.

I А КТ

Бий аткарылат.

1-а я л.
Эмки сөз
Эл артисти сиздики!

Э л артисти.
(Күлкүлүү номер аткарат. Мисалы «*Айдыралы жөргөлөктү*»)

Т ө р т ө ө.
Биздин эл чалкар дайра экен,
Тандалган кыйын калк экен,
Кандай бир ажал келсе да

Такыр моюн бербеген.

Түгөнбөйбүз, түтөйбүз,
Түк өчпөйбүз, өрчүйбүз,
Фашисттин башын кырча чаап,
Өз көрүнө сүйрөйбүз.

Чарчаба, эрлер, камыкпа,
Намысты колдон тарттырба,
Душманды таамай сого бил,
Кубала кайра артына.

Бизде кийим, тамак көп,
Нечен түрлүү кен да көп,
Өлкөбүздө эл да көп.

1-аял.

Азыр Кавказча бий!
(*Кавказча жалгыз бий башталып, анын акыры көпчүлүк бийине айланып кетет*).

К а в к а з д ы к а с к е р.

Туулган жер, эстен кеткис сайран тура,
Түгөнбөс таң-тамаша майрам тура,
Аркырап азат куштай эркин өскөн,

Кавказ эл, баткан турмуш кубанычына,
Душманга сени кантип тарттырайын,
Көкүрөктө соккон жүрөк соо чагында.

(*Бий менен ырдалат*).

А с к е р л е р.

Сонун бий, сүйгөн ырлар кайра угулду,
Жаш ойду, жакшы үмүттүн нуру жууду.
Кыргызга бизден алкыш, бизден урмат!
Соо болсун ата-энелер, теңтуш курбу.

(*Повар кирет*).

П о в а р.

Кошкула, баатыр элдин акылдары,
Кошкула, булбул тилдүү акындары.
Кошкула, шайыр бийчи кош болгула,
Кошкула, биз казатка аттаналы.

(*Бригадалар кетмекчи болгондо Валя-медсестра кирет, комротага честь берип*).

В а л я.

Айтылган минут, сагатта
Аткарылды койгон шарт,
Аңтарып душман тарабын
Биз кайттык алыс чалгындап.
Отузунчу мунум деп,
Чолпонбай мына келатат.

(*Кап көтөрүп Чолпонбай кирет. Аскерлер артында*).

Чолпонбай.

(*Комротага*).

Буйругуңуз ишке ашты,
Таап келдим бул капты,
Биздин кыргыз эли экен.
Кол беришип, жай сурап,
Көрүшүүгө руксатпы?

К о м р о т а.

Руксат!

Көрүш, сүйлөш, амандаш! (*Чолпонбай амандашып жүрөт. Повар кирет, 2-си артында*).

1-а я л.

Мына ушул, аздыр-көптүр тамашабыз,
Ойнуңар аз болду деп таарынбаңыз.
Барабыз дагы далай бөлүктөргө
Көп күн бар, дагы кайра кайрылабыз.
Аман бол, улуу жердин кабыландары,
Аман бол, кең мекендин эр балдары,
Аман бол, бир боор курдаш, чоң майданда,
Аман бол, ата журттун баатырлары.

А с к е р л е р.

Аттанып чыкса ак жолтой,
Азамат бала Чолпонбай,
Жеңишсиз кайтпайт эч качан
Азамат бала Чолпонбай.

Алыстан келди өкүлдөр,
Кыраан тоолук бүркүттөр,
Кубангын, Чолпон, кубангын,
Мынакей алар, мынакей.

1-п о в а р.

Эй, достор, жүргүлө,
Тамак ичкиле.
Мантуу бышырдым
Таттуу тим эле,

Котлет бышырдым
Батыраак жегиле.
Тамак камдадым
Түрлүү түрлүүчө,
Май бар, эт бар
Нан же эркиңче.
(*Тамагын чертип*).
Бул да жок эмес
Суукта кылт этме.

2-п о в а р.

Эй, достор, жүргүлө,
Тамак ичкиле.
Котлет муздайм дейт,
Жүргүлө, кечикпе,
Бул да жок эмес
(*Тамагын чертип*).
Суукта кылт этме.

Ч о л п о н б а й.

Чыккан күндөй жарк этип,
Баткан айдай кылт этип,
Жаңы эле көргөн кезимде
Кетем дешиң эмине?

Жер сагынбас эл болбос,
Эл сагынбас эр болбос,
Сагынычты таратпай
Шашканыңар бул кандай?

(*Комбат кирет*).

Алыска кеткен туйгунуң,
Келгинге кеткен булбулуң,
Жердешине чоң кумар
Ичине толгон бугу бар.

Сагындым Талас жеримди,
Сагындым курбйл теңимди,
Акыныңа туруп үн салбай
Кур кетишиң болбос ай...

К о м р о т а:

(*Комбатка рапорт берип, документ сунуп*).

Жолдош комбат, буйругуңуз айтылды,
Чалгынчылар жеңиш менен кайтышты.
Азуусу курч көркоосунун зору экен,
Колубузда керектүү иштин зарылы.

Комрота.
Ч о л п о н б а й. (*дуэт*)

Орундалды сиз тапшырган тапшырма!
Өлкөмө шерт ооздон чыккан убада.
Айды алам деп текке чапкан көркоону
Байлап, матап, капка салдык, ал мына!

К о м б а т.
Жакшы! (*Чолпонбайга*).
Баракелде, Чолпонбай,
Тоо шериндей шамдагай.
Кандай айбан түшүрдүң,
Болот жаак капканга ай?
Айбаныңды алып чык,
Кур кетпей
Көрүп кетсин меймандар!

(*Чолпонбай капитан фашист полковнигин алып чыгат*).

Э л.
Баракелде, Чолпонбай,
Тоо шериндей шамдагай.
Кагжаныңа түшүптүр,
Көздөгөнүң тап-таамай.
Өңү чаар жолборс бейм,
Жолборс эмес, көркоо бейм,
Тили заар жылаан бейм,
Тарп издеген кузгун бейм.
Биздин жерди булгаган
Кан жутардын өзү бейм.
Баракелде, Чолпонбай,
Тоо шериндей шамдагай
Кыраан бүркүт, шумкардай,
Серпкенди илген жаңылбай.

А к ы н.
Эй,
Фашист, фашист дегениң
Чуңкул көз болот турбайбы,
Жездей сары, үрпөк чач
Ууру өңдүү болот турбайбы
Бөрү тиштүү текөөрсүз
Кулалы болот турбайбы
Полковниги бул экен
Кудайдын анык урганы
Солдаты жаман чычкандай
Ал андан бетер урганы
Муну мен,
Айылга айтып барайын

Чолпонбай, ырда деп айттың
Сен,
Кандай ырды каалайсың?

Ч о л п о н б а й.

Көптүк кылар мактооңор,
Жандай кымбат, жолдоштор.
Бул менин көнүмүш кесибим,
Алдыда жатат көп жолдор.
Бир ырдап койчу, агатай
«Акинай» ырын сагындым.

А к ы н.
Ат жайлоонун сиңири ай,
Өрүшү малга кеңири ай
Азырак ойноп жүрөрдө
Ажыратты теңири ай...

П о в а р.
Эй, достор, жүргүлө,
Тамак ичкиле
Мени бар дешти
Поварлар силерге.
Мантуу жегиле,
Котлет жегиле
Достор, жүргүлө
(*Тамагын чертип*)
Бул да жок эмес,
Суукта кылт этме.

II А К Т

Дон дайрасынын күн чыгыш тарабы. Бузулган кыштак. Өрт. Чолпонбайдын ротасы чабуулда. Аскерлер коргонуу жана окоп казуу аракетинде. Душмандын пулеметунун үнү.

К о м р о т а.
Окоп каз, жолдоштор
Душман мас, жолдоштор
Амалдуу, амалдуу
Жолу кас, жолу кас.
Далдалан, жолдоштор
Жетип ат, мээлеп ат!
Коргонгун, жолдоштор,
Жакындан тытырап,
Ок чыгат, ок чыгат.
Бир кадам, бир кадам,
Артка эмес, артка эмес!
Чегинүү биздерге

Эп келбес, эп келбес.

А с к е р л е р.

Бир кадам артка жылмай жок.
Мекенге уят болмой жок.
Эр жүрөк коркпойт өлүмдөн
Эр жүрөк ажал токтотот.
Танкасы келсин миң сандап,
Үстүнө минип мас солдат,
Өлүгүн тоодой жыябыз,
Тандалган күчүн талкалап.

Ушундай кыйын учурда,
Бел болсок Ата журтума.
Бизди эч качан унутпайт
Бек сактайт катып бооруна.
Бир кадам артка жылмай жок,
Мекенге уят болмой жок.
Эр жүрөк коркпойт өлүмдөн,
Эр жүрөк, ажал токтотот.

(*Комбат, кумрота картасын карап жатышат*).

Б о л о т о в. (*Экөөнө*)

Күтпөгөн жерден ок чыгат,
Пулемёт тынбай атылат,
Душман кыйын далдада,
Минасы жакын жарылат,
Байкабай калган окшойбуз
Туурадан душман куушурат.
Жарадар көп, өлүм бар,
Чыгымдар арбып баратат.
Ошондуктан мындайча
Айтыңыздар не кылсак?

(*Беркилер ойлуу, артында*).

А с к е р л е р.
Толкуган толкун бөгөлсө,
Толкуну кайдан басылсын?
Серпкенин илбей мостойсо,
Шумкар куш кайдан жазылсын?
Алдыдан октор себилет,
Көрүнбөй душман бекинет
Алар да кантип аясын
Жан досторду кемитет.
Алга карай жүрүүгө
Командир жолдош, руксат эт!

Ко м б а т.

(*Бинокль менен карап*).

Кезегин алып ык менен
Алга чабуул салмай бар,
Кезегин сактап ык менен
Коргонуп таамай атмай бар.

Душман жак бир аз тынгансыйт,
Чабуул салмай белгиси.
Мээлебей атып солдаты
Иретсиз согор танкеси.

К о м б а т.
К о м р о т а. (*дуэт*)

Калк үчүн келбес жол тартты
Далай сонун жигиттер,
Ажалдан башка эч нерсе
Ырдабайт тура ушул жер.

Чарчабай өлүм кармашат.
Тамаша эмес кан майдан.
Эл үчүн жатксн денелер,
Эл үчүн агып жаткан кан.

Жашырын эмес биз үчүн
Кыйын учур туш болду,
Бирок жеңет большевик
Большевик качан кул болду?..

Мына бул жерди чеп кылып,
Бекемдеп коргон казгыла.
Даяр болуп тургула,
Душмандар салчу чабуулга.

(*Аскерлер коргоно башташат, комбат, комрота кетишет. Чолпонбай мина тийген өзүнүн отделкомун Валя экөө көтөрүп кирет*).

Ч о л п о н б а й.

Жалындай күйгөн эр эле,
Фашистке ажал неме эле,
Үч жүз он беш фашист бар
Бул баатырдын эсебинде

Өз жеринин эр уулу,
Украиндык бала эле,
Жарыла элек минасы
Бат ала көр, эжеке.

В а л я.

Жарыла элек мина экен,
Абайлаш керек жарылат
Бул да өлүмгө бир сыноо
Кыйындык менен алынат.

(*Валя жана башкалар минаны ала башгашат*).

В а л я.

Советтик илим өстүрүп
Көп чеберди чыгарды
Кайра узатып коёбуз
Далай, далай ажалды.
Өлүмдөр арзан жоо эмес
Бетме-бетке чыгабыз
Бул окшогон эрлерди
Колунан жулуп алабыз.

(*Бул эки куплетти врачтар кайталап ырдашат*).

В а л я.

Биздин колдон кыйналбай,
Жарадар бат-бат айыгат
Кайтадан кайтып майданга
Душмандан катуу кек алат.

Өмүрүн алат жигиттер,
Өлчү минут келсе да,
Суранып келет жибер деп,
Досторунун сабына.

(*Минаны алып чыгып, жарадарды көтөрүп кетишет*)

А с к е р л е р.

Кайда алыска кетиптир
Биздин илим зымырап,.
Алам деген карт өлүм
Аларынан кур калат.
Жутам деген жут өлүм
Жутарынан кур калат,
Биздин совет илими
Шылдың кылып каткырат.
Чебер колдор силерге
Биздин өскөн илимге
Баракелде, ракмат.

Ч о л п о н б а й. (*Болотовко*).

Чебердик менен алынды
Жарылбаптыр минасы.

Өлүмдөн аман сакталды
Советтин бир баласы
Өзүнө кайра атайын,
Комиссар жолдош руксатпы?

(*Болотов руксат этүү белгисин кылат*).

Украина жери үчүн,
Баатыр совет эли үчүн,
Жүрөгүндө кайнаган
Эмгекчи элдин кеги үчүн!
Атылган душман минасы,
Өзүңөн өзү кыйрачы!

(*Атат*).

Б о л о т о в.

(*Душман тарапты көрсөтүп, алдыга чыга калып*).

Төрт, беш алты!
Көп солдаты, камдан!

(*Аскерлер камданышат, танканын үнү, атышуулар*).

Б о л о т о в.

(*Гранат ыргытып*)

Бир, өрттөн!
Эки, *(ыргытып)* кыйра!

(*Чолпонбай душман тараптан ыргытылган гранатты тосуп алып кайра ыргытат*).

Б о л о т о в.

(*Гранат ыргытып*).

Ме, төрт!
Ме! Ме!
(*Колуна ок тиет, Чолпонбай көтөрө калат*).

Ч о л п о н б а й.

Агай! Берен!
Агай! Берен!
Кай жериңе ок тийди?

Б о л о т о в.

Уктуңарбы танка үнүн,
Калың танка келатат,

Жалаң болот жамынып
Душман каптап келатат.
Тийген жерин куйкалап
Ажал каптап келатат.
Ушундай жерде эр жигит.
Эл көзүнө таанылат
Ушундай жерде эр жигит
Душманын согот талкалап.
Бек бол, достор, кайраттан,
Баарың баатыр азамат!

Өтө албайсың, каракчы,
Биз майышбас тоскоолбуз!
Бул гана эмес, каракчы,
Далай жерден сокконбуз

Ал кетип башым айланат,
Ок тийди белем колума
Эчтеке эмес мен үчүн,
Жолдоштор, бекем болгула.

Ч о л п о н б а й.

(*Жыгылып кетет*)

Валя, мында!
Валя, мында!
Болотовко ок тийди. *(Валя таңат).*
Агай, Берен,
Агай, Берен,
Сүйлөңүзчү бир ооз сөз!
Валя, бол бат
Валя, бол бат!
Каны акбасын байла тез.

Б о л о т о в. (*Душман жакты көрсөтүп*).
А... ха, ха!
Качты белем,
Сок, курдаштар,
Жакшы мээле.
Чегиништи, чегиништи.
Баракелде, биздерге.
Керек болсо
Өлүш керек,
Жеңиш кансыз болобу?
Сок таамайлап
Алга, достор!
Кыруу керек канкорду!

(*Душмандар чегинет, атыш токтойт, Болотовду Валя, Чолпонбай алып кетишет, Чолпонбай кайта кирет*).

А с к е р л е р.

Толкуган толкун бөгөлсө,
Толкуну кайдан басылсын?
Серпкенин албай мостойсо
Шумкар куш кайдан жазылсын?
Кабыланды аскар тоо тоссо,
Арманы кайдан ачылсын?

Алдыдан октор себилет,
Көрүнбөй душман бекинет.
Алар да кантип аясын
Жан досторду. кемитет.

(*Комбат, комрота киришет*).

К о м б а т.

Алга карай жүргүлө
Командир жолдош, руксат эт.
Душманды кайра чегинттик,
Ээлөчүү жерди ээлейлик
Чабуул салар алдында
Аларга кезек бербейлик
Токтотпой калың ок атат,
Жашынган бекем ДЗОТ жатат.
Аны алыш керек эң мурда,
Бул милдетке ким барат?

Ч о л п о н б а й.

Мен барам!
Дайрадан чабак ура алам,
Аскага куштай уча алам.
Тоскоолун топон кыла алам,
Онуна жалгыз даай алам
Атканым жаза кете элек,
Калк үчүн туулуп жаралгам.
Жери тааныш душмандын
Беш колумдай жатталган.

Г о р о х о в.

Мен да барам!

Г е р м а н.

Мен да барам!

Т ө р т ө ө.

Комсомол атым барында
Кантип жүрбөйм алдыда?
Большевик бизди таптаган
Курчуткан кызыл жалынга

Душмандын ДЗОТУН согобуз,
Мына ушул биздин убада.

В а л я.

Мен да кошо барамын,
Мындайга көнүп бышкамын
Татаал учур кезинде
Тие алат далай жардамым.

П о в а р.

Эй, достор, жүргүлө,
Тамак ичкиле
Мантуу бышырдым
Таттуу тим эле.
Тамак камдадым
Түрлүү түрлүүчө,
Май бар, эт бар,
Нан же эркиңче. *(Тамагын чертип)*
Бул да жок эмес,
Суукта кылт этме.

(*Үчөө кетүүгө камданат*).

Ч о л п о н б а й.

Айланамды карасам,
Алоолоп күйгөн өрт жатат,
Айланайын, кара жер,
Онтолойт катуу кыйналат.
Алыста жатат кулачың,
Сен жай гана агасың,
Көркүң менен мелтиреп,
Өлкөмө маржан тагасың
Эй, Тынч Дон...
Койнуң толгон ак буудай.
Жел ойногон аймалай.
Байлыгыңа кол сунуп,
Душман келди ажалдай.
Эй, Тынч Дон
Соккон жүрөк түткүчө
Өмүр күнү бүткүчө
Тагдырыңды талашып
Биз болобуз күрөштө
Эй, тынч Дон
Кулак салып тыңшасам,
Боздогон үндөр угулат.
Бизди качан келет деп,
Бир боорлор күтүп муңканат.
Жер менен тегиз түз болгон,
Далай сонун кыштактар.
Кыйратып кетип баратат
Фашист деген акмактар.

Кайгырба алтын тууган жер,
Биз сенин бекем коргонуң
Сен үчүн жаным жүрөгүм
Сен үчүн курман болмун.

Жол кыйын түтөк ашуу бар,
Өтүү керек ашуудан.
Сен үчүн элим мен даяр,
Сен үчүн элим мен курман.

Биз кеттик, силер күткүлө
Комсомолбуз төртөөбүз
Бузган соң душман коргонун
Ракеттен кабар беребиз.
(Командир менен коштошуп)
Жоо жарак колдо шайма шай,
Түгөнгүчө алышам.
Андан да айла болбосо,
Жүрөгүм менен от басам.
Далай жолу коштошком
Амандашкам кайра да,
Күткүлө бизди, күткүлө
Кош, жолдоштор, кошкула!

(*Кете башташат*).

А с к е р л е р.
Сак болгула, төрт барчын,
Төртөөң тең бирдей ылаачын.
Абайлап баскын изиңди
Алдыңда жылаан жатбасын.

Баарыбызда бир тилек,
Баарыбызда бир милдет,
Ал милдетке жетүүдө
Далай өлүм, кан керек.

Сак болгула, баатырлар,
Нечен терең орлор бар.
Душман чебер, айлалуу
Уясын издеп табыңар.

Тетиги жардын үстүндө
Ажалга жайлуу дөбөдө
Шектүү сыр бардай көрүнөт,
Аны да байкап көргүлө.

Тууган жер карап мелтирейт,
Душманды жеңип келгин дейт.
Майданда жүргөн уулуна
Ардактуу атак энчилейт.

(*Горохов, Герман кетишет, Валя менен Чолпонбай чыгып бара жатышып*).

Э к ө ө.

Биз кеттик, силер күткүлө
Комсомолбуз төртөөбүз
Бузган соң душман коргоңун
Ракеттен кабар беребиз.
Далай жолу коштошком
Амандашкам кайра да,
Күткүлө бизди, күткүлө
Кош, жолдоштор кошкула

(*кетишет*).

А с к е р л е р.

Майданда чарчоо болчубу?
Биз толкуган күчтөбүз!
Ошентип кабар бергиле
Ракеттен белги күтөбүз.

Жолуңар болсун, баатырлар,
Жоо уясын тапкыла,
Ата журт милдет тапшырды
Кош курдаштар, кошкула!

III АКТ

Дон дайрасынын толук көрүнүшү. Талаа. Дайранын аркы өйүзү бийик жар. Жардын бир тарабында фашисттик ДЗОТ, экинчи тарабы жөнөкөй жер сыяктуу болуп турат.

Ф о н-Ш у л ь ц.

Урган таштай аркырап,
Кирген суудай шаркырап
Бет келгенин кулатып
Биздин солдат баратат.
Алды жагым ачык жол,
Арт жагымда миң сан кол.
Кызыл тарап былк этпейт,
Чегингени мына ошол.
Тартып алдым көп жерин,
Басып алдым көп элин
Жеңишибиз жашасын,
Ойноп күлүп бийлеймин
Ха, ха, ха!

(*Телефонду бурап*).

Т е л е ф о н д о г у.

Биз турабыз бек жерде,
Эчтекеден шектенбе
Алло, аллоо!

Кызыл аскер өтө албайт,
Абдан бекбиз тим эле!
Алло, аллоо!
Коё тургун тим койгун
Мен гана өзүм билдирем,
Танкаларды жибербе!

(*Артында Чолпонбай, Валя, Горохов, Герман жарга чыга башташат*).

Ч о л п о н б а й.

Бул дөбөдөн карасаң
Көрүнөт бүткүл айланам.
Душмандар билип муну да
Комдоно жатып жай алган.

Н е м е ц т е р.
Эки күндө бул Донду
Тартып алабыз
Андан кийин нефтисин
Басып алабыз
Ах, ха, ха, ха!
Үч-төрт күндө Маскөөнү,
Курчап алабыз.
Совет жерин бир айда
Талкан кылабыз.
Ах, ха, ха, ха!
Рапорт берип Гитлерге
Берлинге барабыз
Майрам кылып, аракка
Суусун басабыз
Ах, ха, ха, ха!

Т ө р т ө ө.
Бул дөбөнү албасак,
Ажалдын оозун баспасак,
Көп чыгымга учурайт
Жаздым кылып биз тарап.

Толкуган чабуул толкурда,
Тоо аска, турбай алдында
Тазалансын жолунан
Кучагын кенен жаюуга

Аз убак калды болжолго,
Руксат эмес токтоого,
Бизге ишенди жолдоштор,
Канакей, ДЗОТту таптоого.

(*Чыга башташат, пулеметтун үнү*).

Ч о л п о н б а й.

Жумушчу баатыр жасаган,
Ичине намыс кек салган.
Өлүмгө-өлүм кан үчүн,
Кызыл баатыр кармаган.
Ме, Гитлердин ажалын!

(*Гранат ыргытышат, пулеметтун үнү*).

Ч о л п о н б а й.
Айкырып кабылан арданса,
Ким тура алат алдына?
Сени биз кырып салмайын
Эч кайтмай жок арт жакка!
Ме, Гитлердин ажалын!

(*Гранат ыргытышат, пулеметтун үнү басылат*).

Г о р о х о в.
Пулемет үнү басылды,
Биздики таамай жарылды.
Мен байкап карап келейин
Не болгонун билейин.

(*Жарга чыгып бара жатат*).

Ф о н-Ш у л ь ц.
Кайдан келди гранат.
Дүңгүр-дүңгүр жарылат!
Эмне болду капырай.
Кара башым айланат!
Токто, токто, атпай тур,
Иштин дайнын байкап тур,

Н е м е ц т е р.
Большевиктер шайтандай
Көзге илешбес неме экен.
Көлөкөдөй жылт этип.
Жетип келчү неме экен
Караңгы түн, тар жолдо
Өкүм кылчу неме экен.
Ызгаар суук бороондо
Күчөп сокчу неме экен.
Кайдан келди көрүнбөй
Кантип бизди байкашты?
Соо кетирбейт шайтандар,
Жүр, мырзалар, качалы!
Жүр, мырзалар качалы!

Ү ч ө ө.
Кан майдандын тагдыры
Минут менен саналуу
Ар бир кылган баатырлык

Өлкөбүзгө пайдалуу.

Ушундай майда тоскоолдор
Жыйналып чоңго айланат.
Чоң кылмыш кылган болобуз
Мындайды көрбөй таштасак
Төрт жактан каптап чыгууга,
Бир жолдон башка жол да жок.
Жүргүлө кайра чыгалы,
Күтүп турар убак жок.

Ф о н-Ш у л ь ц.
Биз жакка жакындап,
Жөрмөлөп шакылдап
Анакей карачы!
Бир орус келатат.
Көзүң жок көрбөйсүң,
Бол эми, дароо ат!

(*Гороховду пулемет менен атат*).

Г о р о х о в. *(Үчөөнө)*

Немецтер абдан бек экен,
Октон тоскон чеп экен.
Жолу туюк тар экен,
Кыйын далдоо жерде экен *(жыгылат)*

Ч о л п о н б а й. *(Германга).*

Сен жөнө да кабар бер,
Аскерлер белен болушсун
Мен тазалап турайын
Жолубуздун тосколун.

Кабар берем айтып кой,
Жарым саат ичинде,
Чабуулду камдай беришсин,
Алга карай жүргүлө!

(*Герман кетет*).

В а л я.
Билдиң го, жолдош Чолпонбай
Эмне деп суроо сурабай.
Эң кыйын минут туш келди
Алдыда жаткан жол кандай.
Жалгыз аяк жол экен,
Өтүүгө болбойт экиден,
Баарын байкап душмандар
Бекем жерге бекинген.
Мен барайын сен калгын,

Дөбөгө ылдам чыгайын.
Жакшылап таамай түз согуп,
Огунун үнүн басайын.

Ч о л п о н б а й.

Жок, Валечка!
Азамат элде туулат,
Майданга сөөгүн калтырат.
«Эл үчүн өлсө шейит» деп
Биздин кыргыз салт кылат.

Сен дагы совет кызысың
Мен дагы совет уулумун.
Сен орустун кызысың
Мен кыргыздын уулумун.

Бирок биздин тилек бир,
Биздин санаа максат бир.
Биздин тамак, төшөк бир,
Биздин күлүү сүйүү бир.

Андыктан бир боор иниңмин
Орус эл, тууган өз элим!
Намысым бир сен менен
Россия менин мекеним.

Мынакей калыс кан майдан
Тайманбай ажал каалаган,
Экөөбүзгө бир үлөш
Же сен курман, мен курман.

Кыз менен мендей эркекке
Ажал бирдей туш келсе,
Сага мурда жол берсем
Намыс калар бетиме.

Сен барбайсың, мен барам,
Аскадан куштай уча алам.
Менден да жаздым иш кетсе
Келерсиң Валя артымдан.
(*кете баштайт*).

В а л я.

Чолпонбай
Сен дагы жаш, мен да жаш,
Сен кыргыздын чолпону,
Биздин гүлдөй өмүргө
Ушундай күндөр туш болду.
Чолпонбай,
Эсиңде бардыр бардыгы
Ата журт милдет тапшырды.
Бирге бөлдүк кордукту

Тең бөлүштүк ажалды.
Чолпонбай,
Чалгында жүрсөк бир жүрдүк,
Көп кыйын иш бүтүрдүк
Урматты уксак, тең уктук,
Өлүмдү күтсөк тең күттүк.
Чолпонбай,
Жаштыкты кантип жашырам,
Сени мен сүйөм, жактырам
Уйку энчим кыска болсо да,
Далай ойлоп уктагам.
Чолпонбай,
Алдыда майдан жанса да,
Ажалдар колун сунса да,
Коркпойт экен махабат
Ал бир чексиз күч тура.
Чолпонбай,
Сүйгөнүң бардыр билемин
Кабыл болсун тилегиң.
Билип туруп аныңды
Сүйөмүн сени кантемин?
Чолпонбай,
Туш болду кыйын бир учур,
Эрдикти сынайт мына бул,
Сага бир сөз айтайын
Көңүлүңдү бери бур.
Чолпонбай,
Кучагыңды ач, шумкарым,
Эстейли эрдик жылдарын
Өбүшөлү бери бас,
Мен калайын, сен баргын.

Э к ө ө.
Кан күйгөн, кандуу майданда,
Ажалга даяр биз мына.
Жаштык өлбөйт эч качан
Ата-журт, бизди унутпа!

(*Өбүшөт, Чолпонбай чыга баштайт*).

Н е м е ц т е р.
Ай азап ай, азап ай.
Ай тозок ай, тозок ай,
Өнбөс ишке жармаштык
Үйүбүздө жөн жатпай.

Ай, Гитлер ай, Гитлер ай:
Кандай жолго салдың ай.
Биздин күнгө туш болуп,
Кайдан туулуп калдың ай.

Жүр, мырзалар, качалы,

Жаман жорук башталды.
Дүңгүр-дүңгүр үн чыгат
Орус келип калдыбы?

Ф о н-Ш у л ь ц.
Эй!
Акмак! Коркок, жалтак!
Баатыр болосуң, азыр келет арак!
Байка, жакшы ат!

Ч о л п о н б а й. (*Чыгып бара жатып*)
Эсимде бала күнүм, тентек чагым,
Кубалап айдап алып колхоз малын,
Ушинтип тоого чыгып бара жатып,
Эсимде мен ырдаганжаш ырларым.
«Ат жайлоонун сеңири ай,
Анын өрүшү малга кеңири ай,
Азырак ойноп жүрөрдө,
Акинай,
Ажыратты теңири ай»...

Азырчы? Азыр мына, ажал койну!
Бул жерде тамаша эмес, өлүм ойну!

О чиркин, өмүр деген таттуу тура,
Миң түрлүү өнөрлөнгөн көз алдыда!
Көп күлкү, нечен сүйүү, кызык күндөр.
Бирок ал күрөш менен бүтөт тура.

Биз жеңсек, октор тынчып, согуш бүтсө
Сагынган тынч өмүрлөр кайра келсе,
Тим эле алтын таалай чүмкөбөйбү
Ошондо кантер экен чиркин дүйнө.

Мен көрсөм тосуп чыккан карт бабаны,
Мен көрсөм аман кайткан курдаштарды,
Жадырап жаратылыш кубангандай
Мен көрсөм көзүм менен жыргалдарды.

Бирок да антиш үчүн эмне керек?
Мына бул жан алгычты жеңүү керек!
Тууган жер, тууган эне, силер үчүн
Күрөштө жанды курман кылуу керек!

(*Гранатты ыргытат, немец тараптан пулеметтун үнү, Чолпонбай дагы ыргытат, чыгып бара жатып удаа, удаа гранат ыргытат, пулеметтун үнү токтойт*).

Мына бул соңку медерим
Кайра артыма кетпесмин
Басылып калды пулемет
Жоого намыс бербесмин.

(*Акыркы гранатын ыргытат. Немец тараптан кайра ок чыгат*).

Түгөндү эми мен кантсем?
Валяга түшсөм кечигем
Коркоктук кылсам бул жерде,
Чоң жаздым иш кетирем! *(Жыла баштайт).*

Ф о н-Щ у л ь ц.
Карап турба, ачык ооз,
Эшек, доңуз тукуму!
Бол, ыргыт!

(*Гранат ыргытат, Чолпонбай үч мертебе тосуп алып кайра ыргытат, пулеметтун үнү басылат*).

Ч о л п о н б а й.
Урушта туруш болчу эмес,
Ой-ойлоп турчу жер эмес.
Кармашуу керек бир гана
Чолпонбай коркок жан эмес.

Ары жок, тажаал пулемет,
Жолумду неге тососуң?
Мен өлбөйм, сактайт тууган жер,
Сен такыр жок болосуң!

Мынча азамат өлгүчө
Мен бир бала өлөйүн.
Энедей мээрим жеримди
Гитлерге кантип берейин?

Кел, бүркүттүн айбаты,
Кел, кабыландын кайраты,
Сок, Ала-Тоо бороону,
Көтөр, кыргыз канаты!
Жардам бер, эне жүрөгү!

(*Пулеметтун амбразурасын жүрөгү менен басып жыгылат, немецтер шаша баштайт*).

Б о л о т о в.
Көктөгү Чолпон *(артында)*
жылдыздай
Жаркырап тийген күн, айдай
Маңдайыңан садага,
Айланайын, Чолпонбай

А с к е р л е р.
Талабың кең дайрадай
Тилегиң эркин шамалдай,
Кайратың, кыраан барчындай
Кубатың асман тоосундай.
Атак сага, улуу даңк,
Кыргыздын уулу Чолпонбай.

Эркин кыргыз бүркүтүнө урмат!
Чолпонбайдай алп күчүнө урмат!
Жолборс жүрөк балдарыңа урмат!
Чолпонбайдай жигитиңе урмат!
Урмат! Урмат!
Чолпонбайга урмат!

(*Көр казылып даяр болот, кайгылуу музыка менен Чолпонбайды коюшат. Аскерлер ант беришет*).

А с к е р л е р.

Ал тууган жер,
Койнуңду кер,
Бул, Чолпонбай өз балаң.
Дон, сен үчүн,
Эл, сен үчүн,
Курман болду, өз балаң!

Ук, тууган жер,
Бүт совет эл,
Өзүңө ант беребиз!
Мындай эрдин
Өчүн, кегин
Жоодон алып беребиз?

Ук, тууган жер
Бүт, Совет эл!
Өзүңө ант беребиз.

Б о л о т о в.

Жыйырмадан жашың аша элек,
Таластан келген бала элең:
Айбыгып коркуу билбеген,
Оттой күйгөн бала элең
Кош болгун, иним, кош болгун,
Гүл өнсүн, сенин мүрзөңөн!
Эстесий өткөн, кеткендер
Атыңды атап ыр менен
Сен үчүн жоодон кек алам,
Башыңда туруп ант берем.
Биздин ант бир!
Тилек, ой бир!
Жоону жеңип келебиз!

(*Артиллериянын залпы, Чолпонбайдын өлүгү коюлат*).

А с к е р л е р.

Асмандан сок, кыраан учкул самолёт
Айда, жөнө, болот танка, жаадыр ок!
Ат замбирек, ат канакей дүңгүрө!
Ат автомат, ырда сен да пулемет.

Жүр алдыга майтарылбас Армия,
Кыян, селдей токтоо бербей ташкында!
Бут алдына, найза учуна жанчылсын
Душман кыйрай, сансыз өлүм ажалга!

Мынакей Дон, кымбат болгон кең дайра,
Эли ойногон бакты, жыргал койнунда
Алга, достор, өмүр үчүн, эрк үчүн!
Кантип муну. тарттыралы душманга

Уч, самолет, бийик учкун асманга
Чурка, танка, жоо танкасын талкала,
Мекен үчүн, берекелүү эл үчүн,
Алга, достор, алга, достор, жүр алга!

(*Чолпонбайдын атка минип турган эстелиги көрүнөт*)

А с к е р л е р
ж а н а э л д е р.

Көз жетпеген койну кенен Дон мына,
Кең Дон үчүн курман болгон эр мына!
Жер термелип чабуул коюп бараткан,
Улуу мекен, сенин уулуң — биз мына!

Уч, самолёт, бийлик кылгын асманга
Чурка, танка, жоо танкасын талкала
Мекен үчүн жана мээрман эл үчүн,
Алга, достор, алга, достор, жүр алга!

16/I—1943-жыл.

МАХАБАТ

4 көшөгөлүү, 6 көрүнүштүү лирикалуу комедия

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

М а х а б а т Б о з о е в — Институтту жаңы бүтүргөө жигит - 25 те.
Ж ы п а р — Анын аялы, институтка жаңы киргеу студентка — 18 де.
Н у р м а т Ж а м а н б а е в — Аны «Нурмат аке» дешет, шаардашкан спекулянт (соодагер), институттун түнкү кароолчусу. Махабаттын кыйыр тууганы, квартира ээси — 60 та.
А ш р а ф х а н а п а — Институттун ашпозчусу, Нурматтын оозгу үйүндө жашоочу жесир аял—45терде.
Т а ш б о л о т — Нурмат акенин уулу, качкын.
Т е н т е к к ы з — Нурматтын кенжеси.
К а с е н а б а — Махабаттын курбусу, институттун мугалими — 30 да.
Р о з а — анын аялы — 20 да.

А с е л — Жыпардын өгөй энеси.
К а р а П а л б а н — Ашрафхан апанын таякеси, институттун бир майда кызматында иштейт.
Ж о л д о ш М у р а т о в — Милиционер.
Н у р м а т а к е н и н к о ң ш у л а р ы — Узун ууру, жалган сопу, ачкөз Молдо, Ак айым бүбү, Кара айым бүбү.
Кабарчы жана шаардык Советтин өкүлү катышат.
Окуя ушул күндө, тылда Кыргызстандын бир шаарында өтөт.

I КӨШӨГӨ

1-КӨРҮНҮШ

Жай мезгили. Ысык-Көл бою. Махабат менен Жыпар кирет. Жыпардын колунда букет.

Ж ы п а р. *(Тынымсыз күлүп)* Махабат... атын да кызык... Махабат... Эмне үчүн Махабат?

М а х а б а т. Себеби мен — Махабат.. Атым — Махабат...

Ж ы п а р. Ий, Махабат, мен эмне үчүн мынча күлөм, я! Сени кайдадыр тойго, майрамга, кубанычка узатып жаткансып...

М а х а б а т. Кайгы бизге жарашпайт, Жыпар, көп менен көргөн улуу той дегендей, көп көргөндү мен да көрөмүн. Андан көрөкчө сен мени кубанычтуу узат.

Ж ы п а р. *(Алыска карап)* Көрчү... Көл да бүгүн гынч жатат. Толкун да жок. Жымжырт. Карачы, тээ алыста, аралда кыркалекей тизилген кайгысыз ак куулар, каз, өрдөк күнгө боорун тосуп олтурушат. Ак чардактар көлдө эркелейт. Бирок кун батыштан үзүктөй ак булут чыкты, эми бир азда көлгө толкун пайда болот... Ысык-Көл катуу толкуйт. Ошол курдуу биздин тынч өмүр да... толкуган жокпу?

М а х а б а т. Охо, Жыпар...

Ж ы п а р. О... көл толкуйт да кайра басылат. Турмуш да шол сыяктуу, толкуйт да кайра басылат.

М а х а б а т. Жыпарым, мага күлкүң керек. Сен мени күлүп узатат десе...

Ж ы п а р. Биз кыргыз кыздары ошондой ойчулбуз.

М а х а б а т. Андан пайда аз, эгер кокус мен эки колумдан бирдей ажырап келсем кантесиң?

Ж ы п а р. Ого бетер сүйөм. Биз кыргыз кыздары таза сүйөбүз. *(Пароходдун үнү).*

М а х а б а т. Ана пароход келе жатат. Эртең биз ушуну менен жөнөйбүз. Жүр, Жыпарым, үйгө баралы, мен камынайын.

Ж ы п а р. Баса, сен жөнөйсүң ээ... Түү, мен... мен... Токточу... Сабыр кылчы...

М а х а б а т. Неге кызардың? Бирдеме айтайын дедиң... Жыпарым!..

Ж ы п а р. *(Пауза. Жер карап)* Жакында балалуу болобуз.

М а х а б а т. Бул сөзүң мени абдан кубантат, *(эркелетип)* эгер эркек болсо менин атымды кой, атын — Махабат деп кой, кыз болсо өзүң бил.

Ж ы п а р. Жарайт, эгер эркек болсо, атын Махабат коём! *(Кетишет).*

2-КӨРҮНҮШ

Нурмат акенин үйү, эки-үч чоң сандык. Жыйылган төшөк. Кровать. Бөлмөнүн алдыңкы планында көшөгө тартылган бурч, бул Жыпар жана Махабаттын жайы. Нурмат аке, Ашрафхан апа, Махабат, Жыпар, Касен жана Роза. Булар Махабатты узатуу кечесин өткөрүп жатышат: Көшөгө ачылганда Касен ойнолуп жаткан

патефонду токтотуп коюп бокал көтөрөт.

К а с е н.

Ичели биздин шаардын жаш виносун!
Куйгула, бардык бокал бирдей толсун..
Бул вино, биздин жактын жүзүмүнөн,
Кашка суу, желі баккан Ала-Тоонун;
Махабат, Нурмат аке сизге тууган,
Жыпар жан, сенин жарың, менин досум!
Андыктйн бул винонун ширин даамы,
Алдыңан оор минут туш болгондо,
Курбума кыйын намыс, кубат болсун!
(Бокал уруштурулат).

Ичели! эң соңкусун кагыштырып!
Ичели! Ырда, достор, күл каткырып!
Ичели! Биздин турмуш дайыма күлсүн,
Батыштын азезилин ыза кылып,
Ичели! Дагы... Дагы... бир күндөрдө,
Согуштун Махабатын тосуп чыгып.

Ж ы п а р. «Согуштун Махабатын тосуп чыгып?!» Жакшы айтылды.

Р о з а. *(Кызганып)* Ий, Жыпар жаным, сен Касендин сөзүнө көңүл бөлбө, ал айта берет *(Касенге)* көзүңдү жүгүртпө, мага жакпайт.

М а х а б а т. *(Саатына карап)* Кош, эмесе... саат бир кыйла болуп калган экен. Мен жөнөйүн. *(Тура баштайт)* Жыпарым, сабагыңды жакшы оку, стипендианттыгыңды колдон чыгарба. Бул үй — өз үйүң, Нурмат аке, ошондой эмеспи?

Н у р м а т. А, инша-алла, инша-алла.

М а х а б а т. Ашрафхан апа, сиз да көз сала жүрүңүз.

А ш р а ф х а н. Ойбуй, анын эмнесин айтасың, өз кызымдан артык эмеспи. Өзүм Жыпардын мектебинин повору болгондон кийин, аны ач кылбасмын.

М а х а б а т. Ракмат, ракмат! Касен курбум, сен да Жыпарга көз кырыңды сал! Өзүң мугалимсиң, сен институтка керектүү кишисиң, өзүң билесиң катка сараңмын. Катты сейрек жазам.

Роза. Ий, Махабат, экөөң келип жүң десең, аял кишиге эркек киши жалгыз...

М а х а б а Т. Касен, жалгыз кел, Розичканы ээрчитпе... Кана эмесе... Нурмат аке, кош болуңуз. Ашрафхан апа, кош болуңуз.

Н у р м а т. А инша-алла, Махабатым, инша алла *(Узатып бара жатып)* Үй-жайыңды эч ойлобо. *(Ыйлап).* Бир аллага тапшырдым... Үй-жайыңды эч ойлобо. *(Ойлоп)* Ой тобоой... Күн-түн дебей кетип жаткан... кетип жаткан... кетип жаткан... Ай Ашрафхан, сен жети жылдан бери менин үйүмдө батирде турасың. Ошондон бери бир адатыңды такыр койдура албай койдум да, я!

А ш р а ф х а н. Рас, ысык тамак ичкенде мурдумду эле быш-быш этип тарта бермейим бар.

Н у р м а т. Аның эчтеке эмес, алдыңа тамак келгенде артыңдан бирөө кууп келе жаткандай, көз ирмемде жарым кадак палону урасың да турасың. Билесиңби, азыр сенин бир алганың канча сом турат?

А ш р а ф х а ң. Алда, байкушум ай, кабыргаңа бата түшкөн экен э! Андан сенин эчтекең коробойт. Ансыз деле дүнүйөң канча...

Н у р м а т. Тишш... Наалаты, бас үнүңдү. Дүнүйөң... дүнүйөң... Ушул сөздү айтпай жүрчү, деги сураганыңды берейин.

А ш р а ф х а н. Сураганыңды *(Жанаша келип тийишип)* Ай, дейм, ай...Жети жыл

болду мени ал, мени ал деп жалынам. Сураганымды берсең кана, дагы айтам, ал мени. Экөөбүз турмуш кошсок кандай жакшы, мен сенин дүнүйөңдү түк коротпойм.

Н у р м а т. Дагы дүнүйө... Эй, наалаты, эй жан алгыч, койчу ушул сөзүңдү. Мен алсам он сегиз жашар кыз алам. Сага окшогон эски чулгоо менен төшөгүмдү сасытып жинди болуптурмунбу. Дүнүйөгө баары табылат.

А ш р а ф х а н. Эмесе менин шертимди ук, эгер сага тийбесем атама тиейин! *(Кгтет).*

Н у р м а т. Эгер сени алсам ээ... алайын! А... наалаты, макоонун кебин айтат. Нурмат акең акыл-эсинен ажырап макоопас болуп калган күндө да сага карабас. Нурмат акаңдын ою кайда? Билесиңби, кайда?
(Жыпар кирет)

Ж ы п а р. Ох, чиркин, дүйнө ай... айрылуу кандай кыйын. Акындар айткандай:

«Айрылуу жашчылыкта кыйын тура,
Жандырган махабаттын жалынына
Аалам бир, жана жарың бир сыяктуу
Дартың жок, көкүрөк отто жүрөк жана»

Н у р м а т. Мына сөзүнүн башы дүйнөдөн башталбадыбы. Азыркы кыздарды билем, алар дүнүйө үчүн, көркөмдүк үчүн сатып алчу гүл...

Ж ы п а р. Жалгыздык кандай кыйын... Жок, тагдыр баарыга тең. Мен бүгүнкү күндү күндөлүк дептериме жазып коёюн. *(Өзүнүн көшөгө тартылган кроватынын жаңында турган Жыпар Махабаттын сүрөтүн столунун үстүнө коюп, жаза баштайт).*

Н у р м а т. Деген экен дейт,.. «Кудайым берейин деген кулуна белен кылат жолуна. «Баары жолумда, баары үйүмдө, баары өз колумда. Темирди кызуусунда, сок. Жетишер, жети жыл жесир жүрдүм. Бирок ал колдо дөөлөт жок, белде кубат жоктуктан эмес... Нурмат акаң келечекти ийненин көзүнөн карап көрөт. Азыркы кыздарга ишенбейт. Алар дүнүйөңдү көргөндө сымап сыяктуу алаканыңда кылтылдап турат да, бир паста саланДап түшүп кетет. Ошентип сызга олтуруп каласың. Мен тандадым, «Кудай Махабат өлсө экен» деп да тиледим. Акыры бүгүн согушка кетти. Ал эми келбейт. Бул аял ишке тың, бетке карап катуу айтпаган, оокатка бүйрө, бузула элек аял. Мага ушул аял жапат. Жаш эмеспи, биринчи кеп айтканда ал эле, бул эле дээр, анан дүнүйөнүн четин көргөндө Нурмат акаңдын сакалынан жыттар. Ук, өзүң аллам! Мага махабат пайда болду. Мен махабатты дүнүйө менен, күч менен, амал менен торго түшүрөм. Мен махабатты сатып алам!

(Тентек кыз кирет).

Т е н т е к к ы з. Атай, ата дейм, я ата! *(Өңүлдөп ыйлайт).*

Н у р м а т. Дарт! Э, туз ургур, дагы эмне болду?

Т е н т е к к ы з. Баягы сасып калган эки тукумду 10 сомдон жыйырма сомго, баягы көгөрүп кеткен 3 кило унду 100 сомдон үч жүх сомго саткам. Ташболотуң баарын тартып алып койду. Фронттон келгем, арак ичем дейт. И... и... *(Өңүлдөп ыйлайт).*

Н у р м а т. Э, наалаты, ыйлаба эми. «Жамандан жакшы туулат, адам айтса ынангысыз, жакшыдан жаман туулат бир аяк ашка алгысыз» дегендей, экөө тең киши болбой калды. Эми сооданы өз колума албасам болбойт. *(Тентек кыз өңүлдөйт).* Эй, туз ургур, Ташболотуңбу, көр болотуңбу, акчаңды кайтарып кел, эмесеби... атаңдын ачуусун билерсиң. Тирсегиңен гана илип коём. Жогол. *(Тентек кыз кетет).* Чыгаша! Чыгаша үстүнө чыгаша! Пай! Пай! Пай!

Ж ы п а р. *(Жазып бүтүп, кыңылдап, туалетин иреттеп)* Эчтеке эмес, сагынышкан (сүйүү өмүрдү ого бетер таттуу кылат. Согушта жигиттин баары өлбөйт;

согушта жигиттин баары жарадар болбойт *(Махабаттын сүрөтүн карап күлүп)* Билбейм... же мага ошондойбу... Махабат өлүмдөн күчтүү!

Н у р м а т. Э, Жыпаржан, ачышкан жүрөктүн дабасын таба албай тургандырсың э, чырагым!

Ж ы п а р. Жок, Нурмат аке, жүрөк неге ачышсын! Ага кандай даба?

Н у р м а т. Ап бали, Жыпарханым, эчтеке болгонум жок де! Жакшы... Жакшы... Сен ушул тапта, жар боорунда жалгыз эп-ээн агып жаткан булаксың. Аны жанындагы кең, сөөлөттүү, күчтүү, чоң дайрага буруп жиберсе кандай сооп болор эле.

Ж ы п а р. Сиздин сезимиңиз назик. Биз ак доорду жашап өткөнбүз.

Н у р м а т. Жыпар күнүм, сен, алиги... биздин короодогу сонун айбат тоту гүлсүң. Мен, көлөкөсү кең, тамыры терең, мөмөсү көп мийба багымын. Ошол тоту гүлдү көлөкөлүү бактын жанына олтургузсак кандай сооп болоор эле.

Ж ы п а р. Жарашпайт. Гүлгө кайра убал болот...

Н у р м а т. Жыпар айым...

Ж ы п а р. *(Таң калып)* Нурмат аке, мен таң калам. Сиз көптөн бери мени менен кызык сүйлөшөсүз. Бүгүн андан бетер. Неге мен: ханым, күнүм, айым болуп кеттим? Сиз кызым дечү элеңиз го?

Н у р м а т. *(Жанына ого бетер жакындап, сылап, эркелетип)* Макул, макул антпейин. Айланайын, айланайын, Жыпар жытым деген ушул *(Чачынан жыттайт).*

Ж ы п а р. *(Чегинип)* Жыпар жытым?! Мен сизге таң калам.

Н у р м а т. Эмесе... Сөздүн ток этер жерине көчөлү. Сен мени картаң, же мектептин күзөтчүсү деп чанарсың. Сырты жамандан түңүлбө, ичи жамандан түңүл дегендей, менин ички тарчылыгыман түңүлбө. Турмуш базар сыяктуу, оош-кыйыш менен жүрө турган нерсе. Балким, эртең эле мен...

Ж ы п а р. *(Эч ойдо жок окуяга таңыркап)* Мен сиздин өмүрүңүзгө, тиричилигиңизге кийлигишпейм.

Н у р м а т. Арине... арине... ал чын. Бирок дагы ачыгыраак болсун. Базар наркы бир жумадан бир жумага аркан бою көтөрүлүп турган убак. Заманың тарыйт, жаманчылык тырс-тырс учуп ар үпгө кирип келе жатат. Барган кишилер, түбөлүккө кайтпайт. Эркек аз... эртениңди ойло. Оокат, кийим, үй-жай...

Ж ы п а р. Баарын көрөбүз. Заман биздики, кайгысына бышып, азабына чыдайбыз. Сиз кызык ойлойсуз*(Саатын карап)* Мектепке баруум керек.

Н у р м а т. *(Тосуп).* Токто, Жырархан, дагы ачыгыраак болсун. Мен, сен жана бир алла таалам билсин. Менде дүнүйө жок ,эмес. Сени өз бүлө кылып алгым келет.

Ж ы п а р. *(Шаңкылдап күлүп)* Сиз улуу доорго чирип бүткөн, биз шылдың кылып окуган — илгерки бир убактын жыртык чапанын жаптыңыз. Жарашпайт. Жарашпайт, Нурмат аке *(күлөт).*

Н у р м а т. Жыпаржан, дагы ачыгырак болсун. Мен сени алам. Кудай алдында ичимен карганып койгом. Жок дебе. Биздин өмүр бүгүн жарашпаган менен, эртең карашып кетет...

Ж ы п а р. *(Шылдың менен каткырып)* Жок, антпеңиз... Антыңызды актоого тырышыңыз, мен жардам берейин *(Кетмекчи болот, Нурмат токтотуп).*

Н у р м а т. *(Жалынып)* Айланайын, айланайын, Жыпаржан, *(Чачынан сыламакчы болот)* терс аяк болуучу эмес. Макул десең... Макул десең... Ушу сен макул деген сөзүңдү канчага баалайсың, сатып алайын...

Ж ы п а р. *(Күлүп, таң калып)* Ага акчаңыз жетпейт. Нурмат аке... Кымбат түшөр...

Н у р м а т. Күлгөнүңдөн... Күлкүңөн жаным айланайын. Токтосоң, Токтосоң, Жыпаржан...

Ж ы п а р. *(Дагы күлүп өзгөрүп)* Мен сизге бир өтүнүч айтам, сиз да макул болорсуз. Азыркы окуя, сиз мени сынап айткандай, мен сиздин сыныңызды көтөргөндөй болуп кала берсин.

Н у р м а т. *(Ачууланып)* Жок. Көгүчкөнүм, мен оюмдагымды аткарам! Мен сени

алам!

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Жаман түш сыяктуу, эп келишпеген окуя! *(Күлүп)* Кызыкко бул! *(Касен кирет) (Нурмат сыр билгизбей басып кетет).*

К а с е н.

Урмат сизге, куттуу үйдүн гөзөлү!
Урмат сизге, үйдүн ээси, төрдөгү!
Урмат сизге, сапар кеткен туйгундун
Көлдө сүзгөн ак куу сындуу көркөмү!
Урмат бизге! Келип турган ушинтип,
(Колун жайып) Бөлүп салып, эки жакка экөөңү!

(Жыпар көңүлдүү күлөт).

Билем, билем, Жыпар эркем... Эригесиң. Анан ага да көнөсүң. *(Карап)* Бир күн болбой жатып өзгөргөнүңдү кара. Бир жакка шашасыңбы? Олтур, эркем. Розичка театрга кумар, ал ошол жакка кетти. Мен жалгыз олтура албай сага бастым.

Ж ы п а р. Касен аба, ракмат, мен шашып турам. Ушул үй кандайдыр капа сыяктуу, тар сыяктуу көрүнүп кетти. Башка жактан үй карасам дейм.

К а с е н. Үй деген биздин шаарда кыйын эмеспи.Мында турбагың келсе, биздикине көчүп кел, батышабыз.

Ж ы п а р. Жакшы болор эле, бирок...

К а с е н. Эч кандай бироктун кереги жок. Бүгүн көчсөң бүгүн, эртең көчсөң эртең даярбыз.

Ж ы п а р. Азыр деле болсо...

К а с е н. Абдан жакшы. *(Нурмат счётун кагып болуп басып келди)* Нурмат аке, Сиз капа болбоңуз, Жыпарды көчүрүп кетүүгө келдим. Мына, азыр эле ташыка баштайбыз. Аздыр-көптүр бирге туруп өз баландай болуп калгандыр, капа болбоңуз.

Н у р м а т. А, жакшы болот. Неге капа болоюн. Мейли көчсө көчсүн... *(Тигилер камына баштайт)* Бирок Жыпардын жолдошу анча-мынча карыз эле. Ошонусун тындырсаңар эле болот. Жаш кишилердин карыз болгонун эң жек көрөм. *(Жыпар таңдана окутуучусу Касендин алдында аябай уят болот. «Бу кандайча, бу кандайча...» деп өзүнчө сүйлөй берет.)*

К а с е н. *(Сыр билгизбей Жыпарды такыр байкабай, анын уятын мойнуна алып)* Сиз жаңылышасыз. бул кишилер карыз эмес. Ал мага алда качан айткан...
Мен карыз... *(Калп айтып)* Мен буларга карыз. Түү... таптакыр унутканымды көр. Канча эле?

Н у р м а т. Той бергенде кошконум. Баягыда силер келгенде... Ал окуусун бүтүргөндө... Дагы кишилер келип калып «Нурмат ака, базарга барып келе коюң» дегенде... Бүгүнкү күрүчкө кошконум болуп... *(Жыпар ого бетер уялууда).*

К а с е н. Сомосун айтыңыз, сомосун...

Н у р м а т. Эки миң үч жүз жана алтымыш беш сом, тыйынын айтпайм.

Ж ы п а р. Бул кандайча? Бул кандайча? *(Өзүнчө уялууда).*

К а с е н. Абдан жакшы. Мен да ошончо карыз болчумун. Жаңы эле акча алгам. Мынаңыз!
(Роза кирип келет).

Н у р м а т. *(Өзүнчө)* Жуткан жутабайт. Муну да ала турайын.

Р о з а. Сиз мында экенсиз го? Бир күнгө чыдай албай келип калган экенсиз? Эч болбосо эртең келсеңизчи? Шашасыз, шашасыз. Көз карашыңан билгем! Бул эмне деген падарка?

К а с е н. Розичка, акырын, акырын. Бул анчейин бересе... Сен театрга бардыңбы?

Р о з а. *(Жер тээп)* Шаша баштады. Кдндай падарка? Ким үчүн, Жыпар үчүнбү?

Н у р м а т. Жок кызым, Жыпарханымдын карызын төлөдү.

Р о з а. *(Чыдай албай)* Эмне? Аха... Кумурсканын өлүгү ушу жакта экен го. Мен жинди... Билбегенимди кара. Эркектин баары ушундай. Айт, кандай карыз? Кандай акча?

К а с е н. *(Оңтойсузданып)* Розичка, калган сөз үйдө бүтсүн. Сен акылдуусуң... Уят, уят... *(Роза чыдай албай турат)*

Н у р м а т. Хой, энди көчсөң көч. Роза кызым, Жыпарханды көчүрүп кеткиле. Азыркы акча ошол көчтүн акчасы.

Р о з а. Я! Менин үстүмө... Көчүрүп.., *(Жер тепкипеп)* Аай, Касен, бу кандай, бу кандай жүзү каралык...айт! Айт мага *(элге)* жакшы болду, окуянын дал үстүнөн чыктым.

К а с е н. *(Таптакыр башка сөздү сүйлөп).*

Ай жарык, аалам уктайт, айды карап,
Ай күлөт, көл бетине жүзүн карап.
Эртеңки жакшы өмүргө көзү жетип,
Калкыма, жалаң ракат убада кылат...

Бах... Бах... Бах... Розичка эртең менен эң кыйын сабактарым бар эмеспи... Розичка, жүр үйгө тезирээк, ай, ай, ай, Розичка эске салып да койбойсуң.

Р о з а. Жакшы, жүр деп айтпаганыңда жаакка жейт элең. *(Роза Касендин колунан кармап шашып чыгып бара жатат. Касен өзүнчө «Түшүнбөйсүң, Роза, түшүнбөйсүң» деп сүйлөөдө).* Кошуңуз, аксакал! Калп болбоңуз, аксакал! Мен муну жакшылап тергөөгө алам. Кошуңуз, аксакал.

Н у р м а т. *(Өзүнчө)* Эй, наалаты! Ой кызым, сен аксакал деген сөзүңдү койчу!

Р о з а. Айып этпеңиз, аксакал *(Нурмат ого бетер тынчсызданат, Роза Жыпардын жанына басып келип)* Жыпар, мен сени эч качан мындай деп ойлогон эмесмин. Ракмат?! *(Жыпар ого бетер уялып, басынып, «Розичка, Розичка!» деп кала берет. Роза чыгып бара жатып)* кошуңуз, аксакал! *(Кетти. Нурмат кыйкырып).*

Н у р м а т. Тойт з, беймаза аял экен го. «Аксакал, аксакал». Алтымыштан жыйырма бешке түшүп жатса, «аксакал!» Сендейдин онун карытар, аксакалың. *(Жыпарга)* Каап, Жыпаржан, көчө албай калдың ээ! Ай, ай,ай, ай *(Өз жагына кетип, дагы счетун каккылайт.)*

Ж ы п а р. *(Катуу уялуудан кайра көтөрүлүп)* Кандай уят... кандай уят... Неге турмуш мындай тескери боло түштү... Кандай уят... Кандай уят... *(Кроватына кулап кетет. Бүлкүлдөп ыйлайт).*

Н у р м а т. *(Табалап)* А Жыпарханым, көчө гой, айланайын, көчө гой. Өзүң айткандай, жардам берейин, көчө гой.

Ж ы п а р. *(Өйдө туруп)* Мен бул үйдө бир күнгө тура албайм. Азыр теңтуштарымдыкына кетем, ошондо конуп эртең көчөм. *(Басат, Нурмат токтотуп).*

Н у р м а т. Түк каршылыгым жок, бирок аял кишиге насыя болуш өлүм. Бүгүн эле, Ак айымбүбү менен Кара айымбүбү бүткүл шаарга атагыңды жаят.

Жыпар. Дагы кандай карыз? Бул таң каларлык иш го?

Н у р м а т. Силерге батирге келгенде айына отуз сомдон алчумун. Кийинки алты ай ичинде барлык нерсе көтөрүлдү. Ошентип сизден айына 150 сомдон кошумча алууга мажбур болом. Жыпарканым сиздин мойнуңузда дагы 900 сом пул бар. Ушуну төлөп анан көчө бериңиз.

Ж ы п а р. *(Таң калып, коркуп. Кайра кубана түшүп)* Ох, жараткан ай. Буга да жол табылды. Апама кат жазып жиберейин. Жарайт, бир жума күтүп туруңуз.

Н у р м а т. Жарайт, жарайт. Дагы бүтө элек!

Ж ы п а р. Нурмат аке, напсиңизди тыйыңыз. Жетишет? Мен аял киши. Сиз менен талаша албайм.

Н у р м а т. Сот текшерет. Калыстар менде үйүрүйүрү менен бар. Жана договор

боюнча ушул жылдын аягына чейин калган айдын акчасын — 800 сом пул төлөйсүз. Анан эрк сизде.

Ж ы п а р. *(Басынып, коркуп, уялып)* Бул кандай шумдук, бул кандай жалаа. Бул үй ого бетер тарып бара жатат. Жарайт, айтканыңдын баарын төлөйүн *(өзүнчө)* төлөйүн... кандай уят, кандай уят...

Н у р м а т. Менин бир гана талабым бар. Ошого макул болсоңуз бул жалааны... *(Кайра ойлоп)* астафуралла... бул карыздын баарын кечем. Сиздин алдыңыз дагы турмуштун тоскоолу кайра ачылат.

Ж ы п а р. *(Эч нерсе оюнда жок, кубанып)* Айтыңыз. Аткарайын.

Н у р м а т. Менин аялым болуңуз.

Ж ы п а р. (*Ого бетер күлүп, тынымсыз каткырып)* Эми түшүндүм. Ойлоно турган кеп экен.

Н у р м а т. *(Өзгөрүп)* Баятан ошентпейсиңби! Ойлоноюн дediңби? Сөзүндөн жаным айлансын. Айланайын, айланайын, Жыпар жытым деген ушул *(Жакындап чачынан сыламакчы болот. Жыпар чегинип).*

Ж ы п а р. Антпеңиз, Нурмат аке, антпеңиз. Сиз уят иш кылып жатасыз. Эсиңизге келиңиз...

Н у р м а т. Тилиңен, тилиңен жаным айлансын... Жарайт, мен коңшуларды бир айланып чыгайын. Ойлоп көр. Жарым саатта кайтам. *(Эшиктен чала мас, аскерче кийинген Ташболот кирип келет).*

Т а ш б о л о т. *(Аябай шашып)* Ата... ресторанда ичип олтурат элем, патрулдар тарс кирип келгени. “Ваш документ» дегенде гана бир уктум, атылып чыгып жөнөдүм. Кудай бир сактады да...

Н у р м а т. Каныңды ич, иттин баласы. Этиет кыл. Жыпарды эшикке чыгарбай тур. Мен эми келем. Иш бар. *(Кетет).*

Т а ш б о л о т. *(Жыпарды токтотуп)* Эч кайда...Күйөөң кеттиби? Кетсе керек. Сага барам деп нечен ойлоп, күйөөңөн ийменгем. Эмесе...

Ж ы п а р. Бул кандай адепсиздик? Махабат барда бул сыяктуу балит жоруктун бири да жок эле. Түшүндүм. Күйөө күтүү турмушту таза кылат экен го. Күйөө—турмуштун кол жеткис сепили экен го!

Т а ш б о л о т. Бүгүн барам. Ишен Жыпар, барбай койбойм. Сен хи... хи... хи... жок дебессиң!

Ж ы п а р. Уятсыз, атасына жараша баласы да... Мындай бүлөгө кайдан келип калдык. *(Ташболотко)* Сен укта, чарчагансың, анын үстүнө жарадармын дейсиң, ичкилик жакпайт, укта *(Жетелеп барып жаткырат).*

Т а ш б о л о т. Жарайт... Жарайт... Бир өптүрүп койчу.

Ж ы п а р. *(Каткырып күлүп)* О кандай балит иш! *(Кетмекчи болгондо кызматынан кайткан Ашрафхан кирет).*

А ш р а ф х а н. Жапжалгыз, күйөөңдөн калып, эригип тургансың го, Жыпар кызым? Күйөөдөн айрылуу кыйын болот. Мына мен жети жыл болду, жесирмин. Ошондон бери кудайыман бир тилек тиледим. Кудайым жеткирбей койду. Бүгүн кудайым алдында шерт кылдым. Намыс чыдатпады.

Ж ы п а р. *(Жароокөрлөнүп)* Ал кандай тилек, кандай шерт, Ашрафхан апа?

А ш р а ф х а н. Мына бул какбаш чалга тийсем дегенде эки көзүм төрт. Ары айлантып көрдүм, бери айлантып көрдүм, эч болбоду. Даяр оокат, даяр үй, даяр дүнүйө... Анын үстүнө бир бирибизге ылайыкпыз. Шертим... шертим...

Ж ы п а р. *(Тынымсыз күлүп)* Арманыңыз зор экен. Тырышсаңыз жетесиз. Сиздин ашыгыңыз мага дагы *(күлүп)* кызык, кызык сөздөрдү айтты.

А ш р а ф х а н. *(Жыпардын айтайын дегенине дароо түшүнүп)* Ий, өлүксүз. Ал ошондой наадан. Базар кымбаттагандан бери көптү. Айланайын кызым, бери кел *(Эл тарапка ээрчитип).*

Ж ы п а р. Эмне айтмаксыз?

А ш р а ф х а н. Бул шүмшүккө мен тием. Бери басчы, кызым...

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Сиз бир нерсе ойлодуңуз...

А ш р а ф х а н. Көктөн тилегенимди кудай жерден бербедиби. Бул абийирсиз адамды мага коё бер. Мен ага тием! Тийгенде да далай өнөр көрсөтүп тием. Менин намысымы келтирди, мен аны...

Ж ы п а р. Оюңузду айтыңыз, Ашраф апа! Мен мектепке баруум керек.

А ш р а ф х а н. Кызым, сенден үч нерсе сурайм, ошону аткарсаң кыяматка чейин жакшылыгыңды унутпайм. Сообума каласың.

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Сиздин тилегиңизге пайда келтире алсам, өзүм да кубанам. Айтыңыз.

А ш р а ф х а н. Бери бас, кызым. Жанагы шүмшүк азыр келет. Ал сага адепсиз сөзүн айтат. Сырын беш колумдай билем. Ал наадандын он сегиз жашар кыз алам деген ою сен турбайсыңбы *(Экөө тең каткырышат).* Эми ал ары жок жооп бер деп кыйнайт. Сен жарайт деген сөзгө жакын бир сөз айтсаң... Жаным, теңим, кызым ушул сөзүң эң зарыл... Сен тамаша үчүн айт. Тамаша үчүн...

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Макул Ашрафхан апа, эң кыйын иш, бирок сен үчүн макул.... Дагы?..

А ш р а ф х а н. Бери бас, кызым. Анын айтар сөзүнүн баары мага маалым. Сөздүн ирети келгенде: өңүмдү кантем? деп кой. Жарайбы?

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Сиз мага мугалим болуңуз ирети келсе... *(Күлүп)* Эгер ирети келсе...

А ш р а ф х а н. Бери бас, кызым. Менин раматылык күйөөм ашкан маскарапос болучу. Мени нечен өнөргө үйрөткөн. Мен үнүмдү миң кубултуп, бирде кемпир, бирде чал, бирде кыз, бирде мышык болуп кетем. Сен мага бир күнгө мобул күрмөңдү жана көйнөгүңдү берип тур. Бул дагы бир зарыл...

Ж ы п а р. Баарына түшүндүм. Мен жок дебейм.

А ш р а ф х а н. Мына өзү да келип калды. Буга мен кызык оюн көрсөтөм. Буга тием! *(Нурмат менен Тентек кыз кирет)*

Н у р м а т. Болду, өңүлдөбө. Урам деп койсо көчөгө жатып алат бекен. Чыгашанын кирешеси бар. Эчтеке эмес, бул жолкуңду кечирдим. Болду, өңүлдөбө *(Ташболотту бир коюп)* Эй, наалаты, тур! *(Ал темтеңдеп турат)* мына, Жыпаржан *(Ашрафханга)* эй, албарсты, сен жогол үйүңө! Дагы эмне балээ кылганы жүрөсүң?

А ш р а ф х а н. Сага эртең тиейин деп жүрөм!

Н у р м а т. *(Аябай ачууланып)* Жогол мастен, жогол дейм, эртерек! Бол, көзүмө көрүнбө! А, наалаты? *(Ашрафхан кетет).* Мына, Жыпархан *(Кызы ыйлап турат, баласы мас)* биздин бүлө ушулар болот! Жаман эмес *(күлүп)* чогуу күн өткөрүшөбүз. Уктагыла! Окшошкон туз ургурлар!

Ж ы п а р. *(Четке)* Өзүң баш болуп тукумдарыңыз кошо, бул замандын таштандылары экенсиңер дээр элем. *(Нурматка)* Сөзуңүздүн калети жок. Сиз мага бир жума руксат бериңиз, карыздарымды...

Н у р м а т. Эң соңку суроого жооп бериңиз?

Ж ы п а р. А баса... *(Дагы күлүп)* Эмне эле? Эмне эле?..

Н у р м а т. Антчү эмес, Жыпаржан, антчү эмес. Жана ойлоюн дедиң, эми жарайт де! Кана, Жыпаржан?

Ж ы п а р. Мен жарайт дегенге ылайыктуу сөз таба албай жатам.

Н у р м а т. Жооп күтөм. Эгер жок десең — чатак ырбай берет. Жашсың, сөздөн оолак бол. Турмуштун миң амалы менде. Жооп кутөм. Жарайт де...

Ж ы п а р. *(Күлүп)* Мен корком. Жарайт деген сөзгө ылайыктуу сөз таба албай жатам.

Н у р м а т. Я, я! Эмне дедиң! Я аллам, Я, перим, ошентсең! Ошентсең! *(Жакындай баштайт).*

Ж ы п а р. Сиз сабыр кылыңыз...

Н у р м а т. Сабыр кылыңыз? Кудай, иш бүттү. Той эртең болсун, караңгыда, кечкурун болсун. Кыяматтык досторум болот. Молдо да келет.

Жыпар. *(Таң калып, күлкү шылдыңдын ортосунда)* Тоюңузду өткөрө бериңиз. Мен кубанам.

Н у р м а т. *(Кубанып)* Инша алла, инша алла, Жыпар күнүм. Баятан ошентпейсиңби. Эчтеке эмес, жашмын дээрсиң...

Ж ы п а р. *(Ашрафхандын «өңүмдү кантем» дегенин дароо ойлоп)* Чын эле Ашрафхан апа бул кишинин сырын кыйын билет экен. *(Нурматка)* Өңүмдү кантем?

Н у р м а т. Анын эмнеси бар? Бетиңе жоолук жаап ал. Уяласың жашсыз да. Качан нике бүттү, ача салабыз. Анан андан ары көнүп кетесиң.

Ж ы п а р. *(Четке)* Бул жооп Ашраф апага керек го, аган айтайын *(Нурматка)* Ошондой болсун *(Басат)*

Н у р м а т. *(Кубанып).* Жаным айлансын, жаным айлансын сенден, Жыпарханым. Кайда барасың *(Тосуп)* түн караңгы. Убакыт кеч. Короо жабык, эшик бек. Эч кайда чыга албайсың... Ачкыч колдо..Бүгүндөн баштап башка өмүр күтөсүң...

Ж ы п а р. *(Чегинип, мостоё түшүп, ойлой калып)* Мен эмне дедим? Махабат кеткен сагаттан бери кандай окуялар болуп кетти. Эч өмүрүмдө укпаган, угам деп ойлобогон абийирсиз сөздөр келе баштады. *(Ойлоп, дароо эсине түшүп, уялып)* Бул киши Касен абага уят кылды. Кандай уят, кандай уят. Бардыгы ушуну менен бүтүп кетсе болду го. *(Махабаттын сүрөтүн алып)* Махабат... Махабат... Сенсиз мага кыйын *(кроватына кулап бүлкүлдөп ыйлайт).*

Н у р м а т. Мына, мына азыркы кыздар... *(Кыткыгыктап күлүп)* Ыйла, ыйла, карлыгачым, ыйла. Сен мындан ары ыйга жакын болосуң. Нурмат акаң сени ый менен жолдош кылат. Көп ыйласаң тең карыйсың. Илгери бир китепте айткандай:

«Э аллам, карт өмүрүм жашка айлансын,
Жаш өмүр карт өмүргө тып-тып тамсын»

(Кыт-кыт күлүп) Мен махабатты ушунтип түшүрөм. Сатыласың, махабат, сатыласың!

II КӨШӨГӨ

Нурматтын үйү. Жакшылап жасалган. Түрлүү тамак жана ичкилик коюлган стол. Нурмат сабырсыздык менен колуктусун күтүп турат. Жыпардын киймин кийген Ашрафхан апа созулуп кирип келди. Нурмат өтө төмөнүлүк менен баш ийип төргө узатты.

Н у р м а т. Баягы азезил Ашрафхандын жок болгонун көр. Ушундайда кол кабыш кылбайт беле. Э нааты, кесирин кара э... Эмне кылып жүрөсүң десем:
Зага эртең тиемиң деп жүрөм» дейт а... Э наалаты...менден айланат бекенсиң.

А ш р а ф х а н. Ал киши эң эле шашылып мектебине кетти. Балким сизге тийсе тийип алар...

Н у р м а т. *(Кубанычтуу күлүп)* Жыпар жаным, жыныңдан айланайын *(Чачынан жыттап)* Бах... май айындагы жыпар жыт бейм. *(Күлүп)* Кызганба, Жыпар жагам, кызганба, сен турганда аны алып эмне кылам. Анайын, айланайын, Жыпар жытым деген ушул.

А ш р а ф х а н. Меймандарыңыз тезирээк эле келеби. Эртерээк эле бүтүп кетсе...

Н у р м а т. Я алла, я пирим, аялдар ушундай чымсыз болот. Шаша баштаганын көр. Жыпар жаным, барлыгы мына азыр бүтөт. Сенден жаным айлансын. Азыр чакырам. Азыр чакырам *(Чуркап барып эшиги алдында туруп кыйкыра баштайт).* О, раматылык Нишанбай ажынын короосундагы нисаби жок жалган сопу, ачкөз молдо аке! О, ашпостун оң жагындагы майрык өтүк, Узун ууру ака! О, базарнайдын маңдайындагы кара палван кумарчы ака! Ак Айымбүбү, о, Кара айымбүбү! Э келсеңер болбойбу!

Келгиле эми, бол. Бир-бир чыны чай ичип кеткиле! Мына, Жыпаржаным меймандардан алды келе баштады. Узун ууру. Ой, я, Нурмат ака *(Стол жакка өтүп)* «Бир жаман атасы өлгөндө көбөт, бир жаман катын алганда көбөт» дегендей, бул сенин катын алганда көпкөнүңбү?

Н у р м а т. Эмне болуп кетти? Эмне болуп кетти?

У з у н у у р у. Дос бар, душман бар, балача үйүндүн алдында туруп алып Узун ууру эле, Узун ууру деп кыйкырганың эмнең? А бирөөлөр чынында эле ууру экен деп ойлоп калбайбы? *(Бирдемелерди лыпылдатып уурдап коюп кончуна катып жатат).*

Н у р м а т. А жыластыкы ай, көнүп калган адат да. Айланайын, айланайын, Узун ууру ака, деги колуң шок эле, тынч олтура көр. Тээ илгерки замандагы нукура алтын күмүштөн жасалган дүнүйөлөрдү алып чыктым.

У з у н у у р у. Э, мен жинди болуптурмунбу уурдап, баланын сөзүн айтат *(Дагы уурдап ката баштайт. Аздан соң Ачкөз молдо кирет).*

М о л д о. Ассалфоома алейком. Куш бооң бек болсун, Нурмат.

Н у р м а т. Андай болсун, андай болсун!

М о л д о. Э, Нурмат ака *(Стол жакка басып)* сенин алжый баштаганыңбы, же көбө баштаганыңбы, билбейм. Дал өз үйүндүн жанында милийса кызматчысы турат, бүткүл шаарды жаңыртып жалган сопу, Ачкөз молдо ака деп кыйкырганың эмне? *(стол үстүндөгү арактан куюп ичип, тамактан жей баштады).* А уккандар чындап эле жалган сопу, ачкөз молдо экен дебейби. О, жолуң болгур.

Н у р м а т. Айланайын, айланайын, Ачкөз Молдо ака, деги анча-мынча ач көздүгүңүз бар, коё турсаңыз, эл келгенде ичип жейли да, коё турсаңыз. *(Тамакты. аракты анын алдынан ала баштады).*

М о л д о. Койдум, койдум! Мына, мына! *(Кара палван кирди).*

Н у р м а т. О, айланайын. Кара палваным!

К а р а п а л в а н. *(Зөөкүрлүк кылып)* Кара палваным! Кара палваным! *(Муштумун көрсөтүп)* Нурматака! Бир муштасам барбы, жаныңыз кыяматтын кырк эшигинен өтүп, жебиреилдин желкесине минип калат. Кумарчы! Кумарчы! Ким кумарчы! Эл чыңдап эле кумарчы экен деп ойлобойбу? Э баччагар! Сени Нурмат спекулянт десем жакшы көрөсүңбү?

Н у р м а т. Айланайын, айланайын, Кара палван ака! Жаңылдым жаздым, айланайын, айланайын! *(Ак айымбүбү менен Кара айымбүбү келди)* Келиңлер, Келиңлер, эки сулуу!

А к А й ы м б ү б ү. Коңшундун боосу бек болсун! Кыяматтык жар болсун!

К а р а А й ы м б ү б ү. Бек болсун! Өз теңиң болду, эң жакшы! Биз бүткүл шаарга таратып кайттык хихи-хи!

Н у р м а т. Кана ардактуу меймандар, жай алгыла. Ак нээтке жакшы тилек жолдош болуптур дегендей, Нурмат акаң силердей жан досторун тойго чакырып олтурат. Баарыңар менин оюмдагыны айттырбай билчү оёнсуңар. Куттуу үйдө, ак дасторкондун алдында олтурасыңар, ийри олтуруп түз кеңешип менин өмүрүмө ооп иш кылып койгула. Кыз тием деди, мен алам дедим, законго да ылайык. Жашы он сегизден ашкандан кийин кыз 80 деги чалга тийсе өз эрки дейт.

А к А й ы м б ү б ү. Жашы он сегизде эмес эле кырк бештерден ашып калган эмес беле?

К а р а А й ы м б ү б ү. Жашын жашырбай эле тийбейби, ий бетим ий!

Н у р м а т. Булар эмне дейт! Жашы туура он сегизде!

А к А й ы м б ү б ү. Ашрафхандын жашын биз кантип билбейли! Хи-хи-хи.

Н у р м а т. Ой, сен жинди болдуңбу, мен Жыпарды алганы жатпаймынбы?

А к А й ы м б ү б ү. Апей, ал мактанган экен ээ!

К а р а А й ы м б ү б ү. Биз ошентип айттык! Шаарга тарап кетти!

Н у р м а т. Жебиребегиле! Жебиребегиле! Эл ансыз да силерге ишенбейт. Кана, Молдоке, ырым-жырымыңызды баштаңыз. Узун ууру ака, Кара палван ака силер күбөлүккө жүрө койгула. Эптеп эле шариятка эп келсе болду. *(Молдого шыбырап)* Кыздын башын айлантып кой, башын айлантып кой.

М о л д о. Э Нурмат ака, нээтиң жакшы, нээтин жакшы... Карылык кимге келбейт, күнүң батып, түнүң караңгылап баратканда төшөк жаңыртканга не жетсин. Жашчылык эңсесең табылбас, сагынсаң кайрылбас, ыйласаң боор оорубас, куусаң жеткирбес, серпсең карматпас кыйын сөлөкөт турбайбы. Бирок сен кайра жашардың!

Н у р м а т. Ап, баракелде, Молдо аке, ал чын, ал чын...

М о л д о. Чын, чын дейсиң... Ошого жараша кыйын иш турат. Заманга ууру иш кылып жатабыз.

У з у н у у р у. Эчтеке уурдаганыбыз жок, Молдоке!

М о л д о. Шарыят кууп, зскиче нике кыйып, башын айлантып бер дейсиң...

Н у р м а т. Олдо, Молдоке ай, жанытпай эле ачык айтсаңчы, бирдеме бер дегени турасың го. Той бүтсүн, анан...

М о л д о. Жок, Нурмат ака, сенин сырың баарыга маалым, анан дегениң эки жыл, кийин дегениң он жылга кетет. Береріңди азыр бер.

Н у р м а т. *(Күлүп)* Алда, Ачкөзүм ай... Мечи деги эки жүз сом...

У з у н у у р у. Ай, Нурмат, мени күбөлүккө жүр дейсиң, береріңди башта берип кой. Сен жаткан жалганчысың. Күбөлүк тозокко барганда уурулук менен тең азап тартат дейт. Келе, береріңди.

Н у р м а т. Олдо кайран Узун уурум ай, мечи сага, жүз сом. Кара палван. Келе мага дагы, эмесеби...

Н у р м а т. Олдо жылас ай, ме ме гой...

К а р а А й ы м б ү б ү. Мен эми эле шаардын бир башынан бир башына Ашрафханды Нурмат алганы жатат деп айттым, эми Жыпарды алат дейм. Ал үчүн канча
ооздун жели кетет.

А к А й ы м б ү б ү. Сөз таратууга да жүрөк керек. Келе бизге деле бирдеме!

Н у р м а т. Мэ балакет, мэ мээнет! Пай,*пай, пай, пай, канча акча чыгып кетти я! Жыпаржан, көрдүңбү, сен аябай кымбатка түшүп жатасың.

А ш р а ф х а н. Мен уялам...

М о л д о. *(Бир чыны сууну алып)* Бисмилла рахман ираим... *(шыбырап калып)*

Алганың пери кызы экен,
Сүйгөнүң Нурдун өзү экен,
Күкүк менен Зейнептей
Бирине бирин эңсеткен;
Айрылгыс болуп жүргүлө,
Акырет доорон сүргүлө,
Зулайка менен Рүстөмдөй
Жан кошуп бириң-бириңе
Соодаңыз кетсин өркүндөп,
Дүнүйөң ашсын көк тиреп,
Алган жарың өлбөсүн

Сен өзүң: бир миң бир жүз элүү жашка жет. Оомин!

Аллохакбар! Аллоохакбар! Кана эмесе, күбөлөр силер да бирдеме дей койгула *(Эшик кагылат).*

Н у р м а т. Бул ким болду? Эчким келүү керек эмес эле.

А ш р а ф х а н. *(Четке)* Кудай Жыпар болбогой эле!

Н у р м а т. Баягы Ашрафхан албарсты болдубу, же... *(Эшик кагылат, баары сестее түшүшөт. Эшикти катуу тартып Асел кирип келет).*

А с е л. Белден баткак. Түндүн караңгылыгы ай. Көзгө сайса көрүнгүс. Жармаңке көчөсү 63 деп андан да сурайм, мындан да сурайм. Араң таппадымбы... Ох, белим ай *(Куржун кечесин коёт).*

Н у р м а т. А... келиңиз, келиңиз. Нээтиңиздин тууралыгы ай... Төргө өтүңүз *(Беркилерге)* Бул Жыпардын энеси. Менин кайын энем. Кой, мен уялып калайын...

М о л д о. Олтуруңуз кудагый, олтуруңуз! Той сиздики!

А к а й ы м. Бизге эмне болот? Мен билбейт экемин!

А с е л. Апей, бетимдин беш териси, эмне дейт? Бетимдин беш териси деп коём да.

У з у н у у р у. Сиздин кызыңызды күйөөгө берип жатабыз. Кубаныңыз.

А с е л. Оо, төбөңөн тийгир! Төбөңөн тийгир деп коём да!

М о л д о. Кеп мындай. Азыр кыз эрки эмеспи. Кимди сүйөт экен, ошого кете беришет турбайбы. Жыпар акылдуулук кылды, кагылган, согулган, ар нерсени алдын алып билген, кудая шүгүр дүнүйөсү бар Нурмат деген күйөөнү тапты. Кызыңыз жыргалды тебелеп, жыргал менен ойнойт.

А с е л. О жыргалың менен жылас бол! Тамаша экен десе! Ой э, каргагыр! Каргагыр деп коём да! Сага эмне болду? Чыбыктай солкулдаган күйөөңдү таштап тарамыштай тырышкан чалды тапканың эмне? Мага бир ооз сөз айтып акыл салсаң болбойбу? О кудай алкагыр, кудай алкагыр деп коём да.

А ш р а ф х а н. Мен сиздин кызыңызмынбы, же башкамынбы, аны бир кудайым өзү билер. Кааладым тийдим.

А с е л. О куруп кал сен, куруп кал! Ал мени өгөйсүнткөнүң го! Менин өз кызым болбогонуң менен сени мен... *(Ыйлап жиберет).*

М о л д о. Ай, энди ыйлабаңыз кудагый, ыйлабаңыз.

Асел. Сени кыйналып калдыбы деп тыйын тыпыр, май курут, эт, таруу апкелсе...

А ш р а ф х а н. Анын баарын кайра алып кетиңиз. Кана эми тездетпейсиңерби...

А с е л. А, куруп кал десе, куруп кал десе деп коём да. Шашып алган тура арам. Ой, сенин үнүң башка го. Деги эле жоон чыгат да.

А ш р а ф х а н. Ыйладым...

М о л д о. Ыйлаган... Ыйлаган да... Бол энди, күбөлөр, кана...

У з у н у у р у. *(Бир чыны сууну колуна алып)* Күбө. күбө күбөдүрмүн, күбөлүккө жүрөдүрмүн... актык, адалдык үчүн, ак никелик үчүн... *(Нурматка сунуп турат).*

Н у р м а т. Болду, болду, мени айтпай эле кой, мен кабыл тутпаганда ким тутар дейсиң. Кабыл туттум, кабыл туттум. *(Уурдап)* Жыпарга, тез Жыпарга...

(Кара палван Жыпарга жакындаганда, Асел тура калып аны жыга түртөт).

А с е л. Ай, ысабы жок, уятсыз наадандар! Нике кыюуңдан мурда мага бир эки ооз акыл салышсаңар болбойбу.

Н у р м а т. А инша алла! Инша алла!

А ш р а ф х а н. *(Четке)* Кудай ай, эртерек эле никем кыйылса экен.

А с е л. Ой Жыпар, чыныңды айт, сен макулсуңбу? Эркиң менен тийип жатасыңбы? Деги бетиңдеги жоолугуңду алып таштачы! Ырымың менен кур! Ырымың менен кур деп коём да.

А ш р а ф х а н. Эрким менен эле тийип жатам. Жоолугумду алуудан уялам. Анан деле алам. Шерт бар...

А с е л. Андай болсо, күйөө, бери кел! *(Нурматты бөлүп чыгып)* бул үйдөгү иштин баары эскиче жүрүп каткан окшойт. Кыз макул болгондон кийин мен деле макул. Андай болгондон кийин, ачык айткандын айбы жок дегендей кана эмне бересиң...

Н у р м а т. Кыз, өгөй экен го... андыктан...

А с е л. *(Аны жулкуп алып)* О беймаза каапыр десе, өзүм туубаган менен, мен багып, мен чоңойтком! Ушул алы менен катын алам деп мактанбай эле койбойбу.

албадым! Бербе!

Н у р м а т. Сабыр кылыңыз, сабыр кылыңыз... Эмне сурайсыз?

А с е л. Эмне сурайсың? Эмне сурамак элем. Биз дыйкан кишибиз. Дүнүйөңдү өзүң ал. Эшиктеги кызыл уюңду берсең эле болду. ,

Н у р м а т. Ой бууй... Кызыл уй, коюңуз... ой бууй...

А с е л. Кыз алуу арзан бекен, «ой буюуң» менен жерге кир. Мал деген менде толуп жатат. Уй берсең төө аласың.

Н у р м а т. *(Ойлоп)* Хоп энди, сизде болгону кайсы, менде болгону кайсы, сүтү да суюк. Мейли берейин *(беркилерге)* Кана бүтүргүлө.

К а р а п а л в а н. Күбө, күбө күбөдүрмүн, күбөлүккө жүрөдүрмүн; актык, адалдык үчүн, ак никелик үчүн Нурмат Жаманбай уулуна Жыпар... *(Токтоп калып)* атасынын аты ким эле. Эсимен накат чыгып кеткенин көр, алиги...

М о л д о. Биз билбейбиз... Биз билбейбиз...

Н у р м а т. Мага айтууга шарият көтөрбөйт... өзүнөн сураңыз.

К а р а п а л в а н. Ким эле? *(Пауза).*

А ш р а ф х а н. *(Четке)* Кудай ур, атасынын атын билбейм... Кудай ур... *(пауза).*

М о л д о. *(Аселге)* Ким эле, сиз айтып коюңуз, кыз уялып жатат...

А с е л. Мен тергейм...

Н у р м а т. *(Чыдай албай)* Жыпар жан, бол эми, атасынын атын айтуудан уялат бекен?

А ш р а ф х а н. *(Четке)* Кудай ай, атасынын атын билбегеними кара. *(Чөнтөгүн аңтарып паспорт таап алып)* Их, кудай ай, аз жерден калды да. Мына менин атамдын аты ушул паспуртта. *(Шектене түшкөн Нурмат кубанып).*

Н у р м а т. Молдокеме бер!

М о л д о. Бозой кызына деп айта бер. *(Паспортту Нурматка берет. Нурмат катып алып).*

К а р а п а л в а н. Нурмат Жаманбай уулуна Жыпар Асыл кызы кабыл туттуңбу?

А ш р а ф х а н. Миң мертебе туттум *(ууртайт).*

А с ы л. О куруп кал! Куруп кал деп коём да. Бетиңди ачып эле койсоңчу эми. Иштин баары бүттү.

К а р а А й ы м б ү б ү. Кана ачып коёлу. Уялба садага, уялба...

А ш р а ф х а н. Мен апаман уялам. Э, Нурмат күйөөм, сен эми апама бererиңди берип узат. Анан бетимди ачайын, эмесе уялам.

А с е л. Мейли, мейли андай болсо мен деле аябай шашып турам. Кетейин.

Н у р м а т. *(Кыйкырып)* Ой, Тентек кыз! *(Тентек кыз кирди)* Бол кызым, уйду чечип бул кишиге жетелет.

Т е н т е к к ы з. Аный, сүтсүз калам, и... и... и...

Н у р м а т. Эй, туз ургур, атаңдын ачуусун билесиңби. Бол тез, о жер соргур. *(Тентек кыз кетти).*

А с е л. Кушуңуздун боосун бек карма. Бир эрден чыкты, эми бек карма *(Апкелген нерселерин кайра көтөрүп чыгып кетти).*

Н у р м а т. *(Эрчий чыгып)* А инша алла. Инша алла разы болсоң болду. Ал жагын кишиден сурабайбыз. *(Кайра келип, Ашрафхандын жанында туруп)* Кана, ай нурум, жарк этип кой! *(Жоолукту ачып жиберет. Барлыгы аң-таң. Нурмат ордунда катып калды. Бир аз жым-жырт. Беркилер окуяга эми түшүндү. Узун ууру, Кара палван, эки аял аябай каткырып жатышат. Молдо суз турат).*

А ш р а ф х а н. *(Кыткылыктап күлүп) О* кудай, тийдимби сага. Шертти билесиңби. Баарын өзүм иштедим
(Кыткылыктап күлүп).

М о л д о. Э, Нурмат ака, сиз жаңылган жоксуз. Өз теңиңизди таптыңыз. Жакшы болду. Айтам да кантип эле ал кыз көнө койду дейм да. Жакшы болду.

Н у р м ат. *(Буулугуп)* Бас үнүңдү, акмак! Ачкөз ит! Жакшы болду, жакшы болду.

(Жинденип) Аай...

М о л д о. Кыйкырба, наадан! *(Арактан ичип, тамактан жей баштап)* Ачкөз дейт а... ач көз... ач көз... Сооп болду, сооп болду. Обу жок көпкөн, бир ажалы көктөн *(ичип)* Сооп болду... сооп болду... *(Арактан салып алып чыгып кетет).*

У з у н у у р у. Кимди алсаң, ошону ал... Ууру деп күйгүзөт э... Ууру деп *(Чөнтөгүнө ар нерсени салып жатат) А* бирөө чындап эле ишенип калбайбы... Кош, күнүндү көр, Нурмат. Эчтекеңе тийген жокмун... (*кетет).*

А к А й ы м. Айтып жүрүүгө жакшы кеп табылды. *(Нурматты.)* Ий, куруп кеткир, карыганда катын алгычын. Иий, байкуш. Ашрафхан апа, эң жакшы кылдыңыз. Эң жакшы, кылдыңыз.

К а р а А й ы м. Ашрафхан апамда айып жок, ал бүгүн Нурматка тием деп өзү айткаң. Элге да ошентип жайганбыз. *(Нурматты чыканагы менен түртүп)* Кейий турган эчтеке жок, Ашрафхан апага жеткениңе да кубан. Жүр, Ак айым, көчөнүн бир башына сен түш, бир башына мен түшөйүн... *(кетишет).*

К а р а п а л в а н. *(Аябай каткырып)* Акылына баракелде, Ашрафхан, акылыңа баракелде, эч ойго түшпөгөн окуя... Баракелде.

А ш р а ф х а н. Жүр, Кара палван ага, менин көр жеримди ташыйлы. Мен жаңы күйөөгө көчүп келейин.

К а р а п а л в а н. Жакшы кеп... Жакшы кеп... *(кетишет).*

Н у р м а т. *(Селдее түшүп. Кайра бууракандап)* Аай! Бул кандай шумдук? Бул кандай шумдук? *(Эшик алдына чейин чуркап барып, кайра кайтып)* Мен наадан... Мен наадан... Ушундай да киши алданабы? Өл, Нурмат, өл! Ой бууй, ачкөз молдого эки жүз.. Узун ууруга, Кара палванга, жанагы эки жан алгычка... Баары жети жүз... Ой бууй... Кудай мындан көрөкчө мени алып кетсеңчи.., Тамакка, ичкиликке бир жарым миң... Ой бууй... иттин дүнүйөсү иттин дүнүйөсү... *(столун карап иреттеп)* Кап кудай ай, кудай ай... алты күмүш бычак, эки алтын кашык, бир майлыгым жок. Баягы Узун ууру ит согуп кеткен экен э... Олдо тукумуң тыйпыл болгур ай. Дагы бир бөтөлкө арак жок, баягы Ачкөз молдо ит жайлаган экен э... Ой бууй, дүнүйөң соол, дүнүйөң соол... *(ойлой түшүп)* Аааай... *(Сендиректеп, сүйлөөгө тили келбей)* Баары эчтеке эмес эле, кызыл уй... Ай, кудай, ал мени, мени ал! *(Сендиректей шашып)* Аай кызыл уй, кызыл уй! Үйүмө кайдан шайтан келди, кайдан балакет келди. Көз ачып жумганча канча чыгым... Ой бууй, дүнүйөң соолгур ай... *(Ыйлайп, кайра эшикке келип)* Э аллам, ишенгеним бир гана сен, кана мен үчүн бир сыр көрсөтүп, колдон кеткен дүнүйөмдү кайра алдыма келтирчи, сага ишенейин! Кана! Кана! *(Тизелеп жалынат... Буюмдарын көтөрүп Ашрафхан апа менен Кара палван кирет. Жайлаштырып жүрүп).*

А ш р а ф х а н. *(Экиленип)* Көчүп келдим. Төшөк салайынбы!

Нурмат. *(Жинденип)* Жогол, жан алгыч! Жогол! Мен сени өлтүрөм! *(Жулунат).*

К а р а п а л в а н. Нурмат ака, чебердеңиз, чебердеңиз. *(Чоң муштумун көрсөтүп)* Муну көрдүңүзбү? Ушунча киши оюн эмес, ак бата деген бар. Нике кыйылды.

А ш р а ф х а н. Дубалап башымды айлантып койдуңар э?!'

Н у р м а т. *(Кайра бакырып)* Аай... Көзүмө көрүнбө, албарсты, жогол! Мен сени албаска кудай алдында ант бергем! Жогол!

А ш р а ф х а н. Мен шертимди аткардым. Кудайыма шүгүрчүлүк кылам. Эч кайда жоголбойм. Төшөк салам *(Башкара баштайт).*

Н у р м а т. *(Соолугуп)* Кара палван ака, алып кетиңиз. Кудай акы алып кетиңиз. Жогол сен да!

К а р а п а л в а н. *(Муштумун көрсөтүп)* Нурмат ака, бир соксом жаныңыз жаандамга кетет... Макул бир күнгө жатпасаң жатпа; макул бир жума жатпа... Бирок Ашрафхан сенин аялың, нике кыйылды, сенин дүнүйөңө орток. Анын энчиси бир.

Ашрафхан, кана Нурмат аканы сеникине көчүрөбүз, көтөр!

Н у р м а т. Айланайын, айланайын, Кара палван, тамаша кылбагылачы. Кеткилечи.

К а р а п а л в а н . Эмне! *(Муштумун көрсөтүп)* Кайсындан баштайлы?

А ш р аф х а н. Мобул сандыгын? Мына ушуну жакшы тааныйм. *(Көтөрүп жана окуяга эси ооган Нурмат аларды карап туруп).*

Н у р м а т. Мейли... Мейли, оозгу үйүмдө турганда эмне, бул үйүмдө турганда эмне? Мейли, мейли... Алиги Жыпар... Жыпар неге кечигет. Барлык өчтү ошондон алам... *(Паузадан кийин, көңүлдүү күлкү менен Жыпар, Касен киришет. Өз бирчуна өтөт).*

Ж ы п а р. *(Тынымсыз күлүп)* Касен аба, Розичка... Розичка башкача ойлойт *(күлөт).*

К а с е н. *(Касен күлүп)* Менин Розичкам чындыкка ишенет. Жүрөгү таза. Андай оору көп аялда бар.

Ж ы п а р. *(Өзгөрүп)* Касен аба, башым айланып турат... *(Касен таң калып, түшүнбөй).*

К а с е н.

Түн бир убак, кезегинде таң атат,
Жаш өмүргө жакшылыгын таратат.
Ушул чакта терезесин кең ачып,
Бизди күтүп Роза ырдап олтурат.
Жыпар эркем, жүр көчөлү, көчөлү,
Биздин үй кең, абасы да тазараак.

(Буюмдарын көтөрмөкчү болот).

Ж ы п а р. Касен аба, чекемди басып көрүңүзчү... Мен бүгүн көчө албайм.

Н у р м а т. *(Оор басып, булут сыяктуу түнөрүп)* Амансызбы, жаш сулуу?!

Ж ы п а р. *(Аптыга түшүп, көчпөйм деп айтканына кайра өкүнүп)* Касен аба, мен бүгүн көчө албайм. Сиз бара бериңиз... Эртең келиңиз, көчүрүп кетиңиз. Бүгүн көчө албайм...

К а с е н. *(Аң-таң калып, Жыпарга такыр түшүнө албай... Эки ойлуу болуп)* Жыпаржан, сен ооруп турасың. Мен азыр... Жакшы укта... *(кетет).*

Н у р м а т. Жыпарханым... Сен кыйын экенсиң го!

Ж ы п а р. Нурмат ака, мага тынчтык бериңиз. Мен кыйналып турам.

Н у р м а т. Баары туура. Сиздин жаңы өмүрүңүздү куттуктоого уруксат этиңиз.

Ж ы п а р. Кандайча?

Н у р м а т. Сен бүгүндөн баштап менин аялым болдуң. Болгондо никелүү аялым болдуң. Бул чын.

Ж ы п а р. Түшүңүздү айтыңыз, жакшылыкка жоруп берейин.

Н у р м а т. Жок, чырагым, түш эмес, өз колуң менен кылган иш. Эгер чын акыйкатты сүйгөн кыз болсоң, акыйкатка моюн сун!

Ж ы п а р. Моюн сунам, эгер акыйкат бар болсо.

Н у р м а т. Сен бүгүн мага аял болдуң *(Койнунан паспортту алып чыгып)* сен паспортуңду бердиң. Бул акыйкатпы?

Ж ы п а р. *(Ишке эми түшүнүп, артка чегинип, чөнтөгүн карап эси чыгып стулуна олтуруп калып)* Ашрафхан апа чатак иш кылган го... Башым айланат... Барган сайын салмактанып бара жатам. *(Кыйнала баштайт)* Мен Касен абаны ошон үчүн кайра жибердим. Мындайын билгенде... Башым айланат, жүрөгүм көтөрүлөт... *(Кыйнала баштайт).*

Н у р м а т. Унчукпайсың. Бул макул болуунун белгиси. Башка эч кап жок. Аялым болгондон кийин мен сенин койнуңа жатам. Асманга учуп кетсең да бүгүн сенин койнуңа жатам. Же өз төшөгүмө алып кетем. Эч аргаң жок *(Өтүгүн чече баштайт.*

Эшиктен Тентек кыз өңүлдөп ыйлап келет).

Т е н т е к к ы з. Ата, Я, ата... Баягы...

Н у р м а т. Үнүңө дарт! Дагы эмне болду!

Ж ы п а р. *(Ого бетер кыйналып)* Доктур! Доктур чакыргыла... *(Кыйнала баштайт).*

Н у р м а т. Билем сенин амалыңды, чырагым. Айлаң кеткендеги кылган өнөрүң го? Мен сенин жаныңа жатам *(Кучактайт. Жыпар өзүн араң бошотуп).*

Ж ы п а р. Уятсыз! Ары кет! *(Кыйналып)* Доктур! Доктур! *(Эшикти тарс ачып чала мас Ташболот келет).*

Т а ш б о л о т. Атай, ата рестранда арак ичип олтурсам.

Н у р м а т. Бас үнүңдү! Каныңды ич, жотоңду ич, иттин баласы. *(Тигил экөө тең мелтиреп туруп калышты).*

Ж ы п а р. Жардам! Жардам! *(Эч кимиси кыймылдабайт).*

Н у р м а т. Кууланба, чырагым, кууланба. Мен сени... *(Асыла баштайт. Жыпар көпкө кармашып, Нурматты араң түртүп, жаны кыйналып «Аай» деп кыйкырып жиберип эси ооп кулап кетет).*

Н у р м а т. Эгер өлсөң, сениң өлүгүңдүн жанына жатам *(Дагы асыла баштайт).*

Ж ы п а р. Доктор, доктор жардам! *(Эшик кагылат) .*

Н у р м а т. Ачпа! *(Эшикти катуу түртүп Роза кирип келет. Нурмат бөлүнө түшүп туруп калат. Жыпар кайра эси ооп кетет).*

Р о з а. *(Эки жагын карап күйөөсүн издеп)* Эркектерге түк ишениш жарабайт. Эркектер калп материядан жаралат. Мында барып келишке жыйырма минут бергем. Бир саат болду, жок. *(Жыпарды көрө коюп чоочуп, селдейип туруп калды).*

Ж ы п а р. *(Эсин жыйып)* Розичка, эң жакшы келдиң.

Р о з а. Эмне Жыпар жаным, айланайыным, эмне болуп кетти. Неге мынча өзгөрдүң? *(Өйдө тургузуп).*

Ж ы п а р. Розичка, төрөт үйүнө жеткир!

Р о з а. *(Алды артына түшүп)* Жыпар жаным, айланайыным, жанбоорум, айланайыным. *(Тигилерге)* Силер өлүксүңөрбү? Бардыгы таштан бүткөн адамдар го булар... Ай, ай аксакал... аксакал... Жыпар жаным, айланайын...

Ж ы п а р. Розичка, тезирек.

Роза. *(Колтугунан жөлөп басып)* Айланайын, Жыпар жаным. Сен мени кечир. Менде кызганчактык бар. Жыпар жаным, мени кечир. Азыр жетебиз. *(Алып чыгып кетет).*

Н у р м а т. *(Суз булуттай бүркөө туруп калып)* Эркек төрөйт...

А ш р а ф х а н. *(Шарт кирип келип)* Сандыгыңда эмнең бар эле күйөөм? Кумар кумар болот деген чын экен. Кара палван тагам жанагы Узун ууру жана Ач көз молдо дегендер менен кумар ойной кетип, сандыгыңды отуз беш сомго сток кылып жиберди. Чуу этип күйду да калды. Эки адам сандыгыңды көтөргөн бойдон кетти.

Н у р м а т. Эмне? Эй, мастен... *(Чуркаган бойдон эшикке чыгып, кайра кирип эси ооп жерге жыгылды)* Аааай... я кудай мен эмне жаздым... Өлтүр мени кудай? Аааай... *(Кайра эсине келип)* Сандыкта 183 миң 999 сом... жана 400 грамм алтын бар болучу. Аай.. *(Жинди болуп)* Жок, бул түшүм... Бул түшүм... Көзүм илинип кеткен экен, укмуштуу түш көрдүм... жаман түш... *(Кайра эсине келип)* Аай... я кудай, чын эле түшүм болуп калсачы... Түшүм болуп калсачы. Ал, мени, кудай, ал!.. Кудай ал!.. *(Кулап кетип; кайра эсине келип)* Жок, турмуш канчалык кыйындаган сайын, ага кайрат кылыш керек. Ай, Ташболот, бери кел! Ал кагаз, каламыңды! *(Ал даяр болду)* Жаз. Махабат Бозой баласына, Аялың өзү каалап мага тийди.

Т а ш б о л о т. Тийген жок го, ата!

Н у р м а т. Тиет! Жаз! Балаң өлдү! Жаз! Сенин аялыңды Касен деген аябай бузду... Бөлөккө кеткенче өзүбүздө калсын дедим. Мен үйлөндүм.

Т а ш б о л о т. Качан, ата?

Н у р м а т. Жаз, наадан! Калган сөздү дагы кошом *(Бери жакка кайра келип)* «Мен дал байытын келтирип туруп, Ашрафхан менен Кара палван кумарчы бир турган учурда мектептин айланасына өрт коём. Жалаа экөөнө коюлат да, экөө тең сотко кесилет. Мен бул эки палаадан ошентип кутулам. Балким сандык жоголбос. Өз кишилер да... Касенге Жылар атынан жалган кат жаздырам. Касен экинчи бул үйгө келгис болот. Андан антип кутулам... *(Эсине түшүп)* 183 миң 999 сом, 400 грамм алтын *(Кайра жинденип)* Аай... кандай болуп кетти. *(Кулап кетип, жаткан боюнча ыйлап)* Мен Жыпарды алам. Нурмат дагынкысын дагы көрсөтөт. *(Ыйлап)* Махабатты сатып алуу кыйын экен. Кыйын экен... Мен кайра качпайм, бетме-бетке чыгышам... *(Кайра эсине түшүп)* Аай... *(энтигип)* 183 миң 999 сом, 400 грамм алтын *(Ыйлап жыгылат).*

К ө ш ө г ө

III КӨШӨГӨ

1-КӨРҮНҮШ

Касен менен Розанын үйү. Оң тарабында өздөрү турушат. Терезеде гүлдөр. Баланын койкасы көрүнөт. Күндүн соңку кызгылты бул көңүлдүү үйдөн али кете элек. Касен Жыпар менен жолдоштук байланышында гана жүргөндүгүн баятан бери Розага айтып туюндурду. Роза орунсуз ич тарлык кылып, эрин уятка калтыргандыгын айтып, көшөгө ачылганда экөө тең күлүп:

Р о з а. Ишенем, Касен мен нече айттым, и-и... уят ай, уят ай. Жыпар эстүү, оюна албайт. Мен аны биздин үйгө келгенде ушундай сүйбөсөм.

К а с е н. Ошент, Розичка, ошент, адамдын жакшы тарабын таба билиш керек. Көбүнчө жакшылык жагын көрүш керек. *(Кубанып)* Бах... бах... бах... Розичка *(Баланын көйнөгүн колуна алып көрүп)* Көйнөгүн кара. Адамзаттын кичинелиги ай... Бах... бах... Бах... төшөгү кандай сонун, ушуга ороп чыгат ко. Кандай сонун...

Р о з а. Мына, Жыпар бул тарапка жатат, баласынын койкасы бул. Ошентип таттуу өмүр жайкы булак сыяктуу акырын ага берет *(Саатын карап)* Сен кечигесиң.

К а с е н. *(Галстугун тагынып жатып)*

Таттуу өмүр ага берсин, ага берсин,
Заманга сулуу порум тага берсин:
Розичка, мүнөзүңдүн түрлөрү көп
Бирде ырдап, бирде күндөй бүркөлөсүң.
Бат күлүп, бат ыйлайсың чатагың көп
Розичка, мага качан түшүнөсүң?
(Розанын колун чапкылап)

Балдар күтүп калбасын. Бат эле келем *(кетет).*

Р о з а. *(Өзүнчө күлүп)* Менин ошондоюм бар. Адат болгон соң не кылам? *(Ойлоп)* Силер билесиңерби, биринчи сүйүү жүрөктөн башталат, экинчи сүйүү көздөң башталат. Себеби биринчи сүйүү күндөрүндө *(тамшанып)* ах... ал кандай таттуу... көзүң аз роль ойнойт, жүрөгүң жанат, жүрөгүң учат, жүрөгүң тызылдайт. Сүйгөн жарың сени биринчи өпкөндө сен аны түк карабайсың, көзүң эрксиз жумулуп кетет: жүрөгүң эрийт, жүрөгүң мас кылат. Ал эми экинчи сүйүү болсо, көбүнчө турмуш күткөндөн кийин пайда болот. Сен өз күйөөң менен көп жигиттердин, кыздардын арасынд турасың, бир убакта туура жагыңдан магниттүү көз менен өзүнө эриксиз каратат да, чык-чык эттирип портретиңди тарта баштайт. Сен да түрлүү кешпир жасай

бересиң. Бул коркунучтуу сүйүү. Ошондуктан мен Касендин көзүнөн корком. *(Кайта ойлоп)* Койчу, мен эмне дедим, баары бир айтылган кеп, биздин заманга көп магниттүү көз, көп соо жүрөк, көп таза дене кереги жокпу. Бул ич тардык *(Күлүп, кубанып)* Жакында Жыпар келет. Ал кандай акылдуу.

(Эшик кагылат)

Кириңиз! Кириңиз!

Н у р м а т. *(Кирип келип)* Э, эсенчиликпи, Роза кызым. Жакшы турасыңарбы, чырагым?

Р о з а. *(Таң калып)* Эсенчилик, аксакал... Олтуруңуз, аксакал. *(Аракеттене баштайт).*

Н у р м а т. Бүгүнкү кароолчулук меники экен. Карап турсам, силердин үйүңөр көзүмө урунду. Кире чыгайын дедим.

Р о з а. Мына чай ичиңиз, аксакал.

Н у р м а т. Ракмат, кызым. Бирок аксакал дегенди көп айтпай жүрчү, кызым.

Р о з а. Ии, айып этпеңиз, аксакал.

Н у р м а т. Кечээ Жыпарга барган элем. Май, сүт, аны... муну...

Роза. Жакшы кылгансыз, аксакал, жакшы кылгансыз.

Н у р м а т. Сестра чыкты да, Асылова сизден бир кат берет, аялына бербестен эрине берсин деп суранды, өзүңүз да окубаңыз деди. Кат билбегей мен байкуш аны кайдан окуйм! Ким десем Касенге экен. Ошону бере чыгайынчы деп эле киргеним, кызым.

Р о з а. Апкелиңиз аксакал, мен ким, Касен ким. Кана, бериңизчи аксакал, тез, аксакал.

Н у р м а т. Бирөөнүн аманаты. Ачпа, кызым. Аксакал дегениңди койсоңчу, кызым *(берет).*

Роза. *(Жаңылганын сезип)* Ии, мен ай. Жарайт, жаңылып кетем, аксакал.

Н у р м а т. *(«Каап үйүмдө болуп ушул сөздү айтсаң, бир кыйкырып калар элем» деген ойдо болуп, башын чайкап)* Катты ачпа, кызым *(кетет).*

Роза. Ачпа, ачпа, кантип ачпайм. Касен келгенге чейин күтүүгө кандай кыйын нерв керек. Ачам, чыдай албайм. *(Окуп, селдейип катып калат).* «Роза билбесин. Бала сага окшош. Сенин сүйгөнүң — Жыпар». Бул кандай абийирсиздик. Ушундай экен ээ! Ий, мен жинди деген, аны төрөт үйүнө жеткиргенимди кара. Эми менин үйүмө көчүп келет. А... уятсыз... *(Ал үчүн даярдаган буюмдарын чача баштайт. Бир заматта түрү кызыкөзгөрөт. Ушул минутада Касен кирет. Ал таң калып).*

К а с е н. Розичка, Розичка, мен беш кана мүнөт кечиктим.

Р о з а. *(Энтигип, жер тепкилеп ыйлап)* Сен неге калп айтасың? Сен неге алдайсың? Сен неге төмөнсүнтөсүң? Мен кимден кем? Биздин сүйүү ушундай беле?

К а с е н. *(Күлүп)* Розичка! Розичка! Адатыңча аңдып баргансың го. Кантип кыздар менен сүйлөшпөйм? Сүйлөштүм, сен көргөн кыз Александр Блок жөнүндө суроо берди.

Р о з а. *(Долуланып)* Уятсыз! .Уятсыз! Сенде уят жок, Касен! Жүрөгүм, жүрөгүм жанып баратат? Суу! Суу! *(Касен шашып суу ичирип)*

К а с е н. Мына суу, мына Роза, мына, мына! Уятсыз?! Неге уятсыз? Бул кандайча?

Р о з а. *(Жер тепкилеп ыйлап)* Же ал турат, же мен турам! *(энтигип)* Суу! Суу! Суу!

К а с е н. *(Шашып)* Мына суу, мына Роза, мына, мына! Ал турат, же мен турам? Бул кандайча?

Р о з а. Билмексен болосуң! Сени менен эсептешем! *(энтигип)* Суу! Суу! Суу!

К а с е н. *(Шашып суу берип)* Розичка, бул эмне дегениң? Дагы эмне болуп кетти? Розичка, койчу, антпечи.

Р о з а. Сен азыр менин жаныман кет. Мага жеңилирээк болот.

К а с е н. *(Сагатын карап)* Ансыз да сабагым бар, жарайт. Кетейин *(Чыга баштайт).*

Р о з а. Кетпе! *(Жер тээп ыйлайт)* Суу! Суу! Суу!

К а с е н. *(Кайра көңүлүн кыйбай, суу берип)* Розичка, Розичка, согуш күндөрүндө мунуң кандай одоно! Бирок, көтөрөм!

Р о з а. Желпи, желпи, *(ыйлайт)* Күйүп бара жатам, желпи, желпи! *(Касен желпий баштаганда)* Суу! Суу! Суу! *(Касен кайра сууга чуркап суу ичирүүдө).*

Р о з а. Ох... ох... ох... *(Ичип жатат).*

К ө ш ө г ө

2-КӨРҮНҮШ

Нурмат акенин үйү. Жыпар төрөт үйүнөн кайткан. Кроватынын жанында коляска. Өзүнүн туалетинин үстүндө күйөөсүнүн портрети, Касен апкелген букет. Жыпар бир кыйла өзгөргөн, баласынын жанында өзүн кандайдыр жеңил сезет. Касен аялы менен али жараша элек, бул жолу «Кандай гана болбосун көчүрүп кетейин» деген ой менен келген. Касен вино ачып жатат.

К а с е н. Аты ким? Же тойдо коёбузбу?

Ж ы п а р. *(Кубанычтуу)* Атыбы? Аты коюлган. Аты Махабат.

К а с е н. Махабат? *(Апкелген виносун эки бокалга куюп)* Кандай жакшы ат!

Согуш бүтөт... Толгон айдай жаркырап,
Бакыт кайтат! Сай-сай толуп ташкындап:
Жаратылыш, жаш сулуудай жасанып,
Бир боор элин, улуу тойго чакырат.
Ошол тойго эртең келүү ой менен,
Биздин шаарда улуу маршал эс алат.
Эс алууда Махабатты чакыртып,
Чоң агасы сүйүп өбөт кучактап.
Укта бөбөк, укта боорум, уктай кой,
Укта бебөк, укта бөбөк
Укта, алтын Махабат...
(Бокалдарын кагыштырып вино ичшиет)

Ж ы п а р. *(Көңүлдүү күлүп)* Касен аба! Кыргыз тили да таттуу тил!

К а с е н. Таттуу тил! *(Дагы ичишет).*

Ж ы п а р. Эс алып калдым. Көп кубат пайда боло түштү. Эми көчсөк болот, Касен аба...

К а с е н. Мен ошон үчүн келдим, Жыпаржан. Кана камына бер, мен буларды таңайын *(Экөө даярдана баштаганда катуу эпкин менен Нурмат аке кирип келет).*

Н у р м а т. *(Аябай чарчап, аптыгып)* Мектебиңерге өрт кетти! *(Берки экөө тең селт эте түшүшөт).*

К а с е н. Өрт! Мектепке! *(Жайкы пальтосун, баш кийимин орундукка калтырган бойдон атылып чыгып кетет).*

Ж ы п а р. *(Касендин артынан кошо чуркап барып баласы үчүн кайра кайтып, аябай шашып мектепти аяп)* Менин мектебим... менин институтум. *(Кайра чуркап, институту менен баласын бирдей ойлоп же кете албай, же тура албай, эки ортодо өзүнчө толкунданууда)* Өрт... өрт... А баламчы... *(Ошол минутта Тентек кыз кирип келет)* Сиз... сиз... баланы беш минутка карай туруңуз... азыр гана келем... *(чуркаган бойдон чыгып кетет).*

Н у р м а т. *(Демин басып, адатындай бүркөө боло түшүп, өзүнө коркунучтуу сүр пайда болуп)* Бар, эй,Тентек кыз. Колуңа чака ал да суу апкел! Жогол тез! *(Кызы кетет. Нурмат бешиктин жанына басып келип, карап турат)* Бүгүн пашпуртун өз

пашпуртума жаздырдым. Эми толук аялым болду. *(Кытмыр күлүп)* Өгөй баланы не кылам? Ансыз да аяк бошоторлор аз эмес... Бала, бала кандай бала... Эгер бул жок болсо Жыпар айласы кеткенде мени сүйөт... Чоочун баланы башыма урамбы... *(Кытмыр күлүп)* Кокус эри келип калса менин катымдын чындыгына көзү жетсин. Андыктан бул баланы... *(Эки колун арбайтып бешикке жабышат)* Өлтүрөм... *(калтаарыйт)* Бейишке барасың... күнөөң жок... *(Тумчуктурмакчы болот. Эшик тарс-тарс кагылат. Нурмат чалкасынан кете жаздап)* Бул кайсы колуң сынгыр?! *(Алдан кетип жер тиктеп Касендин жайкы пальтосун далысына таштап, бешиктин жанындаолтуруп калат).*

Р о з а. *(Тез кирип келип эки жагын карап, эрин издеп жүрөт)* Эгер Касен ушул үйдөн чыкса, мен аны түбөлүк ушул үйгө калтырам. Болду, жетишет, жетишет. *(Касендин пальтосун жамынып үңкүйүп жер тиктеп олтурган Нурматты көрө коюп)* Аха, балаңдын маңдайында олтурган экенсиң э?! Тааны, тааны окшош бекен. Роза билбесин ээ.. мына андай *(муштуму менен Нурматты далыга соккулайт).* Бузуку... жалганчы...
маскара, маскара-а.

Н у р м а т. Эчтеке кылганым жок... Эчтеке кылганым жок... Муштумунун катуусун... Болду...

Р о з а. *(Таанып)* Ий бетим... аксакал турбайбы... Айып этпениз, аксакал? Жаңылдым, аксакал...

Н у р м а т. Урганың да жетишер, аксакал дебечи, кызым.

Р о з а. *(Уялып)* Жарайт, жарайт, экинчи айтпайм, аксакал. *(Нурмат үңкүйүп жөн турат. Роза бешик жакка басып келип, ичилген винону, букетти, эки бокалды көрүп ого бетер күйүп жанып).* Айткам... айткам... ал мында азыр гана болгон. Виного кызып алып экөө сейилдикке кеткен. Келсин, шашпа... Эми сөз ачык айтылат... *(Ыйлап жиберет)* Бул кандай төмөнсүнтүү. *(Эшиктен өңү купкуу болуп өчүп, аябай өзгөрүлүп Жыпар кирип келет, анын артынан Касен кирет).*

Ж ы п а р. Ох... Кандайдыр, кандайдыр бир коркунуч эсиме түшүп, жүрөгүм шуу этип, демим кыстыгып кеткеничи... Өх... Махабатым *(Ачып көрүп)* балапаным, соосуңбу, жаным, кичинекей Махабатым... Розичка, аманбы? Сен эң жакшы келгенсиң... Өх жараткан ай...

Р о з а. *(Өзүнчө)* Билем аялдардын амалын... Балаңа жоотпой эле кой...

К а с е н. Жыпар жан, сен аябай өзгөрө түштүң...

Р о з а. *(Өзүнчө)* Ооба, сенин боёгуң да келишип калды... *(Экөөнө)* кана виноңуздардан ичелик. Касен эптүүлүк кыл?!

Ж ы п а р. *(Кайра көңүлү ачылып)* Ошентсең, Розичка... Институтка өрт кетти дегенинен чуркап барсак, эчтеке жок. Бирөө ашканасына өрт койгон экен аны биз барганча өчүрүп коюшуптур.

Р о з а. Өрт? Ошондойбу?! Өчкөнү жакшы болуптур, мен силерди..,

К а с е н. *(Анын айтарын билип)* Розичка, Розичка, сен кызык ойлойсуң... Кана ичели! *(Бокал кагыштырып вино иче баштайт).*

Роза. Жыпар жаным, балаң кимге окшойт?

Ж ы п а р. *(Жароокер күлүп)* Розичка жаным, атасына окшойт, Махабатым.

Р о з а. Атасы кайда?

Ж ы п а р. *(Портретке карап туруп)* Кайда болсун, атасы жанында көз айырбай карап турбайбы.

Р оз а. *(Өзүнчө)* Бул абийирсиздик эмей эмне? Баарын мойнуна алды. Коркпойт... коркпойт... *(Аябай ичи күйүп, жаакка чаап жиберүүгө даярданып)* Кана, атасы кайсы, мен сүйлөшө коёюн...

Ж ы п а р. *(Портретин көрсөтүп)* Мына атасы Розичка, мына аны менен кантип сүйлөшөсүң?

Роза. *(Жеңиле түшүп, такыр ишенбей)* Түү, амалын ай. Карыялар: «Бир аялдын

амалы кырк эшекке жүк болот» деп текке айткан эмес да... Жыпаржаным, баланын атасын сүйөсүңбү?

Ж ы п а р. Розичка, кантип сүйбөйм? Жарын ким сүйбөйт?

К а с е н. *(Розанын оорусуна түшүнүп, дагы вино куюп баягы Розичка айткан сөзүн эстеп).*

Таттуу өмүр ага берсин, мага берсин
Заманага сулуу порум тага берсин.
Бук болдум жарашууга көңүлүң жок
Розичка, качан мага түшүнөсүң?

(Жыпар жароокөрлөнүп күлүүдө) Көчөлү эми! Розичка, сен чемоданды ал. Бол тез!

Ж ы п а р. *(Камданып)* Мен бул үйгө бир мүнөт тургум келбейт.

Р о з а. Жок, жаш бозой менен жаш селки. Эч кайда көчпөйсүңөр. Касен бүгүндөн баштап ушул үйдө, жашайсың. Таң калбай эле кой. Кош, Жыпаржаным ракмат! *(Бултуңдап кетип бара жатат)*

Ж ы п а р. *(Артынан жүгүрүп)* Розичка! Розичка!

Р о з а. *(Касенге ичи түтпөй)* Эгер беш мүнөттүн ичинде мени кууп жетпесе эшикти ичинен илем да, өмүрүмдү трагедия менен бүтүрөм.

Ж ы п а р. Розичка, Розичка! Неге антесиң? Касен аба, барыңыз, тез барыңыз... Мен бул үйдө бир минут тургум келбейт.

К а с е н. *(Дал болгон кишидей эмне кыларын билбей)* Сен бул үйдө дагы бир күнчө чыдап турчу, Жыпар. Ай, Роза, Розичка, бул не кылганың? *(Шашкан бойдон катуу басып чыгып кетет).*

Ж ы п а р. *(Розага акылы жетпей, таң калып)* Роза эмне деди? «Бүгүндөн баштап ушул үйдө жашайсың...» Касен аба уялганынан билгизген жок. Бул сөз, кандай орой сөз. Неге, Розичка, сен, менин ак жүрөгүмдү аябайсың? Неге сен, Розичка, өз жарыңа ишенбейсиң? Жарыңа ишенбесең — сүйүү даамсыз. *(Бүркөө турган Нурматты көрө коюп, кайра өзгөрүп)* Мына бул киши кандай райымсыз, кандай суук... Дагы бир күн. Дагы бир күн...

Н у р м а т. Иштин баары бүттү, Жыпаржан. Жок дешиң болбос.

Ж ы п а р. Сиз мага сүйлөбөңүз, суранам.

Н у р м а т. Хоп... Капа экенсиз... *(Басып кетип, өзүнчө)* Андай болсо эң соңку, эң күчтүү амал болсун...

Т а ш б о л о т. *(Тарс кирип келген)* Ата, атаке, жашыр мени, артыман кууп келип калышты. Бол, ата, бол! Бол тез, жашыр!

Н у р м а т. Я, ошондойбу, кир алдагы сандыкка *(Ташболот сандыкка кирет. Ошол убакта кызматтарынан кайткан Ашрафхан менен Кара палван кирет).*

А ш р а ф х а н. Эй, күйөөм, эмне үңкүйүп калгансың? Мен балдарга аш бышырып, тагам от жагып отурган эле, бирөө ашканага бир бөтөлкө лампа майды ыргыи тып, чала-була от коюп качкан бойдон кетти. Тагам артынан кууп жетпей калды, өрт койгон киши бир жак кепичин таштай качыптыр. Кудум эле сеники, мына!

(Нурмат бутун жашыра баштайт).

К а р а п а л в а н. Кайда качып кутулмак эле, милийсага берсек итке жыттатып таптырып алат. Кана, Ашрафхан, көчүрөбүзбү?

А ш р а ф х а н. Албетте. Эми мобул сандыкты көтөр, тага *(Ташболот жаткан сандыкты көтөрүшөт).*

Н у р м а т. *(Аябай коркуп)* Ой, я Ашрафхан, ошол кепичти мага сатсаңчы, я!

А ш р а ф х а н. Көтөр тага, көтөр мунусу эң эле оор экен да. Сатсаң дейсиңби. Сатып эмне кылам. Бекер деле берем. Күйөөмөн аяп эмне кылам.

Н у р м а т. Берсең, берсең, Ашрафхан, берсең айланайын.

А ш р а ф х а н. Токтой тур, төшөк салайын, анан...*(кетишет).*

Н у р м а т. *(Эки ойлуу болуп)* Каап, ушунуку өттү да, мейли, мейли, бул сандыкка ичим күйбөйт. Мейли...(*Жыпар жакка басып келип)* Жыпар жан... жарайт мен сага сүйлөбөйүн. Мен кетейин. Капаңды ач, чырагым...*(өзүнчө)* Эмесе соңку амал үчүн Ак айымбүбү менен, Кара айымбүбү керек... Мен кетейин... *(кетет).*

Ж ы п а р. Розичканын өз эрки. Менин махабатым таза. Таза махабат: деңиздей терең, аскадай бийик, андан эч ким өтө албайт, ага эч ким жете албайт. Менин махабатым экөө: бирок экөөнүн жаны бир. Бирөө — алыста, алыста... кан майданда... Бирөө — жанымда, ал мына, мына! Бул баарынан күчтүү, баарынан баатыр, баарынан таза, баарынан ысык махабат!

К ө ш ө г ө.

IV КӨШӨГӨ

Нурмат акенин үйү. Үй ичи баягыдай бай эмес, аңгырап калган. Кандайдыр оор кайгы өкүм сүрөт. Касен башын ылдый салып, ары-бери басып жүрөт. Реза терең кайгыга баткан Жыпар менен алек.

К а с е н.

О чиркин, тагдыр деген ушундайбы?
Эч качан, эркке көнбөс күч турбайбы?
Уулантканжаш кыялды алсыраткан,
Бул кандай күтүлбөгөн терең кайгы!

(*Баары кайгыга малынышат. Бир аз тынчтыктан кийин*)

Розичка, сага ким айтты?

Р о з а. Сөздүн учун кармап болобу, окуучулар дебей, мугалимдер дебей баары эле айтып жүрүшөт.

К а с е н. *(Дагы бир аз тынчтыктан кийин).*

Кайгырба, Жыпар кагылайын, кайгырбагын.
(Чачынан сылап)
Нур чачкан маңдайыңдан айланайын...
Не чара? Ойлочу өзүң кандай айла?
Түбөлүк мен болоюн өз агайың
Ак жүрөк, ак тилекти тартуу кылып,
Алдыңа айтканыңды бар кылайын...
(Тынчтык)

Ж ы п а р. Жарым Махабат, чын эле өлдүбү? *(Кайгылуу тынчтык. Нурмат кирет, өзүнчө күйүп-бышып).*

Н у р м а т. Ай, бечарай, ай бечарай, бечарай. *(Жашын аарчып)* Бала баладай бала болсоңчу... Ай бечарай, бечарай...

К а с е н. Кимден уктуңуз?

Н у р м а т. Элден. Көчөө радиодон бериптир деп бир даары айтат. Ага ишенбей Ташболотту военкомго чуркаттым эле, тактап билип кайтты. Сүрөтүнүн сыртына палан айда, палан күндө Воронеж алдында курман болду деп жазышыптыр дейт. Ай бечерай, бечерай...

(Тынымдан кийин)

К а с е н. Военкоматка барайын, *(Розичкага)* Жанында бол, эгер, кайгысын көтөрө алса көчүрүп кел.

Р о з а. Мен деле, кошо... *(Эрчийт. Касен аны уялта карап: калууң керек —*

дегенден кийин Роза калат).

Ж ы п а р. Чын эле жарым Махабаттан айрыламбы?

Н у р м а т. Роза кызым, кайгы үстүнө кайгы кылчу эмес. Бар үйүңө бара гой. Мен эски киши эскиче кайгырам. Куран окумай деген болот. Бар кызым, бар, сага сөз тиер! Бара гой.

Р о з а. *(Кетүүгө камынып)* Ий аксакал, куубаңыз. Антпесеңиз деле... ий аксакал... *(кетет).*

Н у р м а т. *(Кайгылуу олтурган Жыпарга басып келип)* Айлаң жок... Жыпарханым, айлаң жок... Не кыласың? Мага тий. Жооп бер. Кечигесиң, айнып кетем...

Ж ы п а р. Сиз мага сүйлөбөңүз...

Н у р м а т. Капаңды ач, Жыпарханым, капаңды ач. Жарайт, сүйлөбөйүн... Андан көрө камынайын. Жарайт жарайт... *(Чыгып кетет).*

* * *

Жыпар баласын ачып карап, күйөөсүнүн сүрөтүн алдына алып ыйлап жиберди, ордунан туруп терезени ачып жиберди. Күздүн жели согуп, жамгыр жаап, алыстан чагылган оту көрүндү. Алысты карап:

Ж ы п а р. Күзгү шамал. Жааган жамгыр... Алыста, алыста оттор жанат. Бактар шуулдайт. Биздин шаар түнөрүңкү. Неге жаратылыш менин кайгыма орток. Неге ай чыкпайт? Неге жылдыз күлбөйт. Согуш... согуш... Бул согуштун күзү... Сен жан жүрөгүм *(баласына айтып)* алтын Махабатым, чын эле атаң өлдүбү? Чын эле жетим каласыңбы... Шамал... Жамгыр... *(тыңшап)* Самолёт... Самолёт күркүрөйт... Ушундай бороондо, ушундай жааанда учкан, кандай азамат учкуч болду экен? Барган сайьш катуу угулат. Ана, ана конду окшойт. *(Терезени жаап, ойлуу олтуруп калды).*

Н у р м а т. *(Кирип келип)* Терезе жаап, терезе ачып үй ээси боло баштаган экенсиң го? Ошент, Жыпарханым, ошент. Бол эми жооп бер. Мына жоолук, мына көйнөк, мына бийик така батинке. Айланайын, айланайын, Жыпар жаным деген ушул... *(Жалына баштайт).*

Ж ы п а р. Сизге түшүнбөйм, түшүнгүм да келбейт. Жакындабаңыз! Неге Касен аба кечигет?

Н у р м а т. *(Тизелеп жөргөлөп эрчий басып, жалынып)* Айланайын, Жыпарханым. Ооба десең? Ооба десен, сакалымды сыйласаң...

Ж ы п а р. Эгер сакалыңды сыйлабасам, катуурак айтар элем. Сизде уят жок! Жакындабаңыз! Тез эле кайтса, мени көчүрсө... кандай оор...

Н у р м а т. Айланайын, айланайын Жыпарханым... Ооба десең, ооба десең *(Жалынып ээрчип жүрөт. Эшикти эпкин менен ачып Ташболот келет).*

Т а ш б о л о т. Ата! Ата! Жашыр, ата! Келип калды! Бол ата!

Н у р м а т. Өл иттин баласы, э туз ургур, өз азабыңды өзүң тарт! Айланайын, айланайын, Жыпархан...

Ж ы п а р. Жакындабаңыз! Неге Касен аба кечигет. О, Махабат, сен кандай кымбатсың? *(Эшик катуу кагылат).*

Т а ш б о л о т. Ата! Ата! Мени кууп келип калышты! Мына! Мына! *(Нурмат Жыпарга жалынып ээрчип жүрөт. Жанагы сөзүн кайталоодо. Эшикти катуу ачып, жеңи жок плащ кийген башы кошо чүмбөттөлгөн Махабат кирип келет. Окуянын үстүнөн чыккан сыяктуу-селээт. Жыпар эси оогондой теңселип, ишенбей араң тааныгандай).*

Ж ы п а р. Махабат... Махабатым! Сенсиңби *(Чуркайт... Махабат шектүү карап, терс бурулат)* О сенде шектенүү бар. Бу кандай? Бу кандай!

М а х а б а т. *(Тынымдан кийин)* Нурмат ака, катыңыз чын катпы?

Н у р м а т. *(Шашып)* Кудай алдында жанымды бере алам. Баары чын! *(Жыпар ого бетер кыйналууда, Махабат шектенүүдө).*

Ж о л д о ш М у р а т о в. *(Бат кирип келип)* Бул үйдө качкын бар!

Т а ш б о л о т. *(Шашып Махабатты көрсөтүп)* Мына качкын!

Н у р м а т. *(Кошо)* Мына качкын!

Ж о л д о ш М у р а т о в. *(Махабатка)* Неге үмкөнөсүз? *(Качууга камынган Ташболотту токтотуп)* Кетпеңиз! *(Махабатка)* Бери бурулуңуз!

М а х а б а т. Качкынды кармаңыз! *(Жалт карай бергенде).*

Ж о л д о ш М у р а т о в. *(Честь берип)* Жолдош Советтер Союз...

М а х а б а т. *(Сөзүнүн аягына жеткирбей жанына басып келип)* Жолдош Муратов, азыраак сабыр кылыңыз... *(Ал честь берди да туруп калды)* Нурмат ака, калп айтасыз, ишенбейм!

Н у р м а т. Калп айтсам, кудайдын каргышы тийсин. Жакында эле пашпуртун менин пашпуртума жаздырды. *(Алдына таштап)* Мына, ишенбесең. Не кылсын, кыйналды, кыйналды... дүнүйг... мында аиып жок, өзү деле айта койсун... »

М а х а б а т. *(Аң-таң болуп, паспорт дегенге чындап ишенич туулуп, унчукпай калып)* Не укмуш... Айтчы бир ооз сөз... үнүңдү сагындым, Жыпар?

Ж ы п а р. *(Окуянын чындыгына көзү жетип)* Рас... Нурмат акам айткандай не кылам. Согуш, кыйналдым, кысталдым. Паспортумду... рас. Калганын өзүң ойлоп тап акыйкаттуу Махабат!

М а х а б а т. Жакшы кылгансың, Жыпар, эстүүлүк кылгансың. Баары бир мени менен тура алмак эмессиң... Мен эки колуман бирдей ажырап келдим. *(Олтуруп калат. Жыпар мас сыяктуу теңселүүдө).*

Н у р м а т. А... мына, мына кеп! Барлыгы бүттү. Жыпарды алганымды досторум да көрсүн... *(Чуркап тик алдына барып, баягыдай эмес, акырын кыйкып)* О Узун ууру ака, О Ачкөз молдо, о Кара палван марчы ака, о Ак айымбубү, о Кара айымбүбү, келсе! Тамашаны көргүлө! Бол!

(Ашрафхан кирип келет).

А ш р а ф х а н. Өпкөңө, өпкөңө арам! Күйөө болбон оруп кал. Узун ууру менен Ачкөз молдоң сенин сандыңды ала качып баратканда, Жолдош Муратов кармап лып келиптир. Ичинде эң эле көп акча бар экен дейт. Кара палван кийинки сандыгыңды он жети сомго уттуп, жанындагы киши менен көчөдө мушташып жаткансандыктын ичинен адам чыга качыптыр. Жолдош Муратов артынан кууп кетиптир. *(Көрө коюп)* Апей, анда беле. Ал сенин уулуң экен ээ. *(Нурмат эси ооп шүп, бери басты).*

Ж ы п а р. Ого бетер сүйөм, Махабатым! Биз кырз кыздары таза сүйөбүз! Бирок Нурмат ака... паспорт... паспорт...

А ш р а ф х а н. *(Эми таанып)* Махабатжан, сенсиң! Аман эсен келдиңби *(өөп)* паспорт... паспорт? Жыпар кызым, бул сакалың күйгүр бир балээ кылган. Күнөөңдү мен көтөрөйүн, кызым. Баягыда мен бул шүмшүккө тийгенде, паспортуң чөнтөгүмө кошо кетиптир. Атаңдын атын билбей калып, бере салгам. *(Мабат менен Жыпар ортосунда өзгөрүүлөр башталат. Басып Касен келет).*

К а с е н. Бул эмне деген жыйналыш? Тарагыла! Карагыла! Кайгырбагыла, кубангыла! Жыпар эркем, Махабат өлбөптүр! *(Махабатты көрө сала)* Махабат... курбум! *(Махабат терс бурулуп кетет)* О сенде шектеү бар.

М а х а б а т. Нурмат ака, Касен тууралу жазганыңбы?

Н у р м а т. Кудай алдында жан бере алам, баарын... *(Роза кирип келет. Эрин издеп жүрөт).*

Р о з а. Мында келбей тура албайт. Бул кандай?.. Махабат, сенсиңби? *(Эки ортодо туруп калып)* Келгениң жакшы болду. Ана, кылмыштуулар *(Жыпар менен Касенге)* кылтыйышып калгансыңарбы... Мен андыкты сүйөм, жашыра албайм. *(Катты алып чыгып, өзу ачып Махабаттын жанына алпарып)* Мына Жыпарыңдын жазган каты.

М а х а б а т. *(Эңкейип карап)* Жок, бул Жыпардың колу эмес. Алда Розичкай, сен

дагы эле баягыдайсың... *(Жароокер кыялына тушуп)* Жыпарым, Махабат сенден кечирим сурайт. Кат ошондой чебер жазылган эле... Махабат сага калп айтты, сени сынады. Эки колу сопсоо, Ач кучагыңды, дайрадай буулуккан биздин махабат черин жазсын.

Ж ы п а р. Махабатым, жаным, оюма эч нерсе кеткен жок. Махабатым, сени кандай сагындым. *(Экөө кучакташып жатканда, Асел келет. Баягы жүгү бар. Экөөну көрө коюп).*

А с е л. А бети жок. Бети жок деп коём да *(Жыпарга)* Ал эмнеси экен. Күйөөсүн да ошентип алдайбы. Ий, уятсыз. Уятсыз деп коём да. Жакында эле мобул чалга деги Эле асемдеп, бетиңди жаап, анан паспортуңду берип тийип жатпайт белең. О куруп кал десе.

А ш р а ф х а н. *(Кыт-кыт күлүп)* Ал мен болчумун, Асел жеңе, мен амал менен тийгем.

А с е л. Апий, куурагыр, куурагыр деп коём да. Айтам да үнү башка эле. *(Махабатка)* Аман-эсен келдиңби, балакетиңди алайын. *(Чекесинен өөп)* Өлбөгөн азамат алтын аяктан суу ичет деген ушул. *(Ыйлап жиберип, басып кетти. Нурматка)* А кудай албагыр, уюм дегени турасың го? Уюң менен жерге кир, деги эле желмогуздай жээк уй экен, кийим-кечеден неме койбой баратканынан союп жеп койгонбуз. Бар, барсаң ордуна уй аласың.

Ж о л д о ш М у р а т о в. Бул киши сиздин аялыңыз экен го, кечээ нечен курдай издеп келгем, Нурмат ака эрге тийип кеткен, андай киши жок деп ишенткен... Сизди өлдү дегенге таң калам...

М а х а б а т. Касен курбум, сенин жүрөгүңдүн тазалыгын билип туруп Махабат сага шек келтирди. Кат ошондой чебер жазылган эле. Айып менде, кана курбум *(Кучагын жайып, экөө кучакташат).*

Р о з а. Мейлиң, мейлиң, эркек менен өбүшсөң мейлиң... *(Кара Айымбүбү менен Ак айымбүбү кирди).*

К а р а А й ы м б ү б ү. Биз шаарга бүт таратып кайттык. Махабатты өл... Апей, келип калган турбайбы? Хи-хи-хи-хи!

А к А й ы м б ү б ү. Жүр, көчөнүн бир башына сен, бир башына мен түшөйүн, хи-хи-хи *(кетишет).*

М а х а б а т. Курбум Касен, мени өлбөптүр деп кундың, Махабат эч качан өлбөйт, Махабат өлмөк эмес, махабат миң жылдар бою жашайт... Нурмат ака, биздин махабат ошондой! *(Баары Нурматты карашат).*

Н у р м а т. *(Толук жеңилип)* Күнөөмдү кудай көрөөр. Карасың деп Жыпарга жалаа жапкан мен, Ашрафханга алданган мен. Сенин махабатыңа көз арткан мен. Сага кат жаздырган, сени өлдү деп сөз тараткан, чынар атынан Касенге кат жаздырган баары, баары мен.

Р о з а. Ой, ыймансыз аксакал, ой, ой, уятсыз аксакал ой, *(Бир аз тынымдан кийин)* Эмне туруш? Жыпараным, бол эми тез биздикине көчөбүз. Касен сен чемодандарды көтөр. Бол эми, турба, тез! Көчөбүз! (*Шаардык советтин өкүлү келет).*

Ш а а р д ы к С о в е т ө к ү л ү. *(Кубанып)* Жолдош Махабат Бозоев, сиздин урматтуу наамыңызды куттуктайм. Мен шаардык советтин өкүлү! Сиз үчүн үй даяр. андаңыз, биринчи катарынанбы, экинчисиненби, же үчүнчү катарынанбы? Эгер катарын тандаган болсоңуз, ай тарабынан: күн чыгышынанбы, түштүгүнөнбү, түнүгүнөнбү, батышынанбы? Айтыңыз?

М а х а б а т. Мен үчүн баары бир, Жыпар тандаын... *(Өкүл Жыпарга бурулат).*

Ж ы п а р. Мен үчүн да баары бир. Бирок, Махабат үн нурунан дем алып, гүл сыяктуу нечен порум жасап, эркин, жадырап-жайнап өсүү үчүн күн жагы керек. махабат үчүн күн жагынан бериңиз.

М а х а б а т. Эмне?.. Махабат өлгөн жокпу, Махабат жүрүүбү?

Ж ы п а р. Махабат өлгөн эмес, Махабат эч качан өлбөйт, Махабат миң жылдар бою

жашайт. Ал мына!
(Көшөгөнү ачып жиберет).

М а х а б а т. Я... *(Плащын эми чечип ыргытып жиберип бешикке карай чуркайт. Көкүрөгүндөгү ордендер карк дей түшөт).*

Ж ы п а р. *(Көрө коюп)* О, Махабат баатыр экен го!
(Мас сыяктуу теңселет. Тыным).

Н у р м а т. (*Күңк этип)* Аны жазган да мен...

Ж о л д о ш М у р а т о в. Нурмат ака, сиз мага керексиз! Биз өзүбүзчө сүйлөшөлү. Кана, кетели!

Н у р м а т. Айланайын Ашраф... сен көчүп кел...бирге туралы, сен аялымсың...

А ш р а ф х а н. Я, бирге туралыбы, аны ойлой жатарбыз. *(Баягы кепичти койнунан алып чыгып, Жолдош Муратовко бирдемелерди айтып кетип бара жатат).*

Р о з а. *(Чуркап барып, Махабаттын көкүрөгүнө жармашып)* Ой ии... Кана, Ленин, Алтын жылдыз, Кызыл туу... жана *(Элге бурулуп)* жана... Орден Отечественной войны! Мына, Махабат!

М а х а б а т. *(Жаңы төрөлгөн баласын колуна алып)* Мына менин Махабатым! Мына менин таалайым! *(Кабарчы келет).*

К а б а р ч ы. Жолдош Советтер Союзунун Баатыры Махабат Бозоев, Сизге суроо берүүгө руксат этиңиз? Сизге наам берилгенине 4 күнчө гана болду, биздин шаарга бүгүн гана угулду. Сиз кандайча бат келип калдыңыз?

М а х а б а т. *(Күлүп)* Кесибим учкуч, жолдош кабарчы!

К а б а р ч ы. Ах... учкуч *(Жазып жатат).*

Ш а а р д ы к С о в е т т и н ө к ү л ү. Жолдош Махабат, Сизди улуу банкет күтөт. Машина даяр, шашыңыз.

Ж ы п а р. О чиркин турмуш, сен сараңсың жана мартсың. Сараңдыгың кармаганда жукаргандан жукара тарып, азайгандан азайып, жалаң жамандыктын мөндүрүн жаадырасың. Марттыгың кармаганда кеңигенден кеңип, көбөйгөндөн көбөйүп, жадырагандан жадырап, жалаң ракаттын дайрасын куясың. Бирок адамзат экөөнө тең чыдайт, экөөнү тең көтөрөт. Мына Махабатымды, мейли жарадар болсун, аман көрсөм болду деп тилегем. Махабат өлүмдөн күчтүү болуп чыкты. Ал Советтер Союзунун Баатыры! Атак, урмат, той... бир минутта канча бакыт. Тилегим бул: тыңшагыла кыздар, баарыңардын жарыңар менин жарымдай баатыр болсун, баарыңардын үйүңөрдө меникиндей майрам болсун. Баарыңарды — урмат, даңк, атак, салтанат чулгасын! О заманам, сенин оор күндөрүңдө мен эмне кылдым? Мен сенин Махабатыңды таза сүйдүм, таза сактадым. Колуман келгени ушул, таарынба, заманам, таарынба!

К а с е н. Курбум Махабат, сен биздин гана шаардын, биздин кыргыз элинин, биздин гана республиканын Махабаты эмессиң. Сен бүткүл Совет элинин, улуу Атажурттун Махабаты болдуң!

М а х а б а т. *(Баласын айтып)* Мына менин Махабатым! *(Аялын айтып)* мына менин Махабатым! *(Бүткүл залды көрсөтүп)* менин махабатым силер, менин махабатым бүткүл Совет эли, менин махабатым улуу Атажурт!

К ө ш ө г ө.

18/IV—1943-ж.

КИМ БОЛДУ ЭКЕН?

Бир актылуу пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

Баркалбас — Баркалбастын чын аты Бактыбек, бирок ал айыл арасында эң баркы жок, эчтекени барктабаган жоош жигит болгондуктан теңтуштары ошентип атап алышкан. Ал согуштан мурда ошондой болучу, азыркы Баркалбас такыр башкача, аны окуянын жүрүшүнөн байкайсыздар.

Дердеңбай — Дердеңбай болсо колхоздун кадырман кишиси. Анын сый аты «Деке». Жашы кырктарга барып калган, аябай өткүр азамат. Ата Мекендик Согуштан жарадар болуп кайткан, бул күндө колхоздун жооптуу кызматынын биринде.

Шааркан — Шааркан болсо атактуу ударница. 400дөн ашуун эмгек күнү бар. Анын санаасы Ата Мекендик Согушта элге таанылган бир мыкты баатыр жигитке баш кошуу. Бул жөнүндө жоолукка сайма сайып соггшуп жаткан армиянын командованиесине жиберген белеги бар. Шааркан бойго жеткен, көп эркектерди өзүнө теңебеген кыз.

Шааркандын үйү. Майдандан сүйүнүчтүү кат алганына көп болгон, бирок ошондой болсо да ал күнүнө кайра бир ачып окуп коймоюнча ыраазы эмес.

Ш а а р к а н. *(Адетинче раазы болуп)* «Жолдош Жанболотова Шааркан, сиздин жиберген белегиңиз, биздин бөлүктүн атактуу баатыры снайпер — Бактыбек Элебесовка тапшырылды». Бул командованиенин жазаны. Ал эми экинчи кат дал Бактыбектин өзүнөн. Дагы ыр окуй коёюнчу. «Кымбаттуу Шааркан сиздин урматуу сыйыңызга туура келе алгандыгыма кубанам. Өзүңүз катыңызда жазгандай өмүрлүк жолдош болууга даярмын. Жакында госпиталдан чыгам, балким көрүнүп каларбыз. Сизге ынтызар Бактыбек». Бул ким болу экен? Кандай неме болду экен? Атына караганда оңой киши эмес. Айтор, бир укмуштуу жигиттин бири. Улутуна карабайм. Баары бир. Деги бул ким болду экен? Биздин айылда Бактыбек аттуу киши жок, *(терезеден карап)* баягы Дердеңбай келе жатат.

(Дердеңбай кирип келип боюн түзөп басып).

Дердеңбай. А Шакин, саламатчылыкпы? Сенде санаа көп, санаа көп... Көптөн бери байкайм, көңүлүңцө бир дарт бар.

Ш а а р к а н. Деке, сен билдиң, кайраным. Жазбай таптың. Бул касиетиң жаман эмес.

Дердеңбай. *(Көтөрүлө түшүп).* Өөх... Ошентсең, деги ошентип мактап койсоң. Мен эмне, оңой жигиттерден бекемин.

Ш а а р к а н, Азыраак апыртмалыгың болбосо, жаман эмессиң.

Д е р д е ң б а й. Шакин, бул эмне дегениң? Менде жок адеттерди айтасың да. Билем, ал сенин тамашаң. Андан көрөкчө, кана эми соңку жообуңду бер. Бүгүнкү менен туура жети жолу келишим болот. Сөзүм бир сен итий, мен алам.

Ш а а р к а н. Дагы калп айттың, жетинчи эмес, туура он экинчи жолу келишиң. «Мага тий», «Мага тий» э... мунун тилинин одоносун кара. Сен баягы мен билген Дердеңбайсыңбы, *(Желкесинен мыткый кармап)* кана кыймылдап көрчү, жигиттигиңди билейин. Жети жолу эмес, он экинчи жолу мына минтип, жакшы сый менен кеткин *(Эшиктен ары карай түртүп жиберет).*

Д е р д е ң б а й. Ой, ой, Шакин, Шакин. Алтыным, күмүшүм, сөзүмдү кайра алдым. *(Кайра болбой кирип).* Койсоң Шакин, күчүңө салбасаң. Сендей дөө кызды биринчи жолу көрүшүм. Албай эле койдум, алам деп таяк жеп жүрөйүнбү. Жай сүйлөшөлү да.

Ш а а р к а н. Баятан ошентпейсиңби. Кана, жай сөзүңдү баштачы.

Д е р д е ң б а й. Алда, Шакин аай. Ушу сага окшогон кызды алсам, арманым болбос эле.

Ш а а р к а н. *(Аны качырып кирип келип)* Дагы ошол эле. Кап ушу сени, коё тур,

элге уят кылып көчөнү карай ыргытып жибербейин.

Д е р д е ң б а й. *(Жалынып).* Айланайын, Шакин койдум, койдум. Каап, ушул чабалдыгымды кантейин да. Эми сөздүн туурасына көчөлү. Мындай отурсаң, жакшылап сүйлөшөлү.

Ш а а р к а н. Сенден сөздүн туурасын угуу, мага эң кызык. Кулагым сенде!

Дердеңбай. Алда, Шакин аай, менин кадырымды билбейсиң да. Тобокел деп тийип эле алсаңчы я.

Ш а а р к а н. *(Жадаганынан күлүп жиберип).* Сага кеп жок экен да... Деке улуусуң, жамандыр-жакшыдыр эркексиң. Сыйлаганым болсун. Экөөбүздүн мамилебизди көргөн киши күлөр эле. Аябай сыр алышып болгонбуз. Тамаша өз жолу менен. Андан көрөкчө, айткандай, менин көңүлүмдөгү дарттын дабасын табыш.

Д е р д е ң б а й. Олда Шакен аай, жамандыр-жакшыдыр эркексиң деп күйгүзөсүң ээ... Кантейин, чабалдыгым да. Көп аялдан ушуну угам. Аны койчу, анткениңерге чычалабайм да. Дартыңды айтагой. Менден жашырчу эмес элең го.

Ш а а р к а н. Ким болду экен?

Д е р д е ң б а й. Ап бали, Шакин... Бирөөдөн кат алган экенсиң.

Ш а а р к а н. Ооба, Деке, кат алгам. Алганда да өзүм самаган кишиден, Ата Мекендик согуштун баатырынан алгам. Ким болду экен?

Д е р д е ң б а й. Шакен, сен жигиттен жигит тандаганың ошол экен го. Ой, тобо ай, сен да бирөөнү жактырат экенсиң ээ... Чын эле ким болду экен?

Ш а а р к а н. Ошону айтам, Деке, ким болду экен?

Д е р д е ң б а й. Таптым. Угуп тур, Шакин. Сага жар болчу кишинин кейпи көз алдымда турат, бою мендей экөө келет, далысы туура эки метр болсо, булчуңдары мобундай, көз карашы сүрдүү, иреңи жолборс ирен... Күч-кубаты анык сага ылайык келчү шаптай болгон жигит.

Ш а а р к а н. Айтор, деги оңой неме эмеско. Деги, ким болду экен?

Д е р д е ң б а й. *(Терезени карап коюп, боору калбай борсулдап күлүп)* Таптым, таптым, Шакин! Сенин жарың кудум Баркалбаска окшогон бирөө. Кудай урсун, Шакин, Баркалбастай бирөө. *(Аябай күлөт).* Карасаң, карасаң... Киши, киши... Кейпин карасаң. Сылтып коёт. «Бечелге жөтөлдүн кереги эмне» дегендей, буга сылтыганды ким коюптур. Таптым... таптым... сенин ким болду экен дегениң — Баркалбас... Баркалбас.

Ш а а р к а н. *(Кошо карап)* Койчу ары Деке, шылдың кылбачы. Кантип эле Баркалбастай болуп калсын. Мен түк андай деп ойлобойм. Чын эле каадалуу киши болуп калыптыр. Бир убакта Баркалбас да мага кат жазган *(аябай күлөт).*

Д е р д е ң б а й. О койчу, о кайран Бакең да... Ою жаман эмес. Көрчү, катуулай баштады. Кайда барат болду экен?

Ш а а р к а н. Биздин үйдү караган да жок. Коё тур, муну эрмек кылалы. Ой, Баркалбас агай, бери кайрыла кетиңиз. Укту. Бидзикине карай басты.

Д е р д е ң б а й. Кайран Бакең, деги эле кайраттуу көрүнөткө. Шакин, чын эле бир тамаша кылалы. *(Баркалбас кирип келет).*

Б а р к а л б а с. Салоомалейким, аксакалдар!

Д е р д е ң б а й. Мына сөз. О кайран Бакем, үйгө аксакалдар батпай турганда ырас айтпадыңбы! Жол болсун!

Б а р к а л б а с. Андай болсун. Каап ушул аксакал деген адатымды таштай албай койдум.

Ш а а р к а н. Айбы жок, аныңыздын. Көптөн бери көрүнбөй кайда жүрдүңүз, агай?

Б а р к а л б а с. Э... Карындаш... Кайда жүрмөк элем. Көпчүлүк барган жерге мен да барып келдим.

Ш а а р к а н. Көпчүлүк барган жерге?! Кайда, каналгабы, же темир жолгобу?

Б а р к а л б а с. Жок, карындаш — фронтко!

Д е р д е ң б а й. *(Борсулдап күлүп)* О, койчу, Баке. Сен да аскерге жарадыңбы? Ботом, качан кеткен элең? Сенин бар-жогуң такыр бйлинген эмес.

Б а р к а л б а с. Элдин алды менен кеткемин. Аскерге жарабай турган эмнем бар эле? Байкап сүйлөңүз, аксакал.

Ш а а р к а н. Чын эле сиздин фронтко кеткениңизди мен да билбей калдым. Баркалбас деген атыңыздай эле барсыз агай. Сизди эч ким сөз кылган да эмес. Кайтканыңызга канча болду, эми кайда барасыз?

Б а р к а л б а с. Үчүнчү күн, колуктума бара жатам.

Д е р д е ң б а й. *(Борсулдап күлүп).* Колуктума? Кайран Бакем... Кайдагы колукту? Кой, андан аркысын мен укпайын. Шакин, өзүң сүйлөш... *(Аркы үйгө кетет).*

Б а р к а л б а с. Шакин, Панфилов колхозу кайда болот? Мындан канча чакырым жерде?

Ш а а р к а н. Колуктуңуз ошол колхоздо беле? Анчалык деле алыс эмес болсо керек. Кызык, чын эле эң кызык, колуктуңуз ким болду экен?

Б а р к а л б а с. Ошол суроо менин жүрөгүмдө бир жылдан бери сакталып жүрөт. Чын эле ким болду экен?

Ш а а р к а н. Баркалбас агай ал суроо мага да тиешелүү, ким болду экен?

Б а р к а л б а с. Шакин карындаш, эмесе айып этпе. Убакыт аз, мен бүгүн кандай гана болбосун Панфилов колхозуна жетишим керек.

Ш а а р к а н. Алда Баркалбас агай аай, сиз кызыксыз. Панфилов колхозу биздин колхоз эмеспи. Шаша турган жөнүңүз жок.

Б а р к а л б а с. Эмне? Биздин кохоздун аты «ОртоАрык» эмеспи?

Ш а а р к а н. Ал эски аты кийин Панфилов болуп өзгөрүп кеткен. Колуктуң биздин колхоздо турбайбы. Тамашаны эми тапмак болдум э. Ал ким болду экен?

Б а р к а л б а с. Мына таң каларлык иш. Бул тагдырга кеп жок экен го. Өз колхозумдан болуп чыкканын көр. Андай аттуу кыз жок эле. Чын эле ким болду экен?

Ш а а р к а н. Биздин айылдагы кыздардын баарын жакшы билем. Атын айтыңыз, колуктуңузга бирге баралы. Эбиңиз жок көрүнгөн, мен жардамдаш болоюн.

Б а р к а л б а с. Жардамыңа ракмат, Шакин. Аты — Шааркан. Атына караганда буркан-шаркан түшкөн кыз окшойт.

Ш а а р к а н. Эмне? Шааркан? *(Таң калып)* Анын ары жагын айтчы.

Б а р к а л б а с. Атасынын аты Жанболот! Мен билбейт экемин. Жанболотова Шааркан дегенди уккан эмесмин.

Ш а а р к а н. Мен аны тааныйм. И... Анын аржагын айтчы...

Б а р к а л б а с. Айтсам кеп мындай, Шакин. Фронтко жиберген белеги бар экен. Командование тарабынан мага берилген. Себеби мен аябай көзгө көрүнүп койгом. Аньш үстүнө ошондой азаматка жар болсом бактылуумун деп эсептейм деп жазган каты да бар. Мен да госпиталда жатып жооп жазгам. Турмуш таң каларлык нерсе турбайбы. Акыры ал кыз биздин колхоздо экенин билип таң калып отурам. Ал ким болду экен?

Ш а а р к а н. Ишенбейм. Эч качан андай болууга мүмкүн эмес. Кана, чын экенин билейин, катын көрсөтүңүзчү?

Б а р к а л б а с. *(Алып чыгып)* Мына... Сен эмне кызара түштүң. Мени бир убакта чангандын бири сенсиң. Эми минтип өздөрү кат жазып баатырлыгыма ашык болгон кыздар да бар. Сенден башка мага табылбайт дейсиңби?

Ш а а р к а н. Чын эле ошол кат. Кыздын белеги кана?

Б а р к а л б а с. Сенин ичиңди күйгүзөйүн. Мына, болгондо да жибек менен саймаланган жоолук! *(Алып чыгат).*

Ш а а р к а н. Кудаай... Ушундай да болот экен ээ. Дал өзү... Сиз... Сиз... Бактыбекти кайдан көрдүңүз? Бул жоолук Бактыбекке берилген жоолук!

Б а р к а л б а с — Эмне дейт? Бактыбек деген мына мен! Мага берилгени чын. Аны кайдан билесиң?

Ш а а р к а н. Сенин атың Баркалбас эмеспи?

Б а р к а л б а с. Ал теңтуштарымдын тамашалап коюп алган аты. Өз атым

Бактыбек.

Ш а а р к а н. Бактыбек? Бактыбек сизби? Кайдан андайча болуп калды? Ата Мекендик согуштун баатыры экендигиңизди далилдеңиз.

Б а р к а л б а с. Шакин, сен кызыксың го! Мени аябай тергедиң го. Буларды карап кой. Шааркан деген колуктума айта бар. Сенин жигитиң оңой эмес экен де... Буларды көрүп кой! Оң жагымда да бар, сол жагымда да бар *(Көрсөтөт).*

Ш а а р к а н. Бактыбек! Сен менин Бактыбегим турбайсыңбы! Менин Бактым, Менин күткөнүм сенсиң! Мен Шаарканмын!

Б а к т ы б е к. Я? Эмне деп жатат бул? Сенин атың Шакин эмеспи. Атаңдын аты Корозбай эмеспи? Сен Корозбаева Шакин болушуң керек. Менин издегеним Жанболотова Шааркан!

Ш а а р к а н. Шакин деп мени эркелетип айтып жүрбөйсүңөрбү. Атым Шааркан! Ырас эле атам Корозбай, бирок менин паспортум чоң атамдын атында жазылган. Жанболотова менмин.

Б а к т ы б е к. О жараткан! Жазмыштын чебердигин кара... Бул таң калбай турган жорукпу? Андай болсо сен менин Шаарканымсың. Кана эмесе, жаным! *(Экөө кучакташып жатканда Дердеңбай кирет).*

Д е р д е ң б а й. *(Таң калып).* О бул эмнеңер? Кудай уур! Я кокуй, Шакин, сен эмңе болдуң? Кокуй...

Ш а а р к а н. Менин күткөн Бактыбегим мына! Баркалбас Ата Мекендик согуштун баатыры — Бактыбегим! Ата-журт муну аябай өзгөртүптүр! Мындан ары Баркалбас дешибиз уят. Бул улуу Ата журттун бактысы, таалайы! Бул менин Бактыбегим таанып ал, Деке!

Д е р д е ң б а й. Кайран Бакем! Сен ушундай болуп кеткен экенсиң э. Баракелде, баатырлык мына ушул сага окшоп билинбеген, эч ким барктабаган азаматтардан чыгат экен го. Ракмат, Бактыбек! Эмесе экөөңөрдүн тоюңарга камынайын. Мен-да силер үчүн кубанамын.

Б а к т ы б е к — Ооба, мындан ары мени Бактыбек деп жүргүлө! Менин өз атымды кайра алып берген, мени жетпегенге жеткирген, мени кайрадан жаңы адам кылып чыгарган Ата Мекендин касиетине миң мертебе ракмат!

Бүтөт.

29-ноябрь, 1943-жыл.

АК МӨӨР

4 актылуу 8 сүрөттүү драма

КАТЫШУУЧУЛАР:

Ак Мөөр — Адылдын кызы.
А д ы л — Мөөрдүн атасы.
Б о л о т — Жылкычы жигит, баатыр.
С у л т а н — Болоттун курбусу.
С а й к а л — Мөөрдүн курдашы.
К е л д и ке — Бий.
Б а я н — Келдикенин уулу.
К у н д у з — Баяндын жеңеси.
Т а ж а л б ү б ү — Кемпир, Баяндын тыңчысы.
Ж а н т а й — Хан.

Баяке

Аламан жантайдын жигиттери.
С е й и л д а — Жантайдын байбичеси.
М ы с к а л — Жантайдын токолу.
Бойлош—Ажы — Жантайдын молдосу.
1-жуучу
2-жуучу
Мындан башка эл, жылкычылар, келин-кыздар.

І АКТ

1-СҮРӨТ

Соң-Көлдүн түнкү көрүнүшү — кыз оюн курган келин-кыздар, бозойлор Баяндын сөзгө жыгылышын табалап күлүп жатышат. Оюн-күлкү

С а й к а л. Мөөркан ырас айтты. *(Баянды көрсөтүп)* Чын эле бул какылдаган кайсы урган? *(Күлкү).*

Б а я н. Кантет, кантет... Мен айтсам Мөөрканга кеп айттым, теңтуш курбу деп айттым. Жамандарга кошулуп табалаштын жөнү жок.

С а й к а л. Уктуңарбы, жамандар?

Б а я н. Жаман деп койгонго эле жаман болуп калдыңарбы, ой кеп билбеген кемпайлар!

С а й к а л. Уктуңарбы, кемпайлар? *(Күлкү).*

Б а я н. Сайкал сенин бул сыйлаганыңбы, сындырганыңбы? Мөөр айтса эркелеп айтты. Кыз сүйгөнүн катуу чагат, бирок уулантпайт. Ага эмненин күлкүсү?

С а й к а л. Уктуңарбы, кыздар. Баян кыз бүткөндүн баарын жылаан кылып салды.

Б а я н. *(Сайкалга)* Алды-артыман тооруйсуң, деги менде сенин эмнең бар? *(Кыздарга)* Күлө бергиле, силер курдуу асылкечтердин оюн-күлкүсүнө териге турган жеңил жигит мен бедем?

С а й к а л. Аның жөн. Жигиттин кыздан жеңилиши, билгенге чоң намыс! Ошентсе да сен...

Б а я н. Бир байталдын жообуна намыстанчу мен эмес. Мына билгиң келсе!

М ө ө р. Сөзүң ак, Баян мырза. Сөзүңө сөз — жаман байтал кайда жок, сен өңдөнгөн жетпес тору кайда жок! *(Ого бетер табалоо, Баян кошо күлүп).*

Б а я н. Олда, Мөкүш, ай, э, мына ушунуң катуу тийди. Жебенин огундай жүрөгүмө сайыла түштү. Бирок мен көтөрөм.

С а й к а л. Жетпес тору болгондон кийин, көтөрбөскө айлаң канча? *(Дагы табалоо, дагы күлкү).*

Б а я н: Каап, ушунуку өттү да. Кундуз жеңе, бирдеме деп Сайкалдын жаагын жап кылчы, дагы жаныма өтүп кетти.

К у н д у з. *(Кыздарды жарып өтүп)* Ал эчтеке эмес, балекетиңди алайын уул, өзүң айткандай сүйгөн кыз катуу чагат, бирок уулантпайт деген ошол, Сайкал. Сөзгө көтөрүмдүү болгонуң — анык жигитчилигиң. Кыздар уулду азамат дегиле, анча-мынча жеңил неме болсо таарынмак. Мынчалык күлө турган деле жөнүбүз жок эле. Уул: «Мөөрдүн алкымынан жыттасам, койнунда ай батканча уктасам» деди, Мөөркан: «Адепсиз сүйлөп үн салып, бул какылдаган кайсы урган деди» анын эмнеси бар?

(Ого бетер табалоо).

Б а я н. Кундуз жеңе, сен да болбодуң, ого бетер ырбатып жибердиң. Курбум Болот, ушундай тар жерде бир ишке жара. Байкадыңбы, катуу жыгылдым. Сөзмөр элең намысымды жаап бер. Ыраазылыгым кымбатка турар.

Б о л о т. *(Жанындагыларын экиге бөлүп).* Кана, мындай боло бергилечи. Баян курдашымдын жообу мындай...

С а й к а л. Мөөркандын айтары да даяр. Кана ырчы дешип макташат үнүнө бир кусадар кылчы!

Б о л о т. Кусадар кылбасам да, ынтызар кылармын. Эки-үч сабак ыр билбеген кыргыздын кайсы жигити бар.

М ө ө р. *(Алдына кашкая чыгып).* Кана Болот, мени түз карап туруп ырда.

Б о л о т. Айтканың болсун, Мөөркан. Түз карап туруп ырдайм. *(Үнүн жасап).* Эмесе: *(Аптыга түшөт, кыздардын баары күлөт).*

С а й к а л. Э кудай, аптыга түшкөнү эмнеси? Кыздар, Болот ушундай беле? Ээй, тобокелде?

Б а я н. Болду! Аптыккан эткен жок. Угуп тургула,

Б о л о т. Мөөркан, сөзүм ачуураак чыккан турат, аны айтып коёюн.

С а й к а л. Кана, татып көрөлүчү! *(Дагы күлкү. Болот эми чыйралып, ырдамакчы болгондо, баятан берки күлкүгө кыжыры келген Тажалбүбү кирип келет).*

Т а ж а л б ү б ү. Какылдаган кагындар, безилдеген бейбактар, түн баласы уктатпай, мазамды жаман алдыңар! Карагылачы асманды, жылдыз суюлуп түн түрүлүп баратат. Болду, какшабай үй-үйүңөргө тарагыла, тарагыла! *(Колундагы таягы менен тап берип таратып жүрөт).*

К у н д у з. Иштин болбой калганы ушул. Бизди таратмайын бул тажаал тынбайт, тарайлы.

Т а ж а л б ү б ү . *(Таратып).* Кайда барып конбоюн, дал жанымда кыз-оюн!

С а й к а л. Энеке дейм, элдин баарын тажатып бүткөндөн кийин атыңызды Тажалбүбү коюшкан ээ!

Т а ж а л б ү б ү. Балакет бас, өлүксүз! Кудайдын берген куттуу атына *(таягы менен чала-була чаап калып).* Токтой турчу, ушул кебиң үчүн маңдайыңдан чертейин да, тамагыңан сороюн. Чачыңды жулуп бирбирден боор этиңе тоёюн. *(Тарай башташат).*

М ө ө р. Болот, арманда калдың.

Б о л о т. Арманды жазышарбыз. Бери токточу. Бир азга каласыңбы?

М ө ө р. Күт!

Т а ж а л б ү б ү. Тарагыла! Тарагыла, тарагыла! Болот, сен эмне токтоп калдың?

Б о л о т. Жылкыма барам, үй алыс, ушул жерде бир аз Соң-Көлдүн көркүнө бөлөнүп, сулуу таң, күн шооласын тосуп алам.

Т а ж а л б ү б ү. *(Акырая карап, таягын кесеп).* О, балакет! *(кетет).*

Б а я н. *(Бир аз тынымдан кийин Болоттун жанына чуркап келип).* Болот, Курбум Болот, эч бир пендеге айта элек бир сырым бар. Аны бүгүн сага айтпай жүрөгүм тынбайт.

Б о л о т. Аныңа ыраазымын Баян курдаш. Жайылган малым, тигилген өргөөм жок болсо да мен дегенге жарай алармын деп ойлойм. Айт сырыңды!

Б а я н. Ал мындай, бери басчы... Болот ал мындай...

Б о л о т. Ал кандай сыр?

Б а я н. Болот курбум, таежең Мөөргө көзүм түштү.

Б о л о т. *(Боюна жолотпой)* Таежең дегени эмнеси? Ал анчейин эле алыс тууган.

Б а я н. Жок курбум, антпе, сени абдан кадырлайт, алардын үйүндө эркин жүрөлү. Андан көрөкчө жигитчиликке жара.

Болот. Ошондойбу? Мөөргө көзүң түшүп калдыбы? Ашык болгон жоксуңбу деги?

Б а я н. Ашык дегени эмнеси? Ургаачыга киши ашык болобу? Аларга жалбаруу жигитке намыс.

Болот. Ашык болбосоң, аны жакшы көрбөсөң, кандайча көзүң түшөт?

Б а я н. Көзүм түштү дегеним, алгым келди деген сөз, Чеченсинип шакылдап тили менен көңүл сындырган мындай кыздарды аяк астына таптап, жүрөгүн мыкчып, жарык дүйнөдөн кор кылып өткөргүм келет деген сөз.

Б о л о т. Ачууң катуу, курбум. Мен айтканыңа жарай албайм го дейм? Баса, кудалашкан жери бар дешчү эмес беле? Сайкал сенин колуктуң эмеспи?

Б а я н. Өзүм баатыр болгон соң кимди аяйын дегендей, мал өрүшкө батпай тескери жайылып, ырыс төгүлүп дөөлөт ташып, атам бий, мен Баян болуп турганда бул дүйнөдөн дуулап өткүм келет. Мейли, оюмдагыны кылам! Сайкалды чансам, мени бирөө чаап алабы?

Б о л о т. Оюдду айтчы?

Б а я н. Оюм алмай. Сөзгө чоркок жайым бар, менин гтама четин чыгарып айтып көр, өмне дээр экен? Сызагым келет.

Б о л о т. Жарайт, айтып көрөйүн. Ал колдон кел[ү иш.

Б а я н. Ап баракелде, ошент. Жообуна шаш, Боют! Эми кетели.

Болот. Жарайт. Мен мында калам. Жакшы укта гырзам. *(Баян кетет).*

Болот. *(Бир аз анын артынан карап калып).* Ырас ыр экен. Баян мырза бул сырың... сыр экен? Жаратан! Бул сырды өзүң ойлоп, өзүң чеч. Эртеңки күн, эртеңки жолум күүгүмдөнө түштү. Алтын Соң-Көл, сен менин жибек төшөгүм. Байлык-дөөлөтүм, ырыс-бактым, ойлосом — ой чечерим, кайгырсам — кайгы тараар касиетимсиң. Сен Баяндын сырына түшүндүңбү? *Ойлуу олтуруп калат. Короо кайтарган кыз-келиндерин үнү угулат).*

Бекбекей качты, бел ашты эй,
Белине белбоо жарашты эй,
Саксакай качты, сай ашты эй,
Санына салмоор жарашты эй,
Укурук башы долоно эй,
Ууру, бөрү жолобо эй,
Ууру келсе — уштайбыз эй,
Ууртун айра муштайбыз эй,
Төбөгө чаап жайлайбыз эй,
Төөгө чиркеп айдайбыз эй,
Айдуук!
Бекбекей бек кайтар эй,
Саксакай сак кайтар эй,
Айдуук!
(Шашкан Мөөр келет)

М ө ө р. Болот. Болот! Кайдасың Болот? Болот. Мөөркан! Келдиңби? Өөх, мен...

М ө ө р. Келбейт дедиң беле? Убада менен өлүм бирдей эмеспи. Же көңүлүңдү калтырган жайым барбы?

Б о л о т. Жок, Мөкүш. Деги айттым да.

М ө ө р. Укканым болсун, Болот. Убакыт тар. Үйдөгүлөр сезип калбасын.

Б о л о т. Айтар сөзүм оозума кирбей жатат. Кап, эмне дейин дедим эле?

М ө ө р. Бу сен деги эмне болгонсуң, Болот? Жана ырдай албай аптыктың, эми оозума сөз кирбейт дейсиң. Сайкал айткандай мындай эмес элең?

Б олот. Себебин билбейсиңби, Мөкүш?

М ө ө р. Билбейм, билсем да билбейм!

Б о л о т. Андай болсо күткөн үмүт, тилеген тилек, сунган талап текке экен го?

М ө ө р. Болсо болор...

Б о л о т. Орду бар. Дейм да, эмне үчүн мындай дейм да. Ошондой экен го.

М ө ө р. Түшүнбөйм. Дейм да, эмне үчүн дейм да?

Б о л о т. Айтканым тескери угула баштаган экен го?

М ө ө р. Анан дагы... дагы ар жагын айтсаң?

Б о л о т. «Дагы»... эмнеси «дагы»...

М ө ө р. *(Барлык үнү менен күлүп жиберип).* Болот кантип билбейин. Кантип түшүнбөйүн?.. Экөөбүз арзышып калдык... Сен көз алдымдан кетпейсиң. Бул жаман оору экен...

Б о л о т. *(Жарпы жазылып).* Мөкүш, мен үчүн ааламдын жалгыз көркү сен. Көптөн бери биздин адил, таза жаш жүрөгүбүздүн жалыны билинбей жанып, оттон ысык алоолонгондон бери көкүрөгүмдө чоң дем, чексиз кубат жүрөт.

М ө ө р. Мен үчүн башкалардан башкасың, баатырлардан баатырсың, жакшылардан жакшысың. Муну мен айтпайын дедим эле... Бирок жазмыштын күчү айттырып жатат.

Б о л о т. Аныңа ыразымын. Мындай сөздү жалгыз гана сенден угам. Сен үчүн мен, мен үчүн сен деп түшүнөм.

М ө ө р. Болот билгенге, ашыктык кыйын тура!

Б о л о т. Ошон үчүн жана өмүрүмдө биринчи жолу ырдай албай сүрдөдүм, азыр сен келгенде сөз таба албай аптыктым. Ашыгымдын сымбаты бирде көркөм чынар, бирде кол жеткис аска болот тура.

М ө ө р. О эл көзүнө ого бетер кайраттуу, ого бетер чечен, ого бетер шайыр болуп көрүнүшүң керек.

Б о л о т. Жашчылыктын тилегин бир жакка оодарыш керек. Ансыз жүрөк баатыр боло албайт.

М ө ө р. Кандайча? Ал эмне дегениң Болот? Ачыгыраак кылып айтчы.

Б о л о т. Биздин тилектин токтой турган жери кайсы? дегеним эмеспи, Мөкүш...

М ө ө р. Ал айтылбады беле. Жалган дүйнөдө жаныбыз бир болот, өмүрдүн жүгүн бирге көтөрүшүп, ашыктыктын жан жеткис күлүк бууданына минип кайда, шыска *(Асманды көрсөтүп)* тээ алда кайда, перилердин торуна, тээ алыска учабыз дебедик беле?

Б о л о т. О мең теңиң боло аламбы? Жылкычы болом, жарды болсом.

М ө ө р. Мен деле кайсы чиренген байдын кызы элем. Арзышкан ашыктарга бай да, падыша да тең эмес

Б о л о т. Кокус Баян көз артып калса кентесиң, дүң да сезгендирсиң...

М ө ө р. Баян өңдүү бай балдары бул турмушка эрке жаралган, көңдөй, өңүндө ырайым, тилинде жылуу өз, колунда жакшылык, оюнда адилдик жок, супсак саралган арсыз пенде. Аны менен өлгөнчө каным кошулбайт, миң аракет кылса да Мөөр атым барында жаныма жолотпойм.

Б о л о т. Эми көңүлүм жай алды. Маңдайга жазылды көрөрбүз, Мөкүш, эмки айтарым мындай *(Аны эркелетип жаракөр кучактап, ары карай басып)* биздин шертке батып бара жаткан ай, тарап бара жаткан жылдыз, көл боюнда биз сыяктуу ысык дем менен бирфине ыкташып таттуу уктаган каз, өрдөк, аккуу, кашттүү Соң-Көл күбө эмеспи! *(Экөө ысык сүйүү белесинде турат, бул кезде аңдып жүргөн Баян байкатпай алардын арка жагынан келет. Экөөнү карап таң калып турат).*

М ө ө р. Ушундай түндөрдүн бир гана деми миң дөөлөткө, миң байлыкка, эсепсиз казына, нечен дүр-дүнүйө, менсинген нечен арсыз жүрөккө тең эмеспи. Мен тейин, сен ар дайым биздикинде бол, атам сени жакы көрөт. Эч шек албайт.

Б о л о т. Кош эмесе, Мөкүш, айтканыңдай кылам (*Экөө бөлүнүшөт, Баян өзүнчө).*

Б а я н. Баракелде. Түк мындай деп ойлогон эмесмин. Кудая тобо. Ушундай экен э? Сырымды айтчу кишиге айткан экенмин да! Ургачынын чачы узун, акылы кыска деген ушу да. Болоттун эмнесин жакшы көрдү? Болот ким, мен ким? Токто, эми чындап киришейин. *(Өзүнчө кезенип).* Таанытармын силерге! *(кетет).*

Б о л о т. *(Толук ыраазылыкка ташып, түндү жаңырта кыйкырып).* О-у... Султан, о жылкыларды бери кайры, мен алдынан тосом. О бери кайры, бери кайры. Бах, чиркин дүйнө ай. Ашыклык деген өзүнчө бир чексиз күч экен го. Күлүк менен жарышкым келет. Кабылан менен кармашкым келет, ажыдаар менен арбашкым келет, азуулуу менен алышкым келет, эртеңким кандай болор экен? Кандай болмок эле? Кылычка моюн

сунуп берчү мен эмес. Мына, таң атып келе жатат. Бир аздан кийин Мөөркандын үйүндө болом. Мага андан артык эмне ракат? Мөөркандын үйүндө болом! Таң тезирээк атса экен!

2-СҮРӨТ

Мөөрдүн үйү. Атасы Адыл жана өзү.

М ө ө р. *(Жаракөрлөнүп).* Ата-ай, я ата, атаке дейм, көптөн бери айта албай жүргөн бир сөзүм бар...

А д ы л. Айта гой, кызым *(эркелетип)* айта гой, жарыгым.

М ө ө р. «Жердеги жумуртка — көктөгү канаттуу» дегендей ар бир куш жумурткадан чегилип балапан болуп, анан канаты жетилип, кайдадыр азаттык кучагына учат. Тай — тулпар болуп, бала — азамат болуп, темирканат бала-бүркүт — кыраан болуп, жараткандын айкүнү, жер-асманы ортосунда дооран сүрөт. Бир гана менин таалайым белгисиз, мен канда барам, кимдин чынарына коном?

А д ы л. Олда, кызым ай э. Ким менен кудалаштың, ким менен сөөктөштүң, мени кимге бермек болдуң дегениң го? *(күлүп).* Ушундай го, кызым?

М ө ө р. Андай болбосо да, ошого жакын, атаке...

А д ы л. Бир кудайдан зар какшап тилеп жүрүп көргөн перзентим сенсиң, кызым. Көрсөм көңүлүм тоёрум, карасам кайгымды ачарым, өзүңсүң, жылдызым. Куда-сөөк болуш парс, бирок сенин көз жашың убал. Мен убалдан корком жана өз ичимен айтып койгон антым бар.

М ө ө р. Кандай ант, атаке?

А д ы л. Азамат дүйнөгө бир жаралат, миң алаамат азаптардан, кайгы-муңдан өтөт. Сен бир жаралдың, мен тирүүмдө көз жашыңды көрбөйүн, бирөөгө колуңдан кармап бере албайм.

М ө ө р. *(Кубанып).* Кудай ай, таалайым атакемдин колунда экен го. Атаке, андай болсо... андай болсо...

А д ы л. Өз көзүң менен көрүп, өзүң жактырганга гана берем. Антым ушул.

М ө ө р. *(Жаракөрлөнүп).* Жараткан ай, жер жүзүндө мендей бактылуу бар бекен.. Атаке, заман көтөрбөйтко?

А д ы л. Өзүм жаман болгон менен Соң-Көл айланасындагы элдерге анча мынча кадырым бар, аксакалдар сөзүмдү угат. Келдике бий да салам берсем алик алат. Сага берген антым майышпайт да, чайпалбайт, кызым.

М ө ө р. Аныңыз жакшы экен. *(Жарөкөрлөнүп).* Атаке, өзүм каалаганга ээ?

А д ы л. Ооба, ырыскым, өзүң каалап, өзүң арзыганга, өзү каалап, өзү арзыганга...

М ө ө р. *(Аябай күлүп).* Эгер менин каалаганым тогуздап, жүздөп кара бере албасачы?

А д ы л. «Барган жериң кутман болсо, төркүнүң султан болор» дейт, кызым. Колунан көөрү төгүлгөн, башынан бакыт күнү кетпеген, жүзүндө мээр чөбү гүлдөгөн, аңдайынан ырыс шамы көрүнгөн жерге не жетсин. Андай жерге жолуксаң бешигиңде алтын көкүл талпынар, кызым.

М ө ө р. «Кызды берсең чогоолго бер, кызды алсаң, зордоп ал» дешкени эмнеси, атаке?

А д ы л. Ал жүйөлү кеп. «Чогоолго берген кыз куурайт, жети атаң, тууган досуң тең куурайт» дейт. Бул көңүлгө түйөр сөз, кызым.

М ө ө р. Жок, атаке, мага «каалаганың» деген сөзүңүз жагат. Муну түк эсимен чыгарбайм. Абдан таттуу сөз.

А д ы л. Айтканым айткан. *(Болот кирет).* О-о, мына жээн да келип калды. Бу айдай, күндөй болуп сен кайда жүрөсүң? Кел, төргө өт.

Б о л о т. Кулдугум бар, таяке. Кол тийбейт, кол тийсе моюн жар бербейт. Ошентип

эле бир аз күндөн бери четтеп кеттим. Эми келе берип тынчыңызды албасам болгону.

А д ы л. Тынчыңызды албасам дегени эмнеси. Мына Мөөр менен тең чоңойдуң. Тай-кулундай алышып балалыкты өткөрдүңөр. Эми четтеп кетпей күлкүң менен, ырың менен, бөлөк жигиттерде болбогон тамашаң менен, Мөөргө эрмек бол. Уялба, келип жүр. Кымыз куй!

Б о л о т. Ооба, таяке. Мөөр менен көңүл ачуу мага кумар. Сиз айткандай бала кезден бери үйрөнүшүп калыппыз. *(Эшикти көрсөтүп).* Мейман келатат. *(1-жуучу кирип салам айтып, изат кылат).*

А д ы л. Кел, мырза, кел, төр сиздики!

1-жуучу. Теңир жалгасын, жайынча келип калганым.

А д ы л. Жол болсун, мырза, элиң кайсы, жериң кайсы, кайсы уруктансың, айта отур?

1-ж у у ч у. Элим, жерим мындан салт аттууга алты күнчүлүк. Уругум моңолдор, өзүм бирөөнүн аманатчысы.

А д ы л. «Бөрү чабар жигитти бөркүнөн тааны дегендей» сенин бөркүңө караганда жуучусуң го, балам!

1-ж у у ч у. «Ырыстуу үйгө жуучу, ырысы жок үйгө доочу». Сиздин ырысыңызга ырыс кошоюн деген кудайдын кулумун. Адыл. Аның жөн. Сүйлөй отур.

1-ж у у ч у. Кызыңыз Мөөргө бир болушту былк эттирбей сураган Асылзада деген бектин ыкласы түшүп калыптыр. Калыңы канча болсо да көтөрөм дейт. Сиз менен сөөктөшөйүн деп келдим. Жооп берсеңиз экен!

А д ы л. Асылзадаң, Асылзадалыгын кылып, үстүмө алтындан үй тигип өрүшүмө мал айдап, маңдайыма чынар терек тигип, үй жанына күмүш көл орнотуп бүткүл эл-журту менен асылса да кызымды бербейм!

1-ж у у ч у. «Кыздуу киши кыр ашат» дегендей катуурак кеттиңиз.

А д ы л. Жообум ошол, жуучум. Башка кеп жок.

1-ж у у ч у. Кулдугум бар! *(Ызат кылып чыгып келет).*

М ө ө р. *(Моокуму канып).* Атаке, дайым ушундай ай айтсаңыз," менин турагым бейиш жарыгындай кут болот.

А д ы л. Деги жадатып жиберишти. *(Сайкал кирет).*

С а й к а л. Эшикке мейман келди. Түспөлүнө караа алыстан чыккан неме окшойт. Аты ыргайдай, өзү ойдой болуп бүтүптүр. *(Аңгыча 2-жуучу кирип салам айтып ызат кылат. Адыл алик алат).*

А д ы л. Кел, жуучум, кебиң болсо айта олтур.

1 – ж у у ч у. Теңир жалгасын, касиеттүү карыя. Сутай билгениңерге таң калам.

А д ы л. Э, анча-мынча олуялыгым жок эмес. Айтарымды да билип турам.

2- ж у учу. Ойтобо ой, укмуштуу киши го, *(сүрдөп)* о,еле сөзүм жок. Анчейин... Алыстан... Сиз жакка... Адыл. «Куда болгончо кулу, бийиң сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш» дечү эмес беле атынбай айтарыңды айта олтур.

2-ж у у ч у. *(Кубанып өзүнчө).* Мунуңуз жаман эмес. О кудай бере көр. Көл башы арык тукумунанмын. Акан манап Алтымышбай болуп, анын уулу Жетишбам болуп, кызыңыз Мөөрдүн даңазасып алыстан эп түшүндө жактырып калыптыр. «Кымызды ким ичин, кызды ким сурабасын» деген кеп да.

А д ы л. Пай, пай, пай, түшүндө жактырып калса... Ал чатак экен. Эмесе ошол Алтымышбайың менен Жетимишбайыңа айта бар, түшүндө арзыганга ал өңүнтакыр кошулбайт. Сөзүндүн аягы кымыз менен эт толуп бүттү белем, кызды көргүң келсе көрсөтөйүн — кана! Кымыз ичкиң келсе, кана кымыз сун, Мөөр!

2-ж у у ч у. *(Тартып жиберип, Мөөрдү карап калып).* Чиркин ай, арзырлык перизат экен э! «Кымызды ичкен! бер, кызды сураганга бер дечү эмес беле»?..

А д ы л. *(Шашып)* Кокуй, я, Мөөр, бер кымыздан, жер, аябай суусаган окшойт. Жуучум, бир кызды миң иши сураса, биринен алып бирине өткөр дегениңби?

2-ж у у ч у. *(Аябай сынып).* Мен жыгылыштуу болум. Мени кудай урсун. *(Мөөрдү карап).* Бах... Жакшы оргой экен э... Жообу болор бекен?

А д ы л. Айтылбадыбы, жуучум, көп таарынбай бир эки күн коно жатып кайра келген жагыңа кайтарсың.

2-ж у у ч у. Кулдугум бар! *(Кетет).*

М ө ө р. *(Күлүп).* Атаке, бул жолкуңуз сыйыраак чыкты.

А д ы л. *(Ыраазы болуп).* Жуучу келүү ал ырыскы болот. Баарынын тилеги ак. Кызым сен алардын баарынан кымбатсың. Ошондуктан көңүл калтырууга туура келет. Э, кудай, кесириңен сакта. Мөөр, Сайкал, Болот! Кымыз ичип, ыр ырдап ойноп күлүп олтура бергиле, чырактарым. Мен өлбөс оокат менен алышайын *(Кетет).*

С а й к а л. Дүйнөдө жуучудай шүмшүк бар болду бекен? *(Күлүшөт).*

Б о л о т. Сайкал, сенин тилиң уу, аябай курч. Курчтугуң менен Баянды таарынттың. Аның жакшы эмес.

С а й к а л. Таарынса Таласка кетсин. «Жигит өзүн менсинет, жигитти ким теңсинет» дейт. «Көпкөн жарылат, толгон төгүлөт» дейт. Ал сөөмөйүнө чиренбей эле койсун. Айланып жүрүп өзүмө келет, ата жышанын бузмак беле?

Б о л о т. Сен аша сүйлөйсүң, Сайкал. Колуңан баары келет.

С а й к а л. Менин колумдан баары келет.

М ө ө р. *(Жарөкөр).* Сакин дейм, биздин кол кыска, жолубуз тар эмеспи. Бизде эрк барбы? Аны коюп сөздүн ийгилигине көчөлү. Эркекке караганда кыз сырга бек болот. Сага айткандарымды оозуңдан чыгарган жоксуңбу.. Жалгыз сырдашым бир сенсиң, Сакин. Менин убалыма калбагыдай бол.

С а й к а л. *(Жумшап).* Жаным айлансын сенден, Мөкүш. Болот экөөңөрдүн байчечекейдей жадыраган өмүрүңөргө суу сеппесем, уу сеппейм. Колумдан келген жакшылыгым силерди ого бетер ысык, ого бетер таттуу, ого бетер көркөм кылса экен дейм. Сен билбейсиңби, Мөкүш? Тили ачыктын, жүрөгү жабык болот...

Б о л о т. Жакшы айттың, Сайкал. Ушундай туйгун эле дейм да!

М ө ө р. Эмесе, Болот, сага арнаган белегим бар. Үч тилектештин ортосунда ошол аманатты тапшырайын. *(Ары жактан кылыч алып чыгат)* Душманың көп. Эми ого бетер көбөйүп бара жатат. Экөөбүздүн тагдырыбыз үчүн-башка түшкөн кара түндө керекке жарайт. Бул сага жакшы жарашат. *(Кылычты Болотко тагат).*

Б о л о т. Мунуң чоң сый! *(Кылычты кындан сууруп).* Атааң көрү ай, курал деген кандай сүрдүү... Ырас душманым көп, биз дагы аз эмеспиз, бирок биздин кол байлануу. Экөөбүздүн азаттыгыбызга, ашыклыгыбызга тоскоол болгон тар кыяда, айсыз түндө бул берген белегиң эч кимге жендирбес күч болот. Анткени — бул ашыклыктын белеги, ашыклык баарынан күчтүү! *(Кылычты өөп, кынына салат).*

С а й к а л. Болот, «Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде кандай баатыр шайланат» дейт. Ошого татырлык бол.

Б о л о т. *(Кубанып).* Жарармын, жарармын деп ойлойм, Сакин! Кана байкап көрөйүнчү. *(Кылычын сууруп аябай ыразы болуп).* Ойда, элпек, жеңил, өткүр, майышпас, алдырбас! *(Баян кирет).*

Б а я н. Болот, сен урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай калгансың го!

С а й к а л. Абайла, Болот, мырзаны чарпый кетпесин!

Б а я н. Каап, ушунуку өттү да. Астафрулла! Чымын болсом да эмне болуптур! Мен менмин го дейм?

Болот. *(Жадырап-жайнап).* Э... Баян мырза, Сайкалдын эрке сөзү да. «Үйдө баатыр — жоодо жок» дешчү беле. Кыздардын алдында мактанып жатканым.

Б а я н. *(Күлүп).* Баса десең, бери басчы, айтар шыбырым бар.

С а й к а л. Мөөркан, бери жүр, шыбырын-шыбырап алсын. Биз шыбырына шыбыр кошолу, шыбыры шыдыр кетсин! *(Экөө өздөрүнчө сүйлөшүүдө).*

Б а я н. *(Алдыга чыгып).* Болот, кечеки сөздүн аягы эмне болду? Укмайынча тынчый алгыдай эмесмин. Атайы ошон үчүн келдим. Эмне дейт деги, айтсаң!

Болот. Айттым, мырзам. Экөөңөрдүн араңарга жүрүшүм мен үчүн уят болсо да, кадырың үчүн айттым, мырзам.

Б а я н. Эмне деди?

Б о л о т. «Баян мырзанын көзү түшүп калыптыр, буга эмне дейсиң» — дедим эле: «Мен арзыганыма барам, бирок Баян экөөбүздүн ортобузда андай лаззат ачыла элек» деди

Б а я н. Ошондойбу? Арзыганына? *(Өзүнчө кыжыры келип).* Ага арзытанды ким коюптур? Каап, тилегип кара... *(Болотко).* Арзыганыма дейби? Барсын, арзыганына барсын! Жообу андай болсо кыйын экен. Бул жерде туруп не кылам? Кой, мен кетейин! Айтып кой, Болот, Мөөр арзыганына барсын!

С а й к а л. Токто, Баян, токто! Таарынба, таарынчыңды жазайын. Бул ушундай көк болучу. *(Анын сыртынан карап калып).* Апээй, Мөкүш бий акем келе жатат.

М ө ө р. *(Кошо карап).* Тигиниси атам экен. *(КубаныП).* Бийге сөзүм өтөт дегени чын экен го. Сакин, кокуй, үйдүн ичин иреттеп жиберели. Жок, таза эле экен. Жүргүлө, улуу меймандын камын көрөлү. *(Кетишет, Адыл менен Келдике бий келет).*

К е л д и к е. «Кырдан ашкан түлкүдөй кылактаган дүнүйө.

Сууда сүзгөн кундуздай булактаган дүнүйө.
Каухар жакут, берметтей чубактанган дүнүйө.
Сунган колго жеткирбей ыраактаган дүнүйө»

деген ушул эмеспи, Адыл!..

А д ы л. Ырас ко, замана чиркин миң сыр, жүз кыр турбайбы!

К е л д и к е. «Кары билет кааданы, качырган алат сонону» дегендей, дагы эле болсо кадырга жетер өзүңсүң. Мына, бизге окшопдөөлөттүн терең жеринен кечпесеңда, аталган бай, же бек, манап болбосоң да, өзүңдүн ак жүрөк, адилдик жана акылга дыйкан касиетиң менен эл арасына өтүмү бар кишилердин бирисиң. Мунум калппы, я, Адыл?

А д ы л. Чындыгы бар, бийим.

К е л д и к е. Ап бали, «Баштаганың жакшы болсо, эмкинин карысы болорсуң» дегендей-, биздин дем менен ушу кадырга жетип отурасың. Мунум кандай, Адыл?

А д ы л. Бетке айткан сөздүн заары жок дегендей, жалынып алдыңарга барганым жок, жалбарып мал сураганым жок, эч кимге залалдыгым жок, кудайдын жазган күнүн эптеп көрүп келатам.

К е л д и к е. Ооба дечи. Сөздүн ыгын бурба, ооба деп турсаң.

А д ы л. *(Борсулдап күлүп).* Айта бериңиз, бийим, айта бериңиз, бийим.

К е л д и к е. Айтсам, түндөтөн бери мага бир жаңы ой түштү. Ал ойдун чечилүү түйүнү сеникинде болгондуктан бастырып келип калганым ушул болду.

А д ы л. Колдон келер иш болсо, баш тартууга эрк кайда, бийим.

К е л д и к е. Экөөбүз замандашпыз, таалайыбыз башка болгон менен акыры тиги дүйнөгө барар тагдырыбыз бир. Өзүңө акыл салайын деп келдим, Адыл...

А д ы л. Ал эмне жөнүндө экен бийим?

К е л д и к е. Элге окшоп арага киши салбай, ашык түйшүк, бекер уу-чуу чыгарбай, бир жагы теңтуштук, карылыкка салып, намыс кылбай, уялбай, өзүм келдим, Адыл... Менин сөзүмөн чыкпайсың го деп келдим Адыл...

А д ы л. Бийлик тизгини колуңузда, дегениңиз туура болбоско айласы канча, бийим?

К е л д и к е. «Тулпар тушунда, күлүк күнүндө» дегендей, эр жетип, бирөө көл боюнда чынардай, бирөө таңкы соккон жыпардай, бирөө үлпүлдөк сулуу жылдыздай, бирөө ааламга тийген жарык ай болуп жуп келишип турганда, тизгинин жыя карматып, куюшканын бек тартып, үзөнгүсүн алтындап кош күлүктү жаратып; «ал эми экөөңөрдүн өмүрүңөр бирге болсун аллох акпар» — десек эмне болот. *(Каада күлкүсүнө салып).* Мунум сөз бекен я, Адыл? *(Дагы күлүп).*

А д ы л. *(Өзгөрө түшүп).* О бий аке, коюңузчу тамаша кепти. Бала болуп

кеткенсизби?..

К е л д и к е. Эмне дейт? Бала-маласы жок эле чыным ошол. Балам, Баян улам-улам айттырып жанымды алды. Анын көңүлүн баспасам аталык баркым кайсы?

А д ы л. Менде да аталык намыс бар, бийим.

К е л д и к е. *(Өзгөрүп).* Ой, сен эмне деп дөөрүп олтурасың, о кадырды билбеген каадасыз! Мени менен сөөк болгонго кубанбайсыңбы?

А д ы л. Бийим, Баян балаңызга Сайкал кыз кай жеринен жазды экен?

К е л д и к е. Тарт тилиңди! Анда сенин ишиң жок. Балам Мөөрдү каалады, аны алат!

А д ы л. Кызым кимди кааласа, ким кызымды кааласа ошого берем деген антым бар. Кааласа барсын Баянга, эрк кызда!

К е л д и к е. Сага антты ким койду, кызыңа эркти ким берди? Ал кандай алсыз эрк? Баятан берки айтканым сый сөз, сыйды билбесең ыйды билерсиң. Эми мен келбейм, өзүң келгидей бол! Бүгүн эртеңден баштап тоюна камынабыз.

А д ы л. Алдыңызга аяк басып барбайм, айтканым айткан. Өкүмүңүз болсо, мына — кыска өмүрдүн жашык жүрөгү даяр!

К е л д и к е. Бас үнүндү, наадан! «Кулактууга сөз айтса кулагынын түбүндө, кулаксызга сөз айтса куу бакырдын түбүндө!» Ызат менен, уят менен, үлпөт менен бербесең, зордук менен, төбөңө ойногон камчы менен, эсиңен кеткис кордук менен тартып алам! Сыйды билбеген айбан кийин өзүң өкүнөрсүң! Айтарым ошол, кызыңдын тоюна даярдан! Даярдан, тоюна *(Кетет). (Жүгүрүп Мөөркан кирет).*

М ө ө р. Атаке, эмне болду? Бий акем эмнеге сүйлөндү? Атаке, неге чөгө түштүңүз, неге кабагыңыз бүркөө, неге сабырыңыз суз?

А д ы л. Эчтеке эмес жарыгым, эч нерсе болгон жок. Жайынча кеп. Мындай ишти сурабай жүрчү, кызым, сага тиешеси эмне?

М ө ө р. Антпечи атаке, деги жамандык эмеспи?

А д ы л. Жок, кызым, ойноп-күлүп жүрө бер, айкүнүм.

М ө ө р. Ошондой десең, бий акем үйдөн эң башкача чыкты. Деги бир нерсе бар го. Мына, мына кабагың дагы бүркөлө түштү. *(Жарөкөрлөнүп колу менен кабагын таратып).* Ачыңыз кабагыңызды, ачыңыз, атаке, мына, мына, мына эми баштагы калыбына келди. Эгер анчалык эч нерсе болбосо күлүп коюңузчу, атаке *(жарөкөрлөнө).*

А д ы л. *(Жайдары күлүп).* Ушинткен кызымды, таалай, ырысымды, кубат-алымды, кайрат-намысымды кимге колунан кармап бере алам? Антым — ант! Кыйкырба, бийим! Адамзат оюн эмес! Сенин зордугуң болсо, менин кудай алдында танбай турган ак антым, аталык жүрөгүм, кызым үчүн тобокелге бара турган кайратым бар... *(Жайдары күлүп, кызын эркелетип).* Эч нерсе эмес, кызым, эч нерсе болгон жок, кызым. Эми ишендиңби, эч нерсе болгон жок, кызым. *(Мөөр жарөкөрлөнөт).*

II АКТ

3-СҮРӨТ

Кыз оюн болгон жердин күндүзгү көрүнүшү. Карыялао аңгемелешчү дөбө. Алдынкы планда — Мөөр менен Сайкал.

М ө ө р. *(Аябай шашып).* Бүгүн кечинде дейсиңби? Анан эмне дешти? Атам макул болуптурбу?

С а й к а л. Атаң тайманбай туруп: «айтканым айткан» деди, анда бий акем: «Мындай айбандын колу-бутун байлап, өзүн сууга салып, үйүн өрттөп жибергиле»,— деди.

М ө ө р. Айткам, бий акемдин биздин үйдөн чыгышы жаман эле. Бир балакет болорун ошондо эле сезгем. Кудай ай, бул жаман жорукко? Сакин, дагы эмне

уктуң?

С а й к а л. «Күндү текке өткөрбөй, балам Баянды жүрөкзаада кылбай, бүгүн эле күйөөлөтүп, бүгүн эле Мөөрдү никесин кыйдырып алып берем» — деп каарданды Бий акем.

М ө ө р. Бул эл-журт дегенди сел каптап, бороон алып кеткенби? Калыстыгын айтар жан жокпу?

С а й к а л. Бийдин сөзүнөн ким чыксын? Аның атага кесенип: «Бул итти мен айткандай кылып көзүн тазалагыла, же кепке келтиргиле» деди эле, бир-эки карыя: «Кой, бий аке, ачууңду тый, сен болуп, Адыл болуп, биз болуп дагы бир жолу ийри олтуруп түз кезешели, Адыл элден чыкмак беле» дешти. Бий акем да жумшай түшкөндөй болду. Ана, көрдүңбү, бери карай басышты, эми мобул дөбөгө келишет.

М ө ө р. Ошентип менин тагдырым чечилген экен го. Болот неге кечигет? Кудай ай чын эле ушундай болобу? Сакин, эмне айла кылам? Кандай жол табам? *(Болот, Султан жана алардын жолдоштору киришет).* Болот, кайда жүрөсүң? Жакшы келдиң! Бирдемени билдиңби? Дүнүйө менен кабарың барбы? Турмуштун ызгаары бороонун сезесинби? Бизди куушуруп келип калды го... Чын эле Баян алдуулук кылабы?

Б о л о т. Баарын уктум, баарын билдим. Адыл атаңдын адилдигин, Келдике байдын кечеки сүйлөгөн өкүмүнөн да кабарым бар. Баянда да айып жок эмес. Анын кытмыр көз карашы, эрки, тилеги ушул экен го?

М ө ө р. Кана, Болот, эмне кылабыз? Жазмыштын өкүмүнө моюн сунуп барабызбы, же ашыклыктын акыйкат таза шерти үчүн намыс көтөрөбүзбү?

Б о л о т. Майышууга эрте, бирок алар алдуу. Кандай айла? Кандай акыл? Кандай чара... Анын үстүнө баары бүтүп калган турбайбы... Бүгүн, бүгүн кечинде дешет...

М ө ө р. Эч качан, эч качан Баяндын чирик тагдырына өзүмкүн кошпойм. Болот, эгер менин Болотум болсоң, алдыңа бир шерт коём. Жигитчилигиңди ушундан сынайм.

Б о л о т. Айт, Мөөркан, ал эмне болгон капсалаңдуу сын?

М ө ө р. Сен эмне кылсаң да бүгүнкү кесепеттен сакта. Андан аркысын өзүм табам. Ашыклык оор күндөрдө күчүнө келет дечү эмес беле?

Б о л о т. Бүгүн той болбой калсын, сен ошого жол тап дегениң эмеспи, Мөөр?

М ө ө р. Ошондой, Болот! Ушул күнгө чейин биз жаштык менен ашыклыкка мас болуп, келечектин татаал ашууларын, көл-дайраларын эске албаптырбыз. Эгер бүгүн менин айтканыма жарасаң, аркы милдетин мойнума алам. *(Султан жана бир топ жигиттер киришет).*

Б о л о т. Султан, жанагы менин айтканым туура чыкпадыбы курбум? Айтчы, чыныңды айтчы. Акыры тилек бир да.

С у л т а н. Абдан орундуу. Сен ал оюңду Мөөргө сүйлөп бер, биз өз ишибизди билели. Ошондой эмеспи, жигиттер! *(Беркилер: «Анын эмнеси бар», «экөөнө өзүм»... дешет).*

М ө ө р. Болот, жүрөгүм жакшылыкты сезет. Сүйлөчү, Сайкал экөөбүз угалы. Тигилер да келип калышты, сыр бербегиле... *(Султандар кетишет. Адыл, Келдике жана башкалар дөбөгө олтурушат).*

Б о л о т. Ал мындай... *(Мөөр менен Сайкалга бирдемелерди айтып жатат).*

К е л д и к е. Муну адам деп жатасыңарбы? Ошол эле «кызым билет» деген жообу «Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт» дегендей кудаадан бир өңдүү кыз бүткөн экен, буга төрө да, бай да, бек да, бий да Жаманкул малайдын чокою!

А д ы л. Амириңе даярмын, бийим. Бирок өзүңүз, айткандай жообум ошол. Эрк кызда.

К е л д и к е. Мына, мына, мына уктуңарбы бул наадандын ириген оозунан чыккан чириген сөздөр.

А д ы л. Жок, бийим, андай эмес, бул акыйкат жооп.Баарынан акыйкат таза!

К е л д и к е. *(Эмне кыларын билбей).* Кудай кылат экен да. *(Өйдө туруп).* Ооой, жигиттер, бери ыкчамдагыла, эң мурда менин буйругумду уккула! Мына бул

Адыл аттуу ырыс кескини колу-бутун байлап атка сүйрөтүп жүрүп өлтүргүлө! Канча малы болсо бүт талап өргөсүн өрттөп жибергиле!

Б и р ө ө. Бий аке, «Ачуу душман акыл дос, акылыңа... акыл кош» дегендей азыраак сабыр кылыңыз. Кыз оозунан да кеп угалы. Мөөр эмне дээр экен, ага да сөз салып көрөлү. Эгер кыз да ата жолун жолдоп, ата сөзүн сөздөсө, анан айтканыңыз болсун...

К е л д и к е. *(Четке).* Коё тургула эмесе, жигиттер. Мөөр балам мында турбайбы. Болот, Сайкал баары мында тура, о жадырап жайнаган мээнетиңи алайындар. *(Жанагы кишиге «бирдеме дебейсиңби» дегендей белги берет).*

Б и р ө ө. *(Жанагы).*— Мөөр балам, атаң Келдике байды таарынтып койгон өңдөнөт, таарынчы катуу таарыныч болуп, бийдин каары атаңды катуу өкүмгө салганы турат. Бирдеме деп айтарың жок беле, балам?

М ө ө р. Атакемде күнөө жок. Айып болсо, мендедир. Бий акемдин каалаганы эмне экен? Атакемди каардар себеби кайсы экен?

К е л д и к е. Мөкүштай, менин түз айтмай каадам бар. Бүгүнкү күн Баян балам менен сен экөөңдүн нике кошор күнү болгон турат. Атаң жүйөгө келбей баш тартты, эми жооп өзүңдөн.

М ө ө р. Бүткөн ишке кандай жооп? Атакемдин деле каарыңызга кала турган жөнү жок экен.

К е л д и к е. Буга кандай деп түшүнүүгө болот, Мөөр балам? Улууларды уялтпа, кичүүлөрдү кейитпе. Жооп бер, балам!

Б о л о т. Мөөркан, бийге макулдук жообуңду айт. Ансыз да бүткөн иш турбайбы...

М ө ө р. Даярдана бергиле. Андан аркысын тагдыр өзү көрсөтөр. Таң калба, атаке. *(Жарөкөрлөнүп).* Атаке сага ыраазымын, бул ойлонуп айтылган жооп. Ошентиңиздер, даярдана бериңиздер. Ушунча кишинин эркин кантип жалгыз токтото алам?

К е л д и к е. *(Чери жазылып, каада күлкүсүнө салып)* «Кыз жакшысы зыйнат» деген ушул. Кайран сага айтылган сөз, *(Адылга).* Мына ушинтип эле бүтүрүп алчу иш турбайбы...

А д ы л. Кызым каалады, менде эми кеп жок.

К е л д и к е. *(Жайбашкалап).* Союш март, март союлсун. Кымыз көлдөй көлдөсүн, бал-мейизге чайкалсын, шекер шербет-төгүлсүн, кыз оюн бир жакта, миң түрлүү шаан-шөкөт бир жакта бул ааламда жок сайран менен Мөөркандын тоюн өткөрөлү. Мына, мен эми жазылбадымбы. *(Каада күлкүсүнө салып).* Жүргүлө, жүр Адыке ак тилек-ак ниеттин жолун жолдойлу. Силер, балдарым, оюн-күлкүңөрдү күчөтүп, шапар тээп дуулагыла! *(Келдике, Адыл жана алаодын жанындагылар кетишет).*

М ө ө р. Арзыганым Болот, биз бүгүн мына бул тумчуктурган сасык тумандан эптеп кутула алсак, анан...

С а й к а л. Кудай ай, өз ордунан чыккай эле...

Б о л о т. Мындан башка эч арга жок. Мөөркан, эмне болсо да тобокел! Мына Баяндар келип калышты, жаракөр күлкү менен тосуп ал. *(Баян баштаган жигиттер, Кундузду ээрчиген кыз-келиндер киришет).*

К у н д у з. Балакетиңи алайындар, ушинтет дегем Мөөрканымдын эси бар эмеспи... Күкүк менен зейнептей ысык жар болгула. Кудайым мындай бакытты барлык пендесине бербейт.

С а й к а л. Кундуз жеңе, Күкүк менен Зейнеп өмүрүндө кошулган эмес, экөө кошулган күнү акыр кыямат болот дейт.

Кундуз. Тек, о, такылдаган бейбак. Кошулган эле. Мына эми ойноп күлүп жалган дүйнөдөн жыргап өткүлө.

Б о л о т. Баян мырза, талабың текке кеткен жок. Жаза серппес кыраан эмессиңби?!

Б а я н. Сен өкүттө калбасаң болду, Болот. Мен бул турмушка жаза серпүү, чала тебүү үчүн келген эмесмин.

С а й к а л. Чиркин ай, дүйнөдө жаза серппес жалгыз кыраан куш бар,куштун аты-

Кулаалы деген сен экенсиң го...

Б а я н. Кундуз жеңе, муну кой дейсиңби. Деги мени жеп салмак болду.

К у н д у з. Болду, андан ары ээленип кетет.

С а й к а л. Ээй тобокел. Кундуз жеңем бүгүн тим эле күл-күлүнөн жанат, эч болбогондо эшик ачаарынан энчи алатко дейм.

К у н д у з. Бул бейбакка сөз жок турбайбы. Мөөркан, уул менен тең басып, мындай ээн чыгып жашчылыктын балына канышпайсыңарбы.

М ө ө р. Баары өз кезеги менен эмеспи, Кундуз жеңе. Баян баягы Баян да... Мен тааныбаган Баян дейсиңби...

Б а я н. Көңүлүңө тийген жерим бар беле, Мөөркөн... Эмне мынчалык менден үркөсүң?

М ө ө р. Жок, мындайынча айтам, Баян. Сенден неге көңүлүм калсын.

К у н д у з. Балакет, мээнетиңди алайын ий. Сүйлөшсөңөр тим эле тилиңерден бал тамат. Ал эми бирге жашап, бирге туруп, бирге өткөргөн күнүңөр кандай гана болор экен а... Койгула, балакетиң алайындар, бир-бириңердин көңүлүңөргө тийген жериңер бардыр, азыр кол алышып койгула, өткөн-кеткендин баары унут калсын.

М ө ө р. Ал баланын ойну, Кундуз жеңе. *(Болотко).* Болот, бирде ойлоп көтөрүлө түшөм, бирде жүрөгүм муздап чөгө түшөм. Мен дагы эле муну айтам, Болот. Колуңан келер бекен?

Б о л о т. *(Сөзүн буруп).* Бул эмне деген туруш, Баян менен Мөөрдүн сөөлөтү кайда? Жигитчиликке жатпайт мунубуз. Кыздар, оюн-күлңүңөр кайда? Уят минтип туруш... Кана, баштап жиберели... (*Баары-уу-чуу, күлкү. Болот Мөөргө).* Мөөркан менин күчүмө шек келтиргениңби? Күмөн санаба, татый алам...

К у н д у з. Баракелде, Болот, жигит болсо сендей болсун кана эми өзүң бирдеме баштап жибер.

(Булар оюн аракетинде жүргөндө, ар жактан Аламандын үнү угулат)

А л а м а н. *(Ары жактан кыйкыра сүйлөп).* Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан келе жатат, каблан келе жатат, кара кулак шер келе жатат! Жол ачкыла, жол ачкыла. *(Аламан алдына түшүп жол тазалап, анын артынан аябаган шаң менен Баяке кирет. Беркилер бөлүнө түшөт).*

Б а я к е. *(Сүр менен карап).* Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Сон-Көлдүн сонолорун көрдүңбү... Атан көрү ий... Чүрөктөрү бир башка, ак куулары бир башка, тотулары бир башка, каз-өрдөгү бир башка, сонун кушу бир башка болуп, экөөбүздүн келишибизди күтүп турган экен э?..

А л а м а н. Сен тыягынан чык, мен бьягынан чыгайын, бир-бирден сынап өтөлү сулууларын өөп өтөлү, көңүлгө жаккандарын ала кетели. *(Экөө эки тараптан куушуруп кирет).*

С а й к а л. Алы-жайын айтпаган, көпкө салам бербеген, ызат-урмат билбеген, келе сала кол салган, булар кудайымдын кайсы жибергени эле?

Б а я к е. *(Биринчи кызды карап).* Жин эмес, ур кыздары туш келген перизадаларбыз. Биринчисин сынайынчы: турна моюн бото көз, сыйда мүчө жайык төш, бирок өзү чийки, бул жакпайт. *(Экинчи кызга барып).* Айдай нурлуу ак маңдай, тиштери күмүштөн чеге каккандач, жүзүнен эр бактысы көрүнөт, бирок бою кыска, бул да жакпайт. *(Сайкалдын жанына барып).* Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Сага жакканы болдубу?

А л а м а н. Мен көргөндөрдүн баары эле: «Бетиң аппак көмүрдөй, этиң жумшак темирдей, сага ашык мен болуп, качып жүрөм көрүнбөйлөр го»...

К у н д у з. *(Ыза болуп).* Мурунтугу жок кандай толоздор эле... Жигиттер, жооп кайтара аларыңар жокпу?

Б а я к е. Аламан!

А л а м а н. Лаппай! Мына мунусу жаман эмес. (*Тийишип).* Атың ким сулуу, чоочуба... чоочуба...

С а й к а л. Атым Сайкал, жолбун баатыр. Бул эмне деген ээн баштыгыңар? Адамдык сыпатыңарды чечип таштаган немесиңер го.

Б а я к е. Кыз көрүп жүрөбүз, сулуум.

С а й к а л. «Кыз көрүп жүрөбүз?» «Тетиги жигит кыз көрөт, ал жигитти ким көрөт» дегендей, силерди ким көрөт.

Б а я к е. *(Андан өтүп Мөөргө барып, таң калып).* Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Көктөн издегенибизди кудайым жерден берди белем! Мына бул кыз адамбы, жесүрөтпү! Айбы, же күнбү? Төрт кыбласы бап келген, пендеден чанда табыла турган сулуулардын сулуусу экен э... пай, пай, пай, пай! Мунун аты ким?

М ө ө р. Атым — Ак Мөөр... Ашыра мактадыңыз, көңүлүңүз калар. Жаман нерсе биринчи көргөндө жакшы көрүнөт.

Б а я к е. Менде жаңылбастыктын касиети бар, сулуум... Ак Мөөр? Пай, пай, пай, пай, өзүнө жараша атын карачы. Дүйнөнүн жаңылышканын көр, эмне үчүн төрөнүн, бийдин, падышанын, баатырдын Мөөрү болбодуң? Пай, пай, пай...

М ө ө р. Алардын Мөөрү чөнтөгүндө. Мен азаттыктын өмүрүнө Мөөр болгум бар...

Б а я к е. Сөзүн карачы, сөзүн карачы... Антсей жаман эмес. Сени менен жакын сүйлөшөйүнчү... *(Айбат менен Мөөргө басат, Баян «Мөөр меники эмеспи, буга " сес көрсөтөйүн» дегенсип Баякенин алдынан тооруйт).*

Б а я к е. Тигини, тигини, Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Мунусу чыйраксынат, Мөөргө көз салгандын бири го! Сендей, сендей балдардын терисин тескери сыйрып башына кийгизе турган күчүм бар! Мунун кайратын! Жол тосо турган сенсиңби! *(Кылычын сууруп, кесеп).* Эне сүтүңдү оозуңа татытайынбы? Чык, эр болсоң бер жакка!

Б а я н. *(Кыздарга корголоп, эси чыгып).* Кантет? Кантет? Мен тим эле, жөн эле... кандай неме?..

С а й к а л. Баян, о жигит болбой кал. Намысы жок неме турбайсыңбы...

Б а я к е. *(борсулдап күлүп).* Ак Мөөр... Пай, пай, пай, пай, кана мени жаадырап карап койчу, мас кылчы... Бул эмне деген көрктүү кыз, я... *(Жакындамакчы болгондо Болот алдын тосот).*

Б о л о т. Жакындабаңыз батыр, баятан бери мейман деп сыйладым... сыйга келиңиз --Бул кандай адепсиздик? Жакындабаңыз!

Б а я к е. *(Кекетип).* Я... Жакындабаңыз... адепсиз... сыйладым? Мунун бышыксынганын!.. Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Мунусу эң кур дегенде көңүл жакыны, же таякеси, же жээни, же тууган сөрөйү, айтор, бирдемеси го дейм?

А л а м а н. Шаңдуу турушуна караганда, айтор, жок дегенде алыс тууган, деги болбогондо сорпосунун сорпосудур да. Ким экенди таанытып кой, кабыланым!

Б а я к е. *(Кылычын сууруп чыгып).* Жаныңды жаандамдын төрүнө жиберейин! Менин жолумду тосконду ким коюптур сага? Андайлар бул дүйнөдө жарала элек! *(Качырат).*

Б о л о т. *(Аны кетенчиктете түртүп, кылычын сууруп).* Өз жаныңа бек бол, баатырым, мына жооп бергеним болсун. *(Экөө чабыша баштайт).*

Б а я к е. Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Каны суюк жаш неме экен көөкөрүңдү кам, дай бер, суусундукка керек болор, толтура куя кетели!

А л а м а н. Кабланым, мен бармын!

Б о л о т. Баятан бери ким экен десем, адамзаттын канын эңсеген бөрү экенсиң го. Көөкөрүңдүн ордуна өз башың байланбаса болду! Көзүңдү ирмебе! Чындап чап, арманда болорсуң... *(Баяке чегине баштайт).*

Б а я к е. Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Качырышы жаман экен, сырттанына жолугуп алган турбаймынбы? Айлам кетти алапайымды таппай бара-жатам. Баш далдалар жерди камда. Арт жагымды тоскула!

А л а м а н. Жол ачкыла! Жол ачкыла! Арстан чегинип бара жатат, каблан чегинип бара жатат. Жол ачкыла! Жол ачкыла! *(Экөө чабышып, Баяке сүрүлүп бара жатат. Болот аны жаралантмакчы болгондо Баяке кылычын таштап жиберип чөгөлөй калып жан соогалайт).*

Б а я к е. Жан соога, баатыр! Күнөөм болсо кечир, сен да бир эр экенсиң, жаңылып, ажыдаардын куйругун басып алган турбаймынбы. Жан соога, баатыр, жан соога!

М ө ө р. Ушунча эле белең, Жолбун баатыр!

С а й к а л. «Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло» деген ушул. Катуу майтарылып калдыңыз.

Б о л о т. Кечтим, жаның өзүңө калсын. Экинчи бет алдыма туш келсең соо калам деп ойлобо. *(Булардын уу-чуусун угуп, ары жактан Келдике, Адыл жана башкалар келишет).*

К е л д и к е. Бул эмне деген чуу? Бул эмне деген кындан кылыч суурушкан эрегиш? Бул эмне деген чатак?

Б а я н. Ата, мына бул экөө жерден чыккан жектей болуп баарыбызга бүлүк салды. Болот азаматтык кылды. Деги эле каары катуу ээнбаш немелер экен.

К е л д и к е. Болот, сен эми балам, эл намысына жарай турган эр көкүрөктөрдөнсүң. *(Баяке, Аламандарга карап)* Жол болсун, мырзалар.

А д ы л. Эмне унчукпайсыңар? Жай-жөнүңөрдү баяндагыла. Катуу качырганыңарга караганда чоң жерденсиңер го...

Б а я к е. Аламан!

А л а м а н. Лаппай!

Б а я к е. Жооп бер.

А л а м а н. Мүлдө оң менен солго таанылган Жантай баатырдын жан жигити, качырганын кайсаган — Баяке баатыр!

Б а я к е. *(Көтөрүлүп).* Бул болсо, менден кем түшпөй турган, ааламдын чанда берени — Аламан баатыр...

К е л д и к е. Э... жол болсун, баатырлар... Охо, айтам да... Ой баракелде...

Б а я к е. Жол болсо андай болсун.-.. Жантай баатыр, мына үч ай жүзү болот элден эл, жерден жер, дубандан дубан койбой кыдыртып кыз кудалатып жатат. Өмүрүнүн түгөнөр баралында эл оозуна аталган, «мен сулуу» деген сулууну таап, өмүрүн жашартып, төшөк жаңырткысы келет. Мына биз ошол тилек менен кыз тандап жүргөн баатырларданбыз.

А д ы л. Жакшы экенсиңер, мырзалар. Бирок биздин айылда сыныңарга толчулар жокко дейм...

Б а я к е. Журт аралаганыбызга мына бүгүн эки ай он беш күн болот. Акыры издегенибиз силерден табылды. Сынга толмок тургай, ашып түштү. Ал мына баарыбыздын маңдайыбызда каухардай жанып турган Ак Мөөр!

К е л д и к е. Баатыр, кечигип көрүп калдыңыз. Бүгүн Мөөрдү узатуу тою.

Б а я к е. Той болсо таратылсын деген буйрук бар. Андай болсо кандуу кагылыш болот экен го.

К е л д и к е. Антпе, баатыр. Салтка тузак койбоңуз... Андан көрө сыйлуу мейман болунуз. Кана, Адыке, баатырларды улуу сый менен күтөлү.

А л а м а н. *(Жол ачып).* Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан бара жатат,

каблан бара жатат, кара кулак шер бара жатат. *(Баяке шаң менен чыгат, Болот, Баян жана кыз-келиндео калышат).*

М ө ө р. Кудай ай, мен дүйнөгө эмне үчүн мындай жаралгам? Дагы кайдагы Жантай дегени бар эле? Биринин артынан бири ээрчиген жамандык... Кулагым чуулдайт... көңүлүм караңгылайт. Дүйнөдө азаттык кор, мен кор. Болот айтканыңды орунда, эми көзүм жетет.

Б а я н. Оюн-күлкүнү узарта берели. Кудай ала койсун ошол жамандарды...

Болот. Күн кечтеп бара жатат, тоюңа келермин Баян, жылкыма барайын... тамашаңарды өткөрө бергиле... *(Кетет).*

К у н д у з. *(Аоы жактан келип).* Кагылайындар, эл жыйналып, той камы кызуу жүрүп калды. Кыз-күйөөнүн камынмайы болот. Жүргүлө эми айыл жакка басалы...

М ө ө р. Силер бара бергиле, биз — Баян, Сайкал болуп, бир аз мында калабыз.

К у н д у з. Тилиңен тегеренейин... Баян деп калган тура. Ошенткиле балакетиңерди алайындар... Жүргүлө эмесе, биз мында турбайлы. *(Үчөөнөн башкасынын баары кетет).*

М ө ө р. Баян, түштө көргөнүңдү өңүндө, өңүндө каалаганды түшүндө таап, айтканың айткан, дегениң деген болуп турган убак. Мына, такыр ойдо жок жаштык канаты экөөбүздүн ортобузда делбектейт. Деги сенин оюң кандай?

Б а я н. Кандайын сурайсың, Мөкүш? Оюм — сени зайыпдыкка алуу, төшөгүмдү салдырып өтүгүмдү тарттырып, отун алдырып, күл чыгартуу. Зайыптын башка милдети кайсы?..

М ө ө р. *(Күлүп).* Мунуң туура. Кылдай чекилигижок. Эмне үчүн Сайкалды менден кем көрдүң, мунун убалы кимге?

Б а я н. Анчалык бооруң ачыса, кайрымды тийгизейин. Сен байбичем, Сайкал токолум болсун. Анын кандай кыйынчылыгы бар?

С а й к а л. Арсыз чирик! Байбиче, токол жыйнаганча эркектик намысыңды жыйнасаңчы. Жана Баяке деген неме тап берсе, кайрат берүүнүн ордуна, катынга окшоп «кантет деп» кирерге жер таба албай калдың. Сен кайсы алыңа койкоңдойсуң, кыз бүткөндүн баары эле сенин көзүңдү карап калыптырбы?

Б а я н. Жигиттик, намыс, баатырлык деле бар. Кезегинде жарай коёбуз. Качкан эткен жокмун. Күйүп быша турган жөнүң бар, кантейин эми Сайкал?..

М ө ө р. Чын эле Баян коркок окшойсуң. Эгер эл башына күн түшсө кантесиң? Сендей азаматтар ажалды тепсеп өтүү керек эмеспи.

Б а я н. Кудай ала койсун, эл башына күн түшөт деген эмнеси, мына мен бар, эл камсыз.

М ө ө р. Эгер айылга кокус жоо кирип калса кантесиң, жанагыңа окшоп качасыңбы, же азаматтарча көкүрөк тосушасыңбы? .

Б а я н. Ителги тепкен таандардай кылбайымбы. Күчтүн толуп турган убагында жылкы тийүү, эл чабуулар да азайып баратат...

М ө ө р. Бул сөз сага ылайык. Эмесе күткөн эл, күңүрт таалай; кайгы-муңду билбеген, мендейлердин зарын укпаган, акыйкатсыз замананын арам дөөлөтүнө мас болгон чоң жыйын, анткор күлкү тобуна баралы. Кетели, Сакин, бизди күтүп калышпасын... *(Үчөө жай басып чыгып кетишет. Сахна бир аз ээндикте. Башкача кийинген, ошол замандын жарактарын кармаган Болот. Султан жана алардын жолдоштору киришет)*

Б о л о т. Султан, сен бул жигиттерди баштап тигил жагынан кир. Ашык үн чыгарбагыла, сүйлөшпөгүлө. Жакындаганын ойт берип качырып, көп бүлүк салбай өзүңөрдү сактап четтеп чаба бергиле. Мен көрүнбөй туруп силер кызып келгенде туура Баянды карай атырылам.

С у л т а н. Ошондой кылабыз. Бизди эч ким тааныбайт, кийимибизди көрбөйсүнбү. Болоттун айтканын эсиңерден чыгарбагыла. Бул биз үчүн тамаша эмеспи.

Б о л о т. Жүргүлө эмесе кеттик!

(Жок болушат, бир аз тынчтык, анан добулбас урулуп, жылкы тийүү башталат. Ат дүбүртү уу-чуу... Ар жактан:— О, бий малына жоо тийди, бий малына жоо тийди, бий малына жоо тийди! О аттан! Аттан! деген кыйкырык угулат. Сахна ошол замат элге толот. Шашуу, жоого карай кетип жаткан жигиттер).

К е л д и к е. Бу кандай балаа, бу кандай шумдук? Көз көрүнө жылкы тийген кайдан чыккан жолборстор эле? *(элге).* О аттан! аттан! Жигит бүткөнүң бүт аттан!

А д ы л. Капырай, жоо деген түндөп келчү эле, булар күчтөрүнө сыйынган немелер го, я?! *(Карап).* Караандатпай кетишти.

Б а я к е. *(Борсулдап күлүп).* Азыр да кеч кирейин деп калды го, чак түштө жылкы тиймейлер да болот. Аны өз башыбыздан өткөргөнбүз. И кайран азаматтар, беттеше келгендей болдубу. О, киши болбой кал, беркилер эмитен эле бураңдай баштады.

М ө ө р. *(Эмне кыларын билбей, шашып жүргөн Баянды көрүп)* «Эл башына күн түшсө жан аяган жигитпи» дегендей теңтуштарыңан калганың уят эмеспи, Баян. Өз дөөлөтүң, өз мурасыңды жоого тарттырып биздин арабызда жүргөнүң кайсы жигитчилигиң, Баян?

К е л д и к е, Ой, жер соргур мындасыңбы. О тукуму жаман кем! Аттан дароо! О, намысы жок айбан!

Б а я н. *(Шашып).* Мен... мен... эми... азыр... О, апкел атты! *(Кетет. Алыстагы чуулар).*

Б а я к е. Атаң көрү эй, атаң көрү эй, жылкыны узатып жиберип, бери карай жапырып алышпадыбы.

А л а м а н. И... и... Бул да жетип барды, эр экен.

А д ы л. Тетиги жагалмайдай жагалданган, аңтара шым ким болуп кетти? Кайдан чыга калды. Туура эле Баянды качырды.

К е л д и к е. *(Чыдай албай).* О, Болот кайда? Болот кайда? Жер соргонбу? *(Кубанып).* Баян да соо калбайт, о айланып кетейиним, шаштырып албадыбы... Алда алсыз карылык а... Эч болбосо кыркта болсомчу... О, адам болбой кал, кантет, кантет...

Б а я к е. *(Борсулдап күлүп).* Атаа... аңтара шым боз кемсел эр экен э... О, адам болбой кал... И... и... и... *(Боору калбай күлүп),* О, кайраным, ата азамат экен... ат үстүнөн сулата чапты. Ай берки оңбой калды го... Баракелде.

А д ы л. Кудай сактай гөр эй эр өлүп кетпегей эле. Жооң жаман го, бийим... Олда кайран бала ай э...

К е л д и к е. О, иттер, чапкыла турбай, бол тез чаапкыла... *(Көзүн жуумп жиберип).* Адыке, кара көзүм кашайды э... О Болот кайда? Болот кайда?

Ү н. *(Ар жактан).* Болот жоо алдын тосуп кеткен. Баары бир куткарбайбыз.

М ө ө р. *(кубанып).* Сакин... Сакин... тааныдыңбы тигини... О, кудай ай, мынча кайратты ким берген?

С а й к а л. *(Боору калбай борсулдап).* Эч кимиси даай албай койду. Атаң көрү, жерден эңип алып түз эле бизди карай жөнөдү. Капырай сүрүн ай... *(Болот эс учунан танган Баянды эл ортосуна алып келип таштап кетет. Беркилер даай албай артка сүрүнүшөт. Болот тааныгыс түрү менен).*

Б о л о т. Атадан мындай уул туулбасын. Мегиле аманатыңарды! *(Жок болот).*

К е л д и к е. Суу тамызгыла... суу тамызгыла...

Б а я н. Оң колум сынып кеткендей болду. Үйгө алпаргыла... О кудай ай... шайым ооп баратат.

К е л д и к е. *(Кыжыры келип).* Уул болбой кал. «Жамандан жакшы туулат, адам айтса ынангызсың, жакшыдан жаман туулат бир аяк ашка алгызсың» деген ушул. Алпаргыла үйгө. Капырай, касиетти качырып ушу күнгө туш келгенин кара... Олдо сыйпалып калгырдыкы ай э... О, Болот кайда житкен?

А д ы л. Каргаша каш менен кабактын ортосунда дегендей, тойго кесир кылганын көрбөйсүңбү... *(өзүнчө).* Кудай, жалгай көр...

С а й к а л. Болот эми чыкты. Ана, качырып сала берди...

К е л д и к е. Ой, бала жан ай э... Жоо ителги тийген таандай бытырады бейм... Ой жаныңан айланайын... Охо, тигилер жылкыларды кайрып келип калышты. Ой, азаматтар оой.

А д ы л. Жанагы каракчылар кайда житип кетти. Ой Болоттун сүрү ай...

К е л д и к е. Баятан бери көрүнсөңчү. Мейли, эчтеке эмес, мал аман, жан аман. Тээ алыстагы боз чаң жанагы , түрү суук кесепеттердин кур кол качкан чаңы эмеспи...
(Мал дүбүртү. Болот жана башка жигиттер келишет).

Б о л о т. Чыгаша жок, бийим, мал түгөл, баш бүтүн.

К е л д и к е. Өлбө, Болот. О, алар кимдер экен, байкай алдыңарбы? Кап каргашаны карачы...

С у л т а н. Чабышта тааныш барбы, айтор, биз качырсак четке чыга беришет, биз жайлап калсак качырып киришет. Болоттун деми менен малды араң куткарып калдык...

Б а я к е. Болоттон башкаңар жигит эмес экенсиңер, сырыңарды куп билдик. Кайра кайтарда кудаа кааласа кур кайтпай Аламан экөөбүз да тие кетет экенбиз.

К е л д и к е. *(Каада күлкүсүнө салып).* Баатыр, Болот жылкычы эмеспи, силердин жолуңарды кашкайтып тосуп турган дал ушул Болот болот. *(Баяке жап болот).* Баарынан мына бул кесепетти көрбөйсүңбү.

Б о л о т. Кетер жоо кетти. Эми Мөөркөн менен Баяндын үлпөтүнө баралы.

К е л д и к е. Кудай менин төбөмөн уруп турбайбы, Болотум. Баянды катуу мертинтип кетишти. Эки-үч жумасыз киши болгудай эмес. Эл алдына -мына минтип кара бет болдум... Тарагыла журт, тарагыла балдар, тарагыла баарың... Э кудай мындан көрөкчө мени алып кетсечи. Оо куураган куу дүйнө!.. Эмне турасыңар, тарагыла!..
(Баары кетишет. Баяке, Аламан... Мөөр, байкал, Болоттор гана калышат).

Б а я к е. Аламан!

А л а м а н. Лаппай.

Б а я к е. Сен бирдемени байкадыңбы. Эки-үч жумасыз деди уктуңбу... Андай болсо бизге кудай бергени эмеспи... Жүр, Аламаным, учкан куштай зыпылдап Баатырга жетели.

А л а м а н. Даярмын, кабланым! Жол ачкыла, жол ачкыла! Арстан бара жатат, каблан бара жатат, кара кулак шер бара жатат. Жол ачкыла, жол ачкыла! *(Баяке шаңдуу каадасы менен басат, алар кетишет).*

С а й к а л. Баянга катуурак тийдиң, Болот. Эч ким билбей калганы абийир болду. Жолдошторуң азамат экен.

Б о л о т. Баянды аяганыңбы Сайкал?

С а й к а л. Жок, жок, тим эле айттым да... Кана, Мөкүш, эмки максат кайсы?

М ө ө р. *(Экөөнү эки жагына алып).* Эки-үч жумага чейин күлүктөн тандап минип, азык-түлүктү мол камдап, кийим-кечени тегиз шайлап, барар жерди бек дайындап, мына жарык күндү кара кылган, сулуу Соң-Көлдү өзүнүн ырайымсыз жүзү менен кир кылган Келдике, Баян сыяктуулардын жана ошол өңдүүлөрдүн терең орунан азаттык кучагына качып чыкпай жаныбыз жокпу?

Б о л о т. Менин ойлогонум да ошондой болчу, Мөкүш... Барар жер дайын...

С а й к а л. Бул тилегиңер кандай жакшы. Мен да кошулам... *(Үчөө тең кубанычта турганда Келдике менен Кундуз пайда болот).*

К е л д и к е. Күн-түн дебей Мөөрдүн соңунда бол. Карыш жылдырбай аңды, Байка... Мен кеттим.

М ө ө р. Болот, андай болсо экөөбүздүн оюбуз бир жерден чыкты. Ай чиркин ай, өмүр көзүмө жакшы көрүнүп кеткенин карачы. *(Жаракөр күлүп).* Адамзат эркин учкан, биз сыяктуу кыздар каалаганына баруу намыс болбогон азаттык заман болор бекен. *(Кундуз Тажалбүбүнү эрчитип келип Болот менен Мөөрдү көосөтүп).*

К у н д у з. Тажаал, мени кара, мына бул экөөнү көрдүңбү... бир шек бар. Мөөр кайда барса сен да ошол жакка бар. Баскан изин сана, күн-түн дебей жанынан чыкпа. Көз ирмебей аңды. Бир карыш алыс кетпе! *(Тажаал макулдук белгисин берет, Кундуз кетет).*

Б о л о т. Кулак укканды көз көрөр дегендей. Андай заман да жаралар.

Т а ж а а л. *(Таягын жерге бир уруп).* О балакет, мээнеттер, үркөрдөй болуп үчөөнүн турушун. Кайнатпай каныңды ичип, кактабай этиңди жейинби...

С а й к а л. Баягы Тажаал тура. Мына мен кеттим.

(Кетет. Мөөр менен Болот жайдарым күлкү менен басып бара жатышат).

Б о л о т. Мөөркан,

Жарык ай, жанга ракат жамалың ай,
Жаштыктын жыргалына жаралгандай.
Жаш сулуу жерден бакыт таппаса да,
Жаныңан жайлуу жумшак жай алгандай...
Мен үчүн бир өзүңөн кем көрүнбөйт,
Көктөгү ай, Мөөркан да сендей бир ай

дегеним эсиндеби... *(Мөөркан жаракөр күлөт. Тажаалбүбү алардын артынан аңдып басып, таягын таштап коюп, алардын изин ченеп, кеткен жагын бир кыймыл менен карап, жорголоп басып, кылдаттык менен аңдып чыгып кетет).*

III АКТ

4-СҮРӨТ

Жантайдын үйү. Өзү ак мамыкта үргүлөп, эки аялы эки жагында олтурат

С е й и л д а. Көзүм илинер менен, дабыш чыгарбай акырын жылып чыгып кеткиле дебеди беле, жүр эми кетели.

М ы с к а л. Кетсе кетели... «Байбичем» деп койгонго деги эле камкор болуп калган турбайбы.

С е й и л д а. Билдик, «токолум» деп койгонго төбөң көккө жетип эркелей турайын деген экенсиң...

М ы с к а л. Эркелетсе эркелетпегенде эмне... *(Ойкуштап, санаасыз күлөт).*

С е й и л д а. Күлбө, күлсөң ыйларсың?

М ы с к а л. Ый деген эмне?

С е й и л д а. Үйүндө жалам талканы жок, үйүнө жетсе ичерине жетпей; ичерине жетсе киерине жетпей куу тамактын айынан кара жанын карч уруп зар ыйлаган кедейлердин көз жашын ый дейт.

М ы с к а л. Мени эмне үчүн кедейге теңейт. Тамак үчүн, оокат тиричилик үчүн көз жашын төккөн кедейлерде акыл жок. Курсагы ачып бара жатса, майдан аябай тоё жеп, белин бекем бууп алып жүрө бербейби. Ыйлабайм этпейм... *(Бураңдап басып шаңкылдап күлүп чыгып кетет. Сейилда токтоолугун билгизип, анын артынан салмак менен чыгат. Бир аз тынчтыктан кийин Жантай кыйкырып ойгонот).*

Ж а н т а й. Аа-э... сексен белес кыр ашып, токсон дабан бел ашып, сан жетпеген ашуу ашып, өмүрдүн кылда учуна келип калган турбаймынбы. Арт жагымды бир кылчайып карасам: жаштык кез өчкөн оттой бүлбүлдөп, баткан күндөй күүгүмдөп, ташыркаган тулпардай улам мүдүрүлүп, улам жаза басып, мүрүсү түшкөн шумкардай канатын зорго кагып, барган сайын алыстап, барган сайын ыраактап алда кайда калып бара жатат. Өмүр чиркин бат эскирет тура. Өмүр чиркин кир

көтөрүмү жок, Бухаранын ак шайысындай, назик нерсе болот тура. *(Ойлоп, санаасын алыска жиберип).* Ойбууй... кызык кез... тээ... алда кайда калган тура! *(Алаканын чаап, белги берет. Бойлош ажы жана башкалар киришет).*

Б о й л о ш А ж ы. Санааңыз тынчыбай жаткан бейм, баатыр. Сабыр кылыңыз. Сабыр кылыңыз. Сабырдын түбү сары алтын деген сөз, сиз өңдөнгөн баатырлардан калган эмеспи.

Ж а н т а й. Ажым, бир аз көзүм илинип кеткен экен, көкүрөгүмө кандайдыр дарт уялап, армандын чери түйүлө түшүптүр.

Б о й л о ш А ж ы. Баатыр, сизде эмненин арманы? Сизге жабышкан ал кандай арсыз арман? Айта коюңуз, жандыра коюш колдон келет.

Ж а н т а й. Илгери мен окшогон бирөө: «Кулун сындуу ат минбедим, бала жыттуу кыз сүйбөдүм» деп арман кылган экен. Ошонун сыңары «Жигиттик кетти ашкан белдей, карылык келди казган көрдөй»... «Өмүрүң күндүк болсо, түштүгүнө жорго мин дегендей»... О колдун чала серпип турганын көрбөйсүзбү. Мына, кеткендердин далайы ылайыктуу сулуу таппадык деп самсып кайтып жатышат. Бир гана Баяке калды. Мүлдө кыргыздан мага ылайыктуу бир перизат табылбаганы арман эмей эмине, Ажым? Жараткан сулууларга ушунчалык сараң беле?

Б о й л о ш А ж ы. Кыргыз бүтсө казак бар, аны арман кылар неси бар, баатыр? Баяке жолдуу арам эле, кур кайтпас.

Ж а н т а й. Эгер Баякеден жок деген сөз чыкса башын алам. Үч ай кыдырып, кайсы бети менен мага жер карап жооп бере алат?.. *(Сырттан Аламандын үнү угулат).*

А л а м а н. Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Айга чапкан арстан келе жатат, күнгө чапкан каблан келе жатат, жер үстүнөн жер астына түшкөн кара кулак шер келе жатат! *(Баяке менен Аламан киоет, Жантай такыр көзүнө илбей, эч нерсени байкабаган болуп).*

Ж а н т а й. Ажым канчалык дөөлөткө карк болгон сайын, канчалык салтанат, байлык элди калтыраткан атагым ашкан сайын, канчалык зоболом көтөрүлгөн сайын арманым көбөйүп бара жатат. Арманга даба жок тура.

Б о й л о ш А ж ы. Баатыр, маңдайыңызда эки азамат баш иет.

Ж а н т а й. *(Эми көргөн болуп, шаитай)* И... жаман Баяке, менин алдыма ажал издеп келип турганыңбы, көрөр күн, ичер сууңа кайыр сурап турганыңбы? Сүйлө! Тигиниси кантет? *(Аламанга).* Ушулар да кишибиз дешет э!..

Б а я к е. *(Ызат кылып).* Баатыр, Соң-Көл сонун жер экен, Элдери бейпил эл экен, Жигиттери баатырлыкка кем экен, Ичинде бир-экөө, беш-алтоо гана мендейлерге тең экен, Зайыптары ажарлуу, кыздары урдун кызы пери экен, Ошол көп перинин ичинде бир чүрөгү бар экен, Анын аты Ак Мөөр сулуу дээр экен.

А л а м а н. Жок, Мөөр... Мөөркан... ,аты көп.

Ж а н т а й. Ажым буга эмне дейсиз!*

Б о й л о ш А ж ы. Ак Мөөр, Мөөркан, Мөөр болуп эл оозуна экиленген ат жаман болбос, баатырым. Самаганыңыз ордуна чыкканы ушул. Тилегиңиз кабыл болот деген ушул. Соң-Көл соносуна Кеминдин алп кара кушу бир айланып күркүрөп учуп өтсө айып болбос. Ылайыгы келсе боорго кысып...

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүнө салып).* Мунуң кеп, Ажым. *(Баякеге).* Мактаганыңардай чыкпай калсачы...

Б а я к е. *(Шашып).* Жакпай калса дейби баатырым?..

А л а м а н. Эмне мага олураясың?.. Тапкан өзүң, тандаган өзүң... Жооп берер да өзүң!

Б а я к е. *(Өзүнө ишенип).* Жарайт, Баатыр, ай жаңылган жокмун го! Жарайт, жакпай калса башымды алыңыз!

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүнө салып).* Ушинтет дегем бул арамды. Азамат тура, айбаным. Кылчайганымдан кыя кетпес жолборсумдун бири эмессиңби. Сага кантип ишенбейин. Ажым бүгүн күнгө кайсы күн?

Б о й л о ш А ж ы. Ишенби, жолоочунун күнү. Текке «атып күн өткөрүш ал да өзүнчө кесир дешет, баатыэым. Кызуу дем менен кыйкырык сүрөн менен, көп жигит, арбын кол менен бүгүн эле жол алганыңыз жөн.

Ж а н т а й. Ак Мөөрдөй кыздан кур калчуу мен көкүрөк сууду чал белем! Ак Мөөр деген аты эле алыстан кылактап кол булгап чакырып турбайбы... Мына азыр аттанууга даярмын. Ак Мөөр?.. Ак Мөөр?.. Тилиме таттуу урунуп турганын карачы... Эмесе, камынгыла! *(Бойлош ажы, Аламан жана башкалар Жантайга эрчип чыгып кетишет. Баяке жалгыз, ар жактан Мыскал кирет).*

М ы с к а л. Эмне ойлонуп калгансың? Арыбай талыбай аман эсен кайттыңбы?..

Б а я к е. Мыскал сен белең? О, кылактаган кургурум. Мени сагынган жоксуңбу...

М ы с к а л. Сагынбаганда... абдан кыйын болот экен...

Б а я к е. О, кургурум. Баатыр эрке токол алат. Экөөбүз жыргайбыз. *(Аңгыча Бойлош ажы алдыга түшүп, толук баатырлык кийими менен жасанган Жантай кирет).*

Ж а н т а й. Жоо чапчуудай баарың тегиз аттанбай, мага азың эрчип, көбүң кал. Эл чапчудай шайланбай, чабалың эрчип, балбаның менен баатырың мында кал. Биз кыз алууга барабыз. Канга ылайык төрөлгөн Ак Мөөр бар дебедиби Баякем. Ошол жакка акжол сапарын тарталык!

К ө ш ө г ө

5-СҮРӨТ

Экинчи актыдан көрүнүш. Болот, Султан, Мөөр жана Сайкал.

С а й к а л. Өх, кудай ай, араң бөлүп чыкты да, Тажаалы бир жагынан, Кундузу бир жагынан аңдып, тан жылдырбайт.

М ө ө р. Ушунча күндөн дал бүгүн Тажаалбүбүнүн жок боло калганын көр, кудай жалгап Кундузду чоң үйгө чакырып кетишти. Болот, иш чукул, кудай багыбызды ачса, шамал менен тизгин кагышып алыска канат күүлөр кез келди. Кай жерде күтүп турасың?

Б о л о т. Бүгүндөн калуу, түбөлүккө арман азабын жамынуу болот. Султан экөөбүз тетиги кыя жолдун «Күмүш башат» жагында сени күтүп турабыз. Оор буюм алба. Сөз бүтсүн, биз кеттик. Кечикпе!

М ө ө р. Арзыганым, жолубуз ачылсын. Эч ким байкабас... *(Болот менен Султан кетер замат Кундуз кирет).*

К у н д у з. Балакет, мээнетиңди алайын, Мөөрканым, сен бүгүн деги эле башкасың да. Бир нерсеге шашкандай, бир ордуңда тура албай өзүңөн өзүң ээликкенсип көрүнөсүң да.

М ө ө р. Алда Кундуз жеңе ай, кыз болуп көргөн жок белең; Баян бүгүн атка минем дейт, аны менен кыяматтык жан шерик болуу күнү келип турганда, кантип шашпаймын, кантип жүрөк ээленбейт?

С а й к а л. Кундуз, тооруй сүйлөп, тооруй басып эле калдың да.

К у н д у з. Какшаба, Сайкал, Мөөрдү ээликтирип жүргөндүн бири сенсиң. Балакетиңи алайын, Мөкүнтай, аның ырас. Баяныңан тегеренейин. Чын эле эрге бергенде мен да сендей болгом. *(Өзгөрүп).* Сен эми баягыдай эркин эмессиң, башың байлануу. Кур бекер эки жакка көп чыгып «Баланчанын кызы» дедирбей жүк бурчунда созулуп олтура бербейсиңби мээнетиң алайын, Мөкүш. Жүргүлө үйгө баралы, кыз кишиге эрээн болот.

М ө ө р. Сакин, Кундуз жеңемдин чеберлигин байкадыңбы. Экөөбүздүн үй алдында турушубуз да эрээн, өөн болуп калган тура.

С а й к а л. Биз созулуп эле олтуруп калалы, Кундуз чоюлуп карап калсын! *(Кундузду күлкүгө алышып, Кундуз «Ошенткиле, ошенткиле балакетиңерди алайын»*

деп чыгып кетишет. Бир аз пауза. Жеңил көтөргөн буюму бар, аябай шашкан Мөөр чуркап кирет, анын артынан Сайкал өзүнчө кубанычтуу).

С а й к а л. Кундуз эч нерсеге камырабай, көңүлү жай болуп үйүнө кетти, Тажаалдан дайын жок, ата — энең Базарбай акемдикинде, мындай учур эч качан туш келбейт. Жөнө асылкечим, Мөөркан!

М ө ө р. *(Аны маңдайынан өөп).* Сакин, ана Болот да белги бергендей кыя жолго чыга калып жок болду. Ашыклык, болгондо да өз тенин, өз каалаганын тапкан эркин ашыклык мен үчүн туулуп өскөн жеримден, агайын-тууган, ата-энемден, сен өңдүү жан кыйышпас теңтушумдан кымбат болду, баарыңарды таштап чын ашыклыктын акыйкат жолун кууп чоочун жер, чоочун элге кетип бара жатам. Кош, Сакин, коштошконубуз болсун.

С а й к а л. Кош, Мөкүшүм, тилегиң кабыл болсун убакыт чукул, жөнө эми! Жөнө! *(Ак Мөөр делбектеп чуркап бара жатканда, аңдып жаткан Тажаалбүбү шап эттирип билегинен алат).*

Т а ж а а л. Кайда качтың кара бет, кайда качтың албарсты! Сенин минтериңди билгемин, дал жолуңа кылдан тузак илгемин. Чыга албайсың, жулкунба! Коё тур, эл-журтту чакырайын.

М ө ө р. *(Өңүн өзгөртүп күлүп жиберип).* Энеке, качат деген эмне? Энеке, кара бет деген эмне? Тилиң заар, энеке! Балалыкты эске алып, эң соңку жаштык менен коштошуп, Баянга өмүрлүккө баш кошууга өзүбүзчө ойлонуп чыккан кыздарбыз.

С а й к а л. Коё бер, эне, коё бер. Кыз качат деген эмне? Качса да ушундай кезде качабы?..

Т а ж а а л. Качпасаң, алдагы көтөргөнүң эмне? Жебиребе желмогуз, эбиребе шайтан кыз! Сен качууга шашкан бейбаксың. Минтериңди төлгө тартып билгемин. О-уу, эл-журт *(Сайкал оозун баса калат).*

М ө ө р. Жараткан ай, ушундай да болот экен э... Эл туюп калды белем... Энекебай, жашырып не кылам, чендей жалгыздын убалына калбаңыз. Коё бер эне, кюё бер! Айтканыңды берейин.

Т а ж а а л. Какшаба, какшаба, кыз. О-уу, элжурт. *(Сайкал оозун баса калат).*

М ө ө р. *(Айласы кетип).*

Акак таштан жасаткан алкагымды берейин,
Мар-мар таштан тиздирген маржанымды берейин,
Мааман таштан чактырган мончогумду берейин,
Бейиштин демин буулантканберметимди берейин,
Коё бер, эне коё бер, коё бер, эне коё бер!

Т а ж а а л. *(Ого бетер тырышып).* О-уу, эл-журт!

С а й к а л. *(Алысты карап).* Болот атын коштоп бери карай бастырды. Жалынуудан пайда жок. Мэ эмесе Тажаал желмогуз. *(Жерден кум алып анын оозуна чачат Тажаал коё берип: О-уу, эл-журт, о кыз качты кыз качты дейт. Анын колунан бошонуп жаткан Мөөрдүн алдынан Кундуз жана Баян пайда болот. Мөөр айласыз туруп калат).*

К у н д у з. Ушинтет дегем. Мөөркан, эми кандай кылар экенсиң. Токто, токто, качууга жол туюк.

Б а я н. *(Какшыктап).* Атаңын көрү ай, жылкычынын кумары катуу экен го. Бали, Мөөркөн сулуу, кыйын экенсиң. Эми эч кайда кача албассың дейм, менин таманымдын алдында көк кайыштай ийленерсиң дейм? Кана, кача гой, Мөөркан! Тобо, ушундай экенсиң ээ?

С а й к а л. Тилегиңе жеттиң, Баян мырза. Бул жердеги ызага бир гана Мөөр эмес, мен да шериктешмин. Сен алдуулук кылдың, менин оюм ордунан чыкпай калды.

Б а я н. *(Кекетип күлүп). Мөө*рдү качырып жиберсем, Баян меники болот деп

ойлогонсуң го.

С а й к а л. Колума түшсөң көрөр элең! Эми менде сөз жок. *(Мөөр унчукпайт. Уу-чуу «кыз качтыны» уккан эл, Келдике, Адыл жана башкалар сахнага толо баштайт).*

К е л д и к е. Эмне болуп кетти? Дагы кандай балакет бар эле? Эмне болду?

К у н д у з. Эмне болсун? *(Мөөрдү көрсөтүп).* Мына мындай болду! *(Мөөр жер карайт).*

К е л д и к е. *(Анткоо таң калып).* Я?! Кудайдын кылганы ээй, бул эмне деген абийирсиздик. Эй Адыл, бул эмне деген жүзү каралык? Жонуңан кайыш кесип тилип алайынбы? Эмне унчукпайсың наадан?!

М ө ө р. Атаке, иш ушундай болду!

А д ы л. *(Аябай кайгыоып).* Алда кызы-м ай э. Эч болбосо мага бир ооз акыл салсаң болбойт беле?! Кантип сага жамандыкты ойлойт элем, кайра көмөк бербейт белем. Олда кызым ай э... Бийим, балалык, жаштык деген ушундай болот!.. Ачууланбаңыз!

К е л д и к е. Элге наалат, элге уят, элге намыс деп ойлобойбу!

М ө ө р. *(Кайра көтөрүлүп).* Аке, өз теңине, арзыганына качуу намыс эмес!

К е л д и к е. *(Калп эле күлүп жибеаип).* Баланын айтар сөзү да... Бала да... бала да... Өз теңиң, арзыганың Баяның балам. Аны көрө жатарсың. Мөөрканды азгырып жүргөн ким экен?

К у н д у з. Ким болсун. Баягы Болот деген да! Көрбөйсүңөрбү тээ «Күмүш башаттын» бер жагына улам бүлк этип чыга калып, кайра көрүнбөй калып, утурлап бери карай бастырып, кайра жок боло калып, ашыгып Мөөрдү күтүп турбайбы?!

К е л д и к е. Болот? Эмне дейт, Болот? Болотуң анте турган болсо — Баяндын куну болот! Кана кайсы? *(Кундуз «тээтигине, ана бери карай бастырды» дегенче Келдике ошол жакка карап)* Акетай, буларыбыз ким болуп кетти? Атынан өзү чоң, өзүнөн сүрү чоң, бастырганы башкача, келбеттери келишкен салабаттуу кишилер экен. Булар ким болуп кетти?.. *(Баары ошол жакты карашат).*

А д ы л. Кургак жерден чаң чыккан, астында аты чайкалган, алыстан деми менен мынчалык элди жапырган айбаттуу кишилер экен.

М ө ө р. Жараткан ай, бул келгендер менин уятымы жабуучу, намысымды көтөрчү, бир кудайымдын жиберген касиети болсо эмне? *(Баары ошол жакты карашат. Аламандын үнү угулат).*

А л а м а н. Жол ачкыла, жол ачкыла, жол ачкыла! Күн жарыгын түн кылар, караңгыны күн кылар, аскатоону түз кылар берендер келе жатышат! Каалаганын алууга, жол тосконду чабууга, чоң касаба салууга эрендер келе жатышат! Соң-Көлүң сонун жер тура, чар тарабы кең тура, мындагылар сонуркатчу эл тура, ошол элдин ичинде «Ак Мөөр сулуу кай жакта» дегендер келе жатышат! *(Аябаган шаң менен Жантай, Баяке, Аламан ж. б. киришет. Беркилер баары таасым кылып баш ийишет).*

Ж а н т а й. Бул эмне деген топ? Эмне деген жыйын? Же кыз узатып жаткан шаан-шөкөтүңөрбү? Неге жер карайсыңар, мен талаага айтканым жокко?

К е л д и к е. Баатыр, бул жыйын кыз качырып, кыз кармаган жыйын!

Ж а н т а й. Ботом эмне дейт? Ал качкан ким экен?

К е л д и к е. Ак Мөөр сулуу, Баатыр! *(Баш иет).*

Ж а н т а й. *(Жага бербей).* Ошондойбу? О кудая тобо, бу буйрукка даба жок экен го. Андай болсо жакшы жыйын экен, качкан кыз Мөөр болсо, кармалган кыз Мөөр болсо мага буйруган Мөөр турбайбы. Кудайым «берейин деген кулуна белен кылат жолуна» деген ушул. Баяке буларың ким, атап чык!

Б а я к е. Карапайымын коюп менменсинген тулпарларын айтсам: Мунусу айыл бийи Келдике бий, бул Мөөр атасы Адыл, бул *(Баянды көрсөтүп)* муну сөзгө алуунун да кереги жок, кыз ашыгы Болот деген көк долу бар, анысы көрүнбөйт. *(Мөөргө жакындап).* Ал эми мунусу ким десеңиз: кадимки Ак Мөөр сулуу!

Ж а н т а й. *(Карап калып).* Ак Мөөр! Ак Мөөр деген ушубу?

Б а я к е. *(Жандалбастап).* Баатыр, кандай?

Ж а н т а й. Өлбө оёнум *(четке)* бир тамчы суу менен кылк эттирип жутуп жиберчү мончок турбайбы. *(Келдикеге).* Бийим, сен «Жол болсун баатыр» дегенге да жарабадың го! Баякемди да таарынтып койгон белемсиң...

К е л д и к е. *(Шашып).* А... Жол болсун... аз айып, көп күнөөнү кечириңиз, баатыр?

Ж а н т а й. Ак Мөөрдүн даңкы алысты жуук кылды. *(Каада күлкүсүн салып).* Хан көңүлүн уютту бийим.

К е л д и к е. О, баатыр, кыз сизден айлансын...

С а й к а л. Бакылдап сүйлөп элдин сүрүн качырган, келбей жатып Ак Мөөр кызга көз арткан кайсы абышка?

Б а я к е. Жантай баатыр!

Э л. Жантай баатыр!

С а й к а л. Жантай баатыр Ак Мөөрдү баласына алып берет бекен, же небересине алып берет бекен?

Б а я к е. Алтымыштан ашса да жигиттиктен кайта элек баатыр өзү алат!

М ө ө р. Өзү алат?! Атаке, бул кандай алаамат?!

А д ы л. Олда кызым ай э... Эч болбосо бир ооз акыл салсаң болбойт беле. Атаң кара санабайт эле го. Эми айылды бул алп кара куш канаты менен тегиз камтыды. Тырмагынан чыгуу болбойт. Дагы эле болсо, мен өзүңө берген шерттемин.

К е л д и к е. Баатыр, кам санабаңыз, бүгүн десеңиз бүгүн, эртең десеңиз эртең, энчиңиз канжыгада, жүрүңүздөр, улуу тойго кадырман конок болуңуз. *(Мөөр, Сайкал, Кундуз, Адыл ж. б. калышат).*

А д ы л. Эми кандай кылабыз, кызым? Эч айла жок. Бул иштин акыйкаты өлүмдөй чын, ажалдай ак!

М ө ө р. *(Такыр өзгөрүп).* Баарына көзүм жетип турат, атаке. Жазмыш ушундай экен го. Рас, атаке, бул ажалдай ак, өлүмдөй чын! Самаганга жеткирбес, зарлаганга бастырбас замана тура! Менин башыма өмүр бою айыкпай турган кара оору туш келгенин ким билбесин? Кээ бир кыздар мындай учурда уу ичет. Ал даба эмес, ал кайра өзүн кордоо. Мен сиздин жалгыз кызыңыз Ак Мөөр баарынан кымбат турган таза ашыклык үчүн жаралгам. Ал ордуна чыкпады. Мейли чыкпасын, мен азап, кордук, зомбулук астында баш ийсем Ак Мөөр атым кайсы? Башка түшкөн азапка адамкерчилиги жок, ырайымы жок, баарынан мурда уяты жок мына бул тозок отуна ашыгым Болоттун атын көкүрөгүмө бек сактап тайманбай барам. Кайгырба, атаке, мен үчүн кайгырба. Айтаар жообум баарыңа жакчу жооп болот. Кана эмесе, күйөөгө баралык! *(Топту баштап бурула бергенде Болот кирет. Мөөрдүн кечиккенине жана бир окуя болгонун сезип, таң калып туруп калат).*

М ө ө р. Кайгырба Болот, кайрат кыл, экөөбүздүн өмүрлүк айрылышар күнүбүз туш келди... *(Кетишет. Болот эч нерсеге түшүнбөй).*

Б о л о т. «Күйөө жакка баралык», бул эмне деген сөз? Өмүрлүккө ажырашар... бул эмнеси... Көз алдымда ай-аалам оодарылып кеткендей болду. Жүрөгүм суу куйгандай муздап жаман сезим... сезим... түк айтып бере алгыс сезим пайда болду. Бул кандай, бул кандай, бул кандай түшүнүксүз замана!

6-СҮРӨТ

2-сүрөттөгү Ак Мөөрдүн үйү көрүнөт. Үй ичинде тартылган көшөгөнүн бир тарабында Жантай жигиттери менен, Келдике, Адыл жана башкалар олтурушат. Бир тарабында Мөөрдү узатууга камынып жаткан: Сайкал, Кундуз жана башка келин-кыздар.

Ж а н т а й. *(Ыраазылык күлкүсүнө маашыркап).* Адылың айтканынан жанбаган, дегенинен танбаган көкжал экен го. Ырас да, жалгыз кызы болгондон кийин өзүн-өзү билсин, жообун өзү берсин дейт да.

К е л д и к е. Мөөр да ата көңүлүн оорутпай макул дей салбадыбы. Сизден артык ким бар? Адылдын сандыгын сары алтынга толтурду, санаасы менен болтурду, көмүркөйүн көп күмүшкө толтурду, көңүлү менен болтурду деген ушул эмеспи.

А д ы л. Бүтөр иш бүттү. Кызым берер жообун берди. Кудаанын кылган иши экен, зар ыйлап тилеген өз теңине жете албады. Жалган айтып не керек, кызым көп санаа, чекбиз дарт, көз жаш менен кетип бара жатат. Менин жүрөгүмдү көп эзилтпей, кызымдын дартын көбөйтпөй тезирээк жөнөткүлө.

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүн салып).* Ошону айтууга ооз барбай жатпайбы. Биз жол тарталы!

К е л д и к е. Жакшы эле жаттыңыз, кушуңуз колуңузда, бак-дөөлөт жолуңузда, бизден кеткен айып болсо кечириңиз, баатыр. Кыз берип, кыз узатуу кыргызда өзүнчө бир чоң шаң эмеспи, эл ошонун камында.

Ж а н т а й. Келдике, сен эми эле бир сөзүндө: «Сандыгын сары алтынга толтурду, көмүркөйүн көп күмүшкө толтурду» деп мага жандата сүйлөп өттүң. Ата-бабанын салты баарыга тең, мен баатыр, мен падыша, мен төрө деп, салттан чыгып, кудай алдында күнөө тартуу мага ылайык келбес. Оюн бүттү, бирок Ак Мөөрдүн калыңы кесилген жок. Ал жөнүндө мен да унчукпадым. Адыл сен да ооз ачпадың.

А д ы л. Баатыр, унчукпаган иш унчукпаган бойдон кала берсин. Кудай бербеген дөөлөттү кыз башына тороп не кылам?

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүнө салып).* Малды көргөндө пайгамбар жолдон тайган дейт. Сенин оозуң барбай турса, Мөөркан өз калыңын өзү кессин. Чакыр бери! *(Ак Мөөр булардын жанына келет).*

К е л д и к е. Ак Мөөр чырагым, кыргыз расмында кыз калыңы мурда кесилчү эле, бирок Баатырдын алдына даап айтууга ооз барбай, той бүтүп силерди жөнөтүү кези келди. Баатыр, Ак Мөөр өз калыңын өзү кессин дейт.

А к М ө ө р. Баатырдын ою менен замананын тетири — оң, оңу — тетири болуп турган соң чара барбы. Өз өмүрүмдү өзүм кесип тургандан кийин, өз кунумду өзүм кеспей эмнем бар? Агер салтты билсе Жантай чал, адатты билсе Жантай чал:үч жүз жылкы бир айдап, кызыл куйрук нар айдап, кулдугума бир келсин! Алтымыш бээ бир айдап, айры өркөчтүү төө айдап мына ошондо Жантай чал, үй жанына бир келсин. Алтымыш жылкы бир айдап, айры өркөчтүү нар айдап, кулдарга алтын чапан жаптырып, күндөргө күмүш чачбак тактырып аларына бир келсин!

Ж а н т а й. Барабар, барабар Ак Мөөр, азыр жөнөйбүз камына бер, Ак Мөөр... *(Мөөр кеткен соң бурула карап).* Бу кызың эмне дейт, Адыл... Келдике, уктуңбу?! Барабар, бараба-ар, бийим... Алууга март кол берүүгө кыска... Кана, камылга бүтсө жол тарталы...

К е л д и к е. Баатыр, Адылдын көңүлүн эптеп өзүбүз аларбыз...

Ж а н т а й. Эмне? Эмне дедиң сен, Келдике...

К е л д и к е. Жакшы болот, Баатыр, жакшы болот, Баатыр... *(Алар өздөрүнчө сөзгө өтүшөт. Мөөркан толук даяр. Ошол убакта Сайкал беркилерге көрсөтпөй Болотту алып кирет).*

С а й к а л. Болот, Мөөрүң менен коштошуп кал. Кыздар, жол бергиле.

Болот. Мөөркан, эмне үчүн сен Жантайга макулмун дедиң? Эч болбосо ашыктыктын намысы үчүн унчукпай койсоң болбойт беле. Зордук менен бара жатканыңды билдирсең болбойт беле?

М ө ө р. Сөздүн ачыгы, жолдун жарыгы жакшы эмеспи, Болот. Эгер мен жок десем, эгер мен баш тартсам, эл-журтка жабыр кылбайт беле. Жантай чал өзүнүн чирик намысы үчүн эл-журтка кыргын салбайт беле. Жоо бетине дагы эле болсо сен, сен өңдөнгөн бей-бечараларды аттантпайт беле, дагы эле болсо, бей-бечара карыптар кырылбайт беле? Мен силерден садага кетейин, мен силердин садагаңарга чабылып бара жаткан бирөөмүн.

Б о л о т. *(Жеңиле түшүп).* Рас, Мөөркан, тагдыр ушундай экен, бизде ырас, бакты

жок экен. Жакшы жетип, аман жүр дейм да.

М ө ө р. Эң соңку айтар сөзүң ушубу, Болот?

Б о л о т. Айла канча?.. Ойноп күлгөн күндөр, асманга атырылган ашыглык жалыны, ай күн ортосунда термелген жаштык үмүт, булактай шылдыраган балалык, нечен таттуу, эч нерсеге теңей албай турган ысык мезгилдер, эрке таарынычтар, айды уялткан көз караштар, жаракөр күлкүлөр, бир күнү бир айдай саргайткан күтүүлөр, мен үчүн сен. сен үчүн мен деген таттуу убадалар баары текке кетет тура!..

М ө ө р. Сен эмне жумшайсың, Болот. Сен чын Болот болсоң менин жарамды ого бетер ырбатпай кайрат бер! Сенин ар бир сөзүң мен үчүн өмүрлүк жол азык. Мен дагы эле болсо ашыклыктан үмүтүмдү үзбөйм. Сени күтөм! Сага берген шерт текке кетпейт. Болот, сен антпе, ал шерт башым көргө киргенче жүрөгүмдө сакталат. Ал үчүн сенин жигиттигиң, сенин жардамың керек. Мен сени күндөп, айлап, жылдап күтөм.

Б о л о т. Кош, андай болсо, ашыгым, ай-чолпонум, алтын булагым. Өмүр, кубатым — Ак Мөөрүм! *(Экөө өбүшүп, жатканда Баяке аңдып келип көрүп коёт. Ошол замат Жантайга жетип барып).*

Б а я к е, Баатыр, Баатыр, Болоттун башын алыңыз, сизге Мөөр аксанабас, жаман жолдуу катын болот. Мөөрдүн да башын алыңыз. Буларга күнөө үстүнө күнөө коюп, айып үстүнө айып тагып, кайра жөнөшүбүз керек!

Ж а н т а й. Эмне болду? Себебин айтчы сен айбан, Баяке!

Б а я к е. Көшөгөдөн аңдып карап турсам, баягы мен айткан жылкычы Болот менен Ак Мөөр өбүшүп коштошуп жатыптыр. Башын ал, Баатырым. Ал, башын!

Ж а н т а й. *(Өзгөрө түшүп, кылычынын сабын кармай калып, кайра каада күлкүсүнө салып).* О акылы жок, жаман Баяке. Анын эмнесине кылыч сууруйм? Сен билбейт турбайсыңбы, бир жаман жылкычынын кадырына жетип, аны сыйлаган Мөөр Хан Жантайдын кадырына жетпейт дейсиңби. Анын эмнеси сөз?..

Б а я к е. *(Жеңилип).* Алда, Баатыр ай э, «Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат» деген ушул да...

К е л д и к е. «Баатырым, көшөгөң жашыл гүл алсын, өмүрүң күндөй нурлансын, бир жагынан айың тууп, бир жагыңан күнүң тууп, төбөңдө чолпон кубансын, атагың ашсын ааламга, кытай, калмак, урумга, арбагың бак-дөөлөткө чулгансын, берендер даабай сүрүңө, падыша даабай күчүңө, чынарыңда бейиш кушу сайрасын. Алтын дайра аркырап, күмүш булак шылдырап, Мөөркан алтын суудан суу алсын. Санаа менен жетпегең, талап менен таппаган эр Жантай болду алганы, Мөөркан алганы менен карысын» *(Бата кылышат).* Атказ, атказ! Кыз-күйөөнү атказ! *(Узатуулар башталат, Мөөр менен Жантай бирге басып, анын артынан эл ээрчип жөнөтүүгө чыгышат. Үй ичинде бир гана Болот калат).*

Б о л о т. Кош, Мөөркан, кош! Кош, асыл жарым, кош! Кучагыман кандайдыр эң кымбат элес бөлүнүп чыгып, мындан ары эч качан табылбай турган, эң жылуу касиет ажырап көрүнбөс, угулбас, алыс жакка созулуп учуп кеткендей болду.

Мөөркан, сен ушунчалык күч белең?
Мөөркан, сен ушунчалык дем белең?
Мөөркан, сен мен үчүн: каблан шер, алп күчүнө тең элең!
Мөөркан, сен мен үчүн чалкар дарыя элең,
Көк асмандан кең элең.
Кетип баратасың... Ашыклык, ак тилек күчтүү тура. Ага эч бир канкор, эч бир залим, эч бир кордук чак келбеген! Кош, Мөөркан, кош, ашык жарым, кош!

(Баян менен Сайкал кирет).

С а й к а л. Мөөрканың узап кетти. Мен да сенден бетер жаралуумун, Болот.

Б а я н. *(Эчтекеден камырабай).* Олда силердин жараңар ай, кетсе бир Мөөр аттуу кыз кетиптир да. Андайлар толуп жатпайбы. Сайкал мен айланып олтуруп

өзүңө келдим го дейм!

С а й к а л. Ооба, айланып отуруп мага келдиң. Ата салтын бузганды салттын кусуру урат деген ушул. Алың жетет аларсың. Эгер дагы бир алдуу келсе оозуңду ачып куру каларсың. Менде кайсы каршылык, кайсы эрк?

Б а я н. Алганда айтарың эмне?

С а й к а л. Айтарымды угуп ал:

«Ай тийген тоону этектеп,
Айлым конуп жай алсын.
Баян деген бек уулу
Сайкал кыздан айлансын?
Күн тийген тоону этектеп,
Элим конуп жай алсын,
Баян деген бий уулу
Сайкал кыздан айлансын!»

Б а я н. *(Камырабай күлүп, Болотко жакындап).* Аябай кордоду го бул. Э Болот курдаш, ага эмненин капасы. Өттү, кетти. Кой эми, экөөбүз дос бололу!

Б о л о т. Сенде намыс жок, Баян. Достукта намыс керек. Баягыда жылкы тийгенде сени мертинткен мен болчумун. Андан көрө кегиңди жыйна!

Б а я н. Ошондойбу?

(Алыстан Ак Мөөрдүн ыры угулат)

Кеңколдун башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен.
Кейишке түшүп баратам,
Кемшейген Жантай чал
менен...

Б о л о т. *(Тыңшап, өзүнчө буулугуп).* Ак Мөөрүмдүн үнү, жана эмне дедиң? «Күтөм, үмүт үзбөйм» дедиң. Барам Мөөркан, барам! Барам! *(Ак Мөөрдүн үнү угулат).*

Соң-Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт мал менен,
Солкулдап ыйлап баратам,
Солуган Жантан чал менен.

(Акырындап угула баштайт).

Б о л о т. Барам, Мөөркан, барам! Барам! Жай болбосо күзүндө барам, күзүндө болбосо кышында барам. Кышында болбосо ашыклыктын жаңы гүлү ачылган, жер-дүйнө бүт жаңырган жаз алдында: каркыра, турна, өрдөк, каз келгиндер менен тең барам. Барам, Мөөркан, барам, барам!

(Мөөрдүн ырынын жетер-жетпес жаңырыгы).

IV АКТ

7-СҮРӨТ

Жаз айы. Жантайдын үйү. Бирок баягысынан көп өзгөргөн. Үй ичине кандайдыр күңүрт шоола түшүп, Жантай катуу ооруп жатат, анын кашында Ак Мөөр. Ак Мөөрдүн жанында бешик. Кез-кез баласын терметип отурат.

Ж а н т а й. Аркама жаздык кой, бир аз туруп отурайын. Кудая шүгүр, бүгүн жакшымын. Кандайсың дегенге да жарабайсың, Мөөр. Деги чыныңды айтчы, эркем. Эмне арманың бар? Телегейиң тегиз, сенде эч кайгы, эч арман жоктур...

М ө ө р. Баатыр, түз айткан сөзгө ачууңуз келбесин!..

Ж а н т а й. Алганың мен болсом, жаткан жериң алтындаган ак өргөө, жүргөн жериң бак-дөөлөттүн кенчи болсо... Ал кандай ачуу, айта бер!

М ө ө р. Бакыт, байлык, сиз айткан дөөлөт, кенч, алтындан теңтуштуктун кадыры артык. Сиз айткан шекер, шербет түркүн жемиш даамынан, тунук ашыклыктын эркин даамы артык. Жүрөк сүйбөс, көңүл канбас баатырлыктан, байлыктан, жан кыйышкан, азаттык деп антташкан, кем болсо да, кор болсо да кадыр билер жар артык.

Ж а н т а й. Сен дагы эле баягы жылкычыңды унута элек экенсиң го.

М ө ө р. Ал эч качан унутулбайт!

Ж а н т а й. Тигини... тигини... бул дайым ырасын айтат. Кудай кылат экен да, буга эмне дейсиң? Ак Мөөрүм, мына мен кубат-алдан тайып, бүгүнкүдөн эртеңки күнүм күүгүмдөп, жебирейил, жан алгычтардын тартуусуна кетип бара жатам. Ошол тайманбастыгың менен менин бул сөзүмө жооп берчи!

М ө ө р. Эч качан эки сүйлөп, чындыктан баш тарткан жан эмесмин.

Ж а н т а й. *(Бир азга айта албай)* А... Байбичем бешиктегини арам бала дейт ко?!

М ө ө р. *(Өзгөрө түшүп).* Сиз уялбай сурагандан кийин мен эмне үчүн уялам, баатырым жашырбайм, аны уят, күнөө деп да ойлобойм. Өмүр, тагдыр, барлык тилек, акыл, санаа анык арзышкан ашыклыктын белеги! Айыптасаңыз кеч эмес, мен мына!

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүнө салып).* Болду... болду... ар жагын айтпа. Атаа, Мөөрүм, сенин ачыктыгың, жашырбай түз айтмайың, тайманбастыгың артык. Ырасын ырастай сүйлөш керек. Оозуңан чыгарба, хан тукумуна намыс кетет.

М ө ө р. Кудайдан башка ким билер...

Ж а н т а й. Эми Ак Мөөрүм, эшикти түрүп кой, талааны карап жатайын. Негедир бүгүн жер ысык көрүнүп турат. *(Ак Мөөр эшикти түргөн болот, күн күркүрөп жамгыр жаайт).*

Ж а н т а й. *(Табийгаттын күчүнө баш ийгендей).* Жазгы күн, өзгөчө көктөм маалы мен курдуу ооруларга оор ай. Бул учурда айыл-айылдан калың өкүрүк угулат. Өлүм көбөйөт. Жаңы-жаңы топуракка жер томпоёт. *(Бир аз пауза. Күн күркүрөйт. Ак Мөөр баласын терметип олтурат).*

Ж а н т а й. О кудая тобо, кырсыкты кара. Ак Мөөрдү үйгө алып келген күндөн жыгылдым, ошондон ушул күнгө баш көтөрө албадым. Баягыда Баяке айткандай жаман жолдуу болду белем... Бул эмнеси? Кудайдын кырсыгы го, же бирөөнүн жалгыз кызы экен, эски дастандагы Көр Оглу Султан дечүүдөй ашыгы бар экен... *(Алысты карап, өйдөрөк көтөрүлө калып)* Мөөркан асмандан чагылган менен кошо жарк этип, бир атчан киши түшө калгандай болду. Карачы тигини, шумкардай учуп келе жатат. Атаң көрү ай, бул менин оорума келе жаткан кудаанын периштелеринен болбогой эле. Деги эле айбаты башкача.

М ө ө р. Кана, кана? кайсы? Кайсы?..

Ж а н т а й. Тигине, тигине, көргөн жок. Адамзаттын көзү барган сайын күүгүмдөнө берет деп карыялар айтчу эле, ошол чын белем. Жетимишке барып калган мен көргөндү, Ак Мөөрдүн көрбөгөнүн кара...

М ө ө р. *(Сүйүнүчкө батпай).* Көрдүм, эми көрдүм, баатыр. Көрмөк тургай ким экенин да тааныдым.

Ж а н т а й. Келип жүргөн табыптардын бири го...

М ө ө р. Көп желденбеңиз, баатыр, жатканыңыз жакшы. *(Жантайды жаткырып)* Келе жаткан абдан чоң табып, ал айыкпас ооруларды айыктырат.

Ж а н т а й. *(Тыңшап).* Аттан түштү. Кирсин де, Мөөркан, айт жигиттер жолун тоспосун, кирсин де.

М ө ө р. Мына өзү да келип калды, баатыр. Ачууланбаңыз, каарданбаңыз... алик алыңыз! *(Салам айтып Болот кирип келет).*

Ж а н т а й. *(Алик алып).* Картаң десем, жаш неме го, жол болсун, мырзам.

Б о л о т. Андай болсун, баатыр, түгөйү ккапаста камалып, өзү ырайымсыз колдон кыргыйынан катуу жараланып, аңгыча күз келип. Күз артынан кыш келип, анан

жадыраган жаз күнү, келгиндер менен тең кайткан түгөйүн сиздин үйдөн тапкан бир кушмун, баатыр.

Ж а н т а й. Эмне дегенине туюнбай калдым Көзүма жылуу учурайсың, ой сен кимсиң, деги? Кайсы бектин уулусуң?

Б о л о т. Бек уулу эмес, мен Болотмун!

Ж а н т а й. Кайсы Болот?

М ө ө р. Тааныбай калгансызбы, баатыр, жылкычы Болот...

Ж а н т а й. Атаң көрү эй, атаң көрү ээй, баягы Болот белең? И эмне келдиң, жылкычы Болот?

Б о л о т. Ак Мөөрүмдү алып кетейин деп келдим, баатыр!

Ж а н т а й. *(Эмне кыларын билбей).* Атаң көрү эй, акыр замандын балдарын карачы, буларда тайманyy, коркуу, баатырдын сүрүнөн ийменүү деген болбойт экен го. Айтып турганын карачы. Ак Мөөрүмдү алып кетүүгө келдим де, андай болсо кана, Мөөр, *(Илинүү турган кылычын көрсөтүп)* тигини алып бер! *(Мөөр алып берет).* Бери бас *(Жантайдын мүнөзүн билген Мөөр, «барабер» дегендей белги берет, Болот басып барат. Жантай кылычын жалаңдатып алсыз кармап).* Сун мойнуңду! *(Болот сунат)* Эр болсоң жанагы сөзүңдү дагы айтчы!

Б о л о т. Сунулган башты кылыч кеспейт. Ак Мөөр жарымды алып кетүүгө келдим, баатыр!

Ж а н т а й. *(Каада күлкүсүнө түшүп).* Эр экенсиң, жүрөгүңдө кара жок эр экенсиң. Бул эмне деген кайрат. Чапкан менен да сага кылыч өтөр эмес. Олтур, Болот! Э кудай, бул жамандык эмей эмне?

Б о л о т. Алып кетүүгө ниеттенгенден кийин эч нерседен аянбайм! Сиз Мөөрканды алууга барганда Көк Жондун үстүндө кылкылдаган жигиттериңиз турган. Мен да жалгыз келгеним жок, Султан баштаган бир миңге татый турган азаматтарым бар?

Ж а н т а й. Атаң көрү эй, андайың да бар беле?

Б о л о т. Сиз өңдүү падышага жакын баатырдан мен өңдүү жылкычы Болот өз теңин талашуу өлүмгө көкүрөк тосуу деген эмеспи!

Ж а н т а й. Болду, токтот! Баяке кайда! *(Баяке кирет).* Чакыр бери жакшыларды, айтар кебим бар. *(Баяке таасым кылып чыгып кетет, үйгө эл толо баштайт).*

Ж а н т а й. Жигиттер кайда? Турууга кубат жок, Калыбыман бузбай эл алдына көтөрсүн! *(Бир нече жигит көтөрүүгө ылайыкталган төшөктөгү Жантайды эл алдында көтөрүп турушат).* Журтум, эл жакшылары, силерге айтар насаатым бар: Биринчи — ынтымактуу бол, текке кан төгүп жаатташып бириңди бириң кырганды кой, душманың ким, досуң ким таанып жүр! Экинчи жаман айтпай жакшы жок, көзүм жумулуп кетсе Ак Мөөрдү жылкычы Болотуна бергиле! Бул кырсык Мөөрдөн келген кырсык! Баары бир силерге эл болбойт! Акылсыз Мөөр алтын төрдөн айдалып жылкычынын күлүн чыгарсын. Мени байбичемдикине алпаргыла. Тирүүмдө сыйлабаган Мөөр, мен өлгөндө сыйламак беле. Кара жолтой Мөөрдү айылдан жоготкула! *(Алып кетишет. Жакшылар жана Болот калышат).*

Б о й л о ш А ж ы. Үйдүн түндүк жабуусун сыйыргыла, дароо өрттөп жибергиле, баатырдын кырсыгы ушуну менен чыгып кеткиси бардыр! *(Сыйрышат, бороон согот).* Бул эмне деген бороон, бул эмне деген шамал... Ичикий жанга өтөр суук жел согот да. *(Шамал, бороон, коркунучтуу дабыш).* Жаранлар! Бир алладан баатырдын өмүрүн тилейли, Баатырдын оорусу күч. Баарың кыбыла жакты беттеп тизе бүккүлө! Эми жерди өөп, кайра баш көтөрүп алакан жайгыла, ичиңерден баатырдын арбагын тилеп бата кылгыла. Эми өйдө туруп жалынгыла. *(Шамал бороон).* Ичикий, мындай каарлуу бороон болбоспу. Карагай, тал кыйрап,үйлөр учуп жатат...

Б а я к е. *(Жумшак сүйлөп).* Баатыр тилден калды! *(Шамал, бороон).*

Б о й л о ш А ж ы. Мөндүр жаап келди да! О кудай актай гөр эй, укмуш ко бул. Жамандык ушинтип келет дечү эле... Жаранлар, кайыкпагыла, чамдагыла, бул

бороон, бул шамал, кар аралашкан мөндүр баатырдын шдетинин чыгашасы! Баатыр да бороондой. борошолору эмес беле!

Б о л о т. Жок, олуям, бул жер үстүнө сыйбай бара жаткан, зордук, зомбулук, акыйкатсыздыкка сыр көрсөтүүчү бороон! Бул бороон биз сыяктуу бей-бечара кедейлердин көз жашы, кайгы-муңунун бороону!

Б о й л о ш А ж ы. Тарт тилиңди, кудай алдында күнөөкөр болдуң. Мына ого бетер долулана баштады!

Б о л о т. Ааламдын күчү жетпес бороонго кичинекей Жантайды теңегениң күнөө болбойбу!

Б о й л о ш А ж ы. *(Күңк этип).* Тарт тилиңди! Жаранлар, келме келтиргиле, бул бир алланын көрсөткөн каары эмеспи. Жерди караңгылык басты... Ана... Ана... О жараткан сен ушундай белең... Үнүң өчкүр ай бул кайсы башыңды жуткур эле, а... өкүрүк чыкты.

Б а я к е. *(Эл алдына чыгып).* Баатыр дүйнөдөн кайтты!

Б о й л о ш А ж ы. Көзүм тунарып, жер караңгылай түштү.

(Сахна улам караңгылайт).

8-СҮРӨТ

Жанагы эле көрүнүш. Көшөгөнүн алдында: Баян, Бойлош ажы, Мыскал.

Б о й л о ш А ж ы. Кырк күн! Туура кырк күн! Эртең жөнөшөт. Жантай деген ким? Арбагын сыйласак болбойбу, Баатырдын токолун бир жаман жылкычынын колуна салып берет деген эмне? Намыс дегенди билесиңерби? Муну уккан эл эмне дейт! Баяке, эч болбосо өзүң алсаң болбойбу!

Б а я к е. Ажым, айтсам «Сага тийгенден көрөкчө муунуп өлгөнүм жыргал» деп койгон. Ак Мөөрдү жылкычыга берип жиберүү ата-бабанын арбагына наалат айтуу менен тең!

Б о й л о ш А ж ы. Ал үчүн эмне кылуу керек?

Б а я к е. Болотту өлтүрүү керек дейин десем, ал камдуу жана алдуу. Жогорку айылда күтүп жаткан жигиттери бар дейт.

Б о й л о ш А ж ы. Бери кара андай болсо, Баяке. Бүгүнкү түнү... Ак Мөөрдү *(Союп сал, өлтүрүп сал деген белгини берет)* билдиңби. Андан башка кеп жок. Раматылык баатырдын өлөр алдында: «Мөөрдү айылдан жоготкула!» дегени да... *(Беркилер «өлтүрүп сал» дегени эмеспи дегендей, кубаттоо белгисин кылышат).*

М ы с к а л. Ак Мөөр да эң эле сак, ар убак тушуна баатырдын кылычын илип, эшигин бекем бекитип жатат.

Б о й л о ш А ж ы. Азыр уктап жаткан маалы, мыдыр эткен бир жан жок, Мыскал, сен эптеп киргин да өз милдетиңди бил.

М ы с к а л. Түшүндүм. Жарайт. Кетели андай болсо! *(Көшөгө ачылат. Ак Мөөр бешигин жанына коюп уктап жаткан болот. Мыскал эшикти ачып кирип, акыоын басып, керегеде илинип турган кылычты алат, кайра чыгат да белги берип Баякени киргизет).*

М ы с к а л. *(Шыбырап).* Баланы алып кетейинби?..

Б а я к е. Кой, ойготуп алабыз! *(Мыскал жок болот. Баяке Мөөрдүн жанына басып келип, бир аз карап турат).*

Б а я к е. Сулуу уктаганда да сулуу болот экен го. Кийинки кырк күндүн ичинде өңүнө чыгып кулпуруп кетти. Раматылык баатыр айткандай бул кырсык болду. Сулуунун күлгөнүн көрдүм, сулуунун ыйлаганын көрдүм. Сулуунун уктаганын көрдүм. Ал эми өлгөндө кандай болот болду экен. Бу да өзүнчө кумар эмеспи. Эмнеси бар, уктаган бойдон түбөлүккө уктап калат, жаны шейит болот. Мен баатырдын арбагына, урук-

туугандарынын намысына сооп иш кылган болом. *(Канжарын сууруп чыгат).* Бул кандай оңой, бул кандай арзан өлүм! Кунун кууп алар ким бар!? Кандуу канжарым ойно! *(Колун жогору көтөрө бергенде Болот кирип келет).*

Болот. Тарт колуңду, Баяке желдет! *(Баяке канжарынын колунан түшүп кеткенин билбей калат. Ак Мөөр чоочуп тура калат)* Экөөбүздүн кечилбес кегибиз үчүн ал колуңа! *(Баяке кылычын суурат).* Экинчи бет алдыман чыкпа дегеним эсиңдеби?! *(Чабыша баштайт).* Кырк күндөн бери Ак Мөөрүмдүн үйүнүн тегерегиндемин. Оюңду билгем, канкор. Бул Мөөрүмдүн колу! Ме, желдет! *(Жаралайт).* Ал эми бул өзүмдүн колум, ме түбөлүк энчиңди ал, канкор *(Өлтүрөт).*

М ө ө р. Болот, эми ыраазымын!

Б о л о т. «Экөөбүздүн тагдырыбыз үчүн башка түшкөн кара түндө керекке жарайт» деген белегиң эмеспи, Мөкүш... *(Кылычын өбөт).*

М ө ө р. Чын эле сен айткандай азат сүйүүнүн белеги күчтүү болот тура! О жараткан ай, көз алдыма чексиз кубаныч дайрасы чалкыйт!.. Болот, биздин ашыклык кана... *(Экөө кучакташат). (Бойлош ажы байкабай кирип келип).*

Б о й л о ш А ж ы. Жайладыңбы. Баяке, *(Баякенин өлүгүн жана Мөөр менен Болотту көрүп, кайра чыкканча шашат).* Аламан! Кайдасың Аламан! Жигиттер! О мында! Мында! О жеди кокуй, о жутту кокуй! Кайдасың эл-журт! *(Аламан баштаган бир топ жигит Болотту качырып кирип келет. Болот тайманбай качырып).*

Б о л о т. Мөкүш, коркпо, дагы эле болсо сенин белегиң күчтүү *(тигилерди жапырып артка чегиндирет).*

М ө ө р. Кудай ай, Болот жалгыздык кылат ко *(Аламандар Болотту куушуруп кире баштаганда, Султан жана анын жигиттери кирип келишет).*

С у л т а н. Ал жигиттер, кан төгүшөр касыңар мына! *(Аламандарды сүрүп чыгышат).*

Б о л о т. Ыраазымын курдаштар, ыраазымын Султан! Силер бир нерсени байкадыңарбы! Адам тилегине жетип, азат болуш үчүн бирдик жана кайрат керек турбайбы! Кайратыңарга урмат курдаштар! Жөнөйлү эми, жол тарталы!

М ө ө р. Болот, көп замандар бою унутулбай турган бактыбызды кошо ала кетели! *(Бешиктеген баласы алат).*

Б о л о т. Дагы кубантарың бар беле, Мөкүш! Аты ким?

М ө ө р. Муңайтпас!

Б о л о т. Муңайтпас? Курдаштар, уулумдун аты Муңайтпас! Балким, эртең уулумду, биз өңдүү койчу-колоң кул, күңдөрдү, кедейлерди муңайтпас заман болор. Курдаштар, бул санаа эмес, бул акыйкат чындык, азаттык болсун! Мен — Болот, Муңайтпас, Ак Мөөр, Султан жана биздин ак тилектүү курдаштар азаттык таңына баш иебиз!

(Баары баш ийишет)

А я г ы

13/III—1944-жыл

БААТЫРДЫН ӨЛҮМҮ

2 көшөгөлүү 4 сүрөттүү пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

П о л к о в н и к Г р и г о р и е в
М а й о р С а г ы н д ы к о в
М а р ф а Е г о р о в н а — Григориевдин аялы
С а д ы к Б о л о т о в[1]
Н а т а л ь я Б о й к о в а — медсестра-чалгынчы
Н е м е ц п о л к о в н и г и
Н е м е ц к а п и т а н ы
Н е м е ц д е н ш и г и
К ы з ы л а с к е р л е р, н е м е ц с о л д а т т а р ы,
К о л х о з ч у л а р.

1945-жыл.

ПРОЛОГ

Согуш бүткөн убак. Берлин районунун бир жериндеги аймак. Григориев, Сагындыков жана Марфа Егоровна. Стол үстүндө вино. Уламдан-улам күчөгөн жеңиш маршы. Москвадан берилген салют жаңырыгы.

Г р и г о р и е в. *(Бокалын кармап)* Атактуу Рейн виносу ушубу? Биздин советтик мускатка жете бербейтко дейм? Кана, жолдош майор Сагындыков жана аялым десем көп шаңдуу угулбайт, Марфа Егоровна, биздин жеңиштин улуу салтанаты үчүн! *(Ичишет).*

С а г ы н д ы к о в. Ошентип «кулак укканды көз көрөт» болуп, Берлин аймагында олтурабыз. Болотов атындагы биздин полк өз ишин чоң сыймык менен аяктады. Анын биринчи баатырлык жолу Дон боюнда башталып Берлинге келип дем алды, бирок ал токтолмок эмес. Биздин полк үчүн! *(Ичишет).*

М а р ф а Е г о р о в н а. Силердин каарман полкуңардын азаматтарын көрүүгө ынтызармын, жолдош полковник.

Г р и г о р и е в. Жолдош майор, менин аялым Марфа Егоровна жөнөкөй аял эмес, жазуучу аял. Муну өз жаньша алдырган себебим бир гана Германиянын кан жыттанган өңү суук үйлөрүн, элдөрин көрсүн үчүн эмес, биздин полк менен таанышып ошол жөнүндө жазсын деп чакырдым.

М а р ф а Е г о р о в н а. Албетте, ал биздин максат. Бизден кийинки инилерге, бөбөктөргө Ата Мекендик Согуштун баатырлары жөнүндө сүйлөп берүү эң чоң иш. Инилер алардын баатырлыгын үйрөнүшсүн.

С а г ы н д ы к о в. Мына биздин азамат жигиттер *(ар жакты көрсөтүп)* көрүңүз, Марфа Егоровна, таанышыңыз. Азыр тизме чакыруу башталат. *(Ар жактан бирөө* Садык Болотов! *(Анын бери аттаган карааны элге көрүнөт)* Садык Болотов Ата-журт үчүн баатырлык менен курман болгон! *(Кайра көрүнбөй калат. Тизме чакыруу... Мен! Мен! деген жоп*).

Г р и г о р и е в. Мына, биздин полктун тарыхы ошол күндөн башталат.

М а р ф а Е г о р о в н а. Мен балдар үчүн бир жакшынакай китеп жазгым келет. Албетте роман, поэмага күчүм жетпейт, силер Болотовдун эрдик жолун айтып бергиле.

Г р и г о р и е в. Баары бүгүнкүдөй эсибизде. 1942-жыл. Дон суусу... Немецтер кутургандык менен алга жылууда. Дондун ары жагына өтүү кыйын болду. Анда

---

[1] Садык Болотовдун элеси Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевден алынды — *автор.*

мен капитанмын. Сагындыков лейтенант. Душмандын күчүн билүү үчүн жана алдыдагы тоскоолдун сырын билүү үчүн мыкты чалгынчылар жибңрүүгө туура келди. Жогорку командирлер тарабынан жашырын маселелер каралды. Садык Болотов менен Наташа Байкова душмандын тылына жиберилди. Аларга эң жооптуу тапшырма берилди. Андан кийинкиси мына минтип башталат. *(Жеңиш маршы. Салют жаңырыгы. Музыка.)*

І КӨШӨГӨ

1-СҮРӨТ

Дон дарыясынын боюндагы кыштак. Өрт. Немецтер чегинүүдө. Ызы-чуу. Немец полковниги менен немец капитаны көрүнөт. Немец полковниги эки колу аркасына байланган Болотовду көмөлөтө түртүп кирет.

Н е м е ц п о л к о в т и г и. Колго түшкөнүңө эки жумача болду. Анчейин өз полкумдан адашып кеттим эле дейсиң. Суроого жакшы жооп бербейсиң. «Билбейм, түшүнбөйм! дейсиң. Билем... билем, сен биздин кызматты аткарууга тийишсиң. Эгер бизге чалгынчы болгуң келсе, иш менен көрсөт. Жаныңдын аман калышына кубан. Эгер бизге экинчи жүзүңдү көрсөтпөйт экенсиң, анда жаныңдан үмүт кылба. Волга, Урал, анан Орто Азия... жолугушабыз. Артыңды ойло... келерсиң... келерсиң. *(Тээп)* Кош! Кош! Көрүшкөнчө.

Н е м е ц к а п и т а н ы. *(Наташаны катуу түртүп)* Бас! Бас! Штабка барганда сайратабыз. Бас! Бас! Убакыт чукул. *(Аны өзүлөрү менен кошо айдап кетишет. Ошол замат Григориев менен Сагындыковтор киришет, биздин аскерлер алга карай өтүп кетишет, өрт өчүп уучуулар басылат. Сагындыков байлануу жаткан Болотовду бошотот).*

С а г ы н д ы к о в. Жаман эмес, жолдош капитан. Бул жерде нөмец чалгынчысы өзүнүн сокурлугун далилдейт. Бул Болотов экен.

Г р и г о р и е в. *(Болотовго)* Бизге берилгендигиңди иш менен акта деген максат менен таштап кеткен экен го? Баары бир душманды алдайбыз.

Б о л о т о в. *(Тиги экөө менен амандашып)* Наташаны өзүлөрү менен кошо алып кетишти. Биз немец тылына түшөр менен экиге бөлүндүк. Байкоосуздан алардын чалгынчыларына бет келишип калдык. Мен өз полкумдан адашып калгандыгымды айттым. Немецтер көп ишене беришкен жок. Мен амалымды ашыра бердим. Биздин күчүбүздү, жаңы курал жаракты сурашат, мен аларга: «жөнөкөй азиятка орустар жашырын иштерин айтмак беле» дейм, алар эки күн кыйнашты. Ооз ачканым жок. Бизге агент бол дешти, мен байкап көрөйүн дейм. Акыры биз айткандай кылып таштап кетишти. Менин биринчи ишим көп ийгиликтүү чыкпай калды, жолдош капитан.

Г р и г о р и е в. *(Сагындыковго)* Үйрөнөсүң. Бышасың... Остап менен Жусупту мага чакырыңыз.

С а г ы н д ы к о в. Есть, жолдош капитан, чакырууга! *(кетет).*

Г р и г о р и е в. Болотов, иш ошондой де! Жарайт, жарайт андай болсо. Сенин алдыңда эң чебер, эң жооптуу иш жатат. Бизге тил көрек, немец штабынын ойлогон ою керек. Сен аны экинчи жолу аткарууга тырыш. Сени сынамакчы болгон немецтерге кайра бар... түшүндуңбү? *(Остап, Жусуп жана Сагындыковдор киришет).*

Б о л о т о в. Түшүнөм, жолдош капитан.

Г р и г о р и е в. *(Үчөөнө).* Силердин милдетиңер эң оор жана эң кылдат. Большевиктер жеңбей турган эч бир сепил жок деген акылман сөздү эсиңерден чыгарбагыла. Биздин алга жылуубуз силердин ишиңердин ийгилиги менен чечилет. Штабдын ою тил... Наташанын тагдыры да эсиңерден чыкпасын. Милдетиңер түшүнүктүү чыгар. Кана эмне дейсиңер жигиттер?

Үчөө бирдей. Мекен үчүн кызмат кылабыз!

Григориев. *(Сагындыковго)* Жолдош лейтенант, кийинтиңиз буларды! *(Ал үчөөнө орус колхозчуларынын киймин, паригин берет. Үчөө тең бир аз сахнадан ары кетип кийинип келишет).*

Болотов. Тапшырмаңыз толугу менен аткарылат, жолдош капитан! Биздин ант бир! Убада бир!

Григориев. *(Үчөө менен кучакташып коштошуп, ошол замат Сагындыков да кол алышып коштошот).* Кошкула, күтөбүз, жигиттер! Кечикпегиле! Жолуңар болсун!

(Болотов баштаган чалгынчылар кетет, музыка үнү.
Григориев менен Сагындыков картага үңүлүшөт).

2-СҮРӨТ

Немец штабы. Немец полковниги, немец капитаны жана Наташа.

Немец полковниги. Жок, дыйкан кызына окшобойсуң, Сенин бетиңде Бетховендин музыкасына, Гетенин ырларына түшүнүүнүн белгиси турат. Бизге карай жиберилген совет шпиону болуп жүрбө?

Наташа. Эмне десеңиз эрк өзүңүздө, бирок мен андайлардан эмесмин!

Немец полковниги. Комсомолка? Комсомолка? Жашырба, кайдан нелдиң? Эмне максат менен келдиң? Баарын айтып бер. Эгер айтпайт экенсиң... *(Бетке яаап, чаап)* мына мындай болот. Бул эң сыпайысы.

Наташа. Эмнени айт дейсиз, гооподин, мен билгенимди сүйлөп бүткөм. Жай гана дыйкан кызымын.

Немец полковниги. Ошондойбу? Сени ок-дары складына өрт койгону жатканыңда кармабадыбы? Ал жөнүндө ооз ачкың келбейт э?..

Немец капитаны. Господин полковник, бул орустун өжөр кызы жакшылыкты билбейт. Сөз бүттү, асып салууга буйрук берсеңиз экен?

Немец полковниги. Асууга! Асууга!.. кескилеп-кескилеп өлтүрүш керек. *(Денщик кирип келет).*

Денщик. Улуу төрөм, үч орус дыйканы сизге кирүүгө руксат сурайт. Зарыл ишибиз бар дейт.

Немец полковниги. *(Сөзүн улап)* Кескилеп-кескилеп өлтүрүш керек, билдиңби? Биздин тылга жиберилген орус шпионкасын (*аягын айтпай)* кирсин! *(Дыйканча кийинген Болотов, Остап, Жусуптар киришет. Өтө төмөнчүлүк менен ийилип салам беришет).* Жол болсун, жол болсун күтүлбөгөн меймандар! Жол болсун! Бирдеме шимшип келген немесиңерби, же немец бийлигине көмөк кылып кымбат, кымбат сыйлык алганы келген немесинерби? О, немец калкы эң март!

Болотов. Улуу төрөм биз жакшылык жагына жүргөн кишилербиз. Сиздин жаныңызда ашык кишилер болбосо экен, сөзүбүз жашырын.

Немец полковниги. Айта бериңиздер, *(Денщикти чык дегендей белги берет)* башка ашык адам жок. (*Наташаны көрсөтүп)* бул кыз болсо азыркы учурга керектүү кыз. Ушул жердик кызмын дейт. Балким силерге тааныш чыгар.

Болотов. *(Жакын барып Наташаны карап)* Мындай кызды көргөн эмес элем.

Немец полковниги. Андай болсо, же бул кыз бул жерлик эмес, же силер бул жерлик эмессиңер. Иштин тыянагы ушундай эмеспи?

Болотов. Албетте, ошондой, улуу төрөм. Сиздин бул сөзүңүз эң кыраакылыкты далилдейт.

Наташа . Мен буларга окшогон дьшкандарды көргөн эмесмин.

Немец полковниги. Я ошондойбу? *(Болотовду тиктеп карап)* Бул кыз

эмне дейт я? Балким силер... *(Аягын айтпай)* көзү оруска окшобойт, жүрүш турушу да башкача... *(Кыт-кыт күлөт).*

Б о л о т о в. Таптыңыз төрөм... Таттыңыз... Сизге айла жок экен. *(Сакал мурутун алып таштап)* мен киммин, тааныдыңбы?..

Н е м е ц п о л к о в н и г и. *(Кыт-кыт күлүп)* Бах, бах сен баягы биз таштап кеткен күн чыгыштын кабыланы турбайсыңбы. Ой, баракелди оой.

Б о л о т о в. Сиздин ишенчиңизди актайын деп келдим, улуу төрөм!

Н е м е ц п о л к о в н и г и. Баракелде! Баракелде! Ишенүүгө себептер бар.

Н а т а ш а. *(Чыдай албай)* Болотов, сенин бул эмне кылганың? Бул кандай алдоочулук.

Н е м е ц п о л к о в н и г и. *(Кыт-кыт күлүп).* Мына дагы бир сырдын бети ачылды... Сен тааныйт экенсиң го? Хош, дыйкан кызы? *(Капитанга)* Сен эмне мынча суктанып, таң калып карап калдың? Бул олжого тең орток болгону турасың го! Бар эшикке чыга тур.

Н е м е ц к а п и т а н ы. Буйругуңузга кулдугум бар, улуу төрөм. Бирок мени да унутпассыз *(кетет).*

Б о л о т о в. Улуу төрөм, мына бул экөө тең совет чалгынчылары. Сизди алдамакчы болушкан. Калп эле дыйканча кийинип алышкан.

О с т а п. *(Сакал мурутун алып)* Болотов, сен ушундай белең? *(Ал калп эле, атайын өз ара сүйлөшүп алышкан).* Бул кандай жүзү каралык?

Н а т а ш а. Сен ушундай экенсиң ээ? Баары бир... *(Аягын айта албай кыжыры келип).*

Ж у с у п. *(Сакал мурутун алып)* Сенин жолуң болсун Болотов, бизди өлүмгө түрттүң. Айла барбы, сурай бериңиз, улуу төрөм. Бизди алдап келген Болотовго кудайдын жазасы бардыр. Баарын айтып берем.

Н а т а ш а. Тигинисин кара! Ай... *(чыдай албай).*

Н е м е ц п о л к о в н и г и. *(Кыт-кыт күлүп)* Ракмат жигит, рахмат! Бул олжоңо жараша сыйлыгың бар. Жарайсың, жарайсың. *(Болотовду далыга чаап)* Дагы эле болсо биринчи сөз сага берилет. Мына бул жерде жалгыз гана менмин, айта бер! Мына бул Наташа тууралуу сүйлө... Кандайча тааныйсың... Баарын айт.

Б о л о т о в. Сөз мындай, улуу төрөм! *(Ошол замат белги берет. Остап полковникти эсин оодара муштайт. Оозун тумчулайт. Жусуп аны капка салат. Аракет эң тез иштелди).*

Б о л а т о в. Курбум Остап, Жусуп силер бул жактан секиргиле, мен артыңардан жетем. (*Экөө полковникти алып жок болушат. Наташага)* Наташинка! Амалга амал дейт. Немец эң куу, айлакер душман, аны ушинтип алдабаса болобу. Биз өз ара ушул акылды тапканбыз. Сен капа болбо. Бол тез секир. *(Болотов бардык документтерди жыйнап жатат. Немец капитаны менен Денщик кирип келет. Болотов гранат таңгагын ыргытат. Тревога. Наташа кача албай калат. Музыка. Ызы-чуу...).*

II К Ө Ш Ө Г Ө

3-СҮРӨТ

Совет командованиесинин штабы. Григориев, Сагындыков, Остап жана Жусуп.

Г р и г о р и е в. Көрсөткүлө олжоңорду. Болотовдун кечигиши мени тынчсыздандырат. Келип калар, ал шамдагай жигит.

О с т а п. *(Капты чечип)* Болгондо да көркоонун көркоосу, азылуусу, кызылкөздүүсү *(Немец полковниги чыгат).*

Ж у с у п. *(Какшыктап)* Азыраак кыйналып калдыдыз бейм, капа болбоссуз.

Н е м е ц п о л к о в н и г и. Капа болбоссуз? Ооба, капа болбой турган жорук. Эч качан мындай болот деп ойлогон эмесмин.

С а г ы н д ы к о в. Ооба, мырза аныңыз жөн. Ойлобогон убакта башыңызга түшкөн бактысыздыкка бышман болбоңуз, биздин сурообузга так жооп бериңиз.

Н е м е ц п о л к о в н и г и. Балалан! Бала! Баласыңар! Тиги капитан, сен лейтенант. Кандайча суракка алууга укугуңар бар? Мен полковник! Мени полковник суракка алсын. Силерге ооз ачпайм.

Г р и г о р и е в. Биз өз укугубузду сизден сурабайбыз. Ооз ачуу, ачпоо эрки сизде эмес! Сиз совет штабында туткун болуп олтурасыз, полковникке биз аркылуу өтөсүз.

Г р и г о р и е в. *(Остап менен Жусупка).* Алпаргыла, тилиңер чоң тал экен, бир аз эс алсын, сүйлөшүү учуру бар. Сизди оңой алдаган чалгынчы Болотовду да көрөсүз. Арманыңыз канар, господин полковник?! *(Аны алып кетишет).*

С а г ы н д ы к о в. Чын эле Болотов эмне болду? Бул тил бизге аздык кылатко, жолдош капитан.

Б и р а с к е р. Болотов келди, жолдош капитан, сиздерге кирүүгө руксат сурайт.

Г р и г о р и е в. *(Экөө тең кубанып).* Биздин аны зарылдык менен күткөнүбүздү айтыңыз. *(Болотов кирип честь берет).*

Б о л о т о в. Тапшырмаңыз толугу менен аткарылды, жолдош капитан. (*Койнунан документ, карталарды алып чыгат).* Зарыл документтерди, карталарды тапшырууга руксат этиңиз *(Берет).*

Г р и г о р и е в. Ракмат, жолдош Болотов, штабга кантип киргениңиздерди Остап менен Жусуп айтып берди. Бул эң татаал бүткөрүлтөн иш, бирок бул амалды экинчи колдонууга кеңеш бербейм. Анын ордунан чыкканына кубанам. Калганын анан сүйлөшөбүз. *(Болотов кетип бара жатып кайра токтойт. Тиги экөө колго түшкөн документ, карталарды карап жатат).*

Б о л о т о в. (*Өзүнчө)* Наташа... Наташа... Жолдош капитан ал жөнүндө сураган жок, бирок ал унуткан да жок. Мени эс алсын деди окшойт. Бирок анын тагдырын айтуум керек. *(Пауза).*

Г р и г о р и е в. Баары түшүнүктүү... Баары түшүнүктүү. Мына баары ачык болду. Бир минут токтолуштун кереги жок. Шашуу керек. *(Болотовду карап)* Жолдош Болотов, сиз эмне айтмакчысыз?

Б о л о т о в. Наташа кача албай туткунда калды. Аны бошотуу керек.

Г р и г о р и е в. Наташанын тагдырына түшүнгөм. Сиздин жолдошторуңуз да ошондой дешкен. Жолдош лейтенант, чакырыңыз ал экөөңү. *(Сагындыков кетет).*

Ооба, жолдош Болотов, сиз тапшырманы жакшы аткаргансыз. Немец штабынын эң кымбат пландары биздин колдо. Сизди куттуктайм.

(Колун кысат. Остап, Жусуп, Сагындыковдор киришет)

Б о л о т о в. Мекен үчүн кызмат кылам.

Г р и г о р и е в. Жолдош чалгынчылар, Дондун аркы өйүзүнө өтүүгө бизге коркунуч туудурган «Улуу Германия» аттуу бекем ДЗОТ бар экен. Немецтер аны адам өтө алгыс ДЗОТ деп аташат. Ошону алмайынча бизге илгери жылуу жок.

Б о л о т о в. Жолдаш капитан, мага барууга руксат этиңиз?

О с т а п. Мен да барам!

Ж у с у п. Мен да!

Г р и г о р и е в. Сурооңорду кабыл алам, жигиттер. Бул силердин алдыңарга коюлган биринчи суроо эмес, бул силерге тапшырылган чоң сыймык!

Б о л о т о в. Айтканыңыз айткандай орундайт, жолдош капитан. Жөнөөгө руксат бериңиз!

Г р и г о р и е в. Ар бир ишке акыл керек, айла керек. Токтоолук керек! Ушуну унутпагыла, жигиттер.

Б о л о т о в. Унутпайбыз, жолдош капитан. Акыл керек, айла керек, токтоолук керек, эгер ал жетишпесе жүрөк керек!

Г р и г о р и е в. Кошумчаң туура, Болотов! Жөнөөгө руксат, жигиттер.

Б о л о т о в. Жолдош капитан, биз бат эле кайра келебиз! ДЗОТко жөнөп бара жаткан кубанчыбызга карай марш бердириңиз! Марш!.. *(Узатуу маршы. Григориев менен Сагындыков разылык белгисин кылышып, алардын артынан карап калышат).*

4-СҮРӨТ

Дөбөчө. Дондун аркы өйүзү. ДЗОТ. Немец капитаны жана эки үч немец солдатынын карааны. ДЗОТтун оозунда таңылуу Наташа жана эки-үч аял, эркек.

Н е м е ц к а п и т а н ы. Ха... ичинин тарлыгы ай. Орус дыйкандарынан олжо табам деп кубанды шордуу полковник. Өзу колго түшүп, адам жанынан кымбат урган асыл документтерден айрыларын кайдан билсин? Алар ДЗОТту алмакчы болушар. Баары бир биз өткөрбөйбүз. *(Дүрбү менен карап)* Эки-үч караан көрүнгөнсүйт. *(Команда берип)* Сактан! (*Көрүнбөй келет).*

Н а т а ш а. Жырткычтар! Айбандар! Адам баласы чыдай алгыс кордук. Тырмагыма ийне кагышты. Чачымды жулду. Өзүмдүн этиетсиздигим ушул кыйноого дуушар келтирди. Немец штабын күтүүсүз учурда амал менен колго түшүргөн совет чалгынчыларына баракелде! *(Жанындагыларга)* Кайраттангыла, чыдагыла. Эрдик менен өлөлү. Совет баатырлары биздин өчтү албай койбойт. Өлүмгө түз карагыла! (*Эси оойт. Болотов, Остап, Жусуп сахнанын четинде).*

Б о л о т о в. *(ДЗОТту карап)* Курдаштар, силер белен тургула. Мен ДЗОТтун күчүн сынайын. Туш тарабын байкайын, немецтер эң ыңгайлуу жерге чыңданышкан экен. Жолдош капитан айткандай бул ДЗОТту жоготмоюн биздин аскерлер жеңиштүү түрдө аркы өйүзгө өтө албайт.

О с т а п. Сак бол, курбум Болотов, керек учурунда бизге белги бер.

Б о л о т о в. Жарайт, белги берем. Бул дөңсөөгө удаа чыкпайлы, күчтү үнөмдөйлү. Эгер менин жолум болбой калса, анан бирөөң менин артыман кел. *(ДЗОТтун жанына жакын өңүп барат).*

Н а т а ш а. *(Эсин жыйнап)* Ишенем, мен ишенем. Совет аскерлеринин күчүнө толук ишенем. Немецтер адам өзө алгыс ДЗОТ деп эсептешет, анын үстүнө бизди минтип тосуп койду. Биздин бул өлүм—коркпостуктун өлүмү. *(Болотов карап).*

Б о л о т о в. *(Гранатты ыргытмакчы болуп колун көтөрүп)* А ырайымсыз канкорлор, ДЗОТтун оозуна совет колхозчуларын байлашкан экен *(жакындап)* Наташа! Наташа окшойт. *(Немец капитаны чыга калып)*

Н е м е ц к а п и т а н ы. Ат! Ат! Жаадыр окту! Келе албайсың! Келе албайсың! *(Пулемёттун үнү).*

Н а т а ш а, Немецтер жандалбастап ок атышты. Биздикилер жактан чалгынчылар келген го. *(Кыйкырып)* Эй жолдош, бизди аяба! Биз сенин огунду ыраазылык менен кабыл алабыз. Бизди атмайын ДЗОТту ала албайсың! ДЗОТту эң бекем чыңдашты.

Ү н д ө р. Ат, бизди ата бер, биз ыраазыбыз! Мекен үчүн курман болуу даңк!

Б о л о т о в. Жок! Менин бир боорлорум. Силерди атууга же гранат ыргытууга колум барбайт. ДЗОТту алууга болот, бирок ага экыл, айла токтоолук, эгер ал жетпесе жүрөк керек.

Н е м е ц к а п и т а н ы. Өтө албайсың! Өтө албайсың! Ат! Ат! *(Пулемёттун үнү)*

Н а т а ш а. Эй жолдош, ыргыт гранатаңды бизди карай! Биз жарылалы! Биз менен кошо ДЗОТ жарылсын.

Б о л о т о в. *(Илгерилеп)* Кайра кур кол кайтканым болбос, өлүмсүз жеңиш жок. Бул жерде жан кыюудан башка чара жок. Биздин бөлүктүн илгерилешине тоскоолдук кылган

бул ДЗОТту кандай гана болбосун жоюш керек.

Н е м е ц к а п и т а н ы. Бул жолду кайдан таап келип калды? Мына укмуш! Ат! Ат! *(Пулемет).*

Б о л о т о в. Өмүр кандай ширин, турмуш кандай кымбат! Бирок Ата-журт баарынан кымбат! Кайра артка кетүү болбойт, ал совет аскерине жарашпайт. ДЗОТту алуу керек. Мындай учурда ата журт үчүн курман болуу кандай урмат, кандай даңк! Ооба, жаш өмүр эң кымбат. *(Жылат).*

Н е м е ц к а пи т а н ы. *(Болотовду көрө коюп)* А... советтин наадан адамы! Сен өтө албайсың! *(Атмакчы болгондо, Болотов аны атып өлтүрөт. Пулемёт огу катуулай баштайт).*

Б о л о т о в. Эмне үчүн өтө албайм? Сен жаңыласың немец канкору. Жаңылганды далилдейм. *(Жыла баштайт. Пулемёттун үнү).*

Б о л о т о в. Туура... Менин оюм эң туура. Бул жерде курман болуудан башка эч жол жок. Мактанба немец ДЗОТу! Сен менин жүрөгүмдөн бекемдик кыла албайсың! Совет жоокерлериннн жолун тосууга акың жок! Сенин жаагыңды басуунун айласын билем. Рас, ал оңой эмес, анын жолу мына мындай! *(Өйдө туруп чуркап барып)* Мекен үчүн! Алга, курдаштар! *(ДЗОТтун оозун кучактай жыгылат, ракета атылат. Остап, Жусуптар жүгүрүшүп, алардын артынан Григориев, Сагындыковдор жана жоокерлер киришет. Наташаны бошотушат).*

Н а т а ш а. *(Болотовдун өлүгүн кучактап)* Боорум Болотов, кош Болотов, сен улуу совет армиясына чоң эшик ачтың. Сенин өлүмүң баатырлык менен бүттү. Сенин өз колуңдан өлүмдөн куткарылган мен жана мага окшогон совет туткундары сен үчүн душмандан он эсе ашырып өч алабыз!

С а г ы н д ы к о в. *(Болотовду өөп)* Кош, иним Болотов. Сен кыргыз элине бул эрдигиң менен чоң сыймык келтирдиң. Сенин өлүмүң эң ардактуу өлүм. Биз алга карай бара жатабыз, ар бир жеңиште сенин жүрөгүң биздин жүрөк менен тең согот. Сен улуу жеңиштин барагында түбөлүккө сакталасың. Канга-кан, өлүмгөөлүм!

Г р и г о р и е в. Арабыздан кырааныбызды жоготтук. Бирок ал улуу Дондун жеңишине жол ачты! Сен өлгөн жоксуң, баатыр Болотов! Сен совет элинин эң сүйүктүү өлбөс жоокери болдуң. Биздин инилер, неберелер сенин эстелигиңди карап сага таң калышат. Сенин баатырлыгыңды үйрөнүшөт. Каармандар! Болотовдун өчүн алууга, алга! *(Ураалаган үндөр. Алга өтүп жаткан караандар. Музыка).*

ПРОЛОГДУН АЯГЫ

Мурдагы эле көрүнүш. Берлиндин аймагы. Маңдайтарапта илинген Лениндин портрети. Акырын угулган жеңиш күүсү.

Г р и г о р и е в. *(Прологдогу сөзүн улап)* Марфа Егоровна, бул биздин полктун баатырлык ишинин кичинекей гана бир бөлүгү. Биздин полк жөнүндө түгөнгүс роман жазууга болот. Бүгүнкү биздин жеңиштин аяккы учурларында аларды эске алуу эң кызык.

М а р ф а Е г о р о в н а. Мени Болотовдун өлүмү таң калтырат. О бул кандай ченемсиз жүрөк.

С а г ы н д ы к о в. Ооба ченемсиз жүрөк, Марфа Егоровна. Биздин полкто ушундай өлүм менен өз наамын түбөлүккө калтырган баатырлар аз эмес.

Г р и г о р и е в. Алардын баатырлык салты, биздин бүгүнкү жеңишибиздин ийгилиги болбодубу. Эмесе, достор, бул бокал Дондон башталып Бөрлинге чейин жеткен биздин улуу жолубузда курман болгон азаматтардын салтанаты үчүн! *(Ичишет).*

М а р ф а Е г о р о в н а. Жакшы китеп жазууга болот... Жакшы китеп жазууга болот... Ах... Сережка, менин оюм алда кайда кеткен экен. Силердин сүйлөп берген сөзүңөрдү

угуп отуруп, мен кечеки кан майдандын ичинде жүргөнсүйм. Ах... Сережа, биз бүгүн тынчтык күнүндө жашап жатканымды унутуп кеткенимди көр... Ах, жолдош Сагындыков, мени айып этпеңиз, тынчтык күн кандай жакшы. Ана... ана... Москвадан салют берилип жатат... Кремлдин саатынын үнү... Ах, кандай жакшы...

С а г ы н д ы к о в. Согуш бүттү. Союздаштар да жаман урушкан жок. О аларда да кубаныч. Дүйнөгө узак, узак жашоого туура келет. Биздин алдыда дагы көп-көп иштер жатат... Айылга биз шашпай барабыз, ошондой эмеспи, жолдош полковник?

Г р и г о р и е в. Тыңшагыла, тыңшагыла, достор! Жеңиш маршы угулат. Биз өзүбүздөн кийинки укум-тукумубузга жыргал турмушту камсыз кылдык! Ата журттун тагдыры үчүн болгон майданда Болотов өңдөнгөн нечен жигиттерибизден айрылдык, аябаган көп кан төктүк. Аны унутпагыла достор. Биздин улуу жеңишибиздин демилгеси, демилгечиси гана эмес, анан жол баштаган көсөмү, XX кылымдын эң чоң адамы жолдош Лениндин ысмына баш иебиз! *(Баш ийишет).* Ооба, силер да, бизден кийинки инилер, бөбөктөр, карындаштар, силер да баш ийгиле, ал киши эң укмуштуу акылман киши! Мооквадан берилген салют үнүн уккула! Мына жениш музыкасы!... Мына Советтер Союзунун Гимни!

Жашасын Советтер Союзунун улуу жеңиши! Болотов өңдүү мекен үчүн курман болгон баатырларга даңк! *(Гимн угулат).* Биз да кошулалы, достор! Бүткүл совет эли кошулсун!

(Советтер Союзунун Гимни).

Бүтөт.

14/III—1945-ж.

Койсары

ЭКИНЧИ БРИГАДА

(Биринчи вариант)

4 актылуу 7 сүрөттүү драма

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

К а с ы м С у л т а н о в — Колхоздун правлениясынын председатели. Эл аны «Башкарма» деп аташат.

К үл ж а н — Кечеки звеновая, бүгүнкү экинчи бригаданын бригадири.

Н у р ж а н — Синдиси, студентка, өз айлына дем алышка келген.

К а с е н — Ата мекендик согуштун танкисти, колхоздун бүгүнкү комбайнеру, Күлжанды сүйгөн жигит.

М а й м а к — Сельсоветтин секретары болуп туруп андан бошоп калган. Күлжанга бел кудалык жайы бар.

Т а к ы р — Кечеки бригадир, бүгүнкү табельщик. Дайым «такыр» деп сүйлөй турган адаты бар.

К о ш к о н м а й — Экинчи бригаданын колхозчусу. Маймакка жеңелик милдетин аткарат. «Кошконмайды» жакшы көргөндүктөн ошол атка калган.

Р а к м а н а к е — Колхоздун сугатчысы. Күлжан менен Нуржандын атасы.

С а й к а л а п а — Анын байбичеси, эки кыздын энеси. Экинчи бригаданын звеновою.
Р а й к о м д у н к ы з м а т ч ы с ы. Булардан башка колхозчулар жана башка эл тобу.

Окуя ушул күндө Ысык-Көлдүн боюндагы колхоздордун биринде өтөт.

І А К Т

1 - СҮРӨТ

Көл бою. Июль айы. Алыста көрүнгөн пароходдун карааны. Пристань. Окуучулардын дем алышка кайтар убагы, Күлжан өзүнүн сиңдиси Нуржанды тосууга чыккан, Касен аны менен эрчий келген. Колдорунда гүлдесте. Кеч жакындап калган мезгил.

К а с е н. Бая ата-энеңиздин көзүнчө айтууга ылайыгы болгон жок, андыктан куттуктоого руксат этиңиз. *(Колун сунат)*

К ү л ж а н. *(Жароокерленип)* Куттуктоого? Эмнени?.. Кандайча?..

К а с е н. Кечеки болгон колхоздун правлениясында... бригадирликке дайындалды деп уктум.

К ү л ж а н. Ай, кудайым ай, ошону да куттуктап..,*(Күлүп)* Маскөөнү көргөн жаштар эң эле сылык... *(Колун берип)* Эртерек болсо да мейли, бригадамдын иши оңолуп кетсе, ошондо чындап куттуктарсыз.

К а с е н. Мейли, мейли бул карыз болсун, Күкүшжан. Алган ишиңиздин ийгилиги үчүн болсун.

К ү л ж а н. Ракмат, ракмат, Касен.

К а с е н. Сиз бригадирлик ишин кичинекей иш деп ойлобоңуз, Күкүшжан. Колхоз жумушунун атасы — бригадирлик жумушу. Бул ар кимдин колунан келе берчү иш эмес.

К ү л ж а н. Түшүнгөнүңүзгө ыраазымын, Касен. Ашыра баалабаңыз.

К а с е н. Сөздүн чыны ошол. Ал эми сизди ашыра баалоо мага парс.

К ү л ж а н. *(Жароокерленип)* Мен андай баага жетише элекмин.

К а с е н. Неге андай... *(жакындап)* Сиз билесизби, турмушта эки түрлүү сүйүү бар. Эгерде тандаган кишиң адегенде эле, биринчи көзгө алымдуу көрүнсө же эң эле сулуу жакшы көрүнсө... анын баасы бара-бара кемий берет. Улам бир кыялы жаман көрүнүп, көңүлүңдү бат калтырат. Ал эми экинчиси: а дегенде көзгө жупуну көрүнөт. Анда сулуулук да аз байкалат, ал эң бир жөнөкөй болуп байкалат. Бирок андай кишилер улам ысык болуп, улам артык болуп, улам сулуу болуп, улам акылдуу болуп көрүнөт. Демобилизациядан кайтканыма бир жарым жыл... Сиз менен таанышканыма о... о... канча жыл... Ошондон бери уламдан-улам, уламдан-улам... уламдан-улам...

К ү л ж а н. *(Өзүнө мактоо түшөрүн билип, анын сөзүн акылдуулук менен буруп)* Жайдын күнү көл сулуу. Мунун толкунсуз мелтиреген кеңдиги... Күн нуруна эриген ак чабагы, ага канат серпкен ак чардактары... Карап турсаң: биздин өмүрдөй кирсиз көгүлтүр тунуктугу... Анын тирүүлүккө марттыгы... Анын түйшүккө жарокердиги... Байлыгы... сулуулугу... *(сөзүн буруп)* Ошон үчүн ашыра баалаган экенсиз да?

К а с е н. Болсо болор, Күкүшжан, менин тандаганым — ошол сүйүүнүн жана экинчи бригаданын...

К ү л ж а н. *(Сөзүн буруп)* Оюңуз оңой ой эмес. Сиз Күкүшжан дедиңиз. Эгер экинчи бригаданын иш-ин оңой алсам, ошондо гана Күкүшжанмын. Андан бери баягы эле Күлжанмын. Кыяк ойногондор ким? *(карап)* Би-з жакка келе жатышат. Ана, пароход да берилеп калды, Нуржан окуудан кайтат. Окугандар кандай бактылуу...

К а с е н. Бригадирлик... Колхоздун жумушун сүйүү, ал да — окуу... ал да — бакыт... *(карап)* Баягы сиздин Макеңиз тура. Ал да Нуржанды тосууга чыккан экен. Охо... Сиздин атаңыз, энеңиз кошо келе жатышат.

К ү л ж ан. *(Жактырбай)* Ал кандайча менин Макем? Эски адат боюнча кичинебизде бел куда болушкан дейби?.. Бирок ал адаттардын үстүнө кара куурайдын чыкканы качан...

К а с е н. Бирде мында, бирде анда. Айтор, сизден имерилип чыга албайт. *(Кубана кыйкырып)* О Маке, үн кана? Ыр кана?.. Аккордеон айылга кур тарабай, ыры менен тара-сын... Кана, кана, Маке? *(Маймак аккордеон ойноп, аны менен кошо Такыр, Кошконмай, Ракман аке, Сайкал апалар киришет. Касендин «Ыр кана, үн кана?» дегенине демигип, Маймак ырдап жиберет).*

М а й м а к. Ырдагын дейсиң Касенжан.

(Аккордеон ойнолот)

Ырдай турган ыр кана?
Комбайынчы сен болсоң,
Бригадириң жаныңда.
Мага окшогон балага,
Сүйө турган күн кана?..

Р а к м а н. Баракелде... Өмүрүңө кубат берсин, балам. Өнөр жигитти кор кылбайт. О Касеним да мында тура. Нуржанымдын келчу сааты болдубу айланайын.

К а с е н. Бош келбе... Бош келбе, Маке... *(Ракманга)* Биз бая эле келгенбиз. Нуржаныңыз он-жыйырма мүнөттүн ичинде самооруңуздун жанында болот карыя. *(Пароходдун үнү)* Ана пароходдун үнү... Эми келип токтойт.

М а й м а к. *(Саатын карап)* Ооба, туура айттыңыз. Ай саат жан экен да. Өмүрдүн бир мүнөт, бир секундунан кечтиги жок. Советтик заводдон чыккан саат да...

К о ш к о н м а й. *(Кулагына тыңшап)* Үнүңөн... Үнүңөн айланайын саатжан. Карачы кандай тунук, кандай таза... *(пароходду карап)* Бойтойгон балакет-мээнетиңди алайын. Бойтойгон деп коём да. Келип калмак болду ээ... Мындай боло бер, Сайкал апа, пароход деми менен көмөлөтө коюп кетет дейт. Эң эле күчтүү болот дейт.

С а й к а л а п а. *(Тамшанып)* Рас айтпадыңбы айланайын... Ким билет жарыктыктын күчүн... *(Четке боло берет).*

К о ш к о н м а й. Эй Такыр, оозуңду ачып калбай, мындай бол. Гүл ала чыктың беле?

Т а к ы р. Гүл такыр эсимен чыгып кетиптир. Нуржан өзү деле гүл эмеспи.

М а й м а к. *(Бул учурдан пайдаланып)* Ракман аке... Касеним... Сиздер да этият болуңуздар. *(Күлжанга жакындап)* Нуржанды тоскондон кийин беш мүнөткө ээн калууңду сурайм. Сенин бригадаң жөнүндө сөз бар...

К ү л ж а н. Көрөрбүз, ошончолук зарылдыгы болсо. *(Катуурак сүйөп)* Маке, кыягыңдын үнүн баспа. Пароходдогулар кубанып өтүшсүн.

М а й м а к. Кыяк эмес, аккордеон деңиз.

К ү л ж а н. Аккордеон? Айылга келген жаңылык аты жакшы экен... Эмесе аккордеонуңду... *(Пароход жашндаган болот). Аккордеон ойнолот. Элдин өткөн карааны)*

С а й к а л а п а. Айланайын Нуржаным тигине...Өзү... өзү... Ай, Нукиштай, мен энеңмин айланайын...

Т а к ы р. *(Таң калып)* Таптакыр өзгөрүп кетиптир. Ай Фрунзаңан айланайын ай... Жакшы шаар экен да... *(Нуржан келип кошулат, көтөргөн чемоданы бар. Шаарлыктарча кийинген. Кол берүү, өбүшүү).*

К ү л ж а н. *(Букетти сунуп)* Өз бакчабыздын гүлү. Атам миң бир гүлдүн тилин билет.

Н у р ж а н. Болду... болду... Алда, энеке ай э... Ыйлаганыңды жаман көрөм. *(жыттап)* Кайдадыр гүлбак шаары бар дешчү эле. Көрсө биздин колхоз тура. Эне, неге ыйлаш? Неге көз жаш?

К а с е н. *(Анын чемоданын ала коюп)* Ооба, таап айттың, Нуржан. Бул кубанычтын жашы, Нуржан. Бул жашка руксат.

Н ур ж а н. Чемоданым оор. Кант, чай экен деп үмүтөтпө энеке, өңкөй китеп... Силер окубаган, силер көрбөгөн жаңы китептер.

Р а к м а н. Кант, чай өзүбүздө деле толуп жатат. Китебиң экөөң аман болсоң болду айланайын.

Н у р ж а н. Тосуп чыкканыңыздарга ракмат. *(Ата-энесинен башкаларын көрсөтүп)* Бул кишилерди тааныбай калыптырмын. Айып болбосо, таанышып алалык.

К ү л ж а н. А... арам десе. Кошконмай жеңеңди да тааныбай калдыңбы? Менин бригадамда иштейт. Ударник болом деген убадасы бар. Баягы эле Кошконмай жеңең эмеспи... Бул болсо...

Т а к ы р. Коё туруңуз, мен өзүм тааныштырам. Кечеки бригадир. Бүгүнкү табельщик. Жүзүмдө азырак кирим бар, Нукинтай. Аны кетириш шерти мойнумда.
Мен Такыр, садагаң кетейин!

Н у р ж а н. Кошконмай жеңе... Такыр аба... Ай ий..жашарып кеткендерин кара...

К о ш к о н м а й. А балакетиңди алайын, кызыке, балакетиңи алайын деп коём да, колхоз деген карыны жашартат тура айланайын. Чоңойдуңбу? Чоңойдуңбу
деп коём да, чоң эле немени... *(Бетинен өбөт).*

К ү л ж а н. Бул кишини Маке деп эркелетебиз. Кээде келет, кээде кетет. Бирде сельсаветтин секретары, бирде ким экени белгисиз. Азырынча сельсоветтин уполномоченимин деген атта жүрөт. Биздин бригададан эле айланып кетпейт, жардам берем дейт. Биз кой дебедик.

Н у р ж а н. *(Колун берип)* Тааныштып алалы, Маке. Сельсоветтин секретары болуш жакшы, бирок кээ бир жаштар, майда кантор кызматынан өндүрүшкө кетип жатышат. Жаш кезде илимге, өнөргө умтулуш жакшы нерсе. Бул агайчы?
(*Касенге)*

К о ш к о н м а й. Маке-саке эмей эле, бул Маймак. Майрыкуп деген жигит. Апий чечектин атынын ороюнчу. Чечек деп коём да.

К ү л ж а н. *(Касендин атын айта албай)* Тааныштып ал, Нукиш, бул агайың менен...

Р а к м а н а к е. Тигил Маймакты жакшы тааныып ал. Ал өзү-бүздүн бала. Бул жигит баягы Касен абаң айланайын. Аскерден аман эсен келген. Биздин колхоздун комбайчысы.

Н у р ж а н. А... билем, билем... Баягы танкист Касен аба тура. Газетадан далай окугам. Кайра кол алышалы, Касен аба.

К а с е н. Ооба, кечеки танкиет, бүгүнкү комбайнер — Касен Курманов. *(Кол алышат, сөзүн улап)* Сиздин тааныбаган дагы башка кишилериңиз бар. Алдыңызда турган ата-энеңиз, энеңиз такыр башка кишилер. Тааныштып алыңыз. *(Атасын көрсөтүп)* Биздин колхоздун атактуу сугатчысы *(Энесин көрсөтүп)* Экинчи бригаданын жакында шайланган жаңы эвеновою... *(Күлжанды көрсөтүп)* Экинчи бригаданын жаңы бригадири — эжеңиз Күлжан... Башкабыз сизге белгилүүбүз.

Н у р ж а н. Кара, колхоздо турмуш кандай өзгөргөн. Айылга келбегениме үч жыл болду. Менин атамдын да, энемдин да, эжемдин жана барлык курбу-курдаштарымдын өмүрү, жаны — колхоз болгон экен да. Ооба, ошондой болгон экен. Энеке, жаным ата, мен дем алышка бекерчилик менен делгеним жок. Ишиңерге жардам берүү милдетим. Андай болсо эжекемдин бригадасына, энекемдин звеносуна мен дагы мүчө. *(Көңүлдүү кубаттоолор, пароходдун кайра кеткен үнү)*

К а с е н. Жакшы тилек! Кайталы эмесе, Күлжан карындаш.

К ү л ж а н. Кайталы, көпкө туруп калдык. Менин жаңы бригадамын жаңы кишилери!

С а й к а л а п а. *(Токтой калып)* Сен жай эле бассаң, айланайын Күкүш.
(Маймакты карап, кызына сүйлөп) Кой, балалык кылчу эмес, Күкүш. Баталашкан ишке баш иймек бар. Атаңа уят. Баланы какпай жүр. Балада айып жок.

К ү л ж а н. Түшүнбөйсүз, энеке. Баары бир... *(Энеси сөзүнүн аягын укпай,*

Кошконмайга белги берди да кетип калды).

К о ш к о н м а й. Антчү эмес, кызыке. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» дейт. Сен Касенге азгырылба, азгырылба деп коём да. Антсең деле каршылыгым жок.
Сенин теңиң ушул Майтык... Ий өлүгүңдү көрөйүндү Майтык деп коём да... Маймак...

К ү л ж а н. Алда, жеңе ай э... Ушинтип жүрүп бригаданын ишин бузганбыз да. Эң мурда бригаданы оңойлу, жеңеке...

М а й м а к. *(Жакындап)* Токто, Күкүшжан. Бригада, бригада, жумуш... жумуш деп эле калыптырсыз да. Ата-энеңдин каршылыгы жок. Бул айылда үч айдан бери жүрүшүм сенин азабың. Жок дебе. Камына берейин.

К ү л ж а н. Камынуу милдет өзүндүкү. Ата-эненин жолу башка. Бригада, жумуш деп калган себебим менин атам да, энем да—бригада жана жумуш!

М а й м а к. Билбейт экенсиз, эң мурда сүйүү, анан жумуш! Ансыз жыргал жок!

К ү л ж а н. Жок, эң мурда — ак ниеттүүлүк, ак эмгек! Анан сүйүү! Жигит болсоң ушуга түшүн *(кетет).*

М а й м а к. *(Туруп калып)* Мындай сынган эмесмин. Канткен менен чачың узун, акылың кыска. Жумуш, жумуш... бригада... Сөзүн кара... Көрөбүз кыйратып жибергениңди. Менин да намысым бар... Касен экөөң менен далай сүйлөшөрбүз. Чөптү кор көрсөң көзгө зыян дейт. Кошконмай жеңе, акыл тапсаң боло!

К о ш к о н м а й. Менде кырк бир амал бар. Мен барда Күлжан кайда бармак эле. Андан көрөкчө саатыңды мага берчи! Эң эле сонун саат экен.

М а й м а к. Жок, Кошконмай, ал берилчү жерде берилет. Эмгегиңе жараша сыйланат. *(Чөнтөгүнөн арак алып чыгып)* Ой, Такыр, сен эмне туруп калдың я? Кел бери!

Т а к ы р. Эмне үчүн туруп калганыңды өзүм да такыр билбейм. Ушул сенин кылык-жоругуңа таң калам да турам. Жүр ой, Кошконмай, Нуржандыкына баралы, жанагы айткан китептерин көрөбүз.

М а й м а к. Таң калбай эле кой, Такыр, кел! *(Аракты даяр стаканга куюп)* Күлжандын мага жар болушу үчүн, Кошконмайдын кырк бир амалы үчүн! Менин азыркы ич күйдүлүгүм үчүн!

К о ш к о н м а й. Чактап күй, секет! Секет деп коём да.

Т а к ы р. Башкармага такыр ичпейм деп убада берип койгом. Такыр ичпейм. Жок, жок, кадырың жан болсун.

М а й м а к. *(Тартып жиберип аккордеон ойноп)* Баягы ырың кандай эле, Кошконмай жеңе?

К о ш к о н м а й. *(Тартып жиберип)* Аттишниң аай... ушунун артынан чүкөдөй кошконмай болсо ээ... Мейлиң Такыр, сен үчүн мен ичтим. Эми сен айткан жерге баралы. Мен ырдаганда сен бийлеп -бас. Шаарлыктарды таң калтыралы. Ойно, Майтыгым! *(Аккордеон ойнолгондо күүгө салып)*

Кайсы жерде жүрсөң да,
Колхозумду сыйлай жүр.
Колхозчунун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр.

Ашепке айткан сөз жаман,
Акылга салып ойлосоң.
Алдыңа түшүп бийлейин
Акердеон ойносоң.

(Маймак аккордеон ойноп, берки экөө бийлеген бойдон чыгып кетишет)

2-СҮРӨТ

Башкарманын мекемесинин алдындагы аянт. Узата жасалган орундуктун ортосунда башкарма газета окуп. Такыр кылмышкер сыяктанып башын жерден албай олтурат.

Б а ш к а р м а. Туура жазылган. Акыйкаттан баш тартууга болбойт. Сөзү курч, сөзү курч. Буга ким айыптуу? Колхоз башкармасы мен айыштуу. Эмне үчүн мындай болду? Кечээ эле мен — Касым Султаров — колхоз башкармасы районго кандай барыктуу элем. Кеңешмеге барганда алдынкы катардан орун алып, райондун жетекчилерин түз карачуу эмес белем. Эми алардын жүзүн кантип карайм?.. Ой дүнүйө оой... Бул не деген кеп я? Такыр мырза, «Кызыл Кыргызстандын» кечээки санын окудуң беле?

Т а к ы р. Такыр окубай калыптырмын.

Б а ш к а р м а. Сабатсыздыгыңды жойдуң беле?

Т а к ы р. Анча-мынча эле... Такыр жоё алганым жок.

Б а ш к а р м а. Биздин республиканын жаңылыктарын билесизби?

Т а к ы р. Такыр болбосо анча-мынчасын билем. Эмне бизди мактаган газет бар бекен?

Б а ш к а р м а. Ошон үчүн атың Такыр да. Мындан ары бул адатыңды коюп жүр. Ооба, абдан мактаптыр. Угуп тур: *(окуйт)* «Ал гана эмес, чөп чабуу ишинен да артта турат. Жогоруда аталган «Бирлик» колхозу, жазгы айдоо убагында сокосун баарынан кеч жыкты. Колхозду бөтөнчө артка тартып жаткан экинчи бригада. Анын бригадири Такыр Жийдебаев ичкиликке берилип өз ишинен четте калган. Анын айыл чарба шаймандары бүлүнүүдө. Колхоз башкармасы бул ишке кенебестик кылат».

Т а кыр. *(Ызасына чыдабай чүчкүрүп жиберди)* Мен такыр мындай ойлогон эмесмин. Иш жаман экен го.

Б а ш к а р м а. Сени бригадирликтен туура бошоткон экенбиз. Эми баатыр, табельщиктигиңди жакшы аткар. Колхоз иши сага оюн эмес.

Т а к ы р. *(Чүчкүрүп жиберип)* Айланайын башкарма, эми такыр антпейм.

Б а ш к а р м а. Чөп мезгилинен өтүп бара жатат. Эми кыярып апийим жумушу кирип келди. Алдыда иштер көп. Ошентип Нуржанды тостук дечи.

Т а к ы р. Баары түшүнүктүү, ооба, бригаданын ишин оңдоо жөнүндө сөз болду, китеп окуп берди... Ана Кошконмай да келе жатпайбы. *(Шашкан түрдө Кошконмай кирет).*

Б а ш к а р м а. Шашып алыпсыз. Хош, кандай кабар?

К о ш к о н м а й. Жайынча эле. Тиги алиги чечек жиберди эле. Чечек деп коём да, жанагы сельооветтин секретары Майтык... Майтык дөп коём да... Маймак.

Б а ш к а р м а. Ошол балаңар эң эле чыйрак неме экен. Сельсоветтин секретарымын дейби... аны билиш керек эле, ал экинчи бригадага жардам бергиси келет экен каршылык жок. Хош, ал бала эмне дейт?

К о ш к о н м а й. Башкармага айт, Касен колхоз ишине тоскоолдук келтирип жатат. Түндө үлпөт жасап бөкөстерот деген бий бийлешти. Комбайнчы Касенге шегим бар. Башкармага айтып кой дейт.

Б а ш к а р м а. Касендин ким экенин ансыз деле билебиз. Бирөөнүн сөзүн эбиреп-жебиреп ташып жүрчүү адатыңды ташта. Тиги болсо өзү келип айтсын. Качан болуп жүрөт анын үлпөтү.

К о ш к о н м а й. Түндө, тоок бир чакырганда.

Б а ш к а р м а. Анда кандай тоскоолдук? Ойноп күлүп бийлесе, ал колхоз жаштарына куп жарашат. Шаардын бий маданияты жакшы нерсе. Анын эмнесин айттың?

К о ш к о н м а й. *(Уяла түшүп)* Ошону айтам. Ошону айтам деп коём да. Мындан ары айтканыңыз эсте болот. Ана Майтык... Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э... Маймак

өзү да келип калды. *(Маймак кирет)*

М а й м а к. Жолдош башкарма, райкомдон киши келди. Элди жыйнасын, чогулуш болот дейт.

Б а ш к а р м а. Андай болсо Маймак сен жакшы кабарчы экенсиң го. *(Машинанын үнү)* Жөнө тезирек, коңгуроо уруп, элди жыйна. (*Берки экөөнө)* Силер келген кишилерди кетирбей тургула. Мен мейманды тосуп алайын. *(Маймак, башкарма кетет, эшикте коңгуроо угулат).*

К о ш к о н м а й. Тартипке көнгөн эл, биз кет деген менен да кетеби, Такыр! Ошондойбу?

Т а к ы р. Такыр кетпейт. Ана элдин алды келе баштабадыбы... Ой ким келди дейт я? Мен такыр укпай калдым. Райком дейби?..

К о ш к о н м а й. О ыймансыз, Обкомдон дебедиби?

Т а к ы р. Качан? Райкомдон деди.

К о ш к о н м а й. Анан укпай калганың ошобу? Бригаданын иши үчүн сениби... Шашпа балам, бүгүн кошконмай жедирем.

Т а кыр. Чын эле бүгүн эмне болор экемин. Такыр эле сол көзүм тартып кальштыр. *(Ракман аке, Сайкал апа, Касен, Күлжан, Нуржан, Маймактар алдынкы планга өтүшөт, алардын ар жагында эл тобу).*

Н у р ж а н. Менин келгениме жараша чогулуш кубанычтуу болгой эле.

С а й к а л а п а. Кубанычтуу эле болот, айланайын. Кайгынын айлы алыс кетпедиби.

Р а к м а н а к е. Кеп анда эмес, байбичем. Колхоздун кемчилиги жөнүндө айтылууга мүмкүн. Балким сугатың начар деген сөз болор. Менде деле кемчилик толуп жатат. Наяты бир кеп бар...

С а й к а л а п а. Кеп болуп эмне... Такыр баятан бери ушул жерде олтургансыды эле. Билсе ушул билер.

Т а к ы р. Биздин колхоз газетага чыгыптыр. Андан башкасын такыр билбейм.

К о ш к о н м а й. Такырды мактап жазыптыр дейт. Бүгүн мактоосуна кошконмай тийбегей эле. *(күлкү).*

М а й м а к. *(Четке чыга калып).* Чишш... Башкармалар келе жатышат. Колдорунда Кызыл туу... *(баары кубанычта).*

С а й к а л а п а. Кызыл туу деген сөзүңөн жаным айлансын. Ана, айтпадым беле. Колхозго Кызыл туу тиет деген ошол.

Р а к м а н. Кудайым ал кулум деген экен э... Былтыр күзүндө алдык беле?

К ү л ж а н. Кандайча Кызыл туу? Андай болсо биздин ишибиз жаман эмес экен го...

М а й м а к. Мени жектеп каласыңар... Мына мен ак жолтой бекемин? Мен деле бекер жүргөн эмесмин... Жардамыбыз тие жатмак... Кой, чуркап барып аккордеонумду алып келейин.

К а с е н. Шашпа, Маке, эртелик кылар.

М а й м а к. Сенин нээтиң жаман, Касен. Кеттим аккордеонго! *(Чуркап чыгып кетет).*

К о ш к о н м а й. Ороюн чечектин. Чечектин деп коём да. *(Башкарма, райкомдун кызматчысы жана аларга ээрчиген адамдар киришет. Башкарманын колунда — Кызыл туу)* Райкомдун кызматчысы. *(Башкармага)* Ошентип, Райком партиянын бюросунун чыгарган чечнми сизге түшүнүктүү болду го деп ойлойм. *(Ал «ооба» дегендей башын ийкейт)* Андай болгондон кийин 1946-жылдын ийгилиги үчүн алгын! *(Кызыл тууну берет. Эл анын сөзүнүн аягын угузбай, дуу-дуу дей түшөт).*

Б а ш к а р м а. *(Кызыл тууну көтөрө кармап)* 1947-жылдын жазгы айдоосун кеч бүткөндүгүм үчүн... Чөп чабуудан жана эгин орууга камынуудан артта тургандыгым үчүн... Колхоз ишин артка тарткан экинчи бригаданын жана өзүмдүн уятым үчүн... *(Элдин алдына чыгып)* Жеңип алган жеңишимди кайра алдыргандыгым үчүн. Элдик уят, элдик намысым үчүн... колхоз атынан касиеттүү тууну колуман кайра алдырам.

(Кызыл тууну Райкомдун кызматчысына сунат. Ал колуна алып)

Р а й к о м д у н к ы з м а т ч ы с ы. Келечектеги ийгилигиңизди күтөм *(Шарт бурулуп чыгып кетишет. Машинанын үнү. Эл ошол жактан көпкө көз албайт).*

Б а ш к а р м а. *(Абдан капалуу)* Колхозум, колхозчулар... баарың... баарың жер кара... *(пауза)* Баарыбыздын бетибизде элдик уят, элдик намыс турат. Анын себепкеринин бири — мына мен — башкармаңармын. Мага кандай жаза берүү — ал силерден. Көтөр башыңды, колхозчуларым... Кана эмне дейсиңер?..

Р а к м а н. «Кара тоо бирде карлуу, бирде карсыз» дейт, балам. Ага көңүл чөгөт болуунун не кереги бар. Андан көрөкчө намысыбызга келип жакшы иштейли. Алдырган туубуз непаада кайра тиер. Сизге берген жазабыз ушул болсун. Баштагыдай жакшы башкарма болуңуз. Сиз да намысыңызга келиңиз. Бул уят бир гана сиздики эмес, баарыбыздыкы. Ийгиликке сабыр кылмак бар.

К ү л ж а н. Экинчи бригаданын колхозчулары, кана чөп чабыкка аттаналы. Киши башына жүз сотыйдан норма болсун!

Ү н. Биринчи бригадалыктар! Мага ээрчи! Биринчиликти бербейли!

С а й к а л а п а. Менин извийнам уккула, намысты тарттырбайлы!

К а с е н. Азырынча комбайыным ишке кирише элек, андыктан чөп чабыкка даярмын!

Р а к м а н. Сугаттан тышкаркы убактым, кызым, сен үчүн!

Н у р ж а н. Мына, дем алыштагы окуучу кыз мен да сиздер менен. *(Эл жумушка аттанат. Баарынын колунда бирден чалгы. Сценанын арткы жанынан алардын чубап өтүп кеткен элеси. Бул убакта аккордеонун алып Маймак кирет. Ал ойноп жиберейин дегенде).*

Б а ш к а р м а. Коё тур алдакынды. Анын мезгили эмес. Деги сен шойкомдуу жигит окшойсуң. «Кесепеттүүнүн кесиринен сакта» дегендей, ушу сенден пайда деле болбос бекен. Уполномочендикти жөн эле койбой...

М а й м а к. Антпеңиз, аксакал. Биз дагы жогорку орунданбыз. Документ бар. Жардам берүүгө даярмын. Мен эмне ушулардан калышат бекемин. Келе мага бир чалгы. *(Ар жактан чалгы алып элдин тобуна кошулат. Элдер чубап өтүп жатканда көтөрүңкү музыка ойнолуп турат).*

Б а ш к а р м а. Колхоздун күчү — толкуган дайра экен го... Ушунча кубатым болуп туруп, башка колхоздордон артта калышым уят эмей эмне? О, журт! Талаага, талаага, талаага... чөп чабыкка, апийимге, эгинге, өзүңдүн байлыгы да *(музыка).* Кулагыма кандайдыр шаң угулат. Келе мага да бир чалгы. Карагыла ана!
Ана! Экинчи бригада тобу!

II А К Т

3-СҮРӨТ

Чөп чабык. Алыста машиналардын үнү. Экинчи бригаданын адамдары сценанын алдынкы планынан чалгы чаап жаткан караандарын көрсөтөт. Булар бир сыйра өткөндөн кийин (Касен көрүнбөйт) өзүнчө чебелектеген Нуржан энеси Сайкал апанын жанына барып:

Н у р ж а н. Апа, чалгыңызды мага бериңизчи, мен да чаап көрөйүн. Сиз бир аз тыныгып алыңыз.

С а й к а л а п а. *(Маңдайынан терин арчып)* Кой, кызым, кой, менин атымды извийна дейт, кокус нормамды аткара албай калсам уят болот. Башканыкын ал. *(Энеси чалгы шилтеп көрүнбөй калат).*

Р а к м а н. *(Чалгысын салмак менен шилтеп)* Э кызым, бул эмне деген туруш... Чалгы жок беле?

Н у р ж а н. Сен чөп чапканды билбейсиң, бригадамдын чалгысы саналуу, сындырып коёт деп эжекем бербей койду.

Р а к м а н. Анысы да туура. Чапкандын да ыгы бар, кызым, мына үйрөнүп ал. Жүз сотый деген ушинтип эле бүтүп калат. *(Чаап баратат).*

Н у р ж а н. Атаке, сиз эс алып алыңызчы, мен чабайын...

Р а к м а н. Эс алууга эрте, кызым. Чаба турган нормамды бүтүрөйүн. Шашпа, күтө тур. *(Ары кирип кетет).*

Н у р ж а н. Акындар айткандай: «Колхоздун көз жетпеген түздүгүндө, ушинтип чөп чапкан кез кандай ракат». Ата-энемдин кыялдарына жараганда, эмгектин кызыгы баладан артык экен го. Мага чалгысын берген кишинин маңдайынан бир өбөр элем. Мен дагы үйрөнүп алсам, бир өнөргө жетишкен болом. *(Кошконмай менен Маймак чалгыларын шилтеп келе жатышып токтоп калышты)*

Нуржан. *(Саатын карап)* Он беш мүнөттөн кийин экинчи бригада дем алып тамактанышат. Убакыт бар, Кошконмай жеңе, беш мүнөжө мага бериңизчи, солду бир айланып келейин.

К о ш к о н м а й. Апээй кантет... Апей кантет деп коём да. Эми араң кызып алганда, колдун кызуусун кетиресиң го, кызыке. Коё тур, солду бүктөй коёюн. Эй Майтык, өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э, Майтык деп коём да, Маймак... Чапканды көрүп ал... *(Чалгысын салмак менен шилтеп ары кетет).*

Н у р ж а н. *(Маймакка жакындап)* Маке, сол башына бир эле чыгып берейин.

М а й м а к. Нуржан карындаш, сенден аяган жан курусун. Чалгы сенден айлансын. Сага айта турган менин бир өтүнүчүм бар. Анан сол башына он жолу чыксаң да мейли.

Н ур ж а н. Сөзүңүз жакшы экен. Кандай өтүнүч?

М а й м а к. Айт эжеңе, кеч эмес, жаңылышын түзөсүн. Касенден колун үзсүн. Баары бир эжеңди уят кылат.

Н у р ж а н. Түшүнбөйм. Эмнеге жаңылат? Эмнесин түзөсүн? Кандай уят?

М а й м а к. Сөз сүйүү жөнүндө бара жатат... Нуржан карындаш.

Н у р ж а н. Ах сүйүү жөнүндөбү? Бир акындын мындай деген сөзү бар:

«Жайкы күн колхозчунун жарпын жазса,
Ысык-Көл шарп-шарп этип көбүк чачса,
Мен минтип чалгыңызды жеңил шилтеп
Жашыл чөп шарт-шарт этип кулап жатса.

(Маймактын колундагы чалгыны алып бир-эки шилтегенде)

М а й м а к. Эхее... амалдуу кыз экенсиң. Чалгы берилбейт, андай болсо... Сүйүү андай болбойт... Сүйүү андай болбойт.

Н у р ж а н. Мындан артык да сүйүү барбы?

М а й м а к. Андай боло турган болчу боло турган болчу болсо... тигине эжекең келип калды. Ошонукун ал! Экөөбүз чабышалы. Кимибиз кыйын экенбиз. Ойбоюна койбой жатып сурап ал. Кап аккордеонумду ала келбей. Карачы чөп чабыктын көркүн: *(Ырдап)*

Сельсоветтин секретары...
Же,
Секетим аман жатабы,
Күкүшжанга таарынган
Же;
Басылды бекен чатагы... *(Ары кирип кетет).*

Чалгысын ийнине салып Күлжан кирет, анын жанында табелыцик Такыр бар.

К ү л ж а н. Биринчи бригада дагы эле алдыда дечи. Саздак жердин чөбүн бүтүп

жибериштиби? *(Өзүнүн бригадасын карап)* Биздики жакын эмес.

Т а к ы р. Биринчи бригада такыр бүтүп жиберди. Силердики да такыр жаман эмес.

К ү л ж а н. Бул звенонун бүгүнкү нормасы кандай?

Т а к ы р. Бүгүнкү чабылган жерлерге караганда... *(Сөзүн бүтө электе)*

Н у р ж а н. Эжеке, чалгыңды мага берчи, Маймак менен чабышып көрөйүн. Коркпой эле кой, сындырып эмне... *(Колунан алып ары кетет).*

Т а к ы р. *(Сөзүн улап)* Сайкал сексен сотый, ага көмөктөшүп жүргөн Ракман акеники токсон беш сотый, Кошконмайдыкы жетимиш сотый, Маймактыкы эсепке кирбейт, он сотый... Шайырдыкы алтымыш сотый жана башка... Негизинен орточо. Мындайча айтканда такыр жаман эмес.

К ү л ж а н. Эсиңде болсун Такыр, биринчинин эмгегин жебе. Таж жаз.

Т а к ы р. Такыр жебейм, Күкүш...

К ү л ж а н. Андай болоо... *(Кыйкырып)* Нуржан, апкел чалгыны... *(Ары жактан: Баратам деген үн. Күлжан ошол жакты карап)* Нуржаным жеке гана агитатор эмес, ал сонун колхозчу тура. Мына, үйрөнөт деген эле ушул... *(Алыска кыйкырып)* Шайыр апа, иш илгери!.. Иш илгери!.. *(Алыстан: «болсун! болсун!» — деген үн)* Үчүнчү звеного барып көрөйүнчү. *(Ары басып кеткенде, тең чамалаш Нуржан менен Маймак көрүнөт. Чалгысын шилтеп келе жатып чочугандай тура калды. Ал атайы чалгысына доо кетирип, чалгысын көтөрө калып).*

М а й м а к. Олдо соолгурдуку ай э... ташка тийген экен э... Жарака кеткен тура. Эми эки шилтөөдөн калбайт. Эчтеке эмес боло берет... Коё тур, мунун айласы мына минтип табылат. Нуржан мөрөй сеники, кичи пейилдүүлүк кылып бир чөйчөк айран.;. *(Аягын айтпай)* Каным кургап бара жатат.

Н у р ж а н. Ошондой де. Азыр... *(Чуркап кетет... Маймак чалгысын алмаштыра коёт. Нуржан айран сунат. Ал жутуп жиберип).*

М а й м а к. Кана эми эр болсоң жетип ал, Нуржан. *(Экөө чалгы шилтеп бара жатат. Күлжан кайра кирип).*

К ү л ж а н. Болду эми Нукеш, өзүмө бер. Азыр тамактанабыз. Ага чейин эки үч шилтеп калайын... *(Бул мезгилде шаңгыр эткен чалгы сынды. Нуржан ордунда туруп калат.)*

К ү л ж а н. Эмне болуп кетти? Чалгы сындыбы?..Бул кырсыкко, катыгүн. Охо... тең бөлүнгөн тура... *(Нуржандын шагы сына түшөт).*

Н у р ж а н. Эжеке... эжеке...

К ү л ж а н. Сага кандай эжеке?.. Көз көрүнө жолто кылбадынбы...

М а й м а к. Ошондой болмок дегем. Күдүшжан бригадаңыздын иши оңолот белем... Башкармага берген убадаңыз кана?.. *(Акырын чыгып кетет).*

К ү л ж а н. *(Алыска кыйкырып)* Узата бергиле, узата бергиле! Тамак аш үстүндө болсун! *(Нуржанга)* Билесиңби Нуржан, ар бир мүнөт саналуу. Ар бир сынган чалгы, ал кырсык! Чөптүн мезгили өтүп бара жатат, анын артынан апийим, анан эгин оруу! Арпа башы түшүп бара жатат. Күн ысык.

Н у р ж а н. Эжеке... эми кандай кылабыз... Чалгыга киши жибериш керек.

К ү л ж а н. Күндүк норма бүтпөй калат деген ошол. Чалгыга барганча качан. Мына Маймак кетти. Анан сугатка атам кетет. Кошконмай болсо нормасына жетпей калды... Ошентип иштин башталышы көп дурус болбойт. *(Башкарма менен Маймак кирет).*

Башкарма, Ишиңер илгери болсун! *(Айтканыңыз келсин! — деген үн).*

М а й м а к. Болгон кемчиликтерди айтуу менин милдетим, аксакал. Нуржан албетте жакшы агитатор, бирок иштин жайын билбейт. Күлжан болсо өкмөттүн маанилүү ,ишине тууганчылык менен карайт. Күнүнө бирден чалгы сынып олтурса, канча иш токтойт. Кайран гана чалгы ай. Болот эле да... *(Кармап көрүп башкармага берет).*

Б а ш к а р м а. Машина жүрбөс жерге чалгы устарадай эмеспи... Эч нерсе эмес, иш чыгашасыз болбойт. Ошенте, ошенте оңолуп кетет. *(Маймакка)* Анын эмнесине мага чаап бардың? Экинчи бригаданын бүгүнкү нормасы начар, бирок эртең жакшы

болоруна көзүм жетет. Ошондой болсо да Күлжан сен этият кыл. Ар бир чалгынын сыныгы ар бир мүнөттүн бошко кетиши, колхоз ишин артка тартат. Бул жөнүндө сизге уялууга туура келет. Кана токтолгон ишти сүрөп жиберели. *(Алысты карап)* Комбайнын иреттеп коюп Касен да келе жаткан экен. Э Касен, бастыр. «Кары келсе ашка, жаш келсе ишке» деген. Аттан түш, Күкүштү сүрөнгө алалы.

К а с е н. *(Жайдак аттан ыргып түшүп)* Башкарма аксакал менен чалгы шилтешип көрөлүчү. *(Бери басат. Эл иште. Маймак колундагы чалгысына байкатпай доо кетире коёт).*

Б а ш к а р м а. Кана жигиттер, кана келиндер баштайлык! *(Чалгыны алып топко аралашат).*

К а с е н. Келе Маймак чалгыңды. Сен чарчап калган көрүнөсүң.

М а й м а к. Абайлаңыз, сынса доом бар. Бирдеме болсо анан дагы мени жектеп жүрбөгүлө!

К а с е н. Чалгы менен чоңойгонбуз. *(Колунан алып)* Кеттик эмесе! *(Бир аз шилтей бергенде, чалгы шаңгыр этип экиге бөлүнөт).*

Б а ш к а р м а. Күлжан, сенин бригадаңда кырсык бар го... Иш болбоду го... Охо, Касеним сен да жарабадың... Чалгыга олдоксонураак экенсиң э... Бул жамак иш болду го. Маймак айткандай күнүнө экиден чалгы сынып олтурса... Ишиң жаман, бригадирим, ишиң жаман. Аңа бороон да көтөрүлүп чыкты. Көл да толкуй баштады. Күндүк нормаң караандабай калды белем. *(Бороон күүлдөп, көлдүн шарпылдаганы угулат).*

М а й м а к. Ошону айтам. Мени да уга жүрсөңүз, аксакал... Демек экинчи бригададан мындан башка бекер меймандарды алыстатуу керек. Колхоз ишин ар ким кармай бңрүү жарабайт. Ар адам өз милдетин билиш керек. Кырсыктын чыгышы мына ошондон. Ичикий, бороон боло баштады, жүрүңүз, аксакал, кетели.

Б а ш к а р м а. Нуржан, агитаторлугуңду жүргүзө бер. Касен, комбайныңды иретке келтирип, даярдана бер. Эгин орогу алыс эмес. Ракман аке, сиздин сугатыңыз бүтө элек. Баса дагы бир айтыла турган сөз, сүйүү деген нерсе, Касен сизге айтам, ишке тоскоолдук кылбагыдай болсун. *(Бороон күчөй баштайт)* Бороон ого бетер күчөй баштады. Бул да бир кырсык. Быйыл жаан аз, бул экинчи кырсык. Экинчи бригаданын кырсыгы баарынан күчтүү кырсык. Бороон, бороон, бороон... Бул эмне деген мезгилсиз бороон... Апийим мындан, эгин мындан... бороон... *(Жакасын көтөрө тартып катуу басып кетет).*

М а й м а к. *(Жакасын тиштеп, кыт-кыт күлүп)* Бул кандай мезгилсиз бороон. *(Күлжанга)* Күкүшжан, Касендин пайдасын көрдүңбү... *(кыт-кыт күлүп)* Нормаңды бүтүрүшүп бердиби... *(Кошконмайга)* Каап аккордеонду ала келбей... Бороон... бороон... бороон... жүр, кетелм үйгө.

К о ш к о н м а й. Э үйүң менен кургур. Үйүң менен кургур деп коём да. Жетимиш сотуйду кантип үйгө алпарам. Кете бер өзүң. *(Бороон күчөйт, күн жаркылдайт, чалгы көтөрүп кетип жаткан элдин карааны).*

К ү л ж а н. Үйгө кетмей жок. Катуу башталган бороон бат басылат. Басылганын күтөлү... Кетпегиле, менин бригадам! Токто! *(Аябай сына түшүп, капалуу туруп калган Касенге башын жөлөйт. Муңайыңкы... Көлдүн шарпылдаган толкину угулат. Бороон сокту. Бир аз паузадан кийин)*

К а с е н. Бороон эми тоскоол кыла албайт. Нуржан, капалык болбосун, экөөбүз кайра баштайлы. Ал чалгыны колго, ат аягынан жаңылгандай нерсе. Сынган чалгы кайра сынбайт. Тулпар мүдүрүлбөй чуркабайт. Ээрчи мени Нуржан, мына мындай чабабыз! *(Экөөнүн чалгысынын үнү. Кайра көтөрүлгөн эл... Чөп чапкан машинанын үнү).*

К ү л ж а н. Сенден жаным айлансын, бригадам. Жаным айлансын. *(Бороон, көлдүн шарпылдаган толкуну).*

4-СҮРӨТ

Күн батар мезгил. Колхоз кыштагы. Чоң ак тамдын алдында тараза. Нуржан экинчи бригаданын колхозчуларынан апийим өткөрүп алып жатат. Алыста апийим талаасы.

Н у р ж а н. *(Таразадагы апийимди көрсөтүп)* Апийимдин ар бир грамы коомдун пайдасына, өлкөбүздүн керегине кетет. Бул эң керектүү жана эң кымбат нерсе! *(Таразасын карап, аны тууралап, кабыл ала баштайт).*

С а й к а л а п а. Чөбүн куда кааласа бүтүп салдык. Апийимди бүгүн аяктайбыз. Кызымдын абийри, менин абийрим эмеспи. Мен жана бир кило өткөрдүм беле? Мына бул да эки жүз грамча болот. *(Нуржан тартып жатат).*

М а й м а к. Митайымдык, өкмөткө карасанатайлык кылуу болбосун. Кээ бир адамдар апийимди кырып бара жатып, кокососунан илип алып жалбыракка бүктөй коюп акырын ыргытып жиберет дейт. Мындайлар башы менен жооп берет. Контролдук менин мойнумда.

К о ш к о н м а й. Биз дале каран жүргөнүбүз жок! Ме, кызыке, килосуна жетип калгай эле... *(Таразага тартып жатат).*

К ү л ж а н. *(Кирип келип)* Күн кечтеп калды... Чөп чабыктан биринчи болдук, апийимди кыруудан да ошондой бололу. Арпада орок күтүп калды. Бүткөнүн районго жөнөт, Нукеш. *(Бирөөлөр алып кетип жатат. Күлжан ары кетет. Нуржан өз иши менен алек).*

М а й м а к. *(Кошконмайды бөлүп чыгып)* Баягы кырк амалың кана, жеңе? Ошону колдонбосок болбойт. Иш катуулап алды... Эмне кылам, жеңе?

К о ш к о н м а й. Эмне кылаарыңды кайдан билем, чечек? Чечек деп коём да. Той болсо, той жейбиз. Тойдон мурда кошконмай жейбиз.

М а й м а к. Жок, аны айтпайм, жеңе. Касенге өптеп бир амал колдансомбу дейм. Экөөмүң тоюна кесепет кылсамбы дейм.

К о ш к о н м а й. Ал эмнеси экен. О арам Майтык десе. Майтык деп коём да.

М а й м а к. Бери кара, Кошконмай жеңе. Эмгегиңди эске алармын. Ме мына муну Касендин чөнтөгүнө салып кой. Ичин ачпа. Бул жакшылыгыңды өлсөмда унутпайм.

К о ш к о н м а й. Ал эмнеси экен арам десе. Келе, салбаганда эмне.

М а й м а к. Бирөөнүн жазган каты, чоочубай эле кой. *(Берет, Кошконмай жанына салып)* Акыма эмне бересиң?

М а й м а к. *(Жанын карап, чөнтөк саат алып чыгып)* Ме, баягы сураган саатты тагынып жүр. Өмүрдөн бир мүнөт, бир секунд кечтиги жок. Алдаба, өзүм карап турам.

К о ш к о н м а й. *(Кулагына салып)* Үнүңөн, үнүңөн. Деги эле үнү таза экен. Жарайт, бар, бара бер. *(Тиги кетери менен саатын жанына салып:*

Кайсы жерде жүрсөң да
Колхозумду сыйлай жүр,
Колхозчунун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр

деп ырдап, анан жанагы Маймак берген кагазды акырын ачып көрүп аябай чочуп) Апий, балакет! Балакет деп коём да. А чечек, Майтык... бооруңа чечек чык... Апийим берген тура... О оңбогон шүмшүк. Шүмшүк деп коём да. Муну мен Касендин чөнтөгүнө салсам, байкуш Касеним ак жеринен күйсө... Анын убал-сообу кимге? Анда комбайнды ким чабат? Өлүгүңдү көрөйүн чечек десе! Чечек десе деп коём да. Жок. Жок, Кошконмай жеңең мындай ишке баспайт. Рас болду нормомо кошуп коёюн. *(Ары басат да Нуржанга өткөрөт, анын жанында ар кишинин бергенин жазып олтурган Такырга)* Ач Ікөзүңдү, муну да мага жаз! *(Маймак таразанын жанына барып ал да өткөрдү).*

М а й м а к. Бери бас ой, Такыр, кеп бар. *(Такыр басып келди)* Жаңылбай жаз, бир

грамм үчүн жоопко тартыласың... Нуржанды байка, таразага бирдеме иле койбосун... *(Бирдеме деп шыбырады).*

Т а к ы р. Жок, такыр андай эмес. Жаңылышасың.

М а й м а к. Күлжан канчаны берет эле?

Т акыр. *(Кагазын карап)* Сегиз жүз грамм.

М а й м а к. Сен бир кило деп оңдоп кой, жакшы болот.

Такыр. Такыр антүүгө болбойт. Колхоздун кусуру урат.

М а й м а к. Сайкал апаныкы канча?

Такыр. *(окуп)* Туура бир кило жана эки жүз грамм.

М а й м а к. Бир төрт жүз деп оңдоп кой.

Т акыр. Такыр антпейм, ак кишинин абийири урат.

М а й м а к. *(Күлүп)* Ой шайтан ой... Такырым балакет тура. Баятан бери сынап жатса... Азамат экенсиң, баракелде... *(Арак алып чыгып)* Мындан кылт эткизип койчу.

Т а к ы р. Такыр ичпейм. Бригадирликтен түшкөндөн кийин койгом.

М а й м а к. Мына, анык адам болгон турбайбы. Менин сынап айтканымды эч кимге айтпа.

Т а к ы р. Такыр айтпайм.

(Алыстан коңгуроонун үнү угулат)

М а й м а к. Апийим бүткөн экен. Бул үйгө тароонуш белгиси эмеспи... Жүр эмесе кайталы... *(Кете баштаганда Күлжан менен Касен кирет).*

К а с е н. Эки күндөн кийин комбайным экөөбүз тээтиги мелтиреген түздүктө, акырын кайкып жүргөн болобуз. Эң мурда экинчи бригададан баштайбыз, анткени силердин кубанкаңар эрте бышыптыр.

К ү л ж а н. Биздин сыналуучу күндөр алдыда жатат. Чөп менен апийимди башкалардан эрте бүтүшүбүз, бизди толук кубандыра албайт. Ошондой болсо да иш жаман эмес.

Н у р ж а н. *(Таразасын иреттеп, асты үстүн карап, эч нерсе коюлбагандыгын көрсөтүп, Такырга өткөрүп берди да, булардын жанына басып келди)* Акыркы алынган кабарга (караганда, экинчи бритаданын иши саал оңолду менен бирге. Эжекем менен Касен абамдын... аржагы эмне эле... *(күлкү).*

К а с е н. Сүйүү эки түрлүү болот. А дегенде катуу болгон сүйүү бат муздайт. Ал эми акырын башталган сүйүү уламдан улам кайнап, толкундап, оргуштап, ташкындап олтурат. *(Бул мезгилде таразанын ээндигинен пайдаланып Маймак бир нерсе байлап кетти).*

Н у р ж а н. Соңку алган кабарыма караганда... түнкү саат он бирде, биздин үйдө Касен абам менен эжекемдин эмнеси болмок эле?.. *(күлкү).* Мен даярдана берейин... Ошондой эмеспи?.. *(Күлжан «Ооба» дегендей башын ийкейт. Нуржан кетет. Эл тарап сцена ээндикте)*

К ү л ж а н. Бүгүнкү үлпөт, биз той деп эсептейли. Кыргызча айтканда ата-эненин астына түшүү болсун.

К а с е н. Менимче, ошондой. Улуу той эгинди бүткөн учурга калсын.

К ү л ж а н. Ооба, Касен, эң мурда колхоздун эгин планы бүтсүн. Экинчи бригада биринчиликти алсын. Сүйүү — колхоздун жумушунун ийгилигин күтсүн. Эң мурда колхоз сүйүнсүн, анан биз сүйүнөлү. Айтчы, Касен, сүйүү деген эмне?

К а с е н. Сүйүү деген айтылбай турган нерсе. Аны канчалык көп айтса, ошончолук күчү кетет. Биринчи көргөндө «сүйөм» деш — ал сүйбөгөндүк. Сүйүүнүн жүрөктө жүргөнү жакшы. *(Экөө акырын басып бара жатканда Маймак менен Кошконмай көрүнөт. Маймактын шилтөөсү боюнча, Кошконмай бөкчөңдөп калды. Касендин чөнтөгүнө бирдеме салгандай болду).*

К ү л ж а н. Болсо болор. Менимче сүйүү деген — көзгө көрүнбөй турган, кыздай жароокер, көлдөй жоомарт, күздөй күрдөл, күндөй жылуу... таттуу нерсе...

К о ш к о н м а й. *(буларга кошулуп)* Я... таттуу нерсе? . Менин кошконмайымды айтасыңарбы? *(Күлгөн боюнча чыгып кетишет).*

М а й м а к. Кайран Кошконмайым десе, оңой эмес. Чын эле кырк бир амалы бар. *(Ары жакты карап)* Баш-карма өтүп бара жатат... Кокуй жетейин... *(Бир аз паузадан кийин башкарма менен Маймак кирет)*

Б а ш к а р м а. Иш жаман эмес. Экинчи бригада намыска келди белем. Биринчи бригадалыктар да артта калган жок. Быйыл мал жааты да жаман эмес. Бир гана коркунуч кургак бороон күчөп, жамгыр аз болду. Э жаратылыш, марттыгың чын болсо бир куюп кетегөр. Булар чөптү да, апийимди да бүтүштү. Хош, Маке, кеп ошондой де?

М а й м а к. Билген ишти айтып туруу, милдетим деп ойлойм. Аксакал, айтууга оозум барбай турат, кулагыңызды тосуңузчу? *(Тигил кулагын тосуп, бул бирдеме деп шыбырады эле, чоонуп кетип)*

Б а ш к а р м а. Эмне дейт? Өзүм көрдүм? *(Маймак дагы бир деме деп шыбырайт)* Чөнтөгүнө? Анын эмнесин шыбырадың? Ачык эле айт. Ким? Ким дедиң?

М а й м а к. Касен!

Б а ш к а р м а. Касен? Кантип эле?

М а й м а к. Кудай урсун! Өзүм көрдүм, аксакал. Барып текшерип көрсөңүз да болот.

Б а ш к а р м а. Бул эмне деген наадандык? Касен билими бар жигит эле го? Кандай болуп кетти? Бул эң төмөнкү иш эмеопи? Кандайча мындай? Биздин колхоздо эч качан мындай окуя болгон эмес. Уят иш, акылдуулар кылбай турган иш. Эң майда иш. Эң арзыбай турган иш!

М а й м а к. *(Таразаны көрсөтүп)* Муну караңызчы... *(Башкарма басып барды).*

Б а ш к а р м а. Ой бул жаман нерсе го... Беш тыйындыктан төрттү байлап коюптур. Бул эмне деген жорук? Таразачы ким эле?

М а й м а к. Алиги... окуучу кыз... Нуржан.

Б а ш к а р м а. Касен менен Нуржанды кудай урган го. Бул саясы тилде контрабандалык деп эсептелет. Бул иштин түйүнү чоң. Кайда кетти ала... Жок, ашылуунун кереги жок... аябай талдаш керек... Тарт бери аттарды! *(Маймак эки ат алып келди)*

М а й м а к. Туп туура районго! Тиешелүү уюмдарга!

Б а ш к а р м а. Жок, айылга. Бул иштин негизи ,терең... Эң мурда өзүбүз текшерели. Айылга, эң мурда өзүбүз бүтүрөлү... Анан районго... Айылга... Ракман акенин үйүнүн бери жагына... Касендин үйүнүн тушуна... Эң мурда айылга, Айылга!

(Аттардын дабырты).

III АКТ

5-СҮРӨТ

Ракман акенин үйү. Электр жагылган. Чоң үстөл үстүнө аш-тамактар коюлуп, үйдүн ичи шаарлыктарча жасалган. Анын астында кеңирээк бийлөө аянтчасы. Башкармадан башкаларынын баары ушул жерде.

К а с е н. Социалисттик колхоз деген ушул. Жаркыраган электричество, жадыраган токчулук. Заңгыраган төрт бөлмөлүү үй. Өскөн колхоз, таза кийинген эл. *Т*азалык, соолук!

К ү л ж а н. Сиз гана костюмуңузду жаңыртпагансы: Мен тарабымдан эскертүү.

К а с е н. Убакыт болгон жок, айып менде.

С а й к а л а п а. Балдарым, ойноп күлгүлө. Көңүл ачкыла. Бийлегиле, бизди караңгы колхозчу экен деп ойлобогула. Уялбагыла. Маймак балам тартынба, алдыдагы үмүттөн кайтпа.

Р а к м а н. Эй байбиче, өз ишиңди бил. Экөөбүз кубанчуу күндөр али көп... Алар

алдыда:) Маймакты өз жайына кой. Маалым болбодубу. Ал эми үмүтүн үзсүн. Куда кааласа жакында той жейбиз. Бул башталышы дейт тура. Кел мобул кымызыңды жутуп жиберели. Жаштарды өз эркине кой, киришпе!

Н у р ж а н. *(Жай башкарып)* Кана, музыка! *(Оркестр «Вальс» ойнойт. Бийлеп өтүп жаткан кыз-жигиттер. Маймакты бери алып чыгып)* Алда, Макем ай э... ушул убакка чейин «Вальс» бийлегенди билбейсиң. Карачы, колхоз жаштары канчалык өскөн. Сен артта калгансың. Мындай карма, мындай бас... *(Бийлеп кетишет).*

К о ш к о н м а й. Ой Такыр, деги жигит болуп көрдүң беле. Элден калбай кыймылдасаң боло.

Т а к ы р. Такыр жигит болуп көргөн эмесмин. Бийлегенди билбейм.

К о ш ко н м а й. Кошконмайды кандай жээр элең. Бери бас, биз элден кем бекенбиз. Бүкчүйүп картайбай, койкоюп жашар. Музыканы ук, мындай бас. Ап бали... кайран Такырым... *(Бийлеп кетишет).*

Р а к м а н. *(Бери чыгып)* Күндүн жаабай турушу гана азыраак жүрөгүмдү өйүп турат. Антсе да ишибиз ордунда. Кел байбичем, балдар капа болбосун, биз дагы тайтаңдайлы. Мындай бас, ап бали... Баракелде... *(Булардын буту келбейт, өздөрүнчө алек болуп жатканда башкарма кирет).*

Б а ш к а р м а. Тоюңарга той, күлкүңөргө күлкү! *(Музыка акырын ойнолот)*

С а й к а л а п а. Той деле эмес айланайын, колхозчулук экен, анчейин бүткөн иштин салтанатына ойноп күлмөй...

Б а ш к а р м а. Аныңар жакшы, каршылык жок. Бирок бүгүнкү үлпөтүңөрдү башка күнгө калтырууңарды сурайм.

Н у р ж а н. Кандайча, аксакал? Түшүнбөй калдым.

Б а ш к а р м а. Түшүнөрсүз, иштин орчуну ошондой. Ар нерсенин орду бар. Токтолсун бийиңер?!

К а с е н. Айып этпеңиз, жолдош башкарма, эгер андай болсо...

Б а ш к а р м а. Андай болсо... андай болсо... Үлпөтүңүздөрдүн болушу да, тарашы да сизден. Токтолсун музыка! *(Эл тарап, музыка токтолот).*

Р а к м а н. Эмне болуп кетти, айланайын башкарма! Андай деле эмес чыгар дейм.

Б а ш к а р м а. Кандай экенин көрө жатасың, Ракман аке. *(Маймак келип башкарманын кулагына шыбырады)* Касен бери бас, Нуржан сиз да. *(Булар келишет).*

М а й м а к. *(Башкармага)* Оң чөнтөгүндө, оң чөнтөгүндө болчу. Балким, үйүнө катып келгендир.

Б а ш к а р м а. Алдыңарда мен, өзүңөрдүн шайлап алган башкармаңар, жаныңарда өз бригадаңардын адамдары. Ак дасторкон, жарык үй. Колхоздун наны, колхоздун тузу, Касен мени түз кара. Бая чөнтөгүңө эмне салдың? Кайда кеттиң? Түз айт! Колуңду булгаба!

К а с е н. Чөнтөгүңө салдың? Кайда кеттиң? Эмнени? Түшүнө албадым, жолдош башкарма.

М а й м а к. Мен көрбөй коюптурмунбу? Кошконмай жеңем билбей коюптурбу? Э анткорсуганын байкаңыз. Оң чөнтөгүндө эмне бар эле?

К о ш к о н м а й. Ооба, ооба, рас айтат Маймагым. *(Касен чөнтөгүнө кол салды да, кагазга оролгон бир нерсени алып чыкты).*

М а й м а к. Дал өзү, дал өзү... Ката албай калган экен. *(Тургандардын баары карайт. Башкарма колуна алат да, акырын ачат. Кагаздын ичинен баягы чөнтөк саат чыкты. Баары таң калып туруп калды).*

К о ш к о н м а й. Ооба, өзү, өзү... Өмүрдүн бир мүнөт, бир секунтунан кечтиги жок. *(Кулагына салып)* Үнүңөн айланайын саат. Үнү кандай тунук, кандай таза... үнүңөн... үнүңөн...

Б а ш к а р м а. Айтканың ушул беле, Маймак?

М а й м а к. Жок, башка болучу.

К о шк о н м а й. Башка эмей эле ушунун өзү. Муну Маймак мага берген. Касеним

менен Күкүшжанымдын оюн-кечеси болот дейт, тою болот дейт... дей угуп эле менин кошкон кошумчам болсун деп көрсөтпөй чөнтөгүнө салып койгом. Аял дегендин ичи тар болот, көрүнө берсем дагы жаман ой кетеби дөп эле...

Б а ш к а р м а. *(Маймакка)* Сен бала, жөн жүрбөгөн неме окшойсуң. Кайдагы майда-чуйда нерсени тоодой кылып ушактайсың. Менин колхозума келген бир кыр-сык окшойсуң. Экинчи бригаданын иши сенсиз деле бүтүп жатат. Көзүмө көрүнбөчү, айланайын...

М а й м а к. Сабыр кылыңыз, сабыр кылыңыз, аксакал. Касен жөнүндө го айтканым ушак болсун. Маакул дейлик... Бул жерде Кошконмайдын амалы болул кетти...

Б а ш к а р м а. Кандай амал? Сөзүңдү ачык айт?

К о ш к о н м а й. А Майтыйган арам десе... Арам десе деп коём да. Эми эсиме түшпөдүбү... Бая.

М а й м а к. *(Анын оозун баса койду)* Тим эле оозуна келгенин айтып жатат. Муну го мен мойнума алайын. Ал эми таразага жол болсун... Таразага ким таш байлаптыр?..

Б а ш к а р м а. Таш эмес, беш тыйындыктан төртөөнү де. *(Такырга)* Сен таразаны өткөрүп алдың беле?

Т а к ы р. Такыр өткөрүп алгам. Баары жазылуу.

Б а ш к а р м а. Бул рас эле ойлонула турган нерсе. Маймак туура айтат. Үлпөтүңөрдү үзгөндүгүмө кечирим сурайм. Касен, Нуржан, Такыр, Кошконмай, менин кеңсаларыма!.. маселени орой көз чарай олтуруп чечишебиз. Мында бир шектүү иш бар. Музыка ойноло берсин, бийиңер боло берсин. *(Башкарма жана айтылгандардык баары кетет. Күлжан көпкө туруп калып).*

К ү л ж а н. Эми кайсы музыка... Эми кандай бий?.. Жок, эч нерсенин кереги жок... Бул кандай түшүнүксүз, уйгу-туйгу болгон иш... Мен эч нерсеге түшүнө албадым.

Р а к м а н. *(Эси оогондой туруп калып, Сайкалга карап)* Нуржаным бирдемеге чалдыгып алган белем... Касенге эмне болду?.. Наяты бир болгон жалаа го... Ким билсин... *(Сырт жакты карап)* кара булут айланып калыптыр. О жараткан, кана эми марттыгың чын болсо бир куя көр...

С а й к а л а п а. Ой, дүнүйө ой... Эмне болуп кетти... башкарманын ачуусуна караганда, бир чатак бар го... Айтпадым беле, Маймак эле дурус, Касениңдин иши чатак... Эми комбай кандай болот. Күкүшүмө уят келет экен го. *(тыңшап)* Ана жамгыр шатырап келди...

К ү л ж а н. *(Терезенин жанына барып алысты карап)* Көл толкунсуз, түн терең... Негедир, негедир жүрөгүм бир нерсеге тыз эткендей болот да, кайра кандайдыр кубанычка жуунат. Балалык күндөр уяң карал, астыдагы өмүрлөр мени кайдадыр ыраак сапарларга ээрчиткенсийт. Алдыдан жалаң гана кубаныч күткөнсүйм. Ооба, болочок өмүр, кандай кең, кандай кызык... Кандай баатыр... Эртеңки күткөн сүйүүдөй, беш жылдыктын жыйынтыгы... Жааган жамгыр, соккон шамал... Алыста, алыста жанган оттор. Кайгырба, ата, кейибе, энеке. Баары, баары жакшылыкка. Ооба жакшылыкка. Жаа, жамгырым, жаа... жаа, жамгырым, жаа...

6-СҮРӨТ

Эгиндин толук бышкан мезгили. Таң агарып атып келе жатат. Бүгүн биринчи ирет комбайн эгинге тиш салат. Алыста жаңы орулган арпалар. Эми эле ишке киришүүгө даяр турган комбайн. Аны чиркеген тракторду арткы дөңгөлөктөрү гана көрүнүп турат. Таңдын үрөң-бараңы менен Маймак чуркап кирди.

М а й м а к. Кетсе кетип деле калам, эмнеси бар экен. Башкарма күрс-күрс этип үшкүргөн болот. Өзүнүн кыраакылыгына салат. Сен колхозго пайда берүүнүн ордуна, кайдагы майда иштерге киришип алып, Касенге карасанатайлык кыласың дейби... Нуржанга жалаа жабасың дейби... Сен сельсоветиңе кайра бар, сендей бузуку кишинин

бизге кереги жок дейби... Касен да таза, Нуржан да таза... Эч уурулук палан-пастан жок дейби... жана башка... жана башка... Рас, мен олдоксондук кылдым. Ошондуктан кечээки ишим үчүн өзүм жоопко тартылган турам. Рас, менин максатым эптөп-септеп Күлжанды боюма имерип, аны аялдыкка алуу эле. Мен анын бригадирлигине кызыкканым жок, анын байлыгына, оокаттуулугуна кызыктым. Күлжан эң дөөлөттүү неме. О, иш ордунан чыкпай калды, өзүм катуу согулганы турам. Күлжан эми меники эмес, Касендики. Ошондуктан эмне кылам? Кур кетпей комбайндын бир жөрин билгизбей буза кетейин. Аз да болсо Касенге кырсык болсун. Тишин өгөп коёюн, элегине таш салып кетейин. Эч болбосо бир саатка жүрбөй калсын.

(Бөкчөңдөп чуркап кетти. Өзүнчө аракеттене баштады. Бул мезгилде колдорунда ороктору бар Күлжан, Кошконмай, Такыр кирет)

Т а к ы р. Мен аны такыр билбей калыптырмын. Күндө таразаны катып жүргөн жаным, кашайып такыр унутуп калыптырмын, бир балээ кылган экен да, шайтан.

К о ш к о н м а й. Оңбогон гана чечек. Чечек деп моём да. Ушундай неме экен э... Ал мени алдайм деп ойлоду окшойт. Кырк бир амалымды кайдан билсин. Жашырганым жок, башкармага айтып бердим.

К ү л ж а н. Маймак окшогон кытмыр, арамза, ушакчыл, кара ниет майда адамдар кээ жерлерде жүрө берет турбайбы. Алар иштеген ишин өз керт баштарына эсептеп иштейт. Ыргыткан таштары алыс барбайт, колхозго кылган зыяны өзүнөн чоң.

Т а к ы р. *(Санын бир салып)* Атаңдын көрү ий... Эсимен такыр чыгып кеткен турбайбы. Баланчанын эмгек күнүн азайт, баланчаныкын кош деп езгырганы бар эмес беле. Мен такыр болбой койгом. Башкармага айтпай калган турбаймынбы. Бул шылдырт дей түшкөн үн эмне? Бирдеме өгөлгөнсүйбү? *(Комбайн жакты карады. Маймак буларды эми билип жер менен жер болуп жатып калды).*

К ү л ж а н. *(Күлүп)* Эч деле үн жок. Алда учар кулактыгың ай. *(Комбайнга карап, жароокерленип)* Ассолоумаалейкум, комбайн ата! Сага соолук болсун. Мына биздин береке, биздин ырыс! Өзү орот, өзү жыйнайт, анан өзү кызылдайт. Ай, пай, пай, пай күчүңөн, комбайн ата. Бүгүнкү ишиңдин башы менин бригадамдан. Ана, Касендер да келе жатышат.

К о ш к о н м а й. Рас эле жарыктык комбайн. Жарыктык деп коём да. Жарыктык эмей анан эмне. Тулку боюн бир карап өтөйүнчү. Касиетиңен комбай, касиетиңен! *(Булар айлана бергенде Маймак боортоктоп барып эгиндин арасына кире жыгылды. Андан ары чуркай албай сулк жатып калды).*

Т а к ы р. Комбайга жалына бербей, орокко кирели. Аны такыр көрбөй жүргөнсүп.

К ү л ж а н. *(Касендер жакка карап).* Жигиттигиңди сынайбыз бүгүн, Касен. Ал, комбайныңдын буроосун колуңа ал! Кубант бизди! *(Касен, Нуржан, Сайкал, Ракмандар, элдер киришет).*

К а с е н. Комбайным экөөбүз сыныңыздан тайгылбоого тырышалы. «Күчүбүз аз» бир гектарды бир эле айланып коёбуз. Кана жолдош тракторист, айлант дөңгөлөгүңдү. Биздин жаңы штурбал ким эле?

Н у р ж а н. Жаңы штурбал жаңылбасам мен болсом керек. Менин окутуучум сиз болсоңуз керек.

К а с е н. Андай болсо *(Комбайнды көрсөтүп)* ордуңузду алыңыз. *(Тийиштүү кишилер комбайнга чыгат. Трактор моторун жүргүзөт)* Колдо, колхозум, колдо, дыйкан баба! Айда, тракторист! *(Трактор жүрөт, комбайн иштебей калат).*

К а с е н. Эч нерсе эмес, эч нерсе эмес. Боло берет. Айда тракторист! *(Бир аз күркүрөп барып кайра токтоду. Касен өзүнчө бүлүк түшүп)* Кана үчүнчү ирет! *(Комбайн жүрбөй калат).*

К ү л ж а н. Дагы кандай кырсык? Касен, кана сенин жигиттигиң? Кана азаматчылыгың!

Н у р ж а н. Касен аба, мен тарабымдагы буудайды элеген электерде бир бузук бар. Караңызчы. *(Касен карады да, эки-үч ташты алып чыкты).*

К а с е н. Бул кайсы зөөкүрдүн кылганы? Алда колуң сынгыр ай э, таш салып да ойнойбу. Айда эми кеттик алыска! *(Комбайн бир аз иштей баштаганда)*

К ү л ж а н. Токтот, Касен! Буудайлардын баары эле калып жатпайбы. Комбайның чала оруп бара жатат.

К а с е н. *(Карап)* А... комбайндын тишинде кеп бар экен *(Түшө калып карап)* Охоо... зөөкүр эмес эле, анык карасанатайлыкко! Комбайндын тишин бирөө өгөп кетиптир. *(Баары карап жатышат)* Токто, мунун дары-сы оңой. Мен муну бир мүнөттө тилге келтирем. *(Оңдой баштайт).*

Н у р ж а н. Өгөп кетиптир? Мында бирөөнүн колу бар го. *(Комбайндын үстүнөн өйдө туруп карап)* Эки жагыңарды байкап көргүлөчү. Эгиндин арасы бүлк дей түштү. Ойтиш ким. Бирөө чуркагандай болду. *(Нуржан түшө калып, эгинге кирип жок болду).*

К а с е н. *(Оңдоп болуп, тигилер тарапты карап)* Кошконмай оң жагына салды, Такыр жетпей калды. Баракелде Нуржан кармады. *(Элдин уу-дуусу күчөй баштайт. Нуржан Маймакты кежигеден кармап түртүп жиберип).*

Н у р ж а н. Баягы Маймак мырза турбайбы. Көргүлө, жолдоштор, таанып алгыла, бул кадимки Маймак! Бул кечээ эле күнү биздин үстүбүздөн ушак жүргүзгөн, бүгүн көз көрүнө комбайнга кол салган кытмыр Маймак! Айткылачы, биздин арабызда орун барбы мындай кишилерге? Албетте, жок. Жолдош башкарма кече күнү бул Маймактын бетин толук ачкан. Бүгүн биз дагы ачтык.

Р а к м а н. *(Аялына)* Мына көрдүңбү мактаган Маймагыңды!

С а й к а л а п а. О кудай, ушундай неме экен э? Бетиңе наалат, шайтан?

Б а ш к а р м а. Ишиңер илгери болсун. Бул не деген чогулуш? *(Маймакты көрүп)* А... А... Маймак мырза белем. Куру кетпей таш ыргыта кетейин деген экен го, түшүнүктүү... түшүнүктүү. Жана сельсоветтин председатели өзү издөп жүргөн. Эч кандай Маймак дегенди уполномочен деп эсептебегиле, ал бизден бошогон жасалма документ менен жашап жүргөн зөөкүр болсо керек дейт. Буга ишенчектик кылган айып бизден! Колхозум муну да угуп ал. Эмесе ээсине жеткирип бергиле. *(Маймакты алып кетишет)* Жөнөт комбайныңды, Касеним! (*Комбайн күркүрөп жүрүп кетет)* Ап бали, ракмат, Касеним! Баса ушундай эле дейм да. Баракелде, Нуржаным сонун штурбал болгон тура.

К ү л ж а н. *(Кубанып)* Сүйүүнүн эң күчтүүсү — комбайн жана комбайнчым турбайбы *(Үн берип).* Менин бригадам, арпага орок салалы! *(Комбайндын үнү, чабылып жаткан эгин. Элдин элестери. Ошол замат сцена кызыл кырман турган жайга айланат. Комбайндын үнүнө улашкан молотилканын үнү. Кызыл кырман. Үйүлгөн дан. Темин. Кызуу эгин басуу).*

Б а ш к а р м а. Биринчи дан мамлекетке! Ак ниет колхозчулардын ак эмгегин кабыл ал. Ач дарбазаңды, Ата-журт! Биз жөнөткөн кызыл жүктүн көптүгүнө көз жетпей тунарсын. Тарткыла пункутту карай азаматтар! *(Жөнөп жаткан кызыл жүк, кыймыл, кызык жумуш).*

К ү л ж а н. *(Молотилка менен комбайнга карап турбастан теминге басып келди).* Экинчи бригада башта теминиңди.

Күчүбүзгө күч келсин,
Көп түшүмүн күз берсин,
Теминге басып иели,
Буудайдын башы түшпөсүн.

Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Алтын көйнөк күз келсин,

Арбын, арбын күч берсин,
Теминге салып иели,
Арпанын башы түшпөсүн.

Оп майда, майда!
Оп майда, майда!

Оп майда, майда,
Оп майда, майда,
Майда, оп! оп!

IV АКТ

7-СҮРӨТ

Интермедия. Көшөгөнүн алдында Кошконмай менен Такыр. Экөө эки чоң кап буудай көтөрүп келе жатышкан.

К о ш к о н м а й. Эмгек күн былтыркыдан быйыл үч эсе көп тийди. Буудайдан канча алдың, ой Такыр?

Т а к ы р. Ой жеңе, эки жүз кырк пуддан такыр ашыра алганым жок.

К о ш к о н м а й. Меники үч жүз пуд. Картөшкө, алма, мамийдордончу.

Т а к ы р. Аз эле... Миң кило картөшкө, үч араба жашылчадан башка такыр эчтеке алганым жок.

К о ш к о н м а й. Меники эки эсе. Акчалай да опуйттум! А сенчи?

Т а к ы р. Жети миң сомдон башка такыр эчтеке алтаным жок.

К о ш к о н м а й. Ой Такыр, ушу сен «такыр» деген сөзүңдү коюп жүрчү. Деги жаман угулат экен.

Т а к ы р. Мындан ары такыр айтпайм.

К о ш к о н м а й. Мага кошконмай да тийди. Сен акчаңа эмне аласың, я?

Т а к ы р. Чыштай кийинем. Сельпого шибиот кастюм, жибек көйнөк, калпак келиптир!

К о ш к о н м а й. Мен мончосу бар там салдырам. Кел, эми эптеп жетип алалы. Көтөр, Такыр.

Т а к ы р. Атааң көрү ай, экөөбүз бир автомобоз сатып ала турган экенбиз ээ... Баягы ырың кандай эле?

К о ш к о н м а й.

Кайсы жерде жүрсөң да,
Колхозуңду сыйлай жүр.
Колхозчунун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр.

(Чыгып кетишет).

Көшөгө көтөрүлөт.

2-сүрөттөгү көрүнүш.

Ошол эле олтургучта башкарма газета окуп олтурат.

Б а ш к а р м а, Биздин колхоз «Ардак тактанын» башынан орун алган экен. Ал гана эмес «Кызыл Кыргызстандын» баш макаласында аталып кетиптирбиз. Жакшылык бир келсе кырк жеринен келет. Мал да, эгин да, апийим да баары дурус. Мамлекеттин планын ашыгы менен аткардык. Эмгек күнгө дагы эки килодон бөлүүгө туура келет.

Төртүнчү беш жылдыктын экинчи жылдыгы ийгилик менен аяктады. Азыр райкомдон киши келет дейт, ал эмне дээр экен? Жыйналышка камынуу керек. *(Ары жакка)* Коңгуроо кагылсын, эл жыйналсын! *(Коңгуроонун үнү. Башкарма кетери менен, аябай өзгөргөн, костюм, шляпа кийген, сакалын алдырып, мурутун серптирип жашарып алган Такыр кирет. Ал унчукпай келди да олтургучка олтурду. Бир аз паузадан кийин Кошконмай келди).*

К о ш к о н м а й. *(Такырды тааныбай калып)* Сулуу гана келген жигит экен. Бизге окшогон бай колхоздун азаматы го *(карап)* Орус жигит көрүнөт. Өмүрүмдө биринчи ирет тийишип көрсөм эмне болот я? Орус жигиттери эң эле сылык болот.

Т а к ы р. (*Өзүнчө үнүн өзгөртүп)* Бул кайсы таттуу аяш, я?

К о ш к о н м а й. Эй тобарищ, сиз андай кайдан келди? Сиз молодой биздики колхоз келди? Биздики колхоз бай, короший, короший. Сиздики ким? Башкарма?

Т а к ы р. Не понимаю.

К о ш к о н м а й. Хлебим жейт, маканым жейт, кибит жакшы, баранчук жакшы... Биздики баары жакшы.

Т а к ы р. *(Далысын күйшөгөн болуп)* Не понимаю.

К о ш к о н м а й. Биздики план кончил. Сиз кайдан келди? Бажалуста, бажалуста, конок болсо жакшы. Кошконмайым дейт.

Т а к ы р. Ничего не понимаю.

К о ш к о н м а й. А... арам десе. Арам десе деп коём да. Өзү орус жигит болгону менен орусча билбеген неме тура.

Т а к ы р. Мен — Такыр, садагасы кетейин.

К о ш к о н м а й. Ий, арам десе... арам десе деп коём да. Баятан бери сени орус жигит экен деп эле, шатыратып орусча сүйлөп жатпайымбы...

Т а к ы р. Айтпадым беле бая. Адал эмгек адамды кубултуп, куунатат деп. Мына эл да келе баштады. *(Нуржан, Сайкал апа, Ракман).*

С а й к а л а п а. *(Нуржандын маңдайынан өөп)* Шашпа, кызым, шашпа. Көл бетинде пароход көрүнбөйт. Ар жыл сайын ушинтип келип-кетип жүрсөң, Нукиштайым.

Н у р ж а н. *(Алысты карап)* Ысык-Көл бүгүн толкунсуз. Сооронгон баладай тынч жатат. Айылда узак күндөр жүрүп калдым. Колхоздон көп-көп нерсе үйрөндүм. Кана санайлычы: чалгы чапканды билдим — бир, апийим тилгенди — эки, орок оргонду — үч, штурбал болгонду — төрт жана башка жана башкалары. Силер өңдүү ата-эне, агайын туугандардан Маймак окшогон кытмырларды ажырата билүүнү үйрөндүм. Эми кош менин бир боор колхозум, амансызбы сагынычтуу Фрунзем дейт экенбиз да. *(Башкарма, Күлжан, Касендер киришет).*

Б а ш к а р м а. А Нукиштай, ким менен коштошуп, ким менен амандашып жатасың?

С а й к а л. Бүгүн кетем деп эле... *(Көзүнүн жашын сүртүп),* колхоз менен коштошуп жатпайбы...

Б а ш к а р м а. О ху... баса, Нуржан бүгүн окуусуна жөнөйт эмеспи... *(Маңдайынан сылап)* Ракмат, Нукиштайым, эркетайым. Колхозума шаардын маданиятын таратуу менен, анык азаматтарча анын жумушуна да кол кабыш кылдың. Айта бар сагынычтуу Фрунзаңа, Совет өкмөтү сен өңдөнгөн асылкеч кыздардан көп-көп өстүрсүн. Айта бар, көп өстүрсүн, колхозума керек. Эң керек!

К о ш к о н м а й. Ооба, айта бар балакетиңи алайын. Биздин колхозду да унутпай айт. Экинчи бригаданы, анын бригадири Күлжанды, жөпжөнөкөй колхозчулар: Сайкал апамды, Ракман акемди, Такыр байкеңди жана мени... Кошконмайдай таттуу жеңекеңди да унутпа. Мени унутсаң да, кадырлуу башкармаңды, комбайнчы Касенди унутпа!

Н у р ж а н. Эгер өмүр жетишсе миллион жылдар бою, баарыңарды жүрөгүмдө сактайм.

Б а ш к а р м а. *(Кагазын карап)* Пай, пай, пай... Угуп тургула, колхоздун мамлекеттик планы ашыгы менен орундагандыгы үчүн бир той, өзгөчө ийгиликке

ээ болгон экинчи бригаданын тою — эки, ударниктердин өзүнчө тою — үч, Нуржанды узатуу — төрт жана... жана Күлжан менен Касендин үйлөнүү тою — беш! Он сегиз той бир келген экен да! *(Машинанын үнү).*

К ү л ж а н. *(Ары жакка басып келип)* Жолдош башкарма, райкомдон киши келди.

Б а ш к а р м а. Азыр... Азыр... Кетпей тургула, жыйналыш болот.

К а с е н. Он сегиз той. Он сегиз салтанат... Ал аз болсо мына он тогузунчу той! *(Колуна кызыл туу алып райкомдун кызматчысы, башкарма жана башкалар киришет).* Райкомдун кызматчысы. Жолдош башкарма, райком партиянын бюросунун чечими сизге түшүнүктүү чыгар деп ойлойм.

Б а ш к а р м а. Толук түшүнүктүү. Күлжан, чечендик жайың бар эле, бир деме де.

К ү л ж а н. *(Алдыга чыгып)* Мен чечен эмесмин, агайындар. Өз милдетин абийирдүүлүк менен аткарган жөнөкөй гана колхозчумун. Баарынан күчтүү, баарынан чечен — ал Советтик акыйкат! Ал эмгек *(Тууну көрсөтүп)* Мына биздин алдыбызда. Жаныбыздай кымбат болгон төртүнчү беш жылдыктын экинчи жылын ийгиликтүү аткаргандыгыбыз үчүн, сиздердин атыңыздардан касиеттүү кызыл туунун алдына барып *(Басып барат)* жана анын акыйкат жүрөгүнөн минтип ысык сүйүп *(Тууну өбөт), өз* катарыңыздарга турууну милдет деп ойлоймун!
(Кайра катарга турат).

Б а ш к а р м а. Колхоздун атактуу комбайнчысы Касен, белгилүү ударниктер: Нуржан, Күлжан, Сайкал апа, Такыр аба, Ракман аке, *(Кошконмайды көрсөтүп)* жана сиздер кызыл туунун жанына калыңыздар. *(Бери келет).*

Р а й к о м д у н к ы з м а т ч ы с ы. Жеңген жеңишиңер үчүн. Төртүнчү беш жылдыктын салтанаты жана колхозчулардын алга карай өсүшү үчүн. Жолдош башкарма, тапшырууга руксат этиңиз!

Б а ш к а р м а. *(Кызыл тууну алып)* Кадырман колхозчулар! Большевиктер партиясынын күрдөөлдүү кызыл туусунун сыймыгына урмат айталы. Мындан да жакшы колхоз болууга ант берели! *(Илгери бөлүнүп чыгып)* Ушул Кызыл тууга даңк!

К ө ш ө г ө

24/ XI—1946, Чолпон-Ата

ЭКИНЧИ БРИГАДА

(экинчи варианты)

4 актылуу 7 сүрөттүү ыр менен жазылган пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

К а с ы м С у л т а н о в — Колхоз правлениясынын председатели. Эл аны башкарма деп аташат.

К ү л ж а н — Кечеки звеновая, бүгүнкү экинчи бригаданын бригадири.

Н у р ж а н—Анын сиңдиси, ВУЗдардын биринде окуган студентка, өз айлына дем алышка келген.

К а с е н—Кечеги танкист, колхоздун бүгүнкү комбайнеру, Күлжанды сүйгөн жигит.

М а й м а к — Көп жылдар бою биздин бир областыбызда чарба кызматында жүрүп кайра айлына келген. Башкарманын катчысы, Күлжанга бел кудалык жайы бар.

Т а к ы р — Кечеги экинчи бригаданын бригадири, бүгүнкү табелщик, дайым «такыр» деп сүйлөй турган адаты бар.

К о ш к о н м а й — Экинчи бригаданын колхозчусу. «Кошкон майды» жакшы көргөндүктөн ошол атка калган.

Р а к м а н а к е — Колхоздун сугатчысы, Күлжан менен Нуржандын атасы.

С а й к а л а п а —Анын байбичеси, эки кыздын энеси. Экинчи бригаданын звеновою. Райондун уполномочени.

Булардан башка: колхозчулар жана башка эл тобу. Окуя ушул күндө, Ысык-Көлдүн боюндагы колхоздордун биринде өтөт.

I АКТ

1-СҮРӨТ

Көл бою. Июль айы. Алыста көрүнгөн пароходдун карааны. Пристань. Окуучулардын дем алышка кайтар убагы, Күлжан өзүнүн синдиси Нуржанды тосууга чыккан, Касен аны ээрчий келген. Колдорунда гүлдесте. Кеч жакындап калган мезгил..

К а с е н.
Ата-энеңиз алдында
Иймендим сөз айтууга.
Эгер уруксаат этсеңиз
Куттуктоого кол мына
(Колун сунат).

К ү л ж а н. *(Жаракөрлөнүп)*
Куттуктоого?
Эмнеге? Кандайча?

К а с е н.
Кечээ күнү кечинде
Колхоздо —
Правления болду дейт,
Сизди өйдө көтөрүп,
Бригад кылып койду дейт,
Ошонучу.

К ү л ж а н.
Ай жараткан ай,
Ошону да куттуктап...
Москваны коргогон жигиттер,
Кандай сылык, кандай март...
(Колун берип)
Тамаша болсун мунуңуз
Эгер бригад ишин оңосом:
Ошондо куттуктап колду сунуңуз.

К а с е н.
Мейли, мейли, Күкүшжан,
Ийгилик үчүн, Күкүшжан.

К ү л ж а н.
Рахмат, рахмат Касен,

К а с е н.
Биздин кээ бир жолдоштор
Бригад ишин баалабайт.
Көп адамдын бирөө деп,

Кең карабай, тар карайт.
Чынында колхоз ишинин
Энеси менен атасы —
Звеновой менен бригадир.

К ү л ж а н.
Мунуңузга ыраазымын,
Бирок чексиз мактайсыз,
Мен, мактооңузга каршымын

К а с е н.
Мактабаска не чара?
Сиз жанымда турганда

К ү л ж а н.
Көңүлүңүз калар, Касенжан,
Мен мактанбас элден жаралгам.

К а с е н.
Неге андай? *(жакындап)*
Сиз билесизби —
Адамда сүйүү деген эки түрлүү,
Бирөө бархырты сулуу, сонун гүлдүү
Өңү да бир көргөндө тартып алып
Билгизбей тыз эттирет жүрөгүңдү.
Ал эми көргөн сайын көркү кетип,
Муздатар берген сайын көңүлүңдү.
Бирөө бар: жөпжөнөкөй карап турсаң,
Көркү да эң жөнөкөй жаратылган,
Бирок да күндөрдөн күн өткөн сайын
Жакшылык касиети өнүп турган,
Акылы, сулуулугу жашынгандай
Жаныңа кубат берген улам, улам
Сиз менен таанышканым бир канча жыл,
Сиз дагы: Улам, улам... улам, улам... Улам,

К у л ж а н.
(Өзүнө мактоо тиерин билип сөзүн акылдуулук менен буруп, Көл жакты карап)
Акындар айткандай:
Жайдын күнү, колхоз сулуу, көл сулуу,
Биздин өмүр жаштык күндөй жьшжылуу,
Коркпо менин кайык минген жолдошум,
Тээ... агарган, толкун эмес, ал аккуу,
Жайдын күнү, жаштык сулуу, көл сулуу,
Биздин өмүр, жаштык күндөй жыпжылуу
Заман терең тереңдиги ушул көл,
Толкун эмес, толкун эмес ал аккуу.
(Сөзүн буруп)
Сиз ошон үчүн мактаган экенсиз да?

К а с е н.
Болсо болор, Күкүшжан,

Мен ошонун экинчисин тандагам...
Жана экинчи бригаданы...

К ү л ж а н. *(Сөзүн буруп)*
Мен кандайча Күкүшжан,
Эгер бригад ишин оң кылып,
Абийиримди жаба алсам,
Ошондо гана, Күкүшжан,
Ага чейин мен — Күлжан.
(Аккордеондун үнү угулат)
Бул кыяктын үнү го,
(карап)
Келаткандар ким болду?
(Көл жакты көрсөтүп)
Ана, пароход да берилейт.
Нуржан кайтат окуудан
Окуган кандай бактылуу...

К а с е н.
Колхоз ишин сүйгөндүк,
Бригад ишин билгендик,
Бул да өзүнчө бңр окуу
Бул да өзүнчө бир бакыт.
(карап)
Башкарманын катчысы
Оюн-шоок тапчысы,
Баягы сизге белгилүү
Маймак жигит турбайбы.
Нуржанды тосуп алууга
Сиздин ата-энеңиз,
Жана башка адамдар
Кошо чыккан турбайбы.

К ү л ж а н. *(Жактырбай)*
Кандайча мага белгилүү?
Айлынан кетип бөлүнүп,
Түшүнүксүз кесиби
Кайда бир жүрдү төрт жылдай,
Кайра келди айлына,
Бел кылат белем куу бала,
Чирип калган эски адат—
Бел кудалык жайына?
Ал да болсо билбеген
Эне-атанын айбы да

К а с е н.
Бирде — мында, бирде — анда,
Кыйын экен бул бала.
О, Маке, үн кана? Ыр кана?
Ыр менен кошо тарасын,
Аккордеон айылга.
Кана, Маке, кана, кана?

(Маймак аккордеон ойноп, аны менен кошо Такыр, Кошконмай, Ракман аке, Сайкал апалар киришет. Касендин: «Ыр кана, үн кана» дегенине демигип, Маймак ырдап да жиберет).

М а й м а к.
Ырдагын дейсиң, Касенжан
Ырдай турган ыр кана?
Комбайнчы сен болсоң
Тоотпостой караган
Бригадириң жаныңда
Ошондуктан курдашжан
Мага окшогон балага,
Сүйө турган күн кана?

Р а к м а н а к е.
Баракелде, балам, баракелде
Жаш өнөрү көрүнсүн,
Мына ушундай жерлерде
Касеним да мында тура,
Канча убакыт бар болду экен,
Кызым Нуржандын келөрине?

К а с е н.
Бош келбе, Маке, бош келбе...
(Ракманга)
Биз келгенбиз бая эле,
Кызыңыз самооруңуздун жанында болот,
Эми он, жыйырма минут ичинде
(Пароходдун үнү)
Ана пароход келди пристандын жээгине.
Эми токтойт.

М а й м а к. *(Саатын карап)*
Ооба, туура айттың,
Ай, саатың саат экен да,
Бир минут шашып кетмей жок
Учкан турмуш алдында
Бир секунд артка калмай жок.
Турмуштун калып соңунда,
Бул саат сонун алтын да.
Кошконмай (*Кулагына салып тыңшап).*
Чык-чык-чык урулган
Тунуктугу бир башка,
Кулакка сүйкүм угулган
Тазалыгы бир башка.
(Пароходду карап)
Нуржантай келип калат ээ
Ботойгон гана садага...
(*шыпшынып)*
Ботойгон деп коём да.
Эй, Такыр,

Сен оозуңду ачып тим турбай,
Бас бери мында
Алып чыккын, гүл кана?

Т а к ы р.
Такыр эстен чыгыптыр
Нуржан өзү деле гүл да.

М а й м а к. *(Бул учурдан пайдаланып Күлжанга жакындап)*
Сиз кандайсыз,
Нуржанды тоскондон кийин, беш минутка калууга?
Бригадаңыз жөнүндө сөз бар,
Аракет кылыңыз угууга.

К ү л ж а н.
Көрөбүз аны да.
(Катуурак сүйлөп).
Маке, кыяктын үнүн баспа,
Пароходдогулар кошо кубансын
Биздин кубанычка

М а й м а к.
Кыяк эмес, аккордеон
К ү л ж а н.
Акердеон? Айылга келген жаңылык...
Аты жакшы экен.
Эмесе аккордеонду
(Пароход жакындаган болот. Аккордеон ойнолот. Элдин өткөн карааны).

С а й к а л а п а.
Айланайын, Нуржаным,
Тигине балдар, тигине.
Жок башка эмес, башка эмес
Нуржантайдын өзү эле
Ай Нуржантай, мен энеңмин
Саламың кана энеңе?

Т а к ы р. *(Таң калып)*
Такыр өзгөрүп кетиптир.
Ай, баракелде, Фрунзе деген жериңе
Фрунзе жакшы шаар экен ээ.

(Нуржан келип кошулат, көтөргөн чемоданы бар, шаарлыктарча кийинген. Кол бергүү, өбүшүү)

К ү л ж а н.
Өз коробуздун гүлү,
Өз колхозубуздун өмүрү
Нуржан. *(Жыттап)*
Китептен гүл бак шаарын окугам,
Ал өзүбүздүн колхоз тура,
Эми келип байкасам

Жаман көрөм көз жашты
Койчу, ыйлабачы, апажан...

К а с е н.
Бул жаш, кечеги жаштан бңр башка,
Руксат, руксат... кубанычтуу көз жашка.

Н у р ж а н.
Чемоданым оор, атаке,
Бирок кант, чай бар деп үмтөтпө
Мында сонун сонун китеп бар.
Силерге алып келдим.
Кааласаңар миң жолу
Миң сыйра окуп бермекке

Р а к м а н а к е.
Кант, чай толуп жатат,
Китебиң экөөң аман бол, кызым.

Н у р ж а н.
Тосконуңарга рахмат,
(Ата-энесинен башкаларына)
Бул кишилерди тааныбайт экенмин,
Жакшы болор дейм,
Эгер таанышып алсак.

К ү л ж а н.
Кандайча тааныбайсың
Мунун унутчаактыгын кара...
Бул кадимки Кошконмай жеңе,
Менин бригадамда иштейт.
Убадасы бар ударник болом деген
А бул болсо...

Т а к ы р.
Коё туруңуз.
Өзүмдү өзүм айтам
Атым Такыр, сөзүм такыр,
Кечеги бригадир
Ишимден начарлап калып,
Бүгүн табельщик болгон баатыр.
Жүзүмдө азыраак кир турат
Аны кетире турган милдет жатыр.

Н у р ж а н.
Кошконмай жеңе... Такыр аба...
Ай-ай... жашырып кеткендерин кара.
Кошконмай.
А, айланайын кызыке,
Колхоз карыны жашартат тура,
Колхоз өмүрдү узартат тура.
Чоңойдуңбу садага *(Шымаланып)*

Чоңойдуңбу деп коём да.
(Бетинен өбөт).

К ү л ж а н.
Бул кишини: «Маке» деп сыйлайбыз
Биздин башкарманын жаңы катчысы
Ойлобой сөздү тапчысы.
Көп жылдар жүрүп алыстан
Жакында келген айлына.
Бизге жардам берем дейт
Бош жүрөм дейт ансыз да.
Биз кой дебедик...

Н ур ж а н. *(Колун берип)*
Таанышып алалы,
Жаман эмес
Башкармага катчы болуп алганы.
Бирок биздин замана
Бул өңдүү жаштардын
Илимге, өнөргө, маданиятка
Умтула турган заманы
Намыс болот жаштардын артта калганы
(*Касенге)*
Бул агайчы?
Кошконмай.
Маке-Сакеси жок эле,
Бул чечек...
Маймак Майрыков деген бир бала...
Апий...
Жаңылып чечек деп алам да.
К ү л ж а н. *(Айта албай)*
Унутупсуң далайын,
Бул сенин таанышып алчу агайың.

Р а к м а н а к е.
Мейманда өзүбүздүн жан бала,
Бул жигит
Касен абаң садага.
Аскерден кайткан саламат,
Аябай кыргын сальш душманга
Бул бүгүн колхоздун баатыры
Себеби жан киргизет комбайга.

Н у р ж а н.
Андай болсо
Экинчи ирет кол берейин агайга.

К а с е н. *(Колун берип)*
Колуңузга кол берем,
Бирок, тааныша турган элдер бар,
Таанышкандай биз менен
(Атасын көрсөтүп)

Атаңыз колхоздо даңктуу сугатчы,
Эгинге өмүр жаан берген.
(Энесин көрсөтүп)
Энеңиз жаңы звено
Эмгек кылган таң менен.
(Эжесин көрсөтүп)
Эжеңиз жаңы бригадир
Жакшы ударник биз билген.

Н у р ж а н.
Карачы, колхозум кандай өзгөргөн
Үч жыл жүрүп талаада,
Чын эле мен буларды билбегем.
Байкап турсаң,
Атам менен энемдин,
Курбу, курдаш эжемдин
Улуу-кичүү, жеңемдин,
Өмүрү колхоз экен го.
Максаты бирге кошулган,
Жаңы колхоз экен го
Шаардан окуп үйрөнгөн
Билимимди таркатуу,
Чоң милдетим бар болсо,
Жайкы эмгекке күч кошуп
Жардам берем колхозго
Эмесе мен дагы жаңы колхозчу,
Жаңы кирген ортого
(Көңүлдүү кубаттоолор, пароходдун кайра кеткен үнү)

К а с е н.
Болсун, болсун ак тилек
Эми үйгө кайтуу керек

К ү л ж а н. *(Артка калып)*
Жаңы бригаданын жаңы адамдары,
Колдойгөр жаштар ишимди мындан ары
Сайкал апа.
Сен артта калып,
Шашпай кийин кел, кызым.
(Маймакты көрсөтүп)
Какпай жүр,
Ушул болор сенин эмки ырысың
Баталашкан бата бар,
Жакшы эмес, атаңды уят кылышың

К ү л ж а н.
Түшүнбөйсүз, энеке
Шарты келбес бул кезге...
(Энеси сөзүнүн аягын укпай Кошконмайга белги берди да кетип калды).

К о ш к о н м а й.

Туура айтат энем, кызыке
Терикчү эмес теңине..
Маймак сага жар болор,
Азгырылба Касенге.
(шыпшынып)
Майтык... Алда өлүгүңдү көрөйүн ай...
Майтык деп алдым ээ...
Мейли, мейли каршылыгым деле жок,
Сенин Касен дегениңе.

К ү л ж а н.
Алда, жеңеке ай ээ...
Эң башта ишти оңойлу,
Сүйүү жөнүндө
Сүйлөшөрбүз башка же|рде,
Ойлочу өзүң деле
Колхоз жумушунан
Бригад милдетинен да
Артык сүйүү бар беле?
(Кете баштайт).

М а й м а к.
Токто, токто, Күкүшжан,
Сабыр кылсаң, тыңшасаң...
Бригад, бригад колхоз, колхоз дейсиң,
Токтосоң, шашпасаң
Жумушуң бүтөр,
Ата-энең деле каршы эмес,
Кандай болор экен, камынсам?

К ү л ж а н.
Ата-эне жөнү бир башка,
Камынуу эрки сиздики...
Бнрок да ата-энедей
Жакын сүйүү колхозду —
Ардактуу милдет биздики.

М а й м а к.
Жок, билбейт экенсиң,
Эң мурда жаштыктын сүйүү ысыгы,
Турмуштун сүйүүсүз кайсы кызыгы?

К о ш к о н м а й.
Эң мурда
Ак ниет, адал змгек,
Колхоз ишин сүйө билүү,
Анан жаштык сүйүүсү —
Көрүнбөй күчтөй кымбатка келет
Маймак жигит
Муну билүүңүз милдет
(кетет)

М а й м а к. *(Туруп калып)*
Мындай кылган эмесмин,
Бригад... бригад...
Жумуш, жумуш дегенин кара,
Менден Касенди артык көргөнүң кээде
Канткен менен
Чачың узун, акылың кыска да.
Сыйлап кой, Күлжан,
Менин Маймак атым барында,
Бербесмин намысыңды башкага.
Ошондуктан күтүлүү мезгилдерде
Жакшы, жакшы жообум болор,
Касенге да жана өзгө да
Сенин бул милдетиң эстен кетпес
Кошконмай жеңе,
Тапсаң боло айласын,
Эми бул ишке не чара?

К о ш к о н м а й.
Кайгырба, Майтыгым,
Кошконмай жеңең барында
(Шашылба)
Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э...
Улам эле Майтык деп алам да
Күлжан сеники болот,
Кырк бир амал барында

М а й м а к.
(Арак алып чыгып, даяр стаканга куюп)
Бери кел ой, Такыр,
Сен эмне делдейип калдың?

Т а к ы р.
Эмне үчүн туруп калганымды,
Өзүм да такыр билбей калдым.
Сени карап туруп,
Кылык жоругуңа таң калганмын.

М а й м а к.
Таң калбай эле кой,
Күлжандын мага жар болушу үчүн
Кошконмайдын кырк бир амалы үчүн.
Менин азыркы ич күйдүлүгүм үчүн

Т а й ы р.
Кадырың жан болсун,
Бригаддан түшкөндөн бери
Таптакыр койгом,
Башкармага убада бергем,
Такыр ичпес болгом.

К о ш к о н м а й.

Келе бери мага.
Алда Майтыгым ай э...
Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э,
Улам эле Майтык деп алам да,
Чактап күйсөң садага.
Аттигиниң аай
Чүкөдөй кашконмай болсо ээ...
Ушунун артынан жып эттирип алганга

М а й м а к.
Такыр, эми сен бийлеп бас,
Кошконмай, баякы ырың кана?

К о ш к о н м а й.
Олда, Майтыгым
Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э...
Улам эле Майъык деп алам да.

(Маймак аккордеон ойногондо анын күүсүнө салып).

Кайсы жерде жүрсөң да
Колхозумду сыйлай жүр,
Колхозчунун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр.
Арамдык кылган иш жаман,
Акылга сальш ойлосоң
Алдыга түшүп бийлейли
Аккордеон ойносоң.

(Маймак аккордеон ойноп, берки экөө бийлеген бойдон чыгып кетиигет).

2-СҮРӨТ

Башкарманын мекемесинин алдындагы аянт. Узата жасалган орундуктун ортосунда башкарма газет окуп, Такыр кылмышкер сыяктанып жерден башын албай олтурат.

Б а ш к а р м а.
Көздөрү курч, сөздөрү курч...
Акыйкатка баш ием,
Айып кимден?
Айып менден дөп билем.
Урмат кылып, башкарма деп кадырлап,
Жан аябай иштесин деп ишенген.
Ойлоп турсам өзүм Касым Султанов,
Ушул эле кече күнү ким элем?
Обком менен райкомдор кадырлап,
Келиңиз деп, ызаат кылып кол берген.
Ал бүгүнчү? Тик кароодон уялып,
Мүнөз кылып, уялгандай энеден...
Такыр мырза, газет окудуң беле?

Т а к ы р.
Такыр окубай калыптырмын.
Эмне бизди мактаптырбы?

Б а ш к а р м а.
Ооба, угуп тур:
«Бул колхоздун атагы жок былтыркы,
Жазгы айдоодо соколору кеч чыкты,
Чөп чабыштан, артта калып баарынан
Башкармадан кенебестик кеп чыкты.
Жаман иштеп Такыр деген бригад,
Кетти белем, шаймандардын быт-чыты...
Уят болор, эгер сыйлай билбесе,
Алдындагы күрдөлдүү беш жылдыкты...

Т а к ы р.
Такыр мындай ойлогон эмесмин,
Иш такыр чатак экен го?

Б а ш к а р м а.
Сени бригадирликтен бошотконбуз.
Колхоз иши касиеттүү иш.
Эми ал тууралу ойлонорсуз.

Т а к ы р.
Такыр жаман, иштебейм,

Б а ш к а р м а.
Ошентип Нуржанды тостук де?
Чөп мезгилинен өтүүдө,
Эгин кыярып
Апийим жетилип калды кесүүгө
Иш начар... Иш начар,
Баарынан экинчи бригад начар...

Т а к ы р.
Экинчи бригадды онойбуз деп сөз кылдык,
Сонун, Кошконмай да келатат.
Ана, Кошконмай да келатат.
(Кошконмай кирет)

Б а ш к а р м а.
Кош, шашып калыпсың?

К о ш к о н м а й.
Шашылыш деле жок,
Анчейин эле... жайынча...
Жанагы Маймак чечек жиберди...
Апий, жаңылып
Улам чечек деп алам да.

Б а ш к а р м а.

Ал менин сыноомдо жүргөн бала,
Катчылыкка бекитем —
Эгер жакшы иштеп алса гана,
Эл эмне деди?

К о ш к о н м а й.
Колхоздун иши, начарланыл жатканда,
Ого бетер тоскоолдук кылат ча,рбага
Мезгилсиз жаштардын баарын чогултуп,
— Көптү дейт Касен деген бир бала...
Ыр ырдап, тайраң-туйраң бий бийлеп
Зыян иш болду.
Билсин дейм муну башкарма.

Б а ш к а р м а.
Качан? Кайсы маалда?

К о ш к о н м а й.
Түндө, түн жарымында,
Тоок ку-куук деп
Бир чакырганда.

Б а ш к а р м а.
Кошконмай, бери кара:
Мьиндан ары сөз ташыбай жүр мата,
Ойнасун жаштар, күлсүн, бийлесин,
Колхозубуз гүлдөмөк, ошондо гана.
Касенди жакшы билем,
Анын эмнесин жамандайт,
Маймак деген чунак бала?
Кошконмай.
Ошону айтам да,
(шыпшынып)
Ошону айтам деп коём да
Маймак өзү да келди
Ана
(Маймак кирет)

М а й м а к.
Ардактуу жолдош башкарма
Айып этпе шашканга,
Райондон келген киши бар,
Сөзүм бар дейт аз гана.
Колхозчулар келсин дейт,
Чоң жыйналыш болот дейт.

Б а ш к а р м а.
Кабарды желдей ташыган,
Сен азамат белемсиң?..
(Машинанын үнү)
Коңгуроо катуу кагылсын,
Бар кабар айт, эл келсин

(Берки экөөнө)
Силер мында тургула,
Келген элдер кетпесин
Мен мейманды тосуп алайын,
Меймандос эмес дебесин.
(Маймак, башкарма кетишет, эшикте коңгуроо урулат).

К о ш к о н м а й. Тартипке көнгөн колхозчу эл, биз кет деген менен кетеби

Т а к ы р.
Ой, башкарма, эмне деди?
Такыр укпай калдым,
Обкомдон дейби?

К о ш к о н м а й.
Качан?
О ыймансыз,
Башкача деди.

Т а к ы р.
Ооба,
Райондон дедиби,

К о ш к о н м а й.
Анан укпай калганың ошобу?
Бүгүнкү жыйналышта,
Кошконмай дедирип,
Балам сени элеби?

Т а к ы р.
Ким билет, сол көзүм тартып калыптыр,
Ана элдин алдын да келди.
Пагончон келсе,
Бир кеп бар го.
(Ракман аке, Сайкал апа, Касен, Күлжан, Нуржан, Маймактар алдынкы планга өтүшөт, алардын ары, жагында эл тобу).

Н у р ж а н.
Келгениме жараша,
Ак жолтой болгой элем.

С а й к а л а п а.
Апий, эмне?..
Жамандык деген алыс кеткен

Р а к м а н а к е.
Кеп анда эмес, байбичем.
Чыга берет айта берсе,
Кемчилик деген,
Бизде андайдан аз эмес.
Наяты, башкача кеп бар го деп билем.

С а й к а л а п а.
Кеп болуп эмне...
Бул жөнүндө балким,
Такыр бирдеме билер бекен?

Т а к ы р.
Биздин колхоз газетага чыгыптыр
Башка такыр эчтеме билбейм.

К о ш к о н м а й.
Силерге оңдуу жооп жок,
Бул шайтан Такыр барында
(*шыпшынып)*
Апий, жапжакшы эле эмени
Жаңылгп шайтан деп алам да.
Такырды мактап жазыптыр дейт,
Бүгүн жыйналышта
Кошкон май дедирем мен буга.
(күлкү)

М а й м а к. *(Четке чыгып)*
Чиш... ш
Башкармалар келатат, чуулдабагыла
Карагыла, карагыла,
Кызыл туу бар колдорунда
(Баары таң калууда)

С а й к а л а п а.
Жакшылык дебедим беле жана,
Кызыл туу деген сөзүңөн садага...
Бизге кызыл туу тиет деген ошол.

Р а к м а н а к е.
Кудайым «ал кулум» деген экен да,
Кызыл туу алдык беле,
Былтыр күзүндө да?

К ү л ж а н.
Кандайча Кызыл туу?

М а й м а к.
Кызыл туу келе бермек
Мына менин барымда
Мен катчы болдум, иш оңолду
Муну байкап алгыла

К о ш к о н м а й.
Чечектин шашмалыгын кара,
Апий жаңыльш,
Чечек деп алам да.

(Башкарма, райондун уполномочени жана аларга ээрчиген адамдар киришет. Башкарманын колунда Кызыл туу).

Райондун уполномочени. (*башкармага)*
Ошентип райкомдун чечими,
Сизге болду го дейм белгилүү?
(Ал ооба дегендей башын ийкеди)
Андай болсо бул туу,
Өткөн жылы сиз ийгиликке алган туу...
Эми өз колуңуз менен...
(Эл анын сөзүнүн аягын угузбай, дуу, дуу дей түштү).

Б а ш к а р м а. *(Кызыл тууну бекем кармап)*
Быйылкы жылдын жазгы айдоосун
Кеч бүткөндүгүм үчүн,
Чөп чабуудан жана згин орууга камынуудан
Артта тургандыгым үчүн,
Колхоз ишин артка тарткан:
Экинчи бригаданын жана өзүмдүн уятым үчүн,
(Элдин алдына чыгып)
Жеңип алган жеңишимди
Кайра алдыргандыгым үчүн
Элдик уят, элдик намысым үчүн
Колхоз атынан — касиеттүү Кызыл тууну,
Колуман кайра алдырам.
(Кызыл тууну райондук уполномоченге сунат. Ал колуна алып)
Райондук уполномочен.
Пайда чыкпас —
Кур намыс, кур уялуудан,
Жеңиш күтүңүз алдыдан.
(Шарт бурулуп чыгып кетишет. Машинанын үнү. Эл ошол жактан көпкө көз албайт)

Б а ш к а р м а. *(Абдан капалуу)*
Колхозум, колхозчуларым,
Жер кара... баарың,
Сенин жан кубатың,
Жана намыс уятың
(Пауза)
Буга мен айыптуу,
Мен күнөөлүү
Кандай күнөө жазсаң да
Мен кабыл аламын,
Кана эмне дейсиңер буга?
Көтөр башыңды, колхозчуларым

Р а к м а н а к е.
Бул уяттын ичинде,
Сиз менен кошо биз дагы барбыз
Бузулган ишти жабыла оңдоо керек,
«Кара тоо бирде карлуу, бирде карсыз».
Сиз көпкөлөң адатыңызды таштап
Азыркыдан жакшы иштеңиз
Ошондо кайра келер кеткен намыс,

К ү л ж а н.
Экинчи бригаданын колхозчулары,
Кана чөп чабыкка аттаналы,
Бир кишиге
Жүз сотыйдан норма алалы

Ү н.
Биринчи бригадалыктар,
Биз кантип булардан артта калалы?
Ар дайым биринчиликти алалы.

С а й к а л.
Менин тобум,
Эмгектен абийир табалы.

К а с е н.
Азырынча комбайндан колум бош,
Мен дагы чөп чабыштын адамы.

Р а к м а н а к е.
Бош убактым
Кызым, сугатчыдан калпаны.

Н у р ж а н.
Дем алышка келген кыз.
Мен дагы сүрөп жиберем
Силердей эже, апаны,
(Баарынын колунда бирден чалгы. Сценанын арткы планынан алардын чубап өтүп жаткан элеси көрүнөт. Бул убакта кандайдыр чуркап барып аккордеонун алып келе койгон Маймак ойноп жиберейин деди эле)

Б а ш к а р м а.
Коё тур, бала, мунуңду
Азыр эмес,
Ойной турган учуру.
Жок жерден чуу чыгарпан
Сен белемсиң
Баланын куу тумшугу

М а й м а к.
Капа болбоңуз, аксакал
Мен бекемин
Ушулардан кем калар?
Келе мага бир чалгы
(Ар жактан чалгы алып элдин тобуна кошулат. Элдер чубап өтүп жатканда көтөрүңкү музыка ойнолот)

Б а ш к а р м а.
Колхоздун күчү
Толкуган бир көл экен,
Кол жетпеген аска бар экен,
Бул кандайча менин артта калышым?
Эл алдында уялаары мен экен.

Касиеттүү колхозчум.
Талаага, талаага, талаага
Колхоз талаасы көркүнө чыкты, кара...
Экинчи бригада өзгөрө түштү,
Бул экинчи брипаданын үнү,
Тыңшагыла, ана, ана.

II А К Т

3-СҮРӨТ

Чөп чабык талаасы. Экинчи бригаданын адамдары сахнанын алдынкы планынан чалгы чаап өткөн караандарын көрсөтөт. Бул бир сыйра өткөндөн кийин өзүнчө чебелектеген Нуржан энеси Сайкал апанын жанына барып:

Н у р ж а н.
Чалгыңды мага берчи апа жан,
Чарчадык. Бир азыраак эс алсак.

С а й к а л а п а. *(Маңдайынан терин аарчып)*
Кой, кызым кой,
Менин атымды эвеновой дейт,
Кокус нормам бүтпөй калоа
Анда бригадир эмне дейт?
Башканыкын ал кызым,
Чалгым берилбейт.
(Энеси чалгы шилтеп көрүнбөй калат)

Р а к м а н а к е.

(Чалгысын салмак менен шилтеп)
Э, кызым, бул кандай туруш?
Мына ушундай майрам, кызым
Биздин турмуш

Н у р ж а н.
Биздин турмуш
Бригаддын чалгылары саналуу,
Чөп чабык иши аярлуу,
Сен билбейсиң, сындырып аласың
Деп кагып койду эжекем.

Р а к м а н.
Сөзүндө калет жок,
Бүтүп калат ушинтип эле.
Жүз сотик деген.
(Чаап баратат)

Н у р ж а н.

Атаке, сиз тыныгып алыңыз,
Мен эмне бала белем?..

Р а к м а н.
Нормам бүтсүн, кызым,
Жок, кызым,
Чалгы берилбейт экен.
(Ары кирип кетет)

Н у р ж а н.
Эмгектин кызыгы баладан ысык экени
Акындар айткандай:
«Турмушка кабак чыгыш күлө карап,
Сагынып заман күткөн ишке жарап,
Колхоздун көз жетпеген түздүгүндө
Ушинтип чөп чапкан кез, кандай ракат»...
(Кошконмай менен Маймак чалгыларын шилтеп келе жатышып токтоп калышты).

Н у р ж а н.
(Саатын карап)
Бир саатка эс алуу болот,
Мен тарабымдан
Китеп, газет окуу болот.
Кошконмай жеңе, чалгыңды мага берчи,
Солду бир айланып келейин,
Сенин ишиңди жолдоп
К о ш к о н м а й.
Апей, кантет араң кызып алганда
Чалгым берилбейт экен садага
Жүз сотыйды бүктөй салайын,
Айтчу элек, иш аяктап калганда,
Ээй Майтык,
Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э,
— Улам эле Майтык деп алам да.
Чалгыны мына мындай чабат,
Мына, мени кара...
(Чалгысын салмак менен шилтеп ары кетет).

Н у р ж а н. *(Маймакка жакындап)*
Маке, сол башына бир айланып келейин,
Чала жерин таза чаап көрөйүн.

М а й м а к.
Бизден айлансын чалгы,
Бир кебим бар
Сен кабыл алсаң,
Анан ошондо «бербейм» дебейин.

Н у р ж а н.
Сөзүң жакшы экен,
Ал кандай кеп?

М а й м а к.
Айт эжеңе, бекер жаңылбасын,
Менин айтканымды кабыл алсын
Касенден эси болсо колун үзсүн
Ал анык уят кылат,
Биле албас Күлжан өңдүү кыздын баасын.

Н у р ж а н.
Түшүнбөйм.

М а й м а к.
Мен сүйүү жөнүндө сүйлөйм

Н у р ж а н.
Ах ошондойбу?
Бир акындын мындай деген сөзү бар:
«Жайкы күн колхозунун жарпын жазса,
Ысык-Көл шарп-шарп этип көбүк чачса
Мен кантип чалгыңызды жеңил шилтейм
Жашыл чөп шарт-шарт этип кулап жатса».
(Маймактын колундагы чалгыны алып, бир-эки шилтегенде)

М а й м а к.
Эхе... Амалдуу кыз экенсиң,
— Чалгы берилбейт андай болсо,
Сен сүйүүнүн жайын билбейт экенсиң

Н у р ж а н.
Мындан да күчтүү сүйүү барбы?

М а й м а к.
Тигине, эжекең келип калды,
Ой боюна койбой сурап ал,
Экөөбүз бир чабышалы
Каап... карачы аккордеонумду унутканымды...
(ырдап)
Башкарманын секретары,
Баатырым аман жатабы.
Майталканпа таарынган
Басылды бекен чатагы...
(Ары кирип кетет. Чалгыны ийнине салып Күлжан кирет, анын жанында табельщик Такыр бар)

К ү л ж а н.
Биринчи бригад алдыда дечи,
Саздак жердикин бүттү дечи...
(Өзүнүн бригадасын карап)
Биздики да жаман эмес, көрчү

Т а к ы р.
Биринчи бригад такыр бүтүп жиберди,
Силердики да такыр жаман эмес

К ү л ж а н.
Бул топтун нормасы кандай?

Т а к ы р.
Такыр жаман эмес, мына мындай

Н у р ж а н.
Чалгыңды мага берчи,
Маймак менен сынашайын.
Сынашпайм,
Коркпой эле кой, эжекебай.
(Колуна алып ары кетти).

Т а к ы р.
Сайкалдагы сексен сотый
Ракман акеники токсон беш
Кошконмайдыкы жетимиш
Маймактыкы эсепке кирбейт: беш эле
Шайырдыкы алтымыш

К ү л ж а н.
Эсиңде болсун, бирөөнүн эмгегин жебе.

Т а к ы р.
Такыр антпейм.

К ү л ж а н.
Эмесе бул топту теңеп жиберейин.
Нуржаным агитатор гана эмес,
Сонун колхозчу тура...
Такыр, аша чапканын кара...
(Алыска кыйкырып)
Шайыр апа, иш илгери, иш илгери
(*Алыстан болсун, болсун деген үн)*
Үчүнчү звенону көрөйүнчү.

(Ал басканда тең чамалаш Нуржан менен Маймак көрүнөт. Чалгысын шилтеп келе жатып Маймак токтой калды, чалгысына атайы доо кетире коюп)

М а й м а к.
Эки шилтөөдөн калбайт,
Чатакты ушундан баштайын
(Нуржанга)
Нуржан, Нуржан,
Мөрөй сеники
Каным катып баратат,
Соопчулукка
Бир чөйчөк айран.

Н у р ж а н.
Ошондой де. Азыр...
(Чуркап кетет. Маймак чалгысын аралаштыра коёт.

Нуржандын сунган айранын жутуп жиберип).

М а й м а к.
Ракмат. Кана эми,
Жетип ал Нуржан
(Экөө чалгы шилтеп бара жатат. Күлжан кайра кирип)

К ү л ж а н.
Эми өзүмө бер, Нуржан
Энекем уятка калбасын,
Сүрөп жибөрейин.
(Бул мезгилде шаңгыр эткен чалгынын сынган үнү. Нуржан ордунда туруп калат)
Эмне болуп кетти? Чалгы сындыбы?
Охо... тең бөлүнгөн тура.
Мынакей иштин кырсыгы.

Н у р ж а н.
Эжеке... Эжеке...

К ү л ж а н.
Кандай эжеке?
Мунуң көз көрүнө жолтоо го

М а й м а к.
Ошондой болот дегем,
Күкүшжан, бригадаң оңолот белем?
Жазып койгонбуз
Убадаңыз бар жүз сотый дегеп.
Ал ким билет
Айтканыңыз аткарылар бекен?
(Акырын чыгып кетет)

К ү л ж а н. *(Алыска кыйкырып)*
Узата бергиле, узата бергиле
Тамак иш үстүндө болсун.
(Нуржанга)
Колхоздун иши баалануу,
Ар бир минут саналуу
Ар бир сынган чалгыдан
Арбыган иш жаралуу.
— Чөп мезгили өтүп баратат.
Анын соңунда
Апийим тилүү,
Эгин орогу жатат.
Арпа коркунучта турат,
Ысык мээ кайнатат,

Н у р ж а н.
Эжеке, эми кандай кылабыз?

К ү л ж а н.
Күндүк норма бүтпөй калат деген ушул.

Чалгыга барганча канча...
Мына Маймак кетти,
Анан супатка атам кетет,
Кошконмай нормасын бүтпөй калды...
Иш чатак...
(Башкарма менен Маймак кирет)

Б а ш к а р м а.
Ишиңер илгери болсун
(«Айтканыңыз келсин» деген үн)

М а й м а к.
Болгон кемчиликти айтуу
Менин карзым, аксакал,
Нуржан жакшы агитатор,
Бирок иштин жайын билбейт.
Мунум калтапы я, аксакал?
Күлжан өкмөт ишине —
Тууганчылык менен карайт, аксакал,
Күнүнө бирден чалгы сынса
Чыгымы кайда барсын, аксакал?
Кайран чалгы болот эле да...
(Кармап көрүп башкармага берди)

Б а ш к а р м а.
Машина барбас саздакка
Ушулар жарайт эмеспи,
Бирок майда-чуйда кемчилик
Кээде болуп калат эмеспи?
Анын несин айттың?
Ошондой болсо да
Күлжан сага уят
Кырсык деген
Мына ушундай майдадан чыгат.
Сенин бүгүнкү нормаң,
Начар абалда турат.
(Алысты карап)
Комбайнды иреттеп коюп,
Касен да бери келе жатат.
Э Касен баатыр,
Кандай болор экен
Ушу бүгүн күч сынашсак?

К а с е н.
— Макул айтканыңыздай болсун.

(Эл кайра күчөй баштайт, бул учурда Маймак колундогы чалгысына байкатпай доо кетире койду)

Б а ш к а р м а.
Кана, жигиттер
Кана, келиндер, баштайлык
(Чалгысын алып топко аралашат)

К а с е н.

Келе, Маймак, колуңдакыны,
Сен чарчап калпан окшойсуң

М а й м а к.
Абайлаңыз
Сынса доом бар.

К а с е н.
Чалгы менен чоңойгонбуз,
Сындырып алсак доо болбосун
(Колуна алып)
— Кеттик эмесе
(Бир аз шилтей бергенде чалгы сынды).

Б а ш к а р м а.
Күлжан,
Сенин бригадаңда кырсык бар белем
Иш болбоду го.
Охо... Касеним сен да жарабадың
Чалгыга олдоксонуураак экенсиң ээ.
Бул жаман иш болду го,
Маймак айткандай күнүнө экиден сынып
Олтурса
Ишиң жаман бригадирим,
Ишиң жаман...
Бороон да көтөрүлүп чыкты,
Көл да толкуй баштады.
Күндүк норма караандабай калды...
(Бороон күүлдөп, көлдүн шарпылдаганы угулат)

М а й м а к.
Ошону айтам, аксакал,
Демек экинчи бригаддан
Менден башка артык меймандарды
Алыстатуу жарабайт, аксакал,
Колхоз ишин ар ким кармай берүү
Кырсыктын чыгышы ошондон аксакал,
Ичикий, бороон боло баштады.
Жүрүнүз кетели, аксакал.

Б а ш к а р м а.
Нуржан, агитаторлугуңду жүргүзө бер,
Касен, комбайнды иретине келтирип,
Даярдана бер. Эгин орогу алыс эмес
(Бороон күчөй баштайт)
Бороон ого бетер күчөй баштады,
Бу да бир кырсык, быйыл жаан аз,
Бул экинчи кырсык,
Экинчи бригаданын кырсыгы
Баарынан күчтүү кырсык
Бороон, бороон, бороон,
Бул эмне деген мезгилсиз бороон.

Апийим мындан, эгин мындан...
Бороон, бороон, бороон...
(Жакасын көтөрө тартып, катуу басып чыгып кетти).

М а й м а к.
(Жакасын тиштеп кыт-кыт күлүп)
Бул кандай мезгилсиз бороон...
(Күлжанга)
Күлжан Касендин пайдасын көрдүңбү,
(Кыт-кыт күлүп)
Нормоңду бүтүрүп беришти...
(Кыт-кыт күлүп, Кошконмайга)
Кап, аккордеонумду ала келбей...
Бороон, бороон, бороон...
Жүр кетели үйгө.
Кошконмай.
Кетели дейт тура,
Сөзүң менен куруп кал
(Шылкыйышып)
— Куруп кал деп коём да.
Жетимиш сотый чөп чаптым
Уят кана мага
Намыс кана, ар кана,
Кете бер өзүң
(Бороон күчөйт, күн жаркылдайт, чалгы көтөрүп кетип жаткан элдин карааны).

К ү л ж а н.
Үйгө кетмей жок,
Катуу башталган бороондун
Бат басылмайы болот.
Кетпегиле, менин бригадам, токто
(Аябай сына түшүп капалуу туруп калган Касенге башын жөлөп ыйлап жиберди. Көлдүн шарпылдаган толкуну угулуп, бороону сокту. Бир аз паузадан кийин).

К а с е н.
Бороон эми тоскоол кыла албайт,
Күлжан капалык болбосун
Экөөбүз кайра баштайлык.
«Ат мүдүрүлбөй жер тааныбайт»...
Ал чалгыны колго,
Сиздин эмгекти эл карайт,
Эрчи мени Нуржан,
Мына мындай чабабыз
(Экөө чалгы шилтешти).
(Чөп чапкан машинанын үнү)

К ү л ж а н.
Сенден жаным айлансын, бригадам,
Жаным айлансын...
Бирок кайра бороон, кайра шамал.

(Бороондун гүүлдөгөн үнү. Көлдүн шарпылдаган толкуну)

4-СҮРӨТ

Күн түштөн оогон мезгил. Колхоз кыштагы. Чоң ак таштын алдында тараза. Нуржан экинчи бригаданын колхозчуларынан апийим өткөрүп алып жатат. Алыста апийим талаасы.

Н у р ж а н.

Бул иш эң бир жооптуу
Жана эң бир кылдат,
Өлкөм үчүн бул эң керектүү
Жана эң бир кымбат
Мунун ар бир граммы.
Коомдун пайдасына жумшалат,
Колхоз правлениясы мага ишенип,
Ушул ишти тапшырып отурат.

(*Таразасын карап, аны тууралап, кабыл ала баштайт*).

С а й к а л а п а.

Көбүн куда кааласа бүтүп салдык,
Апийимди да аяктап калдык.
Кызымдын абийири менин абийирим эмеспи.
Жана бир кило өткөрдүм беле?
Бул да бир кадакча болот.
(*Нуржан тартып жатат*)

М а й м а к.

Митайымдык,
Өкмөткө карасанатайлык болбосун
Кээ бир адамдар
Чөнтөгүнө кытып алат дейт,
Андайлар башы менен жооп берет,
Эсиңерде болсун
Кантролдук менин мойнумда.

К о ш к о н м а й.

Ме, кызыке,
Бир жарым кило беле бая?
Ошого кошуп сана муну да,
Сен тыңсынбай эле кой, Майтыгым...
Алда өлүгүңдү көрөйүндүкү ай э...
Улам эле жаңылып Майтык деп алам да.

К ү л ж а н. (Кирип келип)

Бул не деген туруш
Күн кечтеп калды,
Бүгүн бүтсүн бул жумуш.
Чөп чабыктан биринчи болдук,
Апийим кырууда ошондой болсун,
Эртең арлага орок оалабыз
Бүткөнүн жөнөтүп тур, Нуржантай.

(*Бирөөлөр алып кетип жатат. Күлжан ары кетти, Нуржан өз иши менен алек*).

М а й м а к. (*Кошконмайды бөлүп чыгып*)
Э... Кошконмай жеңе,
Сен кырк бир амалым бар дедиң беле?
Күлжан менен Касен той берет дейт,
Колдойбосоң бол.бойтко ушундай жерге...
Иш катуулап алды,
Айласын тап жеңе
Кошконмай.
Той болсо жакшы болот тура,
Барып кошконмай жейт экенбиз да...

М а й м а к.
Жок, аны айтсам жеңе,
Эптеп бир амал колдонсомбу дейм Касенге,
Байкатпай чок салсамбы дейм,
Экөөнүн тилегине.
К о ш к о н м а й.
Эмне? Эмне?
О арам Майтык десе
Апий... жаңылып,
Дагы Майтык деп алдым э...

М а й м а к.
Бери кара Кошконмай жеңе,
Жакшы төлөйм, кылган эмгегиңе...
Ме мобуну салып кой,
Касендин оң чөнтөгүнө,
Ичин ачпа.
Эгер муну аткарсаң
Жеткирем тилеген тилегиңе

К о ш к о н м а й.
Ал эмне экен, о арам десе,
Салбаганда эмне... Келе!

М а й м а к.
Бирөөнүн жазган каты,
Көрсөтпөй бер деди эле
Чоочубай эле кой.
(*Берет, Кошконмай жанына салып*)

К о ш к о н м а й.
Кош, акыма бererиң эмне?

М а й м а к.
(*Жанын карап, баягы саатын алып чыгып*)
Ме муну тагынып жүр,
Ай саатым, саат экен да,
Бир минут шашып кетмей жок,
Учкан турмуш алдына

Бир оокум артка калмай жок,
Турмуштун калып соңунда...
Өзүм карап турам... алдаба

К о ш к о н м а й. (*Кулагына салып*)
Чык-чук, чык-чук урулган
Тунуктугу бир башка,
Кулакка сүйкүм угулган
Тазалыгы бир башка.
Жарайт, бар, бара бер

(*Тигил кетээри менен саатын салып, баягы*
«Кайсы жерде жүрсөң да,
Колхозумду сыйлай жүр.
Колхозчунун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр»...

дегенди кыңылдап, жанагы Маймак берген кагазды акырын ачып көрдү да, аябай чоочуп):
Апий, балакет
Балакет деп коём да,
А чечек, Майтык
Апийим берген тура...
О оңбогон шүмшүк,
Шүмшүк деп коём да,
Мен муну Касендин чөнтөгүнө салсам,
Күнөөсү жок немени жалаага жыксам...
Анын убалы кимге?
Анда комбайнды ким айдайт?
Жок... Кошконмай —
Мындай арамдыкка баспайт...
Арам гана... гана... чечек,
Чечек деп коём да,
Рас болду кошуп коёюн,
Муну өзүмдүн нормама.
(*Ар жакка бараткан Нуржанга өткөрөк, анын жанында ар кишинин бергенин жазып олтурган Такыр*)
Ач көзүңдү
Жазып кой мага, муну да.

(*Ал ары кетери менен Маймак таразанын жанына барып ал да өткөрүүдө*)
М а й м а к.
Бери бас, ой Такыр,
Кеп бар баатыр.
(*Такыр басып келди эле*)
Жаңылбай жаз...
Бир грамм үчүн
Өзүң уятка каласың акыр.
Нуржанды байка,
Таразага бирдеме иле койбосун.
(*Бирдеме деп шыбырады*)

Т а к ы р.
Жок, такыр андай эмес,
Жаңылышасыз.

М а й м а к.
Күлжандыкы канча эле?

Т а к ы р.
(Кагазды карап) Сегиз жүз грамм

М а й м а к.
Бир кило деп оңдоп кой,
Жакшы болот, ой...
Т а к ы р.
Такыр антүүгө болбойт,
Туура жүрүү керек.
Колхоздун кусуру менен ойнобой...

М а й м а к.
Сайкал апамдыкычы?

Т а к ы р.
(*окуп*) Бир кило жана эки жүз.

М а й м а к.
Бир жарым деп оңдоп кой,
Жакшы болот ой...

Т а к ы р.
Такыр антүүгө болбойт,
Ак жүрүү керек,
Ак ниет иштесек
Абийир менен жөн ойнобой.
(*күлүп*)

М а й м а к.
Ой шайтан оой...
Такыр ушундай экен ээ... ой тобо ой.
Баятан бери айтканым тамаша,
Анчейин сынап ойномой.
(*Арак алып чыгып*)
Кана эми
Мындан бир кылт эттирип коймой

Т а к ы р.
Такыр ичпейм,
Ооз тийбейм
Өз ишимди оңобой,
Андыктан айтканым айткан,
Оюм-ой...

М а й м а к.

Мына,
Такыр адам болгон экен э...
Ой-тобо — оой...
Менин сынап айтканымды
Бирөөгө айтыл койбогун ой...

Т а к ы р.
Такыр айтпайм,
Чоочубай эле кой.
(Алыстан коңгуроонун үнү угулат).

М а й м а к.
Апийим бүткөн экен,
Бул, үйгө тароонун белгиси
Жүр эми, кайталы
(Кете баштаганда Күлжан менен Касен кирет)

К а с е н.
Жай да бүттү, жаныбызда алтын күз
Эки-үч күндө комбайнчы экөөбүз
Эрте бышкан кубанканы куттуктап,
Тээ түздүктө оюн салып жүрөбүз...
Эң мурда экинчи бригададан баштайын,
Анткени силердин кубанкаңар эрте бышыптыр

К ү л ж а н.
Чөп чабыкты, апийимди бүтсөк да
Али биздин сыналчу күн алдыда,
Арпа, буудай ойдогудай болсо экен,
Өмүрлүккө түгөнбөгөн казына.

Н у р ж а н.
(*Таразасын иреттеп асты-үстүн карап, эч нерсе коюлбаганын көрсөтүп, Такырга өткөрүп берди да, булардын жанына басып келди*)

Акы|кы алынган кабарга караганда
экинчи бригаданын иши саал оңолуу менен бирге.
Эжекем менен Касен абамдын...
Ар жагы эмне эле?
(*Күлкү*)

К а с е н.
Ай махабат, эки түрлүү таразаң,
Сүйүү деген эки түрлүү карасам
Биринчиси катуу сүйсөң бат муздайт,
Айтчы сүйүү неге мындай тамашаң?..
Экинчиси — акырындап башталып,
Күчөй берет, ташый берет уламдан...

(*Бул мезгилде таразага Маймак бир нерсе байлап кеткендей болду*)

Н у р ж а н.

Соңку алынган кабарга караганда,
Түнкү саат он бирде
Биздин үйдө...
Касен абам менен эжекемдин
Эмнеси болмок эле?.. (*күлүп*)
Мен даярдана берейин ээ...

(*Күлжан «ооба» дегендей башын ийкейт. Нуржан кетет. Эл тарап, сахна ээндикте калат*).

К ү л ж а н.

Бүгүнкү үлпөт болор тойдун негизи,
Толук бышсын үйлөнүүнүн жемиши.
Бүгүнкү үлпөт ата-энеге көрүнүп,
Жана биздин кызык турмуш жакындап
Терезеден
Тырс-тырс каккан, тырс-тырс каккан белгиси

К а с е н.

Менимче да ошондой,
Эгинди бүткөн учурга калсын,
Биздин баш кошо турган улуу той.

К ү л ж а н.

Ооба, Касен, колхоз иши улансын.
Бригадам жакшы ишинен сыналсын,
Биз менен тең, колхоз алсын сүйүүнү
Бизден мурда колхозубуз кубансын,
Айтчы Касен, сүйүү деген эмне?

К а с е н.

Сүйөм десе — орой болор сүйүүгө.
«Сүйбөйм» десе — каргыш болор сүйүүгө,
Ошондуктан бул экөө тең айтылбай
Жата берсин бек катылып жүрөктө
Менимче
Сүйүү деген касиеттүү бир нөрсе.

(*Экөө акырын басып бара жатканда, Маймак менен Кошконмай көрүнөт. Маймактын шилтөөсү боюнча Кошконмай акырын жандап келди да Касендин чөнтөгүнө бирдеме салгандай болду*)

К ү л ж а н.

Менимче сүйүү деген
Көзгө керүнбөй турган,
Өлүмгө жеңдирбей турган,
Жаздай жароокер
Күздөй күрдөөл
Касиеттүү бир нерсе.
Кошконмай. (*Буларга кошулуп*)
Я... таттуу нөрсе?
Менин кошконмайымды...
Каап... деги
Кошконмай деп алдымбы.

(*Күлгөн боюнча чыгып кетишет*)

М а й м а к.
Кайран Кошконмай
Оңой эмес экен ээ...
Кырк бир амалым бар дегени.
Чын экен э... (*ары жакты карап*)
Башкарма өтүл бара жатат,
Кокуй жетейин.
(*Бир аз паузадан кийин башкарма менен Маймак кирет*)

Б а ш к а р м а.
Иш жаман эмес да...
Экинчи бригада да намыска келди белем,
Биринчи бригада да артта калган жок.
Быйыл мал жааты да дурус,
Бир гана коркунуч кургак бороон күчөп,
жамгыр аз болду.
Э, жаратылыш, колхозума сараңдык кыла
көрбө.
Жамгырыңан... Жамгырыңан...
Булар чөптү да, алийимди да бүтүрүштү.
Кош, Маке, кеп ошондой де...

М а й м а к.
Болгон ишти айтып турууну
Парсым деп билем, аксакал,
Бир нерсени айтайын деп,
Оозум барбай турат, аксакал...
Кулагыңызга... кулагыңызга аксакал!
(*Кулагын тосту эле бир деме деп шыбыраганда чочуп кетип*)

Б а ш к а р м а.
Эмне дейт? Өзүм көрдүм?..
(*Маймак дагы бирдеме деп шыбырады*)
Чөнтөгүндө? Анын эмнесин шыбырадың?
Ачык эле айт
Ким? Ким дедиң?

М а й м а к.
Касен!

Б а ш к а р м а.
Касен? Кантип эле?

М а й м а к.
Кудай урсун, аксакал,
Өзүм көрдүм, аксакал,
Барып текшерип көрүңүз, аксакал...

Б а ш к а р м а.
Бул эмне деген наадандык?

Касен абийири бар жигит эле го?
Кандай болуп кетти...
Бул эң кичинекей,
Эң төмөнкү иш эмеспи?
Кандайча мындай?
Биздин колхоздо мындай окуя болгон эмес.
Уят иш.
Акылдуулар кылбай турган иш.
Эң майда, эң төмөнкү иш.

М а й м а к. (*Таразаны көрсөтүп*)
Муну караңызчы, аксакал...

Б а ш к а р м а.
(*Башкарма карап, ого бетер чочуп*)
Ой бул жаман нерсе го
Беш тыйындыктан төрттү байлап коюшуптур.
Бул эмне деген жорук?
Таразачы ким эле?

М а й м а к.
Алиги окуучу кыз...
Аты ким эле...
Нуржан беле?..

Б а ш к а р м а.
Касен менен Нуржанды,
Кудай урган экен ээ...
Бул саясы тилде катуу айтылат,
Мындай иш болгону менен
Түйүнү чоң.
Кайда кетти алар?
Жок, жашыруунун кереги жок.
Аябай талдаш керек!
Тарт бери аттарды
(*Маймак эки ат алып келди*)

М а й м а к.
Туптуура районго! Тиешелүү уюмдарга!

Б а ш к а р м а.
Жок, айылга!
Бул иштин негизи те|рең,
Эң мурда өзүбүз текшерели,
Айылга!
Эң мурда өзүбүз бүтүрөлү,
Анан районго!
Эң мурда, айылга
Айылга
(*Аттардын дабырты. Таканын үнү*).

Көшөгө.

III АКТ

5-СҮРӨТ

Ракман акенин үйү. Электр жарыгы. Чоң үстөл үстүнө аш-тамактар коюлуп, үйдүн ичи жасалган. Анын астында кеңирээк бийлөө аянтчасы. Башкармадан башкалардын баары ушул жерде.

К а с е н.
Жаркыраган электричество,
Жадыраган токчулук
Заңгыраган аппак үй.
Жакшы кийинген эл
Тазалык, соолук.

К ү л ж а н.
Сиз гана кастюмуңузду жаңыртпагансыз,
Мен тарабынан эскертүү.

К а с е н.
Убакыт болгон жок,
Айып менде

С а й к а л а п а.
Балдарым,
Ойногула, күлгүлө, бийлегиле,
Ырдагыла.
Бизди караңгы колхозчу экен дебегиле.
Уялбагыла, жаман адатты таштагыла,
Маймак балам, тартынба,
Алдыдагы үмүттөн кайтпа.

Р а к м а н а к е.
Эй байбичем, өз ишиңди бил,
Экөөбүз кубанчу күндөр али көп.
Алар алдыда,
Не кыласың Маймакты жайына кой.
Жакында той баштайбыз.
Бул башталышы дейт тура,
Кел мобул кымызды жутуп жиберели,
Жаштарды өз эркине кой, киришпе

Н у р ж а н. *(Жай башкарып)*
Кана, музыка
(Оркестр «вальс» ойнойт, бийлеп өтүп жаткан кыз-жигиттер. Маймакты бери алып чыгып)
Алда Макен ай а...
Ушул убакка чейин «вальс» бийлегенди билбейсиң.
Карачы, колхоз жаштары канчалык өскөн,
Сен артта калгансың.
Мындай карма, мындай бас.

(Бийлеп кетишет).

К о ш к о н м а й.
Ой, Такыр,
Деги жигит болуп көрдүң беле?
О жаман неме,
Жаман неме деп алдым ээ...
Элден калбай кыймылдасаң боло?..

Т а к ы р.
Такыр жигит болуп көргөн эмесмин,
Такыр бийлеп көргөн эмесмин.

К о ш к о н м а й.
Кошконмайды кандай жээр элең,
Бери бас, биз элден калат бекенбиз.
Бүкчүйүп картайбай,
Койкоюп жашаруу ке|рек.
Музыканы ук, мындай бас,
Ап бали!.. Кайран Такырым
(Бийлеп кетишет).

Р а к м а н.
(Бери чыгып) Сугатым деги жакшы,
Күндүн жаабай турушу гана азыраак
жүрөгүмдү өйүп турат.
Антсе да, байбичем, балдар капа болбосун,
Биз дагы жашаралы.
Мындай бас, ап бали баракелде...
(Булардын буту келбейт, өздөрүнчө алек болуп жатканда башкарма кирет).
Б а ш к а р м а.
Тоюңарга той,
Күлкүңөргө күлкү
(Музыка акырындай калат)

С а й к а л а п а.
Той деле эмес, айланайын,
Колхозчулук экен...
Анчейин бүткөн иштин салтанатына
Ойноп-күлүшөт экен.

Б а ш к а р м а.
Аныңар жакшы,
Каршылык жок.
Бирок бүгүнкү үлпөтүңөрдү
Башка күнгө калтырууңарды сурайм.

Б у р м а.
Кандайча аксакал?
Түшүнбөй калдым.

Б а ш к а р м а.

Түшүнөрсүң,
Иштин жөнү ошондой,
Токтосун бийиңер!

К а с е н.
Ай жолдош башкарма,
Эгер андай болсо...

Б а ш к а р м а.
Андай болсо... андай болсо...
Үлпөтүңөрдүн болушу да,
Тарашы да сизден!
Токтолсун музыка!
(Эл тарап, музыка токтолот)

Р а к м а н а к е.
Эмне болуп кетти, айланайын башкарма?
Андай деле эмес чыгар дейм?..

Б а ш к а р м а.
Кандай экенин көрө жатасыз, Ракман аке?
(Маймак келип башкарманын кулагына шыбырады)
Касен бери бас,
Нуржан сиз да
(булар келишти)

М а й м а к. *(Башкармага)*
Оң чөнтөгүндө, оң чөнтөгүндө болучу,
Балким үйүнө катып келгендир.

Б а ш к а р м а.
Алдыңарда мен
Өзүңөрдүн шайлап алган башкармаңар,
Жаныңарда — өз бригадаңардын адамдары
Ак дасторкон, куттуу үй,
Колхоздун тузу, колхоздун эли, наны.
Касен мени түз кара,
Бая чөнтөгүңө эмне салдың?
Жана кайда каттың?
Тез айт, колхозду булгаба

К а с е н.
Чөнтөгүңө эмне салдың?
Кайда каттың?..
Эмнени? Жолдош башкарма!
Эч нерсе түшүнө албадым.

М а й м а к.
Мен көрбөй коюптурмунбу?
Кошконмай жеңем билбей коюптурбу?
Анткорсунганын байкаңыз
Оң чөнтөгүндө эмне бар эле?..

К о ш к о н м а й.
Ооба, ооба рас айтат, Маймагым.
(Касен чөнтөгүнө кол салды да, кагазга оролгон бир нерсени алып чыкты)

М а й м а к.
Дал өзү, дал өзү...
Ката албай калган экен...

(Тургандардын баары карайт. Башкарма колуна алат да акырын ачат. Кагаздын ичинен баягы чөнтөк саат чыкты, баары таң калып туруп калды.

К о ш к о н м а й.
Ооба өзү, өзү...
Айлансын аалам, айланбын
Сен айданган жолуңда
Акыйкат күнүң нурлансын,
Сенин адил жолуңда.
Үнүңөн,
Үнүңөн чык-чук, чык-чук урулган
Тунуктугу бир башка
Кулакка сүйкүм угулган

Б а ш к а р м а.
Айтканың ушул беле Маймак?

М а й м а к.
Жок, башка болучу.

К о ш к о н м а й.
Ушунун өзу, башка эмне эле,
Муну мага берген.
Мобул Майтык деген кайран неме,
Күкүшжан менен Касендин тою болот деп,
Угуп калдым эле кечээ...
Менин кошкон кошумчам болсун деп,
Салып койгом Касендин чөнтөгүнө,
Аял дегендин ичи тар болот,
Көрүнө берсем
Оюна дагы бирдеме кетеби деп эле...
Апий...
Бардык сырымды элге айтып койдум э...

Б а ш к а р м а.
Сен бала жөн журбөгөн немесиң,
Кылдай ишти тоодой кылып келесиң
Кайдан жайдан майда сөздү чогултуп,
Ушактоого көнүп алган белемсиң
Сенсиз деле иштеп жатат бригад
Катчы болбо, катчым жок да дебесмин.

М а й м а к.

Сабыр кылыңыз, сабыр кылыңыз аксакал,
Касен жөнүндө айтканым ушак болсун,
Макул дейлик...
Бул жерде Кошконмайдын амалы болуп кетти...

Б а ш к а р м а.
Кандай амал?Сөзүңдү ачык айт.

К о ш к о н м а й.
А Майтыйган арам десе...
Каап дагы жаңылып,
Майтык деп алдым э...
Эми түшпөдүбү эсиме,
Баса

М а й м а к. *(Анын оозун баса койду)*
Тим эле
Оозуна келгенин айтып жаткан бир неме...
Муну го мен мойнума алайын,
Макул эле...
Ал таразага жол болсун?
Таразага ким таш байлады эле?
Жолдош башкарма,
Жумшактык кылуу жарабайт, мындай жерде!

Б а ш к а р м а.
Таш эмес
Беш тыйындык чакадан төрттү де
(Такырга)
Сен таразаны өткөрүп алдың беле?
Ким канча бергенин жазып олтурдуң беле?

Т а к ы р.
Такыр өткөрүп алпам,
Баары жазылган.

Б а ш к а р м а.
Бул жерде
Ойлонула турган кеп бар, рас эле,
Маймак туура айтат
Кечирим сурайм?
Үлпөтүңөрдү үзгөндүгүмө...
Касен, Нуржан, Такыр, Маймак.
Жана Кошконмай жеңе,
Баарың менин кеңсаларыма келгиле
Маселени бетме-бет чечишебиз.
Мына ошол жерде.
Бир шектүү иш болуп турат
Менин сезимимде,
Музыкалар ойноло берсин,
Бийиңерди бийлей бергиле!

(Башкарма жана айтылгандардын баары кетишет. Күлжан көпкө туруп калып)

К ү л ж а н.
Эми кайсы музыка
Эми кандай бий?
Жок, эч нерсенин кереги жок,
Бул кандай
Түшүнүксүз уйгу-туйгу болгон нерсе?
Мен эч нерсеге түшүнө албадым.

Р а к м а н а к е.
(Эси оогондой туруп калып, Сайкалга карап)
Нуржаным бирдемеге чалдыгып алган белем?
Наяты бир болбогон жалаага,
Ким билсин...
(Сырт жакты карап)
Кара булут айланып калыптыр,
О жараткан,
Кана эми марттыгың чын болсо,
Бир куя көр.
Жамгыр, жамгыр...
Эгер жаабай кетсе түшүмгө коркунуч.

С а й к а л а п а.
Ой дүйнө оой...
Эмне болуп кетти.
Башкарманын айтуусуна караганда
Бир чатак бар го...
Айтпадым беле, Маймак эле дурус,
Касендин иши чатак.
Эми комбай кандай болот,
Күкүшүмө уят келет экен го...
(тыңшап)
Атаа, жамгыр шатырап келди...
(Жамгырдын үнү)

К ү л ж а н.
(Терезенин жанына барып алысты карап)
Жаапан жамгыр соккон жел...
Акырын, акырын теңселген эгин,
Алыста, алыста жанган оттор...
Көл толкунсуз, түн терең...
Негедир жүрөгүм бир нерсеге тыз эткенсийт да,
Кайра кубанычка жуулат.
Балалык күндөр уяң карап,
Астыдагы өмүрлөр
Мени кандайды|р
Ыраак, ыраак сапарларга ээрчитет...
Алдыдан жалаң гана кубаныч күткөнсүйм,
Ооба, болочок өмүр
Кандай кең, кандай кызык,
Кандай баатыр...

Эртеңки күткөн сүйүүдөй,
Беш жылдыктын жыйынтыгы...
Жааган жамгыр, соккон жел...
Алыста, алыста жанган оттор...
Кайгырба, энеке, кейибе, ата,
Баары, баары жакшылыкка...
Ооба жакшылыкка...
Жаа, жамгырым жаа... жаа, жамгырым, жаа...

К ө ш ө г ө.

6-СҮРӨТ

Эгиндин толук бышкан мезгили. Таң агарып атып келе жатат. Бүгүн биринчи ирет комбайн эгинге тиш салат. Алыста жаңы орулган арпалар. Эми эле ишке киришүүгө даяр турган комбайндын сөлөкөтү. Таңдын үрөң-бараңы менен Маймак чуркап кирди.

М а й м а к.
Иш бузулду... жеңиш кетти Касенге,
Эми мага жүрүү кыйын бул жерге.
Бекер кетпей, бир сааттык болсо да
Шек билгизбей жолуктуруп кесирге.
Сыр алдырбай, күнөөсү жок адамдай,
Сызуу көрек анан башка жерлерге...
Комбайндын электерин эптеп
Жумшак өгөп, болот тишин майтарсам,
Күлөр Касен бир тентектин иши деп,
Андан чоңго күчүм жетпейт, жок чамам.
(Өзүнчө аракеттене баштады. Бул мезгилде колдорунда ороктору бар Күлжан, Кошконмай, Такыр кирди).

Т а к ы р.
Мен аны такыр билбей калыптырмын,
Күндө таразаны катып жүргөн жаным,
Кашайып такыр унутуп калыпты,рмын.
Ошондо бир балээ кылган экен да Маймак каапырың...

К о ш к о н м а й.
Оңбогон гана, гана чечек,
Ушундай экен ээ...
Кап дагы чечек деп алдым ээ...
Ал мени алдайм десе керек.
Кошконмайдын кырк бир амалын ким билет?..
Жашырганым жок,
Башкармага сайрап бердим, сайрап...

К ү л ж а н.
Маймак өңдөнгөн
Кытмыр, арамза, ушакчы
Кара ниет майда адамдар
Кээ жерлөрде жүрө берет,

Алар кылган иштерин
Өзүнүн керт баштарына эсептеп келет...
— Ыргыткан таштары алыс барбайт,
Колхозго аздан, аздан кырсык келтирет.
Андыктан бизге
Кыраакылык керек!

Т а к ы р. *(Санын бир чаап)*
Атаң көрү ай...
Эсимен такыр чыгып кеткен экен ээ...
Баланчанын эмгек күнүн азайт,
Баланчаныкын кош деп азгырбады беле.
Мен такыр болбой койбодум беле.
Башкармага ошону айтпай калган экемин э...
Ой, бул калдырт дей түшкөн эмне?
Агаргансыйбы бирдеме...

(Комбайн жакты карады. Маймак буларды эми билип, жер менен жер болуп жатып калды).

К ү л ж а н.
(Күлүп) Эч деле үн жок,
Алда угар кулактыгың ай
(Комбайнга карап, жаракөрлөнүп)
Ассоолама алейкум, комбайн ата
Биз өңдүү
Эсендик, соолук болсун садага,
Биздин ырыс, биздин береке ушул эмеспи...
Карагыла, карагыла!
Өзү орот, өзу жыйнайт, өзү кызылдайт,
Мына ушундай бир азамат, садага...
Ай пай, пай, пай
Күчүңөн комбайн ата?
Бүгүн ишимдин башы.
Менин бригадама
Касендер да келе жатышат, ана...

К о ш к о н м а й.
Рас эле, жарыктык комбай экен да,
Жарыктык деп коём да
Жарыктык эмей эмне?
Көз салайынчы,
Сенин тулку-боюңа...
Касиетиңден комбай, касиетиңден...

(Булар айлана бергенде Маймак боортоктоп барып эгиндин арасына кире жыгылды. Андан ары чуркай албай сулк жатып калды).

Т а к ы р.
Комбайнга жалына бербей, орокко кирели
Аны такыр эле көрбөй жүргөнсүп...

К ү л ж а н. *(Касендер жакка карап)*

Жигиттигиңди сынайбыз бүгүн, Касен!
Комбайның экөөң
Кубант бизди!
(Касен, Нуржан, Сайкал апа, Ракман акелер киришет).

К а с е н.
Кана жолдош тракторист
Айдат дөңгөлөгүңдү
Биздин жаңы штурбал ким эле?

Н у р ж а н.
Жаңы штурбал
Менин окутуучум
Сиз болсоңуз керек.

К а с е н.
Андай болсо *(Комбайнды көрсөтүп)*
Ордуңузду алыңыз.
Колдо, колхозум, колдо, дыйкан баба
Айда, тракторист!
(Трактор жүрөт, комбайн иштебей калат)

К а с е н.
Эч нерсе эмес, эч нерсе эмес
Боло берет, айда, тракторист!

(Бир аз күркүрөп барып кайра токтоду. Касен өзүнчө бүлүк түшүп)
Кана үчүнчү ирет!
(Жүрбөйт)

К ү л ж а н.
Дагы кандай кырсык?
Касен, кана сенин жигиттигиң?
Кана азаматтыгың?

Н у р ж а н.
Касен аба,
Мен тарабымдагы буудайды элей турган
Электерде бир бузук бар. Караңызчы.
(Касен карады да, өзүнчө бүлүк түшүп)

К а с е н.
Бул кайсы зөөкүрдүн кылганы?
Алда колуң сынгыр ай э,
Комбайндын элеги менен да ойнойбу?
Айда эми,
Кеттик алыска!
(Комбайн бир аз иштей баштаганда)

К ү л ж а н.
Токтот, Касен!
Буудайлардын баары эле калып жатпайбы.

Комбайның чала оруп бара жатат.

К а с е н. *(Карап)*
А... комбайндын тишинде кеп бар экен.
(Түшө калып карап)
Охоо... Зөөкүр эмес эле, анык кара санатайлыкко!
Комбайндын тишин бирөө жаңы гана өгөп кирген экен.
(Баары карап жатышты)
Токто мунун дарысы опоңой.
Мен муну бир минутта тилге келтирем.
(оңдой баштайт).

Н у р ж а н.
Комбайндын тишиң оңоп?..
Мында бирөөнүн колу бар го!
Эки жагыңарды байкап көргүлөчү,
Эгиндин арасы бүлк дей түштү.
Ой тигил ким? Чуркагандай болду!
(Нуржан түшө калып эгинге кирип жок болду).

К а с е н.
(Оңдоп болуп, тигилер тарапты карап)
Кошконмай оң жагына салды,
Такыр жетлей калды.
Баракелде, Нуржан кармады.

(Элдин уу-дуусу күчөй баштайт. Нуржан Маймакты кежигеден кармап түртүп жиберди. Маймак өзү мындай болот деп ойлобогон ишке басынып)

М а й м а к.
Түшүм болуп калсачы...

Н у р ж а н.
Баягы Маймак мырза турбайбы
Көргүлө жолдоштор, таанып алгыла,
Бул кадимки Маймак!
Бул кечээ эле күнү бизди жалган
ушактап, ачылган айбына чыдай албай,
Касиеттүү комбайнга арамдык кылган
Кытмыр Маймак.
Жолдош башкарма кечээ күнү бул
Маймактын
Сырын толук ачкан. Бүгүн биз дагы ачтык.

М а й м а к.
Тамаша кылдым эле...
Түшүм болуп калсачы,
Түшүм болуп калсачы.

К а с е н.
Жок, Маймак бул тамаша эмес,
Жана түшүң да эмес,

Баары акыйкат, баары чындык.

Р а к м а н а к е. *(Аялына)*
Мына көрдүңбү, мактаган Маймагыңды

С а й к а л а п а.
О кудай, ушундай экен э.
Наалат, наалат чайыттай бетиңе!.

Б а ш к а р м а. *(Кирип келип)*
Ишиңер илгери болсун
Бул не деген чогулуш?
(Маймакты көрүп)
А... Маймак мырза белем, кур кетпей
Экинчи бригадага таш ыргыта кетейин
деген го. Түшүнүктүү... түшүнүктүү...
Сельсоветтин председатели экөөбуз издеп
таппай жүрдүк эле. Сельсоветке райондон
кагаз келиптир,
Маймак Майрыков биздин областтардын —
райондорунда чарба иштеринде жүрүп,
өкмөттүн мүлкүнө чоң коромжулук кылып,
акыры бети ачылганда изин жашырып кеткен
дейт. Муну байкабаган эл, колхозчум муну
дагы угуп ал. Ана алар да келе жатышат.
Эмесе жеткирип бергиле.
(Маймакты алып кетишет)
Жөнөт комбайнды, Касеним!

(Комбайндын күркүрөп жүрүп кеткен белгиси). Ап бали рахмат, Касеним. Баса, ушундай эле дейм да. Баракелде, Нуржаным, сонун штурбал болгон тура...

К ү л ж а н. *(Кубанып)*
Сүйүү деген
Касенимдей ак ниет,
Касиеттүү нерсе экен го.
(Үн берип)
Менин бригадам, арпага орок салалы!
Кана, ээрчи мага!

Б а ш к а р м а.
Жүргүлө, орок салалы!

(Комбайндын үнү. Чабылып жаткан эгин. Элдин элестери... Сахна ошол замат кызыл кырманга айланат).

Б а ш к а р м а.
Биринчи дан мамлекетке!
Ак ниет колхозчулардын ак эмгегин
кабыл ал,
Ач дарбазаңды, ата журт!
Биз жөнөткөн кызыл жүктүн көптүгүнө,

Көз жетпей тунарсын!
Тарткыла пунктту карай, аэаматтар!
(Жөнөп кеткен кызыл жүк, кыймыл, кызык жумуш)

К ү л ж а н.
Молотилка менен комбайнга карап турбастан,
Менин бригадам, башта теминиңди

Э л.
Күчүбүзгө күч келсин,
Көп түшүмүн күз берсин,
Теминге басып иели
Буудайдын башы түшпөсүн
Оп майда, майда
Оп майда, майда
Алтын көйнөк күз келсин,
Арбын арбын күч берсин.
— Теминге басып ийели,
Арпанын башы түшпөсүн,
Оп майда,
Оп майда,
Байлыкка байлык улансын
Ата-журтум муну алсын.
Эмгек сүйгөн элибиз
Колхозуна кубансын,
Оп майда!
Оп майда! Майда! Майда!
Оп! Оп!

К ө ш ө г ө.

IV АКТ

7-СҮРӨТ

Көшөгөнүн алдында Кошконмай менен Такыр, экөө эки чоң баш буудай көтөрүп келе жатышкан.

К о ш к о н м а й.
Айланайын, алтынайым, эмгек күн,
Кыш айланып жыл маалында келмек күн,
Былтыркыдан үч мартебе ашырып,
Эсеп кылып, эмгек акы бермек күн,
Сен буудайдан канча алдың ой, Такыр!

Т а к ы р.
Бир эмгекке сегиз кило буудайдан
Токсон толо мешок мындайдан,
Санап, санап санат жетпей мен айран...
Аз эле...
Мындан башка такыр эчтеме...

К о ш к о н м а й.
Тигини
О кайран неме...
Ий кайран неме деп алдым ээ...
Ай ий... канча болот эсептегенде?
Ал эми картөшкө менен алмадан,
Помидор менен дарбыздан?

Т а к ы р.
Эки миң кило картөшкө
Толгон, толгон жашылча
Туура бир ай ташылат,
Эгер жөө ташыса...
Аз эле...
Мындан башка такыр эчтеме...
Кошконмай.
Алда арам десе,
Каап арам деп алдым ээ...
Меники сеникиндей үч эсе,
Ой, акчаданчы?

Т а к ы р.
Шагыраган червондон
21 миң тесте алдым!
Аз эле...
Мындан башка такыр эчтеме...
К о ш к о н м а й.
О балакет десе...
И балакет деп коём э...
Меники сеникиндей эки эсе
Ай сен такыр дебей жүрчү,
Жаман угулат экен эң эле.

Т а к ы р.
Такыр айтпайм эмесе.
Сен да кошконмай дебе.

К о ш к о н м а й.
Макул айтышпайлы эмесе,
Мындан тышкары:
Мага үч пуд кошконмай тиет экен эсептесе.
Сен акчаңа эмне аласың я?

Т а к ы р.
Чистай кийинем,
Селпого шивиёт кастюм, жибек көйнөк, калпак
Келиптир дейт.
Азыр эле барып калам.

К о ш к о н м а й.
Мен мончосу бар там салдырам.
Кел эми эптеп жетип алалы.

Көтөр, Такыр.

Т а к ы р.
Атааң көрү ай...
Экөөбүз бир автомобиль сатып ала турпан
экенбиз ээ...
Баягы ырың кандай эле?

К о ш к о н м а й.
Кайсы жерде жүрсөң да,
Колхозумду сыйлай жүр,
Колхозчумдун балдарын
Жамандыкка кыйбай жүр.

(Чыгып кетишет. Көшөгө көтөрүлөт. 2-сүрөттөгү көрүнүш. Ошол эле орундукта башкарма китеп окуп олтурат).

Б а ш к а р м а.
Биздин колхоз бүгүн «Ардак тактада»
Бул бетинде мактап жазган макала,
Ай жакшылык, бүт келесиң бир келсең,
Быйыл дурус, эгин жана мал чарба.
Бүтүп салдык мамлекеттик планды,
Эмгек күнгө үч килодон дагы да
Эки жылын ийгиликтүү аяктап,
Алкыш айттык төртүнчү беш жылдыкка
Азыр келет райондун адамы,
Не дээр экен, тыңшайлычы аны да,
Калк жыйналсын коңгуроону ургула

(Коңгуроонун үнү. Башкарма кетери менен аябай өзгөргөн, жаңы шляпа, кастюм кийген, сакалын алдырып, мурутту серптирип жашарып алган Такыр кирет. Ал унчукпай келди да орундукка олтурду. Бир аз паузадан кийин Кошконмай келди).

К о ш к о н м а й. *(Такырды тааныбай калып)*
Сулуу гана... сонун жигит зкен э.
И... сулуу деп алдым э...
Бизге окшогон бай колхозго жакшы иштеп,
Ардакталган азаматтан экен э...
Кичи пейил сонун жигит көрүнөт,
Биринчи ирет тийишпеске эмине?

Т а к ы р. *(Өзүнчө, үнүн өзгөртүп)*
Бул таттуу аял ким эле?

К о ш к о н м а й.
Ой, товарищ, кайдан келди?.. Айтыңыз...
Биз молодой, эң молодой бактыңыз!
Сиз келдиңиз, биздин колхоз пришел?
Биз хороший, бир мен эмес, жалпыбыз.

Т а к ы р.
Не понимаю.

К о ш к о н м а й.
Айбыкбай кел, чистий, таза кибитим.
Баранчук бар, жүр көрүп кайт, биздикин...

Т а к ы р. *(Далысын күйшөгөн болуп)*
Такыр не понимаю.

К о ш к о н м а й.
Биздин план кончил болду... Жакшы кез,
Конокко бар,
Бажалюста, бажалюста...
Кантым, чайым,
Кошконмайым толтура...

Т а к ы р.
Таптакыр не понимаю.
Кошконмай.
А... Арам десе,
Арам десе деп алдым ээ...
Орус жигит болгону менен
Орусча билбеген неме экен ээ...

Т а к ы р.
Мен Такыр, садагасы кетейин!

К о ш к о н м а й.
Ай арам десе...
Арам десе деп алдым э...
Сени орус жигити экен деп,
Катырып орусча сүйлөшүп жатпайымбы,
Баятан бери эле...

Т а к ы р.
Айтпадым беле бая,
Бул эмгек күндүн костюму
Жыйналыш болот дегенинен эле,
Жасанып келип калдым.
Мына алды келе баштады.
(Нуржан, Сайкал апа, Ракман аке)

С а й к а л а п а,
Нуржандын маңдайынан өөп
Шашпа балам, сабыр кыл,
Көл бетннде кеме жок...
Ар жыл сайын келип тур,
Жазгы келгин кушка окшоп.

Н у р ж а н. *(Алысты карап)*
Көл да бүгүн көңүлү жаркып, толкунсуз,
Мен кетерде пейлин төгөт, болбой суз...
Бир аз жүрдүм туулуп өскөн айлымда

Көптү үйрөттү мектеп болуп бул турмуш,
Мен кааласам чалгы шилтеп чөп чабам,
Экинчи өнөр — апийимди тиле алам,
Үчүнчү өнөр орок ором шартылдап,
Төртүнчү өнөр комбайнга штурбал.
Билдим жана колхозчу элдин мүнөзүн
Билдим жана ак эмгектин гүлдөшүн,
Билдим жана Маймак өңдүү кытмырдын
Өз жаны үчүн көпкө кылган күнөөсүн
Кечирмей жок чындык сөзгө таарынсак,
Жардам берип иет жазышам алыстан
Коштошмой бар, кош жаным колхоз деп
Аманбы деп, сагынычтуу Фрунзам...
(Башкарма, Күлжан, Касендер киришет)

Б а ш к а р м а.
А Нуржантай, ким менен коштошуп
Ким менен амандашып жатасын?

С а й к а л апа.
Бүгүн кетем деп эле...
Колхоз менен коштошуп жатабы...

Б а ш к а р м а.
Оху... Баса, Нуржан бүгүн окуусуна жөнөйт эмеспи...
(маңдайынан сылап)
Нукештайым
Айланайын.
Колхозума күч бердиң
Көп нерсени бүткөрдүң,
Нукештайым,
Эркетайым,
Фрунзеде айтып бар,
Өссүн кыздар,
Өссүн балдар,
Акыл жаштан табыдар.
Нуржантайым
Кагылайын,
Шаарыңа айт мындай деп,
Сен өңдөнгөн
Кыз-келиндер,
Колхозума эң керек.

К о ш к о н м а й.
Ооба, айта бар балакетиң алайын,
Биздин колхозду да унутпай айт,
Экинчи бригаданы, анын бригадири Күлжанды,
Жөпжөнөкөй колхозчулар:
Сайкал апам, Рахман акемди
Такыр байкеңди, жана мени...
Кошконмайдай таттуу жеңеңди да унутпа.

Мени унутсаң да
Кадырлуу башкарманды,
Комбайнчы Касенди унутпа...

Н у р ж а н.
Эгер өмүр жетишсе
Баарыңарды жүрөгүмдө сактайм.

Б а ш к а р м а. *(Кагазын карап)*
Пай, пай, пай... угуп тургула
Мамлекеттик планын ашыгы менен
орундаткандыгы
үчүн — бир той,
Өзгөчө ийгиликке ээ болгон бригаданын
тою—эки.
Ударниктердин өзүнчө тою — үч
Нуржанды уэатуу тою — төрт!
Жана... жана... Күлжан менен Касендин
үйлөнүү
тою — беш.
Он сегиз той бир келген экен да...
(машинанын үнү)

К ү л ж а н. *(Ар жакка басып келип)*
Жолдош башкарма, райондон киши келди.

Б а ш к а р м а.
Азыр... Азыр...
Кетпей тургула, жыйналыш болот.
Р а к м а н а к е.
Райондон киши келсе
Кур келбес, бир кеп бар...

К а с е н.
Он сегиз той, он сегиз салтанат...
Ал аз болсо мына дагы той!

(Колуна Кызыл Туу алып, райондун уполномочени, башкарма жана башкалар киришет).

Уполномочен. Жолдош башкарма, Сизге түшүнүктүү чыгар деп ойлойм.

Б а ш к а р м а. Толук түшүнүктүү, Күлжан чечендик жайың бар.эле, бирдеме де.

К ү л ж а н. *(Алдыга чыгып)*
Мен чечен эмесмин, агайындар
Өз милдетин абийирдүүлүк менен аткарган
Жөнөкөй гана колхозчумун.
Төртүнчү беш жылдыктын биринчи жылын ийгиликтүү
аткаргандыгыбыз үчүн сиздердин атыңардан бул касиеттүү
Кызыл Тууну колго алайын!

Б а ш к а р м а.

Колхоздун атактуу комбайнчысы Касен,
Белгилүү ударниктер Нуржан, Күлжан, Сайкал апа,
Такыр аба, Ракман аке *(Кошконмайды көрсөтүп)* жана
сиздер Кызыл туунун жанына келиңиздер.
(Баары келет)

Уполномочен. Жеңген жеңишиңер жана мындан аркы ийгилигиңер үчүн, төртүнчү беш жылдыктын салтанаты жана колхозчулардын алга өсүшү үчүн! Жолдош башкарма, партиябыз менен өкмөтүбүздүн бакыт жана таалайын жакшы сыйлаңыз!

Көшөгө.

РАКЫЯ

IV актылуу, VIII сүрөттүү пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

Б и р и м к у л — белгилүү актив.
Ш а й ы р ж е ң е — башкарма.
К у н д у з — Ракыянын энеси.
А п а к а й — Ракыянын жаңы коншусу.
Р а к ы я — миң центнерчил комсомолка-звеновая.
Б о л о т — Ата Мекендик согуштун инвалиди. Көк кашканын заяпкери.
С а к и ш — эгин жана кызылчанын зыянкечтери менен күрөшүүчүлөрдүн бригадири.
К у б а т — башкарманын иниси, тракторист.
Ш е й ш е н — корукчу.
Д ү й ш ө н — бакчачы, жылма таз.
А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и.

Окуя ушул күндө, Чүй өрөөнүндө өтөт.

I А КТ

1-СҮРӨТ

Тогузунчу майдын түнү. Колхоздун аянтчасы. Кремлдин сааты урулар менен жакшынакай музыка ойнолду. Аңгыча колхоздун атактуу күлүгү Көккашканы минген Болот пайда болду. Ал айдын мунарыгына карай кол сермеп:

— Жеңген күнүңөр менен, курдаштар!
— Майрамыңар менен, курдаштар!

дээр замат алда кайдан көк-кызыл ракетанын учкундары көрүндү. Ошол замат жанакы музыканын уландысы ойнолду. Болот сценанын тереңине келди да:

Б о л о т. Ракыяжан! Колхозум үчүн, жана сен үчүн! Бир минут кечигүү кылмыш болор эле... Өлкөгө берген шерт кана? Эгер бул коркунучтун алдын албасак — элге намыс, журтка уят! Ооба, мунум ырас! Эки аранын ортосу кырк чакырым! Кырк чакырым! Эртең чоң жарыш! Жаныбарым Көккашкам курчуң кете түштү белем... Мейли, шарты келбесе тобокел! Алдын алуу керек! Табигаттын кырсыгы тамаша эмес,

алдын алуу керек!

—Жеңген күнүңөр менен, курдаштар!

—Майрамыңар менен, курдаштар!

(Ал көздөн кайым болор менен, кайра музыка ойнолду. Ошол замат сцена күндүзгү жарыкчылыкка айланды. Калың бакка чөмүлгөн колхоз кыштагы көрүндү. Бүгүн жеңиш майрамы болгондуктан күлүк сүрөгөн элдин уу-чуусу:

— Ала-аяк, Ала-аяк!

— Шумкар! Шумкар!

— Бирлик! Бирлик! Кайыңды...

— Көккашка! Көккашка!

(Үндөрдүн аягы суюлар менен, көңүл калдылыгын билгизген добуштар. Биримкул ызалуу басып келди да, калпагын жерге бир урду).

Б и р и м к у л. Арам өлгөн Көккашка! Арам өлгөн Көккашка! Эч болбосо экинин соңу болсоңчу... *(Туталанып)* Түү... күйбөгөндө кантем, күйбөгөндө кантем!

(Мунун артынан башкарма Шайыр жеңе келди).

Ш а й ы р ж е ң е. Армиядан айлан, Көккашка! Армиядан айлан! Мен муну Армияга-арнап жүрбөйүмбү... Чыгып келе жатып тык туруп калса болобу...

Б и р и м к у л. Төх десеңчи... Чекемен тер чыга түшкөн экен. Кантейин... кантейин... Эл «Шайыр жеңе» дейт экен, мен башкарма эле дейин. Төрт миң сөлкөбайың жазгы кайткан Сары-Жондун казындай эле *(колун ирмеп)* чур... чур... чурр... дей түштү белем. Аял десе арданасыңар, мелдешүүнүн кереги жок эле. Ошол жарым жан Болотко ишенгениңер... Заяпкер деген оңой өнөр эмес. Ай, кантейин да!

Ш а й ы р ж е ң е. Эй, Биримкул баатыр ай э, анын эмнесине кейиш! Күлүк бирде калат, бирде чыгат. Байгени жумуштан жеңиш керек. Баягы майрамдын салтанатында сынды деген кеп да. Бирок ал сынгандыкка деле жатпайт. Болотту жарым жан дебе, ал ата-журт үчүн инвалид болгон, жаштан үмүт үзүш жарабайт. Андан миң күлүк айлансын. Ардана турган деле себеп жок. *(Аябай жашып Шейшен менен Дүйшөн келди).*

Ш е й ш е н. *(Кейип).* Олдо союлгур ай э... Союлгур ай э... Дүйнөдө күлүгүң калгандан жаман неме жок... Күлүктөнбү? Же заяпкерденби? Болот жакшы эле жөн билги жигит эле... Олда Көккашка, сенин кордугуң аай...

Д ү й ш ө н. *(Токтоо).* Кантип эле? Деги эле жердин жети катарындагы бабаларыңча сүйлөйсүң да, Шейшен! Койсоңчу болбогон кепти. Ал кандай күлүк? Кандай жаман иш? Калса бир күлүк калгандыр, андан көрөкчө... *(Апакай кирип келип, болду болбоду сөз күлүк жөнүндө болуп жатканын билип).*

А п а к а й. Айып заяпкерде да эмес, күлүктө да эмес. Түн жарымында менин үйүмдүн жанынан бир дүбүрт өткөн. Кантсе да Болот акең алысты арытып кайткандай болгон... кеп мына ошондо, табында айып жок.

Б и р и м к у л. Анысын билбейм. Күлүктөрдү айдаган жол жаман болуп калды. Бурма-Суунун бөксөсүнө салуунун ордуна, Узун-Кырдын кыясына салып коюшту.

Ш е й ш е н. Дүйшөн бакчачы сенин кагып сүйлөгөнүңдү кабыл алайын. Макул кейибей эле коёюн. Жана Биримкулум сага да жооп—Узун-Кырдын жолунда кайсы айып? Ана өзүң деле карачы. Тим эле таз кишинин башындай жалтырап жатпайбы?.. Түз десең — түз, кашка десең — кашка!

Д ү й ш ө н. *(Дароо калпагын кие койду).* Э... күлүкмүлүгүңөрдү койгулачы. Андан көрөкчө шаропке менен отоонун камын жейли.

Ш а й ы р ж е ң е. Дүйшөнүм туура айтат. *(Ары жактан чыккан элдин дуусун басып).* Болду эми, чууңарды баскыла! Калган күлүгүңөр калды. Күлүктүн күлүгү Октябрдын отуз жылдыгына арналган жарышта билинет. Жениш майрамы кызылчаны жумшартуу жана эгиндин экинчи отоосу менен улансын. Эмки тамаша кечкиге калсын.

Д ү й ш ө н. Кызылчадан гектарына 800, эгинден 30 центнерден тилегиле. Төбөңөр көккө жетет. Кандай наамга жетериңерди унутпагыла.

А п а к а й. Социалисттик Эмгектин Баатыры дегенди айткан турасың го, бакчачым. Өңгөдөн мурда ушу сени үйлөнтүш керек эле... *(Шыбырап).* Ракыяга кол серме, кургурум...

Ш е й ш е н. Атааң көрү ай, алиги стыкан Ракыянын кызылчасын айт, 800 эмес, 1000 центнер түшкөндөй. Бир да отоо чөбү жок. Тим эле таз кишинин башындай.

Д ү й ш ө н. *(Калпагын кие койду).* Сенин мындан башка айтарың жокпу, ой, Шейшен? Ракыянын көзүнчө оозуңан чыкса эмне болосуң, я?..

Б и р и м к у л. Жөнөгүлө! Быйылкы жыл эң жооптуу жыл. Отоо, суюлтуу гана мол түшүмдү камсыз кыларын унутпагыла. Быйыл эң жооптуу жыл. Жөнөгүлө! Жөнөгүлө!

Ш а й ы р ж е ң е. Биримкул дейм, ушу сага көптөн бери айтам деп эле унутуп жүрөм. Парторг дейин десем парторг, агроном дейин десем агроном, бригадир дейин десем бригадир эмессиң. Бирок буйругуң чоң.

Б и р и м к у л. Сенден мурдагы башкармалык адатым.да. Көнгөн адатка айла жок. Айып этпе. Кара жумушка кирейин дейм. *(Көкүрөгүн көрсөтүп).* Мындан уялам.

Ш а й ы р ж е ң е. Уялуунун ордуна мактаныңыз! Сиздики жалаң медаль турбайбы. Корукчу Шейшенде эки «Кызыл Жылдыз», бакчачы Дүйшөндө бир «Кызыл Туу» ал эми катуу жарадар болуп кайткан заяпкер Болотто Ленин ордени бар.

Б и р и м к у л. *(Уяла түшүп).* Булар аскерде жөн катардагылар болсо керек, мен лейтенант... *(Сөзүн буруп).* Айтканыңызда ката жок, башкарма. Макул мен да бекер турбасмын. Эмесе жумушка чыгалы. *(Сабыры суз келе жаткан Болотту тосуп).* А... Болот курдаш... неге жылдызың түшөт... көптөн берки таптаган Көккашкаң көксөнү суутту белем. Заяпкердигиң болбоду го. Эми кайсы кесипке көчөр экенсиң... антчү эмес, кейибе... башкарма туура айтты, жумушка жөнөйлү.

Б о л о т. Эмне дейин, менин дайынымды угарсың. Аны жакында угарсың... *(Хорду туурап).* Ал, алгыла! *(Ракыяны карап)* ал, алгыла! Ал, алгыла! Башкарма! *(Алысты көрсөтүп)* Ал, алгыла! Ал алгыла! *(Ракыя менен Болоттон башкаларынын баары кетти. Бир аз паузадан кийин).*

Р а к ы я. *(Жаракөрлөнүп)* Биримкул шайыр жигит, Болот. Сен болсоң кээде сүз кээде ойчул, кээде ачылган күндөй жарыксың... Азырчы, азыр... өйдө карачы... *(Болог күлүп жиберди. Ошол замат Шейшен менен Дүйшөндү ээрчитип Биримкул кирди).*

Б и р и м к у л. Шейшен менен Дүйшөн, көзүңөрдү ачып жүргүлө. Мени чактап чактап кекээрлегиле. Райкомдо кишилерим бар, мен эмне колхозго бекер эркелеп жүрүптүрмүнбү. Жакында баштагы кызматымды аламбы деген үмүтүм бар. Райкомдогулар каршы эмес. Кошкула. Жумушка кеттим! *(Экөө туруп калды).*

Ш е й ш е н. Башкарма болом дейби? Шайырда кайсы күнөө?

Д ү й ш ө н. *(Бырс күлүп).* Ой бул жөн эле бозо сөздөн сүйлөйт да, я? Район дегенин кара-колхоздун уставын билбеген неме го. Колхоз шайлабай туруп, район кайдан шайлайт? Ой көпкөн неме десе! Ой, күлкүм келип кетти, ой! *(Экөө боорун тырмап күлүп калышты).*

Р а к ы я. Сөзүңөрдү укпай калдык. Айта күлтүлө.

Ш е й ш е н. Дайыны жок кепти укканда, таздын башын көргөндөй кыжырым келип кетет *(Байкай калып оозун баса койду. Дүйшөн калпагын кие коюп качмакчы болду).*

Р а к ы я. *(Дүйшөндүн колунан кармап).* Көрсөң, амандашпайсың, кетсең коштошпойсуң, Дүйшөн. Негедир менден алыстап жүрөсүң... Токтосоң, тең күлүп, тең кубаналы. *(Шейшен Дүйшөнгө көзүн кысты).*

Д ү й ш ө н. Колхозчулук экен, Ракыштай. Кызык иш, чолоо тийбейт. Убакыт аз. Күлө турган деле эчтеме жок. Бакчама барайын. Сен коругуңа бар, ой Шейшен. Жүр кеттик. *(Шейшенди колунан жетелеген бойдон чыга жөнөдү).*

Б о л о т. *(Таң калып туруп калган Ракыяга карабай).* Биримкул шайыр жигит. Колхозго керектүү жигит. Жана: «эмне үчүн жылдызың түшөт, кой кейибе... эми кайсы кесипке көчөр экенсиң...» дейт. Менин кайгым Көккашка эмес. Быйылкы эгин

менен кызылчанын коркунучта тургандыгында... Райондук уюмдарга кабар бердим эле, алар неге кечигет!.. Биринен да дайын жок. Агрономдор келмек эле... Район боюнча атак алган колхозумдун тагдыры кандай болот?

Р а к ы я. *(Басып келип).* Дүйшөндүн сөзүнө түшүнбөй калдым. *(Болотко).* Болотжан, сен ар убак мени Биримкулга күнүлөйсүң... Олтурчу, сүйлөшөлүчү... Рас мен миң центнерчил деген атакка кондум, сыйландым, урмат, кадыр... мына эми жаңы үйгө кирген турам... Бирок ошондой болсо да сени эсимен чыгарганым жок.

Б о л о т. *(Өз оюнан кетпей).* Майрамда мүнөзүңдү бузбайын дедим. Эл бүгүн биринчи жолу билет.

Р а к ы я. Ана айткам. Эл билет, шектенем... деп эле жүрөсүң. Рас, колхоздо бирге окуп, бирге чоңойдук. Аңгыча согуш башталды. Кандай гана жарадар болсоң да күтөм дедим. Күттүм, сен келдиң...

Б о л о т. Мен муну сенин да, өзүмдүн да бактысыздыгыма жоруйм...

Р а к ы я. *(Аябай күлүп).* Көккашканын калышына бакыт кирип кетиптирби? Күлүктүн жөнүн билбеген өз жайсыздыгың, Болот!

Болот. Аны айтпайм, Ракыяжан *(Алысты көосөтүп).* Тээ алыска көз жиберчи. Бурма жеңем менен сенин звеноңдун күздүгүн карачы. Неге мезгилинен мурда саргаят?

Р а к ы я. *(Күлүп).* Быйыл жаан аз... Ошондон...

Болот. Жок Ракыяжан, кечээ Көккашка менен аралап келе жатып көргөм. Мите курт.

Р а к ы я. *(Жүрөгу шуу дей түшкөндөй)* Укпай калдым... Эмне дейсиң?

Болот. Сенин участкаңа жанакы... черепашка түшүптүр...

Р а к ы я. *(Чоочугандай).* Мите курт... Черепашка... Сөзүң жаман го, Болот?.. Неге карап туруш?.. Колуман карма, карма, карма колуман, Болотжан... Кечээги балалык күндөр эсиңдеби... Баягыда кызылча ташып жүрүп катуу жаанга калып, кол кармашып алып чуркаганыбыз эсиңдеби... Карма колумдан, Болотжан... Сен шекшинген жерлерди чуркап жүрүп кыдырып чыгалы... Жүрөгүм учуп баратат... Чуркайлычы, Болотжан...

Б о л о т. *(Уяла түшкөндөй).* Бир бутум жок эмеспи, Ракыяжан. Мага кымбат нерсени айтасың. Мен ал кезге жете албай калдым.

Р а к ы я. Я!.. Баса, айткан жок элең да!

Б о л о т. Өзүң билер дедим... Анын эмнесине мактанам, Ракыяжан?

Р а к ы я. Билген эмесмин. Сүйүүдө кемчилик көрүнбөйт эмеспи... Артымдан келерсиң... *(Талааны жаңырта кыйкырып).* Шайыр жеңе-е-е!.. *(Анын чуркашына карай ойнолгон музыка).*

Болот. *(Көпкө карап калып).* Соолук кандай кымI бат нерсе!..

2-СҮРӨТ

Ошол ат чапкан күндүн кечки мезгили. Ракыяга берилген жаңы үйдүн ички көрүнүшү. Көнгөн адат боюнча Кундуз эне электр жарыгы бар экенин унутуп, чырак жагып койгон. Өзү ар жакта өрлүктөп келүүчүлөрдүн түйшүгү менен алек. Стол үстү жакшы жасалып, ичкиликтер жана аш-тамактар коюлган. Букет кооздуктары да бар. Үй ичинде Шейшен менен гана Дүйшөн.

Ш е й ш е н. Жакшы үй экен ээ, Дүйшөн... Атыр эле жыттанат. Ай, кайран өкмөтүм ай, ударникти жаныңдай! көрөсүң ээ?..

Д ү й ш ө н. Ракыя бактылуу кыз турбайбы... Бирок мына бул кырсык жүрөктү өйүп турат. Кызылчадан миң центнер берем деп кол койгону кандай болор экен... Ээй, Шеке ай э... Мен жөн ашык болуп жүрөт дейсиңби... Ой чиркин ай, асты-үстү тең бирдей тактайланган экен э...

Ш е й ш е н. Тим эле таз кишинин... *(сезе калып, өз оозун баса койду).* Тазалыгын айтпа... Бул черепашка дегениң бир балээ экен го... Бир жагынан терсең, кайра

бир жагынан өрчүп турган неме көрүнөт.

Д ү й ш ө н. Атааң көрү ай, кырк миң уул кырк миң кызым болуп, желмогузуңду таруунун ташын тергендей терсем ээ...

Ш е й ш е н. Ай, Дүйшөнүм аа... Андан көрө аялым болсо деп тилесеңчи...

Д ү й ш ө н. Ракыяга колум жетер бекен, я Шеке?

Ш е й ш е н. Болотту кантесиң?

Д ү й ш ө н. Жок, мен анчейин ашык болгонумду айтам. Болотко кантип кара санайын. Деги ошондой болсо да, менин ашыктыгым жөнүндө бир кеп салып көрчү, Шеке...Тим эле тамаша үчүн... Сүйгөндүн сүрүндөй күч барбы... Жүрөк даабайт.

Ш е й ш е н. Жарайт, сени эле мактай берейин. Ой айланайын Дүйшөнүм, мен алиги Сакиш шайтанга көңүлүм жылыйт да я? Тим эле жүрөгүм таз кишинин башындай сыздайт... *(оңдоп)* А... жүрөгүм алып учат...

Д ү й ш ө н. Кайсы Сакиш?

Ш е й ш е н. — Алиги, эгин менен кызылчанын зыянкечтери менен күрөшүүчүлөрдүн бригадиричи? *(Ошол замат Сакиш, Кубат кирип келишти).*

С а к и ш. *(Эшиктен).* Руксатпы? О Шейшен агай менен Дүйшөн мында тура. Үй ээлери кайда, агай? *(Шейшенге)* Башкарма ушунда дебеди беле! Кубат букетиңди столго кой.

Ш е й ш е н. Биз дагы жанагы черепашканы кантип жоготуу жөнүндө пикирибизди айталы деп башкарманы ушунда дегенинен издеп келдик эле.

С а к и ш. Кош, ал кандай пикир, агай?

Ш е й ш е н. Айланайын Кубат, айтчы карындашка, «агай» дебей сүйлөсүнчү.

К у б а т. *(Шейшенге).* Сакиш сиздин пикириңизди уккусу келет. Бул кыйын кырсык болду го. Пикириңизди айтыңыз...

Ш е й ш е н. *(Тайсалдап).* А... Дүйшөн сен айтчы... Бакчачы эмессиңби, жолун сен билесиң го... Жана эмне дедиң эле?

Д ү й ш ө н. Ооба... Ооба...

А... Кырк миң уул, кырк миң кыз... жана жүз сексен миң кара чыйырчык...

С а к и ш. Дагы... Дагы...

Д ү й ш ө н. Жана отуз миң тоок болсо...

К у б а т. *(Аябай күлүп).* Опоңой нерсе экен...

Ш е й ш е н. Жок, кара чыйырчык эмес, ала чыйырчык...

С а к и ш. Туура айтасың агай... Ак тоок эмес, кара тоок...

Ш е й ш е н. Айланайын карындаш, «агай» дебей сүйлөчү. Анан кантели, айла кеткендеги кеп да. Бул балакетиң түгөнбөөчү неме турбайбы.

С а к и ш. Зыянкечтер менен күрөшүү менин милдетим болгондуктан, көп чараларды көрдүм. Анын жыйынтыгын бүгүн түндө көрөсүңөр... Бирок бул кырсык чоң кырсык. Ошондой болсо да жеңүү биздин парс. Ошондой эмеспи, агай! Кундуз энем кайда? Биздин өрлүктү кабыл албайбы? Ракыя болсо өз участкасы менен алек. Ал да келет. Кубат, аккордеонуңду ойной бас. Мейманканасына кирип олтуралык. Жүргүлө, агайлар!

Ш е й ш е н. *(Кетип бара жатып).* Сакиштин сөзү жакшы. Балакеттин ажалы да табылган көрүнөт. Ой Дүйшөн, шылтоолоп «айланайын» деп алдым, байкадыңбы?

Д ү й ш ө н. Мен да Ракышты ошентейин э? Бул Кубат тракторисиң кыякты ой сайратат э. Деги черепашканы жоготсок болду.

Ш е й ш е н. Э, айланайын ай дечи... Жабылган жерин тим эле таз кишинин башындай жалтыратып салат экен.

(Аккордеон ойноп, аркы үйгө кирип кетишет. Бул мезгилде Болот менен аэропорттун начальниги кирет).

Болот. Башкарма ушул үйдө болмок, жолдош майор.

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Дурус, дурус... Өлпөттүн үстүнөн чыкканбыз го...

Б о л о т. Ракыя деген комсомолкага берилген үй. Ошонун үлпөтү. Өзү ударница,

кызылчанын гектарынан 800 центнерден алган.

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Жакшы. Кычашкандай черепашка менен чегиртке ушул кишинин жеринен баштаган экен да... Районго кабар берген сиз болсоңуз керек эле? Аэропортко келгенде сизге окшогон жигит эле.

Б о л о т. Ооба, жолдош майор, мен элем. Минген атым майрамга чапчуу күлүк эле. Калып калды, уят болдум.

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Ошондойбу? Бирок берген пайдаңыз андан чонураак. Эмесе мындай: жанаа Сакиш деген бригадир менен барлык жерди кыдырып чыктык. 30 минутада мен асманга көтөрүлөм. Шектүү жердин баарына дары чачабыз. Өзүңүзгө белгилүү, кечээ майрам, бүгүн жекшемби. Балдар шаарда—сейилде. Анын үстүнө жаштык кылып кылт эттирип коюшкандыр. Колхоз жери — ыйык жер. Этияттык менен иштөө керек. Ала калтырбай дары себүү керек. Жана бул ишти эртеңкиге калтыруу болбойт.

Б о л о т. Жолдош майор, андай болсо мен да жардамдашайын?

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Эмне, сенин да чымының бар беле?

Б о л о т. Ата Мекендик Согуштун инвалиди,. кечээи бомбардировщик...

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Охо... фамилияңыз ким? Ооба, ооба көзүңүз летчиктин көзү!

Б о л о т. Батырбеков, жолдош майор!

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Уккам, уккам. Андай болсо самолётту башкаруу сизге оңой өнөр эмес**.** Мындай түндөрдө далай учкандырсыз. Сиздики түшүк жагы! Учалы, жолдош Батырбеков.

Б о л о т. Начальник руксат этер бекен? Менин күчүнө ишенер бекен?

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Начальниктин бууул чачы көп шумкарларды сынаган. Анын кыраакылыгы да жетишет. Начальник жаныңызда.

Б о л о т. Кайрадан таанышууга руксат этиңиз. Учуу ага бакыт! *(Булар кетээри менен Кундуз эне, башарма Шайыр жана Апакайлар киришти).*

Ш а й ы р. *(Сүйлөй кирип).* Биримкулуңан айланаын. Биримкулуңан айланайын. Канткени менен эски актив да, кыраакы сезет да. Кечээ эле районго угузган дейт тура. Жамандыгың курсун, райондун кишилери атпай кетти. Секретар да, исполком да, агроном да, аары, баары... Эми эс ала түштүм... Баса, үйүңөр кут толсун, эне! *(Экөө өбүштү).*

А п а к а й. Биримкул билерман жигит эмеспи. Кундуз энеме айтсам эле, жаа бою түйүлөт. Кызым өзү биттен башканы айтпайт. Үйүңөр кут болсун, эне! *(Экөө өбүштү).*

К у н д у з.— Айтканың келсин айланайын... Анан эми дейин анан. Кызым өзү эле билет.

Ш а й ы р. Кундуз эне, электриңизди неге жакпайсыз? *(Жагып жибергенде ого бетер жарык болду).*

К у н д у з. Апээй, айланайын, мунусу бар беле? Көзүң ачылсын, айланайын.

Ш а й ы р. Энеке мунусун эмне үчүн сүйлөтпөйсүз? (*Радио сүйлөп жиберди)***.**

К у н д у з. Апээй айланайын, мунусу да бар беле? Эмне дейт экен сөзүн угалычы.

Р а д и о. Майдын он беши түнүндө аба ырайы бузулуп, Чүй, Талас өрөөнүндө суук болот. Айрым жерлерге мөндүр түшөт...

К у н д у з. Аны кудайым билет. Басып койчу айланайын.

Ш а й ы р. *(Терезени ачып жиберип)* Илимдин билери ырас, эне. Мөндүр добулга айланбаса болду. Бах, жазыңа рахмат. Мен жазды сүйөм, эне. Жаз кандай сагынычтуу. Мына корооңузда жемиш бактары...

А п а к а й. Өкмөткө рахмат де, эне...

К у н д у з. Рахмат айланайын.

Шай ы р. *(Аркы үйдү тыңшап)* Аккордеон ойногондор кирбейби... *(Эшикти ачып).* Меймандар, орун алыңыздар!

К у н д у з. — Маркабат этиңиздер, айланайындар! *(Тигилер үйдү куттукташты,*

эне рахматын айтты).

А п а к ай. *(Тигилер олтуруп жатканда, ар даамдан бирден ооз тийип).* Бул Саамал женемдин көмөчү экен, бул Айша апамдын боорсогу экен. Бул Курман кургурумдун куйругу экен, бул Мариянын майы экен, бул Батмакандын балы экен... Жаңылган жокмунбу, я Кундуз эне?

К у н д у з. Жок айланайын. Олуялыгыңа баракелде...

Д ү й ш ө н. *(Стаканды колуна кармап).* Куттуу үй, колхоздун ийгилиги, Ракыштайдын бактысы үчүн дейбизби?

Ш е й ш е н. *(Тура калып)* Мол түшүм, берген убадабыздын аткарылышы үчүн, Ракыштай үчүн!

С а к и ш. Аныңыз туура агай, бирок Ракыяны күтөлү да! Ракыя кана? *(Тигил экөө бир бирине карашып кайра олтурушту).*

К у н д у з. Биримкулум экөө жадырап-жайнап келе жатпайбы айланайын. *(Ракыя менен Биримкул киргенде булар кол чаап жиберишти).*

Р а к ы я. Мага кол чаппагыла. Болор кырсыктын алдын байкап, түн уйкусун таштап районго кабар айткан Биримкулга кол чапкыла. *(Кол чабышты, Биримкул өтө төмөнчүлүк менен баш ийкеди).*

Ш е й ш е н. *(Кайра туруп)* Эмесе куттуу үй...

Б и р и м к у л. Токто Шеке... Мен бир нерсеге таң калдым. Жалпы колхоз, жамы журт болуп, иш үчүн күйүп, ак тилек, Ракыянын урматына берилген куттуу үйдү минтип куттуктап жаткан жерде негедир Болот көрүнбөйт да. Бул эмне тоотпостукпу, же менсинүүчүлүкпү?

А п а к а й. Оорулуу эмеспи, үйүндө жаткандыр да... Колхоздун иши, Ракыянын кадыры жете элек чыгар...

Б и р и м к у л. Өзү тоголок жетим, көтөрүп алган үйү деле жок. Бирөөнүкүндө... Жарым жан.

К у б а т. Андай дебеңиз, Биримкул. Болот сиз айткандай эмес, ага түшүнүү керек. Анын карапайымдыгын билиңиз.

Ш а й ы р ж е ң е. Жарым жан дегениңди койчу, Биримкул, мен ыза боло түшөм. Шакем айткандай куттуу үй жана берген убадабыздын аткарылышы үчүн, Ракыянын бактысы үчүн!

(Самолеттун үнү, бары терезеге карай чуркашты). Самолет, самолет! Үнүңөн садага! Таалай чачкан канатыңан садага!

Р а к ы я. Экөө экен. Бирөө тоону бөксөлөп түштүк тарапты бет алды. Бирөө так эле менин участкаман баштады... Айдын жарыгын карачы. Жаратылыштын кеңдигине рахмат.

Б и р и м к у л. Ракыяжан, бул биздин эмгек көрдүңбү, аэропортко да мен кабар кылгам. Андагылар мага тааныш.

Р а к ы я. Сенден жаным айлансын, Биримкул. Колхозго кылган жакшылыгың үчүн жаным курман. *(Жаракөрлөнүп кучактады. Муну карап турган Шейшен Дүйшөндү нукуп койду. Ал терең үшкүрдү да бокалга вино куюп, эң мурда Шейшенге кагыштырды да, анан чекесине тийгизип).*

Д ү й ш ө н. Ушундай түндө самолет айдаган азаматтар үчүн!

Р а к ы я. *(Алысты карап).* Бат эле айланып чыкты да, кайра менден баштады. Кайра баштады... *(Башка ойго түшүп)* Чын эле Болоттун кыялы кандай? Ушундай да сүйүү болобу? Же эмгектин кадырын билбесе... же сенин кадырыңды билбесе... Болотко түшүнбөйм... *(Кайра карап).* Дагы, дагы... Учкучту сүйгөн кыз кандай бактылуу... Келчи, эне... Келчи, Шайыр эже... Сакиш, Кубат, Дүйшөн, Шейшен агай, Апакай, баарың келгилечи! Ушундай түндө самолет айдаган азаматтар үчүн!

II А К Т

3-СҮРӨТ

Эгин жана кызылча талаасы. Ракыянын участкасы, алдынкы планда тракторист Кубаттын алачыгы турат. Аэропорттун начальниги менен Болот басып келе жатышат.

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Мына биздин иш көңүлдөгүдөй болуп чыкты. Арадан беш күн өттү, черепашка менен чегирткенин коркунучу токтотулду. Ана караңыз, эгин менен кызылча кайра тирилди... Бул кызыл гүлдөр кайсы?

Б о л о т. Ооба, жолдош майор, барлыгы көңүлдөгүдөй. Биздин эмгек менен бирге Сакиш, Шейшен, Дүйшөн, Ракыялардын тынымсыз иштери да бул ийгиликти камсыз кылды. Биздин колхоз быйыл биринчи жолу атыр чыкчуу гүлдөрдү өстүрөт. Ошонун гүлдөрү.

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Баракелде жаңылыктар көбөйө берсин. Мындан аркы достугубуз үчүн! *(Кол берип).* Аман болуңуз.

Б о л о т. Жардамыңызга рахмат. Аман болуңуз. *(Бир аз паузадан кийин).* Ракыяжандын таалайы — табийгаттын ушул пейлиндей тунук, таза, ачык. Быйылкы түшүм жаман болбос. Бирок негедир бир нерсени унуткансыйм... Ойлоп ойлоп зсиме түшүрө албайм. Билем, ал — Ракыянын элеси... Кызык, көп жылдар өттү, бирок «сүйөм» деген сөз оозуман чыга элек. Балким, өмүр бою айтылбас бул сөз канчалык бек катылган сайын анын касиети ырбайт. Аны канчалык бек каткан сайын сүйүү тунук жашайт. Бул сөздүн өмүр бою бир гана айтылганы жакшы. Себеби жакшы сүйүү бирөө гана болот. *(Алыста дем алууга урулган коңгуроо... Ийнине кетмен салып Ракыя кирди).*

Р а к ы я. Бала күнүмдөгү алыс жердин баары жакын көрүнгөнсүйт. Бийик нерсенин баары жапыс көрүнгөнсүйт. Кол алышалычы, аманбы, Болот!

Болот. Мунуң жаңылык, мындай адатың жок эле.

Р а к ы я. *(Жаракөрлөнүп).* Алыстоонун белгиси чыгар...

Болот. Болор, көптөн бери көрүнбөйсүң, -Ракыяжан?

Р а к ы я. Мен сени көрбөгөн жерден көрөмүн, Болот. Сага таарынычым бар.

Б о л о т. Айтылсын!

Р а к ы я. Сага түшүнбөйм, Болот жана сүйгөнүңө да ишенбейм. Сени же өндүрүштөн көрбөйм, же керегинде жанымдан таппайм.

Б о л о т. Алымдын келиши ушул болсо кантем?

Р а к ы я. Алым... алым... дейсиң, кур дегенде таптаган күлүгүңдү да чыгара албадың. Сен үчүн мен уялдым. Намыс деген кыйын да! ;

Б о л о т. Ал рас Ракыя, колхоз намысы деген да бар эмеспи?

Р а к ы я. Түшүнбөйм.

Б о л о т. Ооба, Ракыя, сөзүң жөн, инвалид адам ар нерсеге чабал болот тура. Балким...

Р а к ы я. *(Чыдай албай).* Дагы Биримкулду айтканы турасың го, Болот? Сөзүм бир, кемтигиң бүтүн, кейишниң кубанч. Ата-журт үчүн түшкөн так соолуктан кымбат. Айтайын дегеним бөлөк-бекерчилигиңе чыдай албайм.

Б о л о т. *(Кете баштап).* Сөздүн аягы кийинкиге (алсын, чолоом жок, башкарманын таншырмасы бар.

Р а к ы я. Жеңил дешет, дардаң дешет, бирок сага караганда Биримкул менен сүйлөшүү...

Б о л о т. Ал эрксизден... Кубаттагандан башка айтарым жок. Кош болуңуз... *(Кетет).*

Р а к ы я. Дароо «Сиз» дегенге көчтү. Чын эле музап бараткансыйм. Нечен жылкы сүйүү... кандай аянычуу. «Кош болуңуз...», «Кош болуңуз...» кандай өгөй өздөр... Кимге акыл салсам? Бул эң кылдаттык менен ойлонула турган нерсе. Дүйнөдө жаңылуудан

бакытсыз нерсе жок... Сүйүүдөн жаңылуу: ал сени өмүрлүккө уздатат. *(Шейшен менен Дүйшөн өздөрүнчө бирдемеч айтып, күлүп келе жатышып, кетмендерин коюшту).* Бейшен агай, Дүйшөнүм, экөөң тең мага бир боорумш көрүнөсүң. Менин намысымды талашып, бош убактыңарда ушинтип жардам бергениңер мага чоң бакыт, кубанч сыймык, жолдош болгондон кийин чын сырымды айткым келет. Бери олтуруп акыл бергилечи. Мен жашмын, жаңылыштыгым көп...

Ш е й ш е н. Ооба, ооба Ракыятай, Дүйшөн март десең март, ударник десең ударник, эстүү десең эстүү. Ак көңүл...

Р а к ы я. Билем, билем...

Ш е й ш е н. Жана дөөлөттүү... Эмитен эле эки жүз элүү эмгек күнү бар.

Д ү й ш ө н. О, кудай алгыр үч жүз жетмиш десең.

Р а к ы я. Дүйшөндөй азаматтар колхоздун ырысы эмеспи.

Ш е й ш е н. Бакчасына кирип барсаң миң түрлүү жемиш... күз болгон кезде дарбыз, коон, ашкабактар тим эле таз кишинин башындай.

Д ү й ш ө н. *(Дароо калпагын кие койду).* Сен байкап сүйлө ой, Шейшен.

Р а к ы я. Анысына рахмат, менин айтайын дегеним мындай, Дүйшөн. Мындай олтурчу. Бери, бери, жакшыраак...

Д ү й ш ө н. *(Оолактап, качууга аоакеттенип).* Аны кечинде айтарсың, Ракыштай, азыраак отолбой, сугарылбай калган жер калды. Бас ой, Шейшен, бүтүрүп иели... А... кечинде сүйлөшөлү. Бас дейм ой, Шейшен!

Ш е й ш е н. Айып этпе, айып этпе, Ракыш... Кечинде сүйлөшөлү... *(Экөө кетменин алып чыгып кетишти).*

Р а к ы я. Булардан болбоду. Апакай жеңем келетат. *(Апакай кирди).*

А п а к а й. *(Ары кыйкырып).* О-ой Биримкул, нары ат сарайга барыпбы... Көккашканы минипби... эки чанач кымыз алыпбы... Сугатчыларга берипби... кайра келе койчу. *(Ракыяга)* жигиттерди жумшап турбасак болобу. Деги эле элпек неме. Бүгүн жумуш арбыды белем. Бышыкчылык жакындагандагы иштин кызыгы ай... Тим эле кумарың кайнап турат.

Р а к ы я. Раско, Апакай жеңе. Ал бир салтанат эмеспи, керек маалында жашка берген жакшы акыл үйгө кирген ырыс менен тең эмеспи.

А п а к а й. Түшүндүм, Ракыя, түшүндүм балакет мээнетиңди алайын... Айтпасаң деле билип турам.

Р а к ы я. Акыл сал жеңе, сырымды айтайын...

А п а к а й. Ошол Болот дегениңди койсоңчу кагылайын...Бир жагынан майып, чабал, жалгыз, түнт, өзүм билбейм элдин айтууна караганда эки көзү тең жок дейт... Ооба, эки буту, эки колу, эки көзү тең жасалма дейт тура...

Р а к ы я. Ойго туура келбегенди айтасың, жеңе, мага жакпаганы бөлөк. Колхозго жардамы аз.

А п а к а й. Ошону айтам балакет-мээнетиңди алайын. Ана Биримкул да келип калбадыбы. Бери бас, Биримкул берекем. *(Ал келди).* Колуңарды бергилечи, кагылайындар «тең теңи менен, тезек кабы менен» дейт, *(Кол кармаштырды)* ушинтип кадыр көңүлүңөрдү сыйлап, Күкүк менен Зейнептей баш кошуп өмүр сүрсөңөр, айланайындар. Кой балалык кылчу эмес, Ракыштай. Биримкулда сеператор, кийим машина жана таңгак жибек, шайы, алтын саат бар. Болоттун эмнеси бар... Экөөнөр пар келишип калбадыңарбы. Мен кетейин эми кагылайындар... *(Кетти. Ракыя эси оогондой туруп кагып, кайра күлүп).*

Р а к ы я. Мактоонун ордуна көңүлдү айнытып кеттиң ээ, жеңе? Күкүк менен Зейнеп эч качан баш кошкон эмес...

Б и р и м к у л. Жаңылып кетти, жаңылып кетти, Раыяжан... Кантсин, ак тилегин айтат да... Ойлоп көрчү, Ракыяжан... Мен эмне?..

Р а к ы я. *(Көңүлү нөгүп).* Жок, Апакай жеңемден ага болгон жок... Менин күткөнүм башка эле...

Б и р и м ку л. Антчү эмес, Ракыяжан. Апакай жеңең туура айтат. Мында колхозго жардамды мендей берүү керек. Кара жумушка колум тийбеген менен элге сөзүм өтөт. Эки кишинин бири эле иштегени жетишет. Колуктап басайынчы. Мына жакында күз келет, эмгек бөлүнөт. Анан балким район тарабынан кайра баштагы кызматыма өтөм. Сага сый беребиз. Сен көп элдин алдында турасың. Мен басып келем да: «Комсомолка Ракыя, эмгегиңе рахмат»! деп колуңду бек кысып, бетиңен минтип өөп коём *(билгизбей өөп койду. Бул мезгилде, колуна дары-дармек буюмдарын алып келе саткан Сакиш тигинин өпкөнүн көрүп, аябай таң калып жана кызгануу менен карап туруп калды).*

Р а к ы я. *(Бетин тартып).* Чынын айтайын, Биримкул кебиндин бирин да укканым жок. Оюм такыр башкада... Жок, Биримкул, оюм такыр башка... Такыр башка. Аны эч ким түшүнбөйт...

Б и р и м к у л. Неге? Кой антчу эмес, Ракыяжан... Жүрчү сенин кызылчаңа карай басалычы... Адам ээй, каркыралар жакын учат да... Арзанчылыктын белгиси... Ана, күкүктүн үнү... Жүрчү, басалычы... *(Колтуктаган боюнча алып чыгып кетти. Сакиш айран калып, алаоды узата карап, алачыктан орундук алды да жакшылап олтурду).*

С а к и ш. Ай, ай, ай, ай... бул эмне деген я? Өңүмбү, же түшүмбү я? Ракыя ушундай экен э?.. Биримкулуң Болоттон айлансын! Жигиттин баркын билбейт экенсиң, э?.. Түү... мен такыр мындай деп ойлогон эмесмин. Болот менен Ракыяны ким билбейт? Экөө кандай таттуу, кандай ысык эле? Бул Биримкул деген немеси кайдан чыкты? Жок, мен алымдын келишинче Болот жактыкмын... Ракыянын жаңылышын мойнуна салам. Бул эмне деген жорук? Өбүшөт деген эмне? Ичим ачышып баратат, жүрөгүм күйүп баратат... Кубат! Кубат! Суу! Суу!
(Кубат чуркап кирди).

К у б а т. Эмне болду, Сакиш? Эмне болду?

С а к и ш. Жүрөгүм күйүп баратат, Суу! Суу! Жок, жок. Суу! Суу! Болотко айтуу керек! Ракыяны кой деш керек!

К у б а т. Эмнени? Эмнени?

С а к и ш. Чыдай албай бара жатам... *(тиги экөөнүкөрсөтүп)* Тигилер ким? Карачы! Карачы!

К у б а т. Бирөө Ракыя, бирөө Болот...

С а к и ш. Эркектер ушундай аңкоосуңар. Суу! Суу!

К У б а т. Сактайгөр э-эй... Эмне болуп кетти. Мына суу, мына... *(Шаша баштады).* -

С а к и ш. Жүрөгүм жарылып баратат. Суу, суу!

К у б а т. Мына! Мына!

С а к и ш. Эркектер ишенчээк келесиңер, бул суу эмес лампа май! *(Төгүп жиберип).* Суу, суу!

К у б а т. *(Шашып).* Эмне болуп кетти, мына суу!

С а к и ш. Ракыя менен, Ракыя менен...

К у б а т. О, кокуй оой, баягы белгилүү ооруң турбайбы. Анын эмнеси бар экен, Ракыя менен ары бери басканым чын болчу. Баягы Апакай шум жеткирген экен ээ...

С а к и ш. Эмне?.. Эркектер ушундай жел ооз келесиңер, суу, суу!

К у б а т. Мен Ракыяны жанымдай...

С а к и ш. Эмне? Жанымдай? Эркектер ушундай ачкөз келесиңер, суу, суу!

К у б а т. Жок... жанбоорумдай дейм. Анын эмнеси бар экен, колхоздун тоюнда бийлегенбиз...

С а к и ш. Эмне? Бийлегенбиз?.. Жүрөгүм чындап жарылып баратат... Суу, суу!
(Кубат суу куюп берип жатат).

С а к и ш. Өх... өх... *(ичип жатат).*

4-СҮРӨТ

Башкарманын кабинети, стол үстүнө кызыл сукно жабылып, кабыл кылына тургандар үчүн бир нече олтургучтар коюлган. Дубалга Лениндин портрети илинип, сол тарапка колхоздун мыкты ударниги Ракыянын портрети тартылган. Төрдөгү креслодорШайыр жеңе, анын маңдайында Ракыя олтурат.

Р а к ы я. Сугаттын үчүнчүсү, отоонун акыркысы аяктап калды. Кызылчанын гектарына 120 миң түп калтырылды. Айтор, быйыл мол түшүм камсыз болгону турат. Кызылча да, эгин да...

Ш а й ы р ж е ң е. Ооба, билем, билем... Баба дыйкан айткандай данын катырып берсе, быйылкы эгин менен кызылчанын чыгышы бөтөнчө... *(Эшикти карап).* Иш бир оңолуп алса, аягына чейин оңолуп жүрүп олтурат. Карачы күткөн саат, минуту бардай, дал өз мезгилинде жамгыр жааганы турат. Тээтиги кара булут, мөндүр төкпөгөй эле... Баса, Ракыя, дайым эле жумуш жөнүндө сүйлөшпөй, өз ара тиричилик, жаш өмүр жөнүндө да кеп козгойлу да...

Р а к ы я. Менде да ошол ой бар эле, Шайыр жеңе.

Ш ай ы р ж е ң е. Эмесе таап айткан турбайымбы. Менин байкоомдо сен кийинки убакта өзгөрүп кеттиң. Көз карашың кандайдыр муңайыңкы... Айтчы, сени бирөө капа кылдыбы? Же таарынттыбы, же үй турмушуңда чатак барбы? Эмнең кемчил?

Р а к ы я. Неге? Жашырчу кептер да болот... Баарын эле ортого салуу кээде жарашпайт да...

Ш а й ы р ж е ң е. Билемин, сүйүү... Сүйгөндө кимди сүйүү... Анын баркын билүү... турмуштагы кээ бир көз караштар... эртеңки ойлор... Айтор, ачык айтылбай турган сөздөр да бар.

Р а к ы я. Ошол айтылбай турганды айтайын деген элем...

Ш а й ы р ж е ң е. Руксат андай болсо... мен башкарма силер өңдүү ударниктердин сүйүүсү үчүн да жооп берем.

Р а к ы я. Чынымды айтсам, Шайыр жеңе... Болот экөөбүздүн арабыз сууп баратат.

Ш а й ы р ж е ң е. Сүйүүнүн ошонусу кызык. Ал кээде муздайт.

Р а к ы я. Билбейм, Шайыр жеңе... кыялына жараша жакшы эле жаман көргүм келет, бирок...

Ш а й ы р ж е ң е. Бирок жаман көрө албайсың. Биринчи сүйүүнүн күчү ошондой болот.

Р а к ы я. Кайра айныгым келет.

Ш а й ы р ж е ң е. Ал туура. Улуу кишилердин айтканы бар эмеспи. Биринчи сүйүү ар дайым айнуу менен, ажырашуу менен бүтөт дейт. Болот терең жигит. Бир сырлуу, оор басырыктуу жигит, колхоздун таалайы. Сүйүү аны карабайт. Сүйүү — баатырдан баатыр, жакшыдан жакшы.

Р а к ы я. Жок, Шайыр жеңе. Айныгым келет дегеним жаман оюмдан дегеним...

Ш а й ы р ж е ң е. Аны өзүң бил, сүйүүдө экини тандоо руксат...

Р а к ы я. Кандайча?

Ш а й ы р ж е ң е. Болотко каршылыгым жок, бирок...

Р а к ы я. *(Күлүп, өзгөрө түшүп)* Биримкулду айтасыңбы?

Ш а й ы р ж е ң е. Аны мен жактырбайм. Жамандыгы жок. Бирок эки сөздүү, жеңил, мансапкор... калп сүйлөйт. *(Күлүп).* Башкарма болом деп жүрөт дейт. Эмне аялдар андан кем иштейт бекен?.. Аны да билебиз.

Р а к ы я. *(Муну күткөн эмес, ошондуктан аябай өзгөрө түшүп, терезеге басып барды).* Кубат? Жаш башка дайым күтпөгөн нерсе учурайт экен го... Кубат, Кубат... Сакиш, менден канча артык... *(Терең ойго батып)* менин жеңилдигим, жаштыгым... неге айттым? Такыр ойго келбеген иш... жок, андай эмес, жеңе, андай эмес... Мен... мен... *(Күн күркүрөп, чагылган жаркылдап, жамгыр куйду).*

Ш а й ы р ж е ң е. *(Алысты карап).* Нөшөр... *(Пауза).* Шумдук ай мөндүр... *(Шашып)* мөндүр... Жок... добул... Кара булут ылдыйлап, талаа көрүнбөй калды... Биздин жерге добул түштү... Ракыя, кандай айла?...

Р а к ы я. Жок жеңе оюм башка... Оюм башка... Добул, добул... Жараткан ай, кырсык болду го? Шайыр жеңе талаага чыгалы. Добулга да чара бардыр... Шайыр жеңе, талаага чыгалы! *(Жамгыр күчөп, күн жаркылдап, күркүрөк күчөдү. Сцена караңгылыкка айланды. Бир аз паузадан кийин алыска барып кайткандай Шайыр жеңе кайра кирди. Ошол эле кабинет. Ал үстүн кагып, жоолугун алып, ордуна олтуруп жатып, маңдайында олтурган Апакай менен Биримкулга карай).*

Ш а й ы р ж е ң е. Жетпей кайттым. Тездик менен правления чакырыш керек. Эмне кылуу жөнүндө кеңешип, тездик менен аракет кылыш керек. Болжолу канча гектар?

А п а к а й. Добул урган жер үч миң гектар болор...

Ш а й ы р ж е ң е. Биздин бардык айдоо үч миң?

Б и р и м к у л. Жок, беш жүз гектар келер...

Ш а й ы р ж е ң е. Беш жүз, беш жүз. Бул эмне деген укмуш?

А п а к а й. Ракыянын аянтынан Сары жонго чейин түшкөндөй болду.

Б и р и м к у л. Кыйын кырсык болдуго... Башкарманын шору да...

Ш а й ы р жеңе. Мал аманбы?

А п а к а й. Кайдан аман? Мөндүрдүн чоңдугу төөнүн кумалагындай дейт...

Б и р и м к у л. Ооба, Коомандын коонундай дейт?!

А п а к а й. Ой укмуш ай...

Б и р и м к у л. Адамдан да чыгаша бар дейт...

А п а к а й. Ой укмуш ай... далайлар жалпайышты дечи.

Б и р и м к у л. Шейшендин мурдуна, Дүйшөндүн башына тийген экен... Экөөнү тең доктурга алып кетиптир... *(Бул учурда Шейшен менен Дүйшөн кирди).*

Ш е й ш е н. Түү... шайтан алгырдыкы... *(калпагын Дуйшөнгө ыргытып)* сенин калпагыңды мен кийген турбаймынбы. Келе өзүмдүкүн... Шайыр жеңе, тезинен чара кербөсөк болбойт.

Д ү й ш ө н. Ооба, карап турбайлы. Чамасы элүү гектар жерге түшкөндөй болду.

Ш е й ш е н. Чамасы эмес эле, туптуура, мен корукчу болуп жүрүп өлчөбөй койду дейсиңби. Элүүдөн ашпайт.

Ш а й ы р ж е ң е. *(Жеңилдей түшүп).* Оозуңа май садагалар... Мөндүрдүн чоңдугу төөнүн кумалагындай, Коомандын коонундай дешет ко?!

Д ү й ш ө н. Төөнүн кумалагындай дегени го...

Ш е й ш ө н. Койдун корголундай дегени го...

Ш а й ы р ж е ң е. Силерди доктурга алып кетти дешпеди беле...

Д ү й ш ө н. *(Башын жаба койду).* Жел ооздор аз дейсиңби... Шайыр жеңе, добул каккан жерлерди бир деме кылыш керек.

Ш а й ы р ж е ң е. Мына Болоттор да келишти, азыр акылдашабыз. Олтуруңуздар, керек убакта келдиңер. *(Болот менен Сакиш келишти).* Сакиш, амансыңарбы деги? *(Күлүп).* Силер жөнүндө жаман уктук.

С а к и ш. Ой Шайыр, кантейин да. Иниңиздин азабын тартып өлмөк болдум да...

Ш а й ы р ж е ң е. Эмне болду, эмне болду, Сакиш?

С а к и ш. Ракыя менен бийлегем дейт.

Ш а й ы р ж е ң е. *(Күлүп).* Ай, Сакиш ай э. Сен неге мынча кароосуң?

С а к и ш. Билесиңби, Шайыр жеңе? Трактористтин жанындай болот жанды көрбөдүм. Алар эң жөнөкөй келишет да, турмушка боорукер, кызга жароокер келишет. Түн уйкусун татпай соккон жүрөк сыяктуу, жер үстүндө трактору менен өмүрдүн жыргалын казат. Алар майтарыла элек курч сыяктуу эң чымыр, сак саламат дешет. Ошондуктан мен сүйөм, күнүлөйм...

Ш а й ы р ж е ң е. Сөз түшүнүктүү. Эмесе ишке көчөлү. Азыркы болгон окуяга жараша кимде кандай пикир бар? Правлениеде талкуулайлы да, анан көпчүлүккө

салалы.

Б и р и м к у л. Мага бериңизчи... Менимче көп ойлой турган деле кеп жок. Бар болгону элүү гектар жер экен... Акты жазып коюш керек? Себеби не десеңиз кийин план толбой калса актыга чыгарганбыз дейбиз...

Ш а й ы р ж е ң е. Болот, сен эмне дейсиң?

Б о л о т. Добул урган жерлердин маласын кайра тартыш керек, кээ жерлерин кайрадан айдап, эрте бышчу кара эгин себүү керек. Агрономдун ою да ушуга кошулат. Арадан бир күн өткөрбөстөн жабыла ушул ишке киришели. Башка эч жол жок.

Ш е й ш е н. Мен маласын тартам...

Д ү й ш ө н. Айда десең айдайм, сеп десең себем...

Ш а й ы р ж е ң е. Болот туура айтат. Мен толук кошулам. Мезгилди өткөрбөй Болот айткандай жер кайра айдалсын.

Б о л о т. Бул иштин жоопчулугун мен өз мойнума алам.

Ш е й ш е н.

Д ү й ш ө н. Даярбыз. Тапшырма бериңиз!

С а к и ш. *(Талааны карап).* Ракыя жетип калган тура. Эки ат кошуп кайра маласын тартууну ойлоп калган окшойт. Биздин Кубат болсо тракторун жүргүзүп айдоого белен турат.

Ш а й ы р ж е ң е. Кана, жабыла ишке аттаналы. Табийгаттын кырсыгы биздин тилектен күчтүү болсо— биздин эрк андан күчтүү! [III]

III АКТ

5-СҮРӨТ

Ракыянын үйүнүн террасасы. Али кеч кире элек. Күз. Стол үстүндө жемиштер турат. Апакай менен Биримкул чай ичип, Кундуз эне улам кирип, кайра чыгып буларды сыйлоо аракетинде.

Б и р и м к у л. Мен саябанда олтуруп чай ичкенди жакшы көрөм. Караңызчы, бышыкчылык, береке. Ак төөнүн карды жарылган убакыт.

А п а к а й. Мамил чай экен? Мен опурма чайга түк эле тердебейм. Рахмат, Кундуз эне. Дагы бир чыны...Коюураак куюңуз да чоң кашык менен үч кашык кант салыңыз...

К у н д у з. Кызылча үчүн тийген кант батпайт. Кездеме, чай, толуп жатат.

(Кетти).

Б и р и м к у л. Быйылкы түшүм жакшы. Колхоз кырсыктын баарын жеңип, өкмөткө тапшырып, эми эмгек бөлгөнгө даярданып турат. Ракыянын 400 эмгек күнү бар, ар күнүнө 8 килодон тийсе канча болот? Пай, пай, пай... Жалаң эле короосундагы алманын түшүмү канча. Мен жыргабаганда ким жыргайт.

А п а к а й. Биз аялдар эри менен эришкибиз келсе, аялы менен дос болобуз. Сен муну эсиңе ал, Болот менен ысык дос бол, Ракыянын сага жар болорун айтып сал. Бул көп жеңилдик келтирет.

Б и р и м к у л. Сен айылга бүт жайдым дейсиңби? Мунуң туура акыл болгон.

А п а к а й. Биз аялдар эркектен жылуу сөз уксак, сыртыбыздан калп эле:«Кандай немесиң? Уят эмеспи... Байкап сүйлөбөйсүңбү» дейбиз, бирок ичибизден: «Дагы айта түшсө экен» деп кымылдап турабыз. Ракыядан тайманбай оюңду айта бер. Сага тиймек болду. Биримкул алмак болду деп агайын-тууганга бүт жайдым. Кыргыздын кызы эмеспи, намысы үчүн, элге ушак болгондугу үчүн арданат да сага тийип алат. Менин акылым акыл бекен?

Б и р и м к у л. Жакшылыгыңды унутпасмын, Апакай жеңе. Кош эми, кайын энеме айтып коёбузбу?

А п а к а й. Айтууну мага кой. Ал тургай арага Сакиш менен Кубатты салдым,

Шейшен менен Дүйшөн ала качууга жардам кылышат. Алар менен да сүйлөшүп койдум.

Б и р и м к у л. Олдо кокуй, Апакай жеңе ай э... Аларды жөн эле койбойсуң да. Оозуң бош да...

А п а к а й. Унчукпа... Ишиң болбосун. Кийин ыраазы болосуң. Кундуз эне *(Ал келди)* бери биз менен олтуруңуз. «Бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден чыккан ак шыйрак, үч эрден чыккан катындан, жолдо турган жоор эшек жакшыраак» дейт... Мына мен кудая шүгүр төрт эрден чыктым. Кадимкидей эле көгөрүп, көктөп жүрөм. Сиздин кызыңыз али турмуш көрө элек. Убалы кимге? Ракыянын тилегине тилек кошуңуз...

К у н д у з. Өзү билсин айланайын... жактырганына жок демек белем. Куш жашындай жашым калды, баласын көрсөм дейм. *(Жашып кетти).*

А п а к а й. Жашыбаңыз, эне... Мына күйөө балаңыз маңдайыңызда. Ар кимдин «Биримкул алты аял алган» деген ушагына ишенбеңиз...

К у н д у з. Өзү билсин айланайын... Таң, көп кишилер бул баланы жактырышпайт экен. Эгер кызым макул болсо, эскинин жорук-жосуну менен ала качып алсын айланайын.., кийин бирдеме десе, шылтоо болбойбу айланайын...

А п а к а й. Ап бали... мына, мына биздин акыл менен бипбирдей чыкпадыбы...

Б и р и м к у л. Ушул үйдөн ала качабызбы?

К У н д у з. Жок, айланайын... үйдөн болбосун, кызым ар күнү кой ферманын гүл багына, жылкы ферманын шаркыратмасына барып, сейил курат, ырдайт, ырдайт, кийинки күндөрдө жалгыз чыкчу болду... Ошол жерден!

Б и р и м к у л. Мына акыл, мына акыл...

А п а к а й. Жүр эми, Биримкул, тойдун камын көрөлү...

Б и р и м к у л. Макул, макул. Бүгүн түнү: кой ферманын гүлбагына, жылкы ферманын шаркыратмасына! *(Экөө кетээри менен жарыша чуркап Шейшен менен Дүйшөн келди).*

К у н д у з. *(Өзүнчө).* Эмки балдарга да түшүнбөйм, эмки кыздарга да түшүнбөйм. Күйөө бала деген каччу эле. Мунусу желмогуздай болуп кошо айтышат. Э кудай эй...

Ш е й ш е н. Эне, айылга сөз тараптыр, бул чын элеби...

Д ү й ш ө н. Биримкулга ыраа көрсөм кудай урсун. Эч болбосо эгин-тегинди жыйганга калтырсаңар болбойбу. Эң мурда план толсун... Анан...

К у н д у з. Э, божурабай баскылачы нар жакка...Олтуруп чай ичкиле, эчтеке билбейм...

Ш е й ш е н. Тигини, куусун энемдин, билмексен болуп калат. *(Сакиш менен Кубат кирди).*

К у б а т. Мен түк ишенбейм. Мүмкүн эмес. Түк ишенбейм.

С а к и ш. Ал турмак, экөөбүздү арага салып жатпайбы. Бул кордукка кантип чыдоого болот, я?

К у б а т. Мен Болот үчүнмүн. Ракыяга жолдоштук сөздү айтуу керек. Аны мен эле айтам.

С а к и ш. Руксат берилбейт экен. Сизди сүйлөштүрө албайт экенбиз. Кандай гана болбосун Ракыя менен Болоттун бактысы үчүн башталган, ошондой болуп бүтөт.

Д ү й ш ө н. Эң туура, эң туура, Сакиш.

К у б а т. Жасалма иш болуп жүрбөсүн? Мен түк ишенбейм.

К у н д у з. Ишенбесең ишенбе, бери олтуруп чай ичкиле, айланайындар...

Ш е й ш е н. Деги өзүң айтчы, эне? Кимге? Кимге я?...

К у н д у з. Өзү билсин... Баламдын баласын көрүп көз жумсам... башка арманым деле жок, айланайын...*(Жашып кетти).*

С а к и ш. *(Эне ары басып кеткенден кийин).* Мени уккула. Бир акыл таптым. Бул Биримкулдун жасалма амалы болуу керек. Биз аны теңтуштарынын алдына

уят кылып, калпын чыгаралы. Болотко Ракыя пар. Бирөө Ата Мекендик Согуштун азаматы, бирөө — ударник. Биримкулду го билесиңер. Албетте, ал деле адам... Бирок өзүм дегенден башканы билбейт... Анын үстүнө канча жолу үйлөндү деги... Алып качуу жөнүндө экөөңөргө айтты беле?

Ш е й ш е н. Ооба.

С а к и ш. Эмесе бери баскыла! Дүйшөн сен бир ишке жара, макулбу?

Д ү й ш ө н. Болот менен Ракыя үчүн жаным курман!

К у б а т. Айтчы акылыңды, Сакиш!

С а к и ш. Айтам. Кундуз эне, Ракыянын сыйга кийүүчү кийимдери кайда?

К у н д у з. Төркү үйдө айланайын... Сый көйнөк, жайкы көйнөк, кышкы көйнөк, күзгү көйнөк деп көйнөккө да ат коюшчу болду, ээ айланайын кудай...

С а к и ш. Жигиттер, бүгүнкү түнү кой ферманын гулбагына, жылкы ферманын шаркыратмасына! Жүр, Кубат! Булар кийин келишер... *(Кубат экөө кетишет).*

Д ү й ш ө н. Мага эмне тапшырылар экен?

Ш е й ш е н. Кий калпагыңды кургурум, Ракыя келетат. *(Ракыя кирди).*

Р а к ы я. *(Жаракөрлөнүп).* Экөөңөрдү көргөндө, айылдын ырысын көргөндөй болом. Ушинтип келип турсаңар. Дүйшөн бери олтурчу. Шейшен бирдеме айтчы...

Д ү й ш ө н. Айылга тараган бир сөзгө ишене албай эле, өзүңөн сурайлы деп келип калдык.

Р а К ы я. Сөз боло берет. Баса, бакчаң кандай! Менин кызылчам көңүлдөгүдөй. Убадаңа жете тургансыңбы?

Д ү й ш ө н. Сөз бир эмеспи, Ракыяжан. Жаман жок!

Ш е й ш е н. Ай баракелде ай дечи... Бакчасы тим эле бейиш... Ашкабактарынын чоңдугу ай... Алыстан карасаң тим эле таз кишинин башындай жалтырайт. Дүйшөн экинин бири эмеспи.

Р а к ы я. Баракелде, Дүйшөн. Бери олтурчу, ал кандай сөз? Жакын олтурсаң...

Д ү й ш ө н. *(Калпагын кие койду).* А... Шейшен, сен байкап жүрсөңчү. А... Ракыяжан, шашылыш жумушум бар эле... Бакчам ээн калды. Аны кечинде айтармын... Шашылыш жумуш. А... Бас, ай Шейшен, коругуң калды. Бышыкчылык маалы... Бас, ой, бол эми...

Ш е й ш е н. *(Алдыга түшүп).* Айып этпе, Ракыш, кечинде айталы. Жумуш бар, коругум калды. Айып этпе *(экөө чыга жөнөдү).*

Р а к ы я. *(Көпкө ойлуу отуруп калып).* Энеке! Эне... *(кучактап)* мага, мага... энелик акылың керек? Көп кишиге айттым, бирок бирине дагы раазы болгонум жок.

К у н д у з. *(Кызын эркелетип).* Эне жаңылат, бирок чынын айтат. Эне каршы чыгат, бирок агын сүйлөйт. Эненин колунан келсе — дүйнөгө кылдай арамдык койбос эле...

Р а к ы я. Эне, жаштыгымдын биринчи ачылышы, түбөлүк чабылышы болсун... Акылыңды айт, эне?

К у н д у з. Түшүнөм, кызым, Болоттон кол үзбө... Сенин таалайың Болоттун кайнаган оттуу көзүндө... Сен айта албасаң мен айтайын, кызым. Болот, ырыстуу кишинин ырысы!

Р а к ы я. *(Терең кыйналуу менен).* Жок, эне... мен ажырашам!

К у н д у з. Кошулбай жатып ажырашым дегениң эмне, берекем!

Р а к ы я. Жок эне, тунгуч сүйүү үйлөнүүдөн ысык жака күчтүү!

К у н д у з. Күнөөсү кайсы, кызым?

Р а к ы я. Толуп жатат. *(Ичинен санап).* Бирөө, экөө, үчөө... Үч жолу көңүлүм калды... Жок, төртүнчү жолу... Баягыда эгинге добул түшкөндө акты жазып өкмөттү жазгырмакчы болуптур. Биримкул айтты... Үчөөнө чыдоого болот...

К у н д у з. *(Өзүнчө).* Болоттун көңүлү калса, жанагылардын айтканы чын го...

Р а к ы я. Азыр мында келет. Чакыргам. Бетме-бет олтуруп баарын айтам. Түбөлүккө, түбөлүккө...

К у н д у з. Антчу эмес, кызым «Урушпас уул, керишпес келин болбойт» дейт,

кечирип иш кыл. Ойлоп көр.

Р а к ы я. Ажырашам. *(Болот кирип келди, Кундуз ары басып кетти).* Болотжан келбейт дегем. Эмне дейин дедим эле...

Б о л о т. Неге келбеске? Айтарыңды билем, тилектештигимди билгизейин деп келдим.

Р а к ы я. Ошондойбу? Ал менден эмес, сенден!

Б о л о т. Кандайча? Баягыда эле айткам, куттуктагандан башка, эмне дейм?

Р а к ы я. Мен баарын айтайын дегем. Жок, Болотжан, айып этпе? Кечинде, түн жарымында, кой ферманын гүлбагына, жылкы ферманын шаркыратмасына... Ошондо айтам. Баарын айтам... Түбөлүккө, түбөлүккө...

Б о л о т. Жарайт, иш бүткөндөн кийин сууган жүрөктү ысыта албассың. Бирок акыркы жол үчүн...

Р а к ы я. Акыркы жол үчүн? Билгем, билгем, жарайт, түбөлүккө... түбөлүккө...

Болот. Түн жарымында, айткан жериңе... *(Кете баштайт).*

Р а к ы я. Болотжан, күттүрбө... өзүң билесиң, жаштыкта баарынан күтүү жаман! Чын сүйүүнүн бир минуту бир жылга тең! Күттүрбө...

Болот. Жарайт, кой ферманын гүлбагына, жылкы ферманын шаркыратмасына! *(Болот чыгып кетти, Ракыя менен Кундуз туруп калышты).*

6 СҮРӨТ

Түн жарымы. Тоолор ак мунарыкка каалгып, коолор мемиреп, ылдый карай кулаган жылкы ферманын шаркыратмасы. Көркүнө чыккан кой ферманын гүлбагы. Кубат, Сакиш жана Ракыянын көйнөгүн кийген Дүйшөн анын досу Шейшендер бар.

С а к и ш. Тим эле өзү. Эми кагылайын Дүйшөнүм үнүңдү кубулта көр...

К у б а т. Көсөөлүгүңдүн пайдасы бир тийди да Дүйшөн, анын үстүнө анча-мынча окшоштугу да бар.

Ш е й ш е н. Кана эми, деги басып көрчү. Анык эле узатчу кыздай мактадык белем.

Д ү й ш ө н. Сакиштин айтканы ушул экен го. Ой, күлкүчүл жайым бар эле эмне кылам я?

С а к и ш. Тилиңди тиштеп ал.

Ш е й ш е н. Жок, Дүйшөнүм, күлкүң келатканда эле, башыңды эстей кой.

Д ү й ш ө н. Туура айтасың. Кармагыла эки колумдан *(ал бийик таканы кийип алгандыктан, бир-эки жолу бутун шилтеп барып көмкөрөсүнөн кетти, араң өйдө туруп),* Айланайын ээ... аял баласына айла жок экен го, я... кантип гана басып жүрүшөт а... Алиги элик туяк дегени ушул экен го. *(Мүдүрүлүп кетип).* Кудай сактай гөр...

Ш е й ш е н. Кантет? Ошентип да чоочуйбу. Кыздарчасынан: «Апам баласы» деп койбойсуңбу...

Д ү й ш ө н. Жарайт. Ой, Сакиш, мени кайда алпарасыңар я?

С а к и ш, «Кайда» дегени эмнеси. Тээтиги дөңгөчкө, ошол жерге олтуруп күйөөңдү күтөсүң...

Д ү й ш ө н. Дөңгөчкө? Ой айланайын Шеке, ушул жерден ошол дөңгөчкө чейин канча чакырым болор экен я?

Ш е й ш е н. «Канча чакырым?» дегени эмнеси... Көп болсо алты метр келер.

Д ү й ш ө н. Алты метр? У кудай ошол алты метрге аман эсен жеткире гөр... Карма Кубат, карма Шейшен. Сакиш жол башта... *(Араң басып барып олтурду).* Өх, аягы суюк эркекти ушинтип кыйнай турган экен.

К у б а т. Уялып эле жер карап кал. Деги эле өйдө караба. Жоолугуңду бетиңе тартып ал. Ап, баракелде! *(Машинанын үнү).*

С а к и ш. Кокуй келип калды. Машинаны кайдан тапты экен? *(Апакай менен Биримкул кирди).*

Ш е й ш е н. Охо. Европаны көргөн береним эмеспи. Гүл ала келген тура. «Куш боо бек болсун» дейбизби. Муну мен берейин.

А п а к а й. Айтканың келсин.

С а к и ш. Апакай жеңе, Ракыянын мүнөзүн билесиз го, араң эпке келтирдим. Солго карап ыйлап, оңго карап күлүп туруп, анан бизди кыя албай «макул» деди.

Б и р и м к у л. Рахмат, жакшылыгыңарды унутпасмын. Шеке, Сакиш, Кубат курбум, тез алып жөнөйлү, МТСтин директорунун виллисин жалынып жатып он беш минутка сурап келдим. Анын үстүнө жүрөк кургур...

С а к и ш. Биз өзүбүз түшүрөлү. Кой, Ракыя антип уялчу эмес. Жер карап бассаң мейлиң... Шеке колтугунан сүйө. Силер алдыга баскыла. *(Дүйшөн араң басып келе жатып, мүдүрүлүп кетти).*

Д ү й ш ө н. *(Кызча чочуп).* Чоң атамдын баласы!

А п а к а й. Эмки кыздардын чоочуганы да кызык. «Чоң атамдын баласы» дегени эмнеси...

Ш е й ш е н. Шаарда окуп... кыргыздын төл сөзүн унутуп калган да.

Б и р и м к у л. Ой, Апакай жеңе, үнү эркекче чыгат да э?

Д ү й ш ө н. Ыйлап...

С а к и ш. Баятан бери эле өпкө — өпкөсүнө батпай ыйлап...

А п а к а й. Ыйлаганда же кубанганда үн ошентип каргылдана түшөт...

Д ү й ш ө н. *(Мүдүрүлүп кетти).* Өлүгүң көрөйүндүкү ай э... тар батинка кийип...

С а к и ш. Мына кыздын эле үнү... Алдына олтургузгула. Силер бара бергиле, биз артыңардан барабыз.

К у б а т. Кош, Ракыя, жакшы бар...

Ш е й ш е н. Күтүнүп тургула, биз эми эле барабыз.

К у б а т. Дуйшөн азамат турбайбы...

Ш е й ш е н. Анан соо киши да таз болобу?

С а к и ш. Кош, Ракыя, кош!...

Ш е й ш е н. Айланайын, Ракыштай, башыңды этиятай көр, жоолугуңду бекем байлан... учуп кетпесин, кош! *(Машинанын жөнөгөн үнү).*

С а к и ш. Чала болот, Биримкул сага ушул керек. Болгон ишти Болот менен Ракыяга айтабыз. *(Алыстан гулган чоордун үнү).*

К у б а т. Чоордун үнү...

С а к и ш. Кой ферманын чоору экен, жүргүлө ошондой баралы, койчуларга айтып күлдүрөлү.

Ш е й ш е н. Жүргүлө! *(Кетишет. Чоор ойноло берет да, бир аз эзндиктен кийин бирге басып келе жаткан Ракыя менен Болот көрүнөт).*

Р а к ы я. *(Муңайыңкы).* Болотжан, өзүң айткандай колуң алдуу, сөздөрүң таттуу. Токточу,Кандай жакшы угулат. *(Ийнине башын жөлөп).* Шаркыратма, айлуу түн... тээ белесте жылкылар...

Болот. *(Саатын карап).* Жел куугандай бир минутта жолуктук. Экөөбүз тең күнөөлүү экенбиз да?

Р а к ы я. Күнөө сенде, Болотжан. Себеби төртөө... Засалычы... *(Жанагылардан калган гүлдестени таапалып).* Бул кайдан түшкөн гүлдесте Болотжан, акыркы кол үчүн... Баягыда, баягыда... Биринчи жолуккандай сылып өз колуң менен берчи... Ажырашуу да өз жолу менен да...

Болот. Туура. Ажырашуу, ажырашуу... Бул айтыланга оңой... күнөөмдү санап жүргөн экенсиң да. Эсимде жок...

Р а к ы я. Айып этпе, Болотжан, биринчи... *(Үшкүзөт).*

Б о л о т. Неге антесиң? Мага жакпайт.

Р а к ы я. Негедир мүнөзүм келбей турат. Сага баары жакпайт.

Б о л о т. Жок, ал тууралу эмес. Өзүңө жакса болду да.

Р а к ы я. Кийинки убакта атыман да айтпас болдуң. Бир жолу сөзүңө Ракыя деп

кошуп койсоң боло.

Б о л о т. Унуткум келет.

Р а к ы я. Ошондойбу, Болотжан! Айып этпе... Биринчи көз жаш... Сени аяйм... Бирок айтпайын дегем... көрсө өзүңдүн көңүлүңдө тура. Ажырашуу алда качан оюңда тура... эмесе, кайтышалы... Турмушка музыка кандай күчтүү... *(Алыстан аккордеон ойнолот).*

Б о л о т. *(Шыбырап сүйлөп)* Бетховен... Чайковский.. жок, бул ажырашуу музыкасы эмес! Кайраттын, кубаттын музыкасы!

Р а к ы я. Неге шыбырайсың, Болотжан?

Б о л о т. Ич күйгөндө шыбыраган сөз күчтүү...

Р а к ы я. Ич күйгөндө? Сага бул сөз жарашпайт. Жакын басчы, Болотжан...

Б о л о т. Жарашкан үчүн айтып жатам, сен кетип жатпайсыңбы?

Р а к ы я. Укканым жок, ким айтты? Кайда?

Б о л о т. Кой, антчү эмес, Ракыя.. Бүгүн, бүгүн...

Р а к ы я. Эмне бүгүн?

Б о л о т. Неге чоочуйсуң? Баятан бери өзүң айтар дедим кайра мага шылтайсың. Куттуктаганым болсун, Ракыя!..

Р а к ы я. Эмнени? Ачык айт, Болотжан...

Б о л о т. Тоюң болот тура?

Р а к ы я. Кимге? Качан?

Б о л о т. Бүгүн, Биримкулга?!

Р а к ы я. Биримкулга? Той? Түштөгү ишко бул?

Б о л о т. Өзү макул болду деди, тонобузга кел деди...

Р а к ы я. Ким? Ачык айтчы?

Б о л о т. Жана Биримкул өзү айтты...

Р а к ы я. Өзү айтты? Болот мойнуна коюп бересиң. Эгер жалган болсо, сени ушакчы дейт. Ошондо түбөлүккө ажырашам!

Б о л о т. Жок, мен ал аттан тазамын. Ажырашуу? Ал мына бүтпөдүбү. Ракыя... кол беришели, сый киши болушалы...

Р а к ы я. Жок, Болотжан, эң мурда беттешели. Анан мен буга чыдап тура албайм. Кайда ал Биримкул өзү? Мен чыдап тура албайм. Ишенбейм... сен ушакчысың, Болотжан! *(Чуркаган бойдон чыгып кетти. Болот жалгыз туруп калды. Музыка).*

Б о л о т. Музыка кандай күчтүү... ушакчысың». Ал наам мага туура келбес. Жок, Ракыя, мага туура келбес... Музыка кандай күчтүү... *(Жалгыз олтуруп калат. Кубат, Сакиш, Шейшен кирет. Кубаттын колунда аккордеон).*

С а к и ш. Ракыя жок, Болот жалгыз. Баягыдай эле ойлуу. Сүйүүнүн күйүтү да. Жүргүлө көңүлүн көтөрөлү... Сүйүүнүн оорусу жөн оорудан күчтүү.

К у б а т. *(Жакындап).* Курбум Болот, кайгырба. Биз сенин таламыңдабыз, жаштыкта ката боло берет. Жүр тойго барабыз.

Ш е й ш е н. Башыңды көтөр Болот, сенден кайгы айлансын, сени кубанталы деп келдик.

С а к и ш. Ооба, Болот, сени тойго чакырып келдик.

Болот. Тойго! Уккам. Айтсам ишенген жок. Кубанса кубаналы. Мен кубанычка көнгөм. Кантейин, балким согуштун тагынын күнөөсүдүр. Төртөө деди...
Болсо, болор... мен бара албайм, жигиттин да намысы болот.

К у б а т. Түшүнбөдүм. Биримкул намыстанбаган, сен намыстанасыңбы? Кечигип калабыз, эрте баралы.

С а к и ш. Бул Ракыя экөөңөрдү кайра жакындатуунун амалы. Жүр, басалы, Болот.

Б о л о т. Болбодуңар, курдаштар. Кайдагы жакындатуу? Бир-бирине кошулгандан кийин, кайдагы жакындатуу. Сүйүү менен ойноо болбойт.

Ш е й ш е н. Рас айтасың, Болот. Бара көрөбүз. Жүр, той жейли. Менин кургурум кантти экен, алын билели...

Б о л о т. Билбейсиңер, курбулар. Мен барлык соңку сөзүмдү ыр менен айтар элем.

Күчүм келбейт. Ойно Кубат, ырдагым келет. *(Кубат аккордеонун ойнойт. Болот ырдап).*

Бул кандайча жаш сулуунун шылдыңы,
Же мен тайып, жаздым күнөө кылдымбы?
Кош дээр замат, көзгө илешпес ок тийип,
Үзүлгөндөй жүрөгүмдүн бир кылы...
Токто сулуу, токто Ракыш, сүйгөнүм,
Жанга кубат бир жарк этип күлгөнүң.
Кайра берер колхоз багы март деген
Жаш өмүрдүн жарашыктуу күндөрүн...

(Баары кошулат да ырдап чыгып кетишет).

7-СҮРӨТ

Биримкулдун үйү. Кыргыз стилинде жана европалыктарча жасалган жасалгалар. Дүйшөн баягы эле аял түрүндө, башын ылдый салып уктап олтурат. Биримкул, «күйөө» киймин кийип, Апакай стол жасап жатат. Ал 6-сүрөттөгү Болоттун ырын улагандай «Ак кептерим түтөбөйүн арманга» деп баштап, «Ак кептер» ырын бир-эки кайырды.

А п а к а й. Кантсин, көп иштеп чарчаган да, уктай берсин.

Б и р и м к у л. Деги эле жүрөгүм ордунан козголбойт. Үйлөнгөндө кубанат дечү эле.

А п а к а й. Көп үйлөнүп жүрүп, көнүмүш болуп калган да. Ракыянын баркын бил. Менин кадырымды сыйла.

Б и р и м к у л. Кур коймок белем. Тур де Ракыяны, көп эле уяла бербесин.

А п а к а й. Тур, айланайын Ракыя, биз деле кыз болуп көргөнбүз. Антчү эмес айланайын, үй өзүңкү, өйдө болуп элди тос айланайын.

Д ү й ш ө н. *(Көзүн ачып эки жагын карап).* Кайда келгем я? (Керилип). Атаан көрү ай... легкобоюндун жыргалы ай... Үргүлөп келатып тарс катып калган экемин да. *(Кайра үргүлөдү).*

А п а к а й. Ысып кеттиң го, жоолугуңду алайынчы, Ракыштай. *(Чече баштап чоочуп кетти).* Ээй, айланайын жалтырак баш кыз экен да...

Д ү й ш ө н. Каным катып калыптыр *(колун сунуп)* келе ачкылыңар бар бекен?...

Б и р и м к у л. Эмне балээси я бул Апакай жеңе?
(Апакай аны карап алып «Ай» деди да эс ооп чалкасынан кетти).

Б и р и м к у л. *(Жөлөп).* Эмне болду, эмне болду я, жеңе? Апаптайынбы, же аластайынбы...

А п а к а й. Эркек... эркек...

Б и р и м к у л. Эмне дейт? *(Карап).* Ой бул эмне деген маскараң? Дүйшөн тура...

Д ү й ш ө н. *(Камырабай).* Биримкул бүгүн айдын канчасы я? *(Чүчкүрүп жиберди).*

Б и р и м к у л. Айдан айлан! Сенин бул эмне кылганың я, Дүйшөн? Ушинтип да шылдың кыласыңбы?

Д ү й ш ө н. А онбогон Шейшен калпагымды алып калган экен э.

А п а к а й. *(Чыдай албай).* Дүйшөн, айтканды угасыңбы я... Ушундай да шылдың кыласыңбы?.

Д ү й ш ө н. А оңбогон Шейшен калпагымды алып калган экен э...

А п а к а й. *(Чыдай албай).* Дүйшөн, айтканды угасыңбы я... Ушундай да шылдың кыласыңбы?

Д ү й ш ө н. Чала, чала-а... колхоздун ударнигин шылдың кылам дегендер ушундай болот...

Б и р и м к у л. Түү... соолгур ай э... Ушундай да болот экен ээ... Айткам, жакшы эле

шекшигем. Ушундай да чоркок экенсиң э, жеңе.

А п а к а й. Кой десе болбойсуң. Бир литрди ичип албадыңбы... «Чала» дейт тура... Биримкул, саба муну!

Б и р и м к у л. Жонуңан кайыш алайынбы я, Дүйшөн. Ай сени... *(камчы алып ызырынып)* союп салайынбы...

Д ү й ш ө н. *(Тоотпой).* Оолукпай эле кой. Кимди ким сабаарын көрүшө жатаарбыз. Отуз жолу күрөшкө түштүм. Айры төштүн алдына жаткан бала эмесмин. Бул муштум бир дегенде беш немецтин башын жуткан!

А п а к а й. Эми элге эмне дейбиз? Өлөт деген ушул экен э...

Б и р и м к у л. *(Четтеп).* Анысы да чын... Апакай, сенин кылганың да... *(Дароо өзгөрүп башка жол тапкандай).* Айланайын... айланайын, Дүйшөн... *(Чөгөлөп, жалынып)* элге, журтка айта көрбө? Айланайын Дүйшөн, жанагыларды да кой де?

А п а к а й. *(Кошо жалынып).* Элге уят кыла көрбө, айланайын Дүйшөн, уят кыла көрбө? Оозуңан чыгарба... Кишиге айтпа...

Б и р и м к у л. Апакай жеңе, ач сары сандыкты, ал жибек, шайыны! Ыргыт Дүйшөнгө. Айланайын Дүйшөн, оозуңан чыгара көрбө...

А п а к а й. *(Сандыкты ачып).* Ме он метр шайы, ме отуз метр жибек, ме баркыт, ме тукаба... Ме атлас, ме кребдешын... ме, ме, ме!... *(Анын үстүнө үйүп жиберди. Бул маалда шарт этип Ракыя, Шейшен, Болоттор кирип келди да, таң калып туруп калышты. Берки экөөнүн эси оогондой катып калышты).*

Д ү й ш ө н. *(Башын көтөрүп).* Шаке, калпагым...калпагым...

Ш е й ш е н. Э, куш бооң бек болсун, тоюңар кут болсун. Биримкул!

Д ү й ш ө н. Айланайын Ракыштай, кыз кебиңди ала көр... Өмүрүмдө мындай жүдөгөн эмесмин.

С а к и ш. Ракмат, Дүйшөнүм. Уят, Биримкул, уят, Апакай жеңе!

К у б а т. «Ойлобой иштеген, онтобой ооруйт» деген ушул.

Б о л о т. Сен бирдемеге түшүндүңбү, Ракыяжан?

Р а к ы я. Азыраак... Азыраак... түшүнгөнсүйм, Болотжан...

IV АКТ

8-СҮРӨТ

1-актыдагы колхоз аянтчасы. Кеч күз, жетинчи ноябрь. Алыста ат чабыш болуп, бул жерде колхоздун майрамы өтүп жатат. Сцена Улуу Октябрдин XXX жылдыгына карай электр жарыктары жана башка жасалгалар менен кооздолгон. Президиумдун төрүндө Шайыр жеңе, анын тегерегинде Ракыя, Шейшен, Дүйшөн, Кубат, Биримкул, Апакай, аэропорттун начальниги олтурушат. Калың эл тобу. Оркестр ойнолду.

Ш а й ы р ж е ң е. *(Сөздү бүткөндөй).* Ошентип сөзүмдү аяктайм жолдоштор... Улуу Октябрь Революциясынын жана Совет бийлигинин отуз жылдыгын куттуктоо менен бирге ушул күнгө, Ата журтубузга берген убадабыздын аткарылышын угузгум келет. Биздин колхоз да улуу социалисттик жарышка кошулган эле. Бул милдеттенмебизди ашыгы менен аткардык! Колхоз зор сыймыкка жетишти. Өзүңөргө белгилүү комсомолка Ракыя, *(Бери бөлүнүп чыгып)* кызылчанын гектарынан бир миң элүү центнер түшүм алды!... Ук элим, биздин колхоздун атактуу азаматтарынын катарында: Шейшен, Дүйшөн, Сакиш, Кубат жана колхоздун жаңы парторгу Болот Батырбеков да бар. *(Оркестр күүсүн башкача буруп, сценанын жарыгы өзгөрө түштү да, ат чыгып келе жатканга арналган күү ойнолду).*— Көккашка? Көккашка!

(Сцена жанакы калыбына келди. Көккашканы жетелеп Болот кирди).

Б и р и м к у л. Кайран, Көккашка! Баракелде, Көккашка. Сүйүнгөнүмө чыдабай ыйлап жиберген экенмин.

Ш е й ш е н. Баса, ушундай болот эле дейм да! Дүйнөдө күлүгүң чыккандан жакшы неме жок...

Д ү й ш ө н. Баягыда айтпадым беле?

Ш а й ы р ж е ң е. Күлүк бирде калат, бирде чыгат. Баса, Болот, ошондо эмне болду, я?

Б о л о т. Жашыргам, Шайыр жеңе. Колхоздун эгинине түшкөн чегирткени айтам деп районго барып кайткам. Анан кантип?

Ша й ы р ж е ң е. Районго айткан сен белең?

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Бизге келген да Болот болучу. Ошондогу айлуу түндө учканыбыз эсиңдеби, Болот? Жакшы учкуч экенсиң?

С а к и ш. Учкуч? Түндө учкан... Баягыда дары чачкан сен белең, Болот?

Ш а й ы р ж е ң е. Жана добул түшкөндөгү Болоттун чечкиндүү акылы...

Р а к ы я. Көккашка... Самолет... Добул... Баары, баары сен турбайсыңбы, Болот? Болотжан, кечир, айыбымды кечир. Мен такыр жаңылган турбаймбы. Түбөлүк... түбөлүк бактыбыз, жыргалыбыз үчүн... Мына колум, Болотжан. Кечир? Жаңылгам...

К у б а т. Биримкул негедир жүдөй түштү.

Д ү й ш ө н. Билбейсиңби, ак жолунан жаңылган бат жүдөйт...

Б и р и м к у л. Курбум Болот, мен... мен... кур санаа, жеңил ой, акылсыз максатка алданып, сенин кадырыңды булгадым. Сенин ак эмгегиңди өзүмө жапкым келди, сенин наамыңды жалган айтып өзүм ээлегим келди. Ракыя, баягыда сени сыртыңан айтып Болоттон ажыраткым келди. Сенин атагыңа кызыктым... Майда иштерге чатыктым. Акыры элге уят болдум. Болотжан, мына колум, мындан аркы бирдиктүү иш, ак достук үчүн...

Б о л о т. Мына колум, Ракыя... Сенин төрт күнөө дегениң, төрт жакшылык болуп чыкты. Болгон ишке мен эми тушундум. Биримкул, мына колум. Анын баарын унуталы, жаңы дайындалган бригадирлигиңдин ийгилиги үчүн! *(Колун берди).*

Ш а й ы р ж е ң е. Мен да кечтим, Биримкул. Бая айтканыңда унчукпай койдум эле, башкармалыкты талашкандыгыңды айтып уялганыңа мен ыраазы. Сен да жаман иштегениң жок.

Р а к ы я. Мен да эми түшүндүм. Балалык, жаштык колхоздун салтанатына жуулуп, баатыр өлкөбүздүн баатыр элдеринче жашайлы. Эмесе баарыңарды, Биримкул сени да, Апакай жеңе сени да... Ушул улуу күн менен бирдикте боло турган Болот экөөбүздүн алтын күнүбүзгө чакырам!

Ш а й ы р ж е ң е. Бизди сиз чакырсаңыз, сизди Москва чакырат!

А э р о п о р т т у н н а ч а л ь н и г и. Ооба, Москва чакырат. Буйрук ошондой! Аткарылган убадаңыздын жыйынтыгы чоң!

Б о л о т. Жыйынтыгы чоң! Москва чакырат, Ракыя! Москвага чакырат, Ракыя.

Р а к ы я. Аткарылган шерт үчүн, улуу майрам, улуу кубаныч үчүн, Болот экөөбүздүн жаш бактыбыз үчүн, силер үчүн, баарыңар үчун, Ата Мекен үчүн!

Хор!

Калктын курган бирдигин,
Ачкан таалай жүз миңин.
Ай-ааламга тааныткан,
Большевиктин кимдигин:
Биздин ураан үч ураан.
Ал — Ленин, Ленин, Ленин!

(Б ү т ө т).

1947-жыл, 9-июль

Чолпон-Ата

КОРУКЧУ КООМАН

3 актылуу 8 сүрөттүү музыкалуу комедия

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

К о о м а н — корукчу
Т о в а р и щ Т а л к а н б а й ү п — сапырыкчы
К о ш к о н м а й — колхозчу
Т а к ы р — колхозчу
С о н у н — башкарма
Ж а н б о л о т о в — пристандын начальниги
К а р м ы ш — кийим устасы
А й ш а — байбичеси
Ж о к е — почтальон

А с а н б е к — жылкычы
А с к а р б е к — бригадир Талканбайүптүн төрт уулу
Ж у м а б е к— мугалим
К у б а т б е к — комбайнер

К ү л ү к а н — саанчы
Т у р д у к а н — гүл тиккич Коомандын төрт кызы

С у л у у к а н — композиторлукту сүйөт
Ш и р и н к а н —артистикти каалайт

Окуя ушул күндө Ысык-Көлдүн боюнда өтөт.

І А К Т

1-СҮРӨТ

Жай мезгили, көл бою. 1946-жыл. Эл демобилизациядан кайтуучуларды күтүүдө. Ушул пароход менен товарищ Талканбайүптүн төрт уулу жана Коомандын төрт кызы кайтмак.

Э л.

Келсе кана балдарың?..
Келсе кана кыздарың?..
Көл бетинде кеме жок
Карай, карай чарчадым.

Э л.

Ээй... ана, ана бир караан,

Тиги эмеспи агарган?..
Кубанычтуу күү келет,
Бери айдаган шамалдан...
Турнабайың жок беле,
Кооман, Ысак жан абам?..
Э.. . Эй ана, ана бир караан...
Э.. . ээй ана, ана бир караан...

Т а л к а н б а й ү п. *(карап)*
Ысак деген ат калган,
Талканбайүп аталгам...
Товарищин кошкула
Мен:
Товарищ Талканбайүп деп. катталгам...

Э л.
Эй товарищ Талканбай,
Ана, ана бир караан,
Сенде таалай чоң экен,
Аман келет төрт балаң.

Ж о к е.
Мен почтобай, почтобай,
Кат ташыймын чарчабай,
Ак суу менен, Көк-Кыя
Барар жерим бир далай...
Кооман аба,
Сизге телеграмма!

К о о м а н. *(окуп)*
Сүйүнчү балдар, сүйүнчү,
Көктө—каухар жылдызым,
Жерде — жеткис ырысым,
Ырас экен уккан сөз,
Ушул келчү кемеде:
Бар экен: баатыр төрт кызым!

Э л.
Ана, ана бир караан,
Ана, ана бир караан,
Кубанычтуу ыр келет,
Бери айдаган шамалдан...
Таалайыңар чоң экен,
Аман келет төрт кызың,
Аман келет төрт балаң...
Аман келет төрт кызың,
Аман келет төрт балаң!..

Ж а н б о л о т о в.
Болду, болду, чуулдабагыла,
Пароход жакындайт, мындай болгула!
(Ар жактагыларга)

Эй жигиттер, эмне турдуңар?
Бол даярдангыла!
Коңгуроо кагам
Муну байкагыла?
(Коңгуроо какты)
Эй, эл журт
Эмне турдуңар?
Кана ырдагыла!

Э л.
Ана, ана төрт кызың
Ана, ана төрт балаң...
Сага гана бала эмес,
Менин дагы жан балам,
Менин дагы жан досум,
Менин дагы садагам!..
Мына, мына төрт кызың,
Мына, мына төрт балаң...

К о о м а н. *(ар түрлүү аскер формасында кийинген кыздарын бирден өөп)*
Турдукан — алтынкан!
Күлүкөн — батыркан!
Сулуукан — бактымкан! ,
Ширинкан — жаныңдан!

Т а л к а н б а й ү п. *(балдарын бирден өөп)*
Асанбек — аныкбек!
Аскарбек — арстанбек!
Жумабек — жолборсбек!
Кубатбек — кабланбек!

К о о м а н.
Мына, мына садагалар,
Баары аман, баары соо!

К о ш к о н м а й.
Ок жолу ничке,
Ал баарыга тийбейт.
Ажал деген арсыз
Ал бардыгын көрбөйт.
Төрт кыз менен төрт бала,
Силерге жаным садага!
Апий, садага деп алдым да.

Т а к ы р. *(Тигилерге)*
Смирно!..
(Тигилер түз туруп калышты. Такыр ары-бери басып)
Ракмат, аскер такыр үйрөткөч экен,
Мурда, силер мени такыр укчу
эмессиңер.
Сынадым...

Такыр башка болупсуңар...

С о н у н.
Колхозго жаңы күч, жаңы кубат!
Эмне дейин?.. Кубанычта сөз кыска:
Силерди жаңы беш жылдыктын, жаңы
милдеттери күтүп турат!

А с а н б е к.
Кеткенибизге көп болду;
Эл-журт аябай өзгөргөндөй...
Агайын-туугандар таанышып алсак!

С о н у н.
Бул *(Талканбайүптү көрсөтүп)*
Силердин атаңар!
Бул *(Кооманды көрсөтүп)*
Силердин атаңар!
Бул — биздин ударник баягы таттуу
Жеңеңер Кошконмай болот.
Бул дагы ударник, баягы Такыр абаңар.
Бул киши уста,
Бул:

Т а к ы р.
Мамилиям — Такыр садагасы кетейинүп!

С о н у н. *(Сонун сөзүн улап)*
Баягы оорукчан Айша апаңар
Бул — почтобой Жоке...
Мен — башкармаңармын.

К ү л ү к а н.
Ракмат; тааныдык...
Башкарма Сонун эже,
Кармыш ата...
Кошконмай жеңе... Такыр аба...
Ай ий өзгөрүп кеткендерин кара!..

К о ш к о н м а й.
Аа, айланайын...
Колхоз — карыны жашартат тура,
Колхоз — өмүрдү узартат тура...
Көңүл куунак болот
Өзүнчө бир:
Кызык доор, кызык убак болот тура...
(Шыпшынып)
Кийинки экөөнү чоркок айтып алдым да...

А с к а р б е к.
Мына келдик, агайындар.
Тосуу болор, урмат болор,

Бирок эмитен айтайын:
Карап жатуу жок, биздин кылар иш
даяр болсун!

С о н у н.
Биздин күткөнүбүз да ошол.
Жаш кезде жамбаш талыганча жатуу
көңүлдү кирдетип, өмүрдү саргайтат.
Милдетибиз баштагыдан зор,
Маселен алдын алсак уят болбос:
Ким эмнени каалар экен?

К о о м а н.
Эл күтүп калды го,
Алда балалыгыңар ай...

Т а л к а н б а й ү п.
Буларды жөн койсоң,
Жыйналыш чакырат.
Карынын жүрөгү менен...
Коё тур Кооман, пристандын
начальнигийе айтайын.

А с а н б е к.
Башкарма анын неси уят?
Жакшы айттыңыз.
Мен гвардиянын капитаны —
Ата кесибин сүйөм.
Атам картайды, эс алсын,
Эгер ылайыгы келсе:
Азырынча жылкычы болсом!

А с к а р б е к.
Көнгөн кесибим —
Бригадир болсом!

Ж у м а б е к.
Кайра эле
Мугалимдигимди алам да!

К у б а т б е к.
Танкистин сүйгөнү — комбайн!
Баштагы кесибим да ошол,
Эмки каалаганым да ошол!

К а р м ы ш.
Баракелде, балдарым,
Кыздар эмне дээр экен!..
Болбой атып кетишти эле...

К ү л ү к а н.
Армияда санбатта, төрт жыл иштедим...

Рас, Кармыш ата арыз үстүнө
Ый кошуп жатып кеткенбиз...
Ата журттун кыйын күнүндө зээнибиз
кейиген, намыс чакырган.
Бардык, көптү көрдүк, эмгегибиз үчүн
буларды алдык *(көкүрөгүн көрсөттү)*
Мен баягы эле сааныма барсам дейм.

Т у р д у к а н.
Колхозду Европадан артык гүлдөтөм.
Кара жумушту иштейм,
Миң түрлөнтүп, гүл жана дарак өстүрөм.

С у л у у к а н.
Менби?.. Мен...
(Флейтаны алып чыгып ойноп жиберди)
Музыканы сүйөм...
Жумушуңду да иштейм,
Композиторлукка тырышам!

Ш и р и н к а н.
(Алаканын чаап койду)
Муну Армияда жүрүп үйрөндүм
(Элдин бир учунан экинчи учуна чимирик атып бийлеп кетти)
Артистикти-балетаны сүйөм.
Жумушуңарды да сүйөм, буга да
даярданам!

С о н у н.
Баары болот.
Баары аткарылат!
Туура дегениңер
Бир добуштан.

Э л.
Аман келди төрт кызың,
Аман келди төрт балаң,
Колхоз кенен табылат,
Эмне сүйсөң кааласаң!
Аал танда...
Аал жактыр...
Аал каала...
Колхоз кенен табылат:
Эмнени ойлоп самасаң...
Ээй, балдар,
Ээй, кыздар...
Колхоз кенен, табылат:
Эмне сүйсөң кааласаң!

Ж а н б о л о т о в.
Болду, болду тарагыла!
Пристанга келчүү бир силер эмес,

Дагы күткөндөр бар. Ана дагы пароход келет.
Тарагыла, тарагыла!

К о о м а н.
Сабыр кылыңыз.
Я айланайын башкарма,
«Бары болот, баары аткарылат» деп
салдың. Мага окшогон чал бригадирлер буракка чыгат экен
да?

Т а л к а н б а й ү п.
Эй Кооман, о жер соргур,
Карыганда балдар менен жол талашпай,
кудай деп жата берсеңизчи.

К о о м а н.
Жок, товарищ Талканбайүп, колхоздун
жумушу минтип кайнап турганда, буракка чыга турган мен өгүз
эмесмин! Согуш маалында иште, тынчтык күндө жөн жат?
Бул кимдин акылы экен я?

Т а л к а н б а й ү п.
Эий... Айтса айтпаса төгүнбү...
Ой мени жылкычылыктан бошотосуңарбы
я?.. Баса муну да ачышып алалы!

Э л.
Кой товарищ Талканбай,
Жөн тур Кооман арданбай,
Аман келди төрт кызың,
Аман келди төрт балан
Кой антпе,
Макул де,
Эмне сүйсөң, кааласаң!

Ж а н б о л о т о в.
Кимди эмнеге дайындоону
Правленияда карагыла.
Бул жер пристань. Азыр жаңы эл түшөт.
Кана тарагыла, тарагыла!

К о ш к о н м а й.
Үйрөтпөй эле кой,
Алда кайран неме...
(шыпшынып)
Ий ачальникти,
Кайран неме деп алдым э...
Кутуп калышты,
Эрчигиле мени!..
(Эл жанагы хордун кайруусун ырдап чыга башташты)

С о н у н.

Силерге, айтам деген акылым бар,
Силерге, мына-мындай чын сырым бар,
Абалар, айып этпе, карыдыңар,
Андыктан силерге эп иш табылар:
Сиз *(Талканбайүпкө)*
Кырман башы, сапырыкчы!
Сиз *(Кооманга)*

Э к ө ө.
Эмңе?
— Сапырыкчы!
— Корукчу?

С о н у н.
Ооба!
Жаңы болгон,
Же боло турган:
Кырман башы,
Корукчу!
(кетет)

Э к ө ө.
Ой, оой...
— Сапырыкчы...
Ой, товарищ Талканбай,
Ой, корукчу Кооманбай,
Бери олтурчу,
Коё турчу...
Эмки жаңы кызматты...
Ойлойлукчу...
Ойлойлукчу...

Т а л к а н б а й ү п. Кырман башылыкты эмне кылам... Сапырыкчылыкты эмне кылам?.. Жолборстой төрт баламдын күнүн көрүп, башталган уйкунун аягын улап жата бербейимби, я...

К о о м а н. Аның уят товарищ Талканбайүп. Карап жатуу намыс болор. Кайра ошол балдардын кубаты менен, күчөп иштейли.

Т а л к а н б а й ү п. Эмне? Ой сен мага акыл үйрөтөйүн дейсиңби я? Кооругуңа бара бер, менде эмне ишиң бар?

К о о м а н. Барам эле. Бүгүндөн баштап, мен: «Корукчу Кооман»... Эмне ишиң бар? дейт тура, карыганда колхоздон четтейм дегениң эппи? Балдардын күнү башка, сеники башка!

Т а л к а н б а й ү п. Болду, болду Кооман, ачуумду келтирбе, Балдарымда ишиң болбосун. Кырман башы боло албайм. Сенин жаңы атың: «Корукчу Кооман» Кулакка жаман угулат. Жамандын кырк кызы болот, бар кыздарың менен кыйкырышып жата бер!

К о о м а н. Кыздарыма шек келтирбе, Талканбайүп. Карыганда тапкан атың ушубу? Кымыздын күчү менен койгонсуң го? Ачуум келсе: кыздарыма балдарыңды жолотпойм!

Т а л к а н б а й ү п. Яа... Жолотпойм... Кайран корукчу Кооманым ай... Азыр эркек бала... аны билбейсиңби?.. Кыздарың өзү келер...

К о о м а н. Ким баа экенин көрөрбүз. Намысыма тийдиң, ачуум келсе катташпайм.

Т а л к а н б а й ү п. Корооңо басып барбайм, сени да жакындатпайм. Кеттим, эл күтүп калды!..

К о о м а н. Келе колуңду ошого! Кеттим, балдар күтүп -калды!
Т а л к а н б а й ү п.
Жаңы кызмат албаска,
Ачуумдан жанбаска,
Кырманыңа баспаска,
Достугуңа кол шилтеп,
Комбайга барбаска:
К о о м а н.
Айтканынан жанбаска,
Жаман жолго баспаска,
Корукчулук эң сонун,
Кызыктыгы бир башка:
Таарынычка — таарыныч,
Талканбайүп барбаска;
Кол койгондор Кооман!
Жана...
Сапырыкчы Талканбай...үп!
1-сүрөт бүтөт.

2-СҮРӨТ

Талканбайүптүн үйү. Балдарынын баары жумушка кеткен. Өзү терезеси кең салынган сонун үйдүн жакшы жасалгалуу бөлмөсүндө, креслодо уктап олтурат. Кошконмай менен Такыр экөө эки жагында.

К о ш к о н м а й.
Сегиз эмес, саат он
Т а к ы р.
Тогуз эмес, саат он
Э к ө ө.
Беште турчу Талканбай,
Бүгүн сага не болгон?
— Сегиз эмес, саат он,
— Тогуз эмес, саат он
Кол коюлчу кагаз бар,
Көзүңдү ачып ойгонсоң...

Т а л к а н б а й ү п. *(Көзүн ачып, чукуранып)* эмне? Эмне керек силерге?
Т а к ы р. Сиз жыйналышка такыр келбей калдыңыз, бригад менен бригад, извийна менен извийна жаңы беш жылдыкка карай социалисттик жарышка чыгышты. Жаайрым ударниктер...
Т а л к а н б а й ү п. Кыскартып айт!
Т а к ы р. Такыр кыскарта албайм. Эң мурда такыр Үп болуңуз.
Т а л к а н б а й ү п. Такыр, Такыр. Эмне дедиң? Жыйналыш? Качан?
К о ш к о н м а й.
Түндө, түн жармында,
Ку-ку-куук деп,
Тоок бир чакырганда...
Апий саатын айтпай,
Тоокту айтып алдым да.
Т а л к а н б а й ү п. Хош, товарищ Талканбайүптүге кулагы силерде!
Т а к ы р. Сизди аксакал ударник корукчу Коомаге жарышка чакырат. Шарты мына

бул кагазга такыр жазылган. Макул болсоңуз кол коюңуз.

Т а л к а н б а й ү п.

Лаппай! Корукчу Кооман? Мени жарышка?

К о ш к о н м а й.

Ооба, товарищ Талканбай,
Сиз дагы ударниксиз Коомандай,
Кол коюңуз?..
Мына... мына... мобундай...
Жана жумушка чыгыңыз,
Минтип бекер олтурбай...
Ий... *(шыпшынып)*
Кийинкисин жөн коё турбай...

Т а л к а н б а й ү п.

Тарт! Кол коюлбайт! Кооман менен жарышып!.. Кооман менен э?.. Ал ким? Мен ким? Башка менен жарышам! Укпайм! Укпайм! Койгула, койгула! Айда жоголгула! *(Экөөнү түртүп чыгарып жиберип, эшигин ичинен илип кайра келип жыгылды. Аздан кийин баш көтөрүп)* Корукчу Кооман мени жарышка чакырат ээ?.. Үйгө киришпес адам менен жарышамбы *(кайра ойлоп)* Жаңкы экөөнү неге куудум? Мейли болор иш болду! *(Кайра жатып, кайра турду)* Саат он! Бүгүн кайсы күн я? *(календарды карап)* Дүйшөмбү! Саат он! Эмне үчүн он, я? Эмне үчүн дүйшөмбү, я?.. Турмушта кээ бир кереги жок күн, кереги жок ай бар! Маселен дүйшөмбүнүн эмне кереги бар? Же жек^шемби эмес, же жума эмес! Маселен: Узун сары — эмикиче февраль, күбүр-шыбыр — эмикиче март жана нез кара—эмикиче апрель деген үч ай бар. Ал азык түлүк азайган күбүр-шыбыр айынын эмне кереги бар?

(Ачылган терезеден атка минип турган жылкычы Асанбек көрүндү)

А с а н б е к.

Аманбы! Жаным ата, кулак бургун.
Сөз айтат, тоодон келген жылкычы уулуң,
Колхоздо кызмат кайнап, каадасынча
Сен—үйдө, зор күрөштө—курдаш-курбуң
(Жанына Аскарбек келди)
Менмин уулуң бригад,
Минген атым, күлүк ат,
Арпа менен апийим,
Кирип келди бир убак...
Кырман башы, кырман чап,
Чабылбаса кимге уят?..
Кары дебей, жаш дебей,
Сизди күтөт урматтап...
(Жанына Жумабек келди)
Жумабек балаң,
Колунда калем,
Жанында газет, китеби...
Үгүтчү болду,
Табылды орду,
Ачылганга мектеби...
Ким жалкоо болсо,
Ага, ини, доско
Курч тием, деймин: «ай сени»...
(Кубатбек келди)
Комбайынчы балаңыз,
Кубатбекти караңыз!

(Башкарма Сонун, Кошконмай, Такыр кошо келди)

Б а а р ы.

Ардан, ардан, арданбай...
Каруусу жок каргандай,
Өз балдары, кыздары,
Же тарынтып салгандай...
Же эсиркеп, менсинип,
Мактангандай уялбай...
Тур атаке, сыртка чык,
Үйгө олтуруп саргайбай,
Бул турмушта кызык жок,
Кызыл толгон кырмандай.

Т а л к а н б а й ү п.

Жап, жап терезени!
Жап! Чыдай албайм! Жап!
Терезени! Болду жап!
(Терезени жаап салып)
Тех...Э жараткан, дүнүйөдө не жаман?
Элден, журттан бөлүнгөн жаман!
Дүнүйөдө не жаман?
Колхозунан четтеген жаман!
Дүнүйөдө не жаман?
Кооман досунан бөлүнгөн жаман!
Кайран гана досум ай! Бараам! *(Токтоп)*
Жок, бара албайм, ңамыс кана?
Дүнүйөдө не жаман?
Бекерчилик жаман!
Мени эч ким көрбөсүн жап терезени!
Тарт көшөгөсүн! Тарт! Тарт!
2-сүрөт бүтөт.

3-СҮРӨТ

Коомандын үйү. Төрт кыз үйдүн ичин таза кармайт. Бурч жакта пианино.

С у л у к а н. *(Эң мурда флейтаны ойноду)*
Жок, бул жакпайт. Эң эле назик жана муңдуу. *(Скрипканы ойноду)* Скрипка. Акындар айткан лирика ушубу?.. Кандай, кандай уккулуктуу. Жок, бул да болбойт. *(Пианинону ойноду)* Мында нечең... нечен... укмуштуу күү... Мен бир кезде пианино ойногонду бактылуу дечү элем. Эми өзүм ойнойм... Жок бул да болбойт... *(терезеден карап дирижерлук кылып)* Колхоз оркестри, кана мен айткан күүнү... *(оркестр ойноду)* Мына бул мага жагат. Абдан-абдан жагат... *(Баилкарып)* Өйдө-рөөк... пасыраак... жакшы... жакшы... *(Саанчы белдемчисин тартынып Күлүкан, чакасын койду да, музыкага карай)*
К ү л ү к а н. Асанбек жылкычынын мага жазган ыры кандай эле? Эсимде...

«Аппак бир аппак агыңдан кыз эй,
Салкында сааган, сааныңдан кыз эй,

Планың ашкан айыңдан кыз — эй,

Колхозго берген майыңдан кыз — эй...

Булактай ынак сүтүңдөн кыз — эй,
Шаңк этип күлгөн күлкүңдөн — кыз эй...
(Сүйлөп өзүнчө күлүп)

Чачпагым бардай... Чабал акын да... Эптеп уйкаштырайын деген да...
(ырдап)

Чачпагың учу, шырп этет кыз эй,
Шырп этсе жүрөк, зырп этет кыз эй...

Зырп эткен жүрөк, шаңыңан кыз эй,
Эртелеп сааган, сааныңдан кыз эй...

К о о м а н. *(Музыка жана ырды угуп).* Жаман эмес. Ата, баягы товарищ Талканбайүп укса ээ...

К ү л ү к а н. *(Өзүнүн оркестрине).* Бул да болбойт. Башкачараак жана мен айткандай... Көңүлдүрөөк... Ооба, бий курсун! Кана, баштадык! *(Бул кезде Коомандын үйүнө: Такыр, Кошконмай, Сонун жана Асанбек, Аскарбек, Жумабек, Кубатбектер алар менен бирге почтальон Жокелер киришти).*

Ш и р и н к а н. Кыздар бул тараптан! Балдар, силер бул тараптан. Мен айткандай! Кана, мен айткандай! *(Өзү баштап, көңүлдүү колхоз вальсын бийлешти).*

К о о м а н. *(Көз айнегин тартынып алып, баятан бери бирдеме жазып жаткан)*

Почтобай балам, бери кел! *(Жоке келди)*
Азыр элге кат, газет жеткиресиң го?

Ж о к е. Ооба, Кооман ата, ошентем.

К о о м а н. Алиги Талканбайүптү билесиң го? Көчөнүн оң жагында. Мобул катты ошонун өз колуна тапшыр.

Ж о к е. Жарайт өзүнө тапшырам, Кооман ата

К о ш к о н м а й.

Бул кимге арналган бий экен?
Айып болбос бекен сураса?
(шыпшынып)
Сураса деп коём да.

С о н у н.

Ооба, ооба, сонун бий экен.

К о о м а н. Төрт баламдын жаңы төрт кызматы үчүн *(Талканбайүптүн балдарын көрсөтүп)* жана төрт кызымдын төрт жаңы өнөрү үчүн, кала берсе өзүмдүн жаңы алган: «Корукчу Кооман!» деген атагым үчүн!

Б а а р ы.

«Бали, бали, Кооман,
Баракелде, Кооман,
Бали, бали, кыздар,
Баракелде, балдар...
Куттуу болсун бийиңер,
Куттуу болсун ойнуңар...
Куттуу болсун жаңы алган
Кадыр, урмат, баркыңар,
Касиеттүү чарбаңар...

Бали, бали, Кооман,
Баракелде, Кооман!

I Акт бүтөт.

II А К Т

4-СҮРӨТ

Колхоз бакчасы. Турдукандын өстүргөн нечен түркүн гүлдөрү. Фонтан. Коомандын төрт кызы тең ушул жерде. Колхоздун жумушу бүтүп кеч жакындаган мезгил. Турдукан гүлдөрүнө суу куюп, өз иши менен алек.

К ү л ү к а н.

Буудай сузуп кырмандан
Арылсын деп тозоң-чаң,
Кел шамал деп ышкырып,
Айдат,
Айдат,
Айдат...деп ыр ырдаган;
Сенин атаң болбосун
Айдат, айдат,
Айдат деп ыр ырдаган?..
Айлана гүл кызарган,
Алыста көл мунарган,
«Жылкычылар калп белем,
Кана айткан убадаң?..
Кел шамал деп ышкырып,
Айдат, айдат,
Айдат деп ыр ырдаган?..

К ы з д а р.

Буудай сузуп кырмандан
Арылсын деп тозоң чаң,
Ким жаман деп ышкырып,
Айдат, айдат
Айдат... деп ыр ырдаган?..

Т у р д у к а н. Согуштагы гвардеецтер колхоздун жумушунда да гвардеец болдук. Апийимден, чөп чабыктан, буудай орогунан да биринчиликти алдык.

Сулуукан. Музыка эмгектен жаралат деген ырас экен. Мен бүгүн «Айрөк» жана «Күкүк» деген эки музыка жаздым.

Ш и р и н к а н. Балеттин пайдасы белем. Түк чарчаганым жок. Асанбектер келе жатышат.

(Асанбек, Аскарбек, Жумабек, Кубатбектер киришти)

А с а н б е к.

Чалдыгы чал: чалдардан,
Баттыгы бат: балдардан,
Түн уйкусун түк татпай,
Таңдан турган таң заардан
Айдоолорду бүт коруп,

Айт, айт,
Айт... Куу! Куу! Куу!
Сенин атаң болбосун:
Айт, айт,
Айт... Куу! Куу! Куу!
Деп ыр ырдаган?
Карттыгы карт: карылардан
Шаттыгы шат: балдардан
Колхоз берген жумуштан,
Бир күн калса арданган,
Айт, айт,
Айт... Куу! Куу! Куу!
Сенин атаң болбосун
Айт, айт,
Айт... Куу! Куу! Куу!
Деп ыр ырдаган?

Б а а р ы.

Буудай сузуп кырмандан,
Арылсын деп тозоң чаң,
Кел шамал деп ышкырып
Айдат, айдат
Айдат... деп ыр ырдаган;
Сенин атаң болбосун
Айдат, айдат
Айдат... деп ыр ырдаган?..

(Талтнбайүптүн асынган мылтыгы бар, ал ууга чыккандай. Эки жагын каранып, ачуусу келип)

Т а л к а н б а й ү п. Та-ээк! Ким буудай сузган? Ким ал: «айт, айт, Куу! Куу!» деп ырдаган? Жок, мен эмес. Мен силердин эрке атаңар, минтип сейилге чыктым. Силер болсо: менин намысымды булгап Коомандын кыздарын жандайсыңар! Уят кана? Ызаат кана? Айда тарагыла! Тарагыла! Кошоктошуп алгандарын кара! Уят барбы деги силерде? Руксат жок! Уктуңарбы руксат жок!

С у л у у к а н. Жарайт, тарайлы. Капа кылып койсок керек, айып бизде. Ууга чыгыптырсыз, бул жерде күкүктөн башка эчтеке жок *(тарап кетишти).*

Т а л к а н б а й ү п. Каап баягы корукчу Кооман өзү көрбөс беле, я?..

(Почтальон Жоке келди).

Ж о к е.

Мен почтобай, почтобай
Чоң, кичүүнү карабай,
Чоочубай кирип барамын
Чогоол өскөн баладай.

Кат беруугө уруксат этиңиз. Үйүңүзгө бардым анда жоксуз, кырманга бардым мында жоксуз...

Т а л к а н б а й ү п. Я... «Жоксуз!» Сен да мага үйрөтөйүн деп турасыңбы? Бекер берсең да албайм. Бар жолуңа түш!

Ж о к е. Мен почтобай, почтобай...

(Чыгып кетти)

Т а л к а н б а й ү п. *(окуп)* Эмне?.. Эмне дейт, бул я?.. Окуп көрүңүз... Окууп көрүңүз...

(Окуйт)

«Азиз жандан артык көрүүчү курбалым — товарищ Талканбайупкө. Менин жаңы кызматыма арналган зор тамаша болуп, сиздин төрт уулуңуз көп өтүнүчтөр менен суранып жатып биздикине келди. Бир кызыбыз ырдады, бир кызыбыз музыка ойноду, бир кызыбыз бийледи, бир кызыбыз келген элге атыр сээп, гүл ыргытып турду. Шол кезде төрт кызыма куштар болгон төрт уулуңуз: «Э шумдук ай, ушундай да кыздар болот экен ээ» деп айран калып, ошол замат төртөө төрт жерге чалкасынан кетип эси ооп жыгылды. Биз көп аракеттер менен баштарын көтөрүп, көкүрөгүнө суу сээп эсине келтирдик деп кат жазуучу Корукчу Кооман...»

(Аябай ачууланып) Төрт уулум... Эстери ооп... Ушундай да... ушундай да бош арамдар болобу... Өзүлөрү барып э... Өтүнүп э... *(Алардын артынан кыйкырып)* Тара! Тарагыла! Бөлүнгүлө! Уктуңарбы, көзүм барда руксат бербейм. Бөлүнгүлө! Баарың, баарың... бул жерден тарагыла! Жоголгула! *(Буулугуп барып чоң бактын бир жагына олтурду. Сонун, Кошконмай, Такыр келди).*

С о н у н. Эки карыянын уул менен кыздары колхозубузду гүлдөтүп жиберди белем. Жумуш бир жагынан... колхоз багы бир жагынан... минтип көркүнө чыкты.

Т ак ы р. Талканбайүп карыя гана такыр эпке көнбөй турат. Кечээ кырманына келбей, анын ордуна мен кайтардым. Анысы такыр жакшы эмес.

К о ш к о н м а й. Кооман карыя бир аздан кийин ушул жерге келет. Талканбайүп карыяны издеп таап, анын кемчилгин дагы бир сыйра өзүнө айтып, анан эки карыяны жараштырып койбосок болбойт. Таарынышкандан бери деги эле жүдөп кетишти. *(Шыпшынып).* Жүдөп кетишти деп коём да.

С о н у н. Кырманга Талканбайүп өңдөнгөн ак ниет жана сак карыялар эң ылайык келет. Ал киши балдарынын демине мас болуп жүрөт окшойт. *(Алысты карап)* Ана-.. деги эле жуп-жубу менен жүрүшөт экен. Булар кандай бактылуу...

К о ш к о н м а й. *(Такырды колтуктап).* Биз эмне так бекенбиз? Так бекенбиз деп коём да. Биз деле жупбуз.

Т а к ы р. Такыр так болгон эмесмин.

С о н у н. Силер да бактылуусуңар. Күйөө деген — кол жеткис бийик сепил турбайбы... Кантейин... меники курман болду... Жок, бүгүн аны эстечү күн эмес. Жүргүлө оюн-күлкүгө кошулалы. Издеп таап эки карыяны жараштыралы. *(Булар кетер замат Кооман келди да жанагы чоң бактын бир жагына отурду).*

Т а л к а н б а й ү п. *(өзүнчө).* Өмүр карыганда ысык көрүнөт, жашоо карыган сайын таттуу көрүнөт. Ай чиркинай десеңчи, уйкум азайды. Кооман кургурум эле эсимен кетпейт. Бала күндөн берки досум эле... Кантип жарашсам я?..

К о о м а н. Адамзат өмүр бою бир нерсени сагынып жүрүп өтөт. Колдон келсе карылыктан чарчабас элем. Негедир Талканбайүбүм эсимен кетпейт. Ар ким өз курбалы менен турбайбы, жараштырып койчуу сыр билги балдар да болбоду. Бул сакалым менен уялбай өзүм кантип барам?

Т а л к а н б а й ү п. *(Өзүнчө күлүп)* Эси ооң!.. Чалкасынан кетип?.. Жоок мен руксат бербейм! Төртөөнү төрт жакка таратам. Руксат бербейм!

К о о м а н. *(Өзүнчө).* «Азыр эркек бала баа»... Көрүп жүрөбүз ким баа экенин... *(Бактын ары жагынан «Күкүк! күкүк!» деген үн чыкты да, Асанбек менен Күлүкан көрүндү).*

К ү л ү к а н.

Колхоздун күнү муңдуу эмес, күкүк!
Күкүктөй муңдуу мында эмес, күкүк!

Биз жүргөн бул бак — салкындуу, күкүк!
Күлүкандын көңүлү — жаркындуу, күкүк

Айлансын жаным күчүңөн, күкүк
Байлыкка тунган күчүңөн, күкүк

Айлансын жаным, жылыңан, күкүк
«Күкүк» деп жазган ырыңан, күкүк.

Күз менен үнүң так катпайт, күкүк,
Аталар бизди байкашпайт, күкүк...
—күкүк!
— күкүк!

А с а н б е к.

Айлансын жаным күчүңөн, күкүк
Байлыкка тунган күчүңөн, күкүк.

Айлансын жаным жылыңан, күкүк
«Күкүк» деп жазган ырыңан, күкүк

Канатың менен күн берчи, күкүк,
Тумшугуң менен суу берчи, күкүк,

Күз келип үнүң так катпайт, күкүк.
Аталар бизди байкашпайт, күкүк.
— Күкүк! Күкүк!

(Булардын соңунан Аскарбек, Жумабек, Кубатбек, Турдукан, Сулуукан, Ширинкан жана Сонун, Кошконмай Такырлар чыгышты)

Б а а р ы.

Айлансын жаным, жылыңан күкүк
«Күкүк» деп жазган, ырыңан күкүк,

Күз келип үнүң так катпайт күкүк,
Аталар бизди байкашпайт күкүк...
— Күкүк!
— Күкүк!

К о о м а н. Булар кайдан чыккан күкүктөр? Талканбайып. «Аталар бизди байкашпайт»... Кайсы аталар? Булар кимдер өзү, я...

К о о м а н. «Күз келип үнүң так катпайт?». Демек адамзат экен да?Өзүлөрү чыгарган экен да?.. *(Кубанып).* Мейли, мейли... Күлүкан, Турдукан, Сулуукай Ширинкан...

Т а л к а н б а й ү п. *(Бактан бери чыгып).* Асанбек, Аскарбек, Жумабек, Кубатбек... *(Коомангa урунуп алды)* Кооман сен ушул жерде белең?.. *(Кайра ачуусу келип).* Тара! Тара! Тарагыла! Мен руксат бере албайм! Бөлүнгүлө! Тарагыла!

К о о м а н. Мен да руксат бере албайм! Тара! Тара! Тарагыла! Бөлүнгүлө!

(Асанбек менен Күлүкан кайра баштан чыгышты)

(А с а н б е к. *«Айрөк» ырын баштап,*

Калгандары:
«Ай, ай, сен да кордоо сал,
Көлдө жаткан көп өрдөк,
Айрөк,
Айрөк!» *деп кошулушту да*
айланып баса башташты).

Т а л к а н б а й ү п. Эмне? Жалкоону? Мен жалкоомунбу? Ким айтты аны силерге, я? Ким айтты? Корукчу Кооман айттыбы?

К о о м а н. Ооба мен айттым. Сен жолуңан тайдың, жалкоо болдуң. Уят мунуң! Сени «ардактап» жатышат. Ушунчалык да эсиресиңби! Эл планды бүтөлү деп жапа тырмак иштеп жатса, сен кырманды таштап сейилдеп жүрөсүң. Мен сенин бул мүнөзүңдү койдурам!

Т а л к а н б а й ү п. Койдурам! Сенби? Жок, койдура албайсың! Уят дейсиң э?.. Мени айрөктөшүп жатабы? Эй балдар тарагыла! Бөлүнгүлө! Тарагыла! Руксат бепбейм, бөлүнгүлө. Азыр тарагыла!

К о о м а н. Кошулгула! Бириккиле! Ынтымактуу болгула! Ойногула! Күлгүлө! Дагы айтам. Кошулгула! Бири-бириңерди сыйлагыла!

(Асанбек менен Күлүкан).

К Ү л ү к а н. *(жароокерленип).* Уктуңбу Асанбек, атамдын айтканын: «Кошулгула» дейби? Ракмат руксат бергенине.

А с а н б е к. Уктум, Күлүканым. Эмесе эртең Кармыш устаныкына баралы?...

К ү л ү к а н. Эмнеге?...

А с а н б е к. Руксат бергенден кийин, моксвалыктар айткандай: «Той көйнөгүн»...

К ү л ү к а н. Жарайт, болсун, баралы... *(Булардын атынан Аскарбек менен Турдукан келди).*

А с к а р б е к. Турдукан, атаңдын айтканын уктуңбу?

Т у р д у к а н. Уктум, руксат берди.

А с к а р б е к. Эмесе эртең Кармыш устаныкына баалы.

Т у р д у к а н. Баралы. Билип турам. Москвалыктар айткандай «Той көйнөгүн»...

А с к а р б е к. Ооба, ооба... Ошону айтмакчымын. Жүр эмесе, баары өз жайында...

(Булардын артынан Сулуукан менен Жумабек)

Ж у м а б е к. Атаң эмне дейт я, Сулуукан, уктуңбу?

С у л у у к а н. Уктум. Андай болгондон кийин,москвалыктар айткандай: «Той көйнөгүн»...

Ж у м а б е к. Албетте. Эмесе эртең Кармыш устаныкына...

С у л у у к а н. Жарайт... Рас болот...

(Булардын соңунан Ширинкан менен Кубатбек)

К у б а т б е к. Хэ... хэ... хэ... ээй... Я, Ширинкан, атаң эмне деди я? Уктуңбу?

Ш и р и н к а н. Уктум. Өх... Кудай ай *(күлүп)* Эрте...эрте... бирок руксат берди. Мейли эрте болсо да даярана берели. Москвалыктар айткандай: сага той кастюму, мага той көйнөгү...

К у б а т б е к. Андай болсо эртең туура саат ондо Кармыш устаныкына!.. *(Булардын артынан Такыр менен Кошконмай)*

Т а к ы р. Такыр түшүнбөйм, Талканбайүп карыя: Такыр тарагыла, бөлүнгүлө» дейт. Кооман карыя: «Такыр кошулгула» дейт. Такыр акылым жетпей калды.Эмне кылабыз, я Кошконмай?

К о ш к о н м а й. А... арам Такыр десе! Арам деп коём да! Дүнүйөдө бөлүнүүдөн жаман нерсе жок. Бизин колхозго бөлүнүү жарашпайт. Тобокел деп кошуландын үстүнө кошулуп алабыз да!

Т а к ы р. Рас айтасың! Бир өмүрдө эки кошулалы! Эмесе эртең Кармыш устаныкына...

К о ш к о н м а й. Ооба, москвалыктар айткандай келишкен бир той көйнөгү... Жүр тигилерден калбайлы...

(Булар да кетишет).

С о н у н. *(Эки карыянын жанына басып келет)* «Бир өмүрдө эки кошулалы»... Жакшы сөз. Уктуңбу, Кооман ата? Уктуңбу, Талканбайүп карыя? Бергиле колуңарды?Ак тилек үчүн жана таарынычыңардан жанып, силердин экинчи кошулууңар үчүн!

К о о м а н. Жок, айланайын, башкарма! Мен мунун жаман адатын койдурбай кошула албайм!

Т а л к а н б а й ү п. Мында эле даяр турган киши бар бекен? Мен азыр баарын

ажыратам! Ажыратам!

Үчөө.

Оңой эмес кошулуу,
Арзан эмес ажыроо,
Жаш балдардын ырысы,
Кол жетпеген бийик зоо;
Учсун учкун тулпардай,
Сызсын алгыр шумкардай,
Эркин койгун, жол тоспо...
Жок, жок жолдош башкарма;
Оңой эмес кошулуу,
Арзан эмес ажыроо,
Руксат бергин ойлоого!..

4-сүрөт бүтөт.

5-СҮРӨТ

Кийим устасы Кармыштын үйү. Ар түрдүү бычылган кийимдер ж. б. Байбичеси Айша апа да ага жардамдашууда.

К а р м ы ш. *(Бирдемени тигүү, же бычуу менен убара. Көз айнегин тартып коюп)*

Тээк деген экен дейт...
(өлчөп, өзүнчө кыңылдап)
Жакасы кызыл тукаба,
Жеңдери баркыт көк, кара...
Топчусу сары седептен,
Этеги кызыл кыжыма...

Жок... жок... андай порум калган. Ал артта калган элдики... Биз Ленинграддан учуп чыкканбыз... Москвадан үйрөнгөнбүз... Айша бүгүн кайсы күң эле?

А й ш а. Коокуй белим. Оор күн, жума.

К а р м ы ш. Ырымчылын... Оор күн, жеңил күн... Тээк деген экен дейт... Жума... жума! Эхиий... каран калгырдыкы... Эми эсиме түшпөдүбү. Олдо жыластыкы ай э... Бүгүн адатынча шакыйың кармачуу күн эмеспи? Олда балакет баскырдыкы ай э... Барабыз дегенинен мейлиңер деп койбодум беле... *(Ойлоп)* Э... тобокел, эрдик кылып чыдап кой...

А й ш а. Чыдаганы курусун... Келетат. Кокуй башым...
(«Иш илгери болсунду» айтып Кооман, Кошконмай, Такыр келет).

К а р м ы ш. Айтканыңар келсин! Э Кооман карыя, Кошконмай сулуу, Такыр мырза, кош келипсиңер? Айшанын аман кезинде датыңарды айта бергиле? Эмнеден жана кандай порумда кыласыңар? Кана Айшадан жан кете электе өлчөп жиберейин...

К о ш к о н м а й. Биз анан желебиз, уста... Айтар сөз башка.

К о о м а н. Уста мен Талканбайүпкө аркыгылыштуу болуп калдым. Кийим тиктирип алдына түшөйүн деп келдим.

К а р м ы ш. Ап баракелде... Ошондой болот дегем... Биз даярбыз... Бирок өзү болсо...

К о о м а н. Арийне. Кеп ошондой, Кошконмай... Азыр барганда Талканбайүптү мында жибергиле. Кечирим сурайт, алдыңа түшөт, айбым үчүн бир сыйра кийинип кетсин деди деп айткыла. Мен жок болсом мейли, Кармышым ченин ала берет... Аны

айткыла...

К а р м ы ш. Ооба, ооба, келсин дегиле... Бир күндө даяр болот... Бир саатта даяр болот.

Т а к ы р. Такыр болбодубу. Такыр жарашып алгылачы деги...

К о ш к о н м а й. Биз кийинчерээк келебиз, уста. Тездик менен Талканбайүптү жиберебиз. Жүр Такыш деп коём да *(кетишти).*

К о о м а н. Узата бериңиз устам, узата бериңиз.. Мен да бир аздан кийин келем. *(кетти)*

К а р м ы ш. Жакшы болот карыя, келбей койбоңуз. Тээк деген экен дейт... Бир күндө даяр болот... Бир саатта даяр болот... *(Кыңылдап ырдай баштады. Асанбек менен Күлүкан).*

К ү л ү к а н. Этеги жерге чубалсын
(жеңин көрсөтүп)
Жеңдери мынча кыскарсын,
Кош ийним *(ийнин көрсөтүп)*
Жеңим үлбүрөп...
Бул жерим *(соорусун көрсөтүп)*
Сыйда суналсын...
Басканда бойго жарашып
(белин көрсөтүп)
Белиме жакшы кыналсын...
Саанчы кийген көйнөк деп,
Көргөндүн көңүлү кубансын.

А с а н б е к.
Жактырбайм кызыл, маласын,
Нары кой жанңял, аласын...
Уста аке, ташта ар жакка
Майрамга кийбейт карасын...
Ата-журт соккон жибектен.
Алып кел, бери тазасын...

К а р м ы ш. Ушул ылайык келер... Модасын айтыңыз... Бир күндө даяр болот, бир саатта даяр болот...

А с а н б е к. Мага мобул жагат...

К а р м ы ш. Күлүкан өзү айтсын.

Күлүкан. Мага дагы...

А й ш а. Жан кетти! Жан кетти!

К а р м ы ш. Айткам... Ушундай болот дегем... Айланайын Асаке, Күкүш кызым, Айша апаңардын баягы эски оорусу... Эми жан кеттилеп мазаңарды алат. Эртең... эртең келгиле айланайындар... Эми болбойт, айып этпегиле...

К ү л ү к а н. Неге айьш, уста аке... Оору кишини көрүп туруп?.. Кетели Аоанбек...

А с а н б е к. Эртең оорубас бекен, уста аке...

К а р м ы ш. Келип көргүлө... Айта албайм, айланайындар. Келип көргүлө. Бир күндө, бир саатта эле бүтөт Күкүнтай. Ооба эртең, келгиле.
(Булар кетишти. Кыңылдап) Кичи пейил балдар... Кандайсың Айша?

А й ш а. Жакшымын!

К а р м ы ш . Ошондой десең...
(Аскарбек менен Турдукан келди)

Т у р д у к а н. *(фасондорду карап)*
Көркү, көрк белем...
Жарашканы ай, пай, пай...

А с к а р б е к. Абдан жакшы. Тездик менен, аке тездик менен... Ченемин алып жибериңиз... Агышынан, өзүбүздүкүнөн болсун...

К а р м ы ш. Макул, макул... Мындай туруңуз... Баракелде... Бир күндө, бир саатта даяр болот... *(ченей баштады).*

А й ш а. Жан кетти! Жан кетти!

К а р м ы ш. Айткам... Айткам... Олда жылас болгурдуку ай э... Айланайын Аскарбек. Турдукан кызым... Айып этпегиле... Айша апаңардын баягы «жан кеттиси» кармап жатат... Өзүңөр билесиңер... Эртең, эртең келгиле, айланайындар.

Т у р д у к а н. Ай, бечара Айша апам ай... Дагы эле айыга элек экен э... Неге айып этели... Апам ооруп жатса... Жүр Аскарбек, кетели... Кыйнабайлы...

А с к а р б е к. Жарайт, Жарайт... Айыгып кетүүсүн каалайбыз. Кош болуңуз, саламат болуңуз. Эртең келебиз... *(кетишти)*

К а р м ы ш. Кырсыкты карачы. Шакый деген оору жаман гана болот экен да... «Келе бери, келе бери» деп жанды сурап келет окшойт. Бат эле «жан кеттилеп» калат. Кандайсың ой Айша?

А й ш а. Жакшымын!

К а р м ы ш. Ошондой десең. *(Кыңылдай баштады)* Ох-уу... баягы Жумабегим менен Сулууканым турбайбы. *(«Иш илгери болсунга» жооп берип)* Келгиле айланайындар. Кана кимиңердин ченин алайын? Жана кандайын тандайсыңар? Жан кете электе, болгула айланайындар.

С у л у у к а н. Эң мурда Жумабектен алыңыз. Карасынан. Эки борттуу болсун...

Ж у м а б е к . Жок, бир борттуу болсун...

К а р м ы ш. Мейли андай болсо... Бери тур. Бир күндө, бир ооатта даяр болот.

А й ш а. Жан кетти! Жан кетти!

К а р м ы ш. Өх-х... *(олтуруп калды)* Ушуну менен үчүнчү жолу... Айтпасам деле түшүнүп турасыңар го... Эртең, эртең айланайындар...

С у л у у к а н. Айып этпеңиз. Ооруганын билбей калдык. Баягы шакый го... Айша апам эң эле жөнөкөй... Жүр, Жумабек, кетели. Түшүнүктүү болбодубу... Айып этпеңиз, Кармыш ата...

Ж у м а б е к. Эртең оорубас бекен, Кармыш ата?

К а р м ы ш. Көзүм жетпейт, ай ким билет? Келип көргүлө... Кош болгула... *(Тигилер кетиигти).* Кандайсың ой, Айша?

А й ш а. Жакшы.

К а р м ы ш. Жабышып кал! «Жакшы» деп коёт. Мына эми Ширинкан менен Кубатбек келатат. Амансыңарбы айланайындар. Айша апаңардын «жан кеттиси» кармап атат. Эртең келгиле, айланайындар. Айып этпе, Кубатбек. Айып этпе, Ширинкан, апаңардын баягы шакыйы...

Ш и р и н к а н. Жүр Кубатбек, эмесе эртең келели...Оору кишини кыйнабашш...

К у б а т б е к. Рас болду. Комбайндан жарым саатка бошоп келдим эле. Кошуңуз, Кармыш ата. Эртең дедиңизби?

К а р м ы ш. Ооба, эртең, эртең... Бир күндө, бир саатта эле бүтөт. Эртең келгиле... Айып этпегиле.

(Тигилер кетишти).

Кара... кара... баары бир күндө... Бая эле ченете койгула десе болбой, Кошконмай менен Такыр эми келе жатышпайбы... Аай, Айша, сенин азабың... Балдарга уят кылып... *(Кыйкырып)* Ой Такыр, ой Кошконмай, келбей эле койгула, убара болбогула? Айша апаңардын «жан кетмейи» кармап атат. Ооба, эртең келгиле... Эртең!.. Ооба... Бир күндө, бир саатта эле бүтөт... Эртең! Эртең!.. *(«Жарайт!» деген үн)* Оох... Ай, эми киши келбесе... Тээк деген экен дейт... Жаман гана уят болдум да... Эми киши келбес... *(Талканбайып кирип келди)*

Т а л к а н б а й ү п. Ассалаумагалейкоом, уста Кармыш! О иш илгери!

К а р м ы ш. Алейкум асалам, товарищ Талканбай. Айтканың келсии... Э жол

болсун?..

Т а л к а н б а й ү п. Андай болсун. Үйдө жатат элем... Алиги корукчу Кооман он беш киши чаптырып кечирим суратыптыр.

К а р м ы ш. Баракелде ой... Катуу айыптуу болгон экен э...

Т а л к а н б а й ү п. Айтса... Аябай... Деги мага аябай жеңилди... Кой десем болсочу, мени менен эрегишет. Алдына түшөм... Кармыштыкына келсин... Бир сыйра кийинсин» дептир. Келип калдым.

К а р м ы ш. Рас болот. Бирок Айша... Айша... Оорулуу.

А й ш а. Өөх... азыраак тердей түшкөн экемин, көңүлүм сүт куйгандай ачылып, үстүмөн оор жүк алгандай жеңилдеп калыптырмын. Тим эле ырдагым келет. Шакыйың кургурдун келмеги да бир, кетмеги да бир.

К ар м ы ш. *(Кубанып күлүп)* Ошондой десең... О сагагасы Талканбайүбүндүн - колунун жеңили ай. Ак жолтой турбайсызбы...

А й ш а. Эми бир жумга оорубайм.

К а р м ы ш. Кана, кагылайын Талканбайүп, кайсынысынан киесиң? Тандай гой... Жыгылыштуу немени аяба...

Т а л к а н б а й ү п. Кары кишиге кооздук жарашпайт. Мага мобул эле трайкеден күрмө, шым. Мобул ак сатинден көйнөк... Жана башка нерседен калпак...

К а р м ы ш. Айтканыңыздай болот. Мындай болуңуз. Баракелде. (Ченейт) Отуз сегиз, кырк беш... Болду. Бир күндө, бир саатта даяр болот.

Т а л к а н б а й ү п. Айтып коюңуз мен келе албайм.
Алдыма түшө турган киши өзү алып келсин. Өзү кийинтсин. Ана биз оңой эмеспиз... Айтып коюңуз, тездик менен келсин. Жана элди ээрчите келсин... Ансыз болбойт... Айтып коюңуз, мен кеттим!

К а р м ы ш. Жарайт. Бир күндө, бир саатта даяр болот... *(Кыңылдап ырдап, иштей баштады. Бул мезгилде Кооман келди).*

К о о м а н. Товарищ Талканбайүп келдиби? Ченеттиби?

К а р м ы ш. Келди, ченетти. Бир күрмө, бир щым, көйнөк, калпак... Мына, чене!.. Жана Сизге көп, көп салам айтты. Тездик менен өзү келсин, элди жыйнай келсин. Өзү кийинтсин... Өзү жыгылсын... жана башка...жана башка...

К о о м а н. Бир көйнөк? Бир шым? Бир калпак? Неге?... Жок, устам, бирөө эмес, ушундайдан он сегиз окшош болсун, он сегиз окшош!..

К а р м ы ш. Он сегиз окшош? Катуу жыгылыштуу болгон экенсиң!..

К о о м а н. Ооба.

К а р м ы ш. Катуу айыпкер болгон экенсиң!

К о о м а н. Туура.

К а р м ы ш. Катуу күнөөкөр болгон экенсиң!

К о о м а н. Рас!

К а р м ы ш. Пай, пай, пай, пай! Он сегиз окшош? Айша, уктуңбу? Он сегиз окшош. Мына эми анык жан кетти!

А й ш а. Неге жан кетет? Устанын жаны ошончолук бош бекен? Кетпейт! Шакыйым бир жумага чейин кармабайт, он сегизин, он сегиз саатта тигем. Келе!

К а р м ы ш. Он сегиз окшош! Кооман карыя, он сегиз жылдан бери кийим тигем бирок мындай окуя башыман өткөн эмес. Он сегиз окшош! Жарайт, Кооман карыя: он сегиз саатта он сегиз Талканбайүп даяр болот.
Он сегиз! Он сегиз!

5-сүрөт бүтөт.

6-СҮРӨТ

Эгин талаасы. Кооман он сегиз жерге Талканбайүпкө окигоштуруп «каракчы» жасап коюп, өзү корук ырын ырдап олтурат.

Коруктун башы коомай жол,
Арам кол ууру оомай жол,
Ардактуу колхоз байлыгы:
Ар убак түгөл, аман бол,
Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!
Арпалар алтын саргарат,
Буудайга чалкыйт туш тарап,
Бул жагы бакча, кара эгин,
Биздин ырыс, биздин бак.
Айт, айт, куу, куу!
Айт, айт, куу, куу!
Тармал бир, тармал таранчы,
Тарууга келген таламчы,
Талканбайдын сүрүнөн:
Коркот бейм, ана, карачы...
Айт, айт, куу, куу!
Айт, айт, куу, куу!

Мына эмесе! Жалкоолугу кармаган немени ушундай кылайын. Койбогонуңду эми көрөрмүн! Кийинки убакта деги эле урушчак болуп кетти дейт, бир чымчык, тараны, карга, таан менен урушуп жат.

Айт, айт, куу, куу!
Айт, айт, куу, куу!

(Ал ары карай басып кеткенде Кошконмай менен Такыр келди).

Т а к ы р. Такыр издеп тапшай жүрсө!.. Салоомаейкум, товарищ Талканбай!

К о ш к о н м а й. Башкарма чакыртты... Биздин бриадага уят келтирип... Же жарашпай... Аээй адам баласы! Апам баласы деп коём да. Он сегиз Талканбайүп а! Баягы Кооман карыянын кылганы го. Адам экен десе «каракчы» турбайбы... Каракчы деп коём да *(Коошо келди).*

Үчөө.

Тармал бир тармал таранчы,
Таруупа келген таламчы,
Талканбайдын сүрүнөн:
Коркот бейм, ана, карачы...
Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!

Ж о к е.

Мен почтовай, почтовай,
Кат ташыймын дем албай...
(карап калып)
Түшүнүктүү... Түшүнүктүү...
(Ырдап)
Кең өлүөмө жыйналган
Күлкүнүн баары меники.
Ал күлкү элдин энчиси,
Меники эмес элдики!

Кооман ата, районго бара жатам. Иш жаман эмес, биздин колхоз «Ардак тактага» чыгыптыр. Көрсөң бере кет деп товарищ Талканбайүп тапшырды эле.

К о о м а н. *(окуду)* «Азиз жандан артык көрүүчү... Кооманга... Күтө, күтө көп убара

болдум... Берер киймиңизди тез берип, өзүңүз алдыма түшүңүз»... Баракелде! Жалкоонун алдына түшүүчү мен бекемин? Жок, айтып кой: «Коруктан колу тийбейт экен; берерин белендеп күтүп олтурат, келип алып кетсин деди» — де...

Ж о к е. Жарайт! Айтайын! *(кетти).*

Ү ч ө ө.

Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!
(Сонун келди)

С о н у н. *(күлүп)* Бул эмнеңиз Кооман карыя. Он сегиз Талканбайүп! Кокус шылдың катарына алып урушса кантесиз?

К о о м а н. Кантмек элем? Жообуна — жооп! *(Төрт кыз, төрт уул келди)*

А с а н б е к. Алыстан карап айран калганым... Бул кандай он сегиз ата?.. Аябай окшош көрүнөт экен...

К ү л ү к а н. Капа болор, алып коюңуздар...

А с к а р б е к. Неге? Теңтуштун сырын теңтуш билер...

Ж у м а б е к. Бирин бири көтөрөр...

Ш и р и н к а н. Ошондой болсо да жакшы эмес, алып койгула...-

К о о м а н. Жок, алынбайт, балдарым. Анын сыры мага маалым. Эртең кырмандан көрүп аласыңар... Ана өзү да келатат.

С о н у н. Бизге капа болор! Тарап кетели... *(Тигилер тарап, жалгыз Кооман калды. Талканбайүп жер карап, өзүнчө кыңылдап келетат).*

Т а л к а н б а й ү п.

Кой десем болбой Кооманым,
Жалкоо деп мени жооладың...
Акырында баш ийдиң...
Анан мен:
Берериңди дооладым...

арап алып делдейип туруп калды. Өзүнө өзү ишенбей өзүн сүртүп кайра карады) Ой, айланайын, бул... бул... кандай... «Лахилаала-лалла»... Өңүмбү, же түшүмбү?.. Бул кандай мен көбөйүп кеткем?.. Өңүмбү, же түшүмбү? Кыйкырып көзүнчү? Хэ-хэ... Ким бар?.. Чак түштө качканым уят.. Жок, өңүм экен... Жаныңа барып көрөйүнчү... *кармап)* Ээй, былк этпейт...

К о о м а н.

Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!

Т а л к а н б а й ү л. А... а... Корукчум түбүмө жеткенсиң э... Баятан бери мен экемин десе, менин кебимкийген каракчы турбайбы? Бул эмне кылганың, я Кооман?

К о о м а н. Алдыңа түшкөнүм, Товарищ Талканбай! Талканбай. «Алдыңа түшкөнүм!» Колуңа өлүп берейинби я, Кооман?

Ж а н а г ы л а р.

Айг, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!

К о о м а н. Он сөгиз Талканбайүбүң менен кошо ал! Келбейт экенсиң; кары кезде эсирбей, абийириң менен жүр! Кырманыңа бар!

Э л.

Коруктун башы коомай жол,
Арам кол ууру оомай жол,
Ардактуу колхоз байлыгы:
Ар убак түгөл, аман бол;
Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!

Т а л к а н б а й ү п. Сени менен эртең сүйлөшөм! Кокчум, уктуңбу? Эртең! Эртең!
Б а а р ы.

Арпалар алтын саргарат,
Буудайга чалкыйт туш тарап,
Бул жагы бакча, кара эгин...
Биздик ырыс, биздин бак.
Айт, айт, куу! куу!
Айт, айт, куу! куу!

III АКТ

7-СҮРӨТ.

Кызыл кырман. Калың эл. Талканбайүп буудай сузуп ыргытып, кырман ырын ырдоодо.

Т а л к а н б а й ү п.

Буудай сузам, ташын иргеп ыргытам,
Тазарсын дөп кызылынан тозоң-чаң...
Асман бүркөө, жамгыр куюп иер деп,
Кел шамал деп, кел шамал деп ышкырам...

Калың журтка кырман ыры жарашар:
Айдат... Айдаү..
Айдат... деп ыр ырдасам...

Каруу барда карьш калдым дебейин,
Колхоз деген кадыр-баркы мендейдин,
Кыялыман эски каада тазарсын,
Жаным сендик, калкым дебей, недейин?..
Кырман ыры, кырман ыры көңүлдүү...
Айдат... Айдат...
Айдат... деп күч берейин...

Курдаш сөзүн, кыянат сөз дебейин.
Жарыш десе, жарышынан жеңейин,
Кооманбайда карыз шамал бар бекен,
Бир кап шамал карыз сурап келейин...
Кырман ыры, кырман ыры көңүлдүү,
Айдат... Айдат...
Айдат..,. деп күч берейин...

Т а к ы р. Кооман карыянын айтканы такыр туура у чыкты. Эртең эле кырмандан көрүп аласыңар деген.

К о ш к о н м а й. Сапырыктай жумуш барбы? Көптөп каруу керек. Талканбайүп акем ушундай азамат дейм да. Апий, балакет, акем деп коём да.

С о н у н. Билекте күч, жүрөктө кан барында, колхозн касиеттүү ишинен өгөйлөш биздин элге жарашпайт. Бирок Талканбайүп карыя эмгек күнүн кууп жетти. Биздин колхоз зор ийгиликтин алдында турат.

К о о м а н. Эртең сүйлөшөм дегениң ушу экен го?

Т а л к а н б а й ү п. Карылыкка моюн сунбайлы, ударс атагыбыздан тайбайлы, жаман жолго барпайлы жениңе макулмун. Эртең сүйлөшөрүм дагы бар. Бирок эмде болсун: ажыратам! Руксат бербейм, уктуңбу! Ажыратам!

С о н у н. Биринчи дан мамлекетке! Биз жөнөткөн ал жүктүн учуна көз жетпей тунарсын! Ак ниет колчулардын ак эмгегин кабыл ал, ач дарбазаңды, Аткарт!

К ү л ү к а н. Биздин бригада, ук менин буйругумду! Албайын менен молотилкеге карап олтурбастан теминбасып иели! Башта теминиңди!

Э л.

Алтын көйнөк күз келсин,
Арбын, арбын күч берсин
Теминге басып иели
Арпанын башы түшпөсүн;
Оп, майда! майда!
Оп, майда! майда!
Күмүш көйнөк күз келсин,
Күчүбүзгө күч берсин,
Теминге басып иели
Буудайдын башы түшпөсүн:
Оп, майда! майда!
Оп, майда! майда!
Кубатка кубат куралсын,
Улуу Ата-Журт муну алсын,
Калкка бүткүс кут болгон
Колхозуна кубансын.
Оп, майда! майда!
Оп, майда! майда!
Оп! оп, оп!

7-сүрөт бүтөт

8-СҮРӨТ

1-картинадагы Көл бою. Пьесага катышуучулардын бардыгы ушул жерде.

С у л у к а н. Колхоз оркестри! Мен айткан күүнү жана мен айткан ырды!... Башкарыңыз, жолдош дирижер! *(Оркестр музыка ойноду).*

К ү л ү к а н.

Ысык-Көл көркөмдүү , көл көрсөң таңгыс,
Көйкөлгөн көктүгү бар көзүңдү алгыс,
Көңүлдө берекелүү колхоз элиң,
Көп жылга кеткен менен алыс... алыс...

Ысык-Көл сөөлөттүү көл көрсөң тангыс,
Көз жеткис түздүгү бар бийик жарсыз...
Күрдөөлдүү колхоз калкым, акылымда...
Сапарга кеткен менен алыс... алыс...

Ысык-Көл бизде сыймык, бизде намыс,
Ата-журт: улуу эмгек биздин парыс,
Беделдүү беш жылдыктын белин ашып,
Кайтарбыз, кеткен менен алыс... алыс...

А с а н б е к.

Көңүл кош жүрөк жаз, жайга
Жаш өмүр өтөр бейпайда...
Ата-журт үчүн ак иштеп,
Келермин жылда бир айга...

Коштошуп курдаш далайга,
Кайрылбай көпкө жаз-жайга...
Тууган жер үчүн ак иштеп,
Кайтармын жылда бир айга.
Дайра суу батпай сайларга
Жаңы үйлөр толуп бул жайга,
Колхозум гүлдөп турганда.
Кайтармын дагы бир айга...

Ж у м а б е к.
Дайра суу толуп сайларга,

К у б а т б е к.
Ак панар жайнап дайрага,

К ү л ү к а н.
Жаңы өндүрүш жаркырап,

Т у р д у к а н.
Мына бул сонун жайларга...

С у л у у к а н.
Мал саны өсүп бир жактан.
Түшүмүң арбын бир жактан,
Колхозум дуулал сайранда...
Көркүн төгүп беш жылдык,
Көрктөнүп жерим турганда...
Кайрылып кайра келермин.
Көп жылга эмес, бир айга...
Бир айга!..

Т а л к а н б а й ү п. Эмне деп айткандарына түшүнбөйм. А... булар кошулганда ушинтип кошулат экен го...

Ж о к е.
Кең өлкөмө жыйналган,
Жыргалдын баары меники.
Ал жыргал — элдин энчиси,
Меники эмес элдики...
(Асанбекке)
Сиздерге телеграмма!

А с а н б е к. *(окуп)*
Жекшенби?.. Убакыт чукул, шашылуу керек!

Т а л к а н б а й ү п. Ооба, ооба... Тойду бүгүн эле өткөрүү керек... Эмесе Кооман айнып кетет...

С о н у н. Агайындар! Улуу күн, улуу тоюңар менен куттуктайм! Ал улуу күн — биздин колхозубуздун мамлекет алдында барлык планды ашыгы менен орундап, өз абийирин салтанат менен актаган күн!

Т а л к а н б а й ү п. Сөзүңөн айланайын, башкарма! Ооба, урмат айталы. Жана сиздердин алдыңыздарда, корукчу Кооманга жыгылыштуу болгонумду айтып, ушул тойго карата төрт кызыма, төрт уулума: «Кошулгула! Бириккиле! Ынтымактуу болгула! Эл үчүн, Атажурт үчүн иштегиле!» — дегим келет.

К а р м ы ш. Мамлекетке абийирдүү болуу ал —адамкерчиликтин абийири деген сөз. Баракелде, айланайын башкарма, ооба, ошол сыймыкка урмат айталы жана төрт

кызыма жана төрт уулума уяттуу болуп, той кийимдерин кеч бүтүрүп бергениме кечирим сурайм.

А й ш а. Ооба, айланайындар, урмат айталы. Тоюңарга жолтоо болгон: ал мен! Бирок мен колхоздун жеңиштүү жылынын дарысы менен айыгып, миң жылга оорубас болгом!

К о ш к о н м а й. Эмгек күнгө эки жүз пуд буудайымдын 50 пуду силердин тоюңарга кошумча!

Т а к ы р. Мейли. Мен деле ошого такыр кошулам.

К о о м а н. Ооба, балдарым, урмат айталы! Талжанбайүп курбалым, сенин сөзүңдүн акыркысы туура, бирок башкысы болбой калды. Мен «кошулгула» деген сөзүмдү кайра алып, жалпы колхоз тоюна, балдардын келечекки ырысына, өкмөт менен партияга урмат айткым келет!

Т а л к а н б а й ү п. Сенин бир сөзүң туура эмес.

К о о м а н. Неге «Кошулгула» дегенимди кайра алам дейсиң? Жок, мен кайра бербейм! «Кошулгула!»

А с а н б е к. Ата, сиз билбейсизби?.. Азыркы замандын жаштары: бекерчилдк, пайдасыз салтанат, эрикчелдик үчүн жаралган эмеспиз! Биз ата-журттун жаш механизмдери, эч качан айланбай, ата-журттун дөңгөлөгүнө кызмат кылбай тура албайбыз. Мени Масквадагы Согуш Академиясы чакырат. Телеграмма алдым. Жекшембиде ошол жерде болушум керек.

А с к а р б е к. Кооман атаныкы орундуу сөз! Сиздин тилегиңиз да жакшы, ата! Бирок Асанбек айткандай: бекерчилик, пайдасыз салтанат жана мезгилсиз үйлөнүү бизге жарабайт. Биз: илимдин, өнөрдүн, маданияттын жаштарыбыз! Мени бригадирлер курсу чакырат. Эртең Фрунзеде болушум керек!

Ж у м а б е к. Кошконмай жеңем менен Такыр абамдын кошумчасына ракмат! Бирок өзүңүздөрдө калсын. Мени педагогия институту чакырат, билимимди жаңылабасам, менден кайсы мугалим чыгат?

К у б а т б е к. Оруу-жыюу толук бүттү. Кечээ гана чакырык алдым. Менин өнөрүм абдан татаал. Аны жаңылап турмайынча болбойт.

К ү л ү к а н. Жок мен «кошулгула» деген сөздү каккым келбейт. Сапарым Асылбек менен бир. Медицина Академиясы чакырат.

Т у р д у к а н. Буйрукка айла жок да, менин сапарым Аскарбек менен бир!

С у л у у к а н. Меники Жумабек менен бир... Жаңы жаңы симфониямды аткарам. Мени Фрунзеге чакырат.

Ш и р и н к а н. Меники Кубатбек менен! Өзүңөргө белгилүү Опера жана Балет театры чакырат!

К о ш к о н м а й. Эй, тобокеч, ээй... Тобокеч эй, деп коём да. Ушундай эби менен келет экен э!.. Такыр экөө силерди узатып барат экенбиз да.

С о н у н. Жаштардын бактылуу келечегинин урмана жана жогоруда айтылган улуу урматка бийлебеген жана ырдабаган бир адам калбасын!

Т а л к а н б а й ү п.

Ошондойбу, балдарым?
Эмесе: *(бирден өөп)*
Асанбек — Өнөрбек
Аскарбек — Илимбек
Жумабек — Билимбек
Кубатбек — Бакытбек

К о о м а н.

Ошондойбу, кыздарым?
Андай болсо *(бирден өөп)*
Күлүкан — Өмүркан
Турдукан —Жыргалкан

Сулуукан — Ырыскан
Ширинкан — Порумкан!

С у л у у к а н.
Оркестр, менин күүмдү!

Ш и р и н к а н.
Балета, менин бийимди!
(Салтанаттуу чоң бий)

Т а л к а н б а й ү п. Мен жыгылыштуу болдум, Кооман.

К о о м а н. Ошондуктан менин атым: «Корукчу Кооман»... Кана, пока бийлейбизби?

Т а л к а н б а й ү п. Ооба. Сен башта, корукчу Кооман. Анан мен. Ап, баракелде!

К а р м ы ш. Айша «жан кетмейиң» кармабас бекен? Ушундай улуу күндө кантип бийлебей кур калабыз?

А й ш а. Миң жылга чейин жан кетпейт. Бийлейли, Кармыш!

К о ш к о н м а й. Эй, Такыр, эмне оозунду ачып туруп калдың. Деги жигит болуп жүрдүң беле?

Т а к ы р. Такыр жигит болуп көргөн эмесмин... Кеттик эмесе...

Ж а н б о л о т о в. Булар пристанды бошотпойт экен го... Он беш мүнөт күтүүгө болот. Тарагыла! Бийлегиле! Текке карап турбайлы!

Х о р.

Улуу күнгө урмат!
Кадыр күнгө урмат!
Таалайыңа урмат!
Өчпөй турган нур чачкан
Заманыңа урмат!
Өлбөй турган гүл ачкан
Жаштарыңа урмат!
Кадыр, урмат, барк алган
Колхозуңа урмат!
Биздин ырыс, биздин бак
Ленинге урмат! Урмат! Урмат!

Чолпон-Ата

1947-жыл, 20-июль

АБЫЛКАСЫМ ЖАНБОЛОТОВ

4 актылуу 7 сүрөттүү пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

Н ур к а с ы м Ж а н б о л о т о в — атактуу колхоздун башкармасы.
Ж а к е — атасы.
А л т ы н — энеси.
К е р и м к а р ы я — ударник.
Ж о л д о ш Ж у с у б а л и е в — партиянын райондук комитетинин мал чарба бөлүмүнүн башчысы.
В а с и л и й С е м е н о в и ч В е р ш и н и н — партиянын райкомунун секретары,

Абылкасымдын университеттик жолдошу.
Б ү б ү ш — Абылкасымдын мурдагы аялы, филология илимдеринин кандидаты.
А б ы л к а с ы м Ж а н б о л о т о в — белгилүү акын.
К а р м ы ш — к и й и м у с т а с ы.
К ү к ү ш — дене тарбиячы.
К а н а т — колхоз жаштары
З и н а
Ж ү з ү м к а н - колхозчу келиндер
М е й и з к а н –

I АКТ

1-СҮРӨТ

Жай башы. Бүбүш Керим карыяныкына келип түшөн. Ал мында докторлук диссертациясына материал топтоо максаты менен илимий командировка боюнча келген. Үйдүн ичи иреттүү жыйылып, дубалда Горькийин сүрөтү турат. Бай китепкананын бурчу. Стол үстүнө букет коюлуп, ачылган терезеден көл көйкөлөт.

Б ү б ү ш. Ошентип кайра айланып көлгө келдим, Канат. Бул жердин кандайдыр сагынткыч касиети бар. Чын эле «Жай болуп катыра ысыгы жок, кыш болуп кашкая суугу жок... Ат жеткен жерде мындан артык жер барбы... Ысык-Көлдөн чыкпаңар, балдар» деп жакшы айткан экен.

К а н а т. «Ысык-Көлдөн чыкпаңар» дегени кандай, эже?..

Б ү б ү ш. Ал сага окшоп он жылдыжты бүтүрүп алып, айылдан чынпай жатып ал дегенге жатпайт. Көлүңдү гүлдөт, өстүр, маданияттуу кыл, аны сүйө бил дегенди айтат.

К а н а т. Институттун адабият факультетине кирсем дегенде эки көзүм төрт, эже. Башкармабыз жибербейт, кантем...

Б ү б ү ш. Аны жай сүйлөшөбүз. Башкармабыз жибербейт дегениң күлкүлүү сөз.

К а н а т. Бу кандай биздин акындардын ырларынын баары окшош?

Б ү б ү ш. Туура эмес, Канат. Ар акындын өзүнчө орду бар. Биринин жогу бирине зыян. Азыркы макталуу акын Абылкасымды алсак: «Билгизбей чып эттире бетке чаап, Чыкыроон темир аяз кар бубагын» — деп, фольклор түрүнөн бошонуп, жаңы салыштырууларды түзөт. Акын күн чыгыш поэзиясынын сырткы кооздугу менен орус поэзиясынын үнөмдүү терең маанисин бириктирип жаңы түр табат.

«Ударниктин
Жолу туурук болсо да,
Кыса кармап
Анан өөп алууга» дейт да,

кыргыз поэзиясынын примитивдик түрүнө революция жасап, каткалаң кургак уйкаштарга эркиндик берет. Же анын ички маанисин тереңдетет. Менин филология илимине кандидат болушума Абылкасымдын жаңы поэзилсы, жаңы түрү себеп болду. Ал кыргыз поэзиясына Маяковскийче өзгөрүш жасады. Ошондуктан алган орду чоң.

К а н а т.

«Жаш жүзгө жетсе,
Биз картайбасак,
Жыл жылдарга өтсө,
Ашып кубат, кайрат,
Жашарт,
Балка жана
Ыр,

Жерди —
Даңкка чулгап»

Бул да Абылкасымдын котормосу. Бул китепти жанымдай сүйөм, эже. Жакшы апкелгенсиз. Маяковскийди бүт которуу кыргыз эли үчүн чоң тартуу эмеспи. Анан өзү да ошол түргө түшкөн экен да.

Б ү б ү ш. *(Ыраазы болуп)* Түшүнүгүң жаман эмес. Бирок муну ажырата билиш керек: ал Маяковскийдин формасын көчүрүп алган жок, ушунун негизинде кыргызга жаңы поэзия түрүн киргизди. Сен жазасыңбы?

К а н а т. Жазганга жараша, сиз мактаган акындай жазсам, эки сабак ыры жок кыргыз баласы барбы, эже?

Б ү б ү ш. Дурус, дурус... Мен мактаган акындай жазуу ал аздык кылат. Анын кемчилиги да көп. Экөөбүздүн келишпестигибиздин себеби да ошол.

К а н а т. Абылкасым Жанболотовду тааныйсызбы? Бирге иштейсиздерби?

Б ү б ү ш. Азыраак тааныйм... Эмки сөз мындай Канат: атаңдын жана сенин меймандостугуңа ракмат. Берген үйүңөргө ыраазымын. Мен бул жерде көпкө болом. Сенин жазгандарың менен таанышам. Бизде жакшы жазуучулар аз. Өспүрүмдөр көп-көп керек. «Заман желдей зымырап барат» дегенди билбейсиңби... Идеология өспүрүмдөрү бизге абадай керек... Балким анын бири сен болорсуң. Мен кеткенче силерге жардамдаш болом. Кана, жазганыңды окучу!

К а н а т. *(Эстеп)* «Башкармабыз Нуркасым»... *(Күкүш эшикти урду).*

Б ү б ү ш. Келиңиз, маркабат этиңиз.

К ү к ү ш. Ракмат, Күкүш Асылбекова — айыл врачы.

Б ү б ү ш. Атыбыз уйкаш — жакшылыктын белгиси. Илим кызматчысы — Муратова Бүбүш. Таанышканыма кубанам. Канат —ушул үйдүн ээси.

К ү к ү ш. Үй ээси менен таанышмын. Айьш этпеңиз, Василий Семенович жиберди эле.

Б ү б ү ш.. Райкомдун секретарыбы? Билем, билем, эрте камынган экен. Кыраакы жигиттер эмеспи. Эмне агитаторлуккабы? Айтыңыз керегине жарайм.

К ү к ү ш. Жок, жолдош Муратова, врач болгондон кийин... *(Ак халатын кийине баштады).*

Б ү б ү ш. Түшүнбөдүм... Эмне дediңиз?

К ү к ү ш. Жолдон чарчабаптырбы, эч жери оорубаптырбы сураңыз, жардам бериңиз деген эле.

Б ү б ү ш. Сурап биле турган иш болгондон кийин бүлүнүп не кыласыз... Эч жерим оорубайт. Кадырыңыз жан болсун. Секретардын сыйына ракмат. Айыл шаар болуп кеткен го.

К ү к ү ш. *(Кулак тыңшоорун сунуп).* Кандай тамак керек, аны да айтыңыз... Каалаганыңыздай даярдалат...

Б ү б ү ш. Ракмат, ракмат, доктор. Тамактын түрүн тыңшатпай айтып бере алам. *(Күлкү).*

К ү к ү ш. Жок, жолдош Муратова, мени секретарь сынагысы келет. Биле турган врач бекен, же билбей турган врач бекен дейт... Анын оюн билип турам.

Б ү б ү ш. Билбесе врач деген ат кайсы... Сабыр этиңиз, доктор... Мен ишендирип коёрмун.

К ү к ү ш. *(Эс ала түшүп).* Өх... Жыргай түшпөдүмбү. Жолдош Муратова, сизден жашырып не кылайын. Мындан ары доктор деп жүрүңүз. Мага ошондой сөз керөк. Тиш суургандан башка докторлуктун эч нерсесин билбейм. Негизги кесибим физкультура *(Дене тарбия).* Колхозго стадион салгызып элди дене тарбияга көндүрсөм деген нээтим бар. Орус жаштарын карап туруп, өзүбүзгө ыза болом. Дене тарбия — биздин замандын көркү! Аны райондогулар, төтөн бул колхоздогу башкарма түшүнбөйт. Максатымды жүзөгө ашыруу үчүн врачмын деп калп айтып кирдим.

Б ү б ү ш. Жарайт, тилегиңизге тилектешмин, доктор. Дене тарбия бирден бир керек нерсе. Ден соолукка андан чоң докторлук жок. Ал үчүң калп айтканыңызды кечирүүгө болот.

(Василий Семенович менен жолдош Жусубалиев кирет).

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Келишиңиз менен, Бүбүш Султановна! Саламатсызбы, доктор, саламатпы жигит! *(Кол берет).*

Ж у с у б а л и е в. *(Бүбүшкө гана кол берди).* Келишиңиз менен, Бүбүш.

Б ү б ү ш. Ракмат, Василий Семенович, ракмат, жолдош Жусубалиев. Олтуруңуздар. Жаңы үйдүн жаңы ээсибиз.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Врач жибергенге капа болбоңуз. Арызыңыз жокпу?

Б ү б ү ш. Жакшы врач болот, Василий Семенович. Колхозго пайдалануу керек.

К ү к ү ш. Жолдош Муратова, мен берген дарыларды бек катып коюңуз. Кереги тиет. Жүр, жигит, эми сени карайын. Кош болуңуздар. *(Канат экөө кетет).*

Б ү б ү ш. Жарайт, бек катам. Келип туруңуз.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Мына, мына маданият кишилери. Көңүлүң көтөрүлөт. Ачылган терезе, букет... Матушки!.. Кыргызча Маяковский! Кыргызча толук котормосу! Азамат... Азамат... Ичиңиз күйбөсүн, Бүбүш Султановна.

Б ү б ү ш. Неге? Кубанганымды билиңиз.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Тамаша, Тамаша... Горький, Толстой, Пушкин, Добролюбов, Чернышевский, Токтогул... Баракелде, баракелде...

Б ү б ү ш. Аз, аз Василий Семенович!

Ж у с у б а л и е в. Буга да шүгүрчүлүк... Бул жагы көсөмдөрдүн чыгармалары экен.

В а си л и й С емен о в и ч. Туура, аз, Бүбүй Султановна. Аз... кыртыз маданиятында аз болбодубу... Отуз жылдагы арышы отуз кылымга тең. Тек эмне желдик, билесизби, Бүбүй Султановна?

Б ү б ү ш. Билүү кыйын. Айтыңыз...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Биринчиден, турган үйүңүз жагабы? Муну айтыңыз. Экинчиден, илимий кызматыңызга, өзүңүзгө бир тараптан кандай жардам керек, муну айтыңыз. Үчүнчүдөн, дагы, дагы сиздин ишке байланыштуу зор милдеттер... аны ойлоп туруп айтам...

Биздеги жаңылыкты билесизби?

Б ү б ү ш. Билүүгө ынтызармын, Василий Семенович!

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Айтып бериңиз, жолдош райондук мал чарба бөлүмүнүн башчысы.

Ж у с у б а л и е в. Жолдош секретарь дайым колхоз арасында болот. Бул кыргыздын Петру болом дейт. Кыргызга көп-көп маданият биргиси келет. Шаардан эки кийим устасын алдырды, мына жаңы врач, илим жагынан сиз... Жана толуп жаткан жаңылык.

Б ү б ү ш. Мен Петр дебес элем. Ашыра айтсам мактоо болуп кетер. Партиянын өкүлү. Биз орус элинин барлык жакшы тарабын алуубуз керек.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Аны бекер беребиз. Жана жалгыз гана Василий Семенович бербейт, аны орус маданиятын өздөштүргөн силер өндүү кыргыз азаматтары да берет. Рас, жакшы жагын кең жайылтуу керек. Агитка болуп кеттиби... Сизге дагы бир жаңылык бар!

Б ү б ү ш. Жарайт, менин милдетимдин бирөө ошол болсун. Кандай жаңылык?

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Баса, айтайын дегенимдин үчүнчүсү — мобул китептин котормосунун авторун мен сүйөм. Жолдошчулук үчүн эмес, анын кыргыз поэзиясына жаңылык киргизип, чыныгы оригинальный акын болгондугу үчүн. Кыргыз окуучуларына толук жете элек чыгар, аны жеткирүү сиздердин милдет деп билем. Кыргыз поэзиясынын жаңы түр табышы ал жалпы советтик адабияттын салтанаты экендигин менден жакшы билесиз.

Б ү б ү ш. Мен ал тилекти мындан бир канча жылдар мурун колго алгам. Азыраак

жылыш бар.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Түшүнүктүү. Менин жана колхозчулардын чакырыгы боюнча Абылкасым алты жыл бою көрбөгөн айлына келатат. Эл араласын, өзүнүн кандай акын экенин билсинчи — дедим.

Б ү б ү ш. Абылкасым? Ал да келеби? Мезгилсиз жолугуу болот экен да!

Ж у с у б а л и е в. Машина жиберели десек болбойт. Ана, пароход көрүндү. Абылкасым ушуну менен келет.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. *(Каоап).* Үч сааттык жол бар. Мезгилсиз жолугуу — күтүүсүз бакытты айдап келер. Акынга камыналы... Айткандарымды унутпаңыз, Бүбуй Султановна. Кош болуңуз.

Б ү б ү ш. Келгениңизге ракмат. Айткандарыңыз эсимде. Ракмат. *(Тигилер кетишет. Бүбүш терезени карап ойго батып).* Абылкасым келет... Пароход берилейт. Көл боюнда үч саат зарыкканча, терезеден үч саат көз талдырганым артык... Акын менен жар болуу ардактуу нерсе жана азаптуу да нерсе. Анын баладай шок кыялына чыда, жароокер, март, боорукер жана укмуштуу курчтугун да көтөр, таң (каларлык эч нерсе жож... Айылга, заманынын учкул карааныа жете элек, элинин көпкөп кымбатчылыгын биле элек, улууларга салыштырганда бөбөктөй гана көрүнгөн, бирок жарык үмүт күттүргөн жөнөкөй гана акын келатат...

Мейли ким болсун, көпкө-көпкө зарыгып жар күтүүдөн кызык нерсе барбы. Айрылуудан кийин баары артык... Баары кымбат. Күйөө деген кол жеткис бийик сепил тура. Күйөө менен гана дүнүйөң түгөл тура. Жалгыздыкта өмүрдүн жыты да башка. *(Алтын келет).*

А л т ы н. Айланайын каралдым... Медер кылар берекем... Аман-эсен келдиңби балакетиңди алайын?..

Б ү б ү ш. Жаным, энекем... Кимден уктуң? Өзүм барбайт белем!

А л т ы н. Энекең айлансын, эркем. Чыдай албадым, бул эмнеси дедим, жүрөгүм жарылып кете жаздады. Абылкасымым ким, сен ким? Эне кадыры кана? Эр кадыры кана, балам? Эл деген кыйын болот, эртең эле ушак кылбайбы. Агайын тууган, эл журт эмес дейт кудай? Өз үй, өлөң төшөгүң турса, кайын журт, энекең тгурса, бул эмнең, катыгүн? Муну укса Абылкасымым эмне дейт кокуй күн? Эл эмне дейт, катыгүн?

Б ү б ү ш. Энеке, уулуңуз менен ажырашканыбызга үч жыл болгон! Үч жыл!

А л т ы н. Эмне дейт кудайым... Эмне дейт жан эрмегим, көлөкөм... *(Көңүлдүү музыка).*

Б ү б ү ш. Тээ... көл бетин караңызчы, эне... Мындай толкунсуз, жадыраган сонун күндө, өмүрдүн жыргалы аңкыган жай башында бактылуулар гана келет. Ал сиздин уулуңуз, менин үч жыл мурдакы өмүр шеригим — Абылкасым эмеспи!

Алтын. *(Кубанып).* Абылкасым? Абылкасымыңдан жаным айлансын... Ошетип жакшы тилекти айтсаң эрмегим... Айтам да, ар күйүттүн кубанчы бар дейм да! Келсин балам, келсин!

2-СҮРӨТ

Нуркасымдын үйүнүн бакка караган терраскасы. Абылкасымдын келгенине эки-үч, күн болгон. Аба ракатында өз үй-бүлө: Жаке, Алтын, Нуркасым, Абылкасымдар болуп чай ичип олтурушат. Акын шаарлык адаты боюнча газетадан башын албайт.

А л т ы н. *(Чай куюп).* Иче кой, балакетиңи алайын. Орусча көнгөн жаман арам, эч болбосо ырым кылып бир кайнатым чай ала келбейби. Теги өзүң иче олтурчу. Апийимге келген чайдан байкең бир жашигин алып келген. Иче кой, балакетиңи алайын.

Н у р к а с ы м. Ичтим, апа. Кантор жакка барайын. Менсиз иш бүтөбү. Өзүң карап турмайынча, кээ бирөөнүн жүр нарыга салмайы бар эмеспи. Сугаттын кыйгач

учуру. Апийимдин отоосу... Мына эми баары катары менен келатат. Абылкасым, ушинтип кезек-кезек келип кетип турганың душман көзүнө жакшы эмеспи.

Ж а к е. *(Акын уулун жактырбай)* Легковой менен келбегенден кийин... А эл эптеп жөн эле күнүн көрүп жүргөн неме го деп жатпайбы.

А б ы л к а с ы м. *(Таңкалып)* Нуркасым, кайсы душманды айтасың?

Н у р к а с ы м. Кырк түтүн моңолдор болсоң, токсон*у* түтүн катаган душманың болбойбу?

А б ы л к а с ы м. Ой бул дагы эле кала элек нерсе экен го? Сен душман түрүн кызык ажыратат экенсиң Нуркасым.

Н у р к а с ы м. Көрөрсүң, иним... Билерсиң, иним... *(Кетет).*

Ж а к е. Сенин кызматынды эмне дейт, балам?

А б ы л к а с ы м. *(Ого бетер таңданып).* Ата менин кесибимди уккан жок белең?

Ж а к е. Э ким билиптир, балам. Жазуучу, жазуучу дейт, аның райкомго барабар немеби? Айылдакылар окубай эле четобот, актип болуп жатат. Ким билет, үч жашыңдан окудуң эле.

А б ы л к а с ы м. Менин кесибим башка, ата. Үч эмес он үч жашыман окуп, көп билимден кечигип калдым. Жазгандарымды окутуп уккан жоксузбу, ата?

Ж а к е . Ким окутуптур аны... Мээге да түшпөйт. Кыргыздын сыйда сөздөрү жоголуп баратат белем... Сындырып, сындырып ырдачуу болупсуңар го. Ырга да келбейт.

А б ы л к а с ы м. *(Кубана түшүп).* Сындырганын билиңиз да жаман эмес. Ошондон башталат эмеспи? *М*ен эмесе бул кесипти таштайынбы, ата?

Ж а к е. Акылдуу балдар сот болот, биркүрөр болот, айласы кетсе колхозго келет, билгизбей жейт, ичет, жаын жыргатат. Ата-энесин багат. А сен эмне? Алты жыл ою үй бетин көрбөй, алып келген алты кез чытың жок. Алсыз бой... Ушундай да болобу?!

(Тура баштайт)

А б ы л к а с ы м. Мен элдин кызматкеримин, ата. Менин энчим көп менен. Колхозго жардам берейин деп келдим. Ошондой жегич, ичкичтерди, өзүмчүлөрдү каамга сайып ыргытайын деп келдим, ата. Иштин башталышы чатак, сизди да таарынтууга туура келер.

Ж а к е. Сенсиз да жардамчылар аз эмес. Шылтооп келип коно жатып, арак ичип эт жеп кеткендер күнө кур эмес. Э койчу, балам! *(кетет).*

А л т ы н. Коңшу-колоң курусун, кулактын кужурун алат экен. Баары эле: «Алты жыл көрбөгөн уулуң эмне белек алып келиптир» дешет, мен жүз метр дукаба,элүү метр кыжымы деп чоң-чоң айтып койдум. Айтканы да курусун, апийимге келген кездемени эки ай үйгө алып жатып, байкең ошончосун алып койгону да рас. бышканын сага ачуусу келип жатканы да ошол... Э Кудай, киши карыганда дүнүйөкор болот акен. Көпкө көң тойбойт экен кудай... Дагы болсо экен дейт экен ... Эмесе биздин эмнебиз кемчил?

А б ы л к а с ы м. Коюңар канча, ата?

А л т ы н. Алтымыш беш туяк бар, балакетиңи алайын. Ошону да ыйлап атып соёбуз мээнетиңди алайын.

А б ы л к а с ы м. Анчалык көп күткөндү өкмөт жаман эрбөйбү?

А л т ы н. А балакетиңи алайын, бала эле бойдон тура. Атаң бир душ, Нуркасым бир душ, Жаман көз уул бир душ, Сологой акең бир душ, калганын сага жаздырып койгонбуз. Текшере келгенде бизден кедей ким бар, бизден кедей ким бар, ким бар балакетиңи алайын...ким бар?..

А б ы л к а с ы м. Мага жаздырып?.. Эмгекке кандай төлөшөт, апа?

А л т ы н. Эмгегиң менен кимдин иши бар, балакетиңи алайын... Ал жагын билбейм, жок, жок аның менен өгөймүн...

(Жүзүмкан менен Мейизкаңдар кирет)

Келгиле айланайындар, балама эрмек болгула. Чайга отургула мыңдай...

Ж ү з ү м к а н. Аманбы, уул?

М е й и з к а н. Аманбы, молдо бала?

А б ы л к а с ы м. Аманчылык. Ал эмне дегениңер? Силер дагы эле тергегенди коё элексиңерби? Жапжаш эле келиндер. Ай... ай... ай... Мейли, өзүңөр билгиле, бирок мени Абылкасым эле дегиле. Сурарым ушул.

Ж ү з ү м к а н. Сураганыңызды берелик.

М е й и з к а н. Жарайт, алыңыз...

(Экөө жер карап күлүп калышты).

А б ы л к а с ы м. Кош, келипсиздер...

Ж ү з ү м к а н. Учурашканы келдик...

М е й и з к а н. Эки күндөн бери кезек тийбей...

А б ы л к а с ы м. Ракмат, ракмат. Таанышып алалы!

Ж ү з ү м к а н. Избийнабай Жүзүмкан...

М е й и з к а н. Стаканчы Мейизкан...

(Күлүп калышат).

А б ы л к а с ы м. Билдим, билдим эми билдим... Бириң звеновая, бириң стахановчул.. Жакшы экенсиңер. Колхоздун негизги күчү турбайсыңарбы?

М е й и з к а н. Ооба, ошондой болотко.

Ж ү з ү м к а н. Түндө жаштардын жыйналышы болуп, кандийдат аял биз жөнүндө доклад жасады. Деги эле торгойдой сайраган неме экен.

М е й и з к а н. Бечерай десең, сүйлөсө ээрди ээрдине жукпайт.

А б ы л к а с ы м. Ал кандай кадидат?

Ж үз ү м к а н. Муратова Бүбүш дейби?..

М е й и з к а н. Абылкасымдын жаңы чыгармасы дейт, шатыратып окуп жиберсе, маң болобуз да калабыз. Деги түшүнсөк кудай урсун. Ырдайын десек ырга келбейт.

Ж ү з ү м к а н. Мактап келип, мына мындай кемчиликтери бар деп жабыратты эле... Чыгып бара жаткандар «Кемчилиги болгондон кийин бул деле бир деме турбайбы» деп кетишти...

А б ы л к а с ы м. Муратова Бүбүш... Мен жөнүндө... Эмне үчүн мага айтышкан жок?

Ж ү з ү м к а н. Клуб жок, сарайга өткөрдүк. Агаңыз уялган го...

А б ы л к а с ы м. Ыр окулдубу... Силер өзүңөр кантай дейсиңер?

М е й и з к а н. Кандай дейлик. Эптеп түшүнүп аларбыз. Бизге колхоз жөнүндө, ударник, эгин, айтор эмгек жөнүндө ыр керек.

Ж ү з ү м к а н. Жанагы сиздин жаңы түрүңүз ууз кымыз ичкендей жанды сергиткен менен маңызын толук түшүнбөй жатабыз. Бизге колхоз ырын бериңиз. Ошого келдик.

А б ы л к а с ы м. *(Шашып)* Мына калыс сынчылар. Баары жөнөкөй элден чыгат. Жарайт, жарайт, күтө турула... Мен, азыр...

(Чуркап кетет)

М е й й з к а н. Агасына түк окшобойт.

Ж ү з ү м к а н. Атасыначы...

А б ы л к а с ы м. *(Экөөнө эки китеп сунуп)* Калп айтуу не керек. Силер каалаган ыр мында аз. Басмадан жаңы гана чыккан. Жакканын жаттап алып, жакпаганын бетиме тайманбай «жаман» деп айткыла.

М е й и з к а н. Ракмат. Окуп көрөлү.

А б ы л к а с ы м. Кана эми, өз турмушуңар кандай? колхозуңар кандай?

Ж ү з ү м к а н. Агаңыз башкарган колхоз жаман болмок беле? Район боюнча биринчи. Макталып жатабы.

А б ы л к а с ы м. Кур мактоо аздык кылат. Азыркы кароо башка.

М е й и з к а н. Аны сурап не кыласыз. Бизди сынай эле коюңуз. Башыбыз бышкан.

Ж ү з ү м к а н. Айткандын азабы бар. Эртең эле кетке жазарсыз, агаңыз алтымыш күнгө зар кылар..

А б ы л к а с ы м. Эмгөк күнүңөрдөн кесип коёбу? Жок мени башкача түшүнгүлө.

М е й и з к а н. Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш айт, аны тааныша, тааныша билербиз...

Ж ү з ү м к а н. Саламатта болуңуз. Талаага чыгыңыз... Жумушту көрүңүз,

А б ы л к а с ы м. Жарайт, баары менен таанышам...
Өз колум менен... Өз колум менен... Барам жумушуңарга барам. Келгениңерге ракмат. *(Эки келин кетти)* Барган оайын айланам ачык болуп баратат. Көзүм али ачыла элек тура: Кээ бир жолдоштордун сыны туура экен, Бүбүш мени бир убакта туура сыңдаган экен. Мен аны душмандагам. Ажырашуубуз да ошондон. Менде кемчиликтер көп экен. Түшүнбөйбүз дешет... Түшүнбөгөндөн кийин бир нерсе бап да... Биринчи иретте беш жылдык жөнүндө, сугат ыры, темин, корукчунун ыры болсун. Ананкысын дагы Жүзүмкан менен Мейизкан үйрөтөр. Бу кандайча... Биздин башкарманын иши чатакко, я...
Иши чатакко! Охо...
(Василий Семенович менен жолдош Жусубалиев кирет).

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Так... Так... Жанболотович, терраска, көл, бак... вдохновение дечи... А вот, колхоздордо бак-дарак аз. Жакшы үйлөр саналуу гана. Электричество жокко эсе.

А б ы л к а с ы м. Ооба, Василий Семенович, акындык кайбы түшө турпан жер экен! Сиз айткан кемчиликтер кимдин айыбы?

Ж у с у б а л и е в. Болуп кетер, болуп кетер. Москва бир күндө курулган эмес дешет тура.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Баарыбыздын милдетибиз, Жанболотович. Сен да четте калбассың. Кана колхозуң кандай күтүүдө? Сени билгендер көп бекен?

А б ы л к а с ы м. Жок, Василий Семенович, билгендер жокко эсе. Мен чын сырымды айтсам, пароходдон түшкөндө, калың эл кол чаап тосуп алабы дедим эле.
Жок баары жымжырт. Жаман акын экенимди эми билдим.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. *(Күлүп).* Жаман эмес, орточо акынсыз. Мен да ушуну билсин дедим. Эсиңдеби, Жанболотович, университетте бирге окуп жүргөндө кыргыз поэзиясынын жаңы түрү үчүн экөөбүз көп акылдашчу элек. Мен көп үгүт айтар элем. Демек айбымды алсам болот экен да...

А б ы л к а с ы м. *(күлүп)* Айбыңды алсаң болот. Жамандык өзүмдөн. Василий Семенович, бир сырымды айтайын, поэзияга ичи тарлыгым бала кезимден бар эле. Мен өтө жаш баштадым. Кандай кана акын болбосун анын кандайдыр бир кемчилигин таап, көңүл калтыруучу жакшы көрөр элем. Нечен ирет Пушкинди жаман көргүм келди, «Ай бул деле бир акын го» деп айткым келди, нечен ирет өзүмдүн бир кашык деңизиме чөктүрүм келди, бирок ал улам өйдө калкып чыгып туруп алды. Айла жок, баш ийүүгө туура келди. Ал эми менчи? Сенчи? Аай...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Жакшы айтылган сөз. Менин да өз кезегиң бар, Жанболотович. Билимиңди көтөр! Турмушту тааны, жаңы элди көрсөт. Күрөшө бил. Мына менин бул районго келгениме бир жыл болот. Мен бул жерде жаңы киши. Район жалпысынан жакшы, план бүтүп жатат, турмуш алга жылып жатат. Бирок это не все. Менин байкоомдо сенин элиңде эркинин калдыгы алиге уюп жатат. Ал кээ бир күрөшүүчүлөрдүн ишинде да бар. Сенин колхозуңда андайлар күчтүү. Колхозуң жакшы, бирок, бирок жанагылар терең, терең жаткан. Сезем, кандайдыр виртуозная махинация бар. Аны кыйын ката билишет. Ал үчүн сага окшогон идеология инженерлери керек болуп түрат. Кана, москвалык агаңдын чын пейлинен берген тарбиясын, эч качан тайманбастан, ичине кир сактабай ак жүрөк менен жашай турган каадасын — большевиктик жакшы сапаттарды сакта!

А б ы л к а с ы м. Кеч болсо да, аз аздан сезе баштадым. Буга өтө усталык, чебердик керек. Элимде эски калдыктар жок эмес. Аны алыстан издөөгө болбойт. *(Агасынын үйүн көрсөтүп).* Аны дал ушундан баштоо керек. Ата-энеден жана бир туугандан баштоо керек!

Ж у с у б а л и е в. *(Кайпактап).* Абылкасым абайлоо керек! Бул кыйын нерсе!

Жалпы советтик ишке, мал чарба ишине, тоскоолдук кылбагыдай болсун! Жакшы колхоздорду мүдүрүлтүп албайлык!

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Биз кыйындык үчүн туулганбыз. Эскиликти алып таштаса, колхозго болот така кагылбайбы, жолдош Жусубалиев! Болот така мүдүрүлтпөс. Айтканыңа кошулам, Жанболотович! Сенин Ленинграддык тарбияңа жана өтө сезгич, эн кылдат сезгич сапатыңа ишенем.

3-СҮРӨТ

Башкарма Нуркасымдын кабинети. Дубалга Лениндин портрети илинген. Креслодо Нуркасым. Берки четинде кайдыгер олтургансыган Абылкасым. Башкарма Канат менен Зинаны чакырып алып, ошолорго каарданууда.

Н у р к а с ы м. Ай, жубарымбек Канат, эй, тозоку Зина, көзүңөрдү чукуюмбу я? Колхоздун башкармасын ырга кошуп, баркын түшүр деген ким ал силерге? Я, ким? Мындай шылдың үчүн кайсы статьяга илинериңерди билесинерби?!

З и н а. Статьяны окууга кол тие элек. Көргөнүбүздү ырдаганыбыз ырас.

Н у р к а с ы м. Тигини, тайманбайт!

К а н а т. Анан сиздики жакшыбы. Аттестатыбызды алдырып алып, эки жылдык окуубузду өлтүрдүңүз.

Н у р к а с ы м. Быйыл да барбайсыңар! Деги эле барбайсыңар! Уктуңарбы, жибербейм!

З и н а. Эң эле оюңуз тар экен.

К а н а т. Көзү ачылат. Айбымды чукуйт. Ордума башкарма болот деп коркосуз. Аны билем. Ансыз да жаштардын өз заманы өзүнө! Жибербесеңиз мейли, Бүбүш эжем алып кетет.

Н у р к а с ы м. *(Канатка карап).* Балээнин баарың баштаган сенсиң! Тык, тык эткенин карачы! Менин кайсы айбым? Башкармалык сенин колуңан келеби?

К а н а т. Мен курулушчу болом, коркпой эле коюңуз.

З и н а. Мен биолог болом. Ага түшүнбөйсүз.

Н у р к а с ы м. Болду, жебиребе!

З и н а. Канат, башта!

К а н а т.

Башкармабыз Нуркасым,
Эскиликти таштабайт,
Жаш балдарга жол бербей,
Эки жагын кайсалайт.

З и н а.

Маданият жакшы иштен,
Мурчуюп бетиң бурасың,
Катаңды айткан кишиге
Калч-калч этип турасың.

Э к ө ө.

Тукаба менен баркытты,
Тууганыңа бөресиң,
Эмгек күндү кемиткен —
Сен —
Садагасы кетейин эле немесиң.

(Эшикти катуу жаап чыгып кетишти)

Н у р к а с ы м. Күлөсүң... Айлаң кеткенде күлөт экенсиң... Кап, шайтандар... карачы...

А б ы л к а с ы м. Жакшы балдар экен. Булардан бирме чыгат. Неге андай,

Нуркасым? Окуудан кармоо экөө эмеспи? Ырчы балдар тура!

Н у р к а с ы м. *(Кыт-кыт күлүп).* Эмне чыгат булары? Эмне чыгат? Эмитен мындай, окуганда ого бетер бузулбайбы! Шаар кишилерин көрүп жүрөбүз. Жок, андай немелерге кара жумушту үйрөтүш керек. Жүрөк калтыруу керек. Сени же жолго же карагайга айдасам! Мына дагы бир балакети келатпайбы. Ай, жактык райком да кызык киши экен. Кайдагы немелерколхозго толтуруп жиберди.

(Күкүш келип)

К ү к ү ш. Саламатсыэбы, башкарма! *(Абылкасымга)* Саламатсызбы, агай.

Нуркасым. Шүгүр, сүйлөңүз, карындаш.

К ү к ү ш. Баягы эле айтыла жүргөн сөз. Зарылдын акылы —бир жакшы мончо салыш керек, бул бир, аллеголия же ичкилик жөнүндө өзүм лекция окуйм, элди жыйнап бериңиз колхоз арасына тараган зыяндуу адат элди тартыш керек — бул эки, элдин жашырып жүроорларына чара көрүш керек. Жаштардын өсүшү тоскоолдук кылып жаткан ушул — бул үч, жана сташ куруп дене тарбиясын жүргүзүүчү жер бөлүңүз — төрт. Эми дагы эмне дейин, жолдош башкарма. Ошону он жолу кайталадым го. Кол шилтебей эле кою. Буларды аткарбай башымды кессеңиз да кетпейм.

силий Семенович ушуну тапшырды. Нуркасым. Кайдагы ойдо жок нерселерди сүй-лөгөндө|рүнө жиним келет да турат. Ой, айланайын карындаш, деги бир азыраак ойлоп көрсөң боло! Апийим отоо, суюлтуу, эгин сугаты, мал чарба, май план, эт план, сүт план, жүн план деген болот. Мына эмгектин кайнар учуру келетат. Мен өкмөттүн планын аткарамбы, же сенин мончоңду саламбы? Элди сенин лекцияңа жыямбы же, же отоого жыйнаймбы? А оорулар болсо карай бер, ошон үчүн докторсуң. Стадион деген дагы бир укмушту айтасың, сенин жылаңач чечинип алып сербеңдеп ойноор ойнуң түгүл, эгинге жер жок. Деги бир орду бар кепти айтсаңар боло. Ушундай да бейзабраздык болобу?

К ү к ү ш. Дагы баягы жооп. Миң айтсаң да түшүнбөгөн киши экен. Маданият ишинин планды аткарууга кандай тоскоолдугу бар, жолдош башкарма. Бар бүткөнү эки жүз гектар жериңер бар, ал түтүнүңөр канча? Жүз сексен! Канча адам бош жүрөт? Күчтү пайдалануну билбейсиз! Сизде Чүйгө окшош кызылча жок, тамеки жок, кендир жок, күрүч жок. Эмне, силердики оюнчук эмеспи!. Ушундай да болобу? Ал сиз жок дегениңиз менен жаштардын күчү менен өзүм салам, өзүм жүргүзөм да, тетиги таштуу жериңердин ташын терип, ошол жерге дене тарбия аянтын курам. Сиздин жоругуңузга чыдап турууга болбойт.

Н у р к а с ы м. Менден бийликсиз чөп башын сындырууга руксат жок! Билдиңби, карындаш! Иш жайын мага үйрөтпө. Келбей жатып түтүн санап, гектар санап жибергенин кара! Жениме тиет экенсиң, жолдош Жусүбалиевге телефон берем. Ал районго кадырлуу адам. Сендей ооздуксуз кыздарды оңой эле чакыртып алат.

К ү к ү ш. Дагы баягы сөз... Эмне дейсиз эми буга?

А б ы л к а с ы м. Карындаш, сабыр этиңиз. Сизге мен жардамдаш болом. Кандай гана жумушуңуз болбосун мен сизге мүчөмүн. Ачууңуз болбосун, уктуңузбу баары сиз айткандай болот.

К ү к ү ш. Аха... билебиз андай тууганчылык сөздөрдү, билебиз. Кана? Качан болот? Тфу, ушулардын сылык сөздөрү!

(Катуу басып чыгып кетти).

Н у р к а с ы м. Көрдүңбү. Мына ушундайлар адамды мээ кылып салмак болду. Эмне дейсиң буга? Чыдоо керек, көтөрүү керек... Башкармалыкты кээ бирөөлөр оңой ойлойт. Ана дагы бир балакети келатпайбы. Ушунай эле түрү суук немелер толуп кетти.

(Кармыш уста саламдашып)

К а р м ы ш. Василий Семенович жакшы жерге алып келген экен. Мына жети күн болду байбичемдин шакыйы кармабайт: Менде жөтөлүү жок. Колхоз бай, эл да дурус... Баары эле башкармага ыраазылыгын билдиришет. Колхоз мактагандай эле бар экен. Муну акылуу кишилер башкарат.

Н у р к а с ы м. *(Көтөрүлүп).* Уста ашыра мактап жибердиңиз. Ичибизде жазуучу да бар эле, көтөрүлүп жетпейин.

К а р м ы ш. Жакшыны жакшы деш керек да. Элдери эңдүү, балдары да татынакай. Короо сайын кой, сүт, чай, ак нан. Дагы эмне керек. Эмгекти көп алышкан. Башкарган кишилер мыкты.

Н у р к а с ы м. О устам, арызданууучулар да бар. Беш кол тең эмес да.

К а р м ы ш. Жанын жесин ошолор. Э айланайын башкарма ар адамдын оюн кантип табасың деги? Эми мен келгенимди айтайын. Василий Семенович шаардан жолугуп, колхозго барыңыз, дем алыңыз, эл оокаттуу болду. Арзанчылык, бейпилчилик кез, мал көбөйдү. Эл маданияттуу турсак дейт, кара баркут, көк дукаба, кызыл бүйүрмө көйнөктөрдү таштап, жаңыча кийинсек дейт. Сен бар, элге жаңы түр киргиз. Чоң уста элең, элди жаса, гүлдөт дейт. Анан сиздин колхозго келип калдык.

Н у р к а с ы м. Ооба, билем аны. Бул жакшы тилек,

К а р м ы ш. Жакшысы жакшы, бирок бекер жатуу болбойт. Ишке киришсек дейбиз.

Н у р к а с ы м. Арийне, киришүү керек. Каалагандар барсын. Жаңыча кийинсин. Өнөрүңүздү көрөлү.

К а р м ы ш. Баары каалайт. Башкармага айтыңыз, кийимге жана эмгек акчасына алынган көп пул бөлүнбөй жатат, таратсын, кийинебиз дешет.

Н у р к а с ы м. Болор... Болоор (*шашып)* Макул, ойлонушуп көрөлү, устам. Сизди арага салышкан тура...

К а р м ы ш. *(Чын дили менен күлүп)* Ооба, ооба, арага салышты. Жөнөкөй адамдарбыз да... Колхозуңар жакшы, башкарма мыкты. Баары жакшы. Мында иш билгендер башкарат. Сизде акыл бар. *(Үчөө тең күлүштү)* Аман болуңуздар... Акыл бар... Акыл бар... *(Кетти).*

Н у р к а с ы м. Устада да акыл бар... *(Абылкасым экөө тең күлүштү. Күтүүсүз убакта Бүбүш келди)* Кел, Бүбүш, кел айланайын. Чоң болгондо эле тааныбай кетет деген ушул. Бизден көңүлүң калган жок эле го, апам зар ыйлайт.

Б ү б ү ш. Келдик убакыт жок, саламатсызбы, Абылкасым. Күтүлбөгөн жолугушуулар... Райкомдо болгон элем. Колхозчулардын бош убагында кыргыз совет адабияты жөнүндө лекция окудум. Колхоздо клуб жок, электр келе элек, билдирүүңүздү макул табышып, башка иштериңизге жардамдаш болууга мени сиздин карамагыңызга бекитишти.

А б ы л к а с ы м. О, Букеш, жакшы сөз. Ошого кошумча, бир жылдан бери өткөрүлбөгөн башкарманын отчеттук докладын да коюубуз керек. Жолдош башкарма ишинен эсеп берсин.

Б ү б ү ш. Бирдиктүү ишибиз үчүн!

А б ы л к а с ы м. Мына колум, Бүбүш! Биз жардам беришелик! *(Экөө кол беришти. Нуркасым бери жакка басып келип, мыскыл түрдө күйүттүү ышкырып жиберип)*

Н у р к а с ы м. Булар өздөрүнчө эле башкарма! Кече ажырашып алып, эми кайра кол алышат. Мына жаңы кишилериң! *(Арамза күлкү)* Мына жаңы кишилериң!

II А К Т

4-СҮРӨТ

Август. Бышыкчылык. Деңиздей термелген эгин талаасы. Апийим жумушу бүтүп, арпа оруу башталган кез. Жусубалиев менен Нуркасым мал жайытын кыдырып, анан талаа жумушун карап жүрүшөт.

Ж у с у б а л и е в. Быйыл малдын өсүшү дурус... *(Талааны карап).* Берекеңден бышыкчылык. Арпа, буудай болорунча болгон экен. Апийимден быйыл да сен биринчи болдуң. Кызыл тактадан көрдүңбү?

Н у р к а с ы м. Көнгөн адат тура, аксакал... Көрдүм.

Жу с у б а л и е в. Райком мыкты киши ээ... Барлыгы жаңыча болсо дейт. Феодализм, маданият дегенди көп сүйлөйт.

Н у р к а с ы м. Электр станция, клуб, мончо, стадио, адабият, маданият, эскичилик, пара-мара, эт жебе, сыргызча кийинбе... толул жаткан алаамат. Биз эмне болышевик эмес бекенбиз? Планды ким аткарып жатат? Малды ким өстүрүп жатат? Ай ушундай иш билбегендер ыркты бузат да!

Ж у с у б а л и е в. Жанагы келесоо иниң, атайы ошого кошулуп алыптыр. Калдык менен күрөшөм дейт. Же бир акындай акын болсочу. Меймандостук, алыш-бериш,. урмат-сый, ызат-кадыр, бешбармак, кымыз, өз адат, ата-баба салты кетти дегенче ырыс кетти десеңчи. Мен совет өкмөтүнүн өз кулунумун, кылдай арамдыгым боло — советтин, партиянын кусуру урсун. Ошентсе да бүгүн райзоосуң, эртең кимсиң? Заман билимдүүнүн заманы, бизде кайсы билим! Катын-балага бирдеме камдаш керекпи?

Н у р к а с ы м. Эй, алардын сөзү бир сөз да, аксаал. Малды көрүп, пайгамбар жолдон тайган дейт. Деи эле куушуруп келатса лап дедире койбойбузбу, я аксакал? Сиз бар, биз бар дегендей, анча-мынчаңы биз деле билебиз го дейм, я аксакал? Же мунум калппы?

Ж у с у б а л и е в. Ал ырас дечи. Убакгылуу дүрбөөң да. Ошондой болсо да, жаңы райком кыраакы адам көрүнөт. Деги эски адат десе — чачы үрпөйө түшөт.
Иниң күрөштү сенден баштамак болду. Аны бил. Эл кадырын алып ий. Андай кесепеттүүлөрдөн алыс болгонуң эле жакшы го. Сага тийген сөз мага тийгени эмеспи.

Н у р к а с ы м. Эмненин күрөшү, аксакал. Күрөш бүтөдүбү? Кулак жок, бай жок, иштерман жок. Эми өзүбүз менен өзүбүз күрөшөбүзбү? Анчейин башы ооруган эмелер да. Деги эсте болсун.

Ж у с у б а л и е в. Малың жакшы. Балким, социалисттик эмгектин баатырына илинип каларсың.

Н у р к а с ы м. Бей үмүт шайтан дегендей, ким билет, алар силерден да...

Ж у с у б а л и е в. Көрөрбүз. Ишиң жакшы. Обкомэн мейман келмек эле... Ай баракелде ай... Көл жер ау. Карачы көйкөлөт. Жер семирт, жер семирт дейт... Эч

кандай семиртүүсүз эле быйыл эгин мыкты... Бул беш жылдык майрам менен өттү белем. У, баягы эки сойку келатат.

«Барайын десем ит үрөт,
Барбайын десем ич күйөт»

дегендей, кош бол, башкармам... *(Ары жактан)* Планыңды тездет, планыңды тездет!

Н у р к а с ы м. Жарайт *(кейип),* ай ушунун тойбогону өттү. Эч болбосо жумасында бирден алса болбойбу. Үч күндө эле бир олкомдон... лаландан... түкүндөн... Мал эле бекер табылат дейби. Анын ысыкчылыгы канча. А Жүзүмкан, а Мейизкан, ишиңер кандай?

Ж ү з ү м к а н. Сүйлөшүп калыпсыз, күн кыбыладан чыгар бекен?

М е й и з к а н. Жаман жок. Алган нормобузду оруп бүттүк. Эми жаңысына түшөбүз.

Н у р к а с ы м. Оокат-моокат дуруспу?

Ж ү з ү м к а н. Иниңиз да ушуну сурайт, айтор, эки жактан эле сынап калыптырсыңар да. Өз колхозубузду өзүбүз жамандамак белек.

М е й и з к ан. Жегенибиз ак токоч, жамынганыбыз башайы дедик.

Н ур к а с ы м. Анан ал төгүнбү?

Ж ү з ү м к а н. Ошону айтам. Эгин бөлдүңер, үч ай-дыкын алдык, калганынын изи жок. Ашык мал бөлдүңөр, тууганыңар төрттөн кой, биз бирден козу алдык, кездеме бөлдүңөр, үйүңөрдөн чыкпай калды. Дал эгиндин кызык маалында арпа нанга жетпей калдык.

М е й и з к а н. Оозду басып жүрүп болдук деги. Удариигиңер биз, стакановчуңар биз... Ал жыргап аткандар жалкоолор, жакыныңар. Кайда акыйкат деги?

Н у р к а с ы м. Алда Жүзүмкан менен Мейизкан аай... Ушинтсеңер бирөө ишенет ээ... Кой, антпей жүргүлө? Кампага жазып берейин бир центнерден буудай алгыла. Сельмагга жазып берейин, он метрден ластик алгыла. Болдубу?

Ж ү з ү м к а н. Силер анткенде... Ар жагын айтпайынчы, ачууңар келер...

Н у р к а с ы м. Күүгүмдө келе койгула, бүткөрүп берем... Бол эми орогуңарды тездеткиле...

М е й и з к а н. *(Күлүп жиберип)* Күүгүмдө дейт туура. Жана баягы Жусубалиеви жүрбөйт беле. Ий... бетим, уялбаан неме экен.

Ж ү з ү м к а н. Ата кудай жалгагыр ай, деле жумшап калган го. Баягыда мени камчы менен чаап ийип... *(Барлык үнү менен алыска кыйкырып)* О... у... Багдагүл... Калыйчанын таруусунан бери карай башта! Бери карай!.. *(Ырдап жиберди)*

Ак эмгек кылсаң тер кайтат,
Адөөлөт жүр деп эл айтат.
Амандык, соолук барында
Арманым бар дөп жим айтат.

Арпадан орсок бир гектир,
Азамат жашка милдеттир,
Алтыным ушул экен дөп,
Акындар кагаз чиймектир.

Беш жылдык кыйын нерсе экен,
Береке кенчин терсе экен,
Беш минуттун ичинде
Беш айланып келсе экен.

(Көрүнбөй калышат. Василий Семенович, Бүбүш, Абылкасым, Канат, Зина)

Б ү б ү ш. Бул да сиздин ыр эмес, Абылкасым. Сиз кечигип калдыңыз, Канаттыкы.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Жаштар басып өтөт деген ошол. Канат, Зина мени карагылачы. Ана, талаага көз жүгүрткүлө. Элдин эмгегин карагылачы. Эмгек кандай кызык. Ана, ударниктер бригадасы... Жакшы орушат э... Бирок социалисттик мелдештин тартиби чачкын... Туура эмес!

К а н а т. Биз дагы жакшы оробуз, Василий Семенович.

З и н а. Көрсөтөлүбү...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Жаштар бригадасын түзүп, социалисттик мелдештин чыныгы түрүн көрсөтүп, эгинди бүтүрүшжүлө да, анан тээтиги жерге стадион, тигинде клуб, тигинде электр станциясын курууга жардам беришкиле. Анан окууга жөнөйсүңөр... Кайра кайтарда таанылгыс болуп өзгөрөт.

А б ы л к а с ы м. Эмне үчүн комбайн жок? Орок, темин... примитивизм!

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Эмне үчүн жок, билесиңби, Жанболотов?

А б ы л к а с ы м. Комбайндын жоктугу, эгинди үнөмдөө, кол менен көп эмгек кылуу... МТСтын чыгымынан амал менен бошоо... Көбүрөөк аласың. Айтор, ушундай бир майда иштер да...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Вот, вот. Көз боёмолоо десеңчи.

Б үбү ш. Анан кандайча биринчи колхоз?

А б ы л к а с ы м. Жери аз, мээнети аз, техника жок... План аз, бат бүтөт. Анан биринчи болот да.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Канат, Зина, силер мактандыңар, кана биз дагы дыйкаи балдары элек. Орушуп көрөлүчү!

К а н а т. Кеттик! *(Ыр ырдашат, баары көрүнбөй калышат. Нуркасым менен Керим*

карыя)

Н у р к а с ы м. Жарыктык райком кызык киши да... Орокко киришпедиби.

К е р и м. Кичи пейилдигин көр. Булардан айланса болот да. Канатым баштап жүрбөйбү.

Н у р к а с ы м. Кеке, еиз мага таарынып жүрөсүзбү?

К е р и м. Неге ботом? Эмнеге ваарыныч?

Н у р к а с ы м. Ошондой десеңиз... Эмгекти аз алдым, кездеме, чай тийбей калды дейби дейм да...

К е р и м. Эми тийбегенде не кылдык. Көпчүлүк алды болбодубу. Бышыкчылык да келип калды.

Н у р к а с ы м. Анан биздики жакка бастырып келе койбойсузбу, өзүмкүнөн болсо да бир эки центнер кайрылыша турайын. Кездеме, чайдан деле кур койбосмун, болгонунча ала туруңуз.

К е р и м. Ата башкарма балам ай... Теңир жалгасын. Анчалык жүдөп калганыбыз жок, ошондой болсо да сооп иш кылбадыңбы.

Н у р к ас ы м. Балаңыз тентек ээ, Кеке...

К е р и м. Аны жанагы келинчек желиктирип жүрөт окшойт. Тайманба, көргөн жамандыгыңды жашырба деп эле...

Н у р к а с ы м. Сиз дагы биздин кээ бир тууганчылыкты, андай мындай деп айтып койгон окшойсуз.

К е р и м. Э балам, сурап калгандан кийин эмгектин туура берилбегендигин, ичип жемейиңерди, той-ашыңарды, дос-тууганчылыгыңарды, ортодон мал союп, эгин сатмайыңарды айтканым ырас.

Н у р к а с ы м. Эчтеке эмес, ал айбыңызды түзөп коюуга болот. Кокус ортого салып калса да ошону айтасызбы?

К е р и м. Сенден артык башкарманы кайдан тапмак элек, балам. Май кармаган бармагын жалайт дейт, мындан аркысын оңдоп жалпьига тең болуп кетсең болгону, балам.

Н у р к а с ы м. Уулуңузду да кой деп коюңуз, Кеке. Иш ырбаганы турат. Биздин ыркыбызга чок салам дегендердин колдорун күйгүзүп койбосок болбойт. Райкомун баш кылып, иним менен ошол бейбакты кошуп туруп чыкпас торго чалбасак өзүбүзгө кыйындык түшөр. Колхозубуздун тынччылыгы эле жакшы эмеспи, Кеке.
Керектүү жерде кол кабыш кылыңыз, атактуу ударниксиз, кайда барса сиздин сөз өтөт, сизге ишенет.

К е р и м. Ата айланайын башкармам, карыганда силерден бөлүнүп кетсем кудай, арбак урбайбы... Түшүндүм, түшүндүм. Ар жагын айтпай эле кой, балам...

Н у р к а с ы м. *(Тигилердин артынан)* Ракмат, ракмат орокчуларга! Силерге, силерге! Мына береке, мына салтанат!..

К е р и м. Ата, балам ай э... Силерден кеткөним журттан кеткеним эмеспи... *(Өзүнчө ойлуу туруп)* Тигини, тигини айтканын. Мени алдагысы келет э... Мында ойлоно турган кеп бар... Кеп бар!

(Эмгек ыры)

5-СҮРӨТ

Тоо алдындагы түзөң. Колхоздун жумушу бүтө жаздап калган кез. Алыста жаңы курулуп бүткөн стадион. Абылкасым менен Бүбүш башкарган жаштар бригадасы колхозго жаңылык киргизүүдө. Булар ээн жаткан бир топ жерди пайдага чыгарып, колхоздун айдоо аянтын кеңитүү максаты менен канал казуу жумушун колго алышкан. Бул жерде тиги экөөнө кошулуп, Күкүш, Кармыш уста, Керим карыя, Жүзүмкан, Мейизкан, Кубат, Зиналар да жумуш киймин кийип алып иштеп жатышат.

Булардан башка иштеп жаткан эл.

К ү к ү ш. (Балдарды башкарып)
Тоону бузуп,
Ташты омкоруп,
Даңгыр жол салдык,
Айдоо жерди,
Кеңители,
Минтип тазартып

Э л.
Көтөр, көтөр, оп!
Көтөр, көтөр, оп!

К ү к ү ш.
Ломду согуп,
Кетмен уруп,
Канал казалык,
Жаңы жерди —
Кеңители,
Калкты жашартып

Э л.
Көтөр, көтөр, оп!
Көтөр, көтөр, оп!

Б ү б ү ш. «Корукчунун ыры», «Орок ыры», «Канал ыры» сүйкүмдүү угулат, Абылкасым. Акынга турмуш көрүү, көктөй турган банка суу жыккан менен тең эмеспи, кандай дейсиз? Акын деген ар бир жазайын дегенин колу менен кармап, көңүлү менен сезип көргөнү жакшы экен го, я?

А б ы л к а с ы м. Ойлоп талкан менен көрүп жазгандын жиги билинип турат. Эми колхоз поэмасын түзүү керек да, Бүбүш?

Б ү б ү ш. Жумушту тездетели. Ооба, баарын жаңыдан башташыныз керек.

А б ы л к а с ы м. Туура. Замандын алдында жүрүү керек. Биз кээде соңунда калабыз.

Б ү б ү ш. Экөөбүздүн жардамыбызга башкарма нааразы дейт. Биз жарыялаган маданият жүрүшүнө каршы экен.

(Нуркасым менен Жусубалиев кирет)

Ж у с у б а л и е в. О, иш илгери!

А б ы л к а с ы м. Айтканыңыз келсин, жолдош Жусубалиев!

Н у р к а с ы м. Өзүңөрчө башкарма, өзүңөрчө жер бөлүм, мал чарба болуп жаткан экенсиңер?

Ж у с у б а л и е в. Жумушуңуздардын аты эмне экен? Билсек болобу?

А б ы л к а с ы м. Колхоздун бар бүткөн айдоо жери эки жүз гектар экен, жолдош Жусубалиев. Колхоздун колхоз болгонуна мына он жети жыл! Андан бери көп өскөн. Түтүнү көбөйгөн, малдын саны ашкан. Бирок ошол жер, ошол эле бойдон калган. Жер семиртилбеген, түшүм көтөрүлбөгөн. Эч жаңы курулуш да түшпөгөн. Биз карап көрсөк ашык кеми жок жети жүз гектар жер ташка басылып жатыптыр. Жаштар жана ударниктер, кээ бир каалоочулардан бригада түзүп, жерди кеңитип жатабыз. Бул жагынан канал чыгарсакпы дейбиз.

Ж у с у б а л и е в. Оюңар жакшы. Бирок жердин кожоюну, малдын кожоюну деген болбойбу. Силер өз ишиңерди оңдоп, түзөп, илимчил, билимчил, жазуучу

болгонуңар эле дуруско дейм да!

К ү к ү ш. Баарына кожоюн — биз, көпчүлүк, Совет эли! Силерге зыяныбыз тийип жатканы жок! Силер бир орунда катып калгансыңар, жаштар өсүп, илгерилеп турат. Колхозго жер керек, жаңы тарбия, маданият керек! Бул кишилер ошонун өкүлү.

Н у р к а с ы м. Такылдабаңыз, карындаш! Колхоз жерин ар ким башкара берсин деген закон жок. Жер кеңитүүгө кудуретибиз аз. Өкмөт эки жүз гектар бөрген, ошол жетет. Оруу, жыюу маалында ойдо жок ишти баштап планга жолто кылууга закон жок. Кайдан жайдан келип алып!

К а н а т. Закон... Закон... Колхозго жети жүз гектар жерин берсек закон ракмат айтат. Мындагы элдер өз нормосун аткарган элдер. Эгин планын болсо он күн болду бүткөнүбүзгө.

А б ы л к а с ы м. Орто күзгө чейин ташын терип, күздүк айдооңузга жаңы жер берсек дейбиз.

Ж у с у б а л и е в. Мен район атынан сүйлөйм. Абылкасым иним советтин жолун билет десе, алиге көзүн туюк окшойт. Бул сиздин жумуш эмес. Жер маселеси, мал маселеси ыйык нерсе, ага бейбаштык кылууга болбойт. Жер кеңитүүнү, азайтууну Маскөв билет, облус, анан район билет!

А б ы л к а с ы м. Сиз кандай сүйлөөнүн да тартибин билбейт экенсиз. Ошону үйрөнүңүз. Мындай жакшылык ишке Москва отуз жыл мурун руксат берген. Мамлекетке пайда бергенибиз бейбаштык болобу? Уят сизге, бул сөз! Уят, жолдош Жусубалиев!

Ж у с у б а л и е в. Мен принцип үчүн күрөшөм! Колхоз малы үчүн, жана жери үчүн мен жооп берем. Элдин мээнетин талаапа кетире албайм! Али эгин бүтпөй жатат! Мунуң чоң тоокоолдук!

А б ы л к а с ы м. Биз баарын эсептегенбиз, жолдош Жусубалиев!

Ж у с у б а л и е в. Жок, жер кеңитүү жөнүндө райондо карайбыз,

А б ы л к а с ы м. Василий Семеновичке толук айтылган.

Ж у с у б а л и е в. Бул жумуш меники жана районуку. Секретардын биздин башыбыздан аттоого акысы жок! Жолдош башкарма, элдериң менен сүйлөш!

Н у р к а с ы м. Абылкасым, сен элдин башын айлантпай өз жолуңа түшчү айланайын. Бүбүшүңдү, Күкүшүңдү колунан жетелеп мындай келчи айланайын, сен мени кайдагы балээлерге салып соттуу кылганы жүргөн немесиң го! Бир туугандыктан кечтим, деги мага тоокоолдук кылбачы, айланайын!

А б ы л к а с ы м. Тууганчылык үчүн эмес, жалпы элдин пайдасы үчүн! Жети жүз гектар жер сага тоскоолдук кылабы?

Н у р к а с ы м. Анын ошончо планы бар, мээнети бар! Эки жүз гектар бизге жетишет. Мен колхоз уставын-буза албайм. Кармыш карыя мында сизге эмне бар? Байбичеңиздин жанына олтуруп кийим тигиңиз.

К а р м ы ш. Жаштар болбой... Жардам бер Дегенинен эле... Жакшы. Башкарма жакшы киши. Башкарма мыкты киши, Бирок бул иш андан жакшы,.. Мен кете албайм.

Н у р к а с ы м. Керим карыя, эмгек алдыңызбы? Алдыңыз! Авансага бир күнүнө беш килден... распы? Акча, кездеме, дагы... дагы... сизди ким башкарат? Айтыңызчы? Ким жооп берет колхоз ишине? Барыңыз!

К е р и м. Бул деле колхоз иши эмеспи, айланайын!
Бош калган соң эле...

Н у р к а с ы м. Жок, колхоз иши эмес! Өндүрүштү таштаганыңыз үчүн билесизби?

К е р и м к а р ы я. Ата балам ай э... Мындан артык да өндүрүш болабу... Жакшы ишти колдоо керек.

Н у р к а с ы м. Мейизкан, Жүзүмкан, мындай бас! Сөзүм бир, билесиңерби?! Кардың ток, киймиң бүтүн. Кайдагы жок азапка жан кыйнап... Силердин иш колхоздо чачтан көп! Аңыздардан баш тергиле...

Ж ү з а м к а н. Жок, агай биз өз ишибизди жакшы билебиз. Бул дагы колхоз иши!

М е й и з к а н. Мен баш тергенче, таш терейин андай болсо...

Б ү б ү ш. Көрдүңүзбү Мейизканды, башкарманын кадыры чоң... Бирок түшүнүгү канчалык тайкы... Колхоз демократиясынын түзүлүшүн байкадыңызбы...

А б ы л к а с ы м. Василий Семенович айткандай, эски адат бизде уюп жатат. О ал оңой менен арылбай турган нерсе. Тамыры терең. Нуркасым, эмне кылып жатааныңды ойлойсуңбу?

Н у р к а с ы м. Эмне ойлоорумду сенден үйрөнбөйм. Абылкасым, сен менин ордума башкарма болгону жүрөсүңбү? Эмне мынча элди бузасың я?

А б ы л к а с ы м. Башкармалык колумдан келбейт, Нуркасым, кесибим башка. Партиянын тапшырганын аткаруу ак парсым!

Н у р к а с ы м. Колхоз жеринде тиешең жок. Качан мага тапшырма берет, ошондо жер кенитем. Өзүмчө бийлик кылгыдай башым экөө эмес. Дагы айтам, өз жолуң менен жүр. Элди тарат! Колхозду өз жайыма кой.

А б ы л к а с ы м. *(Элге)* Жөнөткүлө жумушту, жигиттер! Муну бүтсөк, дагы миң гектарды көгөртөбүз! Кана эки миң гектар жер үчүн! *(Эл кайра жандана баштады. Нуркасым ачуулу басып келди да)*

Н у р к а с ы м. Эгерде тууганчылык сөзгө көнбөйт экенсин... Сен эмне колхозду бийлейсиң, я? Кимсиң өзүң? Кимсиң? Сени мен сабап жүрүп көзүңдү ачпадым беле? Эмне үчүн колхозду бийлейсиң я? Тарат элди! Жогол өзүң! *(Алка жакадан алып силкип, силкип жиберди. Ал жыгыла жаздап араң калды.)*

К ү к ү ш. Эй, башкарма агай! Кандай түшүнбөгөн кишисиз! Билесизби, эки миң гектар! Эгер ага көнбөйт экенсиз, стадионго, клубга, ооруканага, маданиятка каршы чыгасыз. Андабы... анда алга жылып бараткан жумуштан *(Кетенчиктете катуу түртүп жиберди)* тээ тетигиндей оолак болуңуз. Башкарманы сүйөм, минтпес элем... Өзүңүз себепкерсиз. *(Нуркасым катуу барып жыгылып түштү. Ошону менен удаа)* Айып этпеңиз *(Элге)* Эмесе ишти уланталы!

Э л.

Уланталы, жолдоштор,
Кана ордуңан тургула!
Колхозчуну бай кылып,
Колхозду чоң кылууга.
Терең, терең ургула,
Беш жылдыкты үч жылда
Аткаруучу эл мына.
Дайра сууну бурууга,
Жаңы жерге жылууга,
Төрт жүз гектар жерлерди
Төрт миң гектар кылууга!

III АКТ

6-СҮРӨТ

Нуркасымдын жасалгалуу үйү. Түн. Стол тегерегинде: Жусубалиев, Кармыш уста, Керим карыя, Жүзүмкан, Мейизкан, Нуркасым, атасы Жаке жана колхоз активдеринен эки-үчөө.

Н у р к а с ы м. Ошентип, колхоздун жалпы жыйналышы болот. Менин жылдык отчетумду угасыңар да, бар же жок болушумду чечесиңер.

Б и р ө ө. Сени жоготуп көргөн күнүбүз курусун, күнөөң кайсы? Элди жыргатасыңбы?

Пландын толбой калганына сен айыптуу эмессиң.

Ж ү з ү м к а н. Бир эмгекке беш килден бергениңби?

М е й и з к а н. Сизди көпчүлүк билет. Көпүчүлүктүн эрки.

К а р м ы ш. Башкармада баш бар... баш бар... Макоого ар качан даярмын. Бирок, бирок... Ойлонуу керек...

Ж у с у б а л и е в. Мына бул жерде, бөтөн чоочунан бирөө жож. Кампачы моңолдор, мал чарба моңолдор, ударник моңолдор, звийна, башкарма, баары өз кишилер. Бир сөздүү болгула. Нуркасым ким, мен ким? Ага тийген жамандык мага эмеспи. Жыйналыш чоң болот, ага мен жатышам, райисполком жаңа секретарь катышат. Ушул жолу ыркыбыздан жанбай, агайын туугандыкты сактап калсак, анда көгөргөнүбүз. Баарың бир жакадан баш чыгарып колхоз ишин, башкарманы мактагыла. Жеген ичкен жок, жеке менчик устав боюнга, эмгек туура, калдык жок, баары сонун дегиле. Анан... жучу алигини, Нуркасым!

Н у р к а с ы м. Облусттук партия комитетине... Биз гөмөндө кол коюучулар колхоз атынан сизге төмөнкүнү айткыбыз келет: райкомдун секретары Василий Семенович Вершинин өкмөттүн күндөлүк өнөктүгүн унутуп, кыргыздын улуттук жөрөлгөлөрүнө киришип калкка нааразылык туудуруп жатат. Кызматчылирды кысымчылыкка алып, аларга ишенбестик туудуруп колхоз арасына идея жагынан туруксуз адамдарын толтуруп жиберди. Абылкасым болсо элди экиге бөлүп, кызык өнөктүк маалында колхозчуларды пайдасыз таштак жерлерди каздырып, колхоз жерине законсуз бийлик кылып, колхозду көп акчага чыгаша кылды. Башкарманы зөөкүрлөргө сабатты. Биз бул акыбалдарга чыдап тура албайбыз. Элдин үнүн угуп, жогорку иштерге чара көрүп, аларды жоопко тартууңуздарды сурайбыз. Кол коюучулар:

(беркилер)

— Туура!

— Ата, рас эмеспи!

— Распы, же... кандай?

— Ушинтип эле жогото салчу элек дейм да!

— Кол койбогондо эмне...

— Ой, байкагыла!

— Жок мен кол коё албайм.

(Кол коё башташты)

К е р и м к а р ы я. Балдарым бирөөгө ор казсаң өзүң түшөсүң дечү эмес беле. Секретарь балама сөз тийгизгенибиз кандай болор экен. Шайтандын жолуна түшүп жүрбөйлү. Мен кошула албайм го. Айып этпегиле, балдарым.

Ж а к е. Кеке... Тууганчылыктан кетишебизби? Бул эмне дегениңиз.

К а р м ы ш. Мен да Кекеме кошулам. Койгула, балдар, ушак, жам!андоо калп, арызданyу жаман иш...

Ж ү з ү м к а н. Мейизкан. Мош эле...

(Уу-чуу көтөрүлдү. Бир тобу кошулган жок)

Ж у с у б а л и е в. Сөз эмес. Наадандарды кара. Ал. жакта да өз кишилер жок эмес. Силерден жашырып не керек, районго мына мындай кабар жетти: «башкарма маданияты тайкы, уруучулдукту сүйөт. Социалисттик мелдеш жок, колхоздун байлыгын биригип жегенди уюштурган, өз камын коомдук кызыкчылыктан жогору койгон... Бир жетимдин күчүнөн пайдалануунун жолун тапкан. Колхоздун мал чарбасынын өсүшү да начар жана башка... жана башкалар...»

(Беркилер дуу дей түштү).

Ж у с у б а л и е в. Эртең ушунун баары жыйналышта айтылат. Дуулдаганды койгула, башкарманарды колдоп калгыла?!

Ү н д ө р,— Ким жеткирди экен мунун баарын?

— Күтсө эмнеси бар экен?

— Өз мээнети!

— Эй, ойлонгула!
— Акты кара кылбагыла!
— Анын ошончо чыгымы бар!

Ж а к е. *(Канча токтоо болоюн десе да, чыдай албай кайнап)* Ким? аны айтып жүргөн? Ал ким өзү?

Ж у с у б а л и е в. Ким болмок эле? Өз уулуңуз! *(Эшиктин аржагын көрсөтүп)* Мобул! Балакеттин баарысын баштаган ушул!

Ж а к е. Уулум! Кандай, уулум! Абылкасымбы? Уулдан айлансын! Мен аны, мен аны... мууздап өлтүрөм! *(жулунат).*

Ж у с у б а л и е в. Чишш... Акырын *(Беркилерге кол жаңдап)* Чишш... Жаке, эмне дейсиз?

Ж а к е. Малыма кол салганды, Нуркасымыма душдандык кылганды, урук туугандарыма шек келтиргендерди мууздап өлтүрөм! Өлтүрөм!

Ж у с у б а л и е в. Чишш!.. *(Чырак өчтү. Ошол эле үйдүн Абылкасым турган бөлмөсү. Бир бурчта акындын штей турган столу, кресло, диван, бир нече олтургуч. Мында Абылкасым, Бүбүш, Канат, Зина, Күкүш жана башка жаштар).*

А б ы л к а с ы м. Ошентип, эртең колхоздун жалпы жыйналышы болот. Башкарманын кечиккен отчётун угасыңар. Бүбүш феодализмдин калдыгы, колхоздун өсүгүнө кандай тоскоолдук кыла тургандыгы жана анын зыяндуулугу, ошол жаман адат менен аёосуз түрдө күрөш жүргүзүүдөгү ак ниет адамдардын милдетин айтар. Канат, Зина, Күкүш биз болуп башкарманын ишинде кемчиликтерди: социалисттик мелдештин, жер семирүүнүн начардыгын далилдеп, анын колхоз демократияны бузуп жаткандыгын, жаштарды билимге тартууда кыянатчылыгын, электр станциясы менен каналдын чала бүткөндүгү, кошумча жети жүз гектардын ташын терүү жүмушуна колхозчуларды тартпаганы... айтор, ураттуу Нуркасым агайыбыздын өзүмчүлдүгү, колхоздун алдында жүрө албастыгын далилдейбиз!

Б ү б ү ш. Ойлонуп көрөлүчү... Азыраак ойлонуп көлүчү, Абылкасым. Бул күтүүсүз жерден чыкты. Илим командировкасында жүрөм... Кыргыз адабияты жөнүндө, поэзиядагы жаңылыктар жөнүндө сүйлөмүш болом... Эл жакшы кабыл алды. Анан эле кайдагы укмушрга кирип кеттим. Колхоздогу кемчиликтерге чыдай албадым, маданиятты артка тартып жаткан жаман адамдарга жийиркендим. Ооба, эми колхоз жыйналышында коюлган кемчиликтерди ачык айтканыбыз айып эмес, айтуу керек, ишти оңдошолу. Колдон келген жардамыбызды беришелик.

Канат. Институтка кетип калам да, эмесеби...

З и н а. Канат экөөбүздү да уга баштады. Биздин эмгек ак экен да.

К ү к ү ш. Доктурлукту улантуу милдет. Дене тарбия көрө баштадыбы... Мончо, клуб, стадион. Айтор, айта кетсе, колхоздо биз иштечү асыл иштер көп! Башкарма айтбайт экен, аны эл билет, биз билебиз. Кет дейт экен, кетпейбиз!

Б ү б ү ш. Ата-а, жаркыраган кең клубга жалпы колхозчулар олтурушса, алар менен поэзия жөнүндө сүйлөшсөк...

А б ы л к а с ы м. Рас, Бүбүш... Поэзиянын жон жыргатар кумары (бар. Биздин ага-жеңелер поэзиянын ошол кумарына канышса, э!

К а н а т. Биздин жазуучулардан ким кыйын, агай?

Аб ы л к а с ы м. Бир кезде мен да ушундай элем. Бала күнүмдө Толстой, Тургенов, Некрасов, Гоголь, Щедрин, Пушкин, Лермонтовторду сүрөтүнөн гана таануучумун, окуп түшүнмөк кайда. Мен алардын жашаган доорун, сен айткандай кыйындыгын *(күлүп)* сакалдата бөлөр элем. Толстой баарынан мурда жашаган, анан Некрасов, Щедрин, анан Пушкин, Лермонтов жакында эле болгондой көрүнөр эле. Чоңойгондо аныма өзүм күлдүм. Ошол сыңары, кыргыз жазуучуларынын кыйынын билүү эрте. Алар баары жаш, сакал жагынан эмес, каламынан. Биздин тилек, жогорку санаган кишилердей айрым орун алууда, ошолордоң өлбөс чыгармаларды түзүүдө. Азырынча жаңы гана баштаган

кезибиз. Азыркы мактоолор, сыйлар, кадырлардын көбү карыз. Аны билүү керек.

К ү к ү ш. Өзүңүз эми эмне жазмаксыз?

А б ы л к а с ы м. Көргөндөрүмдү... Дал ушул колхоздон көргөндөрүмдү жазмакчымын. Кандай чыгарын айта албайм. Оюма бир нерсе түшүп жүрөт. Анда ушул өзүбүздүн эл арасындагы жаман адаттарды жоюудагы аракетибизди, колхозго берген жардамыбызды, кээ бир кишилердин кешпирлерин, ар кыл типтерди абдан кылдат карамайынча табылбай турган түрлөрүн, силерди, өзүмдү жана мобул үйдө *(көрсөтүп)* тургандарды элибиздин маданиятына, чарбасына, өсүшүнө чын пейил менен жакшылыгын көрсөткөн партиянын, улуу орус элинин чыныгы өкүлүнүн тибин: анын шайырдыгын, ичке кек сактабастыгын, чын достугун; эч качан алдабастыгын, чын адилеттүүлүгүн, кеңдигин, кыйындыкка чыдамкайлуулугун, улам алдыга, өнөр-билимге умтулгучтугун, күлкүсүн, ырын, бийин... баарын баарын жазмакмын.
Колумдан канчасы келерин билбейм...

Б ү б ү ш. *(Беркилерге).* Акырын... Акырын... *(Колун жаңдайт баары буттарынын учу менен басышып чыга башташты. Акын муну билбей калгандай. Бүбүш соңунда кетти).*

А б ы л к а с ы м. Өз бир тууганымдын эл билбеген укмуштуу эски жоруктарын, заманынан алыс калгандыгын. Өсүш жолун сүйбөгөндүгүн... Өз атамдын дүнүйөкорлугун, ач көздүгүн... Уулунун даражасынан пайдаланып, кайра эски заманына жашырын уурдана баштагандыгын... Энемдин ак пейлин, сонун карапайымдыгын, бооркерлигин... эң сонун жөнөкөй кыялын...
(Энеси Алтын чай алып кирди).

А л т ы н. Эмне деп эле өзүңчө сүйлөшүп жатасың, балам... Этти да аз жейт экенсиң, чай иче кой, берекем...

А б ы л к а с ы м. Көйүлүнүн актыгын... Тазалыгын...

А л т ы н. Эмне дейт кулунум... Кой антпечи...

А б ы л к а с ы м. Берекесин... Марттыгын...

А л т ы н. *(Чоочуп)* Бирдеме тийген го, ырысым... Бирдеме тийтен го... Өңүң жаман... Өз тузуна өзү кас санаган ошентет дечү эле, кудай... Атаңды айтып эмне кыласың, агаңдын күнөөсүн ачып эмне кыласың... Бооруң кана, бооруң юана? Келсин келсин деп кубандым эле, акыры минттиң. Аталык кусур, агалык урмат деген бар эмеспи, кокуй... Акылың болсо *(Кичинекей жумшак муштумун көкүрөгүнө тийгизет)* тим жүр... тим жүр... тим жүр, кокуй... тим жүр...

А б ы л к а с ы м. Тигилер чыгып кеткен тура. Бул Бүбүйдүн жароокер мүнөзү. Жазгын дегени го. Өзүмчө сүйлөп жаткан турбайымбы, апа...

А л т ы н. Туугандан четтебей жүр. Туупаныңа кас санаганың өзүңө санаганың эмеспи...

IV АКТ

7-СҮРӨТ

Жаңы бүткөн маданият үйү. Салтанаттуу күн. Колхоз мамлекеттик планды толук аткаргандыгына жана Абылкасым баштаган жаштар бригадасынын электр станциясын, каналды, кошумча жерлерди бүткөндүгүнө арналган майрам. Төрдөгү креслодо Керим карыя, аны айлана колхоздун белгилүү адамдары: Жүзүмкан, Мейизкан, Кармыш уста ж. б.-лар олтурушат. Бул жерде жолдош Жусубалиев, Нуркасым, Василий Семенович, Абылкасым, Бүбүш, Күкүштөр да бар.

К е р и м К а р ы я. Балдарым! Партия менен өкмөттүн жардамы жана жаңы жетекчилик аркасында, колхоздун мамлекеттик планды толук аткаргандыгы үчүн, биздин жаңы беш жылдыктагы жаңы өсүшүбүз үчүн!

(Бокал көтөрүштү).

К ү к ү ш. Биздин бригада бүтүргөн мына бул жадыраган Ильич чырагы үчүн! Жаңы курулуштар үчүн! Эки миң гектар жер үчүн! Колхозго мына мыядай жаңы түр киргизген жаңы маданият үчүн! *(Бокал көтөрүшөт).* Жаштар чогулуп ырдоону үйрөнүштү. Дене тарбия өнөкөткө айланды. Большевиктик идеяны көтөргөн кыргыздын советтик адабияты кең орун алды. Ал эми музыка!

(Вальс ойнолду. Жуп-жубунан түшкөн жаштар бийге аралашты, Василий Семенович, Абылкасым, Бүбүштөр да аралашып, бий аркы үйгө өтө баштаганда, алар кайра өз орундарына келип олтурушту).

К а р м ы ш. Василий Семенович, айланайын, караңызчы, караңызчы... Колхоз жаштары кандай бара жатат... а...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Кайда бармак эле уста, ишеничтүү агалары ээрчиткен жарык дүйнөгө... Ал дүйнөнүн атын билесизби...

К а р м ы ш. Билем, Василий Семенович... Билем... Коммунизмге!

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Алдыбызда эки дүйнө турат. Бирөө — өчүп, жоголуп жер менен жексен болуп бара жаткан феодализмдин калдыгы, экинчиси — жаркыраган коммунизм дүйнөсү!

Н у р к а с ы м. Жолдош Жусубалиев болбой эле...

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Билебиз, билебиз... Баарын билебиз. Жолдош Жусубалиевдин жумшак издери ушул гана колхоздо эмес... Жана большевиктик абийир көтөрө адгыс эң чириген, феодализмдин сазына терең баткан, колхоздун алга өсүш жолун такыр унуткан, партиянын алдыга койгон эң зор таламына кол шилтеген ал?! Мамлекеттин камын өзүнүкүнөн төмөн койгон, бирок баркы бар сиз өңдөнгөн кээ бир түшүнүксүз, аны көп убакта жөнөкөй көз байкабай турган башкарманы ошол калыбында сактап калууга тырышкан, өзү да ошолордун көмөкчүсү болгон Жусубалиевдер да жок эмес. Биз аны да билебиз. Сизге акыркы айтылуучу сөз: Абылкасым айтжандай, түтүнүңөр арбын, эмгегиңер аз болгон. Өкмөттүн планы да чакан болгон. Акын айткандай, МТСтин каражатынан качкансыңар, комбайндын ордуна орок менен оруп, теминдеп бастыргансыңар, партиянын ордунда туруп албай айыл чарбаны алга жылдыруу, өстүрүү, жерди кеңитүү, түшүмдү көбөйтүү жөнүндөгү ураанына жашырын түрдө каршылык келтиргенсинер...

К е р и м к а р ы я. Колхоз жыйналышында бардык кемчиликтер айтылды. Башкарманын айбын, ишиндеги кемчилигин, ак кишилерге жалаа жаап элге кол койдурмакчы болгонун биз колхозчулар: Жүзүмкан, Мейизкандар бардык адөөлөт колхозчулар тайманбай айттык. Нуркасымдар эми биздин кишибиз боло албастыгын көрсөттүк. Чынында мындан өткөн кылмыш жокко дейм, секретарь балам.

Ж ү з ү м к а н. Нечен жолу Абылкасымга айтайын дедим, иниси эмеспи деп корктум. Көрсө жаңы адамдар тура. Менде да айып бар, жолдош секретарь.

М е й и з к а н. Мактанганыбыз менен бизде деле калдык бар экен. Баарын өзүбүз жашырганбыз.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Макул, түшүнө баштадыңар... Өзгөрө баштадыңар... Нуркасым баш тарткан менен, замандын агымы эркине көнгөн жок. Колхоз жаңы адамдардын жардамы менен алга карай өсүү жолун алды. Эмки колхозду Нуркасымдар башкарууга тийиш эмес, аны чын советтик замандын ак ниет адамдары башкарат, өчкөн дүйнө өкүлдөрүнө акыркы сөз ушул! Өчсүн феодализм калдыгы! *(Тигилер караңгылыкта калышты).*

К ү к ү ш. *(Башкарманын ордуна олтурду, электр жарыгы ого бетер жарык)* Жадырасын коммунизм заманы! Жаңы беш жылдыктын жаңы жеңиштери үчүн! Маданияттуу колхоз үчүн! Тынымсыз алга карай өсүш үчүн!

(Ичишет)

Музыка!

(Музыка ойноду, бий... Нуркасым менен Жусубалиевден башкалары бир топко

айланды, музыка арасында бокал көтөрүүлөр болду).

А б ы л к а с ы м.

Биз бир мейман келип кеткен кечеки,
Колхоз күнү гүлдөп турган кездеги...
Эми билдим колго урунбай жатыптыр,
Заманымдын керегинин нечени,
Биз кайрылып кайра айланып келгиче
Кош, курбулар...
Кош, курбулар дешели...

(Кол чабышат).

Б ү б ү ш. Көрүп турам, турмуш сизге көп нөрсе үйрөттү. Колхоздо жүрүп көп жаңы чыгармалар жаздыңыз. Мындан аркы чыгармаңызда: турмуш чындыгын чагылыштырып, куру декларациядан кутуларсыз. Жаңы кишилердин элесин ачарсыз. Кээ бир эски адаттарга каршы күрөш жүргүзөрсүз. Ооба, Абылкасым, кыргыз адабиятын жогорку идеяда өнүктүрөлү. Поэзияда терең мазмун, ийкемдүү форма табууну максат кылыш керек.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Өз агаңыздагы эски калдык менен күрөшүүдө түздүктү көрсөттүңүз. Ушул тууралыгыңыздан кайтпаңыз. Бүбүй Султановнага кошулам. Азыркы колхоз турмушун, андагы жаңы кишилерди көрсөтүүдө алдыңызда чоң милдет турат.

А б ы л к а с ы м. Курчтук кылсам... кээде адашып да калсам... ал жаштыгымдыр. Адам өз кемчилигин сезүүтө тийиш го.

В а с и л и й С е м е н о в и ч. Ооба, сен өз кемчилигиңдн тез көрүүгө тийишсиң. «Адам жанынын инженерисиң!» Сен азыркы окуган ырыңдын бир жеринде «Кош, курбулар, кош, курбулар дешели» дедиң. Менимче азырынча коштошпосок. Карачы, Жанболотович... Тээ тескей тарапта эмне жалтылдайт... Электричество... Ал жерде жаңы шаар... Кыргыз жери кенге карк болот, аны билесиң. Тескейден жаңы көмүр кени табылды. Жаңы шахта ачылды. Ал жерде көп жаңы кишилер бар. Сен ошолорго кайрыла кет. Алар сага көп нерсе үйрөтөт. Сенден жаңы чыгармалар күтүшөт.

А б ы л к а с ы м. Көрүп турам. Ал жерде жумушчулар... сонун кишилер... Эгерде мен, мына бул жөнөкөй адамдардын сонун мүнөздөрүн, коммунисттик коомдун тарбиясын, эл арасындагы эски калдыктарды, элдердин гүлдөгөн маданиятын, жаңы милдеттерди... колхоздо көргөн нечен мен билбеген укмуштуу турмуштарды, биздин агабыз сенин жардамыңды, таза мүнөзүңдү, тээтиги жарык жанган жердеги жумушчу калкынын эң жөнөкөй, мээнеткеч сонун кыялдарын көрсөтө алсам, ошондо гана мен инженер Жанболотовичмин! Ал эми Бүбүй жөнүндө болсо, кеткен айыпка кечирим сурап, алдыда турган зор ишке өмүрлүк махабатын жан шерик кылгым келет.

Б ү б ү й. О кайда алар... Бардык таалай алдыда эмеспи... Заманга жарашпас кыялдан четте бололу.

А б ы л к а с ы м. *(Тескей жакты көрсөтүп)* Тескей жакта жаңы шахты... Ана, оттор жанат... Өмүрүмдөгү биринчи жаңылыштыгыма чек койдум. Ысык көрүнгөн өмүрлүк жары Бүбүйдүн колун алып, тээтиги сонун элге барсын Абылкасым Жанболотов.

(Тескей тараптагы жанган электр жарыгы. Шаар элеси. Музыка)

К ө ш ө г ө.

26/I-1948-ж.
Чолпон-Ата

ЖӨНӨШ КЕРЕК МЕРКИГЕ

(Бир көшөгөлүү, үч сүрөттүү комедия)

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р:

К а д ы р а к е.
Т а л к а н б а й — Кадыр акенин эски сөөгү, колхозчу.
Б о п у й — Талканбайдын аялы.
Ж у м а г ү л — булардын кызы.
Ш а р ш е н — жаш жумушчу, Кадыр акенин үйүндө квартирада турат, Талканбайдын алыс туугандарынан.
Р а с у л — Кадыр акенин досу.

Акыркы сүрөттүн финалында заводдун директору жана Маржанкүл, Нуржанкүлдөр катышат.

Окуя биздин шаарда, үч күн аралыгында өтөт.

1-СҮРӨТ

Кадыр шаардашкан жана бир мекемеде кароолчулук кылуу менен бирге, өмүрүнүн көбүн соодагерчиликке жумшап, ошол кесипке дасыган киши. Аны «аке» деши да ошол кесиптегилерден чыккан ызат ат. Кадыр аке үйүндө жалгыз. Аялынын өлгөнүнө 5—6 жыл болуп, азыр бойдок. Өзүнүн кичинекей счетун тырс-тырс кагып:

К а д ы р А к е. 16 кир 15 чык, 25 кир 14 чык, 70 кир 90 чык. Пай, пай, пай, бул эмне деген оокат я? Жок, бул шаарда бир күн турууга болбойт. Жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге.

(Терезеден сыртты карап) Карасаң, быйыл күн да жаанчыл. Баары оңунда. *(Кайра эсепке кирип)* Бул эмне деген оокат? Бул эмне деген күн? Эмне деген заман?.. Ушундай да болобу?.. Күндөн күнгө арзанчылык. Күндөн кунгө кулаган нарк... Жыйналышка барып калсаң коммунизм деп сүйлөшөт, радиого кулак салсаң: коммунизм. Мунусу кандай болот десе: бизге окшоп эл жонунан пайда тапкандарга, өкмөт наркын утам дегендерге, соода менен көгөргөндөргө жакпай турган күн тура! Бул заман арзанчылык, береке, кеңчиликтин, көпчүлүктүн пайдасын ойлогон заман тура! Жок бул мага жарашпайт. Мага кымбатчылык керек! Эки айда 1700 сомго күйдүм! Бул эмне деген арзан шаар? Бул эмне деген оокат? Меркиде нарк көтөрүңкү дейт. Жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге!

(Расул келет).

Р а с у л. Ассаломалейкум, Кадыр аке!

К а д ы р. *(Алик алып)* Кел, Расулжан! Кадыр акең, каран кала турганы. 1700 сомго чуу күйүп, эси ооп турган кези. Кымбатчылыктан сүйлө, Расулжан.

Р а с у л. Бизге эл пайдасы, көпчүлүк иши жарым пул да, Кадыр аке. Сиз айткандай, бизге кымбатчылык! Кымбатчылык! Бир тыйындан миң сом пул түшүп пайда болуп турса кана... Өкмөт соодагерди сүйбөйт. Биз анын арзанчылыгын, берекесин, моминтип күндөн күнгө кеңиген пейлин сүйбөйбүз. Кымбатчылыктан сүйлөсөм: Мерки кымбат дейт. Бул шаар атам замандан арзан. Эми ого бетер ар нерсе батпай кетти. Жакшы эле өкмөттү утсак дедик, болбоду. Бул шаардан кетиш керек.

К а д ы р. Жөнөш керек, ошол кымбаты көп Меркиге жөнөш керек, Расулжан. Бул эмне деген оокат? Бул эмне деген күн, Расулжан?

Р а с у л. Өкмөт бардык керектүүлөрдү жайнатып жиберди. Не кааласаң бар. Биздин маңдайга таш менен ургандай сезилген — бейгерчилик, арзанчылык. Биздейлерди көзөмөлдөгөндөр да көп.

К а д ы р. Күндөр биз үчүн тарып баратат, Расулжап. Кургакчылык болсо, кырсык болсо, мына ошондо биздин дооран жүрөр эле... Ошондо Кадыр акелешкендерди көрөр элем. Рас, көзөмөлдөгөндөр көп... Биздей көзүрлөрдү колго түшүрө албайт. Эмне сен бир жерде кароолчу, мен бир жерде кароолчу. Кылган кызматыбыз бар...

Р а с у л. Ошондой болсо да экөөбүздү билгендер көп. Бизде эмнелер жок. Байкаш керек, Кадыр аке.

К а д ы р. Жер которуу керек. Рас бизге кыйын болуп баратат, Расулжан.

Р а с у л. Анын эмнесин айтасың. Мен кумдуу жактын уулу элем, Кадыр аке. Заманымда өз короомдон кудук чыгарып, бир жанга бир ууртам суу бербей, зарылгандарга алтынга сатар элем, алтынга. Кадыр аке... Ал күндөр кетип, анан мында келдим. Бул жер да жакпай койгон жок.

К а д ы р. Раско аның Расулжан. Мен да Анжиянга дүнүйө чайкаган эрдин уулу элем. Мен кечээ эле күнү, ушул шаарда... бир көчөдөн алганымды экинчи көчөгө сатып, сандыкты пайдага толтурган эр элем. Эми болбоду. Жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге, Расулжан.

Расул. Баса, Кадыр аке, ушинтип эле бой жүрө бересизби, же...

К а д ы р. Аялым каза тапканга алты жыл болду. Катын алайын десем канча чыгым! Анын үстүнө соода билген неме болсо...

Р а с у л. Шаар көргөндөн алсаңыз жарашпас...

К а д ы р. Мага, Расулжан, ашса он сегиз жаштагы ууз кыз болсо, жумурткадан чегип чыгаргандай, соодага машыктырып алсам... Отуз сандыктын дүнүйөсүн улгайганга кантип ыраа көрөсүң...

Р а с у л. Ары момун, ары жоош, ары тил алчак...Жана сүттөй тазасынан дейсизби.

К а д ы р. Арийне, Расулжан. Мобул жакта бир колхоздо Талканбай деген эски сөөгүм бар. Ошол өз кызы жөнүндө кептин четин чыгарган. 16 да дейт. Азыр барлык эси-дартым ошондо.

Р а с у л. Жакшы кеп экен. Сактанып иш кылыңыз, Кадыр аке. Пиядал деген сөз бар. Айыптап койбосун.

К а д ы р. Анын да жолу, анын да миң айласы бар. Кыз колго тиери менен 3 күнгө калбай жөнөш керек Меркиге, Расулжан.

Р а с у л. Кош эмесе, Кадыр аке. Кудайлашкан шарт бир. Кечки поезд менен Меркиге жөнөймүн. Үч күндө кайра келейин. Кымбатчылыгын көрөйүн, бул арзан шаарды таштайлы да жөнөйлү көчүп Меркиге, Кадыр аке.

К а д ы р. Мен короо-жайды сатып, камданып турайын. Көзөмөлдөгөндөр көбөйүп баратат. Үч күндөн калбай жөнөш керек Меркиге. Жолуң болсун, Расулжан. *(Расул чыгып бара жатканда)* Атаа... Расулжаным ай э... чай ичип кетсең болот эле...

Р а с у л. Теңир жалгасын...

К а д ы р. Эт туурап, май салып палоо басып берет элем, Расулжан.

Расул. *(Калп ырымга куп тушүнүп)* Теңир жалгасын.

К а д ы р. Коюу салып чай куюп берет элем.

Р а с у л. Теңир жалгасын...

К а д ы р. Сабизди көп салат элем.

(Р а с у л кетти).

Ушинтип койбосо болобу. Бир күнкү палоо канча сом... Чай канча... Анын баарын бекер берип олтурсаң, башың шишибейби. *(Дагы счётун кагып кирет. Аз пауза).* Бул эмне деген оокат? Бул эмне деген арзан шаар? Күндөн күнгө нарк кулайт... Бул эмне деген оокат? 1700 сом чыгаша!

(Азырак ойлоп калып)
Катын алыш керек. Момунунан, жоошунан... Уяңынан, сылыгынан... Болгондо да колхозчунун кызынан... Шаар көрө элегинен. Ууз талдай буралганынан... Анан үч күндөн калбай арзан шаарды таштап, жөнөш керек Меркиге! Жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге! *(Ушул замат Талканбай кирип келди. Ыргып туруп)*
Ассаломагалейкум, Талканбайым! О айдай-күндөй болгон кагылып кетейиним... Кел төргө өт.

Т а л к а н б а й. Келдим, өттүм төрүнө...

К а д ы р. Жайындабы?

Т а л к а н б а й. Иш чукул, Кадыр акеси. Айтканыңа оң карап күлүп, сол карап ыйлап туруп макул болдум. Сөөк жаңырталы дедим.

К а д ы р. Сөз ушул, Талканбайым. Киши экенсиң. «Дос айрылат, сөөк кайрылат» деген ушул. Мага окшогон сооданын кишисинен сага эмне зыян? Рас болуптур.

Т а л к а н б а й. Өз кызын өзү берет деген кыйын иш, Кадыр акеси. Уят-сыйытты койдум. Сенден сооданы үйрөнүп киши болсун дедим. Карыганда пайдасы тийсин дедим. Нары алдын ала иш кылдым. Эми бир жыл өтсө сүйгөнү менен кол кармашып, билген жагына кетип калат. Окуйм дейт, өнөр үйрөнөм дейт. Зоотко кирип жумушчу болом дейт. Жумушчулук жакшы кесип тура... Кызым колдо бар чагында кыргыздын эски жөрөлгөсүн колдоноюн дедим, Кадыр акеси.

К а д ы р. Албетте, баары туура. Жумушчу болом дегени да жаман эмес. Мына бул менде батирде турган Шаршен деген тууганың зоот менен көгөрүп атат. Стыкан дейт. Акчасы көп, жалаң ошондон айына 700, 800 сом пайда табам. Жумушчу март калк болот окшойт, Кашка уйдун он литр сүтүнө беш литр суу кошуп, дем алыш убагында чыга калсаң беш минөттө талап кетет. Алардан тапкан башка пайдам канча. Мейли, нээти жакшы.

Т а л к а н б а й. Мага сенин кесибиң эп, Кадыр акеси... Пайдалуу жерден ким качсын. Сөзүң эки болбосун дедим.

К а д ы р. Нике кайып түшөт деген ушул, Талканбайым. Ата акысы, эне акысы дегени турасың го... Эски жөрөлгөнүн жолу ошондой эмеспи... Эмкилер пиядал дешет...

Т а л к а н б а й. Экөөбүзгө ошол пыядалы эп, Кадыр акеси! Оюмдагыны таптың... Экөөбүздөн башка жан билбесин...

К а д ы р. Анын жолу табылат. Хош, эмне дейли эми?

Т а л к а н б а й. Баягыда сүйлөшпөдүк беле... Ошол эле болот да...

К а д ы р. Беш миң актай акча, жүз элүү метр шайы, элүү кило чай жана дагылары... Кашка уй дегениң оорурак...

Т а л к а н б а й. Аны да сүйлөшө жатарбыз. Эми кыз тууралуу акылдашалы.

К а д ы р. Иш чукул дедиң, андай болсо шашуу керек.

Т а л к а н б а й. Ооба, кечээ ФЗО го окууга катталып келиптир. Үч күндөн калбай шаарга келсин. Машыккан сонун жумушчу кылып чыгарабыз дептир. Аны уккандан бери кызымдын өпкөсү көөп, кырдан туруп шаарды эле карайт. Тээтиги зоотко иштесем ээ деп ак эткенден так этет. Жумушчулукту жанындай сүйөт.

К а д ы р. Эмесе ишти үч күндө бүтүрүш керек. Нике кыйыш керек, тоюн өткөрүш керек... Бир кишини да чакырбайбыз. Өзүбүзчө ишти бүтүрүп, анан жөнөш керек Меркиге, Талканбайым. Хош, эми ар жагын айт.

Т а л к а н б а й. Ага да амал таптым. Энесине бул тууралуу билгизгеним жок. Катын укту, бир шаар бүт укту десеңчи. Кызыңды ФЗОго беребиз, бүгүн алып Кадыр акеникине кел дедим. Алар жолдо. Ойлорунда эч нерсе жок. Андан ар жагын өзүң тап. Меркиге кетесиңби, Мекеге кетесиңби өз эркиң.

К а д ы р. Ырас болгон тура... Аның туура... Бирок меникине түшүрбөй, Шаршендикине түшүргүлө. Ал деле силерге тобончор боломун деп жүрбөйбү. Жээн уулу тура. Меникинен билинип калат. Байбичең Бопуй бөдөнөдөй куу неме.

Т а л к а н б а й. Шаршен деле өз бала. Жумушчу көп табат, март дейт тура. *(Эшиктен Бопуйдун кыйкырган үнү чыкты).*

Б о п у й. Ай ууй, соодагер жезде... Ай ууй, Талканбай, кайда түшөбүз, сыртка чыкпайсыңарбы?

К а д ы р. Ой, айланайын Талканбай, бас жаагын, бас! Соодагер дегени эмнеси. Наадандыкты карачы... Бол, айланайын Шаршендин үйүнө түшүр...

Т а л к а н б а й. Көнгөн адат да, Кадыр акеси. *(Дагы үн).* Ай ууй, соодагер жезде.

К а д ы р. *(Жан айласын таппай)* Талканбай, жаагын бас! *(Өзүнчө ары-бери чуркоодо. Талканбай чуркап чыгып баратканда).*

К а д ы р. Ошент, жумушчу баланын үйүнө түшүр. Кап, Талканбайым, чай ичип чыксаң болот эле... Чай куюп берейинби...

Т а л к а н б а й. *(Шашып).* Теңир жалгасын...

К а д ы р. Эт туурап май салып, палоо басып берет элем...

Т а л к а н б а й. Теңир жалгасын... *(кетет).*

К а д ы р. Ушинтип койбосо болобу. *(Сырт жакты карап).* Бойго жетип турган кыз экен... Өңү да келген... көркү да жаман эмес. Ай, баракелде ай, эмики жаштар тим эле казыга жатып туулган кулундай... Тукум сонун болуп бара жаткан экен. Зооттогулардын баары ушундай сулуу балдар. Далылуу, чымыр, карылуу. Биз дагы бош келбейбиз. Эски сөөктө май көп... Сендейдин онун карытармын... Момун көрүнөт, жоош көрүнөт, сылык көрүнөт... Сымбаттуу көрүнөт *(кубанып).* Буйрукка айла жок да... Дүнүйөм кимди кызыктырбайт. Мына бул отуз сандык кимди мас кылбайт. Эшикти бекитейин да, базарга кылт коюп жүрүп кетейин. Коноктордун чыгымын жумушчу бала тартсын... Мен куру барбай алиги элүү көчөт, он кил беденин уругун сата келейин. Жаштар Мичуриндин илими дешип жатпайбы... Бакшак тигебиз, беде айдап жердин кыртышын оңдойбуз деп радиодон сүйлөп атпайбы... Биз замандын тамырынан кармап билебиз. Эми булар баа болот. Анан үч күндө ишти бүтүрүп, үйдү сатып, колуктуну эрчитип, арзан шаарды таштап, олжого тунуп жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге!

(Биринчи сүрөт бүттү).

2-СҮРӨТ

Шаршендин бөлмөсү. Бир жагында китептер жыйылып, бир жагында жумушчулук аспаптар турат. Өзү бүгүн өзгөчө көңүлдүү. Заводго керектүү зарыл нерсе ойлоп чыгарып, дирекциядан акчалай сыйлык алган күн. Стол үстүндө бир бутылка вино жана гүл букети турат. Өзү Лениндин портретин илип жатып «Завод кызы» деген сүйүктүү ырын ырдоодо:

Ш а р ш е н.

Таңкы урулган гудок менен тең турган,
Завод менен багы ачылып кулпурган,
Биздин эмки өспүрүмдүн көркөмү:
Ай, Маржанкүл,
Ай, Нуржанкүл
Бир тууган.

Ак эмгектин ызатына кол жууган,
Жумушчудан багы ачылып кулпурган
Биздин эмки сулуулардын тунугу:
Ай, Маржанкүл,
Ай, Нуржанкүл
Бир тууган.

Рас эмеспи, заводдон кимдин багы ачылбайт. Завод менин ырысым, атам-энем эмеспи. Он жети жашымда жумушчулукка кирдим. Ошондон бактым көтөрүлдү. Ал бүгүнкү кубанычымды ким билет? Завод үчүн өзүм ойлоп чыгарган өнөрүмдүн кубанчына сыйланган күн. Бул касиеттүү портрет сыйга келген портрет. Курдаштардын кечиккенин карачы. Көбү эле экинчи жана үчүнчү сменада. Бекер олтуруу болбойт. *(Вино куюп).* Биринчисин сен менен, ата Ленин!

(Портретке карап, анан жутуп жиберди)

Айылдан да киши каттабай калды. Рас, завод бакыт. Бирок биздин улуттан аз. Көбөйтүү керек. Заводдун уулдарын көбөйтүү керек. Биз дагы заводдун касиетин түшүнүп келатабыз. Мага эки окуучу, Маржанкүлгө бир окуучу керек. Негедир биздин кыздардан аз. Маржанкүлгө бир жакшынакай жардамчы кыз таап берүүгө убада бердим. Кайдан табам ал кызды я?.. Кайдан табам?

(Бопуй, Жумагүл жана Талканбай)

Көзгө сүртөргө дары болуп турганда рас келбедиңерби. Талканбай кары, Бопуй эне, Жумагүл амансыңарбы. Олтургула мындай, мейман болгула.

Т а л к а н б а й. Нээтибиздин тууралыгы да.

Ш а р ш е н. Жол болсун, Жумагүл...

Ж у м а г ү л. Андай болсун, сизге окшош жумушчу болоюн, ФЗО го кирейин деп келдим.

Б о п у й. Зоот десе ак эткенде так этет. Зоотко кирсем кыргыздан чыккан жумушчу кыз болсом, ак эмгектен абийир тапсам, дейт, Шаршеним.

Ш а р ш е н. Жумагүл, келе колуңду. Жумушчулукка ынтызар болгон кубанычтуу тилегиңди куттуктайм. Мени сен аябай кубанттың.

Ж у м а г ү л. Маржанкүл, Нуржанкүл деген эжелүүсиңдңлүү эки кыздын атагын укканда кубангандан уктай албай койдум. Мен да ошолордой атактуу жумушчу кыз болгум келет. Бул кесипти жанымдай сүйөм.

Б о п у й. Көрүп жүрөм, жумушчу деген калк, башкача бир асыл калк болот экен. Ойлорунда кылдай арамдыгы жок, баары жүзү жарык, кмчи пейил, шайыр, көптүн камын ойлонгон садагасы кетейиндер болот экен. Менин кызым ошолордон таалим алса, эмне арман.

Ж у м а г ү л. Аны кыргыз кыздары эми түшүнүп келатат. Сыймыктын эң тазасы заводдо. Адилдик, бир боорчулук, ынтымактуулук, досчулук ошондо. Баса, Шаршен, 6-разрядга өткөнүң тууралуу газетадан окуп кубандым. Куттуктайм.

Ш а р ш е н. Ракмат, Жумагүл. Бүгүн мен үч кубанычка курчалып турам. Биринчиси — беш жылдык планымды үч жыл сегиз айда ашыгы менен аткарып жүзүмдү агарткан бир кубаныч, жана заводго керектүү нерсе ойлоп чыгарып акчалай сыйлык алганым — экинчи кубаныч, анан минтип зоотту сүйө билген кыргыз кызы Жумагүлдүн кубанчы.

Б о п у й. Багың өссүн кагылайын. Эми Жуматайымды зоотко өткөрүүгө жардам кыла көр, балакетиңди алайын...

Ж у м а г ү л. Бүгүн эле сүйлөшсөң, Шаршен... Агалыгыңды көрсөтсөң, Шаршен...

Б о п у й. Ошент, айланайын... Кызыма жардам кыл. Балким албай койбосун... Кадыр салагөр, кагылайын...

Т а л к а н б а й. *(Буулугуп).* Ай Бопуй, сен сүйлөгөндө ойлоп сүйлөсөң боло. Эмне шаштырдың... Сенде түк акыл жок. Зооттун атактуу уулу Шаршен да сыйлыгынын убайын көрүп бир-эки күн ойносун, күлсүн... Колу бошосун. Кызым да үч-төрт күн сабыр кыла турсун. Сен акыл айтат десе, ого бетер желиктиресиң да. Ушу сен киши болбойсуң, Бопуй.

Б о п у й. О, кайран неме. Ал эмне дегени экен. Үч күн эмне, бир күн эмне... Бара берсин зоотко. Андан ары үч күн деп...

Т а л к а н б а й. Барбайт этпейт, күтө турсун үч күнгө, Шаршен бизди кет демек

беле.

Ш а р ш е н. Үч ай турсаңар да, дасторконум жайылуу. Силерди сыйлоого чама келет. Жумушчуну жарды ойлобогула.

Ж у м а г ү л. Күтпөйм этпейм, ата. Бүгүн эле сүйлөшүңүз, Шаршен ага. Бүгүн эле...

Т а л к а н б а й. Ай, кызым?!

Ж у м а г ү л. Э коюңузчу, ата... Бакыттын жолу ачылып турганда... Э коюңузчу деги...

Т а л к а н б а й. Койдум, койдум, кызым. Мен эшикгеги тиричиликке барайын. Бат эле келем. Койдум, кызым *(Аялына).* Ай, бери басчы! *(Бопуй ары басып барды эле, өңүн бузуп алаң-салаң этип коркутуп, бир демени сүйлөп анан чыгып кетти).*

Б о п у й. Көзүңдү алаңдатпай эле кой. Сенден корсуп калчу киши жок. Ээликтирем эле. Зоотту сүйүп селгенден кийин, барсын зоотуна. Күтпөй эле койдум.

Ш а р ш е н. Жумагүл... Мен иштеген завод Союзга белгилүү завод. Ага кирип жумушчу болуу өзүнчө бир бакыт. Каалоочулар көп. Анын баарын ала бербейт. Кыргыз кыздары үчүн дагы үч күндүк мөөнөт бар. Анан бир топ ай күтүүгө туура келет.

Ж у м а г ү л. Мен десеңиз, чын жакшылыкка санааңыз, азыр баралы. Орун толо электе, өтүп калайын. Үйрөнчүк жумушчу болгонум ФЗОдо окуганым менен тең эмеспи. Мен десеңиз азыр баралы. Өзүңүзгө шакирт кылып алыңыз?

Ш а р ш е н. Менин -өнөрүм сага ылайык келбейт. Меникин электро-слесарь дейт. Эркекке ылайык. Жетинчи разряддагы Маржанкүл бир жардамчы кыз таан бер дегенинен, макул деп убада берип койгом. Бакың болсо ошого өттүң. Кокуй мен заводго жөнөйүн. Бригадир Сергей Ефремовичке айтайын да, анан заводун директоруна кирейин. Силер өз үйүңөрдөй сезип олтура бергиле. Мен заводко жөнөйүн. Үч күндөн калсак кечигебиз.

(Кетти).

Ж у м а г ү л. Ошентиңиз, Шаршен ага. Жакшылылңызды унутпаймын. *(Артынан басып)* Апай, апа...Жүрөгүм жарыла жаздап турат. Алса жакшы болду го. Эч болбосо заводду көчөдөн көрүп турайынчы... Шаршен баскан көчөлөрдү санап турайынчы... Бат эле келээр... Көчөгө чыгып турайынчы...

(Кетти).

Б о п у й. Ошент, кызым, карап тур... Эки жакка басып көңүлүңдү өстүр.

Т а л к а н б а й. *(Каардуу сүйлөп кирип).* Эй Бопуй, бирөөнүн үйүндө бир ызаат күткөндү билсең боло. Сен баятан бери эмнелерди дөөдүрөдүң, я...

Б о п у й. Корсулдабай эле кой. Дөөдүрөгөн эткеним жок.

Т а л к а н б а й. Сен денги бирдемени билесиңби? Деги сенде баш барбы?

Б о п у й. Ал эмне дегени экен?

Т а л к а н б а й. Бул үйгө эмне үчүн келгениңди билесиңби?

Б о п у й. Соодагер жездеден чай ичейин деп келгеним жок. Аның калтырап кайда жоголгон... Кызымды жумушчулук өнөрүнө өткөрөйүн деп келдим. Эмне үчүн келгениңди билбей, эмне мээң тегерендиби?

Т а л к а н б а й. И... и... акылы жок, Бопуйум... Эмнени айтайын. Түк түшүнбөйсүң да. Кызымды зоотко өткөрүү эмес, андан сонун тилек менен апкелгенимди билбейсиң да.

Б о п у й. Ал кандай сонун тилек?

Т а л к а н б а й. Бери мындай келчи... Жакын олтурчу... Зоотко шылтап, кызыңды эрге берейин деп алып келдим. Аны сенден жашыргам. Эми айтайын да. Эрге болгондо да бай, оокаттуу, дүнүйөсү көп эрге...

Б о п у й. *(Аябай чоочуп, өзүнүн адаттуу сөзүн сүйлөп).* «Апей, кашка тайдын кара баласы» эмне дейт? Ой, сен соосуңбу? Кимге, ботом?

Т а л к а н б а й. Экөөбүздөн башка бир жан билбесин. Кадыр акеге...

Б о п у й. *(Кумсара түшүп).* Кадыр акең менен какшып кал... Сенин ушундай арам оюң бар беле?! Ой сен эмне деп атасың я... Сен карыганда кишиликтен чыгып

калгансың го я... Балекет баскыр, жинди болоюн дедиңби?.. Кантип уялбай сүйлөп атасың...

Т а л к а н б а й. Антчү эмес, байбиче. Бизге пайда. Үч миң сомун алып койдум. Кездеме, чайы да бар. Жыргар жериңди билсеңчи...

Б о п у й. Жыргабай жылас бол. Чайың, арам акчаң менен куруп кал. Ошол дүнүйөң жумушчунун бир күндүк жыргалынан айлансын. Ак эмгек менен тапкан бир тыйын, миң сомго барабар. Өз ичиңден чыккан кызыңды ушу арамга, анткор, сараң, элдин жонунан пайда тапкан ач көз, өкмөткө пайда ойлобогон, арам, дүнүйөкор, элүү жаштагы соодагер Кадырга ылайык көрдүңбү? Уят кайда сенде? Талканбай деп койсо... О арам гана арпанын талканы десе!..

Т а л к а н б а й. Антпе, байбиче. Макул деп койсоң. Бир жолу айтканыма көнүп койсоң...

Б о п у й. Арам гана арпанын талканы десе! Сенде акыл болсо ойлосоң боло? Жашаган заманды таанысаң боло... Азыр эркиндиктин, теңдиктин, адөөлөттүктүн, анан кызың окшогон жаштардын заманы эмеспи. Азыр бийлик ошолордун колунда эмеспи. Сенин чириген оюңду эмикилер тээп таштайт. Уяты жок, Талканбай, акылыңа кел. Кызың өз заманын сүйөт, түшүнөт, бул сөздү укса өзүнө наалат айтпайбы... О арам арпанын талканы э...

Т а л к а н б а й. Сен макул десең, ар жагын өзүм табам. Эч ким билбейт.

Б о п у й. Жогол, көзүмө көрүнбөй, жогол!

(Жумагүл келет).

Т а л к а н б а й. Ойлон, байбиче, жакшылап ойлон... Кызың жыргайт... Жумагүлүм сага окшогоң эси жоктордон эмес *(Кызын жалт карап)* Ойлон, байбичем...
Мен Кадыр акени ээрчитип келейин. Ойлон, байбичем.

(Кетет).

Ж у м а г ү л. Атам эмне дейт, апа? Эмнени ойло дейт. Дагы эмне, баягы үч күнүн айтып жатабы...

Б о п у й. Атаң курусун, кызым. Атаңан абийир кетти, акыл кетти. Нээти бузулду. Колхоздон тапкан экөөбүздүн эмгегибиз муну кутуртту. Атаң жолдон тайды...

Ж у м а г ү л. Ал эмне дегениң?

Б о п у й. Сенден жашырып эмне кылайын, мээнетиңди алайыным. Зоотко киргизем деп калп айтып, башка бузук ой менен алып келиптир бизди...

Ж у м а г ү л. Ал кандай бузук ой...

Б о п у й. Адам жийиркенерлик... Сени жанагы канталың күйгөн Кадыр деген өкмөттүн жек көрүндү кишисине берем деп алып келиптир. Уксаң мына ушул, кызым. Сен ага болмок белең... Зоотуңа бара бер, акылдан азган наадандар да...

Ж у м а г ү л. Апа, рас айтасыңбы? Чын эле атам акылдан азайын дегенго? Ушул кантип биздин заманга туура келсин. Мен кантип тирүүмдө бул маскаралыкка көнөйүн? Булар эмнени ойлошкон? Деги адамкерчиликке сыярлык иш болсочу. Атамдын бул эмне деген шылдыңы...

(Ыза болуп ыйлап жиберет. Шаршен кубанычтуу кирет).

Ш а р ш е н. Суйүнчү, Жумагүл, сүйүнчү! Сенин багың бар экен... *(Чоочуп).* Ой, бул эмне деген көз жаш? Жумагүл, эми эле жадырап-жайнап олтуруп, анан ыйлаганың кандай? Жумушчу калкында жаш аз болот. Эмне энең бир деме дедиби?

Ж у м а г ү л. Жок!

Ш а р ш е н. Атаң бир деме дедиби, таарынттыбы?

Ж у м а г ү л. Жок!

Ш а р ш е н. Зоот албай коёт дегенсиң го, ошол-үчүн ыйласаң анда кубан!

Б о п у й. Ал үчүн эмес, айланайын Шаршен. Сага айтпаганда кимге айтайын. Жанагы жаман атасы Талканбай, арам арпанын талканы, кызыма арам санап жүрүптүр. Акылдан азып, өкмөттүн жолунан тайганын айтайын сага, айланайын.

Ш а р ш е н. Ачыгыраак айтыңызчы, Бопуй эне.

Б о п у й. Арам арпанын талканы кызымды жанагы калжаңдаган Кадырга берем деп нээттенип жүрүптүр.

Ш а р ш е н. Кадырга... *(Аябай күлүп).* Эскиче феодализмге киришкен экен го. Аны азгырган ошол Кадыр аке. Ал киши биздин коммунизмге кытмыр карап, өз керт башын ойлогон эски калдыктардан. Биздин заман андайларга эч жол бербейт. Кой, ыйлаба, Жумагүл, кайра шылдыңдап күл.

Ж у м а г ү л. Биздин заман ал чирик адатка жол бербесин билем. Бирок атамдын түшүнбөстүгүнө, атамдын шылдыңына ыза болом.

Ш а р ш е н. Албетте, ыза болорлук иш. Бопуй эне, буга сиз эмне дейсиз? Кадыр акенин мунусун орундуу деп табасызбы?

Б о п у й. Башым аманында эки арамга жол бербей калайын. Кызымды зоотко киргизе бер айланайын. Атасын мага кой. Кой, ыйлаба кызым, зоотуңа эми барсаң да жолуң ачык.

Ш а р ш е н. Жок, Бопуй эне, биз бул ишти жөн койбойлу. Коммунизм жолун булгайм деген немелерге жакшылап жооп берели. Жанагы Кадыр акенин кылмышы чоң. Аны көптөн билем, бирок ачык далил таппай жүрөм. Ал соода менен өмүр өткөргөн, коомго пайда келтирбеген киши.

Б о п у й. Рас айтасың, Шаршен балам. Ушу арамды өкмөт алдында бир тааныталы. Буларды мага коё бер. Мен бир сызга олтургузайын. Силер өз ишиңерди аткаргыла. Билмексен болуп койгула.

Ш а р ш е н. Өкмөттөн жашырып жана өкмөткө арам санап өз байлыгына жыйнагандарынын баарын билгендей болуңуз.

Б о п у й. Билмек түгүл, көз алдыңа жайнатып берем. *(Үчөө кубанычта. Бул кезде Кадыр келет).*

К а д ы р. Эрикпей олтурабы меймандар. Шаршен, сени зооттон сыйлык алды деп уктум. Кут болсун, баатыр.

Ш а р ш е н. Ракмат.

К а д ы р. Айып этпе, Шаке. Сыйлангандан кийин кур олтурбай жумушчу жолдошторун мейманга чакыратко деп алдын ала билип мобуларды алып келдим. Кант, күрүч, эт, май жана башкалары.

Ш а р ш е н. Мунуңа рахмат, чоң рахмат. Кадыр аке. Чолоом тийбей магазинден ала албай калдым эле. Бул меймандар үчүн деле керек. Рас болду. Баасы кандай?

К а д ы р. Кант 22 сом, эт 30, күрүч 20, май 60 сом.

Б о п у й. Өкмөттө азыр мындай нарк жок.

К а д ы р. Шаршеним өзү билсин. Азыр кеч, барлык жер жабык. Албайм десе өзү билсин.

Ш а р ш е н. Айла жок. Кадыр аке. Ал акчаңды. Пейлиңди кеңит, эмесе пейлиңден табасың.

К а д ы р. Кап, жөн эле койбойсуң да... Кап, албай эле коёт элем. *(Кетет).*

Ж у м а г ү л. Мына ушинткен адамга кантип ыза болбойсуң? Ушу да кишиби? Жумушчунун ак эмгегинен пайда таап атпайбы. Сүткор да! Сүткор!

Ш а р ш е н. Эми аны өкмөт алдына көрсөтмөк болбодукпу. Бопуй эне, сиз тамак кылыңыз. Мен Жумагүлдү заводго алпарайын.

Ж у м а г ү л. Сүйүнчү дедиңизби, Шаршен. Мен көңүлүмдө аябай кубандым. Алмак болдубу? Азыр барабызбы?

Ш а р ш е н. Жумушчулардын клубунда бүгүн чоң кече болот. Мен аккордеон ойнойм, сени заводдун директору менен тааныштырам. Маржанкүл, Нуржанкүлдөр да келишет. Сени Маржанкүл өзүнө шакирт кылып алмак болду.

Ж у м а г ү л. Энеке ай. Мен неге ыйладым? Мен бактылуу турбайымбы? Кайдабарсам заманымдын жолу мага ачык турбайбы. Эми заводго жанымды берип иштейм. Кыргыз кызынан чыккан машыккан жумушчу деген кандай атак? Береке, бакыт,

атак, сыймык — заводдо! Мен эми заводдун бир боор кызы болом. Энеке, барайын эмесе заводго. Шаршен аккордеон ойносо, мен үн кошуп, «Завод кызы» деген ырды ырдайм.

Ш а р ш е н. Андан бетер сонун. Эң сонун! *(Ар жактан аккордеонун алып келди. Күүгө салды. Экөө «Завод кызы» деген ырды ырдайт. 1-сүрөттөгү ырды ырдап кубанычтуу чыгып кетишти.)*

Б о п у й. Жолуңар ачылсын, багыңар өссүн, айланайындар. Коммунизм деген заманыңардан жаным айлансын!

(Талканбай менен Кадыр аке).

Талканбай. Ойлондуңбу, Бопуй байбиче!

Б о п у й. *(Какшыктап)* Ойлондум! Ооба ойлондум!

К а д ы р. Оозуңа май, байбиче. Мендейди таба албайсыңар. Аны да байкагыла.

Бопуй. Тигини... Кым дей түшкөнүн.

К а д ы р. Байбиче, ак тилекте турабыз. Кызыңыз кыз күнүндөгүдөй өсөт. Менде баары бар.

Т а л к а н б а й. Кадыр акемде күн көрбөгөн дүнүйөлөр канча. Байбичем, кызыңды эпке келтирдиңби?

Б о п у й. Сенин ушу маскаралыгыңды элеби...

К а д ы р. Антчү эмес, байбичеси... Эмне керек десеңиз менден табылат. Кызыңыз сиздин сөзүңүздөн чыкпас. Ракым кылып коюнуз.

Б о п у й. О уяты жок... Ой, соодагер жезде, сен бул ишти ойлоп иштеп жатасыңбы?

К а д ы р. Арийне!

Б о п у й. Азыркы заманга сыйбайтко, я соодагер жезде... Эмкилер эски калдыктын жөрөлгөсүнө көнбөйтко.

К а д ы р. Ага жол табам. «Соодагер» дебеңизчи?

Б о п у й. Кызым болбой койсочу, соодагер жезде?

К а д ы р. Сиз макул деп колума өткөрүп берсеңиз эле болду. Молдо чакырып башын айландырып алам.

Б о п у й. Тигини. Башын айландырып? Өз башың айланбаса болду го, соодагер жезде. Кана, дүнүйөм, дүнүйөм дейсиң, эмне дүнүйөң бар?

К а д ы р. 30 сандык толо өлү буюм. Өкмөттүн баасын утамбы деп 20 жылдан бери жыйгам. Дүнүйө табылат.

Б о п у й. Ошонун баарын мага көрсөт, анан ошондо кызды аласың. Соодагер жезде! Кыз соодасы кыямат дейт. Дүнүйөгө кызымды сатып алам деп жатпайсыңбы.

К а д ы р. Отузун бирдей өз алдыңызга жайнатып коёюн. Дүнүйөнү көрбөй кыз тийбей калсын.

Б о п у й. Ал бүтсүн. Хош, кызым үчүн эмне бересиң?

Т а л к а н б а й. О кайран байбичем, баса киши эле дейм да, ошентсең.

К а д ы р. Кашка уйдан башка береримди Талканбай билет. Бир канчасын алып да койгон.

Б о п у й. Мага ошо жанагы сен литрине беш литр суу кошуп жумушчуларды алдаган кашка уюңдун сүтү керек, кашка уюңдун өзү керек. Ансыз кыз жок!

К а д ы р. Иштин баары кашка уйда болсо, аны деле кийинчерээк аларсыз.

Б о п у й. Сага ишенбейм. Берсең азыр бер, бүгүн уйгө жеткирип, эртең тоюңду берем.

Т а л к а н б а й. Сөз ушул!

К а д ы р. Тоюңду?.. Той деген сөзүңүз жанымды эритип баратат. Эртең той боло турган болсо, барыңыз, азыр чечип алыңыз. Бердим.

Б о п у й. Андай элди алдаган уюңду алам эле! *(Туруп басат).*

К а д ы р. Ой байбиче, кызыңыз кайда? Аны макулдаттыңызбы?

Б о п у й. Дүнүйөңдү көргөндө жок демек беле? Азыркы кыздарды куп билет турбайсыңбы. Даярдана бер. Кыз сеники. Мен эртеңден кечикпей ушул жерде

болом. Кызым оюнга кетти. Жанагы Шаршен да мага жардам бермек болду. Кызды сенин пайдаңа үгүттөп келсин деп оюнга жибердим. *(Кетет).*

К а д ы р. Ой баракелде-е. Мына адам деген. Ракмат сизге, ракмат Шаршенге.

Т а л к а н б а й. Чыгып кайда барат? Биз оңой-олтоң Талканбайлардан эмеспи, Кадыр акеси. Мына эми тоюңа камдан.

К а д ы р. Бош келбейсиң Талканбайым, бош келбейсиң. Мен бир палоо басып жиберейин. Ошонун кубанчы үчүн, бери кел Талканбай.

(Столго олтуруп эки бокалга вино куюп)

Ак тилек үчүн! Талканбайым... эртең той жасап эч кимге билгизбей үйлөнүп, анан изди жашырып, бул арзан шаарды таштап, жөнөш керек, жөнөш керек Меркиге!

(Экөө бокал кагыштырып күлүп калышты).

3-СҮРӨТ

1-сүрөттөгү көрүнүш. Кадыр жасанып кийинип, үй ичин оңдоп, жорголой басып той камы менен алек.

К а д ы р. Ошентип кыз колго тиери менен молдого окутуп башын айлантып алып, анан короо-жайды сатып, бул арзан шаарды таштап, жөнөш керек Меркиге!

(Пауза)

Жумушчу болом, зоотко кирем деп! Зоотко киргенден көрөкчө менде кол баладай эркелеп, сооданын миң амалын үйрөнүп, менден таалим алып бирөөнү алдап, бирөөнү жазгап, өкмөттүн соодасын утуп чакчыгайдай чакылдап, дүнүйөнү чайкап базарда турганы пайдалуу эмеспи. Арзан оокатты үйрөтөрмүн. *(Кубанып)* «Сабырдын түбү сары алтын» деген ушул. 6 жыл күттүм, 16 жашар кызга дуушар болдум. Мына эми минтип тойго кам уруп атам. *(Эшиктен, көчө жаңырта кыйкырып).*

Б о п у й. Ай ууй, соодагер жезде, мына мен келдим!

(Баягысындай аябай шашып)

К а д ы р. Кап ушуну... «Жездеден» «күйөөгө» өтөт десе, карачы «Соодагер» деп. Ай, Бопуй, эл угат! Эл угат!

Б о п у й. Ай ууй, соодагер жезде!

(Кадыр чуркап чыгат, аз пауза. Экөө кайра кирет). Келатып, жолдон зоотко түштүм. Руксат алып Шаршендин иштеген жерин көрдүм. Ай баракелде ай э, ударник болгон соң аябай сыйлашат экен. Өнөр үйрөткөн Сергей деген орус карыя тим эле атасындай. Орустун адөөлөтгүгүнөн айланса болот да. Кыргыздын көзүн ачкан ушулар эмеспи. Жаш болсом мен да зоотко кирер элем, кыргыздар аз көрүнөт. Намысыма келдим. Колхоздон он кызды үгүттөөгө убада бердим.

К а д ы р. Аны коё туруңуз, байбиче. Кызыңыз да ошондой басып кетти эле...

Б о п у й. Кызым ошол жерде жүрөт, мени мындай алып чыгып: «Зоотко кирип ушул элдей бактылуу болот экемин десем, эми минтип Кадыр акенин колуна түшмөк болдум» деп кейигенин билгизди. Мен сенин дүнүйөңдү айттым эле, унчукпай калды.

К а д ы р. Балалыгы да! Бакыт ал зоотто эмес, менин отуз сандыгымда. Билебиз эмики кыздарды, дүнүйөнү көргөндө «Айланайын аке» дээр.

Б о п у й. Дүнүйө, дүнүйө деп кур мактанба, сен ошол элди жазгап 20 жыл соодадан тапканыңды мага көрсөт. Өзүм көрбөй ишенбейм.

К а д ы р. Сөз бир, өз алдыңа жайып салам.

Б о п у й. Ошент отуз сандыгыңды бирдей ач. Кызым көрүп кызыксын. Эми дасторконуңду жаса, мен да жардам берейин. Көп кечикпей барабыз деп калышты. Убактым аз, колхоздо кош чыкканы турат. Кызылчада топ башы элем, араң бир күнгө суранып келдим. Тоюңду берем да, кайра жөнөйм.

К а д ы р. Куп болот! *(Жорголоп сыртка кетет).*

Б о п у й. Капталың күйгөн гана Кадыр десе! Уят деген жок. Нээти жаман тилеги жаман. Көрсөтөрмүн сага өнөрдү...

(Стол жасалды, Талканбай да келди).

Т а л к а н б а й. Байбичем да келип калган тура. Эл билген жокпу?

Б о п у й. Ким билмек эле? Я соодагер жезде дасторконуң го жасалды. Эми кызым колуңа тиет. Ошо дүнүйөгө сатып алам деген дүнүйөңдү көрсөтчү. Деги эмнең бар экен?

Т а л к а н б а й. Кадыр акеси, ушу жаманга-ачып бере койсоң. Эси ооп жыгылсын.

К а д ы р. Кийин деле болсо болот эле...

Б о п у й. Анда кызымды айнытам.

Т а л к а н б а й. Э киши көрүп атыптырбы, ач дүнүйөңдү.

К а д ы р. Алда жарактык, байбиче аай. Калп айтмак белем. Мейли көрүңүз, кызыңыз да көрсүн. Мобул сандыкта жетимиш миң нактай акча, мында 300 метр кансуп, мында 500 метр ластик, мында 800 метр сатин... Мында 2 пуд чай, мында туз, ширенке, кант, ун, май башкалары. Ал эми мында дукаба, баркыт, чусинча, кашкар шайысы, кыжыма, нооту. Мына! Мына! Мына!

(Кандайдыр марттыгы кармап үй ичин шайыга толтуруп жиберди, бул маалда эшик урулду).

Ой, буларың ким? Кудай сактай көр эй. Иттик кылып койдум ээ.

Б о п у й. Жумагүл менен эле Шаршен. Келгиле, айланайындар.

К а д ы р. Өөх... ошондой десең. Мына Жумагүлүм, ушунун баары сеники!

Ж у м а г ү л. *(Таң калып).* Дүнүйөңүз көп экен, дагы барбы?

К а д ы р. Аркы үйдө да бар. Анын баары сеники! Зоотко кирем деп, о эси жогум десе! Мына таң калдыңарбы? *(Эшик урулду, келиңиздер дегенден кийин: Маржанкүл, Нуржанкүл, заводдун директору келди. Колдорунда букет).*

Д и р е к т о р. Дүр дүнүйөнүн үстүнөн чыкканбыз го. *(Жаңы келгендер аң-таң. Сабыр күтүп, Бопуйдун колун кысып).* Куттуктайм, куттуктайм. Эне болсо сиздей болсун, кызыңыздын тагдырына жакшы түшүндүңүз. Кубангандан чыдап тура алганым жок, стахановчу кыздар менен сиздерди куттуктоого келип калдым.

М а р ж а н к ү л. Куттуктайм апа, кызыңыз акылды тапты, ракмат Жумагүлгө.

Н у р ж а н к ү л. Куттуктайм апа, кызыңыздын ак тилегин куттуктайм.

К а д ы р. *(Эми эсин жыйып)* Өөх, айланайын кудай. Жүрөгүм оозума келген экен. Жамандыкка келген немелер десе, тойду куттуктаганы келген немелер тура. Ракмат, ракмат куттуктаганыңыздарга. Олтуруп тойдун тамагынан ооз тийгиле.

Д и р е к т о р. Ракмат, кубангандан той жасап жиберген экенсиңер. Албетте, биз үчүн бул абдан чоң кубаныч. Сиз атасы болосуз го... *(Кадырды)* Куттуктайм. кызыңыз ишеничтүү кишинин колуна тапшырылды. Кутгуктайм!

К а д ы р. *(Кайра кумсарып)* Жок атасы бул, мен үй ээси.

Д и р е к т о р. Атасы сиз болосузбу. Куттуктайм сизди да.

Т а л к а н б а й. Күйөөнү куттуктаңыз. Куш бооң бек болсун дейт эскиче, аны билбейсиңер да!

Ш а р ш е н. Сергей Яковлевич, бул жерде эки кутуктоо болуп жатат. Сиз бүткүл орус эли жана партиянын атынан, жумушчу табынын катарын толтуруп жаткан, заводду бир боорундай сүйгөн кыргыз кызы Жулагүлдүн кубанычтуу окуясын жана өз кызын өз заманынын чын патриоту кылып тарбиялаган анын энесин куттуктап жатасыз. Биздин ак саналуу ушул урматыбызды, жоголуп чирип бара жаткан феодализмдин сарсындылары мына бул Кадыр, Талканбайлар өзүнө алып жатышат.

Д и р е к т о р. Ушундайбы? Сенин баягы айткан кириң ушу экен го?.. Мына күтпөгөн иш. Ал кандай кубаныч?

Б о п у й. Айланайын деректор, кыргыз баласы өз солуңдан береке таап, илгери кетип көгөрүп көктөп атпайбы. Мен кызымды зоотко өткөргөнү жүрсөм, мына бул бузук

тилектүү Кадыр деген арам, арамдан жыйнаган мына бул дүнүйөсүнө сатып алган жүрүптүр.

М а р ж а н к ү л. Түшүнгөн экен эмики кыздарга!

Н у р ж а н к ү л. Түшүнгөн экен биздин заманга!

Ж у м а г ү л. Бул ишти биз атайы уюштурдук. Буларды Сергей Яковлевич өз көзү менен көрүп, биздин элде алиге кетпей жаткан эскиликтин калдыгын жоюуга бир туугандык жардамын берсин дедик.

Д и р е к т о р. О, о андай болсо заводдун биринчи балкасын уруп, биринчи станогун кармоодо, жумушчу табынын жаңы гүлдөрүнүн арасынан жаңы өсүп чыккан, кыргыз кызы сени жана ушундай кыздардан дагы он кыз алып келем деген биздин замандын жайдарым энеси — сизди куттуктайм. Чын таалайдын, ырыстын адөөлөттүктүн, ак эмгектин калаасы заводго келип жатышкан уул-кыздарды куттуктайм. Бүгүн заводго жаңы кадам коюп, өзүнүн тарбиялуу, шайыр, кайраттуулугуна, ишти сүйө билгендигине таң калткан Жумагүлдү куттуктайм!

Ж у м а г ү л. Ракмат, Сергей Яковлевич. Түбөлүк заводдун жандай көргөн кызы болууга, Шаршендей жана Нуржанкүл, Маржанкүлдөрдөй атактуу жумушчу болууга убада берем. Эми өзүңүз көргөн бул чирик дүйнөнүн калдыгын тепсер, сиз берген заводдун жарык үйүнө барам. Жүрүңүздөр!

С е р г е й Я к о в л е в и ч. Жүрүңүздөр коммунизм үйүнө, жолдоштор. *(Берки экөөнө)* Сиздер тойлой бериңиздер!

(Экөөнөн башкасы кетишти).

К а д ы р. *(Баятан бери он жолу өлүп тирилгендей болуп).* Ай Бопуй, бир минөт токтой турчу. Ушундай кылмак экенсиң го?

Б о п у й. *(Эрине)* Арам гана арпанын талканы ээ...
Нээтиңден таптыңбы! Бас, айылда сельсовет күтүп олтурат. Жообуңду ошого айт! Бас! *(Ал унчукпай басты).* Соодагер жезде, сенин нээтиң бузук, пейлиң тар. Ал эми пейлиңден тап. Мен дагы сага келем, сүйлөшөбүз.

К а д ы р. Ой Бопуй, кашка уй кана?

Б о п у й. Уюң менен жерге кир. Сүтүнө суу кошуп жумушчуларды алдаган уюңбу? Уюң уйдай уй болсочу, желмогуздай жээк уй экен, кийим кечеден неме койбой баратканынан колхозго барардын эртеси эле союп жеп койгонбуз.
(Экөө кетет).

К а д ы р. *(Дал болуп, анан сараңдыгы кармап).* Эмне болуп кетти я, кудай?.. Түшүм болуп калсачы... Түшүм болуп калсачы... Жок, өңүм экен. Чын эле үч миң сомдон айрылдымбы. Чын эле кашка уюмдан айрылдымбы? Өлтүр мени, өлтүр мени, кудай. *(Эси ооп жыгылат).*

Б о п у й. *(Кайра кирип)* Эми аман жат, коштошуп кетейинчи, кош! *(Тигинин эси ооп жатканын көрүп)* «Апей, кашка тайдын кара баласы, бул эмнеси? Дүнүйөкор арам, жүрөгү жарылып мүрт кеткен экен ээ... *(Тамырын кармап)* кайранымдын чын эле көзү жумулган го... Атаны каран күн ай э... Дүнүйөң менен кур ай э... Жакшы эле даам ооз тийишип калдык эле, тегерекке угуза кошок кошуп жиберейинчи.
(Сыңар тизелеп олтура калып, кошуп кирди).

Соодагер жездем —
Бир сомдон жүз сом тапчу эле,
Сыр сандыкка катчу эле,
Кир жуурканга жатчу эле,
Мейман келсе кашчу эле.

(кайруусу)

Соодагер жездем —
Ушу тамда жатчу эле,

Соодадан пайда тапчу эле,
Буга кымбатчылык жакчу эле.
Арзан жерден кашчу эле.

(Кошоктун кайруусу).

Соодагер жездем —
Билчүү эле соода айласын,
Сүйчү эмес көптүн пайдасын,
Нээтине бул күн туш келди,
Эми —
Жатчуу бир жерде жай жатсын.

К а д ы р. *(Эсине келип, ыргып туруп).* Сен эмне деп жатасың, ой Бопуй? Ушунун баарын кылган сен. Жогол! Жогол көзүмөн!

Б о п у й. Өх... деги жанымдан жан калсачы. Рас болбодубу. Эсиңе келдиңби деги. Пейлинен табат деген ушул. Заманына арамдык ойлогондун күнү кыска болот. Жогол дебей эле кой. Өзүңдүн эмне болоруңду ойло! Кош! *(Кетет).*

К а д ы р. Жүрөгүм жарыла жаздап баратат. Кырсыкты кайдан дешке болбойт экен го. Өмүрүмдө бир жаңылдым да. Башым тегеренип, көңүлүм караңгылап жер астын-үстүн түшкөндөй болуп баратат. Кудай ай мунум түшүм болуп калсачы!
(Салам айтып Расул келди).

Р а с у л. Э Кадыр аке, дүйнөңүздү төгүп-чачып көчүүгө камынып калгансызбы?

К а д ы р. Ооба, Меркиге көчөйүн деп камынып атам.
Камынганым курусун, Расулжан, өмүрүмдө бир жаңылдым. Кымбатчылыктан сүйлө, Расулжан!

Р а с у л. Меркинин жолу болсун. Кече өкмөттүн бааны ондон отуз процентке чейин төмөндөткөн жаңы токтому чыгар замат, Меркиң дүр дүнүйөгө батпай кетти.
Ал жер мындан да арзан экен. Не кааласаң баары бар. Баары арзан.

(Эшик урулду).

К а д ы р. Эшикти урган ким, Расулжан?

Расул. *(Терезеден карап).* Ким болмок эле, бирөө Шаршен экен. Жанындагылары баягы өзүң билгендер... Көптөн бери бизди колго түшүрө албай жүргөндөр...

К а д ы р. Түшүнүктүү. Биздин айып толук ачылат деген ушул. Баары минтип жадырап жайнап жатпайбы. Биздин эмки тагдыр ачык болбодубу. Өкмөт бизге ракмат айтпас.

(Ыйламсырап)

Болду эми, баары бүттү. Жөнөйт деген ушу экен го, Меркиге?!

К ө ш ө г ө.

26/III—1949-ж.

Фрунзе

КҮМҮШ БУЛАК

3 көшөгөлүү 9 сүрөттүү пьеса

К А Т Ы Ш У У Ч У Л А Р

М у р а т С а д ы б а к а с о в — Башкарма
С а д ы б а к а с — Башкарманын атасы.
Б о р о н б а е в — Башкарманын эң жакын кишиси, райзонун ревизору.
К а л ы й к а н — Башкарманын аялы.
К ү л ш а й ы — Он жылдыкта окуйт. Садыбакастын кызы.
К у л а н А з а м а т о в — Он жылдыкты бүтүргөн комсомолец, Мичуринчил.
А з а м а т — Куландын атасы, колхоздогу сугатчы, Мичуринчил.
К е р э э з — Азаматтын байбичеси, топ башы.
М а р и я м — Топ башы.
Б а т ы р б е к — Мурап.
К е н е ш б е к — Боронбаевдин иниси.

I КӨ Ш Ө ГӨ

1-СҮРӨТ

Жай мезгили. Жайкалган эгин талаасы. Сугат маалы.

Б а а т ы р б е к. «Бирөөгө кечээрге кечүү табылбаса, бирөөгө ичерге суу табылбайт» дегендей жаратылыштын кырсыгын карачы. Колхозубуз шамалдын огунда болуп, жылда кургакчылык. Жерибиз айдөшүрөк келин сууга таңкыс. Бул жарым булак суу кимге байлык! Мына дагы суунун чатагы. Ай, айланайын аккан суу!

(Садыбакас, Керээз, Мариям)

С а д ы б а к а с. Э кудай, улуудан ыйман, кичүүдөн ызат кетти. Эч болбосо сакалымды сыйласаңар боло.

К е р э э з. Саке, колхоздун жолу улуу. Аны сыйламак ар кимге парс. Кой антпеңиз, мени топ башы дейт. Сизге суу бере албайм, эгиним күйүп баратат.

С а д ы б а к а с. Мен сенден сурап олтурбайм. Жык азыр менин арыгыма!

М а р и я м. Сиз «Мен-мениме» калбаган бейзабраз киши экенсиз. Колхоз турганда ал кандай «мен!» Көпчүлүк үчүн ойлонгон заманда ал кандай «мен!» Колхоздун эгинине суу жетпей жатканда менчик сугарам дегениңиз кимге сыят деги? Биздин топтун жери ичмейинче сизге суу жок!

Б а а т ы р б е к. Булар суунун кусурун учурат экен го. Ой, талашпагылачы!

С а д ы б а к а с. Кагылайындар, мончоктой болгон бир гектардын буудайы эле айланайындар, менин короом. Балам башкарманын короосу. Бригадир күйөөмдүн короосу. Кайним кой ферманын короосу. Түү, тил билбеген немелер тура. Коё бергилечи! *(Сууга жутунду. Чыр көтөрүлдү. Башкарма Мурат келет).*

М у р а т. Бул эмне деген чуу? Эмне деген чатак?

Б а т ы р б е к. Айланайын башкарма, бизди ушинтип жарым булак сууга зар кылып коёсуңбу? Же бир амал кыласыңбы?

К е р э э з. Кандай чуу болсун, айланайын башкарма, минтип суу жетпей жерди мээнет чырмаганы туратко. Колхоздун эгини үчүн чырылдашпаганда кантебиз.

М а р и я м. Башкарма, атаңдын өкүм зордугун койдурасыңбы? Менчик короом дегени уят эмеспи?

С а д ы б а к а с. Балам, бул ажаандарыңды кой дейсиңби? Бейзабраз деген

эмнеси? Мончоктой болгон төрт короонун буудайы күйүп баратат. Колхоздукун кудай албайт.

М у р а т. Керээз апа, эми канет дейсиң. Күйөөң экөөң дайым бир шумдукту баштайсың да жүрөсүң. Чатак да силерден, чыр да силерден. Эй, Азамат карыя! *(Ал келет)* Сугатчы болгондон кийин чуу көтөртпөй эле өзүңүз бүтүрүп коё тургансыз. Эгиндин күйгөнүнө жооптуу болоруңузду унутпаңыз. Сот алдында жооп бересиз!

А з а м а т. Башкарма балам, ушундай бөөдө сөздөрүң жаман. Суунун кемчилдиги үчүн кандайча мен айыптуу болом?

М у р а т. Анан жаратылыштын кырсыгы үчүн мен милдеттүү боломбу? Эмне үчүн менден суу доолайсынар?

А з а м а т. Эмки балдар жаратылыштын кырсыгына баш ийбейбиз, аны багынтып алабыз деп жатышпайбы?

Б а т ы р б е к. Азамат акенин баласы жокту кол менен жасап алабыз деп жүрбөйбү? Илим өмүрдүн күмүш булагы, илим аркылуу жаратылышты өзгөртөбүз деп жүрбөйбү?

М у р а т. Андай илимчил болсо, кана эми күндү жаадырып албайбы, бизди минтип жарым булак суунун доосуна салбай?

К е р э э з. Балам мына кургак талааны гүлдөтөм, тегиги көк сеңирди бузуп көлчө орнотуп суусуз жерге күмүш булак агызам дейт. Аны өзүңөр колдобой атпайсыңарбы?

М а р и я м. Балаңардан айланайын десеңер. Колхозу оңдойм, суу чыгарам, түшүмдү көтөрөм, малды оңойм дегени сонун кеп эмеспи. Күн жаадырат дегени, ошол суусуз жерге көлчө казып күмүш булак агызам дегени эмеспи!

М у р а т. Илим! Илим! Илимдин да жаңылыш жолору көп болот. Суу чыгарганга күч кана? Аны оңой ойлобогула. Ансыз да мээнет азбы?

А з а м а т. Башкарма балам, убал сооптон корккоруң чын болсо, мына бул кырсыкты жеңебиз деген улуу сөзгө баш ий!

М у р а т. Ээй, коюңузчу дайны жок сөздү, карыя. Короонду кантебиз? Кудайдын бороонун жутуп ий дейсизби? Болбогон сөздү айтып...

М а р и я м. Кулан анын да жолун айтпады беле. Балыкчынын бороонун тосуп бак тигебиз, ошону ,менен кургакчылык бүтөт деп жүрбөйбү? Колхозубуз төрт миң гектар жерге ээ болот деп дапдаана айтып атпайбы.

М у р а т. Ал төрт миң жерди кайда батырабыз? Ага эч кана? Койсоңорчу, айланайындар. Бизге ушул токсон гектар эле болот. Ай мурап, жык сууну колхоздун бирине! Ата, мындан ары колхоздон жол талашпай жүрүңүз. Биринчи коом пайдасын, анан өз жанды ойлончу заман! Жык сууну колхоздун жерине!

С а д ы б а к а с. Өрттөнүп кал, уулум, өкүмүң менен. Мына ушинтет дегем. Алда, кайран гана гектар буудайым күйүп кетмек болду э. Түү, кудайдын кылганын карачы!

М у р а т. Азамат карыя, дагы айтам, эгиндин сугарылбай калышы үчүн закон алдында жооп бересиз! Керээз апа, сиз да угуп коюңуз.

А з а м а т. Башкарма балам...

М у р а т. *(Ачуусуна чыдабай)* Унчукпа! Эл бузар! Журт бузар! *(Кетет)*

К е р э э з. Айланайын башкарма, орунсуз айтып койдуң го. Бул кандайча!

(Ал узап кеткенден кийин баатырсына кыйкырып) Алда кайран неме ай. Сенин опузаңдан ким коркот экен? Кыйкырбай эле кой! Кантер экен десе, андан ары! Чындап-чындап келсем акыйкаттын астында өзүңдү жер каратып коёрмун, баскан изиңди бирден санап айбыңды айрандай төгөрмүн! Баламдын илимине көнбөгөнүң үчүн көзүңдү бир жарк эткизип ачтырып коёрмун. Андан ары, кантер экен десе. Көзү-башыңды акшыраңдатып коркутпай эле кой. Кайран' неме десе. *(Кайра күйөөсүнө кайрылып, аны жектеп)* А карыганда жөн эле жүрбөйсүңбү. Башкарма менен эрегишпей эле кудай деп күн көрбөйбү. Анын эмне кереги бар. Кудай деп эле өз ишин билбейби.

А з а м а т. Байбичем, күнөөм Мичурин акенин өнөрүн колхозго жайылталы

дегенимби? Балам айткандай малдын сапатын, оңдойлу, данды асылдандыралы, жемиш бак тигели, колхозду жыргаталы дегенимби?

К е р э э з. Ошону айтам! *(Кайта кыйкырып)* Аппак жүргөн кишини сен антип коркутпай эле кой. Закон, закон деп, адөөлөтзакондон айланса болот. Коркутам дегени го... Алда кайран неме! *(Кайра эрине)* Эмне үчүн эл бузар я? Айтчы мага бул сөздүн төркүнүн! Айтчы мага я!

А з а м а т. Жүр эми, жерибизди сугаралы. Касиеттүү аккан суунун сөз угузбас жээгинде туруп ал сөздүн маанисин айтып берейин...

К е р э э з. *(Алигиге артынан кыйкырып)* О кайран неме десе. Кантер экен десе. Ак неменин аптерыятына шек келтирип!

(Кетишти)

Б а т ы р б е к. *(Кулак байлап, суу жыгып)*
Суу келатат, суу келатат бир кулак, арзан сууну мактап алчу жакшы убак — деп айтуучу суу кана? Кулан айткандай мына бул кургак талаадан ойноп акчу күмүш булак кана? Биз ошонун жолун жолдойлу! Кырсыкты жеңели! Суусуз жерди көгөртөлү! Сенин күмүш булагыңды мен да кошо казышам, айланайын Куланым!
(Кетти. Кайра Мурат келди. Ойлуу.)

М у р а т. Илим, илим деп, илими жок эле мына бул көкүрөк аманында колхозду отуз жыл башкарамын. Каяктагы Тимирязев, Лысенкосун айтып, бороонду тосом, бак тигем, түшүмдү көбөйтөм дейт. Антип баш оорутпай эле жан жыргатып күн көргөндөн не кызык. Азаматтын уулу жаратылышты жеңип, өкмөттөн сый алат имиш. Колуман келгенче сенин жолуңду тосуп жүрүп күн өткөрөрмүн. Менин артыман түшөт имиш. Мунун кылып турганын карачы. Колхоздун эски парторугу Сарымсаков милдетинен бошоп калды. Бул да Кулан колдуу. Балаң окуду, бузулду десеңчи. Алдыда коркунучтуу күн турат. Дагы бороон, дагы кургакчылык. Ана, бороон көтөрүлдү. Эл бузар, журт бузар, шайтан! Баары көзгө көңүлсүз көрүнөт. Дагы бороон! Баягы бороон. *(Музыка. Азыраак тынчтык.)*

К а л ы й к а н. *(Кесирлене кыйкырып)* Ай... ууй, сологой уул... Тиги сарайда турган көк кашканы минип, жаман көз акемдикине барып, эки чанач кымыз алып келе койчу!

Үн. Жарайт!

К а л ы й к а н. Азыраак кесирленип турбасак болобу... Алиги эмне эле? *(Дагы күлдү да ырдап жиберди).*

Он бешимдей кулпуруп,
Мен кийдим
Кызыл-тазыл шайыны.
Өзүң айтчы, кызыке,
Мен асылдын *(Өзүн көрсөтүп)*
Кай жеринде айыбы!
Айыбы жок дегеним *(Өзүн көрсөтүп)*
Мына биз —
Башкарманын зайыбы.

Кыз кезимдей кулпуруп,
Мен кийдим
Кызыл-тазыл шайыны.
Өзүң айтчы, кызыке *(Өзүн көрсөтүп)*
Мен алтындын —
Кай жеринде айыбы?
Айыбы жок жаралган,
Мына биз —
Башкарманын зайыбы —

деп, эркимче бир ырдап албасам, черим тарайбы, кызыке. Кызыке десем «Кемсемол тергегенди жаман көрөт» дейсиң. Атыңдан айтсам Күлшайы, бир тууган кайын сиңдимсиң, мен акыл айтып, мен теске салбасам сага ким бой салат балакетиңди алайын. Мен сыр айтпасам, сага ким сырын айтат мээнетиңди алайын.

К ү л ш а й ы. Алда, Калыйкан жеңеке ай э... Гүлдөткөнүңө гүл кошулуп, көгөрткөнүңө көк кошулгусу бардыр. Бүгүн сенин ишке чыкканыңа таң калып жатам.

К а л ы й к а н. А... Мээнетиңди алайын десе, байкеңдин эркинде болсо алаканына салып эркелетсем дейт, колхоздогу кээ бир кишилерден чоочуп турбайбы. Байкең уруК-тууганга сыйынып өмүрүн жакшы өткөрүп келатты эле... Эми эл да бузула баштабадыбы.

К ү л ш а й ы. Түшүнүгүң тар, Калыйкан жеңе. Азыркы заман урук-тууганга карабай турган ак иштеген, эл үчүн эмгек сиңирген жаңы адамдардын заманы эмеспи. Эл бузулган жок, оңоло баштады.

К а л ы й м а н. А... балакетиңди алайын. Байкеңди жоготом дегендерди жакшы санап жакшы эл десең өзүң бил. Байкеңдин күнү каран болгону турат.

Күлшайы. Кандайча? Калыйкан. Бир шүмшүк байкеңди илимди сүйбөйт, колхозду өстүрбөйт, өзү жаткан пиядал деп районго билгизиптир дейт.

К ү л ш а й ы. Андан эмне чыгат?

К а л ы й к а н. Балакеттиң баары чыгат, мээнетиңди алайын. Байкеңдин колхозго чоңурак кол салган жери бар. Өз камын ойлоп мал саткан, аябай ичкен, жеген айбы бар. Анын тапканы аркылуу сен башкаларга караганда казыга жатып туулган кулундай болуп турбайсыңбы, мээнетиңди алайын.

К ү л ш а й ы. Жалпыбызга келчү уят нерсе экен го.

К а л ы й к а н. Коркунучтуу текшерүү! Текшерүүнүн ары жагында сыр жатат.

К ү л ш а й ы. Бул ишти козгогон ким экен?

К а л ы й к а н. Алиги Кулан деген мээнет. Кулан деген чечек!

К ү л ш а й ы. Кулан? Кулан дейсизби? Кантип эле? *(Кулан кирет).*

К у л а н. Ишиңер илгери болсун, Калыйкан жеңе. Саламатпы, Күлшайы.

К а л ы й к а н. Айтканың келсин, тегеренейин. Жол болсун? Дайым эле көптүн камында жүрөсүң, мээнетиңди алайын.

К у л а н. Күкүш, мен биздин эмики аткарар иштин планын гана түзүү эмес, кайсы жерден күмүш булак агызуу, кайсы жерге бак тигүү, көлчө казуунун баарын көрүп келдим.

К ү л ш а й ы. Рахмат анткениңе, Кулан. Кубанычтуу иш.

К ул а н. Күкүш, мен алиги «Жаратылыштын чебери» дегенди окуп чыккандан бери, өзүбүздүн колхозубузду да ошондой кылып гүлдөтсөк деген санаага баттым.

К ү л ш а й ы. Жакшы китеп экен. Мен да аны жанымдай сүйүп калдым.

К а л ы й к а н. Мээнетиңди алайындар. Кайдагы китеп сөзүн коюп, жашчылык сөзүн сүйлөсөңөрчү. Силердин бул курагыңар айланып кайта келмек беле, тегеренейиндер, ушул кезде апийимдин гүлүндөй болуп кулпуруп турган кезиңер. Бир бириңердин кадырыңарды билгиле. Эл көзүнө көрүнүп калдыңар. Элдин өсөгү болот. Бириңерге бириңер аскар бел болуп, ынтымактуу күн көрүүнү ойлогула, тегеренейиндер... Бери, мындай келип ашыклык кебин сүйлөшкүлө. Мен ак ниетим менен айтып жатам. Мен болсом экөөңөрдүн бурала басып баратканыңарды карап туруп:

Жаштыкта ойноп күл,
Жыргалын көр,
Бир кетсе кайрылбас,
Сонун күндөр...
Күлшайы, колдон ал, *(Күлшайыга)*
Кулантайды.
Билгизбей сүйүүгө

Кылтактайлы.
Мен болсом бардыгын ичтен билип
Бийлейин момингтип
Чимирилип.
Айланып момингтип
Чимирилип.
Бийлейин айланып,
Чимирилип! *(Бийлеген болуп алыстап чыгып кетет).*

К у л а н. Мына Калыйкан жеңем ушундай жеңе. Билгичтигине рахмат. Мичуриндин ишин уланткан адамга ким рахмат айтпасын. Карачы, Күлшайы, чын эле жаратылыштын катасы эң эле көп. Миңдеп пуддап түшүм алуучу жер Балыкчынын шамалы менен кургап турат. Тынбай соккон ысык жел. Ага кошумча суу жок. Күн жаабай калды. Минтип биздин эки миң гектар айдоо коркунучта турат. Күйүп бараткан байлыкты карап туруп капа болосуң. Эмне үчүн булардын баардыгын оңдоого болбойт? Эмне үчүн орус агаларыбыздын айтканын кылбайбыз? Эмне үчүн ошолорду туурабайбыз?

К ү л ш а й ы. Сен эмне десең, айтканыңа кошулам, Кулан. Сен ашык болгон биология илимине мен да ашык. Сен айткан тилек, менде да бар.

К у л а н. Комсомолдорду бүт жыйнап, бак тигүү, табигаттын кырсыгы менен күрөшүүнү иш жүзүндө көрсөтпөсөк болбойт. Колхозубузду таанылгыс кылып гүлдөтүүбүз керек.

К ү л ш а й ы. Аныңа да макулмун. Мен даярмын.

К у ла н. Табигатты кайра куруучулар деген кандай жакшы сөз, Күлшайы.

К ү л ш а й ы. Бизге тийген милдет ушул болбодубу, Кулан. Сен агрономия илимине, улуу Мичуриндин илимине канчалык кызыктырсаң мен өз өмүрүмдү ошончолук ошого жакындатып, өз таалайымды ошончолук кызыктыргым келет, сени менен кол кармашып барлык күнүмдү ошого бергим келет. Бирок Кулан сага кылган сыйыма жараша сага бир өтүнүч айтайын. Сен да жок дебессиң.

К у л а н. Күлшайы, ал кандай өтүнүч? ' Неге жок дейин.

К ү л ш а й ы. Абамдын сага кылган кандай залалы бар?

Кулан. Азыркы экөөбүз антташкан илим жолуна түшүнбөйт. Ага түшүнбөй туруп каршы чыгат. Мындан үч жыл мурда айткан жакшы сунуштарыма кесир кылды. Колхозду өзүң билген акыбалга алып келди. Уруучулук, тууганчылык, эскини сагынуучулукка белинен батты. Өз менчигин көбөйттү, колхозду бүлдүрдү. Мал, эгин сапатын эң төмөнкү ахыбалга салды. Бул залал эмеспи.

К ү л ш а й ы. Баары бир ал душмандыгы эмес, аны оңдоого болот.

К у л а н. Жок, Күлшайы, андай эмес. Сенин абаң жаңы коомду сүйбөгөн, ага билгизбей кесирин тийгизген, илим жолуна ишенбеген, колунан келсе байысам, өз даражама жашынып көзгө көрүнбөй эскиче күн өткөрсөм деген киши. Ал бизге ээрчибейт.

К ү л ш а й ы. Койчу, Кулан, дароо эле эки дүйнө, эки заман... Кур үгүт сөздүн кереги эмне.

К у л а н. Колунан келсе биздин тилекти басып койсом дейт. Мени жоготуп салсам дейт. Айласы жок. Ал менин тилегим кайсы? Эмики замандыкы. Эриксизден эки өкүл чыгып жатпайбы? Аны да жактаган өзүндөй көрүнбөгөн кишилери бар.

К ү л ш а й ы. Дагы эки өкүл... Көрүнбөгөн кишилер... Койчу, Кулан, апыртма сөздөрүндү. Сен өз багыңды байлагың келеби.

К у л а н. Кандайча?

К ү л ш а й ы. Акылың болсо абамды районго билгизип жамандаганча, аны макта, сыйла. Баары бир ким башкарма болсо да колхоз ушул калыбынан өзгөрбөйт. Аны кечир, жактоого тырыш. Анын ишине экөөбүз көмөктөш бололу. Ага кадыр табалы.

Багын көтөрөлү.

К у л а н. Ким экенине көзүбүз жетпедиби. Агаң бизге ээрчибейт. Анын үстүнө кылган кесепети көп. Аны жашырсак комсомолдук абийир кантет?

К ү л ш а й ы. Андай сөзду коюп, айтканымды аткарып, сүйүүгө баш ий.

К у л а н. Мен чын сүйүүнүн кулумун, өзүңө өзүмдүн чын актыгымды тартуу кыламын.

К Ү л ш а й ы. Нечен жалынуунун отун чачкансың.

К у л а н. Ырас, сенсиз күнүм жок дегемин.

К ү л ш а й ы. Андай болсо, өз бактыңды торобо, жакында текшерүү болот дейт. Абамды жактоочулардан бол.

К у л а н. Экөөбүздүн бактыбыз ачык. Бирок абаңдын кемчилигин, абаңдын күнөөсүн кай жерде сөзүм өтсө, ошол жерде тайманбай айтам.

К ү л ш а й ы. Сен мени шылдың кыласың. Айтканыма тескери жооп бересиң. Таарынтып алба, байка, Кулан жаным.

К у л а н. Эч себеби жок. Таарынат дегенге түшүнбөймүн.

К ү л ш а й ы. Түшүнбөймүн... Түшүнбөймүн... Түшүнбөсөң мына! *(Терс бурулду)* Чиркин ай... Абама эрегишип, ага жамандык ойлоп. Аны бир чоң нерсе көрүп... Атайы айтса... «Эки дүйнө, эки заман» деп, чиркин ай, ал деле совет адамы, ал деле эчтеке болуп кетпейт. Аны да жакшы көргөндөр бар. Анын да жаны бар, аракети бар, башы бар. Ал текшерүүдө эмне болорун ким билсин. Атайы кадыр салып айтса тетири-тетири сүйлейт. Иштин соңу эмне болорун ким билсин. Аны да көрөрбүз. Кош!.. *(Терс бурулуп чыгып кетет).*

К у л а н. Мына, тамаша-а... Бул сөздү мен болгондо да жаныма жакын, жайдарым, эң асыл, эң жакын ынагыман угуп отурам. Ушул ынагыма да агасы Мурат Садыбакасовдун жаман таасири, тууганчылык оорусу жуккан экен да... Муну ал оорудан тазалаш оңой. Кантсе да ал биздин замандын өспүрүмү. Ал биздики. Бирок сен айткандай иштин соңу кандай болор экен? Колхоздун бул абалына ким жооп берер экен? Иштин соңу эмне болот, аны да көрөрбүз. Анын аягы кандай болуп бүтөр экен, көрөрбүз. Көрөлүк эмесе аны, Күлшайы жаным... Кана, көрөлүк? *(Жеңил машинанын үнү. Өзгөчө текебер менен баскан Боронбаев. Көтөргөн папкасы бар. Эл.)*

Б о р о н б а е в. Переводчик! Айда суда! *(Бирөө келет).*

Б о р о н б а е в. Я киргизской не знаешь, орусский ковориш.

Б и р ө ө. Бул киши кыргызча билбейм дейт .Орусча айтам дейт.

Ү н д ө р. Ой, баракелде ай, илими ашкан неме го.

Боронбаев. Я район пришел, легковой пришел.

Б и р ө ө. Райондон легковой менен келдим дейт.

Ү н д ө р. Келсин, келгени жакшы?!

Б о р о н б а е в. Райсо работаем, ривис делаем.

Б и р ө ө. Райзоодо иштейм, текшерүүгө келдим дейт.

Ү н д ө р. Рас болот. Текшерсин.

— Башкарманын былыгын ачсын.

— Ишибизди оңоп кетсин.

(Боронбаев көз айнегин тартына коюп, текебер басышы менен чыгып кетет).

— Ү н д ө р. Мурат эми кантер экен?

— Малды санагай эле?

— Калыстык кылчу неме го!

— Илим жолун колдоочу неме го!

— Бул ким деген болду экен?

К а л ы й к а н. *(Тигини толук таанып караган соң жоруктанып бүткүл топту жаңырткан күлкүгө салды).*

Ха-ха-ха!

Ү н. Бул ким я.

К а л ы й к а н. *(Дагы топту жаңырта)* Ха-ха-ха!

Ү н. Ким бул?

К а л ы й к а н. Бактыңан айланайын, Муратым. Мен да эмне болор экен деп корксо... Секетим Боронбаев деген ушул, ха-ха-ха!

2-СҮРӨТ

Колхоз мекемеси алдындагы аянт. Жыйналыштан тараган элдин аягы суюлган.

К е р э э з. Элдин канына сиңген эскиликтин калдыгын жоёбуз деген баламдын сөзү ушул эмеспи. Алиги кыядалдын адамы деген эле ушулар. Биригип алып акты-кара деп турганын көрбөйсүңбү!

А з а м а т. Балама каршы айткан катуу сөз сай-сөөгүмдү сыздатты. Бизде ичкен-жеген жок, колхоздун байлыгын уурдоочулар бар деген сөз жалганга чыксын деп айыптарын жаап коюшту. Илимге түшүнбөстүгү калппы? Мичурин акенин жолуна түшүп колхозду гүлдөтөйүн дегеним айып болобу? Ушундай да текшерүү болобу?

К е р э э з. Баламдын туткан жолу туура. Коомдун мүлкүн эч кимге чачтырбайм, илим жолун колхозго таратуу үчүн өмүрүмдү жумшайм дегени алтын сөз!

А з а м а т. Ушуну менен эле айбын жаап коём дейтко? Түшүмдүн кемдиги, малдын азайышы, колхоздун начарлашы силерди алыска узатпас. Кургакчылыкты жоёлу деген жаштардын оюна түшүнбөстүктөрү акыры көзүн ачырар!

К е р э э з. Бизди ушинтип эле жеңип коёбу? Өкмөткө жакшылык кылам деген балам чын эле сынып калабы?

А з а м а т. Анчейин жан далбаса го. Жанагы немеси көрсөтөм, таанытам эле дейт, кандай неме? Ушундай да болобу, түү, өлчөң кургур.

К е р э э з. *(Адатынча бир иштин артынан кайраттуу сүйлөп).* Кайран неме, андан ары коркута сүйлөп! Ак жүргөн кишини «таанытам» деп, менин Куланым ким экен? Менин Азаматым ким экен? Илимдин күмүш булагын агызам деген, ишти оңдойм, колхозду байытам, жер дүйнөнү гүлдөтөм деген туура жолдогу алтын адамдар. Андан ары орой сүйлөп эл алдында атырылат! Кайран неме ай, кантер экен деп койсо!

(Кетишти. Батырбек, Мариям кирди.)

Б а т ы р б е к. Кайда акыйкат? Кайда чындык? Элдин оюндагысын таап айтып турган Куланда кайсы айып? Жаңы заман үчүн күрөшөм, көпчүлүктүн байлыгынанжашаган арам кишилерге жол жок дегени сонун кеп эмеспи? Андайлар биздин арабызда азбы? Ал эми илим жолун «бредний» дегени эмнеси?

М а р и я м. Түү, өлчөң кургур! Ал «бреднийи» эмнеси?

Б а т ы р б е к. Зыяндуу дегени!

М а р и я м. Тапкан экен зыянды, өмүрдүн күмүш булагы болгон илим жолун бредний дегениң үчүн көзүңө бир укмуш көрүнөр! Касиеттүү нерсени булгайт ээ? Баба дыйкан колдогон, жаратылыштын тилин билгең Азамат карыяны ошентип айтканың үчүн сен анык бейзабраз экенсиң! *(Кетишет. Калыйкан келет).*

К а л ы й к а н. Мына жигит. Мына киши. Мына азамат. Мына чечен. Мына булбул... мына адам. Мына мен жанымдай көргөн алтын! Киши болсо ушундай болсун. Жок жерден себеп табат, жок жерден амал табат. Баарын билет. Жамандагандын баарын жап кылбадыбы. Ой сүйлөйт да, секетим. Кезек-кезек мени кылчактап карап коёт. Баягыда биздин жаман там бүткөндө күйөөм аркы Маке төкөрдүкүнө кеткенде мен бир үйдөн бир үйгө жашынып, ал мени кубалап, күкүк деп, мен улам жашынып, ал кубалап, күкүк, күкүк деп мен уламжашынганым эсине түшүп кетсе керек секеттин, же *(ырдап).*

Ак кептер болуп айланып да,

Аралап чыктым калкымды,
Ошончонун ичинен да —
Таппадым сендей алтынды —

деп ырдаганым көңүлүндө турса керек алтындын. Мына кадимки Боронбаев деген ушул. Меңи бир кашык сууга кошуп кылт эттирип жутуп ием деген секет ушул. Мына анык жигит. Ал Боронбаевди билип туруп ак жүрөктүк кылып арызданганды эмне кылат экен. Алы жетпегенден кийин районго билгизип эмне кылат экен жанагы Кулан? Арам чечек! *(Кетти. Улан менен Күлшайы).*

К ү л ш а й ы. Иштин соңу кандай болор экен дегеним ушул, Кулан!

К у л а н. Ачык болбодубу. Менин койгон айбымды жалганга чыгарбадыбы. Көпчүлүк эмне деди?

К ү л ш а й ы. Жыйынтыгы башкарманын пайдасына чечилди. Токтом ошондой жазылды.

К у л а н. Мындай токтомдон эмне пайда? Баланын оюнчугундай болуп бүтпөдүбү. Боронбаев өзү булганыч киши тура.

К ү л ш а й ы. Баары бир анын айтканы өтөт. Өзүңө зыян кылып албадыңбы!

К у л а н. Сен мага күлкүлүү сөз айттың, Күлшайы. Кандай зыян. Мураттын кылмышы эч бир амал, эч бир айла менен жабылып калууга мүмкүн эмес. Мен бул жолу жеңилгеним жок.

К ү л ш а й ы. Эми дагы арызданайын дейсиңби! Биздей жаш кишилерге ушул ылайыкпы?

К у л а н. Арызданбайм. Барлыгын өзүм иштеп көрсөтөм. Комсомолдорду топтойм, колхозчуларды эрчитем. Илимдүүлөр айткан чараларды колдонуп колхозду оңдойм. Суу чыгарам, бак гүлдөтөм. Малдын сапатын көтөрөм. Колхозчуларды дөөлөттүү кылам. Менин ушул жолумда сенин агаң жана анын колдоочулары өзүнөн өзү четке чыга берет. Себеби алар бул иштин маанисине түшүнбөйт.

К ү л ш а й ы. Албетте, оюң эң жакшы, Кулан. Бирок сага зыян кылып жүрүшпөсүн? Мен канткен менен сени аяйм жана сага карай сөз айтылганда мен ичимде эмне болгонумду билбейсиң...

К у л а н. Ошон үчүн эскиликти сүйгөн, кокустан башкармалык кадырын алган көрүнбөгөн кишилердин билинбеген аракети бар... Менин эки дүйнө дегеним ошол.

К ү л ш а й ы. Кулан, менин тилимди алчы. Ушуларга эрегишпей эле өзүбүзчө сен айтканга киришеликчи.

К у л а н. Түшүнбөйм!..

К ү л ш а й ы. Түшүнбөйм дебечи, Али да кеч эмес. Милдетин мен алайын. Экөөбүздүн тилегибизге кесир тийбесин... Абама айтайын, жарашып алгыла. Айтканыма көнчү!

К у л а н. Мындай сөзүң мени ыза кылат, Күлшайы!

К ү л ш а й ы. Бүтөр иш бүтпөдүбү. Абам ордунда калбадыбы. Боронбаев райондун пикирин айтпадыбы. Анан жарашпасаң болобу?

К у л а н. Эчтеке бүткөн жок. Боронбаевиң эртең өзү күлкү болот. Биздин тилекке туура келбеген мындай кишилерди четтетебиз. Элибиз тапшырган жаңы максатты, жаңы милдетти өз колубуз менен көгөртөбүз, түрлөнтөбүз! Ушул айтарым, Күлшайы! Муну агаңа айтып кой! Биз иштин баарын кайра баштайбыз. Башка айтарым жок, кош бол!

(Кетти.)

К ү л ш а й ы. Кандай катуу, кандай түз, кандай өткүр... кандай курч... Бул бактылуу мүнөз таалайыма буюрса болду го. Бирок мына бу иш түшүнүксүз болуп турат. Мунун ары жагында көп сыр жатат. Сен катуу болсоң, абам куу, сен түз болсоң, абам амалкөй, сен өткүр болсоң, абам кытмыр. сен курч болсоң, абам

арамзада. Мындайдың көбүнөн кутулуп калган. Эми да кутулду. Кутулуу менен жөн жатпайт, сени мертинтүүгө жол издейт. Өзүнүн бекем орун алышына айла издейт, сенин атаңа жамандык издейт. Анын майда жолдору көп. Билгизбей мүдүрүлтүп коёт... мүдүрүлтүп коёт... Билбейсиң. Билбейсиң сен аны... Кулан жаным, билбейсиң! *(Кетти. Элдин соңунда Боронбаев көз айнегин тартынып шапкесин көтөрүп, жеңиштүү кыялга батып бери чыкты. Мурат экөө кубанычтуу күлүштү.)*

М у р а т. Жолдош Боронбаев, жолдун улуулугу сизге! Мына алдыга басыңыз. Тигил ак там биздики. Тигил ак там биздики. Сиз баштаңыз... Туура эле төргө өтүңүз... Жол сиздики... Маркабат этиңиз!.. *(Боронбаев баягы текебер басыгы менен башкарманын үйүнө карай салтанат жүрүш салды).*

3-СҮРӨТ

Мурат Садыбакасовдун үйү. Өзүнчө ойлуу отурган Садыбакас. Бир аздан кийин негедир чыдай албай башын ургулап:

С а д ы б а к а с. Ой-бууй, эл бузулду. Журт бузулду... Ой дүйнө оой, эми балдар да башка. Жоруктары жаман. Кудайдын кур талаасына бак тигип, шамал токтотом, кудайым өзү барбаган жерге көл казып суу агызам дешет. Малды асылдандырам дегени да эчтеке эмес, мал күтпө, жорго минбе, той кылба, аш бербе дегенин кантесиң. Эптеп жолун таап култуюп жан жыргатайын десең, жанагы Азаматтын уулу өңдөнгөн жубарымбектер «пиядал» деп кыйкырат. Илим дегенин, мээни тегеретип коёт окшойтко. Балам бул жолу да аман калды. Бул жолу да кудай сактады. Бирок элдин ыркы бузулду. Тууганчылыктан кетти. Акыры болочогу жаман, Иш бир козголгондон кийин, ал ырбай берет десеңчи. Иштин акыры жаман, акыры жаман... э алла!.. Кандай гана болуп кетер экен!.. *(Жүзү жарык, ыраазыдык күлкүсүн салып Мурат менен Боронбаев келди).*

М у р а т. Жол сиздики... жол сиздики... төргө өтүңүз? Маркабат этиңиз.

Б о р о н б а е в. Саке, ушинтип эле бизге тик карагандарды, бармак менен минтип басып коёбуз! *(күлүп)* Басып коёбуз! Катаган моңолдорду ар качан басып келген. Сизди кантип эле Азаматка жыккызып коёюн!.. Текшерүү болору алда качан билинген, Райком ишенгенинен мени жиберип олтурат. Мени ушул колхозго бекиткен. Эгин, малыңар азыраак начар... Эптеп ага да жол табабыз. Планды да аткарабыз. Анан Мукем мансабынын майын соруп жыргап жата берет.

М у р а т. Жакшылыгыңыз жерде калбас, жолдош Боронбаев. Ирик, центнер ун машинага салынды. Чайыңыз үчүн да анча-мынча теңге камдалды... Кантип туугандык каадасын билбейли? Жанагы Кулан деген бала маңдайга чыккан чыйкан болду.

С а д ы б а к а с. (*Өзүнчө).* Ирик, ирик дейби?..

Б о р о н б а е в. Эмки сенин милдетиң ошол баланы баш көтөргүс кылуу. Быйыл жогорку окууга барам деп жүрөт дейт, сен жибербе. Колуңа алып калып эптеи мизин кайтарып кой.

М у р а т. Атасынын айтып турганын уктуңбу? Барлык балээ ошондо...

Б о р о н б а е в. Анын көзүнө да көрүнүп коюш керек. Айдаган алмаларына ашыра-ашыра чыгым салдырып, короосуна, малына чыгымды эки эсе көбөйтүп жүдөтүп... жолун таап сотко бердиртип тээ токойлуу жактарга бир жибертир коёлучу. Анан элдин шагы сынат да сага унчукпас болот.

М у р а т. Анын баары ойдо. Баласы... баласы көкөйгө тийип турат.

Б о р о н б а е в. Ага да айла табылат.

С а д ы б а к а с. Ээ балдар, байкайлы. Замандын агымына карай иш кылалы. Ойлоп көргүлө. Силердин куюшканыңар бошоп баратат. Элге жагынуу жолун издегиле. Кастыктан пайда чыкпас. Силер элден четтеп баратасыңар. Четке чыкпагыла, абайлагыла. Эми андай жаман жолду койгула, байкагыла!..

Б о р о н б а е в. Биз эч кимдин жагы эмес, Саке! Биз советтин өз кулуну. Оюбуз

советтики, тилегибиз советтики. Азыр кыргыздын берекелүү каадасын колдонуп коёбуз. Алыш-бериш кылабыз. Эл кыйналбай жашасын дейбиз. Тилегибизге каршы чыгат экен, айла издейбиз.

М у р а т. Сөз ак. Ата, бул кишинин жиберген адамы күтүп калбасын... *(Кыйкырып)* Э Какиш... Кана тамагын. Таңдай катып, көз чачырап баратат. Сыр билги арамым десе сен да болбодуң го...

С а д ы б а к а с. *(Өзгөрө түшүп өзүнчө)* Дагы кой сой... Дагы кой бер. Бул кой соймок, кой бермек эле оңой дешсе керек... Баары көзүңө чолпондой көрүнгөн куйругу кучак семиз кой... Минтип кой союп, кой бердиргенче кудай мени кырк кез зынданга чурр эттире салып ийсечи! Кудай минтип мага кой бердиргенче өз колуң менен куйкалап өрттөп ийсеңчи! Дагы кой сой... Кой бер... Кайран гана кара кашка койлорум а... *(кетти).*

К а л ы й к а н. *(Адатынча шаңкылдап)* Сыр билгенди бир кишичелик билебиз... Айдай, күндөй болуп жылына бир көрүнгөн мейманды сыйлай албасак, биздин кадырыбыз кайсы? Биздин меймандостугубуз кайсы. Эгер айып болбосо кырк бир түрлүү даам жайнаган... токсон түрлүү ичкилик жалдырап күтүп турган мейман үйүнө маркабат этсеңиз экен! Мында өз кишилер... Ракым этсеңиз экен!.. *(Боронбаев менен Мурат экинчи үйгө кириштi. Аккордеон үнү угулду. Күлшайы келди).* Тегеренейин Күлшайы, жалгыз бир үйдө эрикпей меймандардын арасына келип олтур: Өңкөй эле алтындар... Баарынан Боронбаев. Ий... бир секет да, сен билбейсиң да... Күнүндүн жыргалын көрүп кал, кийин өкүнөсүң... Эмки жаштар ачык эле болбойбу, келип отур, Күлшайы... Жанагы Боронбаев и... жигиттин бир гүлү да, секетим... *(Ары кетти).*

К ү л ш а й ы. Дагы ичкилик, дагы мас болуу. Неге мынчалык көп ичишет. Мен ушундагы жигиттердин, абамдын бир күн китеп окуп отурганын көрбөдүм. Сүйүүлөрү да башка... фу... ойлосом иренжип кетем. Бирок өскөн үй, өз бүлө... Кандай кыласың? Ага, жеңе. Калыйкан ушул кейпи менен тарбиялап, көгөрткүсү келет. Анын ушул тарбиясына кантип ээрчүүгө болот. Куландын жолу жарык, ачык, кубанычтуу, урматтуу. Анысын жактырсаң, бир тууган абама эрепишкени көңүлдү иренжитет. Ата-энесин, агасын таштаган ким бар? *(Аркы үйдөн чыккан үндөр. Аккардеон).*

С а д ы б а к а с. *(Баягысынан бетер сараңдыгы кармап)* Кой сой... Кой сой... Келген сайын экиден сой... Ала кетмейи канча!.. Эптеп жашырып-жаап асыраган койлорум. Ушинтип эле бермейи күчөп кетет. Кой сой, кой бер... Ошол союлган койдун аркасынан кетсемчи... Дагы сой, дагы бер... Карачы, карачы мунун кордугун. Алган киши узап кетти э. Кантип гана ажыратып калсам э. *(Кайра кетти).*

М у р а т. *(Аркы үйдөн чыгып)* Күкөш, садага, жаман байкең барында сен кол жетпестин бири болорсуң. Кызыганды кымыз чыгарат деп, уялбай ичтеги оюмду айтсам дедим. Өзүң көрүп, өзүң уктуң, жыйналыш катуу болду. Унчукпаган колхозчулар кине союп бетке тик айтты. Колхозду начарланттың дешти. Кудайдын шамалы менен жамгырын мага тагышты.

К ү л ш а й ы. Аба, сизде да илимге ишенбестик бар. Сизде далалат жок. Неге мындан үч жыл мурун Куландын айткан акылын колдогонуңуз жок? Ал илимдүүлөрдүн тажрыйбасынан улам ошол максатты койгон тура.

М у р а т. Күкөн, ал акыл бизге туура келбейт. Шамалды тос, суу жок жерге көлчө казып суу жайнат, палан-пастан дегенин түк уккан эмесмин. Өкмөт өзү да айткан жок. Мен ага кайгырбайм, мына бул ойноп күлгөндү, ичип-жеп жан жыргатканды, короого анча-мынча мал күткөндү, урук-тууганды кадырлаганды көрө албай, аны «калдык» дегенине ичим күйүп атпайбы.

К ү л ш а й ы. Экинчисинен биринчиси оорурак, аба.

М у р а т. Күкөн, аны көрө жатарбыз. Ага жол табылат, Мына бул Куландын мизин майтарып койбосом болбойт.

К ү л ш а й ы. Неге, аба?

М у р а т. Мурда мен башка ойдо элем, эми жаңы ойго түштүм. Аны бир сындырыш керек!

К ү л ш а й ы. Эмне үчүн?

М у р а т. Менин мына бул сыймыгымды, башкарма деген атагымды, бактымды, кадырымды, мансабымды кулатам деп жүрбөйбү. Ошон үчүн, Күкөн! Мансаптан ким айрылгысы келет?

К ү л ш а й ы. Замандын арышына жете албай калгандар жаштарга жол берүү керек да, аба!

М у р а т. Андай эмес, Күкөн. Колдон келсе бекем тырышуу керек, жыргаш керек, жашаш керек. Ичиш керек... жеш керек... Анан сүйүү...

К ү л ш а й ы. Аба, эмне демекчисиз?

М у р а т. Меймандар күтүп калды. Оюм бул: маданияттуу адамдар ачык айт дешет тура, уялба дешет тура. Ошол баланы эл алдында маскара кыл, Боронбаев ичти жылытарлык сөз айтты. Сен өмүрдү жыргатар жолуңду тап. Сөзүмдү сындырба. Бүгүнкү үлпөт ошол иштин башталышына арналсын.

К ү л ш а й ы. Аба... *(Күлшайы сөзүн улаганча аркы үйдөн чала кызуу, аябай кубанычтуу Боронбаев чыкты).*

Б о р о н б а е в. Келатат... Келатат... Садагасы кетейиним, келатат, айланып кетейиним, келатат... *(Баары таң калууда).*

М у р а т. Ким келатат? Бул эмне дегениңиз, аксакал?..

Б о р о н б а е в. Келатат... Кагылып кетейиним, келатат?..

М у р а т. Ким? Ким келатат?

Б о р о н б а е в. *(Ыраазылык күлкүсүнө салды)* Ээй Мурат досум, өз бактыңды билбейсиң да, сенин жаңы бактың, келатат. Сенин жаңы таалайың келатат... Сени түбөлүккө колдоочуң, мансабыңды коргоочуң келатат. Кагылып кетейиним келатат.

М у р а т. Айтканыңыз келсин. Ким ал?

Б о р о н б а е в. Албы? Ал мына! *(Салам берип Кеңешбек Арстанбеков келди).* Садагасы кетип калайыным! Муну билесиңби? Чоң атасынын фамилиясында жүргөн бипбир тууган иним Кеңешбек Арстанбеков! Район бекиткен сенин колхозуңдун жаңы парторгу ушул! О жадырап-жайнаган садагасы кетип калайыным! Кучакташып көрүшөйүнчү *(Барып кучактап өптү)* Кеңеш садага... Бул башкарма, бул карындашы Күлшайы... Бул орунбасары, бул кампачы, бул текшерүүчү... жана башкалары... Өңкөй эле колхоздун көзүрлөрү...

К е ң е ш б е к. Тааныштырганыңызга рахмат. Сыйыңызга рахмат. «Коммунизм» колхозунда элем, эми силерге келдим. Жардам берейин деп келдим.

М у р а т. Биз менен сиз кол кармашуу менен колхозду оңойбуз.

К е ң е ш б е к. Оңоо гана эмес, район боюнча биринчиликке жеткиребиз. Мен үлпөттүн үстүнөн чыкканмын го.

М у р а т.. Нээтиңиздин актыгы.

Б о р о н б а е в. Кеңештайым, кыргыздын мына ушуңусу да... жыйналыш болуп, анан бул ошонун урматы.

К е ң е ш б е к. Жыйналыш өтүп кеттиби? Менин кедеримди билсеңиз керек эле...

Б о р о н б а е в. Билгем... Эркелеп өзүңө ишенип... Айтканыма кол коёруңду билип, өзүмөткөрдүм.

К е ң е ш б е к. Шашкан экенбиз... Эмне болуп бүттү?..

Б о р о н б а е в. Азаматовдун жазганы жалган болуп чыкты. Ушакчы деп табылды. Эл бузар, журт бузар, колхозго кесири тие турган неме деп табылды.

К е ң е ш б е к. Жолдош Садыбакасов Муратчы?

Б о р о н б а е в. Ээй кагылайын Кеңешим десе, Муратты иштей берсин дедик. Кемчилиги кечирилсин дедик. Мындан ары ушуну колдо, ушуну тирек кыл. Ушуну сыйла. Жанагы Азаматтын уулу сени да оңдурбайт. Аны акырындап четтет!.. Төк, чач... сыйла!.. Жаңы парторгдун силерге жаңы келиши үчүн, инилиги үчүн! Мындан аркы

ынтымактуулук үчүн! Апкел баарын мында! Ойно, музыка! *(Стол жасалды, аш-тамак, ичкилик жайнап кетти).*

К а л ы й к а н.
Атың бир артык Кеңешбек
Бир көрүп сага кубандым.
Талабымды сындырба
Өзүңдөн ушул сурарым.
Колумдагы чыныны
Урмат менен сунамын!

Б е р к и л ер.
Алып кой Кеңеш, алып кой
Сен бизге жаман санаба.
Мындагынын баарысы,
Сага жакын, сага ага.
Эгер бизди сыйласаң:
Тарт,
Тарт, тарт!
Тартып жибер садага!

К е ң е ш б е к. *(Аң-таң, бир аз туруп)*
Артта калган колхозубуздун эң алдыңкы колхоз болушу учүн!

(Жогорку хордун кайталоосу. Музыка).

Көшөгө

II К Ө Ш Ө ГӨ

4-СҮРӨТ

Айлуу түн. Алыстан угулган симфония оркестринин үнү. Кулан менен Күлшайы.

К у л а н. Чайковский... Муну Чайковскийдин музыкасы дешет. Музыка кандай күчтүү нерсе. Музыкасыз кантип өмүр өтүүгө болот?..

К ү л ш а й ы. Ойлонтот, кубантат, өмүрдүн эң бир таттуу сезимине термелтет. Жаштыктын эң биринчи сүйүүсүн эске түшүрөт...

К у л а н. О ал кандай кымбат, Күлшайы. Кийин, кийин карылык жеткенде... Жаш кездеги таарынышуу, көңүл калуу, бир-бирин кызгануу күлкү катарында көрүнүп, биринчи сүйүү ошол бойдон жыргал сезиминде калат дешет тура.

К ү л ш а й ы. Ал сезим түк өлбөйт дешет. Ушул айлуу түндөр, жайдын бизге райым кылып төккөн мээрими. Дегенибиздей баш ийгенсиген табигаттын кооздугу. Тээ алыста жанган оттор...

К у л а н. Алыста, алыста оттор... Ал биздин ошондой үмүтүбүздүн жалыны эмеспи, Күлшайы.

К ү л ш а й ы. Ана, оттор да өчтү. Мемиреген тынчтык... Оттор да өчтү. Өчпөсө экен ошентип биздин үмүт.

К у л а н. Неге өчсүн. Тээ ары жагындагы жаңы кыштактын жарыгындай ого бетер жадырабайбы. Биздики жаңы гана башталбадыбы, өчсө — убал болор.

К ү л ш а й ы. Куланжан, сөздүн ачыгы жакшы. Мага канчалык оор болсо да жүрөгүмдүн эң жылуу сезимин берген өзүңдүн сүйүү, кадырыңды сыйлап айткым

келди. Колтуктап басчы, Куланжан... Байкайсыңбы, менин тагдырым кыйын жолдо турат. Кечээ дагы бир ойго келбеген сөз уктум.

К у л а н. Ооба, сенде эки жол турат, Күлшайы. Биринчиси, өзүбүздүн заманыбызга жарашык — биздин ачык, таза, бактылуу махабатыбыз. Экинчиси, акыры бети ачылып колхоздон четтей турган, кылмышына партияча жооп бере турган, акыры жоопко алына турган агаңдын тагдыры. Сени кыйнаган эки ой ушул.

К ү л ш а й ы. Жок, Кулан, андан башка. Андан да жийиркеничтүү тагдыр. Бирок абамдын келечеги ого бетер бекемделе турган жол. Сен бекер эрегиштиң. Илим жолун ансыз деле өрчүтүүгө болот. Менин кейигеним башка...

К у л а н. Дагы бир жолу ой жүгүртүп көр, Күлшайы. Сен ушул тарбиядан таптакыр бөлүн.

К ү л ш а й ы. Мен абамдын кайра бекем орун алышынан эмес, менин махабатымдын бактысыздыгынан корком.

К у л а н. Кандайча?

К у л ш а й ы. Аны кийин билесиң... Куланжан... Мени бактылуу болсун десең абам менен жараш. Эмесе кесепети тиет.

К у л а н. Мендеги сүйүү дайым жакшылык тарабында. Ал баягындай эле таза, тунук. Тилегим ошол өзүң билгендей. Сени менен кол кармашып колхозду оңдоо. Шамалды тосуп бак тигүү. Жердин кыртышын оңдоо, суу жок жерге суу чыгаруу... Мичуринди туурап табигатты өзгөртүү. Эгер ушул тилегим сага ылайык келбесе, эки ойлуу болбос жагына өтөлү.

К ү л ш а й ы. Бул менин күндө ойлогон санаам. Бул туура ой. Абамдын уялбай туруп айтканы көкүрөгүмө каткан чер болуп турат.

К у л а н. Эмне мени сүйбө дейби, алыста дейби?

К ү л ш а й ы. Сен түшүнбөйсүң... Түшүнбөйсүң абама, Куланжан, түшүнбөйсүң... Биздин сүйүүбүзгө кесир кылууга мүмкүн.

К у л а н. Андайдын миңин көтөрө алам.

К ү л ш а й ы. Түшүнбөйсүң, Куланжан. Абамдын орду ого бетер бекемделди. Анын кадыры баштагысынан да өйдөлөй турган даражага жетти. Экөөбүз канчалык жаңы болгонубуз менен туугандык адатты эстен чыгарбообуз керек экен. Бул бизде терең орун алган нерсе экен. Колхоздун абалына мен да кайгырам. Бирок не кыласың... Кайра аны колдоочулар табылды. Жаңы келген парторг абамдын кишиси. Боронбаевдин бир тууганы экен. Эми ал да колдойт. Абам ошол касиетсиз Боронбаевка...

К у л а н. Түшунбөдүм... Ал жаңы парторг ким деген?

К ү л ш а й ы. Кеңешбек Арстанбеков! Ошондо мен кандай ойго келем. Байкачы өзүң, Куланжан. Менин эркимди арсыз адам талашты... Ары жагын өзүң ойло, Куланжан. Ойло! Жакшылап ойло... *(Кетти. Музыка. Азырак тынчтык).*

К у л а н. Эми түшүндүм... Андан да ачык түшүнүктүүсү... Кеңешбек Арстанбеков *(Негедир кубанып кетти)* Аты жакшы экен! Кеңешбек! Өзүбүздүн заманыбыздын биринчи шооласын көргөн ат тура! Өзүбүздүн заманыбыздын биринчи суусун ичкен, биринчи тузун таткан ысым тура! Өз заманынын ачуу-татуусуна бышкан, жалтанбай турган, майышпай турган, эч бир тууганчылыкка, жакындыкка карабай турган түз, адөөлөт, калыс ысым тура! Кече Ата Мекендик Согушта арстанча кармашкан Арстанбеков деген ысым тура. Кана, кайда экен ал Кеңешбек, кайда экен?.. *(Чуркап чыгып кетти. Мурат менен Кеңешбек кирди).*

М у р а т. Мына биз ушундай кооз жерде турабыз, Кеңеш.

К е ң е ш б е к. Ушунчалык кооздукка жараша, түнөргөн кыштакта Ильич чырагы жадырап, мына бу суусуз талаада күмүш булак шылдырап турса ээ...

М у р а т. Болгонуна канимет кылыш керек, Кеңеш. Колхоз өзүңкү, эл өзүңкү. Эмне кааласаң баары табылат. Оюңдагыдай жаша, Кеңеш.

К е ң е ш б е к. Рас, замандын берекеси кең...

М у р а т. Кеңеш, садага биз байкең экөөбүз акылдашып олтуруп бир жорго, отуз ирик, эки бодо энчиледик. Ананкысын дагы көрөрбүз. Жаңы келбедиңби, кыйналарсың.

К е ң е ш б е к. Мартсыңар го. Кайдан табасыңар мынчаны?

М у р а т. Колхоз кемибес кенч эмеспи. Эптеп ооз майлабасак болобу. Көңүлүңө жакса Күлшайы аттуу гүлдөй кулпуруп турган карындашым бар, жар сүйүп ал да жыргалыңды көр. Тээтиги ай шооласы тийген бактуу короо мен айткан Куландыкы.

К е ң е ш б е к. *(Таң калуусун сездирбей)* Колхозду бузган ошол Кулан деңиз? Жек көрүндү анын атасы Азамат деңиз! Кана, бетме-бет көрүшөлү. Кимдер экен алар, баралычы!

М у р а т. *(Адатынча жорголоп)* Мынаңыз, мынаңыз жол алды сиздики. Маркабат этиңиз. Алдыга баштаңыз. Жол көрсөтүңүз. Мынаңыз, маркабат этиңиз. *(Булар басар менен аккордеон тарткан Боронбаев менен Калыйкан).*

Б о р о н б а е в. *(Аккордеонго үн салып)*

Көл бетинде пароход
Биз алыска кетчү убак...
Мөлт этип Көздөн жаш ыргып
Ой жалжалым ай,
Сен алыстап калсаң кол булгап.
Канаттуу куштай пароход
Алыстап сызып утурлап,
Зырп этип жүрөк ачышып,
Ой жалжалым ай,
Сен алыстап калсаң кол булгап...

К а л ы й к а н. Жигиттин гүлүсүң, алтыным... Булбулсуң, секетим. Ушинткен баш да жерде калат ээ.. Койчу, секет, жашытпачы кишини...

Б о р о н б а е в. Жыргалга жашыба, жарпың жанып шаңкылда, Какиш. *(Калыйкан кайра ачык күлкүсүн салды).* Ошент, Какиш. Азыр Мурат менен Кеңешбегим ушул жерден кетти, байкадыңбы. Мурат инимди чыккыс торго салды. Ал бизден чйккан амал. Өз башты сакташ үчүн башкаларды да байлаш керек. Дүнүйөгө ким кызыкпайт. Өз жаныңды коргош үчүн жан-жолдошту көбөйтүш керек. Март, март бериш керек. Колхоздун байлыгы кимге жетпеген! Мына парторг да эми силердин киши! Эми ким тие алат? Башкаларын да ошентип коёбуз! Билдиңби, Какиш!

К а л ы й к а н. Акылыңан садага! Тарт андай болсо аккордеонуңду. *(Аккордеондун күүсүнө).*

Бизде кадыр, бизде сый
Жолубуз бекем ойлосом,
Мендеги бакыт сеники
Сен болду деп койбосоң:
Алдыңа түшүп бийлейин
Сен аккордеон ойносоң.
Бизде урмат, атак, сый,
Ордубуз бекем ойлосоң,
Мендеги жыргал сеники
Сен болду деп койбосоң.
Алдыңа түшүп бийлейин
Сен аккордеон ойносоң.
(Бийлеген бойдон чыгып кетет).

5-СҮРӨТ

Азаматтын макталуу бакчасы, терраска. Көрүнөөдө илинген Мичуриндин портрети.

1-к е м п и р. *(Мичуринге карап)* Жарыктык... *(Шыпшынып)* Жарыктык деп коём да. Жүзүнөн жылдыз чуурган ыйманы ысык неме экен. Силер ушуга сыйынасыңар го ээ, Керээз?

К е р э э з. Жанагы үйдөгүнүн устаты. Мына бул өзүңөр көрүп олтурган миң түркүн мөмө бактын ээси ушул. Үйдөгү ушул карыядан үйрөнүп ушул бакты өстүрүп олтурбайбы.

2-к е м п и р. И... и... айланайын. Касиетиңен айланайын де. Баса, илимдин булагын агызган садагасы кетейиндерге сыйынбаганда эмне... Керээз, атын ким дededиңер?

К е р э э з. Үйдөгү айткандай, жаратылыштын кудайы Мичурин деген ушул.

1-к е м п и р. И... и... кагылайын. *(Шыпшынып)* Кагылайын деп коём да. Балаңардын айтып жүргөнү ушу экен го. Кургак талаага суу агызам, бороонду тосом, колхозду байытам деген тилеги ушундан улам чыккан экен го. Илимден айланайын... Илимден айланайын деп коём да.

2-к е м п и р. Балаңар эстүү чыкты. Элди илимге, илимге, илимге деп үгүттөгөнү сөз эмеспи. Жанагы башкарманын атасы Садыбакастын эки сөзүнүй бири эле сот бол, бүркүрөр бол, четобод бол! Эл же, пара бер, байы — дегенден башкасын билбейт. Эстүүлөр ушинтип илимге умтулат. Эми парткому да ошолордун кишиси дейт тура.

1-к е м п и р. Апей, кашка тайдын кара баласы эмне дейт? Кашка тайдын кара баласы деп коём да. Башкарманын чырагына май тамган экен ээ... Кулан айткандай эскилик оңой менен арылбайт экен го. Жеңүү кыйын экен го.

К е р э э з. Боронбаев деген немеси баламды жыгып берди. Бирок балам андан сынып кол куушуруп карап калар өңдөнбөйт. Партком эмки жаңы кишилерден дегендей айтты эле.

1-к е м п и р. Антпей эле тигилердин кишиси дейт. Боронбайүптүн иниси дейт.

2-к е м п и р. Апей, кашка тайдын кара баласы да... Кашка тайдын кара баласы деп коём да. Керээз, сенин балаңа бак берсин деп тилейбиз да. Кантели эми. Мен балаңдын айтканын кылып ушул жарыктык Мичуриндин багын короомо тигейин деп бул мөмөтүнү эрчите келдим.

К е р э э з. Айтканың келсин! *(Калыйкан кирет).*

К а л ы й к а н. Керээз эне туткан жолуңар жакшы, минтип, минтип кырк уруу жемиш өсүп турганда илим жолуна киши эрип кетет экен. Нээтиңерди оңдосоңор жакшы болор эле.

К е р э э з. Кандай нээтти айтасың, Калыйкан?

К а л ы й к а н. Жөн жүрбөй тигинтип балаңар арызчыл болуп кетет. Өзүңөр жамандык издеп эл алдында башкармага күнөө коюп сүйлөйсүңөр. Анан акыры нээтиңерден табасыңар.

К е р э э з. Акыйкат алдында бизди кекээрдей турган жөнүң жок. Быйыл да план толбой калган турат. Эл алдында убададан тайып уят болгонубуз үчүн башкармрны жактаймбы!

К а л ы й к а н. Макул, андай жамандык издешмей болсо. Бизди жоготобуз дешиңер эле, жаңы парторг бизге таяныч боло турган кишиден болуп чыкты. Мурда алда эмне болот деп кызыбызды уулуңарга жакындатууну ойлодук эле, эми ажырашууну туура таптык. Андай эл бузар балага кыз жок! Силер бизге сөөктөшчү теңибиз эмессиңер!

К е р э э з. Теңир жалгасын. Жаштардын эрки өзүндө. Сенин колдоочуң — тууганчылык, билимсиздик, эскичилик болсо, менин колдоочум мына мобул кишинин илими! *(Мичуринди көрсөтту)* Теңибиз эмессиңер деп андан ары!..

1-к е м п и р. Мен дагы силердей бейиштин жемишин өндүрөйүн дедим. Силердин жолуңарга түшөйүн. Баланчаныкы суратты эле, түкөнчөнүкү айттырды эле деп

бирөөнүн эмгегине көз артып турган бул да нааданчылык да. Жолун үйрөтүп бер, так силердин багыңардан ары өткөобөсөмбү...

К е р э э з. Жүргүлө. Үйрөнүп алгыла! Жаныңардагыларды да үйрөткүлө. Мен эң мурда анын пайдасын айтып, анын кырк бир түрлүү жолун сүйлөп берейин. Үйдөгүнүн өзүнчө тапкан тажрыйбасы бар, аны да айтып берейин. Бир жыл айланбай биздин айыл Мичурин акенин бейиш багына чөмүлсүн. Жүргүлө, кагылайындар... *(Булар кетер меңен Кйлыйкан адатынча жадырап ырдайт).*

К а л ы й к а н.

Бир кетсе жаштык табылбай
Бир таткан мейиз даамындай
Бур этип жыпар жыттанып,
Азаматтын багындай —

деген алмалуу бак ушул эмеспи! Ай үүй, Керээз эне... Бери келипп... жемиштерден терипп... мага көңүлүмчө берипп... Ойдогу дартты жеңип... койбосоң болбойт деп кесирленип турбасак болобу? *(Керээз келди).* Багыңарга береке, Керээз эне!

К е р э э з. Антпей бак аралап жемиш ооз тий... Куттуу үйгө келип айтарың ошобу...

К а л ы й к а н. *(Кайра күлкүсүнө салды)* Алиги Боронбайүптүн жолуна камдай кой дебейсиңби, Керээз эне... Секетим алманы эң эле жакшы көрөт. Кеңешбек менен Боронбайүбүм аман болсо, балким бул бакка биз келип конорбуз... Бул бизге ылайык... (*Шаңкылдап күлгөн бойдон бакка кирип кетти).*

К е р э э з. Ошент, бизди көчүрүп жиберип, келип конуп ал. Баары эле сенин айтканыңдай болот. Орунсуз көпкөн арам десе! *(Адатынча артынан кыйкырып)* Ооба, сөз эмес бекен?! Сага эле жарашат!? Кайран неме ай, теңибиз эмессиң ден... Көрөрбүз кимге тен болоруңду. Кайран неме эй... Андан ары тим койсо... *(Азамат келди, сөзүн ага буруп)* Карыганда тим эле жүрбөйбү. Кудай деп эле күн көрбөйбү. Анын эмне кереги бар... Жамандашпай эле койбойбу. Же алы жетпегенден кийин... Баласын тыйып койбойбу. Бирөөнүн айбын чукубай эле койбойбу... Кудай деп эле, жөн эле жүрбөйбү...

Азамат. Байбичем, дагы бирдеме уккансың го. Эмне үчүн жөн жүрөм? Эмне үчүн жөн коём? Ага Советим эмне дейт? Уят кана? Бет кана, байбиче?

К е р э э з. Жаңы парткомду да айландырып алышкан окшойт.

А з а м а т. Сабыр кыл, байбичем, сабыр кыл. Жаңы балдардын жаңы жолун эч кир чалбайт. Сабыр кыл, анын касиетине түшүн!

К е р э э з. Ошону айтам. Андан ары жанагы Калыйкан какылдак деген немеси, теңибиз эмессиң деп, бул бизге ылайык, келип конуп алабыз деп. Олда кайран неме. Андан ары кантер экен деп койсо. Менин ким экенимди алиге билбей жаткан экенсиң. Кайран неме ай!

(*Бакка кирип кетишет. Боронбаев менен Мурат кирет*).

Б о р о н б а е в. Ар дайым адамдын кабагына карай иш кыл, Муратым. Колунан иш келер кишиден аяба. Бере бер, кулкунуна бир нерсе өткөндө өзү да кың дебей калат. Канчалык айланаңда киши көп болсо, ошончолук түбүң бекем болот. Жанды жыргатыш керек, Муратым. Эпчилдик менен күн көрүш керек. Мына жаңы парторг менин иним болуп чыкты. Ал да сенин сөзүңдү сүйлөйт. Район ага ишенет. Кулaндар эми такыр унчуга алгыс болот.

М у р а т. Жорго менен кой жайын айтсам иниң унчуккан жок. Кайда барат дейсиң. Жемди көрүп ободогу куш түшөт эмеспи! Кечетен бери колхоздун чарбасын, жерин көрүп чыкты. Унчуккан жок. Ал кайда барат дейсиң!

Б о р о н б а е в. Азыр мында келет. Мына бул Куландың атасынын көзүнө көрүнүп кой дедим. Кеңешим буларды бүгүндөн баштап эле тизгиндейт эмеспи. Мен бүткөн ишке кол койдурам да районго текшерүү кагазын берем. Анан сага тик караган кишини көрөйүн. Кеңеш экөөң буларды ылдыйлатуунун жолун ойлогула.

Антпесе акыры жарып чыгат.

М у р а т. Кеңешбек экөөбүз Азаматты карагайга көчүрүп, Керээзди жолго бекитебиз. Уулун өлүмдүү таалга дайындап, ошол жактан бир сындырабыз. Бул бакка өзүм келип калам. Ана, Кеңешбек өзү да келатат.

Б о р о н б а е в. О, садагасы кетейиним. *(Кеңешбек, Кулан, Кулшайы жана Азамат кирет. Кеңешбек баятан айтып келатканын улап).*

К е ң е ш б е к. Ойлоп көр, Күлшайы. Жакшылап ойлоп көр. Сенин бул багытың эмики жаштарга ылайык келбейт. Бул адатыңды таптакыр ташта. Сезимиңен эскиликтин илинчегин үзүп сал. О, Азамат ата, бактын тилин кайдан үйрөнүп алгансыз? Бейиш кылып ийгенсиз го!

А з а м а т. Э балам, кыргызда бул өнөр болбой, кеч умтулуп калдым. Куланым китебин ачты, мен андан үйрөнүп эптеп-септеп түшүнө баштадык. Мичурин аке алтымыш жыл ушул бактын тилин үйрөнүп үч жүз түрлүү алма, мөмөнү чыгарыптыр. Мен аны жолдодум. Мына аралап көргүлө.

К е ң е ш б е к. Ушу илимге тишиңиз өттүбү?

А з а м а т. А дегенде мүдүрүлдүм. Акыры Мичурин акенин илими менен өзүмдүн карапайым өнөрүм теске салды.

К е ң е ш б е к. Эч кимден руксат сурабай эле, кыргыздын жоош жаткан жерине дүрбөлөң салдым деңизчи. Адатты башка жолго бурдум деңизчи. Ана, башка короонун биринде да сиздикиндей бак көрүнбөйтко.

А з а м а т. Заман руксат берди. Эмики балдардын сезими мени жаңы жолго бурду. Эмики адам адатты өзгөртөт.Табийгатты өзгөртөт, жерди өзгөртөт дешет тура. Ошол үмүт ушул.

Б о р о н б а е в. Кеңеш айтканымдай бар бекен. Азамат карыя эмикинин кулагы болом дейт. Көрбөйсүңбү, жемиши кургап көң болуп, ирип чирип жатканын.

Кулан. Жок, эмикинин маданияттуу дыйканы деп атаңыз.

А з а м а т. Боронбаев чырагым, тиги жагында картошкам да бар, ал да жаңыча өсөт. Тиги жагында айдаган күздүк.

М у р а т. Эмне дейт жарыктык. Алжып калгансызбы? Күздүк да жазында айдалчу беле. Каран катыгүн карыя. *(күлөт).*

А з а м а т. Картөшкөм жаңы табылган кыргыз сорту. Аны Лысенкодон үйрөндүм.

М у р а т. Мына, Кеңеш. Ал эми башың маң бол да жат. Ушуну кантип жакшылыкка жорусун? Нечен миң жылкы адат алган сопсонун жолдун баарын Телибай тентекчесинен тескериге салат. Ушуну жакшылык деп ойлоого болобу?

Б о р о н б а е в. Бул тажрыйбаң эгинге зыян келтирүүчү жорук экен го. Күздүктү кай кыргыздын дыйканы жазында айдачу эле? Бул эмне деген тажрыйба? Ким чыгарган өзү муну?

А з а м а т. Боронбаев чырагым, менин уйларым да башка. Аны да орустан үйрөнүп асылдандырдым. Койлорум да башка, метис.

М у р а т. Ошол жанагы сиздин жасалма жолуңуз малдын шорун катырып жатпайбы. Жасалмасы жок, метиси жок кыргыздын карапайымына кайдан жетсин.
Жасалма кыргыздын коюнун түрүн бузбадыбы. Мен колхоздун коюн ошол үчүн кыргыз тукумуна калтырдым. Эти таттуу, майы арбын.

Б о р о н б а е в. Кыргыздын карапайымы кай жагынан алсаң да өөдөлүк кылат. Азамат карыя, илимдин да жөнү бар. Бул илимиңиз балким бизди зыянга түшүрөр? Мунуңарды байкаш керек. Мындай тажрыйбаларды абайлаш керек.

М у р а т. Дайны жок ишке жылкы башын маң кылыш жарабайт.

К е ң е ш б е к. Кулан, сен буга эмне дейсиң? Азыркы айткандарга эмне деп жооп бересиң? Деги биология илиминин эмнесин түшүнөсүң? Анын негизги мааниси эмне? Сенин сүйөнөрүң кайсы окумуштуунун жолу? Деги ойлогон оюң, алган максатың эмне? Сен таанытчы өзүңдү? Дүйнө бул илим жөнүндө эмне деп жатат? Айтчы?

Б о р о н б а е в. Сөз эмес бекен. Баса десең.

М у р а т. Кеңешим, ошентип туруп сого көр.

К у л а н. Биология илиминде билгеним аз. Бирок аны үйрөнүү талабы, тереңирек билүү, аны эркин алып жүрө билүү максаты көптөн бери ойдо.

М у р а т. Ошонуңду айтсаң. Анан кантип үйрөтөм дейсиң!

Б о р о н б а е в. Тамтаңдаган немени көрдүңбү, Кеңеш!

К у л а н. Биология — чечүүчү илимден...

Б о р о н б а е в. Укканбыз анын баарын. Кеңеш, койчу ушуну айланайын?

М у р а т. Чепука!

К у л а н. Денеде эки түрлүү зат бар, бирөө — азыктануучу клеткалар, экинчиси — тукумдануучу клетка. Ошол экинчиси өмүрдүн негизи болуп саналып, ал эч качан өзгөрбөс калыпта укумдан-тукумга кууп жүрө берет дейт. Аны эч шарт өзгөртө албайт дейт.

М у р а т. Хош, анан!

Б о р о н б а ев. Анын бул жерде тиешеси эмне? Чепукаларды айта беришет экен го?

А з а м а т. Ал илимпоздорундун айтканындай укумдан тукум кууп өзгөрбөй жүрүп олтурса, анда аларга эч айла жок экен да. Жалдырап олтура бериш керек экен да. Чирик алма чириген бойдон, кебе козу кебе бойдон өтөт экен да. Анда илимдин пайдасы эмне?

К у л а н. Ал эми Мичурин: «Жок, табийгатта өзгөрбөй турган эч нерсе жок. Ага башкача шарт түзүү менен таптакыр кайрадан жасоого болот. Ошол асылданган, кайра өзгөргөн нерсени укумдан тукумга калтырууга болот» дейт. Атама түшүндүргөнүм ушул болду.

А з а м а т. Кыргыз коюн жасалма жол менен өнүктүрүп, анын чөбүн күчтүүлөп таза кармап, шартын өзгөрттүм эле таптакыр өзгөрдү. Анын тукумдары да ошондой. Жерге илим жолу менен дары чачып, семиртип, жаңы үрөн септим эле, баягы түшүм таптакыр караандабай калды. Илимпоздун айтканындай иштеп, тажрыйба катарында күздүк эгинди жазында айдап, картөшкөнүн жаңы сортун өндүрдүм.

К у л а н. Мичурин айткандай табийгатты багынтып, аны эркибизге көндүрүп алабыз дегендей, мына какыраган кумдак жерге атам мынчалык жемиш багын гүлдөтүп олтурат. Менин айтайын дегеним ушул болду. Бул билимди сүйдүм, билгенимди атамдын тажрыйбасына коштум. Башкарманы айыпташым да ушундан чыкты.

М у р а т. Ой, айланайындар, башты оорутпагылачы.

К е ң е ш б е к. Эмне үчүн анын пайдалуу жагын колхозго жайган жоксуңар?

К у л а н. Аны өзүлөрүнүн тайкы чөйрөлөрүнөн чыкпаган, эч качан илимдин касиетин сыйлоону ойлобогон, өзүңүз уккандай азыркыдай тайкы түшүнүгүн айтып олтурган, өзүлөрү окубаган, илимди үйрөнбөгөн, советтик талаптан артта калган адамдар тосуп коюшту.

Б о р о н б а е в. Айланайын Кулан, бороонду тосом дегениң балалык эмеспи? Ушул дагы болдубу? Сен байкап сүйлө, иним!

М у р а т. Сөз деп дөөрүй-дөөрүй бербе, Кулан. Көл казуу керек дейби? Дагы эмнелерди айтат. Албетте, эч качан макул болбойм. Ойлош керек! Сен бала, эмне деп атасың я? Кеңеш бул эмне дейт? Көрүнүп койчу буларга!

К е ң е ш б е к. Жок, Мурат, жок, жолдош Боронбаев. Силер чексиз чоң ката жибергенсиңер. Кулан өз мезгилинде эң керектүү маселени койгон тура. Илимге умтулуунун пайдасы ушул, ал иштин алдың ала билет. Табийгатты кайра жасоо, аны өз эркибизге багындырабыз деген талап коммунизм өлкөсүнүн бирден бир талабы болуп турат. Силер өкмөт алдында өз тайкылыгыңар, артта калгандыгыңар менен көп кесепет кылып олтурасыңар!

М у р а т. Кандайча?

Б о р о н б а е в. Кой кагылайын, Кеңеш, ошентип да тамаша кылабы?

М у р а т. Ой, айланайын, деги сен өзүң кимсиң?

К е ң е ш б е к. Партиянын өкүлү.

Б о р о н б а е в. Ал бизчи?

К е ң е ш б е к. Ким экениңерди өзүңөрдүн кылмыштуу ишиңер таанытып турбайбы. Илим жолуна түшүнбөгөн жана эскиликти колдогон артта калган киши экендигиңиздер белгилүү болбодубу. Мындан башка силерди ким дешке болот!

М у р а т. Балээ... Мына сөз!

Б о р о н б а е в. Агаңа айткан сыйлуу сөзүң ушулбу? Кеңешбек. Мындан да катуу айтылуучу сөздөр турат. Жүр, Күлшайы, жүр, Кулан, эртеңден баштап бороонду тосуу чарасына киришели, Азамат акенин тажрыйбасынын биздин жерге пайдалуу жагын кеңири жайылталы.

М у р а т. Ох... хуу, башың жаш! Башың жаш! Мени башкарма дейт! Менин укугумду сыйлагандар да бар! Илимди буза албайсың!

Б о р о н б а е в. Баргыла! Баргыла! Билгениңердей кылгыла. Биз деле райондон келгенбиз. Бизди райзонун ревизиясы дейт. Ой Мурат, бул эмне дейт я? Иштин баары бүткөндө бул дагы текшермекчи болобу? Ким ага андай укук берди? Бу сообу өзү я? Ээй тобо, бир тууган деген да ушундай болот экен ээ... Эмне деп дөөрүйт я? Иттин баласы! *(Экөө кетти.).*

К а л ы й к а н. Ар качандан бир качан эскилик деп эле калыптыр. Ашебке, жаңылыш, илим жолу деп эле калыптыр. Менин Муратымды, секетим Боронбаевди тик карагандар бар бекен? Ар качандан бир качан ушул Кеңешбек деген немеси, мына бул Кулан деген чечеги жамандык эле издеп калыптыр. Кеңешбегин туугансытып жүрсө, Куланга жакшылык кылайын деп жүрсө. Ар качандан бир качан урукчулук деп эле калыптыр. Алмаң менен куруп кал! *(Алмасын чачып жиберет, бултуңдап ачууланып, алардын апт жагынан кыйкырып)* Кеңешбегинин бул эмнеси экен. Сендей... сендей немелердин далайын көргөнбүз! Көрө жатабыз! *(Кетет).*

К е р э э з. *(Табалап)* Андан ары кантер экен деп койсо!

А з а м а т. Сабыр кыл, байбичем. Сабыр кыл. Жаңы адамдардын жолу эч качан булганбай турган жол!

6-СҮРӨТ

Правлениенин жыйналышы.

Б о р о н б а е в. Мага айып коюуга силердин акыңар жок! Мени район билет. Менин чыгарган чечимимди буза албайсыңар. Анын эмнеси көз боёмочулук? Эмнеси өкмөттү алдоо.

Б а а т ы р б е к. Көпчүлүктүн айтканын басып койгонуң, маселени тууганча чечкениң эмеспи? Малдын толбогонун, эгиндин аткарылбай жатканын жашырганың, башкарманын айбын жашырганың — боёмолоо эмеспи?

А з а м а т. Билген балдардын билимин тоскоолдоп жашырганың, кырсыкты жеңели, малды асылдандыралы, эгиндин түшүмүн көтөрөлү, кургак талаага берекенин күмүш булагын агызалы деген ак тилекке түшүнбөй койгон немени колдогондугуң деги кимге сыят, жолдош Боронбаев?

М а р и я м. Паракорлугуңду, иш маалында ичкиликке чардап күнү-түнү мас болгонуңду, уруучулукка берилип колхозду начарланткан Муратты жактаганыңды айткан ак адамдарды «эл бузар», «журт бузар» дегениңе ким ыза болбойт, жолдош Боронбаев!

К е р э э з. Баятан берки айтылган күнөөлөрдүн баары туура. Мураттын башкармалыкка ылайыгы келбестиги чын. Уулум айткандай илим-билим минтип өсүп баратса, жаратылыш бүт өзгөрүп баратса, кырсыкты жеңебиз, суусу жок жерге күмүш булак агызабыз деп бүткүл совет эли чоң сапарга чыгып жатса, аны башкарма түшүнбөсө, окубаса, билимге түшүнбөсө, кайра ага каршы чыкса, ал деги кантип бизди

башкара алат? Анын мындай жаман иштерин кайсы абийирдүү адам жаба алат? Айтчы айланайын, Кеңешбек? Же Боронбаев бир тууган агаң экен, сен да буларга жан тартарсың. Антсең, балам, Кулан бар, биз ага ишенебиз.

М у р а т. Жолдоштор! Баятан бери мага көп-көп күнөө коюп сүйлөдүңөр. Активдерден бир-экөө болбосо башкадарыңар менин жамандыгымды издедиңер. Рас, мен беш жыл башкарма болдум, колуман келишинче жакшы иштедим. Эл ынтымактуу болсун, кыйналбасын, биримдикте жашасын дедим. Рас, малдын саны азайган экен. Азайса кантем? Өкмөткө этке бердик. Рас, эгиндин түшүмү төмөндөгөн экен. Табийгаттын кырсыгы болду. Жердин кургакчылыгы, суунун кемчилиги себеп бслду. Кулан иниме каршы чыккан экемин, өкмөт өзү айтпаган соң, анын тилегине кошулганым жок. Мына, менин негизги айбым ушул жана урукчул, тууганчыл, зиянкеч, өзүмчүл, эскичил, маданиятсыз, уставды бузду, ашык жер айдады, ашык мал күттү жана башка жана башка дедиңер. Анын көбү ашыра айтылган сөз. Мен элден-журттан кагылсам болот. Мен элге курман болсом болот. Оюмда арамзадалыгым болбоду. Жамандыгым болбоду... Ошентип, айланайын туугандар, менин кемчилигимди кечирүүңөрдү сурайм. Анча-мынча айбыма ракым сурайм. Өзүңөрдүн жардамыңар менен колхозду мындан ары да башкарып кете алам!

Үн. Жөнү бар сөз!

Үн. Күнөөсүн алса кечүү керек!

К ү л ш а й ы. Жок, аба, сиз күнөөңүздү моюнга алган жоксуз, аны жашырдыңыз. Айбыңыздын көбүн сыртка чыгарып айткан жоксуз. Сиз азыр башка жол таптыңыз. Сиз, элди урууга бөлүп, феодализмдин калдыгына батканыңызды жашырдыңыз. Сиз айбыңыздын негизи болгон эмики доорубуздун таламына кесепет кылганыңызды, тайкылыгыңызды, билимге түшүнбөстүгүңүздү кайра колдодуңуз. Кайра башкарма болсом экен деп, элден кечирим сурадыңыз. Мен Сиздин бир тууган карындашыңызмын, Сиздин бүткүл ой-санааңызга аралашчу элем, жактачуу элем. Сиздин эң пас иштериңизди көргөн соң эми чыдабайм. Сизде көп арамдык бар. Сизге оңойлук менен кошулуп кете албайм. Сиз мени да туугандык оорусуна булгадыңыз. Мен эми андан түбөлүккө бөлүнөм. Менин айтарым ушул.
(Кубаттоолор, таң калуулар).

Б о р о н б а е в. Айтканыңа өкүнөрсүң, Күлшайы. Биз деле советтин өз адамы. Биздин деле кадыр бар. Мен дагы эле болсо Кеңешбегимден үмүтүмдү үзбөйм. Сөзүмдүн ток этер жерин айтсам, районсуз силер мени айыптай албайсыңар. Айтылгандын бирин да мойнума албайм. Мен силер менен райондо сүйлөшөм. Бекер убактымды кетире албайм. Жыйналышыңарды таштап, момингип катуу басып чыгып кетүүгө акым бар! *(кетет).*

К е ң е ш б е к. Жолдоштор, мен Батырбек, Күлшайы жана башкалардын айтканын жыйынтыктап правления ошолорго кошула тургандыгына ишенем. Коюлган күнөөлөрдүн баарын партия өзү акыйкаттайт. Мураттын кечирим сураганы да жаман эмес, бирок, ал большевикче суроо эмес. Амалдуулардын, эки жүздүүлөрдүн кытмыр суроосу. Партия аны да талдап карайт. Билимсиздиктен, арамзалыктан, эки жүздүүлүктөн, эски заманды колдоочулуктан жана толуп жаткан ыпластардан Кулан, Күлшайы жана мына бул отурган жаңы кишилер өз заманын кристаллдай таза сактай алат! Биздин эмки тилек, табийгаттын берер энчисин эмгек менен алалы! Мичуриндин күмүш булагына карай алгалайлы! *(Кубаттоолор, сценадагы жарык өзгөрүп эл тарап, Мурат жалгыз калат).*

М у р а т. Мени эми партия акыйкаттайт. Партия алдында амал менен «айбымды мойнума алам» десең күнөөңдү кечире коймою бар. Мен эми жалдырап көрөм. Калынып көрөм. Караңгылыгым деп айтам, кечирет. Кечиргин, кечиргин дейм. *(Кетет. Кулан менен Күлшайы кирет).*

К ү л ш а й ы. *(Аз тынчтык)* Кечир мени Кулан, кечир, жаным. Сага айткандарымдын баарын, менин жаңылыш көз караштарымды оюңдан алып ташта.

Мен өлгөнгө чейин заманымдын ак ниет кызы! Табийгатты кайра куруу, күмүш булак агызуучулардын солдаты! Кечир, кечир мени, Куланжан!

К у л а н. Чын жүрөктөн айтылган соң кантип кечирбесе болот. Мына, мына менин, Күлшайым! *(Кучакташып өбүшөт).*

Көшөгө түшөт.

III КӨШӨГӨ

7-СҮРӨТ

Мураттын үйү. Креслодо ойлуу отурган Мурат. Бир тарапта капалуу Садыбакас. Калыйкан күйөөсүнө жаракөрлөнүүдө.

К а л ы й к а н. Берекем, кабагыңды ачсаң, капа болбосоң. Күлүп койсоң. Кантет эми, бөөдө эле ойго батып. Сырыңды айтсаң, эч болбосо четин чыгарып койсоң, ушул мен турганда капа болуп, кытыгылайынбы, күлүп койсоң. Берекем, бери бир өөдө карап койсоң. Койчу, берекей, ошентет бекен. Эр жигит да санаага алдырат бекен. Мени карап күлүп койсоң же:

Адамдан артык болгон соң
Сени —
Ардагым дебей нетейин?
Жанымды берип сен үчүн,
Мен садага кетейин...
Жигиттен артык болгон соң
Сени —
Жыргалым дебей нетейин?
Жазганым эмне айтып кой,
Мен секетиң кетейин!

деп ырдап берейинби? Карабасаң, күлбөсөң мен ыйлайм. *(Эркелеп ыйлап да жиберет).* Бизде он тогуз жылга жетерлик дүйнө бар. Берекем, бизде эмне жок. Күлүп жиберсең эми? *(Боронбаев келет, аны жаракөрлөнүп тосуп алат).* Адамдан артык болгон соң Сени... *(Жанагы ырын кайра ырдайын деди эле).*

Б о р о н б а е в. *(Жактырбай, аны токтотуп)* Чишш... Эми мындай күндөрдү эстечу убак эмес. Ошентип илимге түшүнбөгөн, артта калган деген атка кондук дечи, Мурат. Ушундай да болот экен ээ!

М у р а т. *(Чылымын токтотуп, эми араң жанданып)* Кош, Боронбаев, иш кандай? Өлгөндү да угузат тура... Эмне болду? Жүрөгүм жарыла жаздап турат. Айт, менден кийин калдың эле...

Б о р о н б а е в. Эмне болоюн, Муратым. Куюшканым кат болсо, сага сырдашууга келбейт элем го. Ташым кулады, баатыр... Өкмөттүн ишенимин актабаган, көз боёмолоочу, эскиликти жактаган киши болуп табылдым. Ары жагын өзүң билесиң го.

М у р а т. Секретарь бала айтып олтурса, өз кылганыма боюм титирейт. Ичкилик, мансапкордук азгырат тура. Кош, анан сени эмне дешти бюродо?

Б о р о н б а е в. *(Үшкүрүп жиберип).* Кызматыман бошодум. Партиядан чыгарылдым. Ушул иштин соңу. Иши прокурорго тапшырылсын дешти, мындайы да бар. Аның эмнесин айтайын. Жакшы эле жулундум эле, өзүмө зыянга түштү. Моюнга коюшту. Уксаң ушул, Муратым. Өзүңдөн сөз болсун.

М у р а т. *(Ары-бери басып, аз паузадан кийин)* Куландын айыптоосун, правлениянын чечимин туура деп табышты. Мага айтылбаган сөз калган жок. Кечирим

сурадым. Аныма да алданган жок, башкармалыгымдан бошодум. Парт белеттен айрылдым. Мени да текшерүү уюмуна тапшырылсын дешти. Ошентип жүгөндү шыпырып чыга бердим.

К а л ы й ка н. Эмне дейт, берекем... Эмне дейт карап күн! Башкармалыктан, белеттен! Эмне дейт булар, эмне дейт каран күн! *(Кайгы. Аз тынчтык).*

С а д ы б а к а с. Башкармалык кетти. Бакыт кетти. Көрүнбөй жүргөндү көрүп коюшту. Кампага каткан төрт жүз пуд буудай кетти. Кара кашка койлорум колхоздун коюна кошулду. Күлүк, жорго, уй, торпок каткандардын баары кетти. Ошолордун ордуна менин кара башым кетсечи. Алда мени ушул күнгө дуушар кылганча, тозоктун кайнаган отуна салып, кегиңди алсаңчы. Кара кашка койлорум. О жараткан, мындан көрөкчө өлтүр? Өз колуң менен өлтүр. Мына, мына кара башым. Мээмди чак, көзүмдү ой, өлтүр мени! *(Баары кайгыда. Тынчтык. Күлшайы келет. Сөз айта албай туруп калат. Тынчтык).*

М у р а т. Бизде тил да жок, үн да жок. Мына жыйналышта айткан сөзүңдүн жыйынтыгы ушундай болуп чыкты, Күлшайы.

К а л ы й к а н. Кубан, жырга өз агаңдын тагдырына?!

Б о р о н б а е в. Мактан, мактан кылган жакшылыгыңа, Күлшайы. Байкең жана мен балким алыс, алыс сапар жөнөрбүз.

С а д ы б а к а с. Сендей кыз күткөнчө, жылан күтсөмчү! Мына сенин кылганың. Кай бетиң менен ыйлабай турасың. Кай бетиң менен келдиң?

К ү л ш а й ы. Албетте, мага оор, ата, бирок ошондой болсо да ыйлабайм, ата, күлбөйм да. Мен мында таза тилек, жарык жүзүм менен келдим. Азыркы ахыбалыңарга түшүнүп турам, эртеңкиңерге да түшүнөм. Рас, буга менин сөзүм себеп болду. Силердин ахыбалыңардын азыр өтө оор экенин да билем. Замандын талабы мени чымыркантат. Мен өз заманым, өз элимдин алдында адамкерчилик абийиримди актадым. Ойлоп көргүлөчү. Аны кантип жашыра алам. Биздин эмки заман атанын, аганын күнөөсүнө карабай турган, түз бетке айта турган адөөлөт заман. Жаңы башталган бактым, жаш өмүрүм ошол замандыкы, адам эч качан калыстыктан тайбоого тийиш. Менин бактым — илим. Силер кайда гана жүрсөңөр да, качан гана келсеңер да биздин кайра жаңырткан колхозубузду бир кайрылып көрбөй койбогула? Ушуну унутпагыла! Кошкула! *(Кетет).*

М у р а т. Уктуңбу айтканын? Бир тууганга кейимек түгүл, табийгатты жаңыртабыз деп турганын көрбөйсүңбү? Илимиңди ким билиптир, бул жагынан да айыпка жыгылдым. Мичурин, Темир аязыңды ким билиптир. Табийгат менен күрөшөт деген кулагыма кирген эмес.

Б о р о н б а е в. Буларда жалтануу деген жок. А Муке, мен да ошол илимдин жолуна түшүнбөгөндүгүм берки пиядалыма кошулуп кетип ушинтип олтурбайымбы.

К а л ы й к а н. *(Артынан кыйкырып).* Ташбоор бейбак! Ташбоор бейбак! Баарын кылган сен. Агаңдын айбын чукуган сен. Ошол суу жок жерге суу чыгарам, бороонду басам деп элди дүрбөткөн да сен. Бул балакетти козгогон да сен. Көрөрмүн, көрөрмүн кудайдын кырсыгына жол тапканыңды! Көрөрмүн кум талаага күмүш булак агызып көгөрткөнүңдү! Көрөрмүн оңдоп жибергениңди! Атааң көрү ай, беш жылкы өмүр, оюнкүлкү, таң-тамаша жашчылык менен билинбей өтүп кеткен экен э... Колхоздун кеңчилиги ай, бирөө сен деп бетке караган эмес. Кайран башкармалык ай э... Берекем, жакшы эле байка дегем. Эсирип баратасың дегем! Ичкенди кой, алганды кой дегем. Айып өзүңдө.

С а д ы б а к а с. Кыскасы, бар дүйнө деген ушул. Эскиче кеткен турбайбызбы. Мен миң койдуң атын айтып жүрбөймбү. Мына башкармалык кетти. Кара кашка койлор да кетти. Бекер тапкандын баары акыры аш болгон жок. Өкмөт акыры табат, кой, абайла балам дедим. Байка дедим, жаштар менен эрегишпе дедим. Билгем, билгем балам. Эми Азамат башкарма болуптур дейт. Көрөрбүз баламдан ашып кеткениңди! Көрөрбүз сен жер-сууну көгөртүп жибергениңди. Миң жылдан бери какырап жаткан кудайдын

кургак талаасын оңдойм деп шек келтиргениң кудайга кур кетпес. Көрөрмүн ушул колхозду эле оңоп, жыргатып жибергениңди! Көрөрмүн бак сайган өнөрүңдү! Көрөрмүн Азамат сени да, көрөрмүн жараткандын жазганын оңойм дегениң сени узата койбос, Азамат?! Көрөрмүн өнөрчүл башкарма, сени да көрөрмүн?!

К а л ы й к а н. Ушундай да болот экен э... Кайран гана башкармалык ай э... Күлшайы бейбак, Кулан чечек! Кеңешбек мээнет, ушундай кыларын билгем... Билгем, билгем, билгем! *(Жер тепкилеп ыйлап жиберет).*

8-СҮРӨТ

Эгинди жыйып болгон кез. Кызыл кырман. Алыста суу чыгаруу жумушунда жүргөн эл. Кызуу эмгек.

А з а м а т. Биринчи дан мамлекетке! Табыйгаттын эгинин кургаткан шамалына, таңдайды так катырган кемчил суусуна, мээ кайнаткан ысыгына бой бербей, баатырлык менен кырсыкты жеңип алган колхоздун ак буудайын алсын. Алсын, айланайын ата журт! Пункутка карай жөңөгөн кызыл жүктүн учуна көз жетпей тунарсын! Жөнөткүлө, жигиттер. Тигинде жаштардын бригадасы. Анда балам, Кеңеш, Күлшайы. Булар шамалды тосуп, кумдак жерге күмүш булак агызуучулар! Гүлдөткүлө турмушту, жаңырткыла жаратылышты! Оңдогула катасын! *Ыр)*

Көнбөгөндү көндүрөбүз,
Суусуз жерди көгөртөбүз.
Кум чөлдөрдү гүлдөтөбүз,
Каалаганды өндүрөбүз.

Табийгатты багынтабыз,
Өзүбүзгө жалынтабыз.
Ушул турган көрксүз талаа
Эртең болот таанып алгыс.

Жерибизди кайра жасап,
Колхоздорду жашартабыз.
Жашартууга жаратылган,
Биздин кубат, биздин намыс.

(Эмгек күчөп алыстан угулган ушул ыр. Сценанын алдыңкы планында кырман жанында Садыбакас олтурат).

Садыбакас. *(Ушул ырды өзүнчө туурап).*

Көнбөгөндү көндүрөбүз,
Суусуз жерди көгөртөбүз.
И анан *(Кыңылдап)*
Кум чөлдөрдү гүлдөтөбүз.
Каалаганды өндүрөбүз...

Кудаанын кудурети, ырларын кара. Шамалды токтотом, кырсыкты жеңем деп. (Кыңылдап) Атаны кайран арман күн. Анан арман эмей эмне? Баламдьин күнөөсү мойнуна коюлуп, жети жыл алыска кетти. Жети жыл, жети жыл! Мага кененчилик кылышты окшойт. Карылыгыма карадыбы, же аядыбы, же сынадыбы жанагы башкарма: «Я Саке, кол менен кылганды моюн менен тартат дейт, балаң кайра оңолуп келет, киши болуп келет, сен ага кейибе, колхозго жардам бер» дейт. Бул жаман сөзбү? Ишенип айткан сөзгө кантип жок дейсиң. Акыры ушул сакалымдын абийири үчүн да ак

иштебейимби. Арамдыкты көрбөдүмбү, сараңдыкты, дүнүйөкордукту көрбөдүмбү? Ушул кырмандан бирөөгө бир ууч дан алдырсам көзүм агып түшүп калбайбы. (Кыйкырып) Эй, Шаршенбай, эй Дүйшөн, ары, ары арабаңарды ары тарткыла. Кембайдын кызылын ары жыйнагыла. Менин кырманыма жакындатпагыла! Тарт ары! Укпаган немелер го. (Шаршенбай, Дүйшөн кирет).

Шаршенбай. Саке, жаңы башкарма бизди да минтип буудай ташытып салды. Мурат барында мындай тартибинди ким билиптир, жалкоо десең жалкоо деп атай бер деп жүрө берер элек. Көрсө, олжо эмгекте тура. Эки айда токсон күн тапсам болобу. Актиптердин иштегенин эми көр, баары эмгекте. Тигинтип илим жолун үйрөнүп жүргөйдөр да бар.

Д ү й ш ө н. Мурат эле жакшы эле. Ак төөнүн карды жарылып жаткан убакта колхозго кенен караган азамат эле. Кырмандан анча-мынча кымтый койсоң, көрмөксөн болуп коймой азаматчылыгы бар эле.

Садыбакас. Эмне? Кырмандан? Азаматчылыгы бар? Эй, Дүйшөн, ошол баламды жолдон тайдыргандын бири сенсиң! Көрмөксөн болуп, эми дагы ошол кымтымайыңды карматканы келип олтурасыңбы? Мунун айтып турганын. Айда, айда арабаңды. Үч жерге тегерете чийип койгон белгим бар. Ошонун бирөөнөн аттаганыңды көрөйүн. Айда, айда, тарткыла арабаңарды. Сөзүнүн жаманын, тарткыла! (Түртүп ары кетирет).

К а л ы й к а н. (Талаа жакка шаңкылдап кыйкырып) Ай, ууй Сакиш, Мариям. Менин боолорума кошпогула... Өзүмдүкү бөлөк бодсун. Кошпогула дейм, ары өзүңөрчө жыйнагыла. (Келе жаткан Күлшайыны тосуп) Күлшайы, сени эмгек күн жазгыч дейт. Меникин жаңылбай жаз. Те комбай жүрбөгөн ойдун буудайын жеке оруп, жеке бооладым. Комбайга убактылуу штурбал болгонумду да жаз. Отуз кап буудайды жеке жүктөгөнүмдү да жаз. Кана биз деле дыйкандын кызы элек. Змки актиптер силер болдуңар, дагы ишиңер барбы? Кана, айта койгулачы мага? Кайда дагы жумуш?

К ү л ш а й ы. Калыйкан жеңе, адамдын ырысын эмгек ачат деген ушул. Сенин тапкан ак эмгегиң, ал өзүңдүн аманатың. Аны эч ким сенден тартып ала албайт. Тапкан күндөрүң түгөл жазылган. Он беш күндө кырк беш күн тапкансыз. Эмики тапшырылуучу жумуш — тигил жаштар бригадасына кошулуп, бак тигишесиз. Бороонду токтотуп, кумдак жерге күмүш булак агызуучу, жердин кыртышын оңдоп мол түшүм алуучу, малды асылдандырып сапаттуу мал өстүрүүчү сонун бригаданын жаңы кишиси болуңуз. Гүлдөй турган учуруңуз эйи келди, жеңе!

К а л ы й к а н. Силер жаңырткан соң, жаңырбаска эмне экен? Андай болсо кошулайын ошол өнөрдүү бригадаңа! Биз деле анча-мынча өнөрдү, илимди үйрөнө жүргүбүз келет, үйрөнө жатабыз!

Суу жок жерге суу жыгып,

Көгөртөм деген сөзүңдөн.

Шамалды басам деп айткан

Айлансын жаным өзүңдөн.

(Адатынча ырдап да жиберди, Күлшайы экөө ары кетет).

Садыбакас. Эй, Кулан балам, бери басчы. Бери, бари мага карай бас. Сурай турган сөзүм бар. (Кулан келет). Тигил эмне деген эмнеңер?

К у л а н. Саке, ал жүзүм. Колхозубузга жүзүм өндүрөлү дедик. Атам быйыл биринчи мөмөсүн алды. Эми колхозго жаялы дедик.

Садыбакас. А тетиги арабадагысычы?

К у л а н. Анысы Мичурин акенин мийбасы: жаңгак, алма, кара өрүк, шабдалы толуп жаткан жаңы аттары бар. Аны жегенде бир билесиз.

Садыбакас. Дагы эмнелер бар?

К у л а н. Шамалды тосуп тикчүү бактар бар. Алар башка. Анан эмдиги жылы коон, дарбыз айдайлы деп турабыз. Аны да атам тажрыйба кылып көргөн.

С а д ы б а к а с. И, баракелде, баракелде. Атаңдын өнөрү, сенин билимиң -орундуу кеп. Кулан, бул айткандарың кызык экен. Мунсуз жашоого болбойбу?

К у л а н. Бул жаратылыштын көркү. Булар адамдын өмүрүн жашартуучу нерселер. Береке ушунда, Саке! (Кетет).

Садыбакас. Ооба, ооба айтканың жөн, Кулан. Балам ушуну билбей өзү уятка калбадыбы. Кулан балам, ошенткиле. Өнөрүңөрдү, илимиңерди көрсөткүлө. (Куландын артынан карап туруп бырс күлүп ийди) Кудай ээй, айткандарын көрчү. Андан көрөкчө чөп чарды оттойбуз деп эле чынын айтпайбы. Оттойт экенбиз да. Береке, байлык дейби. (Дагы күлөт). Кантип эле айланып кетейин этке жетсин, эки күн эт жебеген киши жинди болот дечү эле. Өзгөртөбүз дейт тура. Жүз түркүн жемишин атайт. Ай ким билсин. Ошонуң деле кудайдан. Көрөрмүн ошол айткандарыңдын өнгөнүн. (Күңгүрөп). Атаны кокуй арман күн де!

А з а м а т. О кырманыңа береке, Саке!

Садыбакас. Айтканың келсин. «Бүркүт карыганда чычканчыл болот» деп, сенин башкармалык тушуңда минтип кырманга сакчы болуп калдык.

А з а м а т. Эмгекте намыс жок, Саке! Сакчылык жүрөгү таза адамга жагат. Тилеги акка берилет.

Садыбакас. Сынап айтканыңарды билем, башкарма. Бир чекилик кетпедиби. Эми арамдык кылсам карыялыктын кусуру урбайбы. Башкарма, тигилериң эмне кылып жүрүшөт?

А з а м а т. Көлчө казып, суу жыйнап, ысык урмайдын кырсыгын тыйып, керегинде эгинге суу беребиз деген ошолор. Тигилер жердин кыртышын өзгөртүп көп жылдык чөп өндүрөбүз дегендер. Баары эле илимди колдогон кишилер, Саке.

Садыбакас. Башкарма, карысаңар деле кудуретти ала жүрсөңөр болор эле. Ай, ушунуңар кандаи болор экен? Кудуреттин эле эрки нарк эмеспи!

А з а м а т. Эмикилер андан күчтүү болду, Саке. Эч кандай эркке карабай, жаратылышты жаңыртчуу адамдар чыкты. Аны өз көзүң менен көрүп ишенчүү күндөр келет. Шашпа, Саке. (Тоо урагандай дүңк эткен үн).

Садыбакас. Бул эмнеси?

А з а м а т. Чет сеңирдин берки булуңун бузушту.

Дал ошол жерге суу токтотулат. Күмүш булак агат. Баары көгөрөт. Сабыр кыл, Саке. Баары өзгөрөт, ал тургай сен да өзгөрөсүң, Саке. (Кыйкыра сүйлөп.) Баламдын илиминин биринчи кадамы башталат деген ушул! Көгөрсүн дүйнө,гүлдөсүн турмуш, жашарсын колхоз! Мөңкүсүн күмүш булак, тездеткиле жумушту, кагылайын балдарым! Тездеткиле! (Дагы эмгек. Музыка).

Көнбөгөндү көндүрөбүз,

Суусуз жерди көгөртөбүз.

Кум чөлдөрдү гүлдөтөбүз,

Каалаганды өндүрөбүз.

9-СҮРӨТ

Жай мезгили. Арадан жети жыл өттү. Колхоз негизинен өзгөрүп, бак-дарак гүлдөй, шамал тосулуп, кумдак жерге күмүш булак акты. Баягы колхоз такыр башка. Курулуштар, жашарган талаа сулуу көрүнүп, улуу Мичуриндин илимине карай жаңырган таң каларлык кооздук. Береке байлыктын белгиси.

К е р э э з. Ой дейм, баягыдакы боз адыр талааны карачы! Тукабадай түрлөнөт. Ал күндөр караандабай калды. Тээтиги калың бак аны түбөлүккө тороп салды. Баягыда экөөбүз кейиген кумдуу талааны карачы. Кубарган жер көктөп, төрт арыкка бөлүнүп аккан күмүш булакты карачы!

А з а м а т. Садыбакас менен суу талашкан ушул жай башы эле. Андан бери жети жыл өттү! Жети жыл, жети жыл өттү. Баракелде, ай э, замандын күчүнө сыйынса болот да, карачы ошондогунун бири жок. Колхоздун байлыгы бир канча миллионго жетти. Жаңырган дүйнө ого бетер жаңырды,

М а р и я м. Чын эле ошондогу суу талашканыбыз эсимде. Жыш өткөн экен ээ. Өмүрдүн текке кетпегенин карачы. Гектарынан элүү центнер түшүм алган күндү иөрдүк. Шамалды басып, жомоктогудай өзгөргөн мына бул колхоздун бактылуу өмүрүн көрдүк. Чын эле купкуу болгон чөлгө минтип мөлтүрөгөн булак акты. Жер оңолду. Тигинде жемиш бак, бул жагында клуб, мектеп. Баракелде, күчүңө.

А з а м а т. Эмгекке алма, жемиш алчу болдук. Атам билбеген мөмөлөрдү, жашылчаларды көрдүк. Какыраган талаага тигинтип кызылча өнөөрүн, жемиш бышарын ким билиптир? Жети жыл ичинде баарын кайрадан жасадык. (Тиги жакты карап) Тигине бир легкобай токтоду. И, баягы Кулан менен Күлшайым. Кагылып

кетейиндерим, Маскөөдөн кайтышып-келип калган экен ээ. Дем алышка го. Балалуу болушуптур. Болсун, болсун, балакетиңди алайындарым! Болсун!

К е р э э з. И... Балакетиңди айлайындарым. Өзү көгөрткөн жерди көрөйүн деген го. Билим адамды жак'шынакай кылат экен го. Баягы Куланым, Күлшайым эмес. (Бери карай басты, эл чуркап калды). Жүргүлө.

Б а т ы р б е к. Сабыр кыл, Макиш. Учурашууга жол тийбейт. Өзүлөрү ушул жерге келет. Ана, бери басышты.

М а р и я м. Баласын көргөндө көзүмөн жаш чыгып Кеткеничи. Кечеги балдар. Садагаң кетейиндерим. (Кубанычтуу музыка, Кулан, Күлшайы, эл).

Кулан. (Шаттык батпай карап). Былтыркыдан быйыл башка. Айыл шаар болот деген ушул. Кайрадан курулган табийгат деген ана! Бизди эңсеткен күмүш булак, Баары көз алдыда, Коммунизм заманы ээк астыда!

Кеңешбек. Көнбөгөндү көндүрөт, багынбаганды баш ийдирет, табийгатты өз эркиндей, өзү каалагандай жасап алат деген большевиктин урааны мына!

К ү л ш а й ы. Советтик илимдин мөмөсү ушул. Биз жети жыл мурда поезд менен аралап өткөн жерлер да ушундай өзгөргөн. Баягы казак талаалары андай эмес. Анда да гүлдөгөн бак. Жерди көгөртүп аккан ушундай тунук күмүш булак! Кандай кооз, кандай сулуу, кум талаага аккан күмүш булагым?

А з а м а т. Карагыла, кубангыла өз таалай-ыңарга, балдарым.

(Баары кубанычтуу. Музыка).

Кана эми, балдарым, сөз силерден болсун!

К ү л ш а й ы. Ата, бизде кубаныч көп. Москвадагы чоң илимпоз академик биздин колхозго өзүнүн жаңы

тажрыйбасынан тапкан жаңы өсүмдүктөрдүн тукумун берди. Мунусу баштагысынан сонун!

Б а т ы р б е к. Рахмат бизди сыйлаганына. Ата айланайын, кыргызды унутпаган илимпозум! Биздин колхозду да уккан экен э.

К ү л ш а й ы. Биз ал кишинин өз оозунан лекциялар уктук, өзүнөн таалим алдык. Ал киши барлык совет колхозу үчүн иштейт. Баарыбызды тааныйт. Ал өзү ошондой жөнөкөй сонун киши. Андан башка кубаныч. Кулан биология илиминин кандидаты болду. (Кубануу. Кол чабуу. Кут болсун, билимиң өссүн деген алкоолор).

К у л а н. Рахмат кубанчыңарга. Азыр баягы кыргыз эли илимге жетишип, дүйнөлүк атакты алып атпайбы. Илимдин ар тармагынан ондогон докторлор, профессорлор, академиянын мүчө-корреспонденттери чыкпадыбы. Кыргыз эли илимдин күмүш булагына кануууда.

Садыбакас. Кагылайын, Кулан, айланайын Гүлшайы, силердин илимиңер баарыбыздын ырыскыбыз. Кыргызды оңолсун, гүлдөсүн, илим үйрөнсүн деген ак тилек биздин гана заманда боло турган тилек тура! Азыр мен да башка. Мен азыр колхоздун беш жүз гектар жемиш багын кайтарам. Мен да өкмөттүн илимине баш ийдим.

К а л ы й к а н. Аманбы, Кулан, аманбы, Күлшайы. Баягы Калыйкан да башка Калыйкан. Мени б.илим жаңыртып, билим бактылуу кылды. Тээтиги тукабадай кулпурган менин кызылчам. Мен кызылчанын жаны. Азыркы атагым — ударник, милдетим — топ башы!

К у л а н. Биз таалайыбызды дагы алдыдан көрөбүз. Болыпевиктер баарын жаңыртты, кайрадан курду. Мына бул туйлап аккан күмүш булакты агызууга дем берип, табийгатты кайра жасоону үйрөткөн илимдүүлөрдү тарбиялаган өкмөт менен партиябызга алкыш!

Кеңешбек. Туугандар, биздин жеңиш — коммунизм заманынын жеңиши! Азыркы заманыбызга айтар алкышыбыз мына мындай:

Э л.

Артыбызда баатыр күндөр,

Андан баатыр алдыда,

Күндө өзгөрүп өсүп турган

Биздин күчтүү замана.

Артыбызда жарык күндөр,

Андан жарык алдыда.

Бүт дүйнөнү нурга айланткан

Өчпөй турган замана.

Жаратылыш бүт өзгөрүп,

Жаркыраган күн мына.

Табийгатты багындырган

Татынакай замана.

Касиеттүү биздин ураан

Дагы илгери, дагы алга!

Коммунизм — заман аты —

Биз жашаган замана!

Бүтөт.

К ө ш ө г ө.

10-январь, 1949-жылы Фрунзеден башталып жазылып, 16-августта, 1949-жыл Чолпон-Атада бүткөн.

МАКАЛАЛАР, ЫРЛАР, КАТТАР

МЕНИН ОКУТУУЧУМ

Орустун улуу акыны Александр Сергеевич Пушкин баарыбызга, асыресе, Кыргызстандын жаш акындарына эң баалуу маданий мурас калтырды. Анын эң сонун, жагымдуу, жүрөктү толкундаткан ырлары жаңыдан жаза баштаган жазуучуларга, акындарга жолду жарык кылып, аларды шыктандьцрат жана алга өсүшүнө мүмкүндүк берет.

Мен педагогика техникумунда окуп жүргөн кезимде эле Пушкиндин «Кышкы жол» жана башка ырларын жаттап алган болчумун. Орус тилин начар билсем да, улуу акындыу ырларын сүйүп окуй тургамын, бул ырлар мени абдан толкундатар эле. Ошол кезден тартып мен Пушкинди сүйүп калдым жана аны өзүмдүн окутуучум деп эсептейм... .

Анын «Кышкы жол» деген ырын кыргыз тилине кандайча которгонумду унутуу кыйын. Бул окуя Кыргызстандын педагогика техникумунда окуп жүргөнүмдө болгон эле. Андан бери далай убакыт өттү, бул мезгилдин ичинде мен акындьш: «Евгений Онегин», «Полтава», «Капитан кызы» жана башка чыгармаларын окуп чыктым. Бул чыгармалар шыктандырып, чыгармачыльж эмгегим үчүн кубат берип турат.

А. С. Пушкинди сүйгөндүгүмдүн белгиси катарында акындын дүйнөдөн кайткан күнүнүн жүз жылдыгына карата анын «Кышкы кеч», «Гүл», «Поп жана анын малайы Балда жөнүндө жомок» аттуу чырамаларын котордум. Мен сыяктуу жаш акындар үчүн Пушкин түбөлүк окутуучу жана алга кадам шилтеткен жол көрсөтүүчү болуп саналат. Бул улуу акын кыргыз жаштарынын эң кымбат, баа жеткис адамы. Акындын жогорку маданиятын жана чеберчилигин өздөштүрүү — биздин милдетибиз.

1937-жыл, 11-февраль

САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВ

Кыргыз эли элдик чыгарманын дайрасы болгон «Манас» эпосу менен мактана алат. Жакында орус тилинде басылып чыккан (котормосу Пеньковский, Тарловский жана Липкиндики) ушул эпостун бир тому «Чоң казат» ого бетер эң жакшы иш болду. Муну окуган орус окуучулары кыргыз элин көз алдында: таланттуу, баатыр, ак көңүл эл катарында элестетип, аны кандайдыр сүйүүчүлүк менен карайт.

Биз, кыргыз эли, кыргыз интеллигенттери, айрым айтканда кыргыз жазуучулары менен кыргыз илимпоздору бул иште өз милдетибизди жакшы аткара албадык десек болот. Анткени дүйнөлүк даражада турган улуу эпосубузду тийиштүү түрдө эл көзүнө көрсөтө албадык. Эпос жөнүндө илимий талдоолор, тарыхый изилдөөлөр ушул күнгө чейин ойдогудай жүргүзүлгөн жок. Булар болбой туруп, эпосубузду окуучуларга кургак сунуу уят иш.

Көп жолдоштор «Манасты» «редакциялоо», «рецейзиялоо», «кыскарта коюу», «либретто түзө коюу» менен чектелишип, колдорунан келе турган олуттуу иштерге чыгына алышпай жүрүшөт.

Албетте, эпосту түзгөн — эл, аны элге жеткирүүчү: анын айтуучусу, же жомокчусу — манасчы. Мындайча айтканда эмгектин чоңу — акындыкы, манасчыныкы. Бизде кээ бир артта калган «Манасчы деген эмне, ал айта берет да» деген түшүнүк бар.

Жок, андай эмес. Менимче барлык касиет манасчыда. Манасчы ал, биринчиден, акын, тарыхты жакшы билген акылга бай адам. Экинчиден, тубаса элдик артист.

Ошондуктан окуучуларбызга манасчыларбызды тааныштыруубуз биринчи парс болот.

XX кылымда жашаган манасчылардын эң көрүнүктүүсү, эң күчтүүсү, эң улуусу Сагынбай Орозбак уулу болуп эсептелет. Бирок биздин уятыбызга жараша ушул улуу киши жөнүндө да бир да сөз жазыла элек.

«Манас» эпосунун 1100[1] жылдык юбилейине байланыштуу, мен бир-эки ооз ,сөз жазгым келет.

Кыргыз тили жана адабияты менен тарыхынын илимизилдөө институту «Манас» эпосун жазууну 1922-жылдан баштап, ушул күндө да жүргүзүп жатат. Анын карамагында 13 төн ашуун вариант болуп, 1000 басма табак ыр бар. Анын 400 басма табагы Сагынбай Орозбак уулунуку, калгандары Саякбай, Жаңыбай, Шапак, Байымбет, Ыбрайым жана башкаларыныкы.

Мен түздөн-түз муну айтар элем, эгер ушунун ичинде кокус Сагынбай Орозбаковдуку болбосо, анда калгандары бизди «Манас» эпосунун күчүнө мынчалык таң калтыра албас эле. Сагынбайдын сөздөрү башкалардыкынан бөлүнүп турат. Сагынбайды окуп туруп, башкаларыныкына келгенде төрт катар үйдөн бир катар үйгө түшкөндөй ылдыйлай түшөсүң.

Биздин кыргыз акындары айткандай: «Сагынбайдын бир сөзү, бир аттык»... Өзүбүздү көтөрбөй айтканда, орус классиктерин жана Күн батыш адабияты менен тааныш биз сыяктуу кишилерге: Сагынбай Орозбаков да Пушкин, Толстой, Данте, Шекспир сыяктуу таң калтыруучу күч болуп сезилет. Биз орустун улуу чеберлерине баш ийгендей, Сагынбайга да баш иебиз. Ал бирдемени үйрөнүп алып, же жаттап алып айткан жамакчы эмес, ал улуу акын. Ал улуу эпосту түзүүчүлөрдүн бири.

Аны кандай гана шартта окугун, баары бир сени өзүнө тартып алат да, укмуштуу жөнөкөйлүгүнө, эркин күчүнө, уйкалышкан сөз тизмегине, сонун образдарына тамшандырып, баш чайкатат. Аны окуп олтурганда эриксизден: «Кайран Сакем» деп жибересиң.

XX кылымда Сагынбайдын күчүнө тете акын туула элек десек жаңылышпайбыз. Ал элдик адабияттын пири катарында сезилет да, улуу Гомердин элесиндей көрүнөт.

---

[1] «Манас» эпосу IX кылымда калыптана баштаган деген аныктама боюнча 1947-жылы эпостун 1100 жылдыгы белгиленмек болгон. Бирок тарыхый чындык жагынан эпостун чыгышы жөнүндөгү, датанын аныктыгы такталбай жана «Манасты» бастыруу даярдыктары жетишсиз болгондуктан юбилей өткөн эмес.— Ред.

Сагынбай 1867-жылы Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында «Кабырга» деген сууда (азыркы «Тору айгырда») туулган. Атасы Орозбак Ормон хандын кернейчиси болгон, агасы Алишер эл көзүнө көрүнгөн кадимкидей эле манасчы болгон. Кийин иниси атагып чыкканда, агасы «Манас» айтууну коюп койгон.

Сагынбай элдик легендада айтылгандай, 14, 15 жашынан эле «түш көрүп» жана Тыныбектен үйрөнүп манасчы болгон. Ал жаш кезинен эле оозго алынып ЫсыкКөл, Тянь-Шань өрөөнүнө бүт айтып, анан Чүй, Талас, Кетмен-Төбө, Алайга чейин айткан. Ошол «Манас» айтып барган бир жылы Чүй өрөөнүнөн 400 кер кашка жылкы айдап келген эле дешет. Казак элине баргандагы сыйы да ушуга тете болгон. 30 жашында Сары-Үйсүн, Кум казактарынын ырчылары менен жолугушканда, тигилер: «Биздин казак, кыргызда мындай олуя ырчы жок» дешкен экен.

Сагынбай өз доорунун барлык улуу кишилери менен байланыштуу болгон жана өз заманын жакшы тааный билген.

Кыргыздын улуу акыны Токтогул менен КетменТөбөдө кезигишкенде, Токтогул Сагынбайга баш ийген экен. Токтогул менен олтурганда бир күн, бир түн тынбай айтыптыр, ошондо Токтогул: «Кыргыздан мындай манасчыны эч көргөн эмесмин, эстен тандым» деген экен.

Эл артисти Молдобасан Мусулманкулов: «Акындык жагынан ага тең келген күчтү көргөн эмесмин, биз анчейин анын баласы катарындабыз» — деген.

Сагынбай 1916-жылы Кытайга эл менен кошо үркүп барып ал жерде да «Манасты» айткан. Синь-Цзяндын кыргыздарынан да буга тең келген акын жана манасчы чыккан эмес.

Сагынбайдын вариантын жазуу Октябрь революциясынан кийин башталды. Аны жаздыруу орус илимпоздорунун демилгесинен болду.

Жазууну баштоонун жылдары (1922-жылы) советтик курулуштун балалык доору эле, кыргыз феодализминин такыр жоюлуп бүтө элек учуру болуучу. Андыктан ал кездеги тайкы адамдар, жек көрүндү улутчулдар бул ишке жакшы маани беришкен эмес.

Сагынбайга жардам берүүнүн ордуна: «Сен саяксың, андыктан манасыңды өрттөп салабыз» деп уулашкан. Улуу манасчы ага карабастан жанына чын дили менен «Манаска» берилген Ак Молдону (Ыбрайымды) ээрчитип алып төрт жылы бою жаздырган. Ал эч кандай эмгек акы, калам акы да алган эмес. Бир күну «Манасты» жаздырып жатып, Ыбрайымга: «азыркыбызга кейибейли, кийинки укум-тукумубуз үчүн кейийли, жүр нарыга салбай жакшылап айтыл, жакшылап жазалы, булар билбесе кийинки калыс өспүрүмдөр билер. Бизге ракмат айтышар» — деген экен.

Анын бул акылман сөзү айтканындай эле бар, албетте ал киши биздин күндө өзү айткандай баалануууда. Аны уулаган уруучулдар арабыздан алда качан тазаланган.

Сагынбай кийин колхоз курулушу доорунда да кыргыз жерин бүт кыдырып «Манасты» айтып жүрдү. Октябрь революциясы орнор замат революцияны жана Ленинди «Манас» күүсүнө салып... ырдап жүрдү. Кыргыз жеринин кай жерине барсаң да Сагынбай

жөнүндө сөз кылышат. Ал өз элин баатырлыкка, эр жүрөктүүлүккө, адилдикке, биздин бактылуу болочогубузга жетелеген акын болгон. Анын «Манас» эпосунан башка биздин күндөр жөнүндө ырдаган сонун ырлары бар.

Эл аны жалаң гана акын, же манасчы катарында баалабай, аны көрөгөч касиеттүү киши катарында да баалашкан. Ошондуктан өз балдарынын атын Сагынбай деп койгондор да болгон.

Кээ бир учурларда (эл колхоздошкон учурларда) малга кырсык учурап, өлүм-житим болгон жерлерге: «касиети тиет» дешип Сагынбайды чакыртып барышып «Манас» айттырышкан. Ошол сыяктуу адамдын оорусуна, балдардын жайылма ооруларына «Манас» айттырышкан.

Ысык-Көл, Фрунзе, Талас, Тянь-Шань жана башка областтарга барып Сагынбай жөнүндө сурасаң, четтен чыгып аңтып беришет. Элдин арасында анын образы мындай айтылат: «жазы маңдай, жалын көз, бетинен ырыс тамган, ырына ооз ачкандан тең келбеген, жайкалган кара сакал, кара мурут, ак көңүл, кичи пейил, салабаттуу, чексиз адамкерчиликтүү, кыргызда чанда туулган бир адам эле».

Кыргыз эли өзүнүн улуу манасчысын жанындай сүйөт. Анын түзгөн элдик образдары биздин социалисттик доордун баатырлары менен жана биз куруп жаткан коммунизмдин баатырлары менен байланыштуу.

Кыргыз жаштары Сагынбайдын «Манасын» окуу менен коркпостукту, болочокко жайдары карооону, жаңы доордун сонун иштерине ак ниет жана берилгендик менен кызмат кылуунун касиеттерин үйрөнүшөт.

Алдыбызда боло турган «Манас» эпосунун 1100 жылдык юбилейи, кыргыздын Гомери—Сагынбай Орозбак уулун да айрыкча белгилеп кетүү керек. Ал гана эмес, анын туулган жана өлгөн жылдары (ал 1930жылы 63 жашында, Кочкор районунда «Кош-Дөбө» кыштагында өлгөн) улуу акындар катары эскертилип туруу керек.

13/ХП—1946

Чолпон-Ата

«МАНАСТЫН» МУРАСЧЫСЫ

«Мурасчы» деп, кыргыз элинин дүйнөлүк эпосу «Манастын» байлыгын, же мурасын сактаган адам жөнүндө айткым келет.

Биздин эл бул укмуштуу эпосту нечен жүз жылдарбою түзгөн. Анын нечен бир сонун айтуучулары — манасчылары болгон. Маселен, Акылбек, Тыныбек, Дыйканбай, Жандаке, Байжан, Отунчу, Балык, ж. б. улуу акындар эл оозунда гана аталып, алардын «Манастары» жазылбай калган. Буга биздин таалайга каршы жаралган феодализм доору бир себеп болсо, ошонун негизинен келип чыккан нааданчылык, билимсиздик, маданиятсыздык экинчи себеп болгон.

Эгер Октябрь революциясы болбосо, басмабыз болбосо, биздин бул эпос ошол улуу ысымдар менен бирге дайынсыз кошо жоголмок эле. Акыры формасы улуттук, мазмуну социалисттик маданияттын негизинде ал кайрадан көтөрүлүп, дүйнөлүк байлыктардын казынасына кирип олтурат.

«Манасты» жазуу мындан 25 жыл илгери башталган эле. Ал кезде азыркыдай «өзү жазуучу» машина, же стенография гана эмес, эпостун маанисин бузбай, тарыхый жана көркөмдүк сапатын ойдогудай сактап кол менен жаза билген сабаттуу адамдар да саналуу гана эле. Ошол кезде 1905-жылдан бери мугалимдик кылуучу жана сегиз жашынан «Манас» эпосун угуп аябай каныккан, аган кошумча орусча аздап түшүнгөн, чагатай тилин жана адабиятын билгвн Ыбрайым Абдырахманов (ылакап аты — Ак Молдо) Кыргызстан Тил, адабият жана тарых илим-изилдөө институтунда иштеди. Бул киши ошол күндөн баштап эле атактуу акын, манасчы Сагынбай Орозбак уулунун вариантын жазууга кириштн.

Мындан мурдакы статьяда айтылгандай, ал кездеги тайкы адамдар бул эң маанилүү ишке баа беришкен жок. Айтуучу менен жазуучуга эмгек акы төлөө, турак жайы жана башка шарттарды түзүүнүн ордуна алардын шагын сындырып иренжитүү, ал гана эмес эпоско өздөрүнүн феодалдык чирик оилорун жугузууга аракеттеништи.

Бирок бул акылдуу киши: «Элдик байлык өз кунунан бузулбоо керек, эч кандай жасалма ойлорду киргизбөөбүз керек» деген принцип менен, Нарын, жанц Ат-Башы районундагы туугандарыныкына көчүп барып, ошол жакта төрт жыл бою жүрүп, Сагынбайдан 400 басма табак жазды. Бул мезгилдеги каражат өз эсебинен болду. Сагыпбайдын: «Эл үчүн иштейли, өспүрүмдөр үчүн кызмат кылалы» деген осуятын толук кабыл алуу менен, бул кылган кызматы элдики экендигине түшүндү.

Ыбрайым ага өзү айткандай, «Манасты» жазып жатканда күн батып таң атканы билинбей жүрдү. Төрт жыл түгөнбөгөн сыяктанат, ал тамаша жана өзүнчө бир мектеп катарында өтүп кетти. Ал гана эмес, «Манастын» күчүнө багынгандыктан көз алдына «Кырк чоронун жана Манастын элестери келип, кээде дүңгүрөгөн дабыштар, ал жазып жатканда артынан Алмамбет желип карап тургансыган» белгилер болуп турду.

Эгер Ыбрайым ага ошончолук абийирдүүлүк, чын берилгендик жана маданияттуулук менен бул эпостү ХХ кылымдын улуу манасчысы Сагынбай Орозбак уулунан жазып калбаган болсо,кыргыз эли чоң олжодон айрылган болор эле. Бул укмуштуу вариант институттун алтын казынасына кирбей калган болор эле. Бул кишинин бөтөнчө эмгеги мына ушунда!

Сагынбай Орозбак уулунун вариантына изилдөө, илимий жана көркөмдүк, тарыхый жагын текшерүү жагынан эч кол тие элек десек болот. Академик Ауэзов Мухтардын жана раматылык Калим Рахматулиндин эмгектери биринчи башталгыч иш катарында болуп, алар жалпы эпостун чыгышы жөнүндө айтылат.

Биздин болочогубуз, алдыдагы адабиятыбыздын өсүш жолунда Сагынбайдан жазылган вариант түгөнгүс мурас, көркөм сөз байлыгынын кенчи болоруна шек жок. Анын сөздөрүнө, образдарына, укмуштуу карапайымдыгына түшүнгөн адам ал акынды (айтуучуну) улуу акындардын катарына кошот. Менимче да ошондой болууга керек.

Ыбрайым ага Сагынбайдыкынан башка Саякбай Каралаевдан 250 басма табак, Багыштан 100, Молдобасандан 20 басма табак жазып, өзүнүн 22 басма табак вариантын тапшырды. Бул киши Сагынбайдыкын бүтөр менен эле мугалимдик кесибин илимий кесипке алмаштырды. Ал ушул институттун «Манас» секторуна кенже илим кызматчысы болуп дайындалды. Ал «Манас» эпосунун барлык вариантын тартипке келтирип, өз байлыгындай, өз казнасындай кылып сактады. Бул милдетти эң касиеттүү иш катарында эсептеп, бул улуу мурастын сактоочусу катарында болду. Ушул күндө да «Манасты» окуган кишилер Ыбрайым аганын эң кылдат, таза, чебер ишине таң калат. Анын колу тийбеген, жыртылганын жамап-жаскабаган бир да барак жок. Кимдин вариантын сурасаң да аны жатка айтып берет.

Өзүнүн «Манас эпосу жөнүндө» деген илимий талдоо эмгегинде көп жаңы пикирлерди айтат. Эпостун жалпы сюжети кылымдар бою бир түрдө келе жаткандыгын ырастап, анын айтылуусу (сөздөрү) акындын күчүнө жараша бирде өйдөкү, бирде төмөнкү даражада болгондугун далилдейт.

Маселен, «Көкөтайдын ашындагы» бир окуянын бөлүкчөсү мындай айтылат.

1896-жылы Жандаке деген манасчы:

«Көк ыргайды жонду дейт,

Капыр менен мусулман

Жүлүн жара конду дейт;

Көкөтай ашын сойду дейт,

Беш дөбөнүн түбүнө

Бээ байлатып Бокмурун,

Үч дөбөнүн түбүнө

Үй тиктирип Бокмурун;

Ботонун сазын бойлогон

Күндө кумар ойногон,

Күрсүлдөгөн Жолойго

Көкөтайдын Бокмурун

Ат жетелеп кирди дейт.

Алтындан күрмө кийди дейт,

Калдай менен дос болуп

Туз кайнатып алды дейт»

десе; ошол эле жерин Акылбек деген манасчы (1900-жылы):

«Каркыранын кара саз,

Бээ байлатып салды дейт,

Көкөтайдын Бокмурун

Калдай менен дос болуп

Туз кайнатып алды дейт»...—деген.

Ал эми Сагынбай Орозбак уулу ошол эле жерди:

«Чабдарды ашып чаң кылып,

Көкөтай ашы болот деп

Санатын журтка дан кылып

Жылкыдан сексен миң кылып,

Кабарын калкка дүң кылып.

Үч каркыра жайлатып

Мааникер атын байлатып,

Эсебин үч жыл айлантып

Элин ашка шайлантып,

Үч Булактын оюна

Үйлөрүн тигип жайлантып.

Көкөтөйдүн көк туусун

Көтөрүлтүп бийиктеп,

Көргөн душман ичине —

Көрүнө түшсүн күйүт деп»...—деп сүрөттөйт.

Буга караганда «Манас» эпосунун негизи чындык болуп, кийин кошумчаланып олтуруп, ошол болгон окуя такыр өз чегинен ашып чоңоюп кеткендиги талашсыз. Бирок жогоруда айтылгандай, анын сюжети бир калыпта сакталган. «Манас» деп аталган

өзүнүн (баатырдын) аты эч кандай «Мухамбет Жунус», же кээ бир илимий кызматчылар талдагандай «Манасса» деген

европалык наамдан (немец драматургу Гуцковдун «Уриэл-Акоста» деген пьесасынын бир герою) чыккан деген болжолго туура келбейт. Кыргызда Манас өңдүү түшүнүксүз аттар толуп жатат. Балким тилдин жатыктыгына карай, ушул эле маанидеги ат кыскартылып ырдалууга мүмкүн.

Ыбрайым ага кыргыз элине миң басма табак көлөмүндө турган ушул эпостун бир канча түрүн өз колу менен жазып, иретке келтирүү менен бирге, «Кыргыз тарыхы», «Калмак ханы Коңтаажы», «Ылакап-макалдар», «Шырдакбек», «Жаңыл Мырза» жана башка, бардыгы 10 сонун эл байлыктарын чогултуп кыргыз тил, адабият жана тарых илим-изилдөө институтуна өткөргөн.

Анын бул өңдүү эбегейсиз зор эмГегине кырк бир жылдык мугалимдик эмгеги да кошулуп кетет. Кыргыз республикасынын илим жана акылдарынын борбору болгон СССР Илимдер Академиясынын филиалы Ыбрайым ага өңдүү эң карапайым жана өз элинин маданияты үчүн күрөшкөн ак пейил сонун адамдарынын баркын билип, аны эң кымбат кишилер катарында сыйлайт.

Кыргыз эли өзүнүн улуу эпосу «Манастын» 1100 жылдык юбилейин майрамдоо менен Лёниндик улут саясатынын салтанатын майрамдайт.

1/1—1947-жыл Чолпон-Ата

ЫРЛАР

КАЙРАТЫМ КЫЗЫЛ ЖАГООДО

Чогулгула, пионерлер

Тизилгиле, келгиле,

Бирдик ырын күүгө салып,

Табыма ырдап бергиле.

Чуру-чуу сурнай күүлөрү,

Бекер чыккан күү эмес.

Бул жаңырган жаңы күү

Башта бүткөн күү эмес.

«Даярбыз» деген бул салют,

Бекер, анткор кеп эмес,

Ал биздин ант, биздин иш,

Дайынсыз соккон желде эмес.

Биз көтөргөн кызыл туу,

Кана эмесе алоолон,

Кайрат оту жалбырттайт

Биздин кызыл жагоодон.

КЫЧАН

Кош, Кычан!

Майтарылбас болот элең...

Эмгекке,

Чымыр бышкан сенин денең.

Тап үчүн

Аткарууга милдетиңди

Сен өстүн

Тарбыя алып пионерден.

Мына деп

Сен күрөшкө киргениңде

Жеткизбей

Көптөн күткөн тилегиңе

Тап душман

Көрө албаган канкор айбан Батырды

Кандуу канжар жүрөгүңө.

Кош, Кычан,

Милдетиңди аткарабыз Ишиңе

Пионерлер биз даярбыз!

Кайда жоо,

Кайда душман, кайда күрөш

Биз жеңип,

Жеңүүчүлөр мактанабыз.

Кан төккөн,

Арсыз душман сайрандабас

Кубанып,

Кыт-кыт күлүп тайраңдабас.

Антпейт да

Анттирбейбиз, жол бербейбиз

Жүргүлө

Күч сынашчу майданга бас.

ҮЙЛӨНҮҮ ЫРЫ

Сөз меники, ордуңардан туруңар,

Карындаштар, теңтуі, курдаш, курбулар.

Мына, мына алдыбызда эки ашык,

Өмүрлүктүн аманаты эки жар.

Ичели, ичели!

Тунук суудан бир жутум,

Ичели, ичели курдаштар,

Дал ушундай тунук болсун турмушуң.

Сөз меники күлбөгүлө, курдаштар,

Экинчи ирет айтылуучу бир сөз бар!

Жаркыраган бак таалайлуу болушсун

Бул турмуштун аманаты эки жар.

Ичели, ичели!

Таттуу суудан бир жутум.

Ичели, ичели, курдаштар,

Дал ушундай таттуу болсун турмушуң.

Сөз меники токтогула, курдаштар,

Үчүнчү ирээт айтылуучу бир сөз бар,

Ынтымактуу узун өмүр жашасын

Жыргал күндүн аманаты эки жар.

Ичели, ичели!

Өлбөс суудан бир жутум,

Ичели, ичели, курдашта|р,

Дал ушундай өлбөс болсун турмушуң.

БИЗДИН КИЙИНКИЛЕРГЕ

Болот -миздүү улуу намыс доорунда,

Өрттө туулуп, ок ичинде чоңойдук,

Асмандан кең акыйкаттын жолунда,

Азаматка ал кез болбой оңойлук.

Мисал үчүн бир минуттук жүрүшкө,

Ай жарылып, күн тунарып таң калды,

Жан кыйыштык силер үчүн зор ишке,

Бороон уулу, чагылгандын балдары.

1946

САГЫНУУ

Нечен ирет муңсуз шат-шат күлмөк бар,

Көз жүгуртүп, көл түбүндө кундузга,

Эсте болсун, садагасы курбулар:

Нечен ирет сагынуу бар турмушта.

Нечен ирет, көңүлү ачык жүрмөк бар,

Көтөрүлүп көктө тунук жылдызга,

Эсте болсун, кагылайын курбулар:

Нечен ирет сагынуу бар турмушта.

Өз калкы үчүн, кан майданда окко учуп,

Өчкөн чыгар өрт жүрөгү жалындуу...

Сүйгөн жарга кош дей албай кол сунуп,

Калган чыгар жүрөгүндө сагынуу.

1946

АККОРДЕОН

Аккордеон,

Аккордеон,

Колхозума жаңылык!

Ойноп турсак кандай жакшы,

Ойноочулар табылып.

Өткөнүн эмес, өмүрдүн

Болочогун сагынып.

Аккордеон,

Аккордеон,

Сен айлыма жаңылык!

Тыңшап турсак кандай жакшы,

Тыңшоочулар жабылып.

— «Ойногун!» деп ферма кызы

Ойноочуга жалынып.

Аккордеон,

Аккордеон,

Үнүң таза бир башка,

Кырк беренең, кырк күү созуп

Ошондуктан быйылкы жыл:

Күчтүү, алдуу газа жыл.

ЖОЛ МЕНЕН

Жолдоручсуз, түзүндөй-түз жарп жазып,

Ал түздүктө, биздер жашап, биз басып,

Бир жүргүнчү келгенине кубанса,

Бир жүргүнчү кеткенине көңүлү ачык.

1949-жыл.

КАТТАР, ТЕЛЕГРАММАЛАР

АЛЫКУЛ!

Колуңду кысып, кызыл Маскөө менен куттуктайм. Биз жалпыбыз аман жатабыз. «Алтын кызды» бүтүп, «Ак мөөрдү» жазып жатам. Аалы, Кубанычбек, Абдукеримовдор творческий командировкага кетишти. Театрдын артисттери жакында Маскөөгө барышат.

Алыке! Жаңы өсүп келе жаткандардан сени гана сүйөм, сага гана ишенем. Ошондуктан «Душман сүйдүрө айтат, тууган күйдүрө айтат» дегендей, кээ-кездерде сени менен урушумуш болгонум да ошол. Ал жагын кечиресиң. Эми серьезный поэт болуп, серьезный киши бол. Москва кишини таптакыр өзгөртөт.

Москвада түшкөн сүрөтүңдү берип жибер. Ыр жиберүүңү сабырсыздык менен күтүп турам. Москвага көп барам го, октябрда көрүшөбүз. Казактар кыйын болушту. Биз да шымаланып көрөбүз! Стипендияңар жөнүндө сүйлөшөм (бүйрөгө коём). Жумабайды комсомолго өткөзүп, «Л. Ж.» га алдым. Жума эмне болду? КИЖ дегилер эскилери болсо мени таанышат. КИЖдин газетканасында биздин газеттер бар. Алып окуп тур. Сага арнап жаздырып жибергем.

3/Y1—36-ж.

Колуңду жүрөгүмө басып Жоомартың

Фрунзе, Кыргызстан Жазуучулар Союзу ОСМОНОВ АЛЫКУЛГА

Москвадан

Жогорку сыйлыгыңыз менен куттуктайбыз! Орден алышыңыз үчүн он алтысында Москвада болушуңуз

керек. Онуна чейин үч алты өлчөмүндө үч фотокарточка, кыскача өмүр баяныңызды жибериңиз, ошондой эле почта менен жиберилген анкетаны толтуруңуз.

Ф а д е е в.

Фрунзе, кыргыз дыйкандар үйү Жазуучулар Союзу ОСМОНОВГО

Москвадан

Доорубуздун татыктуу жарчыларынын жогорку сыйлыгына кубанабыз, Сизден толгон сонун чыгармалэрды күтөбүз.

СССР Жазуучулар Союзунун кыргыз комиссиясынан:

Л и п к и н, Пеньковский, Скосырев

Фрунзе, Жазуучулар Союзу А. ОСМОНОВГО

Старая Рузадан

Жогорку сыйлыгың менен куттуктайм. Лирикаңдын андан аркы ийгилигин тилейм.

Түгөлбай.

Фрунзе, Кыргыз ССРи, Кыргызстан Советтик жазуучулар Союзу ОСМОНОВГО

Кымбаттуу жолдош Осмонов!

Москвадан Кисловодскиге дарылганы жөнөп жатып, ырлар ыйкагыңыздын «Советский писатель» басмасынын 1950-жылдагы планында каралгандыгын Сизге билдирүүгө үлгүрө албай калдым. Түзүп, редакциялоону мага тапшырышты. Ошондуктан иштин пайдасы үчүн Сизден көптөн көп өтүнөрүм: менин Москвага келишиме карата, башкача айтканда, 25-октябрга чейин

кошумча материал жибериңиз, анткени — басманын портфелинде жаткан материалдарга эки жыл өтүп кетиптир. Бардык ырларыңыздын кайсы формада жазылганын да кошо билдириңиз. Адресиңизди басманын адресине жибериңиз.

А. Токомбаевге, К. Маликовго жана ЯШивазага салам-дуба деп коюңуз.

Колуңузду кысып, чыгармачылык ийгиликтериңизди тилейм.

Обрадович С. А.

Кисловодск, Илимдер Академиясынын М. Горькнй атындагы санаторийи

6-октябрь, 1949-ж.

Кымбаттуу АЛЫКУЛ ОСМОНОВИЧ!

Менден телеграмма алдыңызбы?

Кошумча билдиреримм: «Менин үйүм» аттуу жыйнагыңыз өндүрүштө (башкача айтканда терүүгө берилди.) С. И. Липкин жыйнакка жакшы кириш сөз жазды. Жыйнакка М. И. Богданова оң рецензия берди. Жыйнак кол жазманы үлгүрүп окугандардын баарын жаңы тематикасы жана шайырдуулугу менен өзүнө тартат. Буга абдан кубанам!

Ден соолугуңуз кандай, өзүңүздө, чыгармачылыгыңызда кандай жаңылыктар бар? Сиз өзүңүз тааныган биздин секретарыбыз Зоя Александровна кат жүзүндө руксат берип жиберсин деп өтүндү, анткени жыйнакты машинкада бастырган акысы автордун эсебинен төлөнөт экен. Бул «Советский писатель» басмасында илгертен келаткан тартип. Мурда автордун гонорарынан кармай беришчү, азыр автордун макулдугу керек. Сергей Леонидович Кирьянов салам деди.

Колуңузду чын жүрөктөн кысып

С. А. О б р а д о в и ч.

15/111—1950-ж.

Москва

ЭЛ АРАСЫНАН ЖЫЙНАЛГАН ЛЕГЕНДАЛАР

Кыргыз элинин оозеки адабиятында (фольклорунда) уламыштар (легендалар) өтө чоң орунду алат. Уламыштар болгон тарыхый иштер менен болочок иштердин негизинде түзүлөт. Анын чыгышынын себеби элдердин көңүлүн өзүнө бурган бир окуя менен байланыштуу болот.

Анын негизи кандайдыр бир чындык менен байланыштырылат да, «дейт», «экен», «имиш» деген сөздөр менен алда канча мертебе өзгөртүлүп кетет.

Көп учурда жерлердин атына ылайыкталган болжолдуу уламыштар пайда болот. Ал тарыхый жагынан башка мааниде турса да, өз болжолу менен чындык катарында сүйлөнө берет. Маселен: «Ат-Башы», «Нарын» сыяктуулар.

Кээ бир уламыштар өзүнүн көлөмү жагынан кичинекейлигине карабастан, ченемсиз кубатты ээлейт. Ал өзүнүн ченемеиз күчү менен адамды эрксиз таң калтырат.

Уламыштар адамды иренжитүү, көңүлдү чөгөт кылып жаратылыштын кээ бир күчүнө багынтуу, коркуу жагына, пеасимисттик жагына ээрчитпейт. Ал кайра адамды жогорку күчкө жетелейт. Адамды акылдуулукка, чеберчиликке, баатырлыкка үндөйт. Ошондуктан фольклордун бул түрү кыргыз элинин жем азыгындай байкалат.

Кыргыз эли кайгылуу күнүндө кайратка чыдаган, баатырлык күнүндө намыска үндөгөн легендаларды чыгарган. Ал өзүн дайым эр жүрөктүүлүккө үйрөткөн.

Бул китепке киргизилген: «Толубай сынчы», «Домонун кызы» өңдөнгөн уламыштар бүгүнкү күндө да өзүнүн чындыгы менен окуучуга кандайдыр кубат берет.

«Ысык-Көл», «Соң-Көл» жана башкалары кандайдыр ишениксиз болсо да, өзүнүн элдик болжолуна адамды кызыктырат.

Булардан башка ар түрдүү уламыштар да (легендалар) жаштарга пайда берүү элеси менен бүгүнкү күндө да өз күчүндө турат.

Албетте, ар нерсеге сын көзү менен караш керек, бул легендаларды чогултуудагы максат аны толугу менен көңүлгө кабыл алынат дегенге жатпайт. Аны тандап, и|ргеп илимий иштерге пайдалануу керек.

Революциядан кийинки чыккан легендаларда эң таза, эң ачык, эң кубанычтуу жолбашчылар элдин сүйүүсүнө, кадырына байланыштуу өз билгендериндей болуп айтылган.

Кечээ айылга комбайн, трактор, радио, автомобиль келгенде да кыргыз эли алар жөнүндө сонун легендаларды түзгөн. Кыргыз эли булардын баарын сүйүп кабыл алып, алда канча чоңойтуп сүйлөгөн.

Биздин өлкөбүз куруп жаткан төртүнчү беш жылдык жана коммунизм жөнүндө сонун легендалар пайда боло баштады.

Кыргыз эли өз заманын баатырлык күч менен куруп жана аны таң калтыруучу жомок, легендалар менен ырдап да бара жатат.

Кыргыз элинин улуу эпосу «Манас» да ушул сыяктуу легендалардын негизинде чыккандыгы талашсыз. Манас кандайдыр бир болгон окуя болуп, ал кыргыз эли үчүн эң бир көңүлгө калтырарлык иш болуп, ага ошончолук сүйүү менен карап, акыры улам кошулуп олтуруп ушул укмуштуу чыгарма түзүлгөн болуу керек. Жогоруда айтылгандай уламыштар (легендалар) элибизде канчалык маанилүү орун алса да илим-изилдеө институту тарабынан ушул күнгө чейин толук жыйналбаган. Муну көз жаздымына калтыруу кечирилгис күнөө болор эле. Ошондуктан мен тарабымдан жыйналган бул... легендалар биздин жаштардын жана илимий кызматчылардын, адабиятчылардын керегине жарар деп ойлойм.

Алыкул ОСМОНОВ,

12/ХП—1946-ж.

Чолпон-Ата

ШААРЛАР

П и ш п е к

Азыркы Кыргыз Советтик Социалисттик республикасынын борбору Фрунзе шаарынын эски аты Пишпек болучу. Ал «Пишпек» дегендин мааниси мындай:

Революциядан мурда бул жер жапан токой болгон. Айланасында эл эң аз жашаган. Кокон хандыгы кыргыз элин ого бетер кулчулукка айлантып, ага диндин апийимин чачып, караңгылыкта кармаган. Жаңы үйлөр, курулуштар салуу анын эсине да келген эмес. Ошол замандарда бир Бишбек аттуу кедей кыргыз жашаган. Аны азыркы карыялар: «Ал Бишбек деген киши ушул эле Жоочалыштык болучу» — деп коюшат.

Ал Бишбек деген киши кыйын уста экен, кыргыздын түйшүгүнө керек болгон ар нерсени жасай билүүчү экен. Бир күнү ал калың элдин ортосунда олтуруп: «Журтум мен түндө жатып түш көрдүм. Менин атым чыгыш менен батышка тарап жатыптыр»,—дейт. Эл жакшылыкка жоруйт. Ошентип арадан көп жылдар өтөт. Ары-бери каттаган кыргыздар: «Бишбектикинде болдук, Бишбекке кондук» деп оозго алымдуу кылып жибергендиктен, акыры «Бишбекке баралы» деген сөз чыгат. Ошентип олтуруп бул шаар Бишбек атка конот. Кийин ал Пишпек. болуп кетет.

Н а р ы н

Кээ бир карыялар: «Нарын кыргыз келе электен мурда түшкөн эски шаар экен, Нарын аттуу калмактын атына коюлуптур» десе, кээ бирлери анын даражасын бир кыйла кемитип сүйлөшөт.

Илгери тянь-шандык кыргыздар Анжиян менен тыгыз байланышта болуп, Ат-Башы аркылуу катташчу экен. Бир жылы катуу жут болуп, жайы жайлуу болуп, ошол Анжиян жактан бир касиеттүү киши Нарынга каттамакчы болуптур. «Арпа» жайлоосуна келгенде аты жүрбөй калгандыктан агытып жиберет. Эртеси атын кармайын десе, чөптүн күчтүүлүгүнөн даң салып карматпай кетет. Ат-Башыга келгенде жетип кармайт

да, союп салып, аттын башын таштап, этин Нарынга алып кетет. Чөптүн күчү арпадай болгондуктан «Арпа» деген жайлоо атанып, бир жагы—Ат-Башы болуп, этин нарын кылып жеген жер Нарын атка калат экен.

Албетте, бул уламыш чындыктан алыс болсо да, бир негизге байланышат. Ал эң бир мажес (наивный) түрдөгү талдоо болсо да өзүнүн элдик күчүн жоготпойт. Албетте, тарыхый чындыгы такыр башкача.

Пржевальск

Бул шаардын мурдагы аты Каракол болучу. Пржевальск деген наам революциядан мурда коюлган. Орус элинин улуу саякатчысы Пржевальский Борбордук Азиядан кайтып келе жатып Караколго токтогон экен. Ал киши кыргыздын жеринен кулан кармаптыр. Ал гана эмес, бүткүл чөптөрдү текшерип көргөн экен. Бир карыяга келип: «Кыргызда эң уу чөп кайсы болот» — деп сураган экен, анда ал кыргыз уу коргошунду көрсөтүп, «Муну жеген мал да, адам да өлөт» дептир. Пржевальский уу коргошундун түбүн аарчып туруп жеп жибериптир, бир аз туруп эле өңү кызарып тумчуккандай болуптур, ошондо бир кичинекей бөтөлкөдөн дарыны алып жутуп жибериптир, кайра эсине келип: «Дүнүйөдө мындан артык дары жок, бул миңдеген ооруну айыктырат» — дептир.

(Ал дары—уу коргошун, азыр «Исык-Кульский корень» деп аталат).

Ошол эле Пржевальский кыргыздарга көп жакшылык кылган экен. Ушул Ысык-Көл өрөөнүнө бир убактарда эки баштуу зымырык куш пайда болуптур. Ал келгенде жут, ачарчылык, улуу тумоо (чечек), кара тумоо (келте) кошо келиптир. Ал зымырык куш көзүнө эмне көрүнсө, баарын алчу экен. Пржевальский бул элге жабыр келтирген немени атам деп нечен күн убара болуп, акыры атып түшүрөт экен. Ошондон кийин элдин тукуму кайра өсө баштаптыр. Бирок зымырык куштун каргышынан Пржевальский каза тааптыр. Кыргыз эли Каракол шаарын Пржевальский шаары деп атап калышыптыр. Пржевальский пристанындагы өзүнүн эстелигине коюлган куш ошол зымырык куштун өзү дейт.

КӨЛ, ДАЙРАЛАР

Ы с ы к-К ө л

Азыркы Ысык-Көл турган жер илгери калмак ханынын шаары экен делинип келет да, бул жөнүндө ар түрлүү уламыштар айтылат. Анын бири мындай:

Ошол калмак шаарынын ханы эң адилетсиз адам экен. Өзүнүн шаарындагы элдер гана эмес, айланасында жашап турган бей-бечара, кембагал, мискиндерге да зулумдук кылчу экен. Элге чексиз чыгым салып, күнөөсүздөрдү ырайымсыз жазага тартуучу экен. Ошондо колунда малы жок, үйүндө дүнүйөсү жок бир кедей мусапыр чыгып, хандын алдына барып:

— Ханым, амириң адилетсиз, бийлигиң катуу, өзүңдө ырайым жок, элдин убалы жаман болот. Элге жеңилдик бер, амириңди жумшарт деген экен.

Анда хан:

— Бир жолкуңду кечирдим, эгер экинчи ирет Дагы ушинтип келе турган болсоң башыңды алам!—деп каарданыптыр.

Элдин ахыбалы ого бетер начарлап, хандын бийлиги ого бетер ырайымсыз боло баштаган соң алиги адам чыдап тура албай жанагы сөзүн экинчи ирет айтыптыр.

Калмактын ханы тактысында наша чегип олтуруп:

— Эртең даргага асылсын, катын-балдарын кескилеп өлтүргүлө — деп буйрук берет да, ал кишинин бир көзүн чукутуп салат. Анда мусапыр чал үйүнө келип, аялына жана баласына:

— Бүгүн түндөн калбай качуубуз керек. Силер эки шүдүңкүт тапкыла да бала-бакыраны мингизип, тоону өрдөп чыга бергиле, мен шаарга сел каптатам, адилсиз хандын өзүн жок кылам дейт.

Баласы атасы айткандай эки шүдүңкүттү даярдап тоого чыга берет. Анда атасы ошол шаар боюнча белгилүү болг<?н бир кудуктун түбүнө барат да, тулпарын байлап коюп, колуна кетменин алып, кудукка акырындап түшүп барат.

Кудуктун түбүнө түшүп барганда каканактай болгон, чанач кейиптенген бир нерсени көрөт. Ал көрсө ошол кудуктун суусун соруп турган бир нерсе экен. Эгер шаардын ханы адилетсиздигин күчөтө берсе, бир күнү өзүнөн өзү жарылып шаарды каптап кетүүчү селдин кабыгы экен. Жанагы мусапыр киши бул ишти жакшы билчү экен, ошондуктан кетмени менен бир чаап жарат да, өзү канаттуу атка (тулпарга) минип алып тоону карай качат.

Ал киши күн мурун бул сел болорун айтып эскерткен кедей-кембагалдар тоого көчө качып аман калышат да, хан өзүнүн байлыгы менен селдин түбүнө кетет. Кудуктун суусу селге айланып, шаарды каптап, ЫсыкКөл деген көл ошентип пайда болот.

Ч а т ы р-Кө л

Аксай жайлоосунда Чатыр-Көл деген эң сулуу көл бар. Бул жөнүндө мындай айтылат:

Чатыр-Көл жер үстүндө жок эң кооз жана тунук көл. Анын суусундай таттуу суу жок. Тоого чыгып карасаң тиккен чатырдай болуп көрүнөт. Ошондуктан ЧатырКөл делинип аталат. Дүйнө жүзүндө канча түрлүү куш болсо, ошонун баары жайында ушул көлгө конот. Чатыр-Көлдө болгон мындай бир окуя бар:

Илгери бир жолоочу Кытайга бара жатып ушул көлгө туш келет. Кыш мезгили болгондуктан көл тоңуп калыптыр. Ал киши жолду кыскартуу нээти менен эшекке минип алып муздун үстү менен өтүп кете берет. Аңгыча орто жерине барганда муз жарылып кетет да эшеги көлдүн түбүнө түшүп кетет. Жолоочу өзү эптеп аман калат.

Арадан бир эки жыл өтүп, баягы киши Ысык-Көлгө келет. Көлдү бойлоп баратса, бир аксакал карыя адам көлдүн жээгинен эшектин чомун таап алып, аны карап олтурат. Анда жанагы жолоочу тааный коюп:

— Ай, карыя, алдагы менин эшегимдин чому экен, мен муну Чатыр-Көлдөн жоготком дейт.

Карыя тигини алая карап:

Сен жинди болгон немесиңби, Чатыр-Көлдөн жоготкон чомуң Ысык-Көлгө келгендей канаты бар бекен? деп урушат.

Жанагы киши:

— Ишенбесең оң жаккы тигишин сөгүп көрүңүз, эки жамбы алтын чыкса меники, дейт.

Карыя тиги айткандай чомду сөгүп көрсө, зки жамбы чыгат.

— Ой, тобо-ой, Чатыр-Көл менен Ысык-Көл биримДик көл экен го, ортосунда кошулуп турган агымы бар турбайбы, дешип башын чайкашат.

КҮМБӨЗДӨР, ЖЕР АТТАРЫ, ЭСКЕРТКИЧТЕР

Манас күмбөзү

Азыркы «Манас күмбөзү»деп аталган Таластагы күмбөз Манас баатырдыкы эмес. Жоокерчилик заманда элдин көсөмдөрүн жана атактуу баатырларын билгизбей көмүшкөн. Себеби анын сөөгүн казып кеткен учурлар көп болгон. Манастын зайыбы Каныкей өзүнүн акыдмандыгы менен бул күмбөздү Манас баатырга арнап салдырган да, сөөгүн бөлөк жакка койдурган.

Манас баатырдын сөөгү ошол Кең-Колдун сол түндүгүндо турган Эчкилүүнүн зоосу деген карй аскага коюлган дейт, асты-үстүнө кол жеткис бекем таштар төшөлүп, анын үстүнөн суу агызып койгон дейт.

* * *

Нарын шаарынын четинде бир ураган коргон бар, ал кадимки Шырдакбектин хандык сарайы болгон жер дейт. Ушул күндө да анын Боз жоргосу байланган мамы бар дейт. Шырдакбек өзү анчалык деле эл сураган чоң хан болбоптур. Көбүнчө Боз жоргосу менен даңкы чыккан экен. Шырдакбек Боз жоргосуна минип эрте аттанса, түшкө чейин Анжиянга кирип барчу экен. Кайра коногунда Нарында болчу экен. Бир күнү калмактын ханы Коңтажы Боз жоргого кызыгат да, Шырдакбектин аялына тыңчы жиберет. Шырдакбектин аялы эрин чанат да анан аны өлтүрүп, Боз жоргого минип, Коңтажыга келет. Анда калмактын ханы:

— Күйөөң сени кандай бакчу эле? — дейт.

Аялы:

— Күнүнө кырк кара койдун шыйбылчагын чагып, ошонун чочугуна күрүч басып берип бакчу эле дейт;

Калмактын ханы:

— Ошол жакшылыкты билбей мага алданган сага окшогон катында эмне абийир — дейт да, атка сүйрөтүп өлтүрөт, Андан кийин Шырдакбектин ордосун талкалайт. Азыркы коргон ошондон калган деген сөз бар.

Кегети буранасы

Бул жерде Баласагун аттуу калмактын отуз капкалуу шаары болгон экен. Анын түштүк батышында турган дөбө «Кароол дөбө» аталат. Бул жерде калмактын баатырлары жатчу экен. Ары жагы—Олуя-Ата, бул жагы — Бурулдай болуп дапдаана көрүнүп турчу экен. Кегети буранасы сакчылардын жайы болуп, анын тегерегиндеги дөбөлөрдө калмактын салыгы бар дейт. Кийинки бир заманда (жоокерчилик заманында) бул шаар талкаланып жок болгон дешет. Буранага ушул күндө да киши тийбейт экен, бир замандарда (орус падышачылыгында) бирөөлөр бузмакчы болуп замбирек аткан экен, бирок жети күндөн калбай жин оору тийип упат болгон дейт.

Кызарт ашуусу

Илгери заманда жайдын толук кезинде кырк кыз ушул Кызарттан ашып, аркы жагындагы айылга тойлоп барган экен, кайра бери карай келе жатканда ашууга кар жаап, бороон боройлоп отуз тогуз кыз өлүп, ичинен бир жетим кыз аман калат экен. Ошол жердин тегерегиндеги элдин тукуму ошол кыздан көбөйүптүр. Ашуунун аты ошондон Кызарт болуп калыптыр.

Кыз-Күйөө

Боом жолундагы «Кыз-Күйөө» деген эки булак суу мындан калган экен:

Тоң тарапта бир байдын ашкан сулуу кызын бир кедей жылкычы сүйүп калат экен. Кызды алайын десе калыңын төлөөгө кудурети келбейт, калыңын төлөгөн

күндө да бай ошол томаякка береби? Жылкычы жигит ары ойлоп, бери ойлоп акыл таба албай кызды алып качууну эп көрөт. Кыз да макул болот. Аңгыча күн болжолу жете электе, кызга куда түшүп жүргөн байдын уулу келип калат. Жигит түндөн туруп эки мыкты атты токуп, кызды ала качат. Чүй тарапта илик-жиликтери бар көрүнөт, ошол жакты карай бет алат. Аңгыча ат дүбүртүн эл туюп калып, артынан куугун түшөт. Дал ушул эки асканын жанына келгенде, бирөө оң жаккы бетке, бирөө сол жаккы бетке качат. Тигилер кармап алышат да, экөөнү эки жерге союп салышат. Сүйүүнүн айынан курман болгон эки бечаранын күнөөсүз канынан эки булак суу агып, ал «Кыз-Күйөө» атанып калат. Бул жер да өзүнчө эскерткич жер катарында эсептелет.

Чырмаштын Кара тоосу

«Арпа» жайлоосунда «Чырмаштын Кара тоосу» дёген жайлоо бар. Ушуга бурула берер жерде «Жайык» деген аскада Семетей баатырдын качырган Ак шумкарынын уясы бар дейт. Ал гана эмес дал ушул күндө да ошол Шумкар түнөгөн жерде темир казык бар дейт. Буга аркан байлап Айчүрөк өзү чыгып барган имиш. Айчүрөк нечен амал менен келип Ак шумкарды кармап:

«Арпанын башы жайыктан,

Ак асаба туюктан,

Ак Шумкар кармап куш кылдым,

Семетейге туш кылдым»— деп ырдаган экен.

Мындан 30-40 жыл илгери карыялар ушул эле жерден Ак шумкардын тукумун көрүптүр. Күзгө тарта, күздүн келгиндери келер айда бир күнү эле асман күркүрөйт дейт, эл: «Бул эмне болуп кетти» деп караса, аппак болгон бир нерсе ары айланып, бери айланып туруп, кандайдыр сан жетпеген каздарды айдап келип, элдин үстүнө топулдатып тээп түшүрө берди дейт. Эл карап туруп: «Жарыктык ай, кадимки Семетейдин Ак шумкарынын балдары экен го»—дешиптир. Бул жер ушул күнгө чейин Ак шумкардын эстелиги болуп эсептелет.

Ал Беит

Арпа жайлоосуна кеткен түз жолдун боюнда, «Ак Беит» аттуу күмбөз бар. Бул көлөмү жагынан көп таң калтыра албаганы менен эл оозунда көп айтылат. Бир убактарда^ бул жер ээн болуп, жалгыз гана бир күмбөз турса, кийинки күндөрдө өлгөн адамдарды ошонун тегерегине көмө башташкан. Ак Беит мурда кыргыздар үчүн мазар катарында болгон. Бул Ак Беит жөнүндө мындай айтылат:

Бул беит качан салынганы белгисиз, кээ бир кишилер калмактан калган экен деп натуура болжолдогон.

Чындыгында Ак Беит Саяк уруусунан чыккан Маңдыбай деген адамдыкы делинет. Ал киши эл арасында белгилүү киши болгон. Ал гана эмес касиеттүүлөрдүн бири болуп эсептелген.

1880-жылдарда ошол Арпа өрөөнүнөн бир аял жайдын кап-ортосунда эри менен чатакташып, жакага карай качып келе жатыптыр. Аңгыча күн кечтеп калат да, Ушул Ак Беитке далдаланат. Күн азыраак жаап турган экен, бир убакта эгин сугарган бир дыйкан үйүнө кете албай, ал да ушул Беитке кирет. Аял өзүнүн дабышын билгизбей Беиттин бурчуна корголойт. Чарчаган дыйкан чапанын айкарасынан жамынып жата кетет. Бир азда эле көзү илинип уйкуга кетет, ошол замат кандайдыр бир көк карышкыр кирип келет да, алиги дыйкандын кетменин тиштеп алып ыраак алпарып таштайт. Анан түз эле адамга кол салып, бакалоорун сууруп, шалпылдатып жей баштайт. Кудай жалгап ошол маалда сырт жактан аттын дүбүртү угулат.

Жанагы аял:

— Айланайындар, бери кайрылгыла,— деп ыйлап жиберет.

Жолоочулар аялдын үнүн угуп Ак Беитке киришсе, бир чоң карышкыр Беиттен чыгып алып шашпай кетип бара жатат дейт.Жанагы кишини бүт жеп салган экен.

Жолоочулар аялды учкаштырып алышып Кара-Коюн деген жерге алпарышат. Аял жанагы окуяны баштан аяк сүйлөп берген соң: «Бул да жөн аял эмес экен, колдогону бар неме экен» — дешип, ушул айылдын белгилүү адамы Ажыбек дегенге алып беришет.

Ажыбек ушул аялдан Аманаалы, Үсөнаалы аттуу эки

эркек уул көрүп, неберелери биздин күнгө чейин келип, тукуму өсөт.

Кошой коргон

Ат-Башы районунун күн чыгыш маңдайындагы «Кошой коргон» аттуу коргон (сепил) кадимки Манас баатырдын Кошоюнун атына коюлган дешет. Коргондун айланасы бир топ жерди ээлейт. Ушул күндө да анын дубалдарынын (сепилинин) урабай калган орундары бар.

Эл муну мындай дейт:

Кошой баатыр дал ушул жерди ээлөөчү экен. Ушул эле «Чеч дөбөгө» малдары жайлап, элдери кончу экен. Кошой «Чеч дөбөдөн» туруп: «Эй, балдар, малыңарга көз салгыла» деп кыйкырганда добушу Ат-Башыга угулуп турчу экен.

Кийин кыргызды калмак сүрүп келгенде, Кошой баатыр тегерегине коргон соктуруп бекинип жаткан экен. Бирок калмактар анысына болбой, сепилди бузуп, Кошойдун аялын колго түшүрүп калышыптыр. Кошой баатыр тулпары менен качып чыгып, Манаска кабар жибериптир. Акыры Манас колу менен келип калмактарды кырып, Кошой баатырын куткарып кетиптир.

ДАРЫ-ДАРМЕК СЕБЕПКЕРЛЕРИ

Ооруга түрдүү себепкерлер бар. Оорулардын кээ бирлери «айыкпас» кыйын оору болот. Кыргыздын уламышында мындай айтылат:

Аюунун эти

Аюунун эти, же майы, өтү учук ооруга, котон жара, кулгуна өндөнгөн улуу ооруларга миңден бир дары дешет.

Жаңы аткан аюуну соёр замат, анын жылуу төшүнө учук оорулуу адам төшүн тосуп, эки-үч саат жатса, ошондон себеп болууга мүмкүн. Же болбосо, аюунун өтүн сүттөгөн чайга кошуп, бир топ күн ичүү керек. Ма-

йын ар күн сайын бир кашыктан ичип, жана этине сүртсө да себеп болот.

Аюу атылар замат этин салып, туурап жесе, же ар күндө бир маал куурдак кылып жеп көрсө бул да себепкер болот.

К ы м ы з

Кымыз көп ооруга дары. Айрыкча көкүрөк ооруну жакшы айыктырат. Көкүрөк оорусу бар адам кымыздын ууз кезинде, үркөр көтөрүлө элегинде ичип калса, көп себепкер болууга мүмкүн. Аны таң заардан туруп, кымыздын гүлүн (үрпүн) ичиш керек. Кымыз анысына карабастан, көнгөн кишиге барлык учурда жага берет. Кымыздан көп оорулар айыгат. Кымыз кан толтурат.

Төөнүн сүтү

Бир киши учук ооруп, эч бир себеп таба албай коюптур. Оорусу күндөн күнгө күчөп, акыры өлүмгө баш коюптур. Эч бир табып, эч бир дарыгер аны айыктыра албаптыр.

Жайкы мезгил экен, алиги киши эл-журтунан бөлүнүп, бир токойго келип оолактап жүрүптүр. Колунда жалгыз төөсү бар экен, эмне болсо да ушунун сүтүн ичип көрөйүн дептир да, күндө үч маал саар замат жылуулай ичүүчү болуптур. Жыйырма күн өткөндөн кийин эле жанагы кишинин жөтөлү басылып, оорусу жеңилдеп, кубаттана баштаптыр. Бир айдан кийин атка минүүгө жарап, эки айдан кийин оор жумуштарга кириптир. Ошондон ошол киши куландан соо болуп айыгып кетиптир. Төөнүн чийки сүтү (аны жылуулай ичсе) сөөк оору, кулгуна, кызыл жүгүрүк, ич оору, учук оору ж. б. болуп жети ооруну айыктыра турган куну деген дары ошол болот дейт.

ЖЫЛДЫЗ АТТАРЫ

1. Үркөр
2. Жетиген
3. Үлпүлдөк сулуу
4. Алтын казык
5. Тараза жылдыз
6. Ак сары ат, Көл сары ат ж. б.

БААТЫРЛЫК

Элде баатыр болучу балдар мындай болуп төрөлөт деген кеп бар:

1. Баатыр төрөй турган аял жолборстун өтүнө, же жүрөгүнө талгак болот дейт...
2. Баатыр болор бала төрөлгөндө эки колуна кан чеңгелдеп түшөт дейт...

Балбай баатыр

Балбай баатырдын энеси (Ысык-Көлдөн) жолборстун жүрөгүнө талгак болгон дейт. Бирок, эл жолборсту таба албай, аны алдап камандын өтүн берген дейт.

Кийин Балбай баатыр согуштарга кирип, баатырлык көрсөтүп эл көзүнө көрүнө бштаганда тоң моюндугу байкалыптыр. Кандай шашылыш болсо да кылчайыпт карай алчу эмес экен. Каман окшоп тоң моюн болуп калыптыр.

Балбай баатыр кичинесинен уу жеп көнгөн экен. (Уу коргошундун түбүн аарчып алып эле жей берчү экен). Ошондуктан кийин колго түшкөндө (Алма-Атыга алып барганда) орус колонизаторлору тарабынан берилген ууга ууланбай коюптур. 8 жолку ууну былк этпей көтөрүп, тогузунчусунда араң өлгөн экен.

Жаман Кара баатыр

Чүй өрөөнүндөгү жоочалыш деген элден Жаман Кара баатыр чыгыптыр. Ал колунда малы жок бир кедей экен. Бирок баатырлыгы чексиз экен. Үй-бүлөсүнө таарынганда жети күнгө тамак ичпей, бир жаткан жамбашынан бурулбай, жети күнү жатып алчу экен.

Чабыштарга түшкөндө көйнөгүн чечинип, атка жайдак минип түшүүчү экен. Ал эч качан айры өркөчтүүнүн

алдына жаткан эмес. Ал кезде токой калың болуп, жолборс кеп болчу экен. Жаман Кара баатыр сол колуна кыл арканды чырмап алып, оң колуна айбалта кармап, ошол токойго кирип, жолборс атырылганда сол колун тосо берип, ал асыла калганда ай балта менен жазы маңдайга бир чаап өлтүрчү экен. Жаман Кара баатыр бул эрдигин мышык өлтүргөндөй көрбөй, өзүнүн баатырлыгы жөнүндө төмөнкүнү айткан экен:

1. Бүр күнү талаада жыңалач уктап жатсам, көкүрөгүм муздайт, оозумду ачып уктаган экенмин, көзүмдү акырын ачсам, билектей болгон кара чаар чылан сойлоп келатат. Оозумду жапбастан кайра уктай бердим, жылаан оозума башын салып келе жатканда башын кырча тиштеп салдым.

2. Эл аябай котур болду, менин котурум элдикинен башкача болду. Дарыгерге барсам: «эр болсоң жайдын ысыгында жылаңач этиңе тонду баса кийип, белиңди бекем курчап, кырк күнү тырманбай койсоң айыгасың» — деди. Мен ошол айткандай кылып, айыгып кеттим.

3. Бир күнү эгин сугарып жүрсөм, бутумду кара курт чагып алды. Уламадан укчумун: «Чаккан кара курттун өзүн кармап, уусун ичсе, ошондо кайтса бир кайтат» деп, мен уусун ичтим эле денем ого бетер шишиди. Анысына карабай басып кете бердим, менин денеме конуп өлгөн чымын, чиркейлердин өлүгү тоо болду. Бирок мен ошондон айыгып кеттим.

ЖЫРТКЫЧТАР

Баян жабыр

Баян жабыр барлык жырткычтардын баатыры. Бул кабыландан чыгат. Баян жабыр көзүнө эмне көрүнсө— ошого жабыр келтирет. Мындан өткөн эч бир шер жок. Адамга да, айбанаттарга да зыян келтирет. Баян жабыр айкырганда анын айкырыгын уккандардын баары жүрөгү түшүп өлөт имиш. Бул пайда болгондо, жолборс арстан, каракулак шер, илбирстер баш көтөрбөйт.

Т а й б а с

Баян жабырдан кийинки шер тайбас деген болот. Тайбас жолборстон чыгат. Баян жабырга караганда мунун тукуму көбүрөөк болот. Алдына эмне келсе илип ыргытат, бир нерседен коркуп жалтайлоо жок болот. Тайбас да адамга жана башка жан жаныбарларга чоң жабыр келтирет.

И л б и р с

Теке, эчки, элик, аркар, кулжалардын душманы — илбирс. Илбирс буларды эң оңой жейт. Ал көбүнчө канын соруп, өзүн таштап кете берет. Илбирс пайда болгон жерлерден, кулжа, теке.эликтер башка жакка ооп кетет. Үй айбаңдарын да оңой жейт.

Карышкыр

Канчалык арстан, жолборс дегени менен баатырлык жагынан карышкырга жетпейт.

Ээн жерден жолукса, жалгыз-жарым кишиге кол салуудан качпайт. Ачарчылык жылдарда булар кишичил болуп кетет.

Карышкыр эгер капканга бир жак колунан түшүп калса, капканга түшкөн колунун чабылып калган башын кемирип олтуруп жеп алат да, колун бошотуп чыгып кетет.

Карышкыр өмүрүндө бир гана тууйт, ошондуктан анын тукуму аз. Бир тууган себеби бөлтүрүктөрү жерге түшөр замат өз жатынын өзү жеп алат.

Карышкырдын баатырлыгы, чыдамкайлыгы мындай:

Эгерде карышкырды капаска салып, аны тумшугунан баштап тирүүлөй терисин сыйрыгаңда бир былк этпейт. Ал гана эмес, терисин арткы аягына чейин сыйрып келгенде, бир мертебе канын тартып койбойт. Терисин сыйрып алып капастан коё бергенде бир топ жс-рге чуркап барып, көчүгү менен чочоюп олтуруп өлөт. Ошондо жыгылып койбойт.

Баары келип карышкырча баатырлык кыла албайт дегендин себеби ошол.

Ажыдаар, жылаан, мышык

Ажыдаар тоолуу жерде болот дейт. Ал бир нече жылдар бою уюгунда жатып, анан торолгондо сыртка чыгат экен. Жарыкка чыгары менен уламдан улам чоңоё берет дейт, оп тартканды баарын соро берет дейт.

Илгерки заманда бир шаарды бүт соруп кеткен учурлар болучу экен.

Ажыдаар жаткан жерде алтындын кени болот дейт, анткени ал бир нече жыл бою ошо алтындын буусу менен жатат дейт.

* * *

Илгери-илгери жер жүзүн топон суу. каптап, Нук пайгамбар ар уруу жандыктан бир эркек, бир ургаачысынан алып кемесине салганда, бир күнү кемеге тешик пайда болгон дейт. (Аны чычкан тешкен дейт) «Ким бул тешиктен суу өткөрбөй жата алат?» деп жар чакыртканда жылан: «Мен жата алам» деген экен. Акыры топон суу токтолгончо даам датпай, бир тамчы суу өткөрбөй жаткан дейт.

Кийин кургакка чыкканда, Нук пайгамбар: «Акыңа эмне аласың?» деп сураганда, жылан: «Дүйнөдө эмне таттуу болсо ошону алам» деген экен.

Нук пайгамбар:

— Эмесе, ар бир жан-жаныбардын, жемиштин даамын билип кел деп чиркейди жиберген экен.

Чиркей ааламды бүт кыдырып, кайра кайтып келе жатканда, чабелекей биле коюп анын жолун тосуп чыгып:

— Чиркейим эмне таттуу экен? дегенде;

Чиркей:

— Адамдын каны таттуу экен,— дептир.

Анда чабалекей:

— Андай болсо, тилиңди көрсөтчү дептир. Чиркей тилин суна бергенде чабалекей анын тилин сууруп алыптыр.

Экөө тең Нук пайгамбарга келишиптир.

Нук пайгамбар:

— Кана, чиркейим, жер жүзүндө эмне таттуу экен? десе, чиркей кыңңң... этип эчтеке айта албайт.

Анда чабалекей:

— Баканын каны таттуу экен деп жатат — дейт.

Жылан ачуусу келип бир чапкан экен, чабалекейдин

куйругу экиге бөлүнүп, ача болуп калыптыр. Чабалекей учуп кетиптир.

Эгер чабалекей болбогондо жылаан адамдын канын соруп калмак экен, анын алдоосуна көнүп Нук пайгамбар баканы буйруптур. Ошондон жылан баканы соруп калыптыр. Чиркей болсо адамдын канына кумар болуп, адамды соруп калыптыр.

Жылан менен чабалекейдин өч болушу да ошондон дейт.

* * *

Мышыктын мурдагы аты Урайча экен. А дегенде арстанды тууптур, анысы тоого чыгып кетиптир. Экинчи баласы жолборс, ал камышка, үчүнчү баласы илбирс талаага кетип калыптыр. Эки ортодо балдарынан ажырап «мыш» болгондуктан мышык атка калыптыр.

АЧАРЧЫЛЫК, ЖУТ БЕЛГИЛЕРИ

Илгери эл ачарчылык, жут болорун төмөнкү белгилерден билчү экен:

Ачарчылык болордо каркыра, турна бийик учат, жерде чычкан көбөйөт. Жыл кургак болуп, элдин пейли кетет. Ит көп улуйт, уйку качат, карышкыр көп жортот.

* * *

Жут болор жылы жай күнүнө карабастан, эчки, текелер талаага жакын келет. Ошол жылы мергенчилер: «Капырай, эчки-текелер жайлоонун тоолорунда суюлуп калыптыр да...»—деп, сүйлөшөт. Жут болордо эчки-текелер эрте семирет, аны аткан мергенчилер байкашып:

— Эчки-теке эрте семириптир, быйыл жут болот экен го—деп, сүйлөшөт.

Жут болордун дагы бир белгиси: кулжа, текелер кеч жүгүрөт, себеби: «Быйыл жут болот, тукумубуз калсын» деп ойлошот, анткени эрте жүгүрсө, аркар, эчкилер эрте төлдөйт да улак, козулары жутка калат. Эл жутту көбүнчө ушундан байкашат.

Жут болор жылы кол малдары мойнун буруп жатат. Булар да эрте семиришет.

«Кой буурул»

Кыргызда эң атактуу жуттун бири «Кой буурул» жуту болуп саналат. XVIII кылымда, кой жылы Ат-Башыда чоң жут болот. Мал бүт кырылат. Эл: «Ошол жылы күрөктүн сабына күкүк сайрап калган» дейт. Демек кар май айына чейин жаткандыгы, күкүк бакка конбой, кургак карга сайылып калган күрөктүн сабына конуп сайрагандыгы, жуттун эң катаалдыгы байкалат. Ат-Башыга күкүк ар дайым май айында келет.

Ошондуктан ошол жылкы жут «Кой буурул» атына калган. Бул жылы жалаң гана мал кырылбай, адам кошо кырылган. Эл оозунда «Кой буурул» аттуу кошоктун чыгышы да ушундан. Анын мааниси мындай:

Ат-Башы тараптагы. бир сулуу кызга күйөөсү күйөөлөп келет. Колуктусу менен тамашалашып олтуруп, кайната, кайненесине көрүнбөй таң алдында чыгып кетүүнү ойлойт. Аңгыча кучкач сайрап жиберет, күйөө таң атып калган экен деп сыртка чыкса айдын жарыгы экен дейт. Кайра үйгө кирүүдөн уялып, айлына келе жатканда ач адамдар союп жеп коёт.

Ал бала бир айылды багып турган мыкты мерген экен, ошондо ушул кошокту балдызы кошкон экен.

«Кой буурул» жутунун болорун эл жогорку белгилер менен алдын ала билген экен.

МЕРГЕНЧИЛИК

Кыргызда Тумаш мерген өткөн экен. Өмүрүндө он оңко тургузган дейт. Тоо эчки, эликтерден бир миңди атканда, миңинчи элик оңко турат имиш. Тумаш мерген андай болгондо өмүрүндө он миңди аткан болот.

Кайберендин ээси муну билип, Тумашка нечен ирет белги берет, түшүндө аян берет, бирок ал болбойт.

Бир күнү аң уулап чыкса, эчтеке жолукпай коёт, аябай ыза болуп үйүнө келе жатса бир түп балдыркан бүлк этет. Караса, эликтин чаар ала жону көрүнөт. Мээлеп туруп атып салат. Чуркап келип караса өзүнүн жалгыз уулу Карагул экен.

Ат асы ууга кеткенде, баласы энесинен эликтин чүкөсүн сурайт, энеси бербей уруп койсо, таарынып келип атасынын жолун тосуп, балтыркандын түбүнө келип жатып уктап калыптыр. Атасы аны эликтин териси менен кийинтчүү экен. Ошентип Тумаш мерген жалгыз уулун атып алган экен.

* * *

Кайберендин ээси болот дейт. Ал тургай мергенчилер кадимкидей эле тамгасы бар эликти көргөн учурлары болуптур.

Бир ашкан мерген балалуу эликтин энесин жарадар кылып, огу түгөнүп калып артынан кууп жүрүп олтуруптур. Бир оокумда элик бир үңкүргө киргенинен, тиги да кошо кирип барса:

Алда баланды аткыр ай э—деп, каргаган бирөөнүн үнү чыгат дейт. Аңгыча бир карыган кемпир келип: «Олтур балам, айран ооз тий» деп эликтин туягына айран куюп берди дейт.

Алиги мерген: «Муну бир эле ууртап койбоюмбу» — деп ойлоп, иче-иче түгөтө албай коюптур. Караса баягы айран бөксөрбөптүр дейт. Анда кемпир:

Балам, мындан ары балалуу эликти атпай жүр, убалы-сообу болот, деп узатып жибериптир.

Көрсө ошол Кайберендин ээси экен дейт. Мергенчи үйүнө келгенден кийин эки-үч ай өтпөй аябай байып кетиптир. Кайберендин колунан даам жеген киши бат эле дөөлөткө малынат дейт. Ал мерген ошондон кийин элик атканды коюп койгон экен.

«Ит адамдын жолдошу»

Иттин баркын билген эл: «Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал» — деген макалды айтат. Демек, үй ээси сени сыйлап олтурганда, итине даам берип койсоң анын көңүлү жылыйт экен. Кандайдыр иттин жакшы көрүүчүлүк сезими бар экен.

Кыргыз: «Ит —ырыскы» деп коёт. Илгери бир адамдын жакшы ,ити болуптур. Жаш кезиндетөө үстүнөн эразаматты эңип түшчү экен, карышкырларды бута аттырбай мойсоп салчу экен. Акыры карылык жетип эч нерсеге жарабай калат. Ээси: «Бекөр ашка шерик кылбай көзүн тазалайын» деп мойнуна таш байлап өзөн суу.га түртүп жиберет. Ит менен кошо буту тайып өзү да өзөнгө түшүп кетет. Иттин ээси чабак урганды билчү эмес экен, бат эле алдан кетип суунун агымы менен жок болуптур. Арадан үч-төрт саат өтсө керек, алиги киши көзүн ачса чоочун талаада жатат, жанында соксоюп баягы ити олтурат.

Иттин ээси өзүнөн өзү уялат да, итин үйүнө алып барып сары май берип багат. Кийин ит өз ажалынан өлгөндө да оозуна май куюп, жакшылап көмөт.

АЙБАНДАРДЫН БАЛДАРЫ

Кыргыздын уламышында ар айбандын баласы өзүнчө ат менен аталат.

Алар мындай:

Иттики — күчүк,

Чочконуку — торопой,

Карышкырдыкы — бөлтүрүк,

Суурдуку — чөндөлөй,

Кашкулактыкы — кашкулактын күчүгү,

Аюунуку — мамалак,

Түлкүнүкү—бачки Кулжаныкы — козуга,

Бугу менен маралдыкы — соёчор.

Элик менен Курандыкы (эркеги) — улак, (ургачысы)—телки, чаарчык, ж. б.

Төөнүн жашы:

Тайлак (жаңы туулганы).

Сүт бото, тай тайлак, кунан тайлак. Быштыга келгенде: эркеги — бууржун, ургаачысы — каймал, асыйга келгенде: бууржун — буура, каймал — инген аталат.

Кулжа менен аркардын жашы:

Козуга (жаңы туулганы)

Кара желке (бир жашы, борук кези)

Делгир — (эки жашы)

Көкмөк (бышты кези)

Сары мүйүз кулжа, же аркар (төрт жашы) андан кийинкиси: чирик мүйүз, ж. б.

ЖЫЛ АТТАРЫ

Кыргызда өзүнчө жыл аттары бар, алар төмөнкүчө

саналат:

1. Чычкан,

2. Уй,

3. Жолборс,

4. Коён,

5. Балык,

6. Жылан,

7.Жылкы,

8.Кой,

9.Мечин (маймыл)

10. Тоок,

11.Ит,

12. Доңуз.

ЖЫЛ СҮРҮҮ

Ар он эки жыл алмашып он үчүнчү жыл болгондо адам бир мүчөйт. Демек кыргызда жыл аттары эң катуу тартип менен саналган болот. Маселен, 1946-жылы кыргызча кайсы жыл болду экен? — деп сурайт.

Анда жылды санап жүргөн карыя:

— Быйыл ит жыл дейт. Ошондон кыргызча жашыңды билгиң келсе, мүчөлөп санайсың, башкача айтканда: (европеецтерче жашыңды так билген болсоң, маселен 32 жаштагы киши болсо) ит жылынан өйдө санайт, ошондо он экиден он үчкө жеткирип санаганда 32 жаштагы кишинин жыл аты коён болуп чыгат.

* * *

Ар он эки жылдан он үчкө ооп бир мүчөгөндө, кыргыз: «Адамдын катары келди» деп коркот. Башкача айтканда, мүчөл менен кошо оору, же бактысыздык, майда кырсык, чыгаша, өлүм келет деп коркот. Кээ .бир эски кишилер мал союп түлөө кылат.

КЫРГЫЗЧА АЙ АТТАРЫ

1. Бирдин айы — январь,
2. Жалган куран[1] — февраль,
3. Чын куран — март,
4. Бугу — апрель,
5. Кулжа —май,
6. Теке — июнь,
7. Баш оона — июль,
8. Аяк оона — авгует,
9. Тогуздун айы — сентябрь,
10. Жетинин айы — октябрь,
11. Бештин айы—ноябрь,
12. Үчтүн айы —декабрь.

КУШТАРДЫН ЖАШЫ

Кыргыз элинде куштардын жашы жана анын бөлүнүштөрү болот. Маселен, алардын жашы мыңдай саналат:

Бир жашында — бозум түлөк,

Эки жашы — таш түлөк,

Үч жашы — кум түлөк,

Төрт жашы— ным түлөк,

Беш жашы — жым түлөк.

Ушуну менен куш менен кыргыйдын жашы токтолот да, бүркүттүн жашы барчын менен саналат. Мындайча айтканда, малды асый дегендей кеп. Бир барчын, үч барчын бүркүт делинет. Бүркүт он беш барчынга чейин жашайт деген уламыш бар.

КУШТАРДЫН БӨЛҮНҮШҮ

Ителгиден—шумкар жана барчын деген чыгат, Куштан — туйгун, тунжур, тынар;

Лачындан — куу кумпай,

Бүркүттөн — буудайык,

Күйкөдөн — таканак, ж. б.

Шумкар күзгү үшүк менен келет да аскаларга уялайт. Ал тууган жумурткасын кышкы аязга үч ай таштап, жылуулук келер менен баса баштайт дейт. Жыл айлана баласын өстүрүп, анан чабыттай баштайт дейт.

* * *

Тырмактуулардын эң эле кырааны, эң эле баатыры куу кумпай болуп саналат. Ителги менен бүркүт бирибири менен кас болот дейт. Бүркүт баатыр көп убактарда ителгинин балдарын жеп кетет дейт. Муну эл мындайча уламыштайт:

Бир күнү асмандан ителгинин баркылдаган үнү чыкты, карап турсак анын уясынан бир бүркүт көтөрүлдү. «А.„ ителгинин баласын мойсогон экен» дедик. Аңгыча ителги бир аз баркылдап шаңшып туруп, белгисиз бир жакка учуп кетти. Арадан бир чай кайнам мезгил өткөн жок, асманды тең жарып күркүрөгөн бир добуш чыкты. Карай салсак муштумдай гана болгон бир нерсе экен, асманды бир айланды да жанагы бүркүттү серпип кеткендей болду. Бүркүт калдайып келип жерге түштү. Карасак жара тепкен экен. Карыялар: «Куу кумпай деген ушул, ителгинин кегин алып берген тура» дешти...

* * *

Бүркүт анысына карабастан кекчил да болот.

Бир киши бүркүттү шаңшыганынан томогосун алып коё берсе түлкү алыптыр. Барып тырмагын бошотоюн десе, коё бербейт, ээси акырын мурунга чаап койгон экен, аны эсине түйүп калган окшойт. Дагы бир түлкүгө салганда, бүркүтү түлкүгө барбастан, айданып туруп ээсин көтөрүп кеткен имиш.

* * *

Бир мергенчи аң уулап калың токойго келсе, асманда бирдеме күркүрөйт дейт. Караса, бүркүт баласына каман алдырып үйрөтүп жаткан экен. Бала бүркүт

курчтук кылып бир каманга тырмак салганда, каман аны сүйрөй чуркады дейт. Бала бүркүт жонунан тырмагын албай, бир жак колу менен жоон бакты мыкчыганда каман аны экиге бөлүп кетти дейт. Бала бүркүттүн бир колу бакты мыкчып, экинчи колу камандын жонунда калды дейт. Бир оокумда энеси шукшурулуп келип алиги каманды көтөргөн бойдон кетет. Асманга ыраак алпарып бир чоң ташка мээлеп таштап жиберет. Камандын күм-жам болушун карап туруп, өзү кайра көтөрүлөт. Аңгыча муштумдай болуп качырып өзүн өзү жанагы ташка бир коюп, баласы менен кошо өлгөн дейт.

* * *

Канаттуулардын ичинде «Балта жутар» деген бар. Анын «Балта жутар» делиниши журтта эмне калса ошону жейт имиш. Балтаны деле бүкүлү сугунуп жиберүүгө жарайт дешет.

Эл айткан ит төрөсү — Кумайык ушундан туулат имиш. Бул боо же"ткис бийик аскага жумурткалайт, баласы үч күн күчүк болуп кыңшылап жатат имиш. Күчүгүндө таап алса, ошол кумайык болот. Мындан өтсө (6 күндөн соң) таз жору (Балта жутар) болуп кала берет экен.

Нарын шаарында бир адам илгери Кумайык баккан экен, ал адам аскадан Балта жутардын баласын тапкан имиш. Итин дайыма үйүндө багып, кийин чоңойгондо сыртка алып чыгыптыр. Жалгыз өзү жыйырма карышкырга кыргын салган күндөрү болуптур. Эчки-текелерге бута аттырбай жетчү экен. Ал киши Кумайык аркылуу түтөп байыган экен. Кийин бир бай: «Кырк кара боз ирикке сат» деп жалынса болбой койгон дешет.

* * *

Кыргыздын уламышында: тогуз кесеп, жети кырс

бар деп айтылат. Булар адамзаттын жана башка жанжаныбарлардын жамандыгына (кырсыгына) жаралат дешет. Булар качандыр болбосун адамзатка зыян келтирбей койбойт.

ТОГУЗ КЕСЕП

1. Арстан
2. Жолборс
3. Карышкыр
4. Ажыдаар
5. Көркоо

ЖЕТИ КЫРС

1. Доңуз

2. Жылан

3. Ач күсөн

4. Кашкулак

6. Бүркүт

7. Ителги

8. Илбирс

9. Кем арс

5. Келее (кош аяк)

6. Кирпи

7. Чаңырык

***

Бээнин сүттүүсүн сүрөк бээ дейт. Анын сүтү уйдан кем болбойт жана дарылыгы да күчтүү болот.

Эчкинин сүттүүсүн — Коош эчки дейт. Мунун сүтү уйдукунан алда канча арбын болот. Коош эчкиси бар адам, уйга карабайт.

* * *

Илгери Чилденин пирине (суукка) элден мурда төө, жылкы, уй, кой жолуккан экен. Төртөө акылдашып туруп: «Суукту кимибиз мурда басалы» дешет да: «Малдын аксакалы уй эмеспи, ошондуктан уй эле бассын» дешет. Жылкы: «Силер мага бергиле, мен басайын» десе да тил алышпайт.

Уй чуркап барып суукту баскан экен, туягынын тилигинен бурт этип чыгып кетиптир. Ошол күндөн суук жердин үстүндө калды. Эгер тил алып жылкыга бергенде ал ай туяк эмеспи, суукту жердин түбүнө түшүрүп иймек экен. Суук дайым жердин астында жашап калмак экен.

ЖЕР АЛБАГЫР

Кыргыздын кары кишилери жаман көргөн кишисин: «О жер албагыр» деп тилдейт. «Жер албагырдын» өзүнчө мааниси бар.

Эгер адам эң буз.уку. алдамчы, карасанатай, ууру, ушакчы, кара ниет, арамза, аракеч болсо аны жер да албайт дешет. Кийин ооруп, же киши колдуу болуп өлгөндө, кайсы жерден көр казса да жалаң таш чыгып туруп алат дейт.

Үркүндөн мурун Нарындан Алакөз деген адам чыгыптыр. Ойлогонунун баары жамандык экен. Далай момундардын акысын жеп, ак кишилерди жамандап, уурулук, зулумдук кылчу экен.

Тирүү кезинде адам баласына жакшылык кылбаптыр. бирок эң оокаттуу жашаптыр.

Кийин өлгөндө, эли жыйналып коймокчу болуп кай жерди казса эле таш, суу, жылан, бака чыгат дейт. Эптеп жатып көөмп, эртеси карашса жер төрт саржан жерге өлүктү бүркүп таштаптыр.

Андан алып бөлөк жерге койсо, бир күн өтпөй жана бүркүп салыптыр. Анан карыялардын айтуусу боюнча эки жолдун кошулган жеринен көр казып, мал союп көмгөн экен, ошондо араң жер алыптыр.

МҮРӨК СУУСУ

Бир кемпир бир жүз отуз жашаган экен. Ошондо түш жоруп, отун жагып, суу алып, кайраттуу олтурчу экен.

Балдары: «Энеке, сен кандайча минтип көп жашап калдың, бизге айтып бер — деп сурашса, энеси муну айткан экен:

—Силердей бала кезимде отун алып жүрүп, бир тар капчыгайга кезиктим. Аябай чарчап, каным катты. Кай жерде суу бар экен деп өйдө жагымды карасам мөлтүрөгөн тунук булак агып турат. Жата калып ичип жатам, ичип жатам, дагы эле суусунум канбайт. Андай таттуу сууну көргөн эмесмин. Ичип болгон соң отунумду алып үйгө келдим. Кайра эртеси дагы баягы булактан суу ичейин деп барсам, ал булагым жок. Деги эле булак чыкчуу жердей көрүнбөйт. Кийин эстесем, көрсө ошол мүрөк суу экен.

Ал чанда адамга жолугат дейт. Мен ошондон узак жашап калгам.

КЫДЫР

Кыргызда «Бакыт карап, Кыдыр даарып, дөөлөткө малыныптыр» деген сөз бар. Уламыш мындай дейт:

Кыдыр орто бойлуу, сары мурут, сары сакал неме болот дейт. Ал эң бир боорукер. Ар дайым адамга жакшылык кылсам деген ниетте болот дейт. Ар адамдын өмүрүндө үч жолу жолугат имиш. Кыл мурут кезинде, кара сакал кезинде жана буурул сакал кезинде. Ал үч жолу тең эң бир көзгө алымы жок (дубана, азгын жолоочу. же дагы бир жаман көргөн кишиси болуп) көрүнөт имиш, Ошондо какпай, сокпой, ак пейил менен сыйлап турса, аны Кыдыр даарып кетет дейт. Ал кишинин иши бат эле оңолуп, элге алымдуу болот имиш,

КҮН БЕЛГИЛЕРИ

Уламышта ар күндүн өзүнчө белгиси бар, алар мындай айтылат:

Ишемби — иштин башы (жолго көбүнчө ишембиде аттанат, бир чоң уста устачылык ишти да ушул күндө баштаган).

Жекшемби — жетпегенине жетчү күн. «Жекшембиде жетемин».

Дүйшөмбү — дүйнөнүн бүткөн күнү.

Шейшемби — жалгыздын күнү, ата-энеден жалгыз болгон жигит бул күнү жолго чыкпаса болот дешкен.

Шаршемби — жеңил күн. бул күндө малды биттөө, бычуу жүргүзүлөт. Себеби жеңил күн делинген.

Бейшемби — берекенин күнү.

Жума — оор күн.

ТЕРЕК

Элде көп замандардан бери жашаган бай теректерди кыюу жарабайт, анын ээси болот деп айтылат.

Жыламыштын боюнда көп кылымдар бою жашаган бир чынар терек бар экен.

Илгери эки зөөкүр элдин «кой» дешине болбой, ошол теректи кыйган экен. Терек кулаарында кадимки-

дей кыйкырып, таарылган жеринен кыпкызыл кан чыккан имиш.

ПИРЛЕР

Куштун пири — Буудайык,

Иттин пири — Кумайык,

Теректин пири — Бай терек,

Суунун пири — Сулайман,

Койдун пири — Чолпон-Ата,

Уйдуку — Заңги баба,

Жылкыныкы — Камбар-Ата,

Төөнүкү — Ойсул-Ата,

Эчкиники — Шыйпаң-Ата,

Баланын пири — Умай-Эне,

Жигиттин пири — Кырк чилтен (Шаймерден)

Сүйүүнүн пири — Зулайка, Жусуп

Чүкөнүкү — Как чеке,

Чилденики — Кырдач,

Акындын пири — Секелек сары кыз, Асан шайыр,

Устанын пири — Дөөтү Т

абыптын пири — Улукман,

Чечектики — Коросон Ата,

Дыйканчылыктыкы — Боз кептер, Баба дыйкан.

Кийиктин пири — Кайберен,

Там, дубалдын пири — Ибрайым Хилилулла,

Соодагерчиликтин пири — Имам Мазам,

Бакыттын пири — Кыдыр Илияс,

Жырткычтардын пири — Баян жабыр.

* * *

Илгерки кыргыздар ар бир ишинде ушул пирлердин атына сыйынган. Эгер эмчектеги бала ооруса: «Умайэнеси сактайт» деп ой жоруган. Кээде баланын эти көгөрүп калат, аны: «Умай-Энеси уруп кеткен тура» деп коюшкан.

КҮЛҮКТӨР

Жылкынын күлүгү — тулпар,

күчтүүсү — дулдул;

Уйдун күлүгү — шүдүңкүт;

Төөнүн күлүгү — желмаян.

НИКЕ КАЙЫП, ЫРЫСКЫ КАЙЫП

Көпкө чейин үйлөнбөгөн жигитти: «Ника кайбы түшпөй жүрбөйбү» деп коюшат, демек никенин кайыбы болот деген сөз. Оокаттуу адамды: «Ырыскы кайбы түшкөн адам тура» деп коюшат.

КАДЫР ТҮН

Кыргыз элинде: «Кадыр түнгө жолуккан киши болсо керек» — деген даңаза бар. Аны бала-чакалуу, оокаттуу, ырыстуу, ырайымдуу, ак жолтой, иши оңолуп гурган кишиге айтышат.

Кадыр түндү нооруз айында (жаңы жылда) тосушкан.

«Кадыр түн жолукканына жолугат дейт. айсыз кара нөшөр куюп турган түн болсо да, ошол кишинин үстү сүттөй жапжарык боло түшөт дейт, ошондо жаратканга дуба келтирип, кайсы буюмду кармаса алтынга айланат дейт», Же: «Кадыр түн жолуккан кишинин үйүнүн төрүндө аппак түстүү бир нерсе көлкүлдөп жаткан болот, ошондо үстүнө сүт чачып, акырын ак чүпүрөк менен жаап койсо, анда алтын болуп калат дейт» дешкен.

ЖООМАРТЧЫЛЫК

Жоомарттан жоомарт Атантай жоомарт деген чыккан экен.

Атантай бешиктеги кезинде эмчек эмбей ыйлай берүүчү экен. Бир жетим баланы апкелип бир жагын эмизгенде, анан ошондо эмчүү экен.

Кийин чоңойгондо. адам гана эмес куштарды кондурун жем берип сыйлоочу экен.

АЛДАМЧЫЛЫК

Алдаган жагынан Алдар Көсөгө пенде жетпеген. Бир күнү мунун атагын угуп Шайтан келиптир. Экөө дос болуп, карын-карын май, чучук, курутка жолугуп: «кел эми жыл сүрүшүп, кимибиз улуу болсок ошонубуз алалы»,— дешицтир.

Көсө Шайтанга: бул сөздү сен айтып калдың, жашыңды сен мурда айт дегенде:

— Жер каймактаганда жети жашар бала элем,— дептир Шайтан.

Анда Алдар Көсө:

— Айланайын, ошондо жети жашар балам жоголгон, көрсө сен турбайсыңбы — деп ыйлап, кучактап жыгылыптыр.

Шайтан жеңдиргендигин билип:

— Менден сен алдамчы экенсиң, мындан ары каршы алдыңа беттешпейм — деп жолго түшүптүр.

* * *

Бир тыңсынган адам Алдар Көсөнүн жолунан жолугуп:

— Эй, Алдар Көсө, сени элдин баары эле: «Кыйын, алдагыч» — дейт, кана кыйын болсоң мени алдачы! — дептир.

Алдар Көсө көп ойлоп турбастан (ал жөө келаткан окшойт).

— Атаң көрү, алдар баштыгым үйдө калган турбайбы, келе атыңды, алып келе коёюн деп шаштырганда, алиги киши: «Чын эле алдар баштыгын алып келип мени алдасын» — деп атынан түшүп бериптир. Анда Алдар Көсө:

— Эй, кишим, алдайт деген ушул! — деп чаап кеткен экен.

КАЛПЫЧЫ

Калпычыдан Шодокон деген чыгыптыр. Анын чычканга алы жетпес бир кудай урган бүркүтү бар экен. Эл: «Эй, Шодокон, бүркүтүңө эмне алдырдың?» — дешип кер какшыктап сурашса, Шодокон:

— Кечээ алып чыгып салдым эле, бир кырдан келищкен кызыл түлкүнү опоңой гана оң колу менен илип алды, аңгыча аркы жондон чыга калган келишкен калтарды сол колу' менен илип алды. Андан чыгып бир чабытка кире бергенде жана бир түлкүнү тумшугу менен алды. Кудай берип салды деп түзөң менен кетип бара жатсам жана бир түлкү качып бара жатат. Анда кайран бүркүтүм: «Көзүм менен алсам дегендей» түлкүгө көзүн кысып коёт,— деген экен.

УУРУ

Илгери бир атыккан ууру чыгыптыр. Бир күнү баласына уурулугун үйрөтмөкчү болуп:

— Балам менин өнөрүмдү үйрөнүп кал, эр жигитке керек болот, мени карап тур, тээтиги бала басып жаткан сагызгандын алдындагы жумурткасын өзүн учурбай жана билгизбей уурдап алам — дептир.

Баласы, кантип уурдар экен деп жанында туруптур.

Атасы бактын башына чыгып барып, өзү айткандай сагызгандын астындагы жумурткаларын уурдап алып:

— Тос балам, калпагыңа салып ал, деп мактанганда, баласы:

— Ата, мактанганыңыздын жолу болсун, өзүңүздү карап көрүңүзчү — дептир.

Атасы өзүн-өзү карай салып:

— Сен менден өткөн уруу экенсиң го деп үйүнө кире качкан экен.

Көрсе, баласы атасынын дамбалын билгизбей уурдап алган экен.

сынчы

Кыргызда: «Сынчы болсоң Толубайдай бол, ырчы болсоң Токтогулдай бол» — деген лакап бар.

Илгери Толубай сынчы деген өтүптүр.

Хан казатка аттанмакчы болуп: «Жылкымдан ким тулпар тапса самаганын берем, эгер жаңылса көзүн оём» — деп жар чакыртат.

Элден эч сынчы чыкпайт. Хандын вазирлери сынчы

издеп. бирок таба алышпай талаа менен келе жатышса, жардын түбүндө бир чал алдына аттын куу башын коюп алып ыйлап олтурат.

Тигилер тыңшап турушса:

— Сенин тулпардыгыңды ким билет, менин сынчылыгымды ким билет,— деп күңгүрөнүп коёт.

Хандын вазирлери чалды ханга алпарат. Хан алыжайын сурап олтуруп: «Атың Толубай, өзүң сынчы экенсиң, эмесе менин жылкымдан тулпар тап, эгер жаңылсаң көзүңдү оём» — деп шарт коёт.

Эртеси бийик мунара жасатып, астынан жылкыларды бирден айдатып Толубай менен хан турат.

Туура үч күн бою күлүктөр өтөт. бирок сынчыга бири да жакпайт. Акыры жибек килем төшөлүп, анын үстүнөн жибек үртүк жабылган хандын тулпарлары өтөт.

— Сынчы буларга эмне дейсиң? — дегенде, Толубай тек гана: «Тулпар эмес» — дегендей башын чайкаган дейт. Шаардан жылкы койбой айдатылып өтүптүр, бирок сынчыга жакпайт.

Акыры хан:

— Эми кимдин аты калды? — дегенде, вазирлери:

— Баягы бир кедейдин зań ташыган Чаар жаманы калды,— дешиптир.

— Апкелгиле аны да!—деген соң, жигиттерн айласы жок ошол жаман Чаарды апкелишет.

Хандын алдынан эшек кейиптүү, кырк жеринде жоору бар. араң басып жаман Чаар өткөндө, Толубай кубанганына чыдабай:

— Ханым, мына тулпар! — дейт.

Хан ачуусуна чыдабай: «Мени шылдың кылган нааданын көзүн ой!» — деп буйрук берет.

Желдеттер келип Толубайдын көзүн оюп салышат. Лнда Толубай, көзүн басыл туруп:

— Ханым, жарлыгыңыз бир, бирок көз кунуна ушул Чаарды бердириңиз деп сураганда, хан «Алсын» деген белгини берип, өзү ары карай кеткен дейт.

Толубай жаман чаарды жетелетип алып кемпирине барып. алиги Чаарды кырк бир күн жер алдына баккан дейт. Өлчөөсү менен жем, убагы менен суу берип, кырк бир күн болот дегенде, алдына кемпирин мингизип, артына өзү учкашып талаага чыккан экен.

Ошондо баягы хан сейилдеп келе жатканын билип, кемпирине хандын алдына атын тарттырып, ханга:

— Э ханым, баягы жаман Чаарга жигит болсоң жетип ал! — деп аттын башын коё берген дейт.

Хан ызасына чыдабай, сан жигити менен кууп жетпептир. Хандын тулпарлары ошол замат эле караандабай калыптыр.

Толубайлар бир күндүк жерге кеткенде алда кайдан (артынан) бир аттын дүбүртү угулуптур.

Толубай:

— Кандай ат экен?

— Кер чунак деген тулпар окшойт — деп кемпири жооп бергенде:

— Аны кудай ала койсун, жука мээ арам көрүндү эле, күнгө тарт—дептир.

Кемпири күн жакка салганда, Керчунактын мээсине күн өтүп алда кайда кала берген дейт.

Экинчи күн өткөндө, дагы бир дүбүрт чыгат. Толубай биле коюп:

— Бул кайсы экён? — дегенде, кемпири:

— Кер кашка деген тулпар окшойт — дээр замат;

— Аны кудай ала койсун, жука туяк неме көрүнгөн эле, таштакка сал дейт.

Кер кашка бир аз эпкиндеп келип эле ташыркап жүрбөй калат.

Булар үч күндүк жерге жеткенде, таң алдында жана бир укмуштуу аттын дүбүртү чыгат. Толубай:

— Бул кайсы экен? — дегенде, кемпири карай салып:

— Тел кызыл деген тулпар окшойт дегенде, Толубай:

— Анык тулпардын бири ушул Тел кызыл көрүндү эле. Өзү үч асый гана жашы бар, сырт жагында айбы жок, Бирок буга мактоо жарашпайт. Барлык жагы келишкен менен мактоо көтөрө албайт. Аттын башын тике маңдайга тарт, мактоо салайын дейт. Кемпири аттын башын бурар замат, Толубай:

— Ай, жаныбарым ай, сендей да тулпар туулат экен ээ, сының не, сымбатың не, көркүң не, көркөмүң не. Жарыктыктын чуркашы ай. Пай-пай-пай дегенде Тел кызыл мактоону көтөрө албай алда кайда кала бериптир. Тел кызылды минген хандын өзү экенин билип:

— Ханым, эч жеринен айыбы жок тулпар тап дегениңди эки кылбай таап бергенимди биле албадың. Тулпар кадыры менен сынчы кадырын билмек кайда! Шерт мойнуңда, кайыр энди деп, Толубай аттын оозун коё берген экен. Акыры анын тулпары жерди бүт айланып, анын кырынан ашып, бир деңизге түшүп өлгөн экен дейт.

ЫРЧЫ

Жаныбек хандын тушунда (XV кылымда) Токтогул Деген ырчы болгон экен. Ооз ачкандан буга тең келген ырчы болбоптур. Көп замандан берки айтылып жүргөн «Манас» жомогун ушул ырчы баш-аягына келтирип иретке салган дейт. Манасты нечен

жыл бою тынбай айтчу экен. Комузун жерге койсо Токтогулдун өзү болуп ырдап турчу экен.

Муңданса муңуна таш эрип, кубанса түн жарылып таң атчу экен.

ЗАЯПКЕР

Заяпкер деп күлүк таптаганды айтат. Кыргыз элинде (Чүй тарапта) Шергазы деген заяпкер чыгыптыр. Ал кадимки эл оозунда айтылуу Кер кашка ат деген күлүктү таптоочу экен. Өз өмүрүндө Кер кашка атты астына салбаптыр. Кийин карып калган учурунда Байтиктин ашына (өз элине) чапмак болот. Алты дубандан ат келет. Ошондо казактан бир ашкан күлүк келет. Шергазы ошол казактын заяпкери жаткан үйгө бир тыңчы койдурат: «Булар эмне деп сүйлөшөр экен» — деп, алиги тыңчы кеңкелес киши болумуш этип от жагып олтурса, казактын заяпкери: «Чиркинай. Кер кашканын заяпкери укмуштуу неме экен, атта айып жок, табында. Бирок карып калган экен, туягын саал кырып койсо бул жолу да чыгат» — деп сүйлөптүр.

Шергазы муну угар замат: «Атаң көрү, айтса айтпаса төгүнбү» деп Кер кашканын туягын кырып коюптур. Байтиктин ашында, ошол Кер кашка айткандай эле биринчи болуп келиптир.

МҮНҮШКЕР

Мүнүшкер деп куш таптаган, куштун сырын билген, кушка тилмерди айтат.

Илгери Домо деген кушка тилмер адам чыккан экен. Бул киши Сарежи аттуу бүркүтүн отуз жыл салып, акыры карыганда коё бериптир.

Сарежи төрт жылдан кийин эки балапаны менен айылдын үстүнөн учат. ошондо Домо биле коюп: «Балдар, бул баягы Сарежи экен» — деп таанып, калдыркан урдуруп кайра кондурат.

ДОМОНУН КЫЗЫ

Ошол мүнүшкер Домодон бир кыз калаг, өмүрүидө эркек бала көрбөйт. Көзү барында эрге берет. Кыргыздын уламышында Домо өзү көп оозго алынбай, «Домонун кызы» деп ошол жалгыз кызы сөз болуп калат.

Кең оокаттуу жерге барат, тийген күйөөсү куш салып, ит агытууну сүйбөгөн жөнөкөй гана бир адам болот.

Арадан көп-көп күндөр өтөт. Бир күнү ит үргөнүнөн кайын атасы:

— Балам, сыртка чыкчы, ит үрөт, булар ким болду экен? — дегенинен келини кайра кирип.

— Үч бүркүтчү экен: бири сүйүнүп, бири өкүнүп,

бири күйүнүп келе жатат,— деп жооп айтат.

Анда акеси:

— Ал эмне дегениң балам, туюнбай калдым? — дептир. Келини сөзүн чече сүйлөп:

— Үч бүркүтчү келе жатат; сүйүнгөнү — бүркүтүнө түлкү алдырыптыр, өкүнгөнү — чала-була бирдеме алдырган окшойт, күйүнгөнү — кур кайткан окшойт — дептир.

Аңгыча бүркүтчүлөр келиптир, ат алынып, казан асылып мейман күтүү болуптур.

Сөздөн сөз чыгып, акеси игилердин жайын сураса, дал эле келини айткандай болуп чыгат. Аш-тамак жеп. коно жатып, эртеси бүркүтчүлөр аттанарда, Домонун кызы:

— Аке, мен десеңиз ушул эч нерсе албаган бүркүттү сатып берсеңиз — деп кыйнайт.

Кайын атасы, келининин сөзүнө жок дей албай, бүркүтчүнүн үчүнчүсүнө барып, «Бүркүтүңүздү сатып кетиңиз» деп сураса:

— О, кокуй, сатып эмне кылам, тим эле ал — дейт.

Акеси келип келинине ушуну айтса, анда келини:

— Жок аке, ал калыстык болбос, бекер алсак ээсине убал болор, бул бүркүттүн эң төмөнкү куну — бир айгыр үйүр жылкы болот, ошону алсын да, анан бүркүтүн берсин— дейт.

Кайын атасы өзүнчө капа болуп, айласы кеткенинен бүркүттүн ээсине ушул шартты айткан экен, ал:

— Сиз эмне шылдың кылып жатасызбы? Мунуңуз жарабаган сөз деп жаа бою түйүлөт. Акыры келиндин кайнатасы болбой жатып бир айгыр үйүр жылкыны айдап берип баягы эчтеке албаган бүркүттү алып калат.

Бүркүттүн ээси кубанып жолго түшөт, жылкынын ээси ичинен кайгырып үйүнө кирет. Бир аз убакыт өткөндөн кийин келинине:

— Балам, бул бүркүттүн өнөрү кайсы? Мунуңдан пайда барбы? Бир айгыр үйүр жылкы деген оңой эмес — дегенде келини мындай деп сөз баштайт:

— Аке, бул бүркүт жаш кезинде тапталып биринчи салганда эле каман алган экен. Ошондо балалык кылып, камандын жалын бүкүлү жеп, көкүрөгү коё болгон экен. Эми мезгил өткөрбөй бир ак боз бээни союңуз да. ошонун казысынан биринчи күнү табак ордундай, экинчи күнү чынынын ордундай, үчүнчү күнү андан кичирээк казы сугунтуңуз, ошондо көкүрөгү жибийт да, көкүрөгүндөгү кыл түшөт — дептир.

Акеси келини айткандай иштеген экен, бүркүт үчүнчү күнү чын эле жал кусту дейт.

Анда келини:

— Аке, бул «Төө Комдот» деген бүркүт ушул болот. Муну салганда төөнү комдой барыш керек. Ал ар күнү сайын арбытып алат. Жана дагы бир шерт — ар салган сайын киши арбын барсын. Бүгүн бешөө чыкса, эртең он. бүрсүгүнү он беш киши, анан отуз, кырк болуп барып олтурсун дейт.

Эртеси күйөөсү атка минип жанына бир топ жолдош алып бүркүттү салган экен, көзүнө көрүнгөн карышкыр, түлкү, кулжа, текенин баарын алат.

Төө Комдот бир жума өтпөй эле ээсин дүнүйөгө батырат. Не бир сүлөөсүндөр батпай кетет.

Домонун кызынын күйөөсү аябай көтөрүлөт элдин оозуна алынат, аябай макталат, урмат, даңк конот.

Бир күнү: «зайып деген оюна келгенин сүйлөй берет, анча көп кишини олжого орток кылбай эле, төрт-беш киши менен чыксам кудай алабы?»—дейт да, элдн ээрчитпей аз киши менен жөнөп кетет.

Кечке жуук эшикте кир жууп олтуруп Домонун кызы туурдукка келип конгон бүркүттү көрө коюп:

Атаны кокуй ай э, болбой калган турбайбы, бүГҮН УУлУнуз канча киши менен кетти эле? — деп акесинен сурагандаакеси:

— Аз киши менен кетсе керек дээр замат:

— Айтпадым беле, олдо кокуй ай э, бешөөнү тең алган турбайбы, тезирээк киши чаптырыңыз — дейт да бүркүттү алып, ортоңку салаасын балта менен кыя чаап:

— Кайыр эми болбостур, кош жаныбарым, шертиң ушул эмес беле? — деп учуруп коё берген экен.

Эл барып караса, бешөөнү бирдей алып, боор этин оё жеп гана тим болгон экен дейт.

Кыргыз баласында Домонун кызындай кушка тилмер укмуштуу пенде чыккан эмес экен.

МАНАС ЖӨНҮНДӨ

Кайсы манасчыдан сурасаң да: «Түш көрүп айткам» дейт. Биз көргөн манасчылар — Сагынбай, Жаңыбайлар жана азыркы Шапак, Саякбайлар ушуну айтышат. Бул жагынан илимий талдоо болбогондуктан бизге анын сыры түшүнүксүз. Албетте, алардын түшү менен бирге, эч кимден укпай туруп, акындык шыгы болбой туруп айта албастыгы ачык.

* * *

Жаңыбай манасчы бир күнү мага түздөн түз мындай дегени бар:

«Манасты түш көрбөй айтат деген бекер, манасчы болордон беш-он жыл мурда Манастын арбагы түшүмө аян берген. Эгер чындап эрегиштире турган болсоңор. Манас баатырдын сөөгүн деле таап берем. Бирок көрсөткөн менен көргөн кишилердин укум-тукумуна каргыш тиет»...

* * *

Саякбай мындай деп сүйлөйт:

«Жигит кезимде атка минип талаада келе жатсам, кулагым чуу дей түштү да эсимен танып кеттим. Азыраак көзүм илинип кеткен экен, Манастын өзүнүн элеси жана кырк чоросу келип: «Палан жылы Манас айта-

сың, эми өйдө тур да атыңа мин» деп сүйлөгөндөй болду. Кө^үмдү ачсам азоо атым качпай, үркпөй жанымда турат. Кийин граждандык согуш бүтүп, солдаттыктан кайтып, бир күнү атка минип бастырып бара жатсам, дагы ошол окуя болду.

Эртеси бир кой союп, элди чакырып, эми айтайынчы деп ойлоп оозумду ачсам эле ыр өзү эле келе бергени. Ошондон Манас айтып калдым».

* * *

Сагынбай манасчы менен көп жылдар бирге жүрүп, андан 400 басма табак жазган Ибрайым Абдыракманов (Ак Молдо) муну айтат:

Мен ар убак эле: «Саке, мага Манасты көрсөтүңүзчү» — дей бердим. Кыштын башталыш айы эле, Нарында бирөөнүн үйүндө жазып жатабыз. Сагынбай: «Сен бала көп эле өтүнүп калдың, бүгүнкү түнү бирдеме байкайсың» деген. Түн жарымы оогон кезде үйдүн ичи өзүнөн өзү кыймылдагансып, калдыр-күлдүр боло берди. Мен жерден башымды албай жаза бердим. Кулагыма бирөөлөрдүн добушу угулгансып. көзүмө элес-булас бирдеме көрүнгөнсүй берди. Аңгыча эле Сагынбай: «Молдоке, тетиги терезе жакты карачы» — деди, карай калсам, эшекке минген, башына селде оронгон бирөө турат. Аны көргөндөн кийин «Жаза бер» деди, мен таң атканга чейин жаздым, Сагынбай да талыкпай айта берди.

Таң атканда сыртка чыксам кар кыламык жаап коюптур. Терезенин алдын карасам эшектин төрт аягынын изинен башка эч нерсе жок... «Кийин дагы бир күнү жазып

жатабыз. Түн жарымы ооп калган. Сагынбай мени улам-улам карап эле бирдемеге белги кылгандай болот. Мен анысына түшүнө албай жаза бердим.

Ал күнкү ишибиз бүткөн соң Сагынбай: «Сен бая бирдемени билдиңби?» — деди, мен жок десем: «Балалыгың да, сенин артыңда Манас. Алманбет, Чубак, Сыргак, Бакай келип турду. Алар сенин жазууңду мактагандай белгиде турушту» — деп; күлүмсүрөдү. Кийин ойлоп карасам, чын эле артымда бирдеме тургансыгандай байкалган.

* * *

1940-жылдарда мен «Манас» эпосунун кол жазмаларын институттан алып окуп жүрдүм. Бир күнү Манас баатыр түшүмө кирет. Ал мага кара көрпө тебетейи

бар, кызыл ыраңдуу, көзү чоң, кара сакал кара мурут болуп көрүнөт. кийин бул түшүмдү ушул кишиге айтсам: «Жок, Манас андай эмес, Сагынбайдын айтууна караганда Манас жылан түстүү, көзүнө кан толгон сүрдүү киши болуу керек, Манастын өңүн эч пенде дит багып карай албайт деген» — деп жооп берди.

* * *

Ушул күндө да кыргыз дыйкандарынын, малчыларынын арасында Манасты түшүндө айтат, эгер Манасты тилдесе, же күмбөзүнө шек келтирсе аны Манастын арбагы урбай койбойт деген ишеничтер бар.

Илгери Ысык-Көлдүн тескейинен чыккан Доңузбай Деген Манасчы болгон экен. Эл жайлоого чыгып үлүш берип жаткан убак экен. Калк калың жыйналып: «Баягы Доңузбай келип Манасын айтып берсин» — деп киши чаптырса, Доңузбай: «Манасың менен ары бар» деп оозго алынгыс сөздөр менен сөгүп коё берет. Чабарман келип элге айтканда. эл — олтургандар:

«Ай, чунак киши Манастын арбагын бекер тилдеген, эми оңбой калды» — дешкен экен. Доңузбай үйүнө барар замат тили байланат да, эртеси өлөт.

* * *

Караколдо (азыркы Пржевальскиде) Кереге-Таш деген жерде Абдылда деген (арык тукуму) кишинин түшүнө Манас кирет да: «Мени айт» деп кыйнай берет. Бирок ал Манас айтууну намыс көрүп, бблбой коёт.. Нечен ирет кайталап: «Сен айтпасаң соо болбойсуң» — деп ышарат берет, ал баягысындай эле болбой коёт.

Акыры Манас түшүнде тигинин мойнун сууруп кетет. Аны элдин баары билчүү экен. Бир топ убакка чейин көк кытан моюнданып кынжыйып жүрөт да, акыры узабай өлөт. Талас шаарындагы Манас күмбөзүн булгагандар жана ал күмбөздү кордогондор соо болбойт дешип сүйлөшөт.

Ошол жерде жашоочу Жылкыбай дегендин көпкүлөң тарткан аялы бар экен. «Манас, Манас дешип сыйынышат, мунун эмне касиети бар экен?» — деп, күмбөзүн тээп койгон экен, үч күнгө калбай туттугуп өлүптүр.

Синьцзян тараптагы Манас шаарында Манастын күмбөзү бар дейт. Синцзянды башкарып турган уйгур ханы Бедөөлөт өлгөндө, кытайдын ханы: «Манастын күмбөзү кыйратылсын» — деп буйрук берип, солдаттарын жиберген дейт.

Кытайдын солдаттары падышасынын жардыгы боюнча Манастын күмбөзүн буза баштаганДа алыстан көк бөрүлөр көрүнгөн дейт. Ошол замат эле үч-төрт солдат өлүп кеткен экен. Аңгыча ошол жерди өрт баскан дейт. Кытайдын ханы муну укканда «Андай болсо жөн койгула» дегенче шашат. Ошол күмбөз ушул күндө да бар дейт.

* * *

Дагы ошол Синьцзянда, Шыйкуу деген шаарда кырк чоронун кээ бирлеринин күмбөзү бар дейт. Үркүп барган кыргыздар өз көздөрү менен көрүшкөн экен.

Ошол жердеги элдердин айтуусуна караганда: Алманбет, Чубак, Сыргак ушул жерге шеит болгон дейт. Ары-бери өткөндө ыйлаган ый, кээде күлгөн күлкү чыгат дейт.

Илгери «Манас» жомогу жалгыз гана угуп чер жазуу жыргалдыгы эмес, ал кээ бир бактысыздыктарды жоюучу касиеттүү курал катарында колдонулган экен. Сагынбай нечен курдай бала төрөбөгөн, же малына кырсык түшкөн жерлерге чакыртылган экен. Сагынбай Манас айтып кеткен жердеги мал оорулары, адам оорулары жоголуп, төрөбөгөн аял төрөөчү экен...

* * *

Элдин оозунда ушул күнгө чейин макталып жүргөн кадимки Келдибек деген манасчы Кочкордогу Осмон деген кишинин үйүнө келип Манас айтыптыр. Ошондо ылаң баскан малдар, ооруган адамдар эртеси эле айыгып кетиптир. Ошол Осмон деген киши карыганча бала көрбөптүр. Келдибек Манас айтып кеткенден кийин эле аялынын боюна бүтүп, андан Супа деген бала туулуптур. Ал Супа кийин эң карып өлүптүр, көргөн адамдар бар экен.

БИЗДИН КҮНДӨГҮ ЛЕГЕНДАЛАР

Октябрь революциясы

Мекелей тактан жылмышып, Уруят (тегизчилдик) заманы орноду. Кедей-кембагал, бей-бечера, мискиндерге эрк тийди, мите, канкор бай, манаптардын күнү бүттү, эми заман кедейлерге тийип, заманды бей-бечара, карыптар сурайт дейт. Байкуш кедейлер эми жарыкчылыкты көрүп, нечен жылдар эзилген кордугун жакшылыкка жууп, эзген мите, бай-манаптан өчүн алат дейт. О, кудай, бул өңүбүзбү, же түшүбүзбү?

Орус эли

Орус деген: эң сылык, жоомарт, кең пейилдүү. ырыс көтөрүмдүү журт болот экен. Аларда: алдамчылык, арамзачылык, кытмыр, ичи тарлык болбойт экен. Сыры сыртында болуп, оюна арамдык турбайт экен.^Баарынан анын адалөөтчүлүгүн (адилетчилигин) айтсаңчы. Башында ай балта турса да андан жалтанбастан сөздүн акыйкатын айтат. Оруста бирөөгө жала жабуу, ушак айтуу болбойт экен. Жолдош болсоң орус менен бол, 'сени эч качан жамандыкка таштабайт. Орус менен дос болуп анын жакшы адаттарын үйрөнбөй. алга кетс албайбыз.

Биринчи оруска үйлөнүү

Орус, кыргыз менен биринчи үйлөнүү, кадимкидей турмуш куруу 1917-жылы, мурдакы Пишпек, азыркы Фрунзенин үстүндөгү «Байтиктин пас бөлтөгү» деп аталган жердеги бир кыштакта болуптур.

Бул жерде Метрей деген тегирменчи орус бар экен Анын Анна аттуу сулуу кызы болуптур. Алардын коңшусунда Чотбай деген кыргыз кедейдин Асан аттүү уулу болуптур. Кыз жигитти, жигит кызды сүйүп экөө аябаи ашык болушат. Бирок экөө тең ата-энелерине аитышпайт. Акыры уурданып үйлөнүшөт да, бир жакка качып кетишет. Метрей да (Дмитрий), Чотбай да айраң болушат. Бирок экөө тең «үйлөнгөндөрүнө» ишенишпейт, туш-туштан издөө салып, таппай коюшат. Анна менен Асан үч-төрт ай жашынып жүрүп аябай жүдөйт. Анын үстүнө Аннанын боюна бүтөт. Айласы жок эң мурда Метрейге келишип кечирим сурашат. Метрей кежигесиң тырмап: «Бир бириңди сүйдүң болду, анын эмнесине качтыңар? Жакшы турсаңар болду. Үй, короожай силердики, күнүңөрдү көргүлө» — дейт.

Андан сүйүнүп Чотбайга барышкан экен. «Мурда билсем экөөңдү тең соёт элем, эми болор иш болду» — деп тим болот.

Ошентип экөө үй, жай күтүп бирге жашап калышат. Булар эң ысык, татуу турушат. Эки-үч балалуу болушат. Күндөрдүн бир күнүндө арага бузук түшөт да, Асандын кээ бир жолдоштору: «Орус аялыңды коё бер, кыргыздан алып беребиз» — деп азгыра берет. Асан эчен ирет каршылык кылса да азгырчуулар болбой коюшат. Акыры Асан макул болот да, мас болуп келип аялын сабайт, Анна аны көтөрөт. Эшиктин сыртыиан кулпу салып өзү эки-үч күнгө чейин кетип калат, Анна буга да чыдайт. Акыры «Эптеп жадатып кетирейин» — Деген максат менен балдарын алат да, Аннага: «Эми

кош, биз бирге жашабайбыз» — дейт. Анна: «Менин күнөөм кайсы? Экөөбүз сүйүп кошулбадык беле? Бузукуларга киресиңби?» — десе да болбойт. Асан балдарын алат да, Аннаны жыга түртүп кетип калат.

Анна эртеси Асанга барат да: «Асан, бери чык, коштошуп калайын» — дейт, Асан чыкканда бетине бир бөтөлкөдөгү дарыны чачын жиберет. Асандын бети бырыщ-тырыш болуп^бузулуп калат. Анна балдарын алат Да, кайын ата, кайын энесинин үйүнө барып, алардын өз баласындай жашай берет. Кийин Асан нечен ирет жалынып барса да, Анна болбой коёт, Асан Кочкор тарапка кетет, Анна балдарын өстүрө берет. Ошол балдардан Темир, Сайкал, Жигит дегендер ушул күндө да бар дешет.

Ошондон баштап, орус менен кыргыздын үйлөнүүсү уламдан улам күчөй берген дейт. Жана бири-бири менен ажырашуу да токтолгон дейт.

Ленин жөнүндө

Ленин кандайдыр ушул жердин ары жагындагы бир шаардан окуп келиптир дейт. Ленин балчабектердин (большевиктердин) атасы дейт. Ленин адегенде эле: «Кедейим, батырактарым, койчуларым» деп чыгыптыр. Ленин кыргызча суудай билчү экен. Ленин чарчы бойлуу, башы чоң, маңдайы кашка киши болуптур. Башы бүт эле акылга толгон дейт. Ырайымынан ырыс төгүлгөн. тилинен бал таамп турат дейт.

* * *

Ленин кыргызды эң жакшы көргөн дейт. Ала Тоодо кыргыз деген кенже уулум бар, азаттык, теңдик бермп көзүн ачам, балдарын өзүм окутам деген — дейт.

* * *

Кийин большевик заманы бекем орун алып, кедейлер теңдикке жетип, заман оңолуп, кыргыз билимге тартылып, жер. суу дыйканга тийип, турмуш оңуна келип турганда Ленин атабыз: «Эми кыргызымды көрүп келейин, карыя, аксакалдары менен учурашып келейин» деп камынып турганда оорудан каза тапкан дейт.

* * *

Ленин өлгөндө, ар бир үйдө ыйлоо, кадимкидей өкүрүү болуптур. Аялдар кыбыла карап кошкон дейт. Каракол (азыркы Пржевальск) тарапта бир жерде жыйын болуп жатканда, Кадыркул деген киши Ленинди угузганда «пайгамбарыбыздан айрылган турбайбыз^бы» деп мүлдө эл ыйлаган дейт. Жетимтай, Дүйшөбай деген карыялар Лениндин күйүтүнө чыдабай бир ай

тешөктөн турбай калган дейт. Алар: «Кедейлер биздин шорубуз экен, Ленинибизди эми кайдан табабыз» — дешкен дейт.

Киров жөнүндө

Киров көп мүнөзүнөн Ленинге окшош экен. Өңү ырайымдуу. жүзү ачык киши эле дейт. Сөзүн жай баштап, анан кызыганда булбулдай шаңшычу экен. Ар дайым жөнөкөй кишилер менен жолдош болчу экен. Бөтөнчө жумушчуларды, колхозчуларды, анан жаш балдарды жакшы көрчү экен.

Фрунзе жөнүндө

Фрунзе кыргыздын жеринде туулуп, кыргыз балдары менен бирге окуган дейт. Бала кезинде эле: «Мен чоңойсом силерди адам кылам, силердин көзүңөрдү ачам» — дечү экен. Ал тургай жигит болгон мезгилде кыргыздан кыз алган дейт. Ошондуктан анын баласы Темир делинип кыргызча коюлган дейт. Кийин багы ачылып зор орунга турганда: «Кыргызым өстүбү? Кыргызым өстүбү? Кыргызым оңолдубу?» — деп сурап туруучу экен. Москвага каттаган кыргыздар Фрунзенин үйүнө конуп кайтчу экен. «Айылдагыларга айта бар, мен жакында барам, туулган жеримди гүлдөтөм» деп турганда каза тапкан дейт.

Буденный жөнүндө

Буденный абдан кайраттуу киши дейт. Кыргыз, казак окшогон майда улуттарды көргөндө кубанганынан күлүп жиберет дейт. Буденный кыргыздын атын эң жакшы көрөт дейт. Сүрөттөгү минип турган аты кыргыздын аты экен.

Калинин жөнүндө

Жарыктык Калинин жумуштан намыс кылбаган карыя дейт. Жай маалында колхоздорго чыгып кадимки-

дей чалгы чаап, орок орот экен. Өзү карып калса да жумушка келгенде эч кимди астына салбайт экен.

Калинин абдан боорукер адилет киши дейт. Колхозчулардын биринчи съездине барган колхозчулар менен бирге олтуруп кыргызча бешбармак жептир дейт.

* * *

Калинин элдин арыз-муцун жерге таштабаган касиеттүү карыя экен.

Ысык-Көл тараптан бир дыйкан жалаа менен айыпталып, сотко кесилмекчи болгондо Калининге арызданып барыптыр. Калинин аны дароо кабыл алып, арызын угуп, колхоздун ишин сурап, анан алакандай кагаз бериптир дейт. «Эми бара бер, ак кишиге айып жок» — деп кол кармашып узатыптыр дейт. Алиги колхозчу айылга келип алакандай кагазды көрсөткөн экен: «А... Калинин аксакал олуя экен го. Москвадан туруп ушул жердин акыйкатын чечкен экен» — дешиптир. Кагазга: «Ак колхозчуга эч ким тийбесин» деп жазыптыр дейт.

1939-жылы кыргыз искусствосунун декадасына катышуучуларды сыйлаганда Калинин өзү орден берип турган дейт.

Бир убакта Мураталы кыякчыга кезмек келип, эки карыя кол кармашып калган экен. Мураталы Калинин атанын колунан епкөн экен, Калинин ал кишинин бетинен өөптүр. Мураталы уялып кетип, Калининдин бетинен өпкөн экен, анда ал киши Мураталынын оозунан өөптүр. Мураталы да анын оозунан өөп. кубанганына чыдай албай ыйлап жибериптир. «80 жашка келгенче мындай сылык, кичи пейил адамды көргөн эмесмин» деген дейт.

Нарын тарапта бир мыкты жылкычы бар дейт. Өзү малга кыйын болгону менен кээде калп сүйлөп, кээде араи ичип мас болуучу экен. Баягы жылы Москвага ударниктердин съездине баргандан кийин эле калпын коюп, арагын таштаган дейт.

Кээ бир жыйындарда теңтуштары: «Сен неге мынча өзгөрдүң, калпың да калды» дешсе:

«Москвага бардым, эл кутманы Калининге кол бердим. Эми ошол жүзүм менен, ошол колум менен кантип калп айтам, кантип арак ичем»... деген экен.

Максим Горький жөнүндө

Максим Горький батрактан чыккан жазуучу дейт. Эч адам баласы көрбөгөн жабырчылыкты көп көрүптүр. Ал эң ак көңүл, жашык киши болгон дейт. Кыргыздын «Манасын» окуп, «Манастын» даңкын ааламга таратам деп турганда каза болгон дейт.

Панфилов жөнүндө

Панфилов Кыргызстандын военкому болуп турганда эле: «Палан жылы согуш болот, палан жылы бүтөт, жеңиш биздики болот» деп алдын ала билип айткан дейт.

Тарас Шевченко тууралу

Тарас Шевченко эң бактысыз акын болуптур. Өз заманын айдоо, куугун, сүргүн менен өткөргөн дейт. Анын муңу кыргыз тоосуна чейин жеткен экен. Боом капчыгайынын түгөнөр ченинде чоң аска бар дейт. Ошол асканын бетин абайлап караган киши Шевченконун сүрөтүн көрөт дейт. Алыстаганда көрүнүп, жанына келгенде көрүнбөй калат дейт.

Шота Руставели жөнүндө

Руставелинин баатырлары: Тариэл, Автандил, Да-

ражан, Тинатиндери кыргызга жагымдуу. Ошондуктан кийинки туулган балдардын бир далайына ушул аттар коюла баштады.

Биздин аскерлер чабуул коюп бара жатканда, Реин боюнан кыргыздын жаш солдатынын өлүгүн көрүшүптүр. Жанында кан болгон, бирок барактары бүтүн кыргызча: «Жолборс терисин кийген баатыр» деген китеп бар экен дейт.

Согуш жөнүндө

Ата мекендик согуш башталаарда түшүбүзгө өрт менен суу көп кирчүү болду. Биздин «Эпкиндүү» деген колхоздогу бир карыя түш көрсө күн батыштан бир дайра. күн чыгыштан бир дайра келип кошулуп кетти дейт. Экөөнүн ортосунан кан оргуштап анан күн батыштагы дарыя кичиргенден кичирип жок болуп калды дейт. Эртеси эле «Согуш болот экен, Совет өкмөтү жеңет экен» деп айткан дейт.

«Катюша» жөнүндө

«Катюша» деген бир жабык боз машина дейт. Керек болгондо дароо пайда боло калып, атып-атып жиберип, кайра учуп кетет дейт. Анын огу тийген жер астым-үстүм болуп, огу кырк жолу жарылат экен. Угуп эле тургуң келет дейт.

Айылга трактор келерде

Жакында айылга трактор деген машина келет дейт. Атка окшоп жем жебейт, суу ичпейт. чарчаганды да билбейт дешет. Бир күндө миң аттын жумушун бүтүрүп коёт дейт. Жерин өзү айдап, маласын тартып, үрөнүн сээп кетет экен. Социализмдин аты деген ушул дейт.

Автомобиль келерде

Автомобиль куштан учкуч, тулпардан күчтүү болот дейт. Бир саатта жүз чакырым жерге кетет экен. ЫсыкКөлдүн боюндагы бир дыйкан автомобилди «үркүтөм» деп тонун аңтара кийип алдына жата калган экен, чала-була үркүп, тонунун чекесин басыg кетиптир дейт.

Радио жөнүндө

Радио биринчи айылга келгенде, дыйкандар жанына барып турушуптур. Радионун калдырканы начарыраак

болуп, берилген сөз начар угулган экен. бир дыйкан калдырканга барып «Катуу айт, катуу айт» деп кыйкырыптыр.

Колхоз жөнүндө

Колхоз деген касиеттүү нерсе. Колхозго иштегениң, өз өкмөтүңө иштегениң. Колхоз эмгегиңди он эсе ашырып кайтарат. Ак ниет болсоң, колхоз сени аябай сыйлайт. Уурулук кылсаң колхоздун каргышы тиет, балаң өлөт, жайдыр-күздүр тынбай эле иштеп жатабыз, ооруганыбыз кана? Оорумак тургай кыпкызыл тартып оңолуп бара жатабыз. Анча-мынча оорудан, кээ бир кырсыктан колхоз колдоп калат. Ал колхоздун касиети деген ошол.

Төртүнчү беш жылдык

Төртүнчү беш жылдыкта мончосу жок жана электри жок бир да колхоз болбойт дейт. Ар эмгек күнүнө кеминде 8 килодон эмгек акы тийген. кеминде ондон шайы жууркан, 4-5 тен күрмө-шым күткөн күндөр болот дешет. Кээ бир колхоздор эми эле ошого жетишип калды дейт. Буткүл жер жемиш багына толот дейт, көп жерлерге заңгыраган үй. түшүп, жаңы дайра агып, таанылгыс болуп калат дейт.

11/X11—1946

Чолпон-Ата

ТҮШҮНҮКТӨР

«*Жазуучулук баяным*» — Алыкул Осмоновдун автобиографиясы. Мында автор 1947-жылга чейинки чыгармачылык жолу жөиүнде жазган. Андан кийин акындын мындай автобиография жазган, жазбаганы бизге белгисиз. Чыгармачылык өмүрүн кыска жана урунттуу камтыгандыктан бул автобиография 2-томдун бет ачары катары жарыяланды.

«*Ок жаңылды*» — Акындын алгачкы поэмасы. «Таңдагы ырлар» (1935) жыйнагында жарыяланган.

«*Толубай сынчы*» (Биринчи варианты)—«Чолпонстан» ырлар жыйнагында жарыяланган. Бул томго ошол боюнча киргизилди.

«*Чоң Чүй каналы*» — биринчи жолу «Советтик адабият жана искусство» журналынын 1941-жылкы август айындагы санында чыккан. Мында ушул журнал боюнча алынды.

«*Толубай сынчы*» (Экинчи варианты), «*Менин энем*» — Бул поэмалар биринчи жолу «Махабат» ырлар жыйнагында басылган. «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагында жарыяланганда бул чыгармалардын бир катар куплеттери жана ыр саптары кыскартылып басылган. Бул томго «Махабат» ырлар жыйнагында жарыяланган толук тексттери берилди.

«*Күлүйпа*» — Биринчи жолу «Махабат» ырлар жыйнагында жарыяланат. Андан кийин 1954-жылы жарыяланган «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагына да басылган.

«*Майдын түнү*» — Биринчи жолу «Махабат» ырлар жыйнагында, кийин «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагында басылып чыгат. Акыркы басылышында, 28-саптагы:

«Эр Манас бабасынча кармаша алды» —

деген сап:

«*Советтик баатырларча кармаша алды*» — деп оңдолгон. Бул томго автор өзү даярдаган «Махабат» ырлар жыйнагы боюнча такталып киргизилди.

«*Ким болду экен?*» — Биринчи жолу «Махабат» ырлар жыйнагында жарыяланган. 1954-жылкы жыйнакка да киргизилген. Бирок бул басылышында айрым строфалары кыскарылып калган. Мында «Махабат» жыйнагындагы толук тексти берилди.

«*Карагул*» — Биринчи жолу «Жаңы ырлар» (1947) жыйнагында жарык көргөн.

«*Ак Мөөр*» — Акын кыргыз аялдарынын өткөндөгү турмушун жазууну ойлоп, бирок саламаттыгынын начарлашына байланыштуу аны бүтпөй калып, «кийинки жылдардын планына калтырдым» деп эскерткен. Мында акындын кол жазмасы боюнча биринчи жолу жарыяланды.

«*Махабат*» (Колхоз легендасы) — Биринчи жолу «Махабат» ырлар жыйнагында басылат. Кийин «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагына киргизилгенде анча-мынча кыскарууга дуушар болгон. «Махабаттагы» текст боюнча толукталып берилди.

«*Өлүп тирилгендер*», «*Үя аяк*» — Бул поэмалар биринчи жолу акындын «Ата-журт» ырлар жыйнагында жарыяланган. Ошол жыйнак боюнча киргизилди.

«*Жеңишбек*» — Биринчи жолу «Жаңы ырлар» жыйнагында, экинчи жолу «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнагыча жарыяланат. Кийинки чыгышында бул поэманын айрым ыр саптары кыскартылып берилген. Бул томго поэма «Жаңы ырлар» жыйнагындагы тексти боюнча толукталып берилди.

«*Мырза уул*» — Биринчи жолу «Жаңы ырлар» жыйнагында, кийин «Тандалмалуу ырлар жана поэмалар» жыйнактарында жарыяланган. Акыркы чыгышында поэманын көп ыр саптары кыскартылган. Бул томго киргизүүдө поэманын кыскарган саптары «Жаңы ырлар» жыйнагы боюнча толукталды.

«*Жүз жыйырма жаштагы алма бак менен жүз он беш жаштагы Шевкет-Гирей*» — Биринчи жолу «Жаңы ырлар» жыйнагында басылып чыккан. Ошол жыйнак боюнча алынды.

«*Эшимкандын тереги*» — «Ата-журт» ырлар жыйнагында биринчи жолу чыккан. Бул томго ушул жыйнак боюнча берилди.

«*Чолпонбай*», «*Махабат*», «*Ким болду экен?*» «ш», «*Баатырдын өлүмү*», «*Экинчи бригада*», «*Ракыя*», «*Корукчу Кооман*»,. «*Абылкасым Жанболотов*», «*Жөнөш керек Меркиге*», «*Күмүш булак*» — Бул пьесалар мындан мурда жарыяланган эмес. Айрымдары («Экинчи бригада», «Ракыя» ж. б.) өз мезгилинде театрларга коюлган. «Чолпонбай», жана «Экинчи бригада» пьесаларын автор эки ирет иштеп чыккан. Алсак А. Осмонов «Чолпонбай» операсына жазган либреттону кийин «Баатырдын өлүмү» деген ат менен кара сөз түрүндө түп тамырынан бери оңдогон. Ошондой эле «Экйнчи

бригада» пьесасын кайрадан ыр түрүндө жазган. Бул пьесалар акындын чыгармачылык аракетгерин даана элестеткендиктен бул томго варианттары толук киргизилди.

«*Менин окутуучум*» — бул макала «Советская Киргизия» газетасынын 1937-жылкы 11-февралдагы санына «Мой учитель» деген ат менен жарыяланган. Мында ошол текст кыргыз окуучуларынын кеңири катмарына түшүнүктүү болсун үчүн которулуп берилди.

«*Сагынбай Орозбаков*», «Манастын» мурасчысы» — Бул макалалар А. Осмоновдун Кыргыз ССР илимдер Академиясында сакталып турган кол жазмасынан алынып киргизилди.

«*Кайратым кызыл жагоодо*» — «Кыргызстан пионери» газетасынын 1933-жылкы 10-августтагы санына жарыяланган.

«*Кычан*» — Эр жүрөк пионер Кычан Жакыповдун эстелигине арнальш жазылган. «Кыргызстан пионери» газетасынын 1933-жылкы 21-сентябрдагы санына басылган.

«*Үйлөнүү ы*ры», «Бизден кийинкилерге»,— «Сагынуу» — Бул ырлар акындын «Менин жерим — ырдын жери» деген ырлар жыйнагында жарыяланган.

«*Аккордеон*» — Бул ыр мурда жарыкка чыккан эмес. Акындын кол жазмасы боюнча киргизилди.

«*Жол менен*»—Акындын чөнтөк дептеринен алынып киргизилди.

«*Каттар, телеграммалар*» — А. Осмоновго жазылган каттардын ичинен анын чыгармачылыгына байланыштуулары гана бул томго киргизилди. Жоомарт Бөкөнбаевдин катынан башка каттар, телеграммалар орус тилинде болгондуктан кыргын окуучуларынын кеңири катмарына түшүнүктүү болсун үчүн которулуп берилди.

«*Эл арасынан жыйналган легендалар*» — Алыкул Осмонов эл арасында айтылып жүргөн легендаларды жыйнап, атайы өзүнчө китепче кылып түзүп, кириш сөз жазып басмага даярдаган. Бирок акындын тирүү кезинде ал легендалар жарык көргөн эмес. Легендалардын айрымдарын Алыкул өзүнүн ырларына пайдаланган. Бул жарыяланган легендалар Кыргыз ССР илимлер Академиясынын кол жазма фондусунда сакталган Алыкул Осмоновдун архивинен алынып, ылганып киргизилди.

Алыкул Осмонов

СОБРАНИЕ СОЧИНЕНИЙ

2 т о м

(на киргизском языке)

Редактор *К. Артыкбаев*

Оформлениееи худож. *Н. Рыжовдуку*

Худ. редактор *И. А. Ефимов*

Тех. редактор *А. Бейшенов*

Корректоры *Ф. Тулина*

Терүүгө 26/УН-1965 ж. берилди. Басууга 9/Х 1965-ж. кол коюлду. Д—04294 Кагаздын форматы 84Х108 1/32 20,62 физ. басма табак. 34,65 шарттуу басма табак учёттук табак. Тиражы 3500 Заказ № 1725 Баасы 1 с. 84 т.

г. Фрунзе, тип. № 1 Госкомитета Совета Мин. Кирг. ССР по печати